КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
Ч.АЙТМАТОВ АТЫНДАГЫ ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

# КЛАССИКАЛЫК ИЗИЛДӨӨЛӨР ЖАНА ТЕКСТТЕР

## *ЗИЯШ БЕКТЕНОВ*

Академик Абдылдажан Акматалиевдин
жалпы редакциясынын астында

**Түзгөндөр:** М. Көлбаева,
З. Кулбаракова

Бишкек
«ПОЛИГРАФБУМРЕСУРСЫ» – 2018

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)
К 47

Кыргыз Республикасынын 2014–2020-жылдары мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн жана тил саясатын өркүндөтүүнүн улуттук программасы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы (2014-ж. 2-июнь, №119) жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтомунун (2015-ж. 6-апрель, №151-б.) негизинде жарык көрдү.

Басмага Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынды.

Редколлегия:

| | |
|---|---|
| Акматалиев А. А. | Мусаев С. Ж. |
| Байгазиев С. О. | Садыков Т. |
| Жайнакова А. Ж. | Токтоналиев К. Т. |
| Маразыков Т. | Эркебаев А. Э. |

**К 47** **Классикалык изилдөөлөр жана тексттер: Зияш Бектенов** / Түзг.: *М. Көлбаева, З. Кулбаракова.* – Бишкек: «Полиграфбумресурсы», 2018. – 472 б.

ISBN 978-9967-12-780-7

«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер» сериясынын бул томуна З.Бектенов тарабынан даярдалган «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпосторунун кара сөз түрүндөгү баяндамасы берилди. Анда эпостун туруктуу, салттык окуялары камтылган. Манастын сюжети Сагымбай Орозбаков менен Саякбай Каралаевдердин варвианты боюнча түзүлдү. Ошондой эле З.Бектеновдун эпос тууралуу макалалары киргизилди.

Китеп фольклористика, манастаанув адистиги боюнча эмгектенген окумуштууларга, жогорку окуу жайлардын филология факультеттеринин студенттерине, аспиранттарга жана элдик маданий мурастарга кызыккан жалпы окурмандарга сунуш кылынат.

К 4702300500-18

УДК 821.51
ББК 82.3 (2Ки)

ISBN 978-9967-12-780-7

© КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту, 2018
© Полиграфбумресурсы, 2018

## ТҮЗҮҮЧҮЛӨРДӨН

«Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору көлөм жагынан абдан чоң болгондуктан аны көпчүлүк окурмандар арасына жеткирүү максатында эпостун кара сөз түрүндөгү кыскартылган түрү З. Бектоновдун, К. Нанаевдин эмгегинин аркасында басмага даярдалып, 1999-жылы жарык көргөн. Эмгекте «Манастын» сюжети Сагымбай Оразбаков менен Саякбай Каралаевдердин варианты боюнча түзүлгөн. Манастын туулганынан тартып Чоң казаттагы Бээжиндин алдындагы биринчи урушка чейинки болгон окуялар Сагымбайдын айтуусу боюнча жазылып, Тал-Чокудагы болгон Чубак менен Алмамбеттин чатагынан кийинки, Алмамбеттин өзү жана Кытай тууралуу Манаска айткан жомогу Саякбай Каралаевдин айтуусу боюнча жазылып, Сагымбайдын жомогунун ичине киргизилген.

Манастын чоң казатынын экинчи урушу, Манастын колунун кырылышы, Манастын Таласка жарадар болуп келип дүйнөдөн кайтышы, күмбөздүн салынышы Саякбай Каралаевдин айтканы боюнча жазылган. Бул сюжетте Алмамбеттин жомогу эки жерде эки түрдүү берилген. Бул тууралуу З.Бектенов буларга токтолот: «Биздин оюбузча, бири бирине кошумча болуп толуктагандан башка зыяны жок го деп ойлойбуз, бирок экөөндө жердин, суунун, кишинин аттарында жана кайсы бир окуяларында айырмалары бар. Мисалы, Сагымбайдын айтуусу боюнча Алмамбеттин атасы Кытайдын Соорондук деген каны болот. Саякбайдын айтуусу боюнча Алмамбеттин атасы Кытайдын Азизкан деген каны болуп, анын 40 катыны болот. Алмамбеттин энеси Алтынайдын боюна эркек бала (Алмамбет) перилерден бүтүп, Алтынай түшүндө мусулман динине кирген киши. Сагымбайдыкы боюнча Алмамбеттин энеси будда дининдеги киши, анын аты да башка. Мындан башка жерлеринде да бир кыйла эки түрдүү айтылган жерлери бар. Мисалы, Алмамбет Кытайдан качканда, Сагымбай боюнча, Кылжейренди минип качат. Алмамбет бир топ убакыт

Көкчө менен дос болуп, анда туруп калат, Көкчөдөн Манаска келгенде, Манас Алмамбетке Сараланы тартуу кылат. Саякбайда Алмамбет Кытайдан качканда эле Сараланы минип качат. Сарала Азизкандын Кан-Жайлак деген жайлоосунда Алмамбет менен бир туулат. Ушундай учурларын окуган кезде окуучулар эске алуулары керек» – деп жазат.

«Семетей» менен «Сейтектин» сюжети бир гана манасчыдан жазылгандыктан, анда эч кандай ар түрдүүлүк жок экендигин белгилейт.

Китепти түзүүдө З.Бектеновдун, Н.Нанаевдин кара сөз вариантындагы «Манас», «Семетей», «Сейтек» эпостору жана адабиятчынын эпос тууралуу айрым макалалары топтоштурулду.

***Түзүүчүлөрдөн***

# «МАНАС»[1]

## МАНАСТЫН ТУУЛУШУ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ

Манастын өз атасы Жакып, Жакыптын атасы Ногой, Ногойдун атасы Көгөй, Көгөйдүн атасы Түбөй. Көгөйдүн Ногой, Шыгай, Чыйыр (Каракан) деген үч баласы болот. Шыгайдан – Жапак, Жапактан – Чынкожо. Ногойдун: Орозду, Үсөн, Жакып, Бай аттуу төрт баласы болот. Көгөйдүн Чыйыр деген уулунан тукум калбайт. Чыйыр өлгөндөн кийин, анын Шакан аттуу аялы жесир калат. Ногой ошол кезде Орто Азия жана Чыгыш Түркстанды жердеп турганда өлөт. Ногой өлгөндөн кийин Кытайдан көп кол келип, кыргыздарды чаап алат. Кытайлар ошону менен гана чектелбестен: «Ногойдун төрт уулу бир жерде баш кошуп турса, коркунучтуу – деп, төрт уулун төрт жакка: Ороздуну коркунучтуулугу аз деп, уулдары менен Алайга, 24 жаштагы Үсөндү, «Көзкаман» деген атка кондуруп – Чыгыш Сибирге, Байды – Кашкар тарапка, 17 жашар Жакыпты Алтайга көторуп жиберет.

Ал кезде Алтайда ойрот, калмак жана казак улуттары жашаган Жакып Алтайга барганда, Чыйырдан калган Шакан деген жесир жеңесине үйлөнүп, Шакан Чыйырды деген атка конот.

Жакып өзүнүн тыңдыгынын аркасында Алтайдагы калмактардын Бөйөн, Чаян деген чоңдоруна алынып кетип, Чаяндын Бакдөөлөт аттуу кызын токолдукка алат. Алтайда Жакып казактын баатыры – Айдаркан, Нойгуттун мыктысы Акбалта дегендер менен айылдаш болот.

Алтайга баргандан кийин Жакып ыксыз байып, жалаң гана жылкысынын саны кырк миңге жетет. Андан башка төрт түлүк малдары да эсепсиз көп болот. 48 жашка чыкканча Жакыпта бала болбойт. Буга Жакып катуу кайгырат.

---

[1] «Манас», «Семетей», «Сейтек»: Эпостор /Түзг.: З.Бектенов, К.Нанаев. – Б., «Шам», 1999, 368 б.

* * *

Бир күнү Жакып малынын четинде туруп:

– Өзүм ушунчалык бай болсом, жашым 48 ге келсе, карыганча эч бир бала көрбөсөм, бир күнү өлүп кетсем, бул малга ким ээ болот? Бул малдарды мен убара болуп ким үчүн багып жүрөмүн? – деп, баласынын жоктугуна капаланып, кечке жуук, ыйлаган бойдон, үйүн көздөй жөнөйт. Үйүнө жакындай бергенде, жолунан Жакыптын туугандарынын баласы он бир жашар Меңдибай кезигип:

– Сиз эмне үчүн ыйлап келе жатасыз? – деп, Жакыптан сурайт, бирок Жакып жооп бербейт. Түз келип үйүнө түшүп, атын байлабай коё берип, үйүнө кирип, ыйлап жатып калат: «Эмне ыйладың», – деп, Чыйырды сураса: «Баламдын жоктугуна арман кылып ыйлап жатам» – дейт.

Чыйырды да ыйлайт. Ыйлап жатып үчөө тең уктап калышат. Ал түнү Жакып да, Жакыптын байбичеси – Чыйырды да, токолу – Бакдөөлөт да – үчөө тең түш көрүшөт.

Жакып түшүндө бир буудайык жана бир алача моюн акшумкарды тууруна байлайт. Асмандагы канаттуулардын бардыгы анын алдына далдайып келип түшө берет.

«Кукулуктап үн чыкса,
Куштан башка үнү бар.
Куйрук-башы жаркылдайт,
Куудан аппак жүнү бар.
Айбат менен караса,
Алп кара куш сүрү бар.
Саңоорлору сары алтын,
Таканак жүнү – баары алтын.
Чырымтал жүнү – чылк алтын,
Текөөрү болот темирдей,
Серпкени өлгөн себил – дейт.
Тумшугу болот тунжур – дейт,
Туягы болот канжар – дейт.
Жубар менен жуулган,
Жибектен боону тагыпмын.
Алтымыш кулач жибек боо
Аягына тагыпмын.
Ай мунарын жем кылып,

Абыдан сыйлап багыпмын.
Күмүштөн боо тагыпмын,
Күн мунарын жем кылып,
Күпкөлөп жүрүп багыпмын.
Асмандагы канаттуу,
Айбатынан уча албай,
Жерде жүргөн аяктуу
Желип чыгып, кача албай.
Ага конорго туур жайладым,
Алача моюн ак шумкар
Ага кошо байладым...

Чыйырдыга түшүндө бир сакалдуу киши аяктай алма берет. Аны жеп, Чыйырды узундугу алтымыш кулач ажыдаар төрөйт. Ал ажыдаар ааламдын баарын сорот.

Бакдөөлөт үйүндөгү тууруна эки куш байланып турганын көрөт. Жакыптын ээр-токуму менен качып кеткен Туучунагын кууп кеткен 11 жашар Меңдибай ал түнү үйгө келбей калат. Баланын энеси Канымжан таң азандан Жакыпка келип:

– Балам жок деп кимге өчөшөсүңөр? Атыңды кууп кеткен балам үйгө келген жок. Баласыз куу баш, силер баланын баркын билбейсиңер Баламды тапкыла! – деп, кулагынын кужурун алат.

Жакып корккон бойдон баланы издөөгө жөнөйт. Бардык жерден издеп жүрүп, үстүнө ак жолборстун териси жабылган Туучунак атын калың токойдун четиндеги Ак-Өтөк аралынан табат, бирок бала көрүнбөйт.

«Баланы жолборс өлтүргөн го? Жолборсту мергенчилер атып, терисин атыма жаап кеткен го? Өзүм баласыз зарлап жүргөндө, бирөөнүн баласын эми кайдан табамын? Баласына кун төлөп дагы куурайт экенмин го» – деп коркуп турганда, Меңдибай жарк этип күлүп, калың токойдун арасынан чыга калат.

Ал Туучунакты кубалап кырга чыкканда, атты 40 бала тие качып бул токойго келгендигин, өзү алардын аркасынан ээрчип келип, таң атканча алар менен ойногондугун, алардын бирөө ак жолборсту өлтүрүп Туучунакка жаап койгондугун, алардын ичинен бир бала: «Мен Жакыптын баласымын, атама жакында барамын. Ага чейин Жакып атам капа болбосун!» – деген сөздү айтып, таң атканда көздөн кайым болгондугун айтат.

Жакып үйүнө келип, аялдарына болгон окуяны айтат. Түлөөгө толуп жаткан мал союп, кыргыз, казак, нойгут жана калмактардан көп киши чакырып, көргөн түштөрүн жорутат.

Түштөрүн Байжигит чечен жоруп:

– Балаңыз ай тийген жердин баарысын алып, күн тийген жердин баарысын күтөт экен, – дейт.

Жакып түлөө жеп, түш жоругандардын көпчүлүгүнө сыйлык берет.

Эки жыл өтүп, үчүнчү жылга оогондо Чыйырдынын боюна бала бүтүп, Чыйырды жолборстун жүрөгүнө талгак болуп, Каңгайдын Карамерген аткан жолборстун жүрөгүн жейт.

Тогуз ай, тогуз күн болгондо, Чыйырдынын толгоосу башталып, тогуз күн толготот. Чыйырдыга толгоо киргенде кырк кара боз атты жана беш-алты күлүктү: «Сүйүнчүлөгөндөр минсин!» деп, кермеге байлатып баштыктарга алтын, күмүштөн: «Сүйүнчүгө келгендер алсын!» – деп салып, Жакып өзү аттанып кетип калат.

Толгоо өтө катуу болот. Жерге түшкөндө баланын үнү отузга чыккан кишинин үнүндөй баркырап, эки уучуна уюган кара кан чеңгелдеп түшөт. Оозантканда үч карын сары майды бир жейт. Чыйырды эмчегин оозуна салганда бир соргондо – сүт, экинчи соргондо кан чыгып, энеси өлүп кете жаздайт.

Кермедеги аттарды минишип, жигиттер Жакыпка сүйүнчүлөөгө чабышат.

Кемпиринин:

– Сен да барып, Жакыптан сүйүнчү албайсыңбы? – деп, урушуусу боюнча, Акбалта абышка да Көкчолокту минип, Жакыпты көздөй жөнөйт. Бир сеңирден имерилсе, Жакып кара жалдуу кула бээни туудуруп, ак кула кулундун тумшугун шыпырып отурат.

Жакып Манастын сүйүнчүсүнө көп мал, алтын, күмүш берет. Жакып үйүнө келип, баласын колуна алып:

– Бала деген ушубу? – деп, кубанычы койнуна батпай бакырып ыйлап жиберет. Колундагы бала баркырап ыйлап, чиренгенде, баланын чиренгенине алы жетпей, үнүнүн айбатынан бүткөн бою калтырап кетет. Баланын келбети Жакыпка: маңдайы жазы, башы кууш, кочкор тумшук, кош кирпик, көркү калча, көзү тик, жалаяк ооз, жар кабак, жаагы жазы, ээги узун, ээрди калың, көзү үңкүр – эр мүнөздүү көрүнөт. Алаканы жазы, колу ачык, аттанып чыкса жолу ачык – алп

мүнөздүү көрүнөт. Кең көкүрөк, жайык төш, аркасы кең, бели түз, айбаты катуу, заар жүз, пил мүчөсү көрүнөт. Жолборс моюн, жоон билек, жооруну калың, таш жүрөк, жылаан кабак, жылдыз көз, бөрү кулак, жолборс төштүү көрүнөт.

Үч-төрт айдан кийин Жакып баласынын туулганына арнап, Үч-Аралга чоң той берет. Тойго үч ай мурда отуз киши кабарчы жиберип, күн батышы Урал тоосу, түштүгү Тибет тоосу, Орто-Азиядан: Самаркан, Кашкар, Ташкенден бери тарта, күн чыгыштан кытайлардын кыйласын чакыртат. Ал тойго жел жетпес күлүктөрүн, билеги жоон балбандарын, жаакта жок чечендерин жана комузчу, ырчыларын ала келсин дейт.

Тойго кытайлардан гана кырк миң киши келип, сандаган кой, миңдеген жылкы, нечен жүздөгөн уй союлат. Жалаң эт башкаруу үчүн жети миң үйлүү кыргыз кызмат кылат. Тойдо бардык түрдөгү тамашалардын бардыгы: эр оодарыш, ат чабуу, балбан күрөштүрүүлөр жана башка тамашалар да болот. Балбан күрөштүрүүдө монголдун Карасман, Чокон деген балбандарын казактын Калдар менен Түгөлбай деген балбандары жыгышат. Кытай монголдор менен кыргыз, казактардын ортосунда ич күйдүлүктөн чатак чыгып, тойдун тамашасы эки күнү токтолуп калып, үчүнчү күн дегенде кайра башталат. Ат чабылып, отуз атка байге сайылат. Баш байгеси 500 кызыл нар, 500 жылкы, 1000 кой, эки төөгө жүктөлгөн алтын болот.

«Эштектин аты Желтаман,
Сүрөгөн экен Элеман,
Араандай оозу ачылып,
Кара болот суулугу
Жерди көздөй басылып,
Даңканы тийген жерлери,
Таш да болсо казылып,
Төрт аягы ачылып,
Ооздуктан ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Сары кызыл, кара жал,
Сайдан чыккан булуттай,
Закымдай учкан кандай мал?
Артынан келет жакындап,
Аткан октой бир сур ат.
Аркасынан жакындап,

Багыштын аты – Суркийик
Анда-санда бир тийип...

Суркийик чыгып, баш байгени алат. Тамашалар аяктап, кытайлар менен монголдор кетишет. Жакып баласын этегине ороп, кыргыз, казак, нойгут, кыпчактардын карыяларынын астына: «Ат коюп бериңиздер!» – деп алып барат. Отурган карыялардын бир да бирөө балага ылайыктуу ат таба алышпай, айласы кетип турган учурда: «Атын мен коём!» – деп, бир дубана келип калат. Отургандардын бардыгы: – Коюп бериңиз – деп, бир ооздон сөз чыгарышат.

Дубана:

«Баш жагына мим келсин
Байгамбардын сүрөтү,
Ортосуна нун келсин
Оолуянын сүрөтү.
Аягына сын келсин
Арстандардын поруму.

Аты Манас болсун, ар балаадан калас болсун» – деп, кол жаят. Отургандардын бардыгы бата кылышып, балага Манас деген ат коюлат. Ат койгон дубана ошол замат көздөн кайым болот.

Манас 7-8 жашка чыгат. Кичинесинен эле тентек, шок болуп, өз билгенин иштей берет. Ачуусу келсе өзүнө теңтуш балдарды гана эмес, чоң кишилерди да урат. Жалгыз болгондуктан аркасында эрке өсүп, ата-энесинин тилин да албайт.

«Балдарды көрсө, жыйыптыр,
Мазарды көрсө, кыйыптыр.
Дубана көрсө, уруптур,
Асасын тартып алыптыр,
Азапка бөөдө салыптыр.
Кожону көрсө, коркутат,
Бир сабада кымызды
Колуна берсе, бир жутат...

Бул өңдүү кылыктарын көргөн Жакып менен Чыйырды:

Бала дөөлөткө жана өзүнүн жалгыздыгына сүйөнүп алып, эч нерсени билбеген эселек болуп кала турган болду. Муну бирөөгө малайлыкка бериш керек. Ошондо жүрүп, ач менен токтун, бар менен жоктун кадырын билип, бышсын – дешип, бир күнчүлүк алыс жерде турган Ошпур койчусуна алып барып:

– Козу бактыр, тилиңди албаса, ур – деп берет.

Ошпурдун койчу экендигин Жакып Манаска айтпастан, аны өзүнчө жаткан бай деп коёт. Манас козу багып, акысы үчүн ата-энесине союштук кой таап беремин – деп, Ошпурдун колунда козуларын багып жүрө берет. Бул кезде Манас тогузга чыгып калат.

Манас багып жүргөн козуларынан өзү менен бирге козу кайтарып жүргөн балдарына союп берип, козуларды четинен кыра берет. Ошпурдун: «Козуларды сойбой жүр!» – деп айткан сөзүн Манас укпайт. Козу кайтарып жүргөн балдарды сабайт. Бир калмактын абышкасы оттугун бербей койсо, аны аттан оодара тартып, уруп, оттугун, курун тартып алат.

Манас бул кылыгын койбосо, түбү мени соо койбой, козунун баарын кырат экен – деп, Ошпур Жакып менен Чыйырдыга келип:

– Манасыңарды өз колуңарга албасаңар, кой-козулардан таптакыр кол жууйсуңар. Жакын күндүн ичинде, ал гана эмес, Ошпур койчу өлүптүр деген кабарды да угасыңар – дейт.

Жакып баласын алып кетмекчи болуп келгенде:

– Сен, балам, тентек болбой жүрсөңчү – Калмак абышканы неге ызаладың? – дейт Манаска. Манас атасына:

– Мен калмактардан коркуп жүрүп оокат өткөрбөйм – деген жоопту берет.

Жакып Манасты алып, үйүн көздөй келе жатса, жер коруган тогуз калмак Жакыптын жылкыларын тийип, чакчелекей кылып, жылкычысы Ыймандын башы-көзүн жарып таштаган.

Тогуз калмак Жакыпты тегеректей түшүп, бирөө Жакыпты башка бир салат. Манас жылкычынын кайың укуругу менен калмактардын башчысын өлтүрүп, калган сегизин ат үстүнөн ыргыта чабат.

Жакып катуу коркуп, оолуккан Манасты араң токтотуп:

– Балам, Манас! Сенин бул кылыгың чеки иш болду. Жыландын уюгуна бекер тийдиң. Биз кимдин жери, кимдин элинде отурабыз? Ногойдун төрт уулу дүйнөнүн төрт бурчунда сандаалы-мындаалы болуп, баш кошо албай чачырап жүргөнүбүздө: Бечелге жөтөлдүн эмне кереги бар? Илгери Ногой атаңдын тушунда кытай, калмактардын каны биз элек. Ногой өлгөндөн кийин, бир күнү Кытайдын Эсенкан деген каны 50 миң кол менен байкоосуздан келип, кыргызды басып, кызыл кыргынга учуратып, кандыгыбызды тартып алып, Ногойдун тукумун чилче тараткан. Бирөөнүн эли, бирөөнүн жеринде: башыбыз батпай, балтырыбыз сыйбай жүргөндө, кытай менен

калмактын каарына бекер калдык, – деп, баласына капаланат, бирок Манас атасынын тилин албай, калмактарды кууп кетет. Атасы коркуп үйүнө чаап келет.

Манас калмактарды кыйраткандан кийин, жылкычысы Ыйманга барып, жылкыны калмактардын корук жерине каптаттырып салып, үйүн көздөй жөнөйт.

Жакып келери менен Чыйырдыга болгон иштин жайын айтат. Аны уккан Чыйырдынын чый-мый үнү чыгып:

– Какбаш абышка, жылкың менен жылас бол! Мал-мүлкүң, дүнүйөң менен жерге кир! Жалгыз баламды ары сүйрөп, бери сүйрөп жүрүп жуткан экенсиң! Кара чечекей жалгыз уулуңду талаага таштап, өңшөйүп өзүң үйгө келгенден көрө, жалгыздын артынан өлсөң болбойбу? Сенин жаның ардактуу болсо, баламды мен өзүм издейм! – деп, Жакыптын Туучунагын минип жөнөп калат.

Калмактар:

– Кол курап барып, Жакыптын малын талап алалы, өзү колго түшсө, өлтүрөлү – деп, кеңешке келишет.

Бул окуяны Жакыпка калмактардын ичинен Саламаттын иниси Сарбан деген келип айтат. Казак, нойгут, кыргыздардын бардыгына калмактардын кеңеши жөнүндө Жакып дароо кабар жиберет.

Чыйырды ыйлап жүрүп, Манасты издеп табат. Манас жылкычылардын башчысы Ыйманды чакырып алып:

– Жылкыны калмактар тийип алса, ала берсин. Сен жылкыга кийлигишпей, жаныңдагы жолдошторуң менен жаныңды сакта – деген сөздү айтып, энеси экөө үйүнө жөнөшөт. Мурунку күнү өлгөн калмактын өлүгүн алып келүүгө чыккан алты калмак булардын астынан чыгып, байлап кетмекчи болуп, Манаска жабылышат. Манас алардын бирөөн дагы өлтүрөт.

Алтайлык калмактар кол курап келип, Жакыптын жылкысын тийишет. Бул учурда манжуулуктар менен алтайлык калмактардын ортосунан чатак чыгат.

Манжуулуктардын Дөгөн деген баатыры алтайлык калмактарга:

– Силер Жакыптын жылкысын тийип кетпегиле! Андай кылсаңар, кан алдында жооптуу болууга туура келет. Эр өлсө, бизден өлдү, силер бекер жээликпегиле! – дейт.

Бул учурда нойгут, казак, кыргыздардын колу келип калат. Атасы өлгөн Шакун деген бала Жакыпка келип:

– «Өлгөн ата – меники. Силерден кун албаймын. Алтайлык калмактар силерге кошуп бизди да чаап кетебиз деп жатышат. Биз силер менен элдештик» – деп, 250 үйлүү калмак Манаска тууган болот.

Манас алтайлык калмактарга чабуул коюп, Домобил баатырын баш кылып төрт жүзүн кырат. Жакып тууган болгон калмактарга кун берип, тартуу тартат.

Манас жаш чагынан эле айыл-ападагы тың балдарды жыйнап өзүнө чоро курай баштайт.

Жылкынын төлдөөр маалы болду, мен жылкыны барып көрүп келейин – деп, Манас Айбанбозду минип, жылкысына жөнөйт. Жылкы багып жүргөн балдарды жыйнап, күнүгө бирден семиз тайды союп, оюн-тамаша куруп, тогуз коргоол ойношот. Он алты баладан эки бөлүнүп алып, ордону чоң чийип, жүздүн үчү чүкө салып, ордо атышат.

Бул учурда Бээжиндеги кытайдын Эсенкан деген каны:

– Манас деген бала кандай экен? Түбү бизге коркунучтуу боло турган балабы? Ошону, соода кылымыш болуп барып, билип келгиле – деп, 45 төөгө ар түрдүү асыл буюмдарды жүктөтүп, алты кытай, он калмак, бир топ уйгурду жиберет. Алар Манастын ордо атып жаткан жерине, Азамил деген дарыянын боюна келишет. Дал ошол кезде Манас ичке түшүп, чүкө чертип жаткан учуру болот. Манастын томпою ордону тебелеп өткөн бир төөнүн, бир эшектин бутун сындырат.

– Төөнүн бутун эмне үчүн сындырдың? – деп, Эсенкандын жиберген кишилери Манасты байлап кетмекчи болуп, Манаска жабылышат. Манас аларга башчы болуп келген кытай менен күрөшө кетип, көтөрүп чаап, мойнун жулуп алат. Калган кытай менен калмактарды дагы өлтүрөт. Манаска жалынган уйгурларды өлтүрбөй, аман алып калат.

45 төөдөгү алтын, күмүш, дүр-дүнүйө, зумурт, көөхар, малдарды Манас өз элине бүт бөлүп берет.

* * *

Жакыптын улуу агасы Ороздунун он баласы болуп, алар өтө чатак болот. Кайсы бир күндөрдө он баласы беш-бештен экиге бөлүнүп алып урушушат. Оroздунун иниси – Байдын Бакай, Тайлак деген эки баласына Ороздунун он баласы зомбулук кылып, жакшы ат, жакалуу тон кийгизишпейт.

Бир күнү Бай өзүнүн уулу Бакай менен Тайлакка:

«Бул жамандардын кордугун көргөнчө, Жакып иниме кетели. Ал төрт түлүк малга бай, тың чыккан Манас деген баласы бар. Жердеген жери Алтай. Силерге эп болсо, мен ошону издейин» – деп, Бай иниси Жакыпты издеп жолго чыгат.

Жолдо алты миң кишиге арык каздырып жаткан Нескара деген кытайдын дөөсүнө жолугат. Ал дөө Байдын атын союп, өзүн арык каздырып коёт. Бай арыкты каза берип чарчайт. Байды Нескара сен иштебейсиң деп, топуракка тирүүлөй көмдүрмөкчү болот.

Ошол учурда Нескарага анын алты шайтан, элүү дөөсү келип:

– Алтайда Жакып деген кыргыздын Манас деген баласы бар. Сен ошону барып чаап албасаң, болбойт – дейт.

Нескара алты миң кол алып, Жакып менен Манасты чаап алуу үчүн жөнөп калат.

Жакып жылкысынан келе жатканда алыстан ат дүбүртү менен жер дүңгүрөтүп, кумурскадай жайнап келе жаткан калың колдун караанын көрүп чочуп, бир далда жерге бура тартып, калың колду өткөзүп жиберип, карап турса, баягы колдун аркасынан жалгыз киши көрүнөт. «Эмнеси болсо да бул өткөн колдун эмне кол экендиги жана кайда барары жөнүндө ушул жалгыз кишиден сураймын» – деп, Жакып бура тартып тура калат. Ал киши алыстан ат арытып, тон тоздуруп, Жакыпты издеп келе жаткан Бай деген агасы экен. Экөө ыйлап көрүшкөндөн кийин, Жакып Байдан Нескаранын кабарын угуп, айлына келип, кол курап, даярдык көрөт.

Нескара адашып өтүп кетип, Жайсаңбай деген калмактын байынын элин чаап, кыз-келиндерин олжолоп, жылкысын тийип алып кетип бара жатканында, ага Манас беттешет. Бул арада бир аксакал адам Манаска жардам кылып, дем салуу аркылуу Нескаранын шайтандарын кырк күнчүлүк жерге качырат.

Манас Нескараны өлтүрө турган болгондо, Нескара жалгыз өзү араң качып кутулат. Бул согушта Күлдүр Жайсаңдын иниси Күнөс баатыр Нескарадан өлөт. Ошол жер кийин Күнөс атка конот.

Нескаранын алты миң колунун ичинен 70-80 кишиси, олжодон түшкөн кыз-келиндерге кыянатчылык кылгандыктары үчүн Манастан өлүп, калгандарынын баары Манаска багынып, тууган болуп калат.

Манас бир күнү Эмилдин суусунун Үч-Арал деген жеринде бир топ жолдоштору менен ит агытып, куш салып жүрүп, кээси аргымак

минген, кээсинин астында качыры бар, бардыгы баштарына ак чүпүрөк байланган укмуштуу кишилерге жолугат.

Ошондо Манас он төрт жашта болучу. Ал кишилер колдорун сууга салышып, кол дааратын алышып, буттарын сууга салышып, бут даааратын алышып, кырка тизилишип, кыбылага бет алышып, намаз окушат. Манас буларды көрүп: «Булар эмне деген кишилер! Эмне үчүн күн чыгышка бет алышып, күбүрөшүп калышып, жыгылып-туруп жатышат, – деп, таңыркап, жанына келет.

Намаз окуп жаткандардын бирөө Айкожо деген болот. Алардан Манас жөн сурайт. Айкожо Манасты тааный коюп:

– Биз араб деген элденбиз, Меке деген шаарданбыз. Мен өзүм беш жүз элүү жашка чыктым. Ошондон бери Мукаммед байгамбардын сага берген аманатын тапшыруу үчүн жүрдүм. Сен өзүңдүн батыл дининден чыгып, мусулман динине кир!

– Оозуңду ач – деп, Манастын оозуна түкүрөт. Оозуна түкүргөндөн кийин, Манастын көзү ачык болуп тозокту, андагы күнөө кылгандардын кыйналып жаткандыгын көрөт. Таңга жакын Айкожо Манастын бетине кереметтүү парданы тартат. Мындан кийин Манас бейиштин ичинде жети күн жүрүп калат. Айкожо Манастын бетине суу чачып, бетиндеги кереметтүү парданы алып коюп, Манасты мусулман кылып, Аккелте менен Ачалбарсты берип кетет.

Манастын он бир күндөн бери жок болуп кеткенине Жакыптын көңүлү чыдабай, издеп чыгат. Бул учурда Жакыпка Кытайдын жарак-жабдыктуу он бир кишиси кезигип, Жакыптан Манастын айлын сурайт да: «Биз Манасты кармап кетүү үчүн Кытайдан келген элчибиз» – дешет. Жакып аларды тескери жолго салып жиберип, корккон бойдон үйүнө келип:

Бул он бир кишинин түрү жаман. Манас деп башка бирөөнүн баласын малга сатып алып берип жиберсекпи? – деп, Бай деген агасына акыл салат. Бай инисинин бул сөзүн жактырбай:

– Ар кимдин баласы да сенин балаңдай. Сенин бул айтканың акмакчылык. Баласын малга ким сатмак эле. Алты миң кол менен келген Нескараны кыйраткан балаңдын ушуларга алы келбей калмак беле – деп, Жакыпты кагып коёт.

Манас, Айкожодон бөлүнгөндөн кийин, жолдошторун издеп келе жатып, тирүүдөн укмуштуу бир айбанатка кезигет. Анын бир кыйкырыгынан жети жүз он төрт кулжа өлөт. Ал айбанатты Манас Аккелте менен атканда, асманга алты аркан бою түйүлүп, айкырып келип

жерге сулайт. Манас аны Ачалбарс менен эки бөлө чаап өлтүрөт. Ошол жердеги дарыянын аягы кийин Кулжа деген атка конот.

Манас жолдошторун таап, көп олжо менен үйүнө кайтып бара жатканда, жолунан баягы Манасты кармоо үчүн келген 11 киши жолугуп, Манас аларды үйүнө ээрчитип барат. Алар Жакыпты таанып:

– Сен Манастын атасы экенсиң. Бизди эмне тетири жолго салып, өзүңдүн ким экендигиңди айтпайсың. Сени биз балаң Манаска кошуп байлап кетебиз! – дешип, төртөө Жакыпка жабылат. Манастын ачуусу келип, төртөөн төрт жерге ыргытып, он бирин тең байлап, бирден көзүн оюп, кулак-мурундарын кесип:

– Силер анык Кытайдын улугунун кишиси болсоңор, улугуңарга айтып барып, менден өчүңөрдү алгыла – деп, айдап жиберет.

* * *

Бир жылы күзгө жуук Жакыптын айылы Айдың-Көлдүн жанындагы өзөндү бойлоп конушат. Жакыптын айлын шынаарлап, ага өрүштөш болуп, көп айыл конот. Өтөктөн уйлар өкүрүп, өрүштөн төөлөр бакырып, жылгаларга жылкы, короолорго кой батпай, малдардан баш адашат. Эртели-кеч эр азаматтардын атканы мылтык, ээрчиткендери тайган, салгандары куш болуп, таң-тамашанын күнү тууйт. Бул кезде Манас он беш жашка чыгат.

Бир күнү айыл-ападагы боз балдар жыйналып алып, ит агытып, куш салып, тамаша кылуу үчүн жан казандарын байланып, аттардан тандап минип, бүркүттөрүн шаңшытып, тайгандарын кыңшытып, алыс жолго ууга чыгышат. Боз балдардын асты 25, аркасы 15 жашта болуп, жалпы саны 80 киши болот. Алар Чаркастандын боюна барып, тамаша салып алты күн жатышат.

Эриккен балдар:

– Кимде ким минген атын сексен кишиге союп берсе, ошону кан көтөрөлүк, – дешет.

Сен атыңды союп берсең, сени кан көтөрөлү, – деп, кыдырып, балдардын баарына барышса, алардын көпчүлүгү: «Манаска биз эчак эле баш ийгенбиз, кан болууга Манас ылайыктуу» – дешет. Кээ бирөөлөрүнүн аттарын союп берүүгө марттыктары жетишпейт. Улууларынын баарынан сурап өтүп, кезек элдин эң кичүүсү Манаска жетет.

Манас ооздон сөз чыга электе: «Аккуланы сойгула! – дейт, бирок Аккуланын эти арык болгондуктан, Чегебай:

– Мен минген боз бышты – Манастыкы. Эти семиз, ушуну сойгула – дейт.

Манас аны союп, элге бөлүп берет. Балдар Манасты ак тердикке салып кан көтөрөт. Ошондо Манас:

– Мынча болду, береги көрүнгөн тоону ашып, Уркун дарыясынан Марал-Кечүүсүнөн жол тозолук. Ууру-бөрү, каракчы-жортуулчулар кезиксе, жазасын берелик – деп, сексен кишини баштап жөнөйт.

Марал-Кечүүгө барып, аттарын отко коюшуп, көк шиберге көрпөчөлөрүн жайышып, буулукса бугу, эриксе элик атышып жата беришет. Алар антип жатканда, Уркун дарыясынын аркы өйүзүнө Эсенкандын төөгө жүк арттырып, Манасты билип кел деп жиберген кишилерин издеп Нуукер дөө сегиз жүз колу менен келип калат.

Нуукер дөөнүн Манасты айдап кел деп жиберген жүз кишисинен он үчү суугa агып өлөт. Калгандарын Манас өлтүрөт. Эртеси Нуукер дөө аскери менен суудан өтүп келип, Манас менен урушат. А дегенде эрөөлгө чыгып сайышат, кытайлар тарабынан эки эр өлөт. Үчүнчү кезекте эрөөлгө чыккан кытай, Манас тараптан чыккан казак Айдаркан баатырдын уулу эр Көкчөнү ат үстүнөн алышууга жеткирбей, атып таштамакчы болгондо, Манас озунуп, ал кытайды атып өлтүрөт. Муну көргөн Нуукер дөөнүн ачуусу шилисинен чыгып, эр Көкчөнү качырып келип бир чапчуу менен аттан жулуп алып, ташка урмакчы болгондо, Манас капталынан качырып чыгып, Нуукер дөөнү өлтүрөт.

«Атына камчы салганы,
Чыдай албай, айкырып,
Чымырканып бакырып,
Нуукер жөнөп калганы.
Айдаркан уулу Көкчөнү,
Айкырган бойдон, чоң Нуукер
Аттан жулуп кеткени.
Атынан жулуп алганы,
Алпарып ташка урууга,
Даярданып калганы.
Аны көрүп эр Манас
Аккула камчы салганы,
Айкырып жетип калганы.

Ат үстүнөн Нуукерди
Айдалыдан алганы.
Астында Көкчө баланы
Алган бойдон арбайып,
Эр Манастын колуна
Экөө бирдей барганы.
Аттын коюп жалына,
Кайра чаап, эр Манас
Сексенине барганы,
Барган жерде Нуукердин
Башын жулуп алганы».

Нуукер дөөнүн калган аскерлеринин баарын Манас кырып салат. Уркун дарыясынын бою кыпкызыл канга боёлот. Жолдоштору бул жерде Манаска канкор деген ат коюп, көп олжо менен бардыгы аман-эсен үйлөрүнө кайтышат.

* * *

Ууга кеткен сексен бала кайрылып элине келгенде, Жакыптын айылы Мамырдын-Сазында экен. Манастын аман-эсен үйгө келгендиги үчүн Жакып Камбар боздун үйрүнөн тогуз кысырак байтал союп, чоң түлөө өткөрүп, түлөөгө көп эл жыйналат.

Ал түлөөдө Жакып:

– Биз кийинки күндөргө калмак менен кытайларга кыянаттыкты көп көрсөтүп жибердик. Булар санатына сан жетпеген түптүү калк. Биз мындан ары ушу калыбыбызча жүрө берсек, алар бизди бир күнү чаап алып, эрлерибизди – кул, аялдарыбызды тул кылып, кордук көрсөтөт. Биздин жамаатыбыздагы казак, кыргыз, калмак, үйшүн, найман, ной-гут ж. б. элдердин саны бүгүнкү күндө эсептеп көрсөк, токсон алты миңге толуптур. Тынчтыкта – эл четинде, жоокерчиликте жоо бетинде болуп, эл коргой турган эрлерден, кызыл-кыргын, кырма-сүргүндүү күндөрдө кылычын кындан сууруп, элдин ири алдында кыйкырып ураан тарта турган баатырлардан кан көтөрөлүк – дейт.

Отурган көпчүлүк Жакыптын бул сөзүн туура көрүп, канга ылайыктуу эрлерди тандашат. Кайсы бир карыялар Жакыптын өзүн кандыкка ылайык көрүшөт. Ошентип турганда, баягы ууга барган балдардын ичинен бирөө тура калып:

– Карыялар! Биз кече ууда жүргөнүбүздө, балдар тамашалап отуруп, Манастын атын сойдуруп, жаш болсо да, Манасты кан көтөрдүк эле – дейт.

Отурган элдер бу сөздү бир ооздон кубаттап кетишет. Ак кийизге салып, Манасты кан көтөрүп, андан ары элдин эки тизгин, бир чылбырын Манастын колуна берет.

Баласы Манас кандыкка көтөрүлгөндөн кийин, Жакыптын да бейли оңолуп, мурдагы катуу баштыгын таштап, токсон бээ союп, тогуз күнү той берет. Бул тойдо казак Айдаркан баатырдын баласы эр Көкчөгө төрөлүк наам тиет.

## ОН БИР ДУУ-ДУ МАНАСКА КАРШЫ

Чыгыш Түркстанда Даңгуу, Кумул, Котон, Каракыш, Токонарт, Жеркен, Күчер, Кашкар, Мангыт, Дагалак (Чар куруш), Көөнө Турпан деген Кытайга караштуу он бир чоң шаар болот. Бул он бир шаардын эң чоңу Дагалак деген 40 бөлмөлүү шаар болуп, анын Кырмус деген каны болот. Ал кытайдын Эсенканынан кийинки чоңу болгон.

Бир күнү бул шаарлардын аярлары жыйылып отуруп:

– Алтайда Жакып дегендин уулу Манас деген жаш бала бар. Ошону балтыр эти толо элек, жаштайында кармап өлтүрбөсөк болбойт, – дешкен. Муну уккан кандар: «Кармап келгиле» – деп, он бир шаардан тандап, он бир балбан жиберген. Ал балбандардын Манас кулак-мурдун кесип, тирүүлөй өз элине кайтарып жиберген. Бул окуядан кийин он бир Дуу-дунун кандары Манастын бул кылыгына чыдабай, бир жарым жыл даярданып, он бир шаардан жүз он бир миң кол курашып, Манаска казат кылышат.

Муну уккан соң, Манас кырк эки миң кол курап, жол тосуп жатат.

Дал ошол учурда, Манжуриядан Жолой деген баатыр тогуз жүз төөгө чай жүктөп кетип бара жатып Манаска кезигип, Манас Жолойдун жолдошторунун бардыгын өлтүрөт, чайын талап алып, Жолойдун өзүн жарадар кылат. Жолой Ачбуудан атынын күлүктүгүнөн качып кутулуп, Кырмустун шаарына кире качат. Жолойдун эли Чүйдүн Чоң Кемининде турган.

Он бир Дуу-Дунун Манаска каршы аттанган жүз он бир миң колу келе жатып, Балгар деген жердеги эки миң үйлүү Эштек баатырды

чаап алмакчы болуп, аларды Канар тоонун кууш капчыгайына камайт. Капчыгай ичи кууш болгондуктан эки миң үйлүү Эштек баатыр кысыктан жол бууп, жүз он бир миң Кытайдын колу менен бир нече күнү урушат.

Булар урушуп жаткан кезде эки миң үйлүү Эштек баатырды өзүнө кошуп алуу үчүн кырк миң колу менен Манас келе жатып, Капчыгайдын оозундагы кайнаган элди көрүп, алардын кытай экендигин билет да, Алтайга кабар кылып, көп кол ээрчитип келүү үчүн Байматты жиберет. Өзү кырк миң кол менен кытайларды капчыгайдын ооз жагынан камайт. Баш жагынан Эштек, аяк жагынан Манас камап, Кытайлардын жүз он бир миң аскери ачкалыктан кырылмакчы болгондо алар өздөрүн озү өрттөшүп кырылат.

Манастын колу Эштектердин эли менен кошулушуп, казак эр Көкчө менен Манас таякеси Эштек менен кучакташып көрүшөт. Эштектин Жамгырчы деген уулу жээндери – Манас менен Көкчөнүн көп колуна отуз туу бээ өрүлүк берет. Канар тоонун Этегиндеги күркүрөп аккан чоң суунун боюндагы көк жашыл түзөңдө Манас Алтайдан келген үч жүз он миң колу менен бир нече күнү таң-тамаша куруп, керней-сурнай тарттырып, эр оодарыштырып, балбан күрөштүрүп жатат.

Бир күнү Манас кошуунундагы билерман карыяларын жана аттуу-баштуу баатырларын жыйнап алып:

– Кытай эли бизге ушуну менен үч жолу кол салып, өрүштө жаткан мал, өрүүдө жаткан элибиздин тынчын алды. Өзүбүздү коргоо менен бир топко чейин сабыр кылып келдик, бирок кытайлар эсирип, чегинен ашып бара жатат. Мындан ары кытайлардын бул кордугуна чыдап турууга мүмкүн эмес. Ушул келген кол менен он бир Дуу-дусун чаап алып, кыштактуу шаарын кыйратып, кыз-катынын ыйлатып, өзүбүзгө каратталы. Эгер карабай турган болсо, калкынын баарын кыралы – дейт.

Манастын кеңешинде отурган көпчүлүк Манастын айткан сөзүнө бир оздон макул болушат. Үч жүз он миң колдун баары барса, эл бекер чыгымга учурап, көпчүлүк бекер мерт болот, ошондуктан, эңиште найза суна албаган чалдар, балтыр эти катып, оозунан эне сүтүнүн даамы кете элек жаш балдар, көздөрүндө мандеми барлар, колу чолок, буту төкөр майыптар, ден соолугу начарлардын бардыгы Алтайга кайтып, тиричиликтерин кылып, эгиндерин айдап, мал баксын – деп, Манас 30 миң кишини Алтайга кайтарып, эки жүз жетимиш миң колду алып калат.

Казатка жөнөөрдүн алдында Манас:

«Убададан танганды
Төбөсү ачык көк урсун!
Төрт чаарыяр пир урсун!
Төшү түктүү жер урсун!
Арбагы бийик эр урсун!
Ак байгамбар пир урсун!
Аты кыдыр пир урсун!
Укумунан-тукумун
Немесин койбой таза урсун!» –

деп, кошууну менен аттанышат. Манас жер жайнаган кол менен он бир Дуу-Дуну бет алып жөнөп калат.

«Атты ээрдеп жайлашып,
Азыгын жанга байлашып.
Кылычты белге чалышып,
Айбалта, найза – бар жарак
Жарагын бойго алышып.
Кол куржунду бүктөшүп,
Кош-колоңдун баарысын
Кош атына жүктөшүп,
Найзанын баарын түптөшүп,
Азаттын-Белин тиктешип,
Найзанын учу жылтылдап,
Адамдын башы кылкылдап,
Жер союлуп былкылдап,
Көтөргөнү туу болду,
Көк жаңырган чуу болду.
Ак асаба, кызыл туу,
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба, кызыл туу,
Көк жаңырган ызы-чуу.
Ногойдон калган кызыл туу
Оболото аштады,
Кан Жакыптын агасы
Бай деген жолду баштады.
Керней тарткан бапылдап,
Сурнай үнү такылдап.

Добулбас согуп күңгүрөп,
Тоо көчкөндөй дүңгүрөп,
Тууну тууга урдуруп,
Чаңды абага бурдуруп,
Сурнай кулак тундуруп,
Желеги алтын туу менен,
Жер жарылган чуу менен.

Манас жүрүп отуруп, Эсет деген элди өзүнө каратып, андан ары Мангыт деген шаарды да алат.

* * *

Кыргыздын Алай жакта жашаган катаган деген уруусунан чыккан, бир өзүнүн башында миң балбандын күчү бар, акылы, айласы, аярдыгы жандан ашкан Кошой деген баатырынын колу Кашкарда калып, өзү дубана кейпинде жалгыз Дагалак шаарына келип, аярдыктын күчү менен Дагалак шаарынын каны Кырмустун морунан түшүп, Кырмусту өлтүрөт да, элге билинбей, Кырмустун ордуна кан болуп отуруп калат. Аны Манас билбейт.

Манас беш жүз жетимиш миң кол менен Кырмускандын шаарына жөнөйт. Колдун көптүгүнөн жер дүңгүрөп, асманга көтөрүлгөн чаңдан күндүн бети көрүнбөйт, ат дүбүртү, тартылган керней-сурнайлардын үнүнө кошулуп, ызы-чуудан кулак тунат. Тогуз күндө Мунаркандын шаарына барып, көп аскери менен камап жатып, Мунаркандын элин да каратат.

Манас Мунаркандын элинен дагы жүз миң кол алып, алты жүз жетимиш миң кол менен Дагалак шаарындагы Кырмускандын элин көздөй жөнөп калат.

Манас көп колу менен Дагалак шаарына келген учурда, Кошой башка шаарды текшерүү үчүн кеткен. Калың кол менен Манас баатыр келип калды деген кабарды угуп, Кошой шаарына келип, Манастын баатырлыгын жана күчүн сыноо үчүн Катык деген балбанын: «Манастын өзү менен гана беттешкин» – деп жиберет.

Манас Катык дөөнү алыша түшкөндө эле атынын үстүнөн жулуп алып, көкпөрү тартып кетет. Аны көргөн Кошой Манастын баатырлыгына ыраазы болуп: «Манас тирүү турса, кытайларга кыргызды кор кылбайт экен» – дейт.

Манас андан башка дагы эки зор балбанын өлтүрүп, бирөөнү найзасынын учуна илип алып, Кырмускандын элин көздөй ыргытканда, балбандын өлүгү тийип, 9 киши өлөт. Мындан кийин Кырмускандын кебетесине кирип алган Кошой баатыр Манас менен беттешүүгө чыгып элине:

– Эгер Манас мени жеңсе, анда урушуп кыргынга учурабастан гана Манаска карап бергиле – деген сөздү айтат.

Манас менен беттешердин алдында Кошой Манаска мындай дейт:

«Аркы уругум Катаган,
Атамдын аты Аталык.
Катагандан тараган,
Өз атам Көкүм мерген дээр,
Өзүңдөн мурун кол салып,
Өч ала турган мен бир эр.
Атымды уксаң – Кошой эр»,-
Аны айтып айгайды
Абаң Кошой салганы.
Айтканын угуп, эр Манас
Айран азыр калганы.
Кыйкырып Кошой кеп айтат:
«Кырмус шаа болгон абаңыз,
Кызматың кылдым, жол тозом,
Кырааным бүгүн жолгошом,
Атаң Жакып, Ногойдон
Аман-эсен барсыңбы,
Арстан Манас, жолборсум!
Алла таала жол берген,
Акыреттик жолдошум.
Аябай найза сал – деди,
Аябаймын сени да,
Алган болуп мени да,
Анан кийин бар – деди,
Артымдагы капырды,
Алгандан соң, өзүмдү
Анан көрүп ал – деди».

Манас менен Кошой сайышканда, экөөнүн аттары тең итче чочоюп отуруп калат. Күрсү менен салышат, мылтык менен атышат,

найза менен сайышат. Кошойду Манас кууп тобуна киргенде, тобунан тепсөөрүндө калып 90 кишиси өлөт. Кошой Манасты кайра Манастын тобун көздөй кууйт. Топко кирип келгенде, Кошойду Акпай деген киши тизгинден алып «Коюңуз!» – деп жетелеп кетет.

Арадан бир күн өтүп, эртеси Кошой Кырмус шаанын кийимин кийип алып, Дагалактагы Кырмустун элине келип:

«Бул келгендер кыргыз деген эл экен. Манас деген баатырын адам баласы жеңе алар эмес. Урушу жок карап берсеңер, силерге зыян келбейбиз, эгер жөн карабай турган болсоңор, күлүңөрдү көккө сапырып кыргынга учуратабыз» – дейт. Булар менен урушуп, элдин канын бекер төккөнчө, жөн гана карап берели – деген сөзүн айтат. Эли урушпастан, бүт карап берет.

Ошондон кийин гана Кошой өзүнүн Кырмус шаа эмес экендигин элге ачат. Нике кылып, Кырмустун аялын Кошой алат. 64 нарга артылган алтын, күмүш олжону бөлүшкөндө, Манастын кошуунуна 13 нардын жүгү тиет. Алардын баарын Ороздунун он уулу эч кимге бербей алып коюшат. Манас кой десе, тил албай, Манасты жаман көрүшөт.

Манастын алты жүз жетимиш миң колуна Кырмус шаарынан эки жүз миң кол дагы кошулуп, колдун жалпы саны сегиз жүз жетимиш миңге толот. Алардын ичинен төрт жүз элүү миңин алып, Манас Даңгуудагы кытай элине согушуу үчүн жөнөйт. Манас жети күн, жети түн тынбай жол жүрүп, томуктай тоосу жок, жолуккан жоосу жок, кук эткен кузгуну жок, как эткен каргасы жок, суусуз, ээн талаа, эрме чөл менен жүрүп отурат. Аттары арып, тондору тозуп, эрлердин ээрди кебээрсийт. Кошуундагылардын көбүнүн оюна: «Манас бизди сузуп ичер суусу жок, ээн талаада алып жүрүп, кырат экен да?» – деген пикир келет.

Аңгыча шаркырап аккан суусу бар, көйкөлгөн тулаң чөбү бар, камыштарынын чоңдугу челектей, чымындары чычкандай, чычкандары күчүктөй, кескелдириктери алты жашар баладай, таш бакалары алты карыш чарадай болгон Аспан деген жерге жетишип, калың кол токтоп өрүүн болот.

Манас алты кишини жол чалууга жиберип, алты жүз мергенди ууга чыгарат. Мергендер 700дөй аркар, кулжа атып алып кайтканы жатканда, астында кула чабдар аты бар, атынын бою он алты кулач, өзүнүн бою он кулач келген, маңдайында жалгыз көзү бар, эки кулагы эки кулач бир дөө келип, Кутубий, Абдылданы баш кылып

мергендерден 400 кишини алдына салып айдап жөнөйт. Үңкүрүнө алып келип, айдап келген кишилерди ондон көтөрүп, үңкүргө кийирет.

Алар үңкүрдүн ичинде 92 киши темир көгөндө байлануу тургандыгын көрүшүп: «Эми өлөт деген ушул экен го» – деп, төбө чачтары тик турат. Мергендердин ичинен Куту деген мерген дөөнү жалгыз көзгө атып өлтүрүп, байлоодогу кишилердин баарын бошотот. Ал кишилердин асты жети, аркасы эки жылдан бери көгөндө жаткан эле. Алардын ичинен бирөө:

– Дөөнүн колуна түшкөнүмө быйыл жети жыл болду. Мен элимден адашып жүрүп, акыры эркеги ит, аялдары киши Италы деген элге бардым. Алар өтө меймандос, жакшы эл болот экен. Алардын бирөөндө үч жылы кызмат кылып, кетеримде алты атты жүгү менен алып, элимди издеп чыктым эле. Бир нече ай жүргөндөн кийин, алардын бардыгынан ажырап, ачтан өлө турган болгонумда, бир нече соодагерлерге жолуктум. Алар менен биргелешип эми эл бетин көрөмүн го деп келе жатканымда, бул дөөнүн колуна түштүм, – дейт.

Дөөнү өлтүргөн 400 мерген бир нече атка дөөнүн үңкүрдөгү казынасын артып алышып, Манастын үстүнө келишет.

## ДҮБҮРӨКАН МЕНЕН БОЛГОН СОГУШ

Он бир күндөн кийин Манас өрүүн болуп жаткан жеринен Дүбүрөканды көздөй жөнөйт. Дүбүрөкандын шаарына жакын калганда, ортодогу бир бийик тоонун башына чыгып, Дүбүрөнүн шаарын Манас дүрбү менен карайт, дүпүйүп жаткан бак, калдайган шаар, кайнаган элди жарым күндүк жерден көрүп, Дүбүрөнүн жайын жанындагы жол баштап бара жаткан чалдан сурайт. Ал чал Манаска алты айлык жолго келген жоону биле турган төрт аяры бар экендигин айтат.

Манас ал тоодо кароол карап жаткан кезде, Дүбүрөкандын төрт аяры канга барып, Манастын жакын келип калгандыгы жөнүндө кабар кылат. Дүбүрөкан аярларына толук ишенбей:

Мага ажалы жеткен, айласы кеткен, ажал айдаган, шору кайнаган гана жоо келет – деп, иштин аныгын дагы ачыктап билүү үчүн буттан жасаган кудайына барып, жоонун келген-келбегенин сурайт. Ал кудайы:

Манастын келгени ырас, бирок ал сени ала албайт. Манас менен урушуп өлгөндөрдүн эч арманы жок болот. Манас менен кашык кан калганча урушуу керек – дейт.    Дүбүрөкан андан чыгып, жоо келгенде атып, элине кабар салуучу Үркөрбоо деген чоң замбирегин аттырат.

«Үркөрбоо деген замбирек
Алты билге сүйрөтүп,
Билдин тилин билчүүлөр
Алып жүрөт үйрөтүп.
Он эки мапы дарыны
Аман салды баарыны.
Өлчөй турган неме жок,
Он эки канат боз үйдөй
Ага салар огу бар.
Отуз балбан жылдырып,
Оозуна барганы,
Окту куюп алганы.
Өнөр менен алдырган,
Өкөк деген жыгач бар
Бир дөбөнүн жонундай,
Өлчөп өзүң биле бар.
Аз эле ничке дегени –
Жоон карагай онундай.
Сүмбө кылып алдырды,
Түртүп барып салдырды.
Алыс качты адамы,
Алты жүз аркан учунан
Амал менен от берди.
Аңтарыла таштады,
Даңгыттын шаары солк этти.
Күн күркүрөп басылды,
Шашкеде аткан замбирек,
Түштө туман ачылды.
Жер дүңгүрөп басылды,
Жердин көбү казылды,
Уйкудагы жаткандын
Умачтай көзү ачылды,

Эски коргон тамдардын
Немеси калбай чачылды.
Балада жүрөк калбады,
Ит чуулдап-чуркурап,
Төө боздоду буркурап.
Уй мөөрөдү дүңгүрөп,
Кой маарады күңгүрөп,
Качыр, эшек айкырды,
Жайытта тоок чакырды».

Атылган замбиректин үнү Лоп көлү менен Теңир-Ноор көлдөрүнүн тегерегиндеги отуздай шаарга үч күнчүлүк жерден угулду. Замбиректин үнүн угаары менен ар бир шаарлардан батпаган колдор, көпкөк темир кийген баатырлар, күрсүлөрүн күүлөгөн күчтүүлөр, барскандары бир үйдөй болгон балбандар ат атка, найза найзага тийбей, Дүбүрөканды көздөй жөнөп калышат.

Дүбүрөкан алардын ичинен он беш балбанды он беш билге мингизип, жанына он миң черүү кошуп берип, Манаска каршы жөнөтөт.

Алар келип Манастын колун туш-туш жагынан тегеректеп алышат. Уруш башталат. Манас менен пил минген он беш баатыр жекеме-жекеге чыгышып урушат. Манаска каршы биринчи Шаян деген алачык үйдөй башы бар, комдонгон иттей кашы бар, аргамжыдай чачы бар балбан, пилдин үнүндөй күркүрөтүп, көргөндүн боюн дүркүрөтүп чыгат. Ал Манаска бет алып качырганда оозунан буркурап от, көзүнөн шыркырап жалын чыгат. Узундугу отуз кез жаа менен Манасты атат. Анын огу Манастын тозгон калканын быркыратып, алтымыш кабат ат күбөнү тешип өтүп, темир чарайна соотуна жетип токтойт. Жаасынын огунун күчтүүлүгүнөн Манас Аккуланын соорусуна мине түшүп оңолот. Манас аны Аккелте менен атып өлтүрүп, Аккелтенин оозун анын канына малат.

Экинчи балбанын Манас кылыч менен бөлө чаап өлтүрөт. Үчүнчү эки ийнине элүү киши конгондой, эки бетине элүү карышкыр тойгондой Санамор деген балбан чыгат. Манас аны эч камынтпай атып таштайт. Чоңдугу дөбөдөй болгон Дөбөт аттуу балбан менен түн ортосуна чейин алышып, аны аттын үстүнөн жулуп алып, жерге уруп өлтүрөт. Ошентип, он беш балбандын бардыгын ойрондойт. Манас алар менен урушуп жүргөндө, калган он миң колун Бакай, Жамгырчы, Үрбү, Көкчө баатырлар карышкыр тийген койдой кырат.

Манаска кеткен балбандарынан эч кабар болбогондуктан, Дүбүрөкан алардын аркасынан дагы отуз миң кол узатат. Манас аларды да бүт кырат. Ал жерде бир аз өргүгөндөн кийин Манас:

– Мынчалык көп колдун жүргөнү бардык жагынан ыңгайсыз болот экен. Кол төрткө бөлүнүп, төрт тарапты курчасын – дейт.

Казактын Көкчөсү жүз миң кол, кыпчактардын кара жаак эр Үрбү жүз миң кол, Эштектердин Жамгырчысы жүз миң кол менен ар тараптан жөнөшүп, жүз элүү миң колду Бакай баштап, Манас аркасынан түшүп, бир тарапка жөнөшөт.

Кол узаардын алдында Бакай бардык баатырларга карап:

– Каршы келген кол болсо, карыш жылдырбай кыргыла! Урушпа багынуучуларга жана катын-балдарга тийбегиле, кыз-кыркындарга кызыкпагыла, сапар жолго кесири тиет – дейт.

Манастар Дүбүрөнүн шаарынын шилисиндеги көк чөптүү чоң сайдын боюна барып ат өргүтүшөт. Манастын калың кол Дүбүрөгө келүүчү колдордун бардыгын кан буугандай бууп, сырттан бир да жанды жаап киргизбей, шаардан сыртка чыгарбай беттешкендерин кыргынга учуратып, бир нече күн камап жатышат.

Муну көргөн Дүбүрөнүн элинин жүрөгү түшүп, кандын өзүнүн кайраты башынан учуп, шаштысы кетет. Эч айласын таппаган Дүбүрө Бутуна барып:

– Эми биздин айлабыз эмне болот? Бул жоодон жаныбыз калабы? – деген суроолорду берет. Ишенген Буту тултуюп жооп кайтарбайт. Бул окуядан кийин кандын эки көзүнөн жаш шорголоп, башынан таажысын жулуп ыргытат. Ачуу аралаш коркуу пайда болуп, титиреп барып бутунун алдына жыгылганда, кандын чекеси айрылып, кан жая берет. Муну көргөн эл канынан да, жанынан да үмүттөрүн үзүп, кыйла уу ичип, кайсы бирлери өзүнө өзү бычак согуп кырылышып, шаар ичи азан-казан чууга бөлөнөт.

Дал ошол учурда Бакай, Үрбү, Жамгырчылар бир топ кол менен кандын ордосун камап кирип барышат. Канынан үмүт үзгөн эл ордонун чоң дарбазасын өздөрү ачып жиберишет.

Бакай Дүбүрөнүн башын кылыч менен кыя чаап өлтүрөт. Дүбүрөнүн шаарындагы үч жүз миң эл урушпай багынат.

Дүбүрөнүн аялын Акча баатыр алып, казынасын олжолоп бөлүп алышат.

«Жыйылып жаткан алтыны
Жети миң төөгө артылды.

Жез буйлалуу нарларга
Жибек аркан тартылды.
Жамбысы таштан көп экен,
Он беш миң төөгө артылды.
Ак тасмадай чоюлган,
Аркардай көзү коюлган,
Жубардап чачы жуулган,
Кындырдай бели буулган,
Адейи сулуу туулган,
Олоңдой кара чачтуудан,
Он бештен ашык жаштуудан,
Калемдей кара каштуудан,
Кайбардан чыккан түймөдөй,
Алмадай назик баштуудан,
Инжүүдөн аппак тиштүүдөн,
Чындан чыккан иштүүдөн,
Кебезден аппак эттүүдөн,
Албырган кызыл беттүүдөн,
Азелден ширин кептүүдөн
Сегиз миң кызын алыптыр».

\

Бакайлар Дүбүрөнү өлтүрүп, шаарын багынтып жатканда Манас 18 күнү эс алып кошто болот. Дүбүрөнүн казынасын олжолоп алып жөнөгөнү жатканда, Манастын колун Дүбүрөнүн башка шаарларынан жыйналып келген бир миллион колу тегеректеп калат. Манас аларга колунун бардыгын жумшабай, миңден гана барып урушкула деген буйрук берип, алар менен уруш улана берет.

* * *

Манас антип жатканда, Кошой төрт жүз жыйырма миң колду баштап, Ороңгу кандын элин чабуу үчүн жөнөгөн. Жаангер кожосу менен көп колду Бадамды деген өрдөшкө таштап коёт да, өзү Кырмусканга жөнөйт. Мындан Ороңгу, Бозкертик деген кандарга Кырмускандын атынан жалган кат жазып, Кырмустун мөөрүн басат жана өзү Кемекчи түрүнө кирип, анын Чабдар атын минип алып жалгыз жөнөйт. Күн-түн дебей күпүлдөтүп жүрүп отуруп, Арсалаң менен

Будаң-чаңдын баш кошуп отурган жерине жетип барып, калмакча таазим кылып, айтылган катты тапшырат. Катта:

Кыргыздардын Манас, Кошой аттуу баатырлары бир нече күндөн бери камап, шаарыбызды алмак болду. Тез жардамга келбесеңер, Кырмусуңардан айрылдыңар. Эң мурун барган Кемек чалга кошуп бардык аярларыңарды жибергиле – деген сөздөр жазылган эле.

Катты окуур замат, Арсалаң өзү кошулуп, калган Көкөнө, Култа! Калдаң, Бурчак, Байкуш деген балбан аярларын ээрчитип, Кемек чал менен Ороңгуга барышат.

«Эркек эмес, катындан,
Эрегишкен душмандан
Далайдын шорун катырган.
Көргөндүн көөнү бөлүнөт,
Оозу жалаң, эки уурту
Үч карыштай көрүнөт.
Мурду тоонун сеңирдей,
Көзүн көрсөң, капырдын
Көп өгөгөн темирдей.
Эриндери калбайып,
Көкүрөктө эмчеги
Киндигине шалпайып,
Элүү менен кыркыңдын
Ортосунда жашы бар,
Анда-санда ак кирген
Аргамжыдай чачы бар.
Ээрдине карасаң,
Ий кылып койгон суу куюп,
Көк буканын теридей,
Маңдайынын кеңдиги
Боз дөбөнүн керидей».

Ороңгу:

– Шаарларыңарды ээн таштап, эмне келдиңер – деп, ороңдоп учурашып кеткенде, чачтарынын арасынан отуздай чычкан сороңдоп түшө калат. Иштин жайын айтып, катты бергенден кийин, Ороңгу аярдын бардыгына уруксат берет.

Кошой ал алтоону ээрчитип жүрүп отуруп өзүнүн колунун үстүнө келип, төртөөн өлтүрүп, Арсалаң менен Бурчакты тирүү байлап

кетет. Төрт жүз жыйырма миң колун элүү беш миңден сегиз бөлүккө бөлүп, туш-тушка жиберип, кытай-калмактардын Ороңгуга караштуу шаарларынын баарын чаап, жети жүз миң түтүн элди каратат.

Жолдон эки жүз миң колду дагы кошуп, бардыгы алты жүз жыйырма миң кол менен Жаркен шаарындагы Ороңгу канды бет алып калышат.

Бул кезде өз кол алдына 36 шаар бүт караган Ороңгу, Манас менен Кошойдун келе жаткан кабарын угуп, он үч аярына бал ачтырат. Балчылар иштин натыйжасын жаман айтат. Агыдай деген жаш бала далыга карап туруп, Манас менен Кошойдун кайсы уруудан экендиктеринен тартып, эмне кесип кылгандыктарын, кандай баатыр экендиктерин, кала берсе, аярдыгынын өтө күчтүүлүгүнөн Кошой Кемек чал болуп келип, аярларынын бардыгын өлтүргөнүн, Кырмустун шаарын кыйратып өзүн өлтүргөндүгүн айтат. Жана мындан ары Манас кылымдын баарын өзүнө каратып, Талас деген жерге барып токтоорун да сүйлөйт. Муну уккан Ороңгу жанына алты жүз мыкты жолдош алып, Кула бээсин минип, Бээжинди бет алып, качып жөнөйт. 36 миң эли бар Жаркендиктер чакчелекей түшүп, асты-үстү болот. Жетинчи күн дегенде Кошой келип, 17 миң кыз, батпаган алтын, күмүштөн, кара байыр тобурчак, как соорусу бир кучак аттардан көп тартуу алып, урушпай, Ороңгунун элин өзүнө каратат.

* * *

Дагалак, Котон, Жаркен, Кашкар жана дагы толуп жаткан шаарларды өзүнө караткан Кошой ал жерде бир аз өрүү болуп жатып, Алай менен Кенжуттун ортосундагы Аземил талаасында турган Акпай менен Мамбетти, Анжыяндагы Алооке канга карап турган Агыш жана Кожош деген даңктуу баатырларды чакыртып алат. Өзүнүн мурдагы көп колуна Жаркен менен Кашкардан дагы көп кол кошуп алып, Котон шаары аркылуу Даңгуу шаарын көздөй жөнөйт. Дал отуз күн дегенде, бир кезде Манастын колу өрүүн болуп өткөн Аспиан өзөнүнө келип, эки күндөн кийин Манастардын үстүнө келет.

Ошол кезде Манас ар кимисине элүү миңден кол кошуп берип, бир күнү Көкчөнү, бир күнү Үрбүнү, бир күнү Жамгырчыны, бир күнү Бакайды урушка жиберип, улам келген жоону алып коюп, өзү кошуунунда жаткан эле. Кошой барардан бир күнү мурун Манаска

Лоп дарыясынын түштүгүндөгү Дадаң аттуу жол менен Догон деген калмактын баатыры төрт жүз миң кол менен келип, он үч миң колу менен мурда келген Кайып даңгуга кошулуп, түнөп жатат.

Кошойлор жер майышкан кол менен жетип барган учурда, кыргыздардын ортосунда калбайлы деп, кытай, калмактардын колу бир четке чыга беришет. Ал күнү эки кол беттешет.

Калмактардын Догон балбаны заар менен сугарган алтымыш кез найзасын, оордугу эки жүз батман келген калканын, жоондугу асый өгүздүн белиндей келген жаасын колуна алып, Чамбыл атын минип, көк бараңын асынып: Даңгуу! Даңгуу! Даңгуу! деп, өз атасынын аты менен ураан чакырып, астындагы Чамбыл атын түтүндөй буратып:

«Кыргыз, казак, татарсың,
Кыйкырсам өлүп жатарсың!
Тийишкениң тим калбай,
Келгениң шоруң катарсың!
Катагансың, калчасың,
Ар жагың калың канчасың?
Өзүбек бар, жалпың бар,
Өлүүчүңөр мага кел,
Сагынсаң ажал дартың бар!» –

деп, кышкы кирген буурадай буркулдап чыгат. Муну уккан эр Кошой:

– Тезирээк бириң чыккын! – деп, Эштектин Жамгырчысына, Жедигердин Багышына, Жеткир чалдын Агышына, Кара жаак эр Үрбүгө, кандын жээни Жүгөрүгө, Көкмөктөрдүн Керкөкүлүнө, Буудайыктын Бурчагына, Куруштардын Мунарына, Жаркендиликтин Арсалаңына баркылдап барат. Алар: «Өлөмүн деген киши барбаса, буга кандай жан даап барат» – дешип, акылдарынан шашып калышат. Мындан кийин баары чогулуп, Манаска келишет. ,

Анда Манас:

«Каалоочуңар жок болсо,
Мен барайын бетпакка.
Бели катуу чоң Кула ат,
Алып келгин бер жакка» –

деп тоодой болгон чоң Кула атты токутуп, каруу-жарагын байланып, кайра жаачуу булуттай, каарына айланып, Манастап ураан чакырып, майданга чыгат.

«Баатыр болсоң, эр Догон,
Качырып кир, жалтанба!» –
Ошону айтып эр Манас,
Тоодой болгон чоң
Кула атка камчы салганы,
Айкырган бойдон эр Манас
Качырып кирип барганы.
Астындагы Чамбыл ат
Аябай камчы салганы,
Каарданып эр Догон,
Качырып бу да калганы.
«Калмак ээр кашы! – деп,
Как жүрөктүн башы!» – деп,
Баатыр барат бир жактан.
«Алтын ээр кашы! – деп,
Ай балканын башы!» – деп,
Тикирейип, тиктешип,
Ээрдин кесе тиштешип.
Атка кылып өкүмдү,
Айгайлашып жетишти.
Көргөн адам таң калар,
Көөдөнгө коюп кетишти.
Коюшканы кочкордой,
Кагышканы чочмордой.
Ошондо да эки дөө
Ат үстүнөн козголбой.
Үзөңгүнү чирешип,
Төшкө найза тирешип,
Күчтөрү эмей неткени,
Астындагы аттары
Сүрдүккөн бойдон артына
Кере бута кеткени.
Сүрдүгө түшүп оңолуп,
Тозоңго кирип жоголуп,
Атына камчы салышып,
Айкырган бойдон барышып,
Найзаны төшкө сайышып.

Жеткенде найза, очоюп,
Найза төшкө тийгенде
Астындагы аттары
Отурган иттей чочоюп.
Жал тизгинден кармашып,
Жалдырашып карашып,
Астындагы аттары
Багалчагы майышып,
Баатырлар экөө сайышып,
Капыр менен мусулман,
Карагандын баарысы
Кантер экен булар – деп,
Кабыргасы кайышып,
Көтөргөндө найзасы,
Көк чыбыктай майышып.
Калмактардын Догон дөө
Үйдөй ташты бир чапса,
Үбөлөнтүп таштаган.
Күрсүнү күүлөп алганы,
Туйгун Манас баатырды
Качырып башка салганы.
Калкан башка жабылып,
Болотко болот чабылып,
Туш-тушуна ширенди,
От төгүлдү жагылып,
Аны көргөн адамдар
Акылынан жаңылып.
Күркүрөшү күн болуп,
Карарганы түн болуп,
Беттеринен чыккан түк,
Бери болсо капырай,
Беш байпактык жүн болуп.
Кылычка кылыч чабылып,
Кылычтын тийген мизинен
Кыпкызыл от чагылып.
Көкбараң үнү күркүрөп,
Ак келтенин добушун

Уккан капыр журтунун
Тула бою дүркүрөп.

Догон менен Манас ар кандай эрдикке салышса да, бирин-бири жеңише албайт. Аягында бардык каруу-жаракты коюп, эңишүүгө киришкенде, эми Догонду өлтүрөт дешип, элүү калмак Манасты көздөй ат коюп калат. Аларды көрүп, Бакай дагы жүз киши менен ат коёт. Калмактан Кайып баштаган жүз миң киши Манаска дагы ат койгондо, Бакай бүткүл колдун баарына «ат койгула!» – деп, бакырат.

Аралашып кеткен эки колдун көптүгүнөн ат аягын басканга чолоо жер калбай, кара жер кабырылып кетчүүдөй кайышып, тулпарлардын туяктарынан чыккан чаң күн көзүн чүмкөп, капкараңгы түн түшөт. Бул окуяны көргөн асмандагы дөө-перилер да таң калат. Ызы-чуудан кулак тунуп, калың тозоңдон көз жумулуп, кимдин ким экендиги таанылбайт.

«Ай балта башка шак этип,
Найза төшкө так этип,
Кыйкырып кылыч чабылып,
Кызыл кан бойго жабылып,
Колтуктун баары чоюлуп,
Колдун баары жоюлуп.
Канаттын баары кайрылып,
Чапандын баары айрылып.
Этектин баары түгөнүп,
Ээрдин кашы үбөлүп,
Эриндин баары кесилип,
Эмчектин баары эзилип.
Көздүн баары тешилип,
Колаяктар кесилип,
Азууларын аркайтып,
Астыңкы эрдин шалпайтып,
Ат өлүмү андан көп.
Муруттарын чычайтып,
Оoздорун арсайтып,
Эр өлүмү андан көп.
Мылтыктарын кучактап,
Мергендер өлүп жатыптыр.
Найзаларын кармашып,
Эрлер өлүп жатыптыр.

Күрсүлөрүн жазданып,
Балбандар өлүп жатыптыр.
Таажылары башында
Кандар өлүп жатыптыр».

Мына ошентип, калың кол кызыл кыргынга учурап, өлгөн ат менен эрлердин кандары суудай агып Лоп көлүнө куюп, көлдүн суусу кыпкызыл канга боёлот.

Манас менен Кошойдун колунан үч миң жети жүз адам өлүп, калмактардын колунун өлгөнүнө санат жетпейт. Манас Догонду ат үстүнөн оодарып алып, жерге уруп өлтүрөт. Догондун Чамбылын соога деп келген Төштүк алат. Андан кийин Манаска Кайыпдаң беттешип, Манас анын найзасын жулуп алат. Туурадан Бакай Кайыпты ыргыта сайганда, Чалыбай менен Абдылда Кайыпты тирүүлөй көкпөрү тартып, колдун ичине алып кирип кетет. Калмактын колу качып калат. Кайыптын уулу элине барып, атамды Манас өлтүрдү – деп, Кайыпдаңдын эли Ымалай менен Саңыроонун ортосундагы Асыроо-Маймын тоосун көздөй кокту менен үркүп жөнөшөт. Манас жүз элүү миң кол менен алардын артынан түшөт.

Кайыпдаңдын уулдары астыга качып кетет. Көчтүн аркасында келер жоонун жолун тороп, мылтык атып, жаа тартып, отуз кыз менен Кайыптын Карабөрк аттуу кызы калат. Ал баргандарды жаа огунун алдына алып, көч жакка жан өткөзбөй жатканда, Карабөрктүн жаасынын огу тийип, Бакай жарадар болот. Аны көргөн Манастын ачуусу келип, Аккулага камчы уруп, кыздарга жетет. Карабөрктүн жаа тартууга шайманы келбей, Манас чукул келип калгандыктан, Манасты качырып, кылыч менен чапмакчы болот. Манас аны камынтпай, билектен алып, сол колу менен тизгинден кармайт.

Ошол кезде Манас жыйырма үч жашка келсе да, өмүрүндө сулууга суктанып, кызга көзүн салган эмес. Карабөрк:

«Көхардай жарык көзү бар,
Бал, шекердей сөзү бар.
Кирпиктери сайылган,
Киши карап тургандай,
Анык жүзүн көргөндөр,
Ашык болуп кургандай.
Комуз мурун, калем каш,
Короз моюн, түймө баш».

ашкан сулуу кыз экен. Манастын ага көңүлү түшөт. Карабөрк Манастын аты-жөнүн сурап:

– Атамды өлтүргөн сен экенсиң, сага өлсөм да олжо катын атанып, тийбейм. Зордоп алган күнүңдө да уу ичип өлөм – дейт. Муну уккан Манастын ачуусу келип, чаап таштаймын – деп кылычын суурганда, Бакай:

– Кызга кылыч сууруп эмне болуп кеткенсиң? – деп, чаптырбайт. Аңгыча:

– Кайыпдаң тирүү, колдун арасында – деп, Чалыбай келип кабар айтат.

Кыз аттан түшүп, Манаска таазим кылат.

* * *

Үрккөн элди токтотуп, Саңыроонун сазында Кайыпдаң отуз күн оюн, кырк күнү той жасап, үй көтөрүп, кызы Карабөрктү Манаска берет. Карабөрккө көтөрүп берген үйүнүн үзүгүн гана Жайсаң ырчы деген манасчы жарым күн ырдачу экен. Отуз күн ичинде алтымыш жолу ат чабылат. Манас кайын атасы Кайыпты Дүбүрөкандын ордуна кан көтөрөт.

Бир нече күндөн кийин казатын аяктатып, Кошой өзүнө караштуу колу менен өз жерине жөнөп, батпаган олжо, сансыз кол менен Манас, Көкчө, Жамгырчы, Үрбүлөр Алтайга келишет. Жакып Манас менен келини Карабөрктү Абыке, Көбөш деген эки баласын ээрчитип тозуп чыгат.

Аңыртынын оюндагы аккан суунун боюна үй көтөрүп, чоң той берет. Ошол казаттан кийин кара жаак эр Үрбүнүн атына коюлган Үрүмчү деген жана Манастын атына коюлган Манас деген шаарлар жана толуп жаткан жер-суунун аттары азыр да сакталып калган.

## МАНАСТЫН ТЕКЕСКЕ ЖАСАГАН ЖҮРҮШҮ

Бир күнү Манастын атасы Жакып өзүнө караштуу элинин ак сакалдарын жыйнап алып:

– Мындан мурунку казатыңар ийгиликтүү болду, анткени – бет алган сапарыңардагы беттешкен жоону кыйратып, адам баласы барса

келбес чытырман токой, дөө, перилүү жерден өтүп барып, аркы чети Малай тоосу менен Лоп көлү, берки чети Алты шаар, Котон, Дагалактагы Кырмустун элин жеңип келдиңер. Бул казатыңарда Кошойдун эмгеги да оңой болгон жок. Көптүгү кумурскадай болгон кытайлардын да кыжырына тийип алдык. Түбү кытай эли бизди окус кылбай койбойт. Көпчүлүгүңөргө эп болсо, Алтайдан Анжыян, Алайга көчөлүк – деп, кеңеш кылып жатканда, ак сакалдардын үстүнө бир канча жолдоштору менен Манас келип калат. Манас карыялардын өйдө-ылдый сөздөрүн уккандан кийин, мындай дейт:

– Туулдуң – өлдүң, тутандың – күйдүң. Ажал жетсе, төшөктө жатып да киши өлөт. Беш айчылык жерде турган кытайдын Эсенканынан коркуп, Алтайдан көчүү болбогон сөз.

Эл четинен жоо тийип, эр-азаматтан күч кетпей туруп, жаан-жакшылыкта Алтайдан эч кайда көчпөйбүз.

Кытай эли кылымдар бою дүйнөгө кучагын жайып, илгертен ата мекенибиз болгон Орто-Азия, Түркстанды алып, асты Оролго жетиптир. Кытайлардын мындан чоң да бизге кылары барбы? «Өлүм – бир, кезек – эки». «Эр жигит – эл четинде, жоо бетинде». Ата мекенден ажырап, жан болуп басып жүрүштүн кереги жок. Түркстанга барган кытай, калмактардын эрлеринин канын таанытпасам, менин Манас атым өчсүн! Мени кан көтөргөнүңөр ырас болсо, Түркстанга казат кылып, Текес дуу-дудан баштап, баш ылдый кирели. Жатып өлгөнчө, атып өл. Төшөктө жатып өлгөнчө, казаттан өлсөк, армансыз болобуз, – деген сөздү айтат.

Кеңеште отургандардын бардыгы: «Баса, ырас эмеспи!?» – деп, Манастын сөзүн эп көрүшөт.

* * *

Манас алты жүз миң кол менен Текес дуу-дуну (азыр ал жер Текес деп аталып, Чыгыш Түркстанда) бет алып жөнөп калат. Манастын колу жакын калганда, Манастын келе жаткандыгы жөнүндө Үч-Турпандан Култаң деген келип, Текеске кабар кылат. Ал кабарды Уккан Текес алтымыш кишисин кароолго жиберип, эмне кылар айласын таппай шашып турганда, Куяс деген аяр балбаны келип:

– Сен, Алтайда өз жанынын айласын таба албай, качып жүргөн бир ууч кыргыздан мынчалык эмне коркосуң – деп, Текести шылдыңдайт

да эшикке чыгып, камыш, чий, карагайларга апсун окуп, дем салып, аларды көпкөк темир кийген көп колго айлантат. Аны көрүп, Текес эч нерседен камы жок болуп, көңүлү жайланып жатып калат.

Төртүнчү күн дегенде Манастын колу келип, көп колду көрүп чочушат. Казак Айдаркан баш болуп бир топтору:

– Бул өңдүү көп колду ала албайбыз, андан көрө, эсен-сообузда кетсек – дешет.

Манас аларды тилдеп коёт.

Манастар Текестин элин чаап кирет. Колдун алды Текес менен Куяска жакындаганда Текес Куясты бычак менен жара тартып, өзүн өзү өлтүрөт.

Текес дуу-дунун элин өзүнө каратып, Текестин ордуна Темирдин уулу Тейиш деген кан болот. Тейиш Манаска карагандан кийин, чоң той берип, тойдун тамашасында Каткал калдайдын баатыр кызы Сайкал менен Манас сайышат.

Ал уруштан кийин Терс-Суу Текес атка конуп, аярдык менен жасаган Куястын көп колу өрттөнүп өлгөн жердин аты Өрттөн аталат. Манас Тейиштин элинен дагы жүз миң кол кошуп алып, Керкөлдөгү (азыркы Ысык-Көл) Орго канды алууга жети жүз миң кол менен жөнөйт.

Куяс, Текестердин өлгөндүгү жана Манастын колу Ысык-Көлгө карай бет алгандыгы жөнүндө Оргого Султаң кабар айтып, андан өтүп, Акунбешимге жөнөйт. Жолдо алтымыш миң колу менен келе жаткан Кеймен шаага кезигип, бул колуң аз деп, кайра кайтарат.

Туш-тушка кабар айттырып, кол жыйнап жаткан Оргого түн ортосунда Каркырадагы жылкычылары башы-көзү кызыл-ала кан болуп качып келип, өрүштө жаткан токсон миң жылкыны Манастын алгандыгы жөнүндө кабар кылат.

– Манас кырк чоросу менен Тасманын жонунда Оргонун үч жүз миң колу менен урушат. Оргонун эки жүз миң колу кырылып, Манастан 7 күн өрүү болууга уруксат сурайт. Манас уруксат берип, чоң суунун боюндагы калмак-кытайларды сүрдүрүп салып, өрүү болот. Ал жер кийин Сүргөн аталат.

Оргонун ою онго бөлүнүп, айласы кетип турганда, Чулу болуп, Акунбешимден алты миң кол келет. Бул кол келип түшкөн Кашка-Суунун бою Каракол атка конот.

Көп колдун экинчи беттешишинде эки жактан бир нече кол эрөөлгө чыгып, бардыгын Манас жеңет. Аламан уруштa Манас

Оргону өлтүрүп, оргонун колу кырылат, өлгөнүнөн калганы качат, Оргонун шаарын алып, качып кеткенден калгандарын жыйнап алып, өзүнө каратат.

## АКУНБЕШИМ

Манас кошуунун жыйнап алып:

– Жерибиз алыскы Алтайдан көптөн бери казат кылып келе жатам. Көпчүлүккө эп болсо, Чүйдөгү Акунбешимди да чаап алалык. Анын бизге каршы кол узатканын өз көзүңөр көрдүңөр. Кала берсе, Абан-Суу менен Түркстанды бүт каратып, Алтайлык менен Нааман-дыктын айлын кошуу керек – дейт.

Манастын ал сөзүн кол баштоочу карыялар менен баатырлардын бардыгы туура табышат. Манас колун бир нече топко бөлөт. Камбардын туусун аштатып, Айдарканга жолду баштатып, казак Көкчөнү Кызыл-Кыяны ашыртып, Каркыраны бастырып, Илебин канга жөнөтөт. Жүз элүү миң колго башчы кылып, Кайып кан менен Мунарды Ысык-Көлдүн тескей өрөөнүнө салат. Жүз элүү миң кол менен Үрбүнү Ала-Бел (Тору– Айгыр) ашып Чоң-Кеминге бар – дейт. Үч жүз миңден ашуун кол менен Бакай, Кыргылы болуп өзү Ысык-Көлдүн күңгөйүнө салып, Акунбешимди көздөй бет алат.

Ошол кезде Манастан кырылып кайткан кол Акунбешимге жетип, кабар берет. Качып барган Сары Кыяр деген аяры ыйлап туруп Манастын колу жөнүндө Акунбешимге мындай дейт:

«Эбин-чагын журт күтүп,
Эл көрө элек экенбиз.
Эрегишип урушуп,
Эр көрө элек экенбиз.
Ала мөңгү бел ашып,
Тоо көрө элек экенбиз.
Айгайлашып урушуп,
Жоо көрө элек экенбиз.
Ат арытып сапардан,
Жол көрө элек экенбиз.
Арбын черүү, улуу топ,
Кол көрө элек экенбиз.

Агып-ташып каптаган,
Сел көрө элек экенбиз.
Айтканынан кайтпаган,
Ажалдан башын тартпаган
Эр көрө элек экенбиз.
Өпкө чайкап, кан ичип,
Өт көрө элек экенбиз.
Өзөн күйүп туташкан,
Өрт көрө элек экенбиз.
Башыбыздан ар ишти
Өткөрө элек экенбиз.
Ат көтөрбөй, пил минген.
Жөө көрө элек экенбиз.
Көпкөк темир кийинген
Дөө көрө элек экенбиз.
Мунарадай зуңкуйган,
Бой көрө элек экенбиз.
Бузукчулук урушкан,
Той көрө элек экенбиз.
Сакал менен мурутту
Тереби деп ойлоймун,
Сазайыңды колуңа
Береби деп ойлоймун.
Аленгир жаа, сыр жебе
Кереби деп ойлоймун.
Аркабыздан аз күндө
Келеби деп ойлоймун...

Манастан корккондо төрт атам өткөн Абан-Сууну таштап, кайда бармак элек? Андан көрө элге кабар кылып, келер жоонун алдын бууш керек деп, токсон жасоолун чаптырып, Арал-Көл, Курдум-Көл, Сырды дарыясы, Чыйырчык-Тоо, Олуя-Ата, Талас, Меркидеги элине кабар айттырып, Каар Булта деген кудайына сыйынып келүү үчүн кечилдерди жиберет. Жыйырма миңге жакын кол менен Бейшекел, Кеймен, Ойрок Бооң жайсаңдарды алып, Көтмалдыдан жол тосуу үчүн Шамшы көздөй жөнөйт. Алар Кызыл-Омполдун тоосунан кароол карап, Манастын колун Талды-Суугa келгенде көрүп калышат.

Манастын колу Көтмалдыга келгенде Бакай:

Көп колду Тосоттуга салсак, кысыктан жол тостуруп кырып алганбыз. Ар кокту менен бөлүнүп-бөлүнүп барыш керек – дейт.

Ал колду да бир нече бөлүмгө бөлүп, коктулап, кырдап капталдап жөнөп калышат. Жетимиш миң кол алып Боом капчыгайы менен Ошпур чал келе жатса, Байлам-Талдан:

– Кайра тарт! – деген катуу чаңырык үн чыгат. Ар түрдүү жырткыч айбандардын топтошуп жүргөндүгү көрүнөт. Анын баары Боом деген Акунбешимдин аярынын сыйкыры болот. Ал колду ары өткөрүп, учуп барып капчыгайдын ичине караңгы түн түшүрөт, тоо-ташты кулатат, бир ажыдаар сүрөтүнө кирип, бүкүлү колду ат-тону менен сорот. Бараткан колдун ичинде Ырдык жана Байгуш деген кыйын аярлар болгондуктан, анын бардык амалын түгөтүп отуруп, колду аман алып өтүшөт. Аярдын өзүн байлап алышат.

* * *

Жаркен, Алма-Ата, Лепси, Чарым, Челек, Илени өзүнө каратып турган Илебин кандын Алма-Коюр деген шаарын басып алып Илебин кан Манас менен мурда болгон урушта өлгөн. Илебин кандын агасы Чыңшаа менен Буудайбек деген кызын нике кыйдырып Көкчө алат. Ошо кезде Көкчө жыйырма тогузга чыккан. Каргалы, Кара-Кужур, Ак-Таш, Үмпан-Короготу, Кош-Көлдүктөгү кытай-калмактар Көкчөгө карап кор болгуча, Акунбешимге барып, баш калкалайбыз – дешип, качышат.

* * *

Үрбү Тору-Айгыр ашып, Чоң-Кеминдеги Кеймен шаанын Даңгул деген шаарын кыйратат. Шаанын кызы Ойсалкын отуз кызы менен ордо отурган жеринде Үрбү кезигип, Ойсалкындын сулуулугуна ашык болуп, ага үйлөнөт да, Чоң-Кеминден Кичи-Кеминдин Боролдоюнда турган Бейшекел жайсаңга бет алат. Бул учурда Бакай Боомдун оозундагыларды кыйратып, кыргыздардын колунан качкан жоону Каштек ашыра кууп, түндүк жактан казактардын колун баштап Көкчө келет. Кыргын учураган кол «Текке качтык» – деп өкүнгөндүктөн, ал жердин аты Каштек аталат. Ошол кезде Манас Кызыл-Сууну чаап, Шамшы шаанын элин издеп жөнөгөндө, Шамшы шаанын качкан элинин асты Меркиге жетип калат.

* * *

Мунар менен Кайып кандын колу Ысык-Көлдүн тескейин кыдырып, элүү миң кол менен Мунар Кочкорго жөнөп, жүз миң кол менен Кайып кан Кара-Каман, Балгарт, Солтон-Сары, Кара-Саз, Семиз-Белди чаап, качкан жоонун баарын Ой-Жайлоого кууп барат. Качкан колдун баары жайлоого келе берип, эл батпай капкара болуп, кужурап кеткендиктен, жайлоонун аты Кара-Кужур деген атка конот. Андан Кайып Атбашыдагы (Эки-Баштагы) Саян-Жайлоо, Ач-Суу, Четинди, Дарбаза, Айгыр-Жалдагы калмактардын тымтыракайын чыгарып, Кара-Түз кептешке жеткирет. Качкан колду боокачты, тигинде качты, чоё чап деп куугандыктан, Боо-Качты, Чоё-Чап деген аттар ошондон калат. Качкан колдон көп кара кой калып калган жердин аты Кара-Коюн аталат. Кайыптан качкандардын бардыгы Анжыяндагы Алоокеге бет алат. Кайып Култканын элине Кызыл-Суунун капчыгайы менен келе жатып, Балаң аярга жолугат. Кайып жактан Таскыл аяр чыгып, Балаң аярды жеңет.

Мунар көп колу менен Кочкордогу Арсы-Калдайга келип урушат. Арсынын колун Кара-Суу дегенге камап, калмактардын көбү Чолук деген сууга түшүп өлөт. Арсы качып калганда Мунардын Салагар деген баатыры кууп жетип, сайып өлтүрөт. Ал жер Арсы аталат. Кочкордо калмактын колу көп болгондуктан, Тарлаң Жайсаң деген аларды баштап келип, Мунардын колун тегеректеп алып, колунан көп кишисин жарадар кылып, айласын кетирип, ала турган болот. «Манас менен Кайыптан кабар болбоду» – деп, Мунар кайгырат.

Бул учурда Манастын Кайып, Мунардан башка колу барган жоосун жеңип, Манастын үстүнө Он бир жылгага Талды-Сууга чогулуп, ким бар, ким жок деп элдин эсебин алышат.

Бакай менен Манас:

– Кайып менен Мунарлардан ушу күнгө чейин эч кабар жок. Алардын барган жерлери татаал, опурталдуу жер эле, аларга барып жардам бериш керек – деп, жашы жыйырма менен отуздун ичиндеги эр-азаматтардагы жүз миң кишини тандап берип, Үрбүнү жөнөтөт.

Мунардын эси эки болуп турган кезде көп кол менен Үрбү жетип калмактарды кырып, Кочкорду алат. Бул кыргында өлгөн өлүктүн сөөгү батпай кеткен жер – Сөөк аталат. Качып жашырынган калмактар табылган жайлардын аты: Үкөк, Кап деген атка конот. Кай бир

жердеги калмактар өз жандарынан түңүлдүк дешип, өзүн жарып өлтүрүшөт. Ал жердин аты Түндүк аталат. Мунар менен Үрбүнүн колу карарып көп жаткан жердин аты Каракол атка конот.

* * *

Үрбү менен Мунар Жумгалдагы Кубан калдайды чабууга жөнөйт Кол Кызарттын белине келгенде Кубан калдайдын Катыраң деген кыз аяры отун терип жүргөн кемпир түрүндө кезигип, Үрбү менен Мунарга көп күн көрсөтөт. Мунардын колунан Арсалаң деген аяр чыгып, кыз аяр менен кармашып, экөө бири бирин жеңише албай турганда, эки аяр эки жактагы колдун көзүн жумдуруп, көзүн жумган көпчүлүктү аябай кыйнашат Көз жумуудан кыйноону аябай көргөн эки кол көздөрү ачылгандан кийин бири-бири менен урушууну каалашпай, аралашып кетишет. Кубан урушсуз карап берет. Ара-Белде аяр кыз өлөт. Анын аты Кыз-Жолуккан бел болгондуктан, Кызарт атка конот. Буйда-Суу деген жерде көз жумуп, көп жапа көргөн себептүү, ал жер кийин Жумгал аталат.

Үрбү, Мунарлар Суңшодогу Култка калдайды алуу үчүн кетип баратып, аяк-башы ат чабым келген Дүбүр көлдү көрүп:

Жайлап жатса сонун жер, сонун көл экен дешет. Ал көл кийин Миң-Көл аталат.

Манас дегендин колу келип, түштүк жагы – Атбашыны, түндүк жагы Кочкор, Жумгалды алды, эми биздин айлабыз эмне болот? – деп, Нарындагы Култка калдайга Дөрбөлжүн, Кулаң деген жайсаңдар кабар алып келет.

Култканын эси эки болуп, Анжыяндагы Алоокеге киши чаптырып, үч жүз миң кол келет. Анжыяндан келген кол Үрбү, Мунарларга кабылып, бир нече күнкү уруштан кийин, калмактын колу катуу кыргынга учурап, кайра качат. Эли кыргынга учураган Ардалык деген баатыр мындай дейт:

«Жазайыл мылтык октогон
Мергенди көрбөй жүрүпмүн.
Жанчышкандын жазасын
Бергенди көрбөй жүрүпмүн.
Алеңгир жаа, сыр жебе
Чойгонду көрбөй жүрүпмүн.

Карайлатып душманын
Койгонду көрбөй жүрүпмүн.
Кас кылгандын баарысын
Сойгонду көрбөй жүрүпмүн.
Сүнгү сүйрөп, найзасын
Салганды көрбөй жүрүпмүн.
Сүрүшкөнүн ойрондоп
Алганды көрбөй жүрүпмүн.
Ташты жара кармаган
Албанды көрбөй жүрүпмүн.

Кайып, Мунар, Үрбүлөр Култка калдайдын элин чаап, өзүн өлтүрөт. Урушта эки колдон тең бир нече аярлар катышат. Кыргындан жана качып кеткенден калган элдин бардыгы Айгыр-Жалдын белине жыйналып келип, мусулман болушат.

* * *

Кайып, Мунар, Үрбүлөр он беш күндөн кийин Он-Бир жылгада жаткан Манастын көп колуна келип кошулат. Колунун баш-аягы жыйналгандан кийин, Манастын колунун саны бир миллион бир жүз миңге толот.

Манас келет деп мурунтан камынып жаткан Акунбешим кандын колу бир жарым миллионго жетет. Акунбешим менен болгон уруш бир нече күнгө созулуп, эң мурун атактуу баатырлар бир-бирге чыгып сайышып, эки жактан бир кыйла баатырлар каза таап, Мажик менен казак Көкчө жарадар болуп, Кубин кан колго түшөт. Калмактардан Тулус Жа-Жуң бир нече кишини өлтүргөндөн кийин, аны менен Манас өзү беттешет.

Эпосто Тулустун аты менен өзүнүн турпаты мындай сүрөттөлгөн:

«Түшкөлдүк деген аты бар,
Бийиктиги үч кулач,
Жылкыдан бөлөк заты бар.
Чоң чарадай туягы,
Тоо кериктей сыягы.
Кучактан ашат куйругу,
Мындай жоону туш кылган,
Кудуреттин буйругу.

Эки көздүн үңкүрү,
Кайкаң белдин түбүнө
Казып койгон ородой,
Кашын көрсөң капырдын,
Суулаган кара теридей.
Төшүн көрсөң капырдын,
Төшкө жакын керидей.
Мурдун көрсөң үңкүрдөй,
Кулагынын териси
Мамыга казган чуңкурдай».

Манас жакын келе бергенде Тулус:

– Тынч жаткан элдин тынчын алып, акылыңдан жаңылып, азабыңды сагынып келген экенсиң – деп, Манасты күрсү менен урат, Манастын көзүнөн от чагыла түшөт.

Манас анын ийинин ач албарс менен шылый чаап өлтүрөт. Андан кийин жайма уруш болуп, Акунбешимдин колу кыргынга учурап, Акун бешим Баласагын деген шаарын алдырып, азыркы Кара-Балтада турган «Кара Булта» аттуу кудайына барып сыйынат. Ошол учурда Чычкан ашып, Меркеш бек баштаган Алооке кандын алты миң колу келет. Акун бешимдин колу Кара Бултадан экинчи жолу беттешүүдө Акунбешимди Манас жарадар кылып түшүрөт.

«Айбалта башка шака-шак,
Найза төшкө така-так.
Кылыч жонго чака-чак.
Мылтыктын үнү тапа-тап.
Күрсү чаап күпө-күп.
Төө мылтык атып дүпө-дүп.
Кой чагыр үнү чаңырып,
Жазайыл үнү жаңырып,
Жамандар эстен жаңылып.

Жазбай турган баатырдын Самаганы табылып, иштүү кыргын болот. Акунбешимдин калган колун Меркеш бек менен Шамшы шаа баштап алып качып, Олуя-Атага барат. Алар ал жердегилерге Манастын кабарын айтып, Олуя-Атада мурунтан бери турган эки жүз миң үйлүү кыргыз менен казактарды кырмакчы болуп жатканда, Манастын колу дагы жетет.

## ПАНУСКАН

Панускан Акунбешимди Манас чаап алыптыр деген кабарды уккандан кийин, Акунбешимге ачуусу келип, Алтайлык аз кыргызга алдырат деген эмне тамтык деп, ал жердеги бардык кытай-калмактарды жыйнап алып, Манас менен урушмакчы болот. Кыргыздарга акыл да салбайт жана алардан бир да киши албайт. Манас менен урушуп, Акунбешимди жана башка кытайдын кандарынын өчүн алуу үчүн төрт жүз миң колду Чакмактын белин көздөй жөнөтөт.

Ташкендеги кыргыздар жыйналып:

– Панусканга эмне болду, мунун эмне билгени бар жана эмнеликтен кыргыздардан киши албай кетти? Мунусу кандай иш? – деп, алар Көкөтөй байга барышат. Көкөтөй элге капыр менен мусулмандын арасындагы мурунтан бери болуп келе жаткан иштерди, капырлардын кордуктарын толук айтат. Алтайдагы кыргыздардан Манас деген баатыр чыгып, кытай менен калмакты кырып, өзүнө каратып келе жатат деп уктум эле, ошол Манас жакындап келип калган болуу керек. Эми биз карап жатпай, кытайларга көрүнбөй жүрүп олтуруп, Манаска кошулалы – дейт. Отургандардын баары Көкөтөйдүн сөзүн туура дешет.

Манас Акунбешимди жеңгенден кийин, эми Панусканды алмайынча көңүлү басылбайт – деп, бир миллион бир жүз миң кол алып, күндөп-түндөп жүрүп отуруп, жолдо Салаң аттуу бир дарыянын боюна келип жатат. Ал жерде он күнчө ойноп-күлүп тамаша салып жатат, ошол жердин аты кийин Сайрам делип аталат.

* * *

Манас Акунбешимди чапканда алты жүз миң кол Манастан корккуп качып, Ташкенди көздөй бет алышат. Булар качып келе жатканда, астынан Панускандын колу жолугат. Качып келе жаткан кол, Манастан көргөн кордуктарын айтып ыйлашат. Катын-бала, мал-мүлк калды, далай элди кырды, эми силер эптеп бир айла кылбасаңар, биздин айлабыз кетти. Калың кол менен Манас артыбыздан кууп келе жатат дейт.

Арада он күн өтөт. Эки кол беттешет. Жекеге киши чыгарышат. Панускан жактан Көдөң аттуу балбан чыгат. Көдөң эпосто мындайча сүрөттөлгөн:

«Атка минди шаркылдап,
Көдөң деген бир балбан,
Күрсүсү батман алты жүз
Тоону чапса, кылар түз.
Колундагы найзасы
Кезге салса жети жүз.
Кылычы оор – беш батман,
Чапкан жоосу тек жаткан,
Жаасы өгүз белиндей,
Астындагы ак жал ат,
Басманы сырдын желиндей.
Жаалданып бу капыр,
Алды-артына карабай,
Жаасына салган октору
Бир, бир бүтүн карагай,
Айбалтасы болоттон,
Айбаты журтту колоткон.
Нурку кытай баатыры,
Урушка чыкты акыры!

Кыргыздардан Бакай чыгып, Көдөң балбанды өлтүрөт. Бакай Көдөңдү өлтүргөндөн кийин, Панускандын колуна жакын барып кыргыз, казактын уругунун баарын атап: «Силер менен биз бир тууган элек, бирибизди бирибизге кошпой, кордук көрсөтүп жүргөн мына ушул кытай менен калмак болучу. Кыргыз болгонуңар биз менен урушпагыла, бизге кошулгула, Манас сыяктуу арстаныбыз бар, эми кытайга кор болбойбуз» – дейт.

Бакайдын сөзүн уккандан кийин, кыргыз, казактардын бардыгы кытай менен калмактан бөлүнүп чыгышат. Булар төрт жүз миң киши экен.

Булар Түркү-Башы деген жерге барып жатышат, кийин ал жер Түркү-Башы эмес, Түлкү-Башы деген атка конот. Жекеге бир канча киши чыгат, бирок баарын Манастар жеңет. Кытайларда Шаңкы деген бир укмуштуу балбан бар экен. Жекеге чыгып, кыргыздарды мылтыгы менен атып өлтүрө баштайт. Муну көргөндөн кийин буга Манас өзү чыгат. Шаңкы Манаска: «Итче алышпайлык, атышалык, чыдасаң туруп бер, чыдабасаң, туруп берем» – дейт. Кырк чилтен Манаска бер деп, өздөрү коргон болуп туруп калышат. Шаңгынын огун

кырк чилтен кагып салат. Манас Аккелте менен атканда, Шаңгынын башы денесинен күп этет. Манаска Самбул деген ары балбан, ары аяр бирөө чыгат. Аны Манас жеңет.

Үч күн, үч түн тынбай уруш болот. Манас жактан эки жүз элүү миң киши, кытайлардан 400 миң киши өлөт. Төртүнчү күн дегенде Кытайлар Ташкенди көздөй качып жөнөшөт. Бирок жолун Көкөтөй алты жүз миң кол менен тосуп, Ташкенге жибербейт. Кытайлардын калган үч жүз миң колу качып отуруп, Оролдун асты жагында Ополго токтолот.

Кытайларды кууп барып, кайта кайтканда, Көкчө баатыр баш болуп, бир айылга ат коюп барса, үйдөн башка эч нерсе жок, ошондон кийин ал жердин аты Ак-Моло аталат.

Манас менен Көкөтөйдүн колу Ташкенге келет. Ал жердегилердин бардыгын өзүнө каратат. Пanускан жиберген калың колунан такыр кабар албай, коркуп турган кезинде, Манастын колу келип калат. Кытай, калмактардын калгандары жыйылып, Панусканга барышат. Панускан аларга Манастын эмне кылганын жана кимдерди чаап алгандыгын толук айтып берет. Өзүнүн алсыздыгын, колунда киши жоктугун айтып ыйлайт. Эптеп тирүү кутулсак деген гана ойду ойлоп калат.

Самаркандан Сөөлөтү деген бирөө Панусканга келип, Кошойдун Кожент, Самарканды алып койгондугу жөнүндө кабар кылат.

* * *

Манас колун таштап коюп, Ак-Сууну бет алып, ууга чыгат. Чыйырчык деген тоого чыгып, Анжыян менен Наманганды көрөт.

Кытайлар атамдан калган жердин баарысын алган экен, тезирээк барып муну чаап алуу керек – деп жөнөйт.

Араник шаарынын каны Ашарсуу (Панускандын жээни) Көкөтөйдүн элинен жылкы тийип кел деп Кыйтууча деген калмакты баш кылып 1000 киши жиберет. Булар жылкы тийип бара жатып кокусунан Манаска жолугуп калат. Манас Кыйтуучаны баш кылып, далайын өлтүрөт, бир канчасы колго түшөт, 13 гана киши аман качып кутулат.

Манас тоодо жатып, Ташкендеги бир миллион алты жүз миң колун чакырат. Калың кол Манастын үстүнө келгенден кийин, Бакай Манаска:

– Айылдан чыкканыбызга үч жарым жыл болду, эми урушту коюп, үйгө кайталы – дейт. Манас:

Биз кеткенибиз менен Алооке менен Ашарсуу Түркстандагы кыргыз, казактарды чаап алып, күч жыйнап Алтайдагы бизди да барып чаап алат. Андан көрө булар менен урушуп же жеңип, же жеңилип кетели – деп, болбой коёт.

Алооке менен Ашарсуу Манастын кабарын угуп урушууга колун жыйнап, сегиз жүз миң кол менен Ташкенди көздөй жөнөгөнү жатканда, 400 миң кол менен Манас барып калат. Араник деген шаарда эки кол беттешип уруш болот. Жекеге киши чыгарышат, кытайлардын Киселик деген бир баатырынын үйрөткөн алты пили бар экен. Аларды пил-сили менен кошуп Манас кырып салат. Алты күн, алты түн уруш болуп, акыры Манас жеңет. Алоокенин колу Анжыянды көздөй качат, бирок Ашарсуу жолун тосуп жибербейт, «Бизди өз колуң менен кырып кет, же болбосо, Манас менен бир кишибиз калганча урушабыз» – дейт. Ага Алоокенин колу тил албай, качып кетет.

Бээжиндеги Эсенкан менен Алоокеге бел байлайбыз деп жүрүп, далай элди кырып алдык, эми булардан пайда жок экен, ошондуктан, Манаска карап, анын өкүмүнө көнөлү – дейт, Ашарсуу.

Ал кырк бир кыз, канчалык дүйнөнү тартуу кылып, Манаска барат. Араник шаарына карагандардын бардыгы Манаска багынышат. Тартууга келген кыздардын бир сулуусу Гүлайым деген кызды Көкөтөй алат. Калгандарын уруу-урууга бөлүп алышат. Көкөтөйдү кан кылышат.

Манас Араник шаарын алгандан кийин, анда Намандыктар көп болгондуктан: «Мындан ары бул шаардын аты Наманген болсун» – дейт. Ошондон кийин ал шаар Наманген деген атка конуп калат.

Манас калың колду үйлөрүнө кайтармакчы болот. Эртең жөнөйбүз деп жатканда, Ашарсуу келип:

Эми сиз кетсеңиз, бизди Алооке чаап алат го, биздин айлабыз эмне болот – деп, наалыйт.

Анда Манас:

– Силер Алоокеден эч коркпогула, Алооке тие албайт, анткени – биринчиден, ал өзү бизден коркуп качып кутулду, экинчиден, эгер силерге тие турган болсо, мага кабар кыл, же болбосо, Кошой алп деген тууганың бар, ошого кабар бер. Мен да азыр Алтайга кеткеним

менен бир жылга жетпей кайра келип, Алооке менен урушпай тынбаймын – дейт.

Көкөтөй баш болуп, бардыгы Манастын сөзүн кубаттап:

– Булардын үйдөн чыкканына үч жарым жыл болгон экен, эми сени эле кайтарып отурмак беле? – дешип, Ашарсууну көндүрүшөт.

Тапкан олжолорун бөлүшүп алып, ар кимиси өз-өз жерине кайтышат. Абунасир, Кайыпкан, Мунар Кашкарды көздөй, Кубанкан Байкутту көздөй жөнөйт.

Алтайдан келгендерди Чаткал, Чаначты ашырып, Тулустан өтүп, жаңы тууган болгон Акунбешимге барып, Чүйдү бойлоп, алардын кылган сый-сыпатын көргүлө деп жөнөтөт. Манас өзү кырк чоросу менен артта калып, колдон бир күн кийин чыгат. Тулус деген бир калмактын аты экен, мындан мурун анын жерин бирде калмак алып, бирде кыргыз алып талашып жүрчү экен, ошондон кийин Тулус эмес, Талас деген ат коюлат.

Абунасир, Кайыпкандар жүрүп отуруп, Чуңкур-Сууга, азыркы Тогуз-Торого келет. Чуңкур-Сууга андан качкан, мындан качкандар жылып, эки жүз миңге жетиптир, булардын башчысы Дагыра, Даңгы дегендер экен. Алар Абунасирдин жолун тосуп, жиберишпейт.

– Кубанкан Манаска карап кетти, барып чаап келгиле – деп, Алооке Тасыла, Селең дегендерди башчы кылып, 30 миң кол жиберет. Булардын келерин угуп, Кубан калың кол менен Кабактын жолун тосуп калат.

Манас, Бакай кырк киши менен уу уулап кетип бара жатса, алдынан качып жүргөн 600 калмак чыгат. Аларды кармап алышат.

Ошол учурда Абунасирден Манаска кабар барат. Манас ачууланып жүрүп келе жатса, Кубанкан 190 миң кол менен астынан чыгат, аны ээрчитип алып, Абунасирди камап жаткан Дагыра, Даңгы менен урушат. Калмактардын далайын кырып, калганынын баарын динге киргизет. Манас колун дагы таратып үй үйүнө жиберип, өзү кырк чоросу менен көлдөгү мурун каратып кеткен калмактарына конок болот. Көл кышкы чилдеде да тоңбойт, «бул ырыстуу Ысык-Көл экен, мунун Керкөл аты калып, мындан ары Ысык-Көл болсун» – дейт. Ошондон кийин Ысык-Көл аталып калат. Манас Ысык-Көлдөн чыгып, айлын көздөй жөнөйт.

## МАНАСТЫН АЛТАЙДАН КӨЧҮШҮ

Манас мурунку казаттарында Орто-Азиядагы кытай, калмактардын көпчүлүгүн каратып, карабагандарын күн чыгышын – Бээжинге киргизе сүрүп, кытайлардын көкөйүнө көк таштай тиет. Кыргыздардын колу өтө албай калсын деп кытайлар бийик улуу дубалын (сепилин) салышат.

Манас өзүнө караган жерлердеги шаарлардын атын, өзүнүн жана кырк чоролорунун (Манас, Үрүмчү, Бабакары, Ажыбай, Чалыбай, Бай жана башка шаарлар) атына коёт.

Казаттан кайтып, Алтайдагы элинде жүргөн кезинде, Манас үч күнү удаасы менен чыканак тиреп, чырм албай кылычын таянып, таң аттырат да, эртеси бир укмуштуу иш баштоочудай болуп, үстүнө кызыл кийип, башына сары чалып:

«Тилимди билген журт болсо,
Тилим менен келсин – деп,
Тил билбеген журт болсо,
Тилмекчи жооп берсин» – деп, аягы Үч-Арал, башы Енисей тоосундагы элинин бардыгына кабар айттырып, чоролору менен алты жүз карыяны чакыртат.

Манас үч күндөн бери уктабай, каары сыртына чыгып, өзүнөн өзү оолугуп, кабагына кар жаап, кайра жаачуу булуттай түнөрүп отурат деген кабарды уккан чоролору: «Дагы эмне шумдук баштар экен, канкор!» – деп, жандары калбай, үрөйлөрү учат.

«Алда немне кылат? – деп,
Ачууланса бул канкор
Ата уулунан түк койбой,
Ажалдан мурун кырат – деп.
Урунарга тоо калбай,
Ушалап келдик далайды,
Урушарга жоо калбай,
Түп Бээжиндик болбосо,
Учураган соо калбай.
Калкы кылды бушманды,
Каарданып, бу канкор
Кайдан дагы тапты экен
Кармашуучу душманды.

Каканга кантип барабыз
Калаасын көргөн бир жан жок,
Калбаны кантип салабыз?
Бээжинге кантип барабыз
Беш айлык жол арабыз.
Кызылды Манас кийиптир,
Кыргызга тиер каары бар,
Кызыл эндей жамынып,
Кылар иши дагы бар.
Сарыны башка чалган соң,
Бир шумдук кылар чагы бар.
Муну айтышып баарысы,
Муңайышып карысы,
Кобурашты көпчүлүк,
Кылат экен бирди – деп,
Кыргызга түштү көп түлүк.
Калмактан болгон мусулман,
Кары-жаштын баарысы
Кайгыдан өңү бузулган.
Монголдон болгон мусулман,
Балакет эми болду, – деп,
Баарынын өңү бузулган.
Арстан Манас баатыры
Айбатын салып акыры
Үстүңкү ээрди албайып,
Мурду тоонун сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей.
Мурду тоонун кырдачтай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткундай.
Ар мүнөзүн караса,
Ажыдаар болсо туткундай,
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй.
Асман менен жериңдин
Тирөөсүнөн бүткөндөй.

Айың менен күнүндүн
Бир өзүнөн бүткөндөй.
Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй.
Абадагы булуттун
Салкынынан бүткөндөй.
Асмандагы ай-күндүн
Жарыгынан бүткөндөй.
Көркү калча, көзү тик,
Көбүнө айтса, сөзү тик.
Жолборс жүрөк, таш билек,
Жооруну калың, жар кабак,
Жоругуна карап бак».

Жыйналып келген Акбалта, Бердике, Байжигит, Кутунай, Мажик, Элеман, Сыргак, Серек, Бакай, Үмөт, Үрбү, Чалыбай, Ажыбайлар эч айласын таппай, түгү сыртына чыгып отурган Манастын түрүнөн коркуп, сизге эмне болду, кимге ачууңуз келип, кекенип отурасыз? – деп, эч кимиси сурай албай, калтырап отурушат.

– Азыркы Түркстан башынан кытай жери экен. Ал кезде аты Нааман деп аталган. Кийин биздин аталарыбыз алгандан кийин, Түркстан атка конгон. Кытайлар Түркстанды кайра каратып, кыргыз элин туш-тушка таратыптыр, артыбыз Алтайга келиппиз. Азыр да болсо, кытайга карап калган биздин туугандардан Түркстанда көп. Бир нече жылдан бери биз мекендеп, суусунан ичип, тузун татып келе жаткан Алтай, ойлоп келсем, жер чети экен, жер соорусу – Жети-Суу, Алай, Анжыян экен. Казат кылып барып биз каратып келген Түркстандын кайсы бир шаарлары кайра бузулуп, кытайга карап жатат. Кашкарды үч жолу караттык эле, дагы кайра кытайга караптыр. Көзүмдүн тирүүсүндө Алтайдан көчүп барып, Каркыра, Алай, Арал-Көл, Талас, Самарканды жер кылбасам болбойт – дейт.

Таз, Байжигиттер:

– Көчпөйбүз, Алтай кутмандуу жер, Алтайды жердегенден бери ишибиз да, түшүбүз да оңолуп, бир башыбыз эки, эки башыбыз төрт болууда. Алтайдан кетсек, монголдор биздин карамагыбыздан чыгып кетет – дейт.

Үрбү менен Көкчө Түркстандын жерин мактап, көчөбүз деп Манасты жакташат. Жыйындын эң аягында Манас:

– Өзүм деги көчөм, калганыңарды зордобойм. Бул менин ажыраш аягым – деп, жыйналган элге алты миң чанач кымызы менен тамак берип, ат мингизип, чапан жаап, эртеси алты жүз сексен атанга өз жүгүн артып, көп эл менен көчөт.

Ат-Башы, Нарын жакка Манас көчүп келди деген кабарды уккан Кашкардын каны Алакун (кытай тарабынан коюлган кан) жүз сексен миң кол жыйнап, Манас менен урушмакчы болуп жатканда, жүз миң кол менен Манас өзү барып калат.

Алакундун Манасты көрүп кел деп жиберген Акылакун деген аяры Жай-Дөбө деген жерде Манаска кезигип, Манастын сүрүн көргөндө, жүрөгү түшүп өлөт:

«Кайратын көрсө, кара тоо,
Катылган пенде калбайт соо,
Айбатын көрсө Ала-Тоо,
Асылган калбайт аман-соо.
Болжолуна караса,
Болот өткүс кара таш,
Күрсү тийсе, оюлгус
Туюк сөөк, чулу баш,
Аз кийгеним дегени
Атан төөлүк жүгү бар.
Адам уулу тик бакпас,
Ажыдаар сүрү бар.
Сакалы саадак кабындай,
Мурутун сайса өткөндөй,
Букарлыктын шабындай.
Ызгаарлуу айткан сөзү бар,
Шаркыраган ширенди,
Кызыл жалын көзү бар.
Акылакун көрүптүр,
Айбатын көрүп ант ургур,
Жүрөгү түшүп өлүптүр».

Эртеси урушта Кашкардын колунан Дагылык деген баатыр чыгып, Манаска беттешет. Дагылык Манасты эки жолу сайып түшүрө

албагандан кийин, Манас аны атынан жулуп алып, аны менен туу кармаган Алакунду уруп өлтүрөт.

Кашкардын колу коркуп, Манаска каршы урушабыз деген ушулар болучу деп, 26 балбандын атын аташат. Манастын ачуусу келип:

– Жыйырма алтың бүт мага жабыл – дейт. Манас колун он бир шилтөө менен аларды кызыл канга батырат. Бул учурда Кашкардын колун бекер кырып жибербесин деп, кырк чоросу жана Бакайлар кечишсе:

«Кара көзү чачырап,
Кайраса тиши качырап.
Муруту шаптай сайылып,
Жүзүнөн заар жайылып.
Күркүрөшү күн болуп,
Күндүз күнү түн болуп.
Бетинен чыгып наары,
Беш байпактык жүн болуп».

Манастын ачуусу аябай келгенин көрүшөт. Эч ким «кой!» – деп, сөз кайтара албай турганда: «Мынчалык ачуусу келип, бул кимди соруп жибергени жүрөт» – деп, Серек бүлкүлдөп күлөт. Аны угуп койгон Манас ачуусу менен Серекти аттан ыргыта муштайт. Серек таарынган бойдон: «Мен кашкарлыктарга кошулам» – деп, кашкарлыктарды аралап барып, аларга эч сөз айтпай кайра чыгып:

«Байгамбарды айтып бакырып,
Манастап ураан чакырып,
Шордуу жердин топосун
Асманды көздөй сапырып.
Калкым Кашкар, өзүм эр,
Кармашчу болсоң, канкорум,
Как өзүмө каршы кел!» – деп,

Серек жекеге чыгат. Серектин чыкканын билбей калган Манас, Серектин ач кыйкырыгын уккандан кийин:

– Кашкардын колунан каары катуу дагы бирөө чыгып калды. Бул ким деген болуп кетти? – деп, Ажыбайдан сурайт.

Ажыбай:

– Ал чыккан Серегиң. Андай эки баатыр болсоң, кезек келди дейт. Аны уккан Манас:

– А, Серек сындуу баатыр менен менден башка серпише турган эриңер жокпу? – деп, күлүп жиберет.

Манастын ачуусунун эми тараганын билген кырк чоро дуу күлүп калат.

Аңгыча Серек: «Манас!» – деп ураан тартып качырып, колдун четинен алты, жети кишини ыргыта сайып жиберип:

«Кайнаган кашкар калкым – деп.
Канча жүргөн наркым – деп,
– Атым Серек баатырмын,
Ааламга кеткен даңкым» – деп,

Манаска бет алып качырып калганда, Кутубий: «О, кутургур, кантесиң?» – деп, Серекти чылбырдан алат. Муну көргөн көп кол: «Оңбогон Серек!» – деп, дуу күлүп жиберишет.

Манас Кашкарды каратып, улам кайра ант бузгандыгы үчүн, малынын баарын алып, жүз миң төөгө алтын, күмүшүн жүктөтүп, туштуштагы кандары: Мунар, Кайып, Панустарды чакыртып алардын мойнуна союшун салат.

* * *

Сегиз айча Кашкар өрөөнүндө өрүүн болгондон кийин, бай Жакып Анжыян тарапка көчүп келип, Отуз-Адырдын оюна конот.

Манастын айлы көчүп келди деген кабарды уккандан кийин Алооке:

– Манас басмырлап жериме конбосун! Эгер консо, уруш-талашы жок мага карап берсин. Мени Кашкардын эли менен Панустай көрбөсүн. Эсенкандан качып келсе, чын сырын айтсын! – деп, элүү киши менен Тизелик деген баатырын арачылыкка жиберет. Алар Жакыптын айлына барганда, Манас алтымыш киши менен ууга кеткенине отуз күн болгон экен. «Алоокеден арачы келди, келип жообун берсин» – деп, Жакып Манаска киши чаптырса, кийиктин кызуусуна кирип калган Манас, кабарчынын сөзүн укпай коёт. Алоокеден баргандар Манасты эки күн күтүп, опузалуу сөздү көп айтып, кайра кетишет.

Манастын жооп бербегенине ачуусу келген Алооке ач буурадай чамынып:

«Алы келбей Каканга,
Асылган экен бул мага!
Күчү келбей Каканга,

Күүлөнгөн экен бул мага!»

Фарганадагы алинин бардыгына кабар салып, көп кол жыйнайт. Бул кабарды уккан Жакып: «Манас жокто келип айылды чаап алса, шерменде болот экенбиз» – деп, өзү барып ууда жүргөн Манасты ээрчитип келет.

Төрт жүз миң кол менен Манас тике эле Алоокенин ордосуна кирип барат.

«Салтанаттык чатырын
Паашалык бакка куруптур,
Казы, вазир, жакыны
Кашында төрт жүз туруптур.
Ортон колдун шадысы
Он жашар бала билектей,
Билектерин караса,
Бир казан батчу челектей.
Күчү кайнап ташкандан,
Күрөшүүгө жан таппай,
Өз күчүнөн шашкандан,
Мойну бука белиндей,
Оп тартканда деми бар,
Улуу белдин желиндей,
Кышкы кирген буурадай
Качырап тишин чайнаган,
Кылып бер балаа – деп,
Кынжы салып байлаган
Токсон экен балбаны.
Согушуучу адамдын
Чыга турган далдалы.
Азыркысын ааламга
Алдырбастай чагы бар.
Алты жылдык иш билген
Алты аяры дагы бар.
Алты миң киши тим баткан
Саябана чатыры,
Аргымак, бедөө ат минген,
Он эки миң санааты,
Ордо багар баатыры.

Отурган экен Алооке
Ушу жалган дүйнөгө
Алдырбастай акыры.
Кыя тартпай, тик барган
Кыргыздын Манас баатыры».

Манас батпаган колу менен эң астына түшүп, Ойротту бузган оёндордон сексен төрт баатыр жыйырма бирден оң-сол, алды-артына бастырышып, мергендери мылтыктарын мээлешип, баатырлары найза сунушуп, жаалуулары жаасын болжошуп, кылычка шамдагайлары кылың кезешип, асты жагында алты жасоол жол ачкын деп: «Бош-боштоп» Манастын артынан Аккула атын он эки жайсаң бош коштоп, керней сурнайларын тарттырып, добулбасын соктуруп, дүңгүрөтүп ордого кирип барат. Манастын бул өңдүү сүрүн көргөн жол тозуучулардын бардыгы Манаска кыңк этип сөз ката албай, эстери чыгып, делдейип туруп калышат. Алоокенин корккон колунун көзүнө Манастын астынан арстан жайнап, аркасынан алтымыш кулач ажыдаар сойлоп, төбөсүнө тырмактары найзадай болгон алп кара куш учуп, туурасынан кара баш буура качырып бара жаткандай сезилет.

Алыстан келе жаткан Манастын шаңын аярлыгы менен көрүп, Алооке Манаска мындай сын берет:

«Кирпиги калың, көзү – чок,
Кишиде мындай сонун жок.
Айткан кеби – аткан ок,
Адамда мындай порум жок.
Айбаты менен караса,
Азирейил түрү бар,
Кирпигине караса,
Курч албарстын учу бар,
Бир өзүнүн башында
Миң балбандын күчү бар.
Жолборс маңдай, таш жүрөк,
Жооруну калың, пил билек,
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Кыйгач-каштуу, заар сөз,
Айбат сакал, тик мурут,
Ачууланса, каарына
Турар эмес эч бир журт.

Жалжагай ооз, жар кабак,
Жаалы катуу көрүндү.
Качырганы соо болбос,
Каары катуу көрүндү.
Найза сайып, ок атып,
Алуучудан көрүнбөйт,
Кармашканы соо болуп,
Калуучудан көрүнбөйт.
Беттешкени мерт болбой,
Кетүүчүдөн көрүнбөйт.
Талабына тартышкан
Жетүүчүдөн көрүнбөйт».

Алооке тагынан ыргып түшүп, жүгүрүп келип Манасты ордосуна жетелеп кирип, ал күнү сыйлап кондурат. Эртеси Алооке Манаска тирүү айбандардын бардык түрүнөн жыйнап баккан ажайыпканасын (музейин) көрсөтүп, – бир өлтүрсө, Манасты ушул шерлер өлтүрөт – деп, Манасты темир капканын ичинде бош камалып жаткан арстан, жолборс, ажыдаар, кара кулак шерлердин арасына кийирет. Алар Манаска кол сала албай, шыйпаңдашып басып калышат. Жалгыз гана кара кулак Манасты качырганда, Манас аны башынан 5-6 айландырып көтөрүп жерге бир уруп өлтүрөт.

«Буга эч айла жок экен», – деп, Алооке Манаска карап:

«Өз динимде калсам экен, сыйласаң турайын, кет десең, кетейин» – дейт. Манас Алоокенин эң улуу мерген баласы Бооке менен агасынын баласы Кошабышты тартууга алып, Алоокени өз жайына коёт. Элинин көбү Манаска кирип, карабагандары бириндеп-сириндеп качып жоголот. Манас өзү Самаркандын кара тоосун жердеп калат.

* * *

Таш-Котон менен Кабилдин арасында (Оогандын жеринде) Таш-Котон менен Кабилдин арасында (Оогандын жеринде) Маймун деген шаар болуп, ага ар түрдүү улут карап, алардын Кесектин уулу Шоорук деген каны болуп, ал Индостанга таянат.

Бир күнү Шоорук:

Кытайдан жан айласын издеп, качып келген кыргыздар базарымды кымбаттатып, кең жеримди тарытып, кербендеримди талап алуучу болду. Эч болбосо, жайлоону да тынч койбой: «жакшыныкын сатып

ич, жамандыкын басып ич» – кылып, уруксатсыз жайлай берүүчү болду. Булардын өзүн чаап, малын тийип алып, элин Кашкар менен Анжыян бетинен бери ашкыс кылып сүрөйүн – деп, элинен 290 миң кол жыйнаган аяр, балбандарын бүт алып, Шоорук өзү баш болуп, Алайга жөнөшмөкчү болот. Шооруктун үч эркеги, эки кызы болот. Атасы жөнөөрдөн бир күн мурун он алты жарым жаштагы Акылай аттуу кызы:

– Ата, тилимди алсаңыз, казатка барып, кыргыздын кыжырына тийбеңиз! Түндө түш көрсөм, жетиген жактан жел келип, желге аралаш сел келип, элдин баары агып жүрүптүр. Мен бир баткак аралаш сел менен агып бара жатып, эми өлдүм дегенде, бир бийик чынар туш келип, ошонун башына чыгып кетип, аман калдым,– дейт.

– Жел менен селдин келиши – кыргыздын келиши. Чынарга чыгышың – такта отурган мен эмесминби, балам, жаш киши жаштай болуучу, мен казаттан калбайм,– деп, атасы кызын кагып коёт.

Шооруктун колунун алды Алайдагы нойгуттардын, кыргыздардын жети миң жылкысын тийип алат. Акбалта ак боз атын моюндап, ак сакалың коюндаган бойдон, Самаркан өрөөнүндөгү Манаска жетип: «Жоо келип жылкы тийди» – деген кабарды берет.

Манас дароо бар шайманын асынып, жанына 60 миң кол алып жөнөп калат:

«Арстан эрдин мингени,
Аккула деген аты бар.
Айбандан бөлөк заты бар,
Чаткы аягы чаткалдай,
Жүрүп берсе, чатына
Жүктүү төө баткандай,
Куюшкандын кошконго,
Он бир карыш казанды,
Ойноп-күлүп аскандай.
Болжолу жок чоңдугу,
Бооруна карандын
Момолой ийин казгандай.
Таноосуна, мурдуна,
Кирер болсо жөргөлөп,
Азыркы жүргөн адамдар
Кийими менен баткандай.
Камыш кулак, сом туяк,

Балтыры өгүз белиндей,
Басканы сырттын желиндей».

Аккула атын минип, калган колун арттан келсин – деп, жөнөп калат. Алайда Шооруктун колу менен уруш башталат. Жекеме жекеге чыккан Манаска Дүгөш деген балбан 4 миң балбанын ээрчитип ат коёт. Анын баарын, ачуусу катуу келген Манас, кылычтап кырып, кызыл канга бөлөйт. Күлтүкан деген балбан 12 миң кол менен окко учуп өлүп, калгандары кыргынга учурайт. Чечендер деген балбаны найза сайганда Манас аны ат-маты менен бөлө чабат.

Чагалак деген балбан жанына жүз кырк миң кол ээрчитип, чабдар качыры менен чаап чыгып келип:

– Ажалы жеткен кыргыз болсо, азыр мага келсин! – деп кыйкырат, «Өлөрүң келгин дегенде Өткүр Сыргак турбады:

– Өнөрү болсо көрөйүн,
Өнөрү жок ит болсо,
Өзүн жерге көмөйүн.
Арстан Сыргак күүлөнүп,
Ачууланып, сүйлөнүп,
Эр Сыргакта не туруш?
Кызыл атка камчы уруш.
Качырып Сыргак жеткени,
Ошо турган Чагалак,
Ой да найза неткени.
Чагалактын найзасы
Чарайнага бир тийип,
Чарт үзүлүп кеткени.
Айгайлаган оозу – деп,
Ажал күнүң ушу – деп,
Оозго найза неткени,
Шилисинен коркоюп
Найза чыгып кеткени,
Чагалак кетти чалкадан,
Анык ажал жеткени.
Майданда Сыргак бакырып:
Баатырың болсо, бат кел! – деп,
Байрак булгап чакырып,
Сырттан Сыргак туруптур».

Сыргакка отуз миң кол жабылып ат коёт. Жайма уруш башталып, кызыл кыргын болот. Шоорук кандын колунан 230 миңи кырылып, алтымыш миң колу менен Шоорук качып элине келет. Шоорук элин жыйып, үркмөкчү болуп жатканда, жүз миң кол менен Манас басып калат.

Шоорук тоого чыга качып кетет. Бир нече күндөн кийин: – «Элимди бекер кырдырбайын» – деп, өз кызы Акылайды баш кылып, ордосундагы отуз кызын тартууга берип, Манаска карап берет.

Манас олжого түшкөн отуз кызды ортого чыгарып: «Көңүлүңөргө жаккан жигиттерге тандап тийгиле» – дейт.

Асты он жети, аркасы он алты жаштагы кыздардын кайсы бирөөлөрү көпчүлүктөн сүрдөп, кайсы бирөөлөрү уялып, кайсы бирөөлөрүнүн каткырыктары чыгып кубанып, сен мурун танда, мен мурун тандайын болуп, кыйпычыктап турушканда, ичинен бирөө:

Жол эң мурун кандын кызы Акылайдыкы – дейт.

Шооруктун кызы Акылай сунала басып, кашкая күлүп барып:

– Манас менин эрим болсун – деп, топту жарып барып, Манастын жанына отурат. Калгандары тандап кырк чоролорго тийишет. Отуз күн оюн, кырк күн той болот.

* * *

Манас Шоорук менен урушуп жүргөндө, Алооке Бээжинге качып жөнөйт. Качып бара жатканда, беш жылы мурда Бээжинге окууга кеткен Алоокенин эң кичүү баласы Коңурбай алдынан чыгып:

– Кыргыз менен өлбөгөн жерде калбай, качып бара жатышың кандай кеп? Намыс, ар, уят кайда? Кайра тарт! – дейт.

Алооке баласына:
«Кылайтпай кырып салгандай,
Кыргыз арзан көрүнбөйт.
Касташканды соо койбос,
Манас арзан көрүнбөйт.
Кыжылдап келген кыргызды
Арзансыткан оюңуз,
Нааман жери Түркстан
Чантуунун жери коюңуз,
Манас тирүү бар турса,
Бооң эли Бээжинге

Болор деймин тоюңуз.
Түгүң калбай кырылып,
Түркстандын жеринде
Түткөнүңдү көрөрмүн.
Бээжинге барбас эл болсо,
Мен бу жерден кетип не кылам!
Каканга барбас калк болсо,
Качып, көчүп не кылам?
Бет албай буга жоо калбас,
Белин ашпай тоо калбас,
Бекерге, балам, эрсинбе,
Бээжин да мындан соо калбас.
Катышпай буга жоо калбас,
Кайкысын ашпай тоо калбас,
Кара күчкө, балам, эрсинбе,
Какан да мындан соо калбас» – деп, баласын кайра ээрчитип кетет.

Манас казаттан төрт ай дегенде кайтып, элинин жардыларын «Шаарга туруп жан сактагыла, малдууң тоолоп мал өстүргүлө» – деп экиге бөлөт. Өзү Кара-Тоо, Көлөптөрдөн жай алат.

## АЛМАМБЕТ

Бээжин жактагы кытайлардын Таңшаң деген шаарында Кытайдын Соорондүк деген каны болуп, ал элүү төрт жашка чыкканча эркек бала көрбөй бой жүрүп, аялы жүктүү болот. Бала тууларда, аялы бир нече күнү толготуп, бала жерге түшпөй, абдан кыйналат. Аялынын өтө кыйналганына чыдабастан Соорондүк шаардан шаарга киши чаптырып, издеген табыбы, алдырбаган бүбүсү калбайт. Бирок алдырган табыпта аялдын толгоосуна эч жардам бере алышпайт. Акыры бала жерге түшөт.

Бала жерге түшкөндө тооктор кыйкырып, иттер улуп, бутканалар кулап, шаарга дүрбөлөң түшөт. Баланын киндигин кесип, өз эмчеги менен оозандырып, Салар деген дуңгандын аялы үч ай багат. Үч айда энеси болуп, эмчегим байыса да өз колума алып багайын десе, бала эзилип ыйлап, өз энесине жолобойт.

Балама ат коёмун – деп, Соорондүк чоң той жасап, эл чакырат. Жыйналгандардын ичинен эч бирөө ылайыктуу ат таба албай турганда, кытай кебетесинде болуп келген Кызыр:

Баланын аты Алмамбет болсун! – дейт.

Алмамбет сегиз жашынан он төрт жашына чейин окуп, он төрт жашында кан болуп, такка отурат. Алмамбет өтө адил кан болгондуктан, анын кесири Каканчын, Бээжиндерге тиет. Алмамбет эл көрүп, жер таануу үчүн Бээжиндин далай шаарларын кыдырып, эң акырында Чынмачын шаарындагы Эсенканга барат. Эсенкан баланын келбетин көрүп чочуйт.

Эсенкандын аярлары:

– Бул баланы сыйлап жатасыз. Бул бала чоңойсо, акыр түбү Бээжинди бейпайга салат. Тил алсаңыз, баланы өлтүрүп коюңуз! – дейт.

Соорондүктүн карыганда көргөн жалгызын өлтүрүп, анын каарына кала албайм, өлтүрсө өзү өлтүрсүн. Көптөн кандык сүргөн, көпчүлүккө кадырлуу киши. Ал мени менен уруш кылып, мазамды алат! – дейт.

Алтымыш күн дегенде Алмамбет кайра шаарына келет. Алмамбет жашынан кийик уулоону жакшы көрөт, бир нече ирет 50-60 баланы жанына алып аң уулайт.

Алмамбет он жети жашка чыкканда сексен миң кол ээрчитип, күн батышка барып, кийик уулайт. Ошол учурда Сары-Арканы жайлаган, көп казагын айдаган казактардын эр Көкчөсү 50 миң мерген баатыры менен кийик уулоого 34 күнчүлүк жол басып, Эртиш суусун кечип өтүп, 51 Жамыра-Жайсаңдын оюна келет.

Ошол арага Алмамбет бир нече күн мурун келип, кийик уулап жатат. Бир нече күндөн кийин 80 миң колунун 50 миңин кайтарып, отуз миңин алып калат. Бир күнү колунун ичинен 30 жайсаңын ээрчитип, жол чалуу үчүн батышты көздөй жүрүп келип, Чаргас деген бийик тоонун башына Алмамбет өзү жалгыз чыгып келет. Жанындагы жолдошторунун аттары жүрбөй, тоонун этегинде калат.

Алмамбет чокудан дүрбү салып Чабалак суунун боюнда көп кол менен жаткан Көкчөнү көрүп, кыр ылдый түшүп келип, Көкчөгө кийик кууп келе жаткан жеринде беттешет.

Кууп келе жаткан кийик Алмамбетти жандай салып качканда, Көкчө тигини атып жык! Чочко жеген капыр! – деп, Алмамбетке жаман-жаман сөздөрдү айтып кыйкырат. Алмамбеттин ачуусу келип,

бура тартып, Көкчөнү качырат, бирок экөө сайышпастан бир бирине «Сен кимсиң? Мен киммин?» – деген суроолорду берип, сүйлөшө түшкөндө бири бирин сырттан угуу боюнча таанышып, көк ала майданга түшүп калышат. Көкчө Алмамбетке өзүнүн ал-жайын жакшы түшүндүргөндөн кийин Алмамбет менен достошот.

– Эне атам көнсө, ээрчитип келем, көнбөсө, арысы токсон күн, бериси кырк күндө өзүм келем.

Көк-Дөбөдөн көздөп,
Ийри-Суудан издеп ал! – деп,

Алмамбет жөнөйт.

Көкчө Алмамбетке:

Кытай журту оңой менен сөзгө кире койбойт. Байкап сүйлөбөсөң, өлүп каласың же зынданда жатып чирийсиң – дейт.

Атасы эки жүз миң кол жыйнап издемекчи болуп жатканда, Алмамбет барып калат. Бирге жүр деп атасына айтуудан айбыгып, – мен мусулман болдум, сен да мусулман болгун – деп, жалгыз отурган энесине айтат. Энеси ийне менен сайгандай секирип:

– Бала болбой, куруп кет! Бул сөзүңдү бир мен угайын, кала берсе, кара жер уксун. Башка жанга угузба! Кара мүртөс атаң укса, башыңды кесип, күлүңдү көккө сапырып жиберет. Жүр, сени бутканага сыйынтамын! – деп, Алмамбетти ээрчитип барат. Алмамбет кирип барганда, алтындан жасалган буткана кыйрап кетет.

Кечке жакын бутkананын өзүнөн өзү кыйрагандыгынан улам кайраттанып, Алмамбет көп киши менен отурган атасына барып, – динге киргин, – дейт. Атасы кылычын сууруп, башын алмакчы болгондо, билегинен кыса кармап туруп, кылычын алып коёт. Отургандар: Алмамбет мас болуп алыптыр, бу мастыктын сөзү – дешип, кол салбайт. Атасы Алмамбетти бутканага ээрчитип барганда, анын кыйрагандыгын көрөт. Анын эмне себептүү кыйрагандыгын билгенден кийин, кытайлар Соорондуктүн буйругу боюнча, Алмамбетке жабылышат. Эки балбанын өлтүрүп, Алмамбет Кылжейренге минип, караңгыда таптырбай качып чыгат. Караңгыда Алмамбет деп, кытайлар бирин бири өлтүрөт.

Туш-тушка кабар кетип, шаарга бүлүк түшөт:

«Кырктай найза кыйратып,
Кылжейрен атын туйлатып.
Көчөнүн чаңын булатып,

Көрүнгөнүн сулатып,
Далысы тамдай балбанын
Жар көчкөндөй кулатып»,

Алмамбет катуу кыргын салат. Он төрт миң колу менен жолун тоскон Жолойду да саят:

«Алмаңа Жолой беттеди,
Ачбуудан атын чуратып,
Артынан чаңын буратып,
Калмак ээр кашы – деп,
Как жүрөктүн башы – деп,
Алмамбет найза неткени,
Ачбуудан аттын үстүнөн
Калабалуу Жолой дөө
Камгактай учуп кеткени.
Алмамбетке ким жетсе,
Арылбаган шору бар.
Кылжейрен атын кындыйтып,
Кыйгактуу найза зыңкыйтып,
Артынан жетип кол салса,
Ар жерге союп, тыртыйтып,
Кылыч уруп мойнуна,
Башын бөлүп шылкыйтып,
Сарынжи тонду жаргытып,

Чаңды артынан баргытып», караанын үзүп, Ит-Кечпес кечүүдөн кечип өтөт.

* * *

Алмамбет качты деген кабарды учуп жүргөн карга аркылуу угуп, алтымыш уулдун кенжеси Коңурбай кырк миң кол менен тар капчыгайдын башы Бадаңдын-Кайкысынан жолун тозот. Туш-тушу тоо, алды-арты жоого толуп, эми өлөт деген ушу экен деп, Алмамбет буркурап ыйлап турганда, туурадан айкырган үн угулуп, батпаган кол менен Азирет-Аалы, Үрүстөм-Дастан, Манас, Кошой, Көкчөлөрдүн арбагы келип жардам берет. Көп кол менен Алмамбет тартынбай урушуп, кытайларды карышкыр тийген койдой кырат. Коңурбайды аттан ыргыта саят. Кыргынга учураган кытайлардын башынан мунара

тургузуп, атынан айрылган алты кытайга ээр-токумдуу аттарды жыйнатып айдап алып, эки айда Алмамбет Жамыранын-Оюна, Жанар-Суунун боюна келет.

* * *

Алмамбет кытайлар менен уруш салып, аларды кырган күнү, Самарканда жаткан Манастын узун түнү уйкусу келбей, эттери көк ала болуп, Мамыда турган Аккуласы көл-шал түшүп тердеп, таноосунан буу чыгып энтигип, Аккүбөө тону кырк үч жеринен тешилип, Ачалбарсы кынынан чыгып, учунан кызыл кан таамп, Аккелтесине милте түтөп, Ногойдон калган кызыл туу орноп калгандыгын көрөт: «Бул эмне шумдук?» – деп, Манас таң калат. Бакай:

– Эч нерсе эмес, арбактар уруш салганда, ушундай болот, – дейт. Ал өңдүү окуялар Көкчө менен Кошойлордо да болот.

* * *

Жолунан эки миң кол менен тосуп чыгып, Көкчө Алмамбетти ини кылып алат. Айдап келген жылкысын Алмамбет Көкчөнүн жолдошторуна бөлүп берет. Алмамбет келгенде Көкчө, Айдаркандар той берип, алты жүз жылкысынын ичинен карды жарык бир байтал соёт. Он сегиз жашында келген Алмамбет Айдаркандын үйүндө 28 жашка чыкканча жүрүп, калмактардан жылкы тийип келип жүрүп казактарды бүт байытат. Айдаркандын, Көкчөнүн жылкысы алты миңге жетет. Ошого чейин ал Алмамбетке аял алып бербейт. Акылдуу баатыр, кара кылды как жарган калыстыгынан улам казактардын бардыгы Алмамбеттин колун карап, эмне түрдүү чыр-чатак болсо да Алмамбет бүтүрүп калат. Мурда доо бүтүрүп, эл арасынан тыйын өндүрүп жеп көнгөн куулар Алмамбетти көрө албай, алтымышы жыйналып алып:

Кытайды өлтүрбөсөк, же жалган жалаа жаап, Көкчө экөөн ажыратпасак болбойт – дешип, кеңеш куруп, акыры Көкчөнүн байбичеси Буудайбекти күбө тартышат. Бул сөздү бардыгы Буудайбектин үйүнө жыйылып, Көкчөгө арак берип, мас болгон кезде угузушат. Бир чети мастыгы, экинчиси, аялга кароолугунан Көкчө Алмамбетти чакыртып алып, өлтүрмөкчү болот.

Алмамбет кирип келгенде, өлтүрмөкчү болуп даярданып отургандардын колунан кылыч түшүп, Алмамбеттин сүрүнөн чочуп, жымжырт болушат.

Аракка жеңдирген ала көөдөн Көкчө, жарк этип кирип келген иниси – Алмамбетке сурданып:

Тентиген, кул! Жетеси жок, кытай! Тузум урсун! Менде атаңдын акысы болсо, ал, болбосо, бүгүндөн калбай жогол! – деп, заарлуу сөздөр айтат. Алмамбет а дегенде бул сөздүн оюн-чынына түшүнбөй турса да, аягында: «Акеркечти алып, мени өлтүргөнү жүргөн экенсиң», – деген сөздү уккандан кийин, шаа бою сууп, жалындуу жүрөгүн муз каптайт.

Канжар шилтеп жабылган казактарды туш-тушка ыргытып, чыгарбай эшик тоскон Карагулун өлтүрө тээп, чыгып кетет.

Алмамбет Кылжейренин минип жөнөмөкчү болуп жатканда, аста бурула басып, Агеркеч жеңеси чыгат да:

– Кайын иним, бир аз сабыр кылып, атыңдын башын бери буруңуз! Агаңдын мастык менен айткан эки ооз сөзүнө таарынып, атка минишиңе жол болсун? Ага-ини урушуучу. Кет дегенде кетип калгандай, кул белең? Барып жатып калууга жакын арада тамыр-тааныш, инилеш, куда-сөөгүң деги жок. Бекер ачуу менен аттанып, убара тартып, беймаза болуп каласың. Мындай окуяны атаң да билбей калды. Арадагы бузуктардын сөзүнө кирет деп, мас агаңа таарынба! Бир жолку ачууңду кетир! – деп, Алмамбетти тизгиндейт.

Анда Алмамбет, кейип туруп, жеңесине мындай дейт:

«Кытайды салып бөлүмгө,
Кара күчкө жүрүпмүн,
Кара башым өлүмгө.
Маңголду салып бөлүмгө,
Басып тирүү жүрүпмүн,
Башымды байлап өлүмгө.
Башка адам болсо, өлбөйбү,
Маа тийген канжар, бычакка,
Кылыч, канжар – баарысы
Батар эмес кучакка.
Кармап колун салбады,
Жалпы баары тие албай,
Жанын аяп калганы.

Жан аябай ким тийсе,
Чын эле тирүү калбасын.
Анык эле, Агеркеч
Алмамбет туруп албасын.
Таянганым Көкчөбү?
Так куткарды кудай – деп,
Алмамбет наалып өксөдү.
Ишенгеним Көкчөбү?
Ишим актан чыктым, – деп,
Имерилип өксөдү.
Чачылган соң куралбайм,
Так Сулайман кылса да
Көкчөгө карап туралбайм.
Кубанычка көңүл буралбайм,
Токтоого дүкөн куралбайм.
Искендер изин берсе да
Имерилип туралбайм.
Аман болгун, жеңе! – деп,
Асили токто дебе – деп,
Эр Алмамбет муну айтат,
Эркечти кошо муңайтат».
Анда Агеркеч мындай дейт:
«Жарашып калган жериң жок,
Жакшы айтышкан эриң жок.
Же жайнаган кытай элиң жок,
Жалгыз кетүү эбиң жок.
Түркстандын жеринде,
Жээниң да жок, тайың жок,
Жердеп турар жайың жок,
Баш калкалаар байың жок,
Батып турар жайың жок.
Бөлөктү койдум, бөлө жок,
Эңкейип кетсең, жөлөр жок.
Кайда бара турганың,
Кайрылар жок тууганың,
Кайда болор турагың?
Айтып кетсең экен – деп,

Кадаланып сурадым.
Урматың үчүн улайын,
Уккан, көргөн эл болсо,
Ушундай жерге бармак – деп,
Уламалап сурайын.
Кадырың үчүн угайын,
Кайгырайын, турайын.
Как ушу жерде болмок – деп,
Кабарыңды сурайын» – дейт.
Анда Алмамбет туруп мындай дейт:
«Кургабай аккан жашым бар,
Жакындан чыккан касым бар.
Тарабай ичкен масым бар,
Ышкы тийген өзүм бар,
Ыйлоодо жүргөн көзүм бар,
Арманда айткан сөзүм бар.
Арман эмей неткеним?
Ата-энемден кечкемин.
Өз элимди өрттөдүм,
Жат элимди жалмадым,
Жан бурадар Көкчө – деп,
Жайсыз жерди кармадым.
Батарыма тоо да жок,
Баш калкалаар эл да жок.
Төкөөрү болот шумкардай
Тегеренип учармын,
Терек көрсөм, конормун,
Термелбестен көтөрсө,
Ошого жолдош болормун.
Канаты күмүш ак туйгун,
Калкылдап, кайып учармын,
Кайыптуу жерге узармын,
Кайыңды көрсөм, конормун,
Кайышпай кайың көтөрсө,
Как ошо жерде болормун.
Алмабаш мылтык сундурдум
Аска ташта текеге,

Акиреттин камы үчүн
Аттанып чыктым Мекеге» – дейт.

Агеркеч кейип ыйлап туруп:

Кыргыздарда Манас баатыр бар. Бир кайрылсаң, ошого кайрыл. Көкчөнү киши кылган да ошол. Ал сени жалгызсың – деп, жектебейт. Айбыңды жашырып, күнөө кылсаң кечирип, даражага жеткире турган ошо – дейт.

Алмамбет Агеркеч менен коштошуп бура тартып келип, ат үстүнөн туруп:

Кош, Көкчө, аман бол! – деп, катуу айтып, коштошуп, жолго түшөт.

* * *

Алмамбетке жолугардын алдында Манас түшүндө Аккула минип кетип бара жатып, бир кылыч таап алат. Кылычты ташка чапса, ташты боордой кесет. Сүйүнүп, асынып алып келе жатса, кылыч жолборс болуп ээрчип алат. Ал күркүрөгөндө, бүткүл жер үстүндөгү кайберендердин бардыгы Манастын астына чурап келип, таазим кылышат. Бир аздан кийин баягы карчыга болуп, асманга атып чыгат. Анын шаңшыганынан бүткүл канаттуулардын бардыгы Манастын алдына учуп келип, таазим кылышат. Аны оң колуна кондуруп алганда, Манас ойгонуп кетет. Манас оюнда:

– «Бул оңой түш эмес» – деп, кырк күнү камданып 50 миң кишиге беш жүздөн бээ саадырып, кымыз жыйнатып, ат жеткен жердеги элдин баарын чакыртып, чоң той берет. Тойдо толгон тамашалар болот. Той тарагандан кийин, кырк чоросун жыйнап Жакыпты чакырып алып, түшүн жорутат.

Түш жоруган Абдылда:

– Кытайдын Соорондүк канынын Алмамбет деген уулу Көкчөгө келди деп уктум эле. Анын өткүрдүгү кылычтай, айбаты арстандай, алган шумкардай деген. Ошол келип сизге акиреттик жолдош болуп, аркасы бизге тиет экен. Даражаңыз көтөрүлүп, багыңыз артат экен, – дейт.

* * *

Бир күнү Манас кырк чоросун жыйып алып:

«Бекер беш ай жаттыңар,
Беш чака кайдан таптыңар?
Тамактан бөлөк олжоң жок,
Талабың тыштан болгон жок.
Эки жакка жылбадык,
Эркектин ишин кылбадык.
Айың менен ушакты,
Айтылганды тыңдадык.
Алты жылдан бер жакка,
Алты карыш жылбадык.
Мылтыктын ичи дат болду,
Кулан болуп кутурган,
Кур семирген ат болду.
Көтөргөнүң туу болсун,
Көк жаңырган чуу болсун,
Көйкашкалар аттанып,
Көп бир жакшы уу болсун.
Аңгеме болор мунуңар,
Алтымыш айры бугу бар,
Бугудан атып, буктайлык,
Талаага көнгөн курган баш,
Бут-колду чечпей уктайлык.
Аркардан атып, буктайлык,
Аттанып көнгөн курган баш,
Аяк чечпей уктайлык.
Жан казан ашын сагындык,
Жай билбеген катынга
Жакшы эле жатып багындык.

Ууга чыгып, жер сонунун көрүп, ойдо жок тамашаны салалы», – дейт. Манас көп жолдош алып, аң уулап чыгат. Бир нече күн жүрүп, таңыркап кетишет. «Жери малга жайлуу, эртели-кеч ит агытып, куш салып, илбээсин, кайберендери көп, көрүнгөн сайынан көк кашка булак жакшы жер экен» – деп Таласты жактырат. Жогорулап барган Манаска караган калмактардын Кошой аттуу карыясы өрүлүктөп, Манаска бээ жетелеп келет. Ал жер кийин Кошой атка конот. Манастар андан кийин Чүй бетине эңкейет.

* * *

Алмамбет Көкчөнүн үйүнөн жөнөгөн күнү түш жарымдык жол жүрүп келип:

– Бүгүн Көкчө чын эле мас экен. Масы тараганда, мени артымдан издеп келер, көп узабайын – деп, атын отко коё берип, үч күнү күтөт да. Көкчө артынан келбегенден кийин, аябай түңүлүп жолго түшөт. Кырк күнү элсиз, суусуз талаа менен ачка кезээрип жол жүрөт. Аты ыргайдай, бити торгойдой болуп келе жатканда, Ашмаранын оюндагы саздан бир топ ызгычтар кезигип, Алмамбетти шылдыңдаган сыяктуу, алдына, аркасына бир учуп чыгып, ээрчип калбагандан кийин, сиркеси суу көтөрбөй келе жаткан Алмамбет аларга мындай дейт:

«Ызылдаба, ызгыч куш,
Ырасын айтсам, ушул иш.
Тызылдаба, ызгыч куш,
Чынын айтсам, ушул иш.
Канаттуудан сен жалгыз
Какшыган чөлгө бүтүпсүң,
Кара баштан мен жалгыз
Кайры жок элге бүтүпмүн,
Кылып кыйла пайданы,
Кызматым жерге житипмин.
Куйруктуудан сен жалгыз
Кубарган чөлгө бүтүпсүң,
Жумуру баштан мен жалгыз
Куруган элге бүтүпмүн,
Куруп келем, жапжалгыз
Кубанчым жерге житипмин.
Уяң менен ишим жок,
Учурарга кишим жок,
Кишим түгүл жаныбар,
Улуп калар итим жок» – деп, ачууланып, бирөөнүн канатын жебе менен сындыра атып түшүрүп Алмамбет анын канатына дары сыйпап учурганы отурганда, Манас алыстан дүрбү менен көрөт да:

Кебете-кешпири, ат-тону, жарак-жабдыгына караганда, аябагандай баатыр көрүнөт, балким, Алмамбет чыгар. Барып ээрчитип келгиле, деп, беш киши жиберет. Алар Алмамбетти ээрчитип барып

Манаста үстүнө түшүрөт. Алмамбет экенин тааныгандан кийин толуп жаткан дилделерди башынан тегереттирип, садага чаап: «Кан тартуусуз болчу эмес», – деп, Аккула жана Сараланы баш кылып, он сегиз тулпар тартуу тартып, үстүнө Аккүбөө тон жабат. Алмамбеттин келишин күтүп ат чаап: «Ат байгесиз болчу эмес», – деп, тогуз атка (тамаша иретинде) ээрчитип жүргөн чоролорунан сайып, баш байгеси 7 киши, тогузунчу байгеси бир киши болот. Аккуланы Алмамбет чаптырбай алып калып биринчи болуп Сарала чыгып келет.

Тамаша аяктап келгенде, Манас:

«Алмамбет баатыр, ат жалын тартып минип, алыс жолго чыгып калыпсың. Кайда барсаң, эки тизгин, бир чылбыр өз колуңда. Кайда жүрсөң, жолдошсуз жалгыз жүрүү болбойт. Кетсең, он сегиз атыңды айдап, байгеден алган жети кишини жолдош кылып ээрчитип кет! Жок, кыргыз деген да кыйырдуу эл экен десең, ага-ини болуп туруп каларсың. Казактардан капталыңдын жалынга чалдыккан жери бар экен. Калсам дагы кандай болот? – деп чочуба» – деген сөздү айтат.

Алмамбет Манастын баатырлыгына, акылына ыраазы болуп, калууга убадасын берет.

* * *

Манас ата-энесине Алмамбет балаң келе жатат деген кабарды айттырат. Жакып менен Чыйырды алдынан тозуп чыгып, Чыйырды отузга чыккан Манаска оң эмчегин, жыйырма сегиздеги Алмамбетке сол эмчегин эмизгенде, ак ала чач кемпирдин эмчегинен кадимкидей сүт чыгат. Алмамбет Манаска ини болуп, Жакып Алмамбеттин келишине чоң той берет. Алмамбет:

– «Азамат эрди аттан ажыратуу болбойт, Аккуланы сиз минип жүрүңүз, мага Сарала эле жетет» – деп, Манастын тартуу кылып берген Аккуласын, жарак-жабдыгын кайра Манастын өзүнө берет.

## КАНЫКЕЙ

Манас Алмамбетти үйлөндүрөм деп кыз издеп кетет. Манастын дайынын сурап Алмамбет Карабөрк жана Акылайдыкына барса, экөө

теӊ оӊ жооп беришпейт. Алмамбет Жакыптын үйүнө келсе, бир аздан кийин үстүнө Манас да келип калат.

Кайда барды деп, Манастан Жакып сурайт. Алмамбетке кыз издедим дейт. Анда Алмамбет:

– Мага кыз издегениӊ дурус,

– Мен, алармын, албасам, сенден кичүү турбаймбы, бирок сенин аялдарыӊ саны бар, сапаты жок, мындай аялдын барынан жогу, андан көрө өзүӊ аял ал – дейт.

Манас Алмамбеттин айткан сөзүн туура деп, Жакыпка келип, сиз аталык карзымдан кутулган жоксуз, себеби кулдук уруп куда болуп, колуӊуз менен кыз алып бергениӊиз жок. Карабөрктү колго түшүрүп өзүм, Акылайды тартууга алдым. Эми мага бир жакшы кыз алып бериӊиз! – дейт.

Жакып алтын-күмүштү көп артынып алып, Манаска кыз издеп жөнөйт. Чаржуй, Букара, Самаркан, Ташкен ж. б. далай жерди кыдырып, ылайыктуу кыз таба албайт. Жүрүп олтуруп Тажиктин Кайыпдаӊ шаарына барат. Жакыптын алдынан Алым мырза деген бир киши, Жакып ага өзүнүн кыз издеп жүргөнүн айтат. Алым мырза:

Медреседе окуп жаткан 680 кыз бар, артыкча алардын арасында Атемиркандын Санирабийга аттуу эӊ сонун кызы бар, бирок кандын кызын алуу эӊ кыйын, далай киши алабыз деп келип өлдү, сиз абайлап жүрүшүӊүз керек – дейт.

Жакып бир корбашыга медреседеги кыздарды көргөзгүн деп жамбы тартуулайт. Ал окуп жаткан кыздардын алты жүз отузун көрсөтөт. Алардан Жакыпка бирөө да жакпайт. Корбашы Жакыпка: «Калган 50 кыздын ичинде кандын кызы бар, бирок аларды көрүү кыйын» – дейт.

Жакып ошол кыздарды көрүү аракетинде болот. Жолдошторун сыртка чыгарып жиберип, өзү медресе жактагы жээги жемишке толгон агын суунун боюнда бешим окуп отурса, баягы кыздар медиресе жактан өзүн көздөй келе жатканын көрүп, дароо жашынып калат. Жакыпты байкабай, кашаттан таӊ алдында оттоп чыга калган ак маралдай маӊкайышып, күлө сүйлөп шыӊк этип, күзгүдөй жүзү жылт этип, Арууке менен Санирабийга кокон деген жемишти терип, Жакыптын жанына келишет.

«Коконго келген үч кыздын
Колоӊдой чачы төгүлүп,

Короздой мойну көрүнүп.
Санирабийга кыз экен,
Сап сулуунун өзү экен.
Жыла сүйлөп шыңк этип,
Акылы толгон кези экен.
Он алты жарым жашы бар,
Олоңдой кара чачы бар.
Сары алтындан түймөдөй,
Келишкен кара кашы бар.
Жөнөкөй кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Чийдей кашы чийилип,
Жазы маңдай, кара көз,
Жатык тилдүү, ширин сөз,
Аркасы кайкы, аркар төш,
Ай чырайлуу, бото көз,
Кызыл жүзү нурданган,
Кыпча бели буралган.
Кокондун бирин түшүрүп,
Колго алып кыздар бөлгөнү.
Ары-бери басканда,
Аныктап Жакып көргөнү».

Жакып Санирабийганы абдан сынап, жактырат. Жакып кечинде Атемиркандын сарайына келип, супасынын үстүнө отурат.

Кандын желдеттери:

Сен уруксатсыз келип, кандын супасына отурган кандай жансың? Кет! Кетпесең, азыр башыңды алабыз – дейт.

Мен каңгырап жүргөн киши эмесмин. Мен да канмын. Жуучу түшөйүн деп, уулума кыз тандап жүрөмүн.

«Кырмызы кийген кырк бир кыз,
Болжоп көрдүм мүнөзүн.
Боростой кийим кийинип,
Ботодой бели ийилген,
Калемдей кашы чийилген.
Карчыга куштай тапталган,
Каталык иштен сакталган.
Кандын кызы экенин

Карап көзүм жетпеди.
Бегиңдин кызы экенин
Менин көзүм жетпеди.
Карандын кызы болсо да
Кандан артык көрүндү,
Калыпка чапкан күмүштөй,
Жандан артык көрүндү.
Бекердин кызы болсо да
Бектен артык көрүндү».

Ошол кыз кимдин кызы болсо да, мен балама алып берем. Барып каныңарга айткыла дейт.

Желдеттери Жакыптын башын алмакчы болушат да кайта токтолуп, бир ооз айтып туруп өлтүрөлү – деп жөнөшөт. Мынчалык өкүм сүйлөгөн ал кандай чал? Бул соо чал болбос жакшылап жөнүн сурагыла. Кокустан Манастын атасы болуп жүрбөсүн. Эгер башка адам болсо, дароо өлтүргүлө – дейт, Атемиркан.

Жакып желдеттерге өз жайын толук түшүндүргөндөн кийин, желдеттер Жакыпты Атемиркандын үйүнө алып келишет.

Атемир мыкты кишилерин чакырып, акыл салат. Кызды бербейбиз, калың малды көп сурашат. Жакып артынып барган алтын, күмүшүн бүт берип, кулдук уруп, үйлөнүп болот.

Жакып Кара-Тоодогу айлына аман-эсен келет. Тажиктин Атемиркан кызы Санирабийганын калыңына малды үч эсе көп жыйнайт.

Алты күндүн ичинде отуз миң кой, үч миң жылкы ж. б. көп мал жыйып, Манасты он эки миң жигит, Жакыпты тогуз миң сакалдуу киши жалдап, кырк миң кол ээрчитип, кудалыкка жөнөйт. Керней-сурнайларды тартып, он эки күн жол жүрүп, он үчүнчү күнү Атемиркандын сарайына келишет.

Каптап келе жаткан калың колду көрүп: «Дагы эмне шумдук болуп кетти» – деп, Атемиркандын эси чыгат. Калыңга айдап барган мал шаар-маарын тепсеп кете жаздайт. Атемиркан мал менен алек болуп жүрүп, Манасты үйдөн адаштырууну унутуп коёт.

Кишини киши дебеген бул кандай неме? – деп, Атемирге Манастын ачуусу келет. Ажыбайды чакырып алып:

– Кызга баруунун жолун билип, жеңеси менен кайтарган жигиттерине сүйлөшүп келгин – деп жиберет. Кайын энеси Акмама Манастын келерин билип, Санирабийганы кайтарып туруучу желдеттерди

башка үйгө жаткызат. Аялдарга Манас келсе эч нерсе дебегиле – деп эскертет.

Эл жаткандан кийин Манас Ажыбайды ээрчитип алып, Санирабийгага барат. Аны кайтарып турган кишилердин баары, Манас экенин билгенден кийин, билмексен болуп жата берет. Манас барып Санирабийганы нукуп ойготот. Күйөө кыздын көңүлүнө абдан жагып калат, бирок сынамакчы болуп: «Атамдын ордосуна уруксатсыз, шариятты бузуп келген кандай немесиң» – деп, Манасты опозолойт. «Мен күйөөңмүн, койнуңа жатамын!» – деп, Манас төшөк талашат. Санирабийга тура калып, желдеттерди чакырат.

Желдеттер чуркап бара жатканда, Акмама алдынан чыгып, аларды жибербей, токтотуп калат. Кыз менен Манас тартыша түшүп, кыз: «Сени Манас деп эле алып жата бербеймин, менин итимдин аты да, желдеттеримдин аты да, эшик кайтаруучу аялдарымдын аты да Манас» – дейт.

Манастын ачуусу келет. Санирабийга тура калып, колуна канжар алат. Манас муштап жиберем дегенде, колун канжар тилип кетет. Манас уруп жиберет, кыздын эси оопжатып калат.

Манас колуна келип, добулбасын уруп, шаарды чапмакчы болот, бирок Жакып, Көкөтөй ж. б. карыялар колду токтотуп калат. Аңгыча Атемиркан келип, кудаларды конокко бөлүп, Манасты кырк чоросу менен кандын ордосуна алып барат. «Кыргыз боз үйдү жакшы көрчү эле деп, үй көтөрүп берет. Манасты бир үйгө кийиргенден кийин, кырк чоросу кетип калат. Манастын сүрүнөн коркуп кыз-келиндер үстүнө да кире алышпайт. Кыз-келиндер чогулуп, кайраттуу бир аялды күйөө үстүнө жиберет. Ал аял Манасты көргөндө, эси оопжатып калат, эки күн, эки түн Манастын үстүнө эч ким кире албайт жана тамак да бере албайт.

Үчүнчү күн дегенде Бакай, Кыргыл баш болуп кырк чорону ээрчитип, Манаска саламдашалы деп барышса, ачуусу келип турган Манас кырк чорону бири менен бирин урат.

Серек Манаска:

Сага кыз алып келбей койгон биз эмеспиз, биздин жазыгыбыз эмне, бизди кырасыңбы? – дейт.

Манас кырк чорону ээрчитип колуна келет. Манастын ачуусу келип:

«Атемир сенин шаарыңды чаап түз кылып, элиңди кырып жок кылбасам» – деп, шаарга ат коёт. Шаардын чаңын асманга чыгарып

тополоңун тоз кылат. Күйөөң элдин баарын кырмак болду деген кабар канга жетет.

Кан дароо киши жиберип, Манаска кызмат кылып жүргөн кишилерден, аялдардан, кыздардан сураганда иштин жайы түшүнүктүү болот. Кандын аялы Акмама кызына:

«Атаңды баш кылып, элдин баары кырдырмак болдуң» – деп, ачууланат.

Апа, кейибеңиз, мен астынан тосуп чыксам, канкор бир ачуусун кечер – дейт. Ачуусу катуу келсе, кокустан өлтүрүп коёбу дегенсип, ата-энеси агайын-туугандары менен коштошуп, кырк кызды тандап ээрчитип, Санирабийгага жөнөйт.

Сыртка чыкса, эли капкага корголоп, Манастар кууп келе жаткан экен. Санирабийга ак жоолукту желек кылып алып, кырк кызды ээрчитип, колдун астынан чыгат. Колдун алдында Бакай менен Кыргыл бар экен, алар колду токтотот. Ошондо Санирабийга Манаска:

«Таарындың, баатыр, бизден – деп,
Талабым артык сизден – деп,
Кыйбанын жоктур күнөөсү,
Кыялыңды билмекке,
Кыз жарың кылган мүнөзү.
Ак жибектин жоктур күнөөсү,
Пенде кылган күнөөгө
Теңирим өзү күбөөсү,
Теңтуштукка чиренип,
Коркутуп сизди койгону,
Колуктуңдун мүнөзү.
Чырдын баары биздики,
Чыйраксынып чыр салган,
Чыдамсыздык сиздики.
Калбанын баары биздики,
Кайратыңа карк толуп,
Калабага бет болуп,
Катаалчылык сиздики.
Кошкомун сизге денимди,
Козгопсуз минтип элиңди,
Бир ооз айтпай кошомат,
Билмек үчүн пейлиңди,

Канжар тийип колуңа,
Карамакка соңуна,
Кара башым чын тартуу,
Канкорум, сенин жолуңа.
Түйүндү, төрөм, чечиңиз!
Дүүлүккөн ачууң кечиңиз!
Камчыдан түшкүн чечиңиз,
Камыкпай, каарың кечиңиз!
Таарынып элди кыйратпай,
Талабына жетиңиз!
Кана, таарынган менен неттиңиз?
Кайнатаңдын калаасың.
Талкалап таштап-кеттиңиз!
Эл бүлүндү, чабылды,
Не муразга жеттиңиз?» – деп барып, Манасты чылбырдан алат.

Кыздардын бирөө:

– Бизди эмне кыласыз, өзүңүз билиңиз, башыбыз тартуу, Санирабийганы сиздин никеңизге бердик, жезде! – дейт.

Бул кандын никесине келди – деп, Санирабийга атын өчүрүп, ошон үчүн кийин Каныкей деген атка конот.

Уруш токтолуп, кыз-күйөөнүн алдына чачыла чачышат. Ысыкта жакшы болот деп, кырк бирине кырк бир боз үй көтөрөт Каныкей мурунтан эле боз үйдү жакшы көрүп, даярданып жүргөн экен дароо үйдүн ичин жасап жиберет.

Кырк чоронун эң улуусу Бакай, Кыргыл 34-35 жашта, кыздардын алды 18 жашта, эң кичүүсү 16 жашта. Кырк чоронун арасында кайсы кызды алат? – деп, ар ким өз оюн айтат.

Эң акырында Манас:

Баарыбыз алыстан жарышып келелик, кимдин аты кайсы үйгө туш келсе, ошол кызды алсын – дейт.

Баары жарышып келишет. Эң биринчи болуп Алмамбет келет, Арууке деген өтө сулуу кыз олтурган үйгө туш келет. Андан кийин кырк чоро бирден келип, туш келген үйлөрүнө түшө беришет. Элдин эң акырында Аккула менен тердеп-кургап Манас келет.

Каныкей эшикке чыгып, Манасты тамашалап:

«Атыңыз күлүк экен – деп,

Кылайып күлүп туруптур.
Канжар тийген колуңуз,
Каныштан болсун жолуңуз.
Каарданбай, төрөм, коюңуз!
Каталык кылат экен деп,
Бузулбасын оюңуз!
Баарысын көрүп сабылдым,
Аяк болуп турсам да,
Бактыма, төрөм, табылдың.
Арстаным, бери келгин – деп,
Атыңды түшүп бергин! – деп,
Оюна койбой оодарып,
Оёндун атын алыптыр».

Манаска эшик ачып, үйгө киргизет. Манас, Каныкей баш болуп, кырк чоро, кырк кыз арак-шарапты ичишет. Тиги жигитке тийбей деп кыздардын, тиги кызды албай деп чоролордун арманы болбосун, бүгүнчө сабыр кылгыла деп, Манас кырк кызды үйлөрүнө кайтарат.

Эртең менен туруп, кыздардын көздөрүн таңып, колуң кайсы жигитке тийсе, ошого тиесиң дейт. Көздөрүн байласа да кыздар баягы аты келип түшкөн жигиттердин өзүн кармашат. Алмамбетке дагы Арууке туш келет Арууке жандан ашкан сулуу экен, ал Алмамбетти капыр деп чанат.

Анда Манас:

Алмамбетке кыз тийбейт деген эмне шумдук? Эгерде Арууке Алмамбетке тийбей турган болсо, мен да Каныкейди албаймын – деп, кайындарына нааразы боло баштайт. Иштин жайын түшүнгөндөн кийин Арууке Манастын кылыгына ыраазы болуп, Алмамбетке тийүүгө макул болот.

Отуз күн ойнотуп, кырк күн кыңшылатып, Манас – Каныкейди, Алмамбет – Арууке жана калган кырк чоро кырк кызды алып, Кара-Тоодогу айылдарына келишет.

## КӨЗКАМАН

Көзгаман Чыгыш Сибирге баргандан кийин, анын аялы эркек төрөп, төрөттөн өлүп калат. Баласынын атын Көкчөгөз коёт.

Көзгамандын калмак аялынан алты уул болот. Көзгаман Манастын атын толук уккандан кийин, чыдай албай, Манасты издеп көчүп чыгат. Алар менен жети үйлүү калмак кошо ээрчий келет.

Калмактар Алтай тоосун талашып жатат деп, эр Көкчө Манаска кабар берет. Манас баргандан кийин калмактар казак, кыргыз менен жарашып, Алтайды Көкчөгө беришет. Аларды жараштырып, колун кайтарып жиберип, Манас кырк чоросу менен уу уулап, тоо кыдырат. Тарбагатай тоосунун чокусуна чыгып караса, көч десе туусу бар, жоо десе карааны, жөө баскан кишилери бар, бир топ караанды көрөт. Булардын ким экендигин билүү үчүн Манас кырк чоросу менен жанына келет.

Бакай алардын ичиндеги ак сакалдуу кишиден, жөнүңүздү айтыңыз дейт. Алар Көзгамандар экен. Көзгаман болгон ишти баштан аяк айтып берет. Эң акырында өзүнүн ким экендигин айтканда, Бакай бакырып ыйлап, Көзгаманды кучактап калат. Манас ошол жердегилерге менин тууганым келди – деп, кабар салып, 300 жылкы жыйнатып берип, үч кишини жолбашчы кылып дайындап, эми силер жайма-жай көчүп бергиле деп, өзү кырк чоросу менен жөнөп кетет.

* * *

Манас он беш күн үйүндө тынч жатат. «Ооган эли Катаган менен Тейитке тынчтык бербеди, малыбызды артып алып, далай кишибизди өлтүрүп, элибизди Азийранын чөлүнө көчүрүп салды, айлабыз кетти», – деген кабар Манаска жетет.

Манас оогандарга ачууланып, элине дароо кабар берет. Көкөтөйдүн Бокмурун деген он эки жашар асыранды баласы да колун ээрчитип Манаска келип, Манас аны урматтап тозуп алат. Көкөтөйдүн ордуна Бокмурунду колго кан көтөрүп, 90 миң кол менен жөнөмөкчү болот.

Манас мурунку алган аялдары Карабөрк менен Акылайга ишенбей, Каныкейди чакырып алып: «Менин келе жаткан туугандарымды жакшы сыйлагын, өзүмдүн бары-жогумду билгизбе, дүнүйөнү аябай, өзүңдүн үйүң кандай болсо, дал ошондой үй көтөрүп бергин!» – деп, дайындап кетет.

Жолдон Каратегин баатырды 40 миң колу менен кошуп алат. Алектин-Белин ашып бара жатып, алды жагында агып жаткан

Аму-Дарияга кез келет. Манастын колу күкүк болуп жаткан дариянын четине барып, кече албай токтолуп калат. Суу кире элек кезинде оогандар келип, Катаган менен Тейитти чаап, аларга көп кордук көрсөтүп, бир канча миң кишилерин өлтүрүп кеткен. Катаган менен Тейиттен да алтымыш миң киши Манаска кошулат. Оогандардын кылган кордугун укканда, Манастын ачуусу ого бетер келет.

Манастын айтуу боюнча Алмамбет апсун окуп, дарыяны соолутат суудан калың колду аман-эсен өткөзөт.

Манас менен бир беттешсем деп жүргөн оогандардын каны Түлкү Манастын келе жатканын билип катуу камданат. Эки жоо беттеше келген кезде, жекеме-жекеге эки тараптан тең балбандар чыгат. Оогандар тарабынан чыккан эки балбанды Сыргак өлтүрөт. Эки баатыры өлгөндөн кийин, Түлкү кан аламан урушкула дейт. Оогандар 200 миң, кыргыздар 200 миң киши бүт беттешип калат. Оогандардан 47 миң киши өлүп, Түлкү каны баш болуп далайы катуу жарадар болот. Кеч кирип, эки кол тарайт. Кыргыздар кирип келбесин деп, оогандар кароолду катуу коюп, шаарынын капкасын бек бекитип алышат.

Манас баатыр карыялары менен намаз окуса, колго түшкөн Ак баатыр таң калып сурайт. Бердике ага динди түшүндүрөт. Акун баатыр алты жолдошу менен ошол эле жерден тилин келмеге келтирип, мусулман болот. Мусулман болгондон кийин, аларга бир-бир ат мингизип, бошотуп коё беришет.

Түндөп жүрүп отуруп Акун баатыр агасы Түлкү кандын үстүнө келип, аны дарылап айыктырат.

«Кыргыз деген бизге бир балаа болду, алар менен урушабыз деп далай кишилерибиз өлдү, далай киши катуу жарадар болду, эми кандай кылабыз? – дейт, Түлкү кан. Акун баатыр кыргыздар жөнүндө Түлкү мындайча түшүндүрөт.

«Чопкут кийген чоңдору,
Жолборстой туташ жондору,
Чоң, кичүүсү болжолсуз,
Соо коёр болбоду.
Арстанбы, жолборспу?
Жүрөктөрү ташка окшойт.
Жүздөн жүзүн бурбаган,
Жүдөймүн деп турбаган
Жүрөктүү көрдүм кыргызды.

Миңден бетин бурбаган,
Бири да токтоп турбаган
Билимдүү көрдүм кыргызды» – деп, кыргыздарды аябай мактайт. Силер кыргыздын майда-чуйдалар менен гана урушуп, ушунчалык кордукту көрдүңөр, эгер мыктылар келсе силерди мындан беш бетер жаман кылат эле – дейт. Ошентип супа салып таң атат, оогандын мыктылары жана акылдуулары жыйылып келишет. Оогандар бүт бойдон, Акун баатырдын айтуусу боюнча, эч урушсуз Манаска карап беришет.

Түлкү кан: «Жоого барып, өлбөй аман келдиң. Эми менин ордума кан болгун – деп, башындагы таажысын алып, иниси Акунга кийгизет. Акункан көп тартуу алып, биз сизди билбестен Катаган менен Тейиттин 40-50 кишисин өлтүрдүк эле, кечириңиз – деп, Манастын алдына түшөт.

Манас менен Акункан элдешкенден кийин, бир нече күн тамаша кылат. Акун кан менен Манас бир бирин абдан жактырып калып, Акун кан Манастан:

– Балаңыз барбы? – дейт.

Манас:

– Балам жок – дейт да, баласынын жоктугуна капаланат. Анда Акун кан Манаска:

«Ортого мылтык коёлук,
О дүйнөлүк бололук!
Арага кылыч коёлук,
Акиреттик бололук!
Уул тапса катының,
Кыз берейин, баатырым!
Кыз тапкан болсо катының,
Уул берейин, баатырым!
Ушул ишти кылмакка,
Уюур бекен акылың? – дейт.

Манас дароо кырк чоросун чакырып, кошуундан үч миң жылкы алып, Акун канга бел куда болот. Куда башы болуп барган Бакай Акун канга:

«Кыз берсек, кийитибиз деп,
Аз да болсо, алыңыз,
Кошуун жүрүп жолоочу,

Азыраак экен алыбыз.
Эркектүү болсо эр Манас,
Кыз бала сизден табылса,
Бата аяк кылган малыбыз.
Бечара кыргыз уругу,
Бей алыраак алыбыз,
Жазыктуу болдук сиздерге,
Жаман көрбөй алыңыз!» – дейт.

Акункан да көп кийит берип, Манас экөө бел куда болушат. Манас айлын көздөй жөнөйт. Кайтып келе жатканда, Бокмурундун кабагы ачылбайт.

Манас Бокмурундан:

– Эмне үчүн кабагыңды ачпайсың? – десе, Түлкү кандын Канышай деген он төрт жаштагы кызына ашык болгонун айтат. Манас колду дароо токтотуп, Түлкү канга киши жиберет.

Түлкү кан:

– Макул, бирок азыр алып кеткениңерге кызым жаш – дейт. Манас Бокмурундун тилегин орундап, Түлкү менен да кудалашат.

* * *

Манас казаттан кайтып келе электе, Көзгамандар Манастын үстүнө көчүп келип калышат. Жаңы туугандардын кийимдери жуулбаган, тырмак-чачын албаган, кыргызча бир ооз сөз да билишпейт, өздөрү, мүнөздөрү дал калмактын өзүнө окшойт.

Каныкей жүздөй союш алып, колун куушуруп, туугандарынын алдынан тосуп чыгып, Көзгаман менен учурашат, ал ыраазы болуп, илгери жөнөй берет. Абыгый деген калмак – «Эмне үчүн Каныкей бизге жүгүнбөйт? Атаганат Манас өлүп, бул катынды Көкчөгөзгө алып берсек, кандай гана жүгүнүп турар эле» – деген ойду ойлойт.

Жети калмак Көзгамандын артынан жете барып, Каныкейди жамандашат. Алардын аялдары: «Каныкейдин үстүндө сиркедей кири жок, ушуга кантип ырыс токтосун?» – дейт.

Жаңы туугандар үйлөрүн тигип болгон кезде, Карабөрк барып, калмактарча сүйлөшүп, жүгүнүп жиберет. Карабөрктү абдан жакшы көрүп калышат. Үйдү тигип жатканда, бир, суур атып алып, Каныкейлерге салып бермекчи болот. Карабөрк аларга кыргыздар суур менен

чочконун этин жебей тургандыгы жөнүндө айтат. Алар абдан капа болуп, келиндер кур ооз кетпесин деп, кымыз куят. Каныкей эрдин тийгизип, Карабөрк бир ууртайт.

Манас келери менен 90 бээ союп, той кылат. Манастын айтуусу боюнча, Каныкей Манастын өз үйүнө окшош, ичи-сыртынын жасалгалары абдан келишкен он бир үй жасайт.

Калмактар өздөрүнчө кеңешип, Манас жалгыз экен, муну эптеп өлтүрүп, эли менен малын ээлеп, катынын алыш керек деген чечимге келет.

* * *

Бир күнү Каныкей көзүнөн кандуу жашын агызып туруп Манаска:

– Тууганым деп эле калдың, түбү ушулар сага жакшылык кылбайт. Булар эптеп баш көтөрсө эле, мойнуңа кылыч тиет, андан көрө, тарат буларыңды бир бирден: бирөөн – казакка, бирөөн татарга таратып жогот! – дейт.

Манас:

– Сен менин туугандарымды көрө албай жатасың. Куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. Мындан кийин буга окшогон былжыраган сөздү мага айтпай жүр – деп, Каныкейге ачууланып коёт.

Манас Ороздунун балдарын чакырып алып:

– Бул малды алып, оокат кылгыла – деп, 4000 төө дагы бир канча мал берет.

Манас жаңы көчүп келген туугандарын катын-баласы менен бүт чакырып алып, тырмак-чачын алдыртып, эркектеринин бардыгын сүннөткө отургузат. Эски кийим-кечек, төшөнчү, идиш-аяктарын өрттөтүп жиберип, бардыгын жаңыдан берет.

Калмактар Манастын бул кылганы эмнеси? Бардык дүнүйөлөрүбүздү өрттөп, эркектерибизди сүннөткө отургузуп койду. Бул кылган жамандыгы үчүн Манаска бирди кылыш керек – дейт.

Манас жаңы тууганды урматына көп байге сайып, ат чаптырат. Той тарагандан кийин, Көкчөгөз болуп, калмактар Манасты өлтүрүүгө макул кылып жатса, Көзгаман келип:

Койгула, балдарым, жакшылыкка жамандык ойлоочу эмес – деп, макул айтат.

Көкчөгөз атасын тилдейт. Көкчөгөздүн максаты Манасты өлтүрүп, Каныкейди өзү алып, элин суроо. Булардын кеңеши жөнүндө

Манас эч нерсе билбейт. Манас Көкчөгөздүн даражасын көтөрүп, ага эл суратуунун аракетинде болот.

Бир күнү Көкчөгөз Манастыкына барса, Манас өзү тура калып кызмат кылат.

Көкчөгөз ичинде Манасты коркту деп түшүнөт.

Биздин жерибиз салкын болучу эле, бул жер ысык экен, мүмкүн болсо, бизге салкын жер таптырып бериңиз! – дейт.

Манас өзү Таласты каалап, Көкчөгөзгө Анжиян менен Кашкардын жерин берет.

## МАНАСТЫН ТАЛАСКА КӨЧҮШҮ

Манас баатыр көп мал союп, карыяларды чакырып:

– Кыргыздар мурда кытай, калмак жана башка элден кордук көрүп, чачыранды болуп, ар кайсы жерде жүрүүчү эле, азыр кыргыздарды чогулттук, көп элди өзүбүзгө караттык. Эми ушул багынтып алган жерлерибизди биротоло ээлеп калалык. Менин карамагымдагы кандардын ар кимиси өз каалоолору менен болушсун, ар ким өз сүйгөн жерине барып турушсун – дейт.

Манас өзү Таласты каалайт. Көзгаман Ланги-Төбө, Сүңша деген жерге көчмөкчү болот. Айчактын уулу Байжигит Алтайга көчөйүн дейт. Манас Байжигитке:

– Сиз Алтайды бийлеңиз – дейт. Байжигит көчөрдө той берет. Шыгайдын уулу Жапак той берердин алдында Байжигитке келип Тоюңа Алоокени чакыр! – дейт.

Байжигит:

– Чакырсаң өзүңчө чакыра бер, мен чакырбайм, – дейт.

Байжигит тоюна тогуз жүз бээ, дагы көп мал союп, Хыйба, Чаржуй, Букар, Ташкен, Самаркан ж. б. шаарларды чакырат. Жапак – Манаска билгизбей, жашыргыча Алooке канга Алымбек деген кишини жиберип:

– Алooке кан, калың колуңуз менен тойго келиңиз, той үстүндө Манасты чаап алалы – деген сөздү айттырат.

Алооке:

– Мен да жакшы эле мыктысынып жүрчү элем, бирок Манастан коркуп, минтип качып жүрөмүн, силер Манас менен эрегишпей жөн жүргүлө – дейт.

Манас тойго 10 миң үй көчүрүп, кырк чорону жиберет. Тойду Алмамбет башкарат.

Алооке келет деп Жапак алты жүз үй көчүрүп барат. Алооке келбейт. Жапактын көздөгөн максаты эптеп эле Манасты өлтүрүү болот. Калдарбек аттуу бир киши Жапакты Манас менен урушкун деп күүлөйт. Жапак өзүнүн тилин ала тургандардын баарын топтойт.

Жапак Акункан, Түлкү, Кошой, Атемирлердин астынан чыгып, аларды абдан шылдыңдап, жаман сөздөрдү айтат. Андан өтүп, Көкөтөйдүн астынан чыгып:

– Көк ала сакал абышка сага Алоокенин кандыгын ким берди экен? – дейт. Аны уккан Бокмурундун ачуусу келип Жапакты жыга чабат. Акункан, Түлкү, Кошой, Атемирлер: Тойго чакырып алып, Жапагына тилдеткениң эмне?» – деп, Манаска таарынып, киши жиберишет. Манас: «Бул карыяга эмне болуп кетти, чакыртканым уят болор, өзүм барайын» – деп, Манас менен Бакай Шыгайдын айлын көздөй жөнөйт. Айылга жакындаганда эле, Жапак өзүнө караштуу кишилери менен Манасты качырып калышат. Жапак а дегенде эле Бакайды саят, Бакай найзаны кагып жиберет. Жабуу Манаска найза сунат, Манас кылчайып карап койсо, өзүнөн өзү эле аттан кулап түшөт.

Аңгыча аттын качан чабыларын билип келейин деп, Көкчөгөз келип калат. Көкчөгөз келе жатканда, Жапак Манасты качырып калат. Көкчөгөз Манасты сайдырбай, найзаны үзө чабат. Манасты экинчи жолу качырып найза менен чабам дегенинде, Манас шап билектен алып, тебетейин ыргытып жиберет. Көкчөгөз Жапакты кылыч менен чаап салат. Манас баарын кырып сала турган болгондо, Шыгай Жакыпка ыйлап барып, Манасты Жакып токтотот.

Байжигиттин тоюнда тогуз жүз ат чабылып, Аккула чыгат. Той тарары менен Байжигит Алтайга көчөт. Көкчөгөз Ланги-Төбөгө көчөт.

Кыргыздар баш жагы Алтай, аягы Ташкен ушул ортого жык толот. Биринчиден – эл ортосу, экинчиден – жакшы жер деп, Манас Таласка барып, ошол жерди биротоло мекен этет.

* * *

Манас Таласка көчүп келип, тынчып жатып калат. Соорондуктүн уулу Алмамбет баатыр алыс жерге барууга аттанып, жоо чаап келүүнү ойлонот: «Манаска Кара-Дарыя жакка баралы десем, алыс

деп коёр белем» – дейт. Даңгытты Манас чапканда, качкандардын бардыгы Айган мерген дегенге барган экен. Алмамбет Манаска акыл салайын, ал тил албаса, кырк чорого айтайын, кырк чоро макул дебесе, өзүм жалгыз барам дейт. Бир айчылык жердеги Айган менен Алмамбет жалгыз барып урушмакчы болот. Бара турган жери баткак, саз, тоолору токой толгон жырткыч, жанынан үмүт үзгөн киши барбаса, башка адам бара албай турган жер экен.

Алмамбет айтпаса да, Манас анын ээлигип жүргөнүн билет.

Ал убакта кырк уруулу кыргыз бир нече кандыкка бөлүнүп, ар кимиси өз алдынча кан болушат. Манас бардык кандарына кабар айтып, көп кол жыйнайт. «Жебе деген шаарда жаба аттуу эл бар экен, анын каны Айган, ошого барып урушабыз» – дейт. Көкөтөйдү кан көтөрүп, кырк миң кол менен Манас Таластан чыгып, Суусамырды ашып, Тиянтан тоосун кыдырып, Саяндагы (азыркы Аксайдагы) Көзгаман туугандарына келет. Манас Көзгамандан:

– Жериңиз кандай, көңүлүңүзгө жактыбы? – дейт.

Көзгаман абдан ыраазы болгондугун айтып, Манаска үч жүз бээ союш берет. Көзгамандын карамагында үч миң үйлүү элден Көкчөгөз үч жүз киши менен Манастын колуна кошулуп жөнөйт. Жолдон кыргыздардан дагы нечен миңдеген кишилер кошулат.

Калың кол Айган кандын Жебе деген шаарына жакындап барат. Калың колду шаардын бери жагына таштап коюп, Алмамбет элдин, жолдун абалын байкап келейин – деп, Сарала менен жөнөйт. Алмамбет шаарга жакындап барса, керней-сурнайдын үнү угулат. Шаардын сыртынан акмалап карап турат. Ошондо Айган кандын кызы Алтынайды, Даңсоо аттуу бир чоңу алмакчы болуп, той жасап, тойго 60 миңге жакын кол чогулган экен.

Алмамбет алардын ал-жайын толук билгенден кийин, шаардын четинде жаткан Манастын колуна кабар берип, душманды камынтпастан басып калышат. Эч нерсе менен иши жок, тойдун тамашасына батып жаткан Айган кандын эли, капысынан каптап кирип келген Манастын колуна көп кайрат кыла албай, багынып берет.

Манас максатына жеткенден кийин, олжо бөлүшүүгө киришет. Олжо бөлүшүүгө келгенде Манастын да, Алмамбеттин да көңүлү Айган кандын кызы Алтынайга түшөт. Алмамбет:

Манас эп көрсө Алтынайды мага берсин – деп, арага киши салат. Пикири жаман Меңдибай деген абышка Манас менен Алмамбеттин

ортосуна ушак сөз жүргүзүп, бузукулук кылат. Анын тилеги – эптеп эки баатырды кайраштырып, колдон келсе, Манасты өлтүрүп, анын ордуна Көкчөгөздү кан көтөрүп, өзү Бакайдын ордун басуу. Ошол максат менен Меңдибай:

– Манас сага Алтынайды гана эмес, андан кийинки Дуу-дунун сулуу кызы Дилирманды да бербейт. Алтынайды Манас, Дилирманды Кыргыл алмак болуптур. Алардын тирүү чагында сенин тилегиң оңой менен орундала турган эмес – дейт, Алмамбетке.

Ошол эле бузуку Меңдибай Манаска барып:

– Алтынайды Алмамбетке бербесең, андан бир жапаны көрөт окшойсуң, анын пикири жаман – дейт.

Бул сөздүн жалган экендигин билип, Манас Меңдибайды тилдеп, үйдөн кууп чыгат. Аңгыча болбой Алмамбет:

– Мен Манаска канчалык эмгек сиңирсем да, ал мени теңине албайт экен го. Кой, минтип тең жанымдан кем болуп жүргөнчө, Мекеге кетейин – деп, эч кимге кеп-кеңеш салбастан, Сараласын минип алып, Мекени бет алып жүрүп калат.

Манас Алмамбеттин таарынып калгандыгын уккандан кийин, кырк чоросун чакырып алып:

– Алмамбетти таарынтканыңар кимиңер? – деп кысат. Анда Кыргыл:

Алмамбетти таарынткан сен, өзүңсүң. Алмамбеттей арстанга Алтынайды сураса бербей койдуң – дейт.

Серек менен Бакай да Манасты жемелешет.

Алмамбеттин кеткенине эки жарым күн болуп калат. Манас кырк чоросун чакырып алып, 10 кишиден төрт тарапка бөлүп, Алмамбетти издетет.

Серек менен Сыргак, Алмамбетти ушул жерден өтөт го дешип, Каркырага келип, жол тосуп жатат. Ичиндеги мергендери тоого кийикке чыгып, Текестин Эчки-Өлбөс деген жеринде жаткан Алмамбетти көрөт. Мергенчилер дароо келип, Серек менен Сыргакка айтышат. Ошол учурда Манас да келип калат. Манас Аккуладан түшүп, Алмамбеттин келер жолун тосуп турат. Алмамбет келгенден кийин:

– Атым тартуу, башым тартуу, – деп, алдына түшөт. Манастын минтип турганын көргөндөн кийин, Алмамбет ыраазы болуп, баарын кечет.

Манас Алмамбетти ээрчитип алып, колуна келет. Тапкандарын олжолоп бөлүшөт. Алтынайды Манас алып, Дилирманды Алмамбет

алат. Меңдибай менен Көкчөгөзгө жети кыз тиет. Жети кызды жана башкаларды олжолоп алышып, Көкчөгөз менен Меңдибай эл алды болуп үйлөрүнө жөнөшөт.

Отурса да, турса да Көкчөгөздүн оюнан «Манасты кантип өлтүрөм» – деген максат кетпейт. Бул максатты иш жүзүнө ашырсам деп ойлойт, Көкчөгөздүн эки көзү төрт болот.

## КАСТЫК

«Өзөктөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жат жаман».
*(Эл макалы )*

Айлына кайтып келери менен Көкчөгөз өзүнө караштуу элдерин чакырып алып, Манасты өлтүрүү жөнүндө акылдашат. Бул сөздү Меңдибай Көзгаманга айтат, Көзгаман Меңдибайга:

– Кыргыздардын кытайдан көргөн кордугун, Манас чоңойгондон кийин гана кытайларды жеңип тең болгондугун айтып, Көкчөгөздүн өнөрү ашып, мыктылыгына чыдай албай бара жатса, Жуушаңдыдагы кытайларды чапсын. Балдарым Манаска жамандык кылбасын, эгерде жамандык кыла турган болсо, менин көзүм Манастын көргөн жамандыгын өчүрбөсүн, мени өлтүрүп сал, – дейт.

Көзгамандын бул сөзүнө Меңдибайдын аз көңүлү бошойт, бирок Көкчөгөздү тыя албайт.

Манасты кырк чоросу менен, соо кезинде, биз гана эмес, эч адам даап өлтүрө албайт, андан көрө аларга бозо менен аракка уу кошуп берип, мас болгондо өлтүрөлү дешет.

Манастар келет деп, үч жүз үй тигип, үй сайын бир тайдан союш даярдап, бозо салып, арак тартып камданышат.

Көкчөгөз инилерин чакырып алып:

Манас өлгөндө, кимиң кайсы аялын аласыңар, ушу баштан айтып койгула, кийин дагы талашып, чатакташып жүрбөгүлө – дейт.

Ар кимиси өзүнүн оюндагыларын айтышып, бир-экөө аял талашып мушташып да калышат. Каныкейди Көкчөгөз алмакчы болот.

Көкчөгөз Кашкарда жаткан жеринен Манасты: «биздикине конок боло кетсин» – деп чакыртат.

Манас кырк чоросу менен келип, абасы менен саламдашып, ал-жайын сурашат. Ал күнү атайлап көтөрүлгөн үйгө конушат. Эртеси Көкчөгөз:

– Биздин үйгө барып, даам сызып кетиңиздер – дейт.

Серек, Сыргак кийик уулап, тоого чыгып кетишет. Манастар атка минип жөнөөрдө, Меңдибай Бозуулду жандап барып:

– Тамакка уу кошуп берет, ичпе, башка кишиге айтпа! – дейт. Манас келгенден кийин, балдарынын уу берерин билип, Көзгаман:

– Силерге Манас жакшылыктан башка сиркедей жамандык кылган жок эле, «жакшылыкка – жамандык» – деген ушул, көп болсо, мени өлгөндө, итиңерге саларсыңар, же бычак менен жара тартып өлтүрөсүңөр, мен Манаска барып айтам – деп, жөнөйт.

Чагалдай деген баласы Көзгаманды Манаска жеткирбей кармап, кайра алып келет. Алмамбет Көкчөгөздүн уу берерин билет, бирок Манастын көңүлүнө кетип жүрбөсүн, азырынча коё турайынчы дейт. Көкчөгөздүн кылган сыйын көргөндөн кийин, ал ой Алмамбеттин эсинен чыгып кетет.

Тууганыбыз, кантип жамандык ойлосун дешип, бардык жарак-жабдыгын сыртка үйүп коюшат. Эртең менен келген кырк чоро уу кошулган кымыз, бозо, аракты бешим болгончо тынымсыз ичип отуруп, ууланып, мас болуп калышат.

Бозуул калп эле мас болумуш болуп, сыртка чыгып, аттардын арасына жатып калат. Канчалык күчү калды экен? Эгер, аз да болсо каяша кыла турган чамасы болсо, тийбейин, каяша кыла албай турган болсо, башын алайын деп, Көкчөгөз канжарын колуна кармап, инилери менен Манастын үстүнө кирип келет. Айылдагы жигиттер:

– Азыр Манасты өлтүрүп, аттарды бөлөт – деп, сүйүнүп жатканын Бозуул аттардын арасында жатып угат.

Кырк чоро бүт жыйылып, Манас гана калат. Манастын да башы айланып, жыгыла жаздап олтурат. Көкчөгөз инилери менен кылычтарын кындан сууруп, канжарын колдоруна алышып, Манастын көзү кичине эле жумулса, чабууга даярданып, тегеректеп турушат. Манас нечен жолу жыгыла жаздап, кырданып оңолот. Көкчөгөздүн кылычын колуна кармап, өлтүргөнү турганына Манастын көзү эми жетет.

«Ушундайда Бакай болсочу, же чоромдун бирөө соо болсочу. Урушуп жүрүп жоодон өлбөй, өзүм киши кылган жаман тууганлардан өлмөкчү болдум ээ!» – деп, кап-каяктагы арманын айтып, буркурап

ыйлайт. Мунун баарын Бозуул сырттан шыкаалап туруп угат. Манастын көзү жумулса эле, Көкчөгөздөр чапмакчы, бирок көзү жумулбайт. Манас акырая карап койсо, Манастын сүрүнө чыдай албай, алда кайда качышат. Көзү көпкө чейин жумулбай койгондон кийин, Көкчөгөз ачууланып, кылыч менен башын алып салам – дейт.

Анда иниси Дорболдой:

– Бир аз токтой тур, арманын айтып бүтсүн – дейт.

Арбалдай аттуу иниси:

– Бекерге жаманатты болбой эле кой. Сен кылыч менен чаппасаң, өзү ууланып өлө турган болду – дейт.

Бул экөөнө Тоголдой дегени кошулуп, үчөө Манасты өлтүрбөсөк болбойт деп чыгышат.

Көкчөгөз калган үч иниси менен өлтүрөбүз дешип, ошол жерден жаңжал салышып, мушташып калышат. Манас жөөлүп жатып аялдарын бирден жана кырк чоросунун аттарын бирден айтат.

Атаганат ушундай башыма мүшкүл келип турганда, чоролорумдун бирөө кашымда соо болсо, бул калмактардан мени ажыратпайт беле! – дейт.

Бозуул:

– Менин атымды айтса болушайын, айтпай турган болсо, канкор бир өлмөктөн миң өлсүн! – деп, сырттан тыңшап турат.

Манас чыдабай:

«Ыраакты жакын кылганым,
Алыска минсе – бууданым,
Башыма мүшкүл түшкөндө,
Башымда карап турсачы,
Кабылан Бозуул тууганым!» – дейт.

Көзкамандардын балдары мушташып сыртка чыгып, үй бошой түшкөндө, Бозуул үйгө чуркап кирип:

– Көзүңдү ачкын, сага эмне болду? Кырк чороң тигинтип жатат, сенин минтип отурганың жарабайт, дароо сыртка чыгып качкын, – дейт.

Манас Аккулага минип качканда, артыңан Көкчөгөз кууп жөнөйт. Манас качып бир аскага барып туюкталат. Көкчөгөз Манасты Аккелтеси менен атат. Манаска ок тийип, ат-маты менен аскадан кулап кетет. Манасты Көкчөгөз конокко чакыргандан кийин, аң уулап тоого чыгып кеткен Серек менен Сыргак уудан кайтып келе жатса, астынан чаңдатып жылкы айдап келе жаткан жылкычылар чыгат. Алардан:

Эмне үчүн минтип чаңдатып жүрөсүңөр? – десе, Көкчөгөз Манасты кырк чоросу менен өлтүрдү, биз эми Манастын жерине көчкөнү жатабыз, – дейт.

Серек, Сыргак эмне кыларын билбей, кырк чорону бирден аттарына сарпооштоп мингизип алып качышат. Серек, Сыргак Аккуланын изин таанып, изин кууп жүрүп отурат:

– Кап, Көкчөгөз алдыбыздан чыгып, бир армансыз кармашсак – деп, кетип бара жатканда, алды жагында бир капчыгайда оттоп турган Аккуланы көрөт, жакындап бара түшкөндө, жарадар болуп, эси ооп жаткан Манас көрүнөт.

Манастын көзүнө Серек менен Сыргак а дегенде Көкчөгөздөй болуп көрүнөт. Манас кармашып армансыз өлөйүн – деп, кайрат кылып, тура калат, бирок Серек менен Сыргак экенин билгенден кийин, эси ооп, кайра жыгылат.

Серек менен Сыргак кырк чорону да Манастын үстүнө алып барып баарын зоонун ичиндеги кең үңкүргө көтөрүп кирип, суу ичирип, алдыргандан кийин, Бозуулду Таласка чаптырып, Каныкейден кайнаган кара дары, кырма кызыл дарылардан алдырып, Манас менен кырк чорону дарылайт.

Көкчөгөз:

– Манасты кырк чоросу менен өлтүрдүм, эми Таласка көчүп, Каныкейди аялдыкка алып, Манастын ордуна кан боломун – деп, Таласка келет. Манастын жылкысын тийип алып, элди жыйнайт. Келгендерге Мазеке деген абышка:

Манас кырк чоросу менен, Бакай, Кыргыл баш болуп, өлдү – деп угузат да, бу да Ногойдун тукумунан, Манастын ордуна Көкчөгөз ээ болсун, – дейт. Бакай да кошо өлдү дегенине эл ишенбей, Мазекени шылдың кылышат.

Көкчөгөз:

– Кыргыздын падышасы мен болдум, Каныкей мага тийсин – деп киши жиберет.

Каныкей:

– Мен Манас өлөрү менен эле тийип кетсем, мени арбак уруп кетпейби, жети айдан кийин тиейин – дейт. Бул сөздү угуп, Көкчөгөз төрт айда эле алам го – деп, сүйүнүп калат. Манастын калган аялдарын Көкчөгөздүн инилери бөлүп-бөлүп алмакчы болушат, бирок Карабөрктү алууга киши чыкпайт.

Мазеке Көзгаманга барып:

– Жесир келиниңиз Карабөрк сизди алсын – деп жатат,– дейт. Көзгаман иштин жөнүн толук уккан эмес экен, Мазекеден укканда кийин:

Балдарымды жыйнап берчи! – дейт. Балдары бүт жыйылып келгенде, Көзгаман:

– Силер Манаска ушундай иш кыла турган жөнүңөр жок эле, түбүңөр бузук экен, ошол бузуктугуңарга кеттиңер. Манас силерге жакшылыктан башка, бир тыйынча да жамандык кылган жок эле. Манас өлгөн жок, келет – деп, балдарына таарынып, урушуп чыгып кетет.

Көкчөгөз инилерине:

– Көрүнгөн жерден Бакайды өлтүргүлө – деп тапшырат.

Көкчөгөздүн кабарын уккандан кийин, Жакып тоого качып кетет, Манасты Каныкей үңкүргө алып барып бекитет. Көкчөгөз Меңдибай менен Мазекени чакырып алып:

Каныкей – мага, Манастын башка аялдары менин инилериме тиет бекен? Ачык жообун алып келгиле – дейт. Мен Көкчөгөзүңө тийбейм, акыры бир башка – бир өлүм – деп, Меңдибайга ачууланып, Каныкей аны бычак менен санга саят. Он чакты жоокер Меңдибай менен Мазекени ортого алышып, эсин оодарат. Акырында Меңдибай менен Мазеке араң качып кутулушат.

Меңдибай менен Мазеке Көкчөгөзгө келип:

– Сага Каныкей тиймек гана турсун, жанына да жолотор эмес, сени тилдеди. Буларды мындай өз эркинче коюу жарабайт, дүнүйөдөн ажыратып, өздөрүн кыйнап, кор кылыш керек, ошондо гана тиет – дейт.

Көкчөгөз Манастын мал-мүлкүн бүт талап алат. Аялдарынын бутуна чокой, үстүнө жыртык кементай кийгизип, элди жыйып алып:

– Манастын аялдарына ким жардам берсе, мал-мүлкүн талап, куйкасын каршы-терши тилем – дейт. Муну уккандан кийин Манастын аялдарын бир киши да үйүнө жакындатпайт. Манастын картаң энеси Чыйырды үстүндө үйрүп салар кийими жок, ичейин десе тамагы жок, өлөйүн десе – жан таттуу, кирейин десе, жер катуу болуп, эртеден кечке музоо кайтарат. Карындашы Кардыгач да абалда кой кайтарат. Карабөрк, Алтынай, Акылайлар бирөөлөрдүн саанын саап, күн өткөрүшөт. Каныкей бир жыртык кементайды кийип, колуна таяк алып, көрүнгөн үйгө барып, кайыр сурап калат. Каныкейге эл кайыр

бергенден коркушат, себеби – кокустан Көкчөгөз билип койсо, мал-мүлкүн тартып алып, өзүн өлтүрөт.

Абыке, Көбөшкө да мал бактырып, отун алдырып коёт. Бир күнү Абыке, Көбөш отуруп: «Биз эч бир каяша кылбай эле, Көзгамандын балдарынын малын багып, отун-суусун алып, оту менен кирип, күлү менен чыгып жүрө беребизби? Мунубуз жарабайт го. Манас өлгөн менен анын жанынан артык көрө турган жолдоштору – Кошой, Көкчө, Жамгырчы ж. б. бар эле, ошолорго кабар берип, калың кол алып келип Көкчөгөздөн өч алсак болот» – деп кеңешет.

Таласты байкап, Каныкейге жолукмакчы болуп, Серек менен Сыргак Таласка келип, Көкчөгөз билсе өлтүрүп коёт – деп, эч кимге көрүнбөй, бир үңкүргө бекинип жатышат.

Каныкей ичерине тамак таппай, өлө турган болгонунда, сандалып, араң басып, Көзгамандын үйүнө кайыр сурап барып калат. Каныкейдин үйү, дүнүйөсү бүт бойдон Көзгамандын өзүнө тийген, дүнүйөсүн көргөндө, Каныкейдин эси ооп, жыгылып кетет. Аңгыча эшиктен Көзгаман кирип келип, Каныкейдин мусапыр болгон абалын көрүп:

– Балдарым, түбү жакшылык көрбөгүлө! – деп, буркурап ыйлап. Каныкейди тамакка тойгузуп, үстүнө бир сыйра эски кийимдерден бердирет. Бир күнү Каныкей короо кайтарып отурса, жүрөгү алып-учуп алтымыш бир жакшылык кабар укчудай болуп, токтоно албайт. Ошол күнү Серек менен Сыргак үңкүрдөн чыгып, короо кайтарып отурган Каныкейдин үнүн таанып келишет. Каныкей Серек менен Сыргакка Көзгамандын балдарынын кылган жамандыгын баштан аяк айтып берет. Серек менен Сыргак Манастын жана чоролорунун аман-эсендигин айтып, Каныкейден дагы дары алып, Манаска келишет. Аздан кийин Манас чоролору менен бүт айыгып, Таласты көздөй жөнөп калат.

Көкчөгөз элди жыйнап алып, Манасты жамандап жаткан кезде, Манас кырк чоросун ээрчитип келип калат. Манастын алдынан Бакай тозуп чыгат. Биринчи эле көрүнгөн үйгө түшсө, ал үй Алтынайдыкы экен, Манас Алтынай менен кучакташып көрүшөт. Манастын келгенин Көкчөгөздүн Багалдай деген иниси көрүп, Көкчөгөзгө айтып барат. Көкчөгөз «Манас келди» – деген сөзгө ачуусу келип, инисинин башын кылыч менен алып салат. Мындан кийин Көкчөгөздөр бир-бири менен уруша кетип, өз ара урушта жок болушат.

# КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ

«Көкөтөйдүн ашы,
Көп жыйындын башы».
*(Эл макалы)*

Панус менен болгон согушта кылган кызматы үчүн, Манас Көкөтөйгө абдан ыраазы болуп, Көкөтөйдүн көңүлүн кантип алып, кызматын кандайча актайм – деп, ойлоп жүрөт. Дүнүйө берейин десе, Көкөтөйдүн өзүнүн дүнүйөсү көп, кылымды кыдырып жүрүп, кыз тандап берейин десе, жашы 74 кө келген, ошондо Манас: «Көкөтөй менден мурун өлсө, кыргыздын малын аябай чачып, тегеректин төрт бурчун бүт чакырып, дүнүйөгө белгилүү болгондой кылып чоң аш берсем, Көкөтөйдүн ушул кызматын актаймын го» – дейт.

Манас Таласка көчүп келгенде, Көкөтөй кагын менен ооруйт. Көкөтөйдүн 11 кызы болуп, эркек баласы жок экен. Мергендин кызы Бектору деген сулуу кыз Төштүк менен көз тааныш болуп жүрүп, боюна бүтүп калат. Төштүк жер алдына кетерде, Бектору Төштүктөн:

– Боюмдагы аманат баламды эмне кылам» – дейт. Эркек төрөсөң, Көкөтөйдүн төөлөрүнүн жайытындагы Байгара-Кара-Ташынын түбүнө баланы ороп коюп кой, төөлөрүн айдаганда Көкөтөй таап алып, бала кылып алат. Кыз төрөсөң, багып ал, ыйлабай турган жерине бер – дейт, Төштүк.

Бектору эркек төрөйт. Көкөтөй төөлөрүн жайганы барганда, таштын корумунда бакырып ыйлап жаткан баланы таап алып, өз байбичем төрөдү – деп, чоң той берип, баланы эркелетип, жакшы багып, ага Бокмурун деген ат коёт. Бокмурун эң мыкты, шок, баатыр чыгат. Көкөтөй, Бай деген тууганынын Баймырза аттуу баласын чакыртып:

– Менин оорум жөнүкпөдү, өлөрүмдө жалгыз балам Бокмурунду көрүп, өз оозум менен керээз сөзүмдү айтпай калдым – деп, көзүнөн жашын төгүп, мындай дейт:

– Артымда балам жаш калды, малым бош калды, мен өлгөндө малымды бүлдүрбөй, келиндин тоюндай, балдардын оюнундай кылып гана, кишиге билгизбей, эптеп көөмп койгула. Тирүү кишиге мал керек. Бокмурун өзү шок эле, балалык кылып, атамдын өзүнүн жыйган малын өзүнөн аябайм, элге нуска болгудай иш кылып, жер жүзүндөгү элдин барын чакырып, аш берем – деп жүрбөсүн. Жакыптын

уулу Манас да бар, ага Көкөтөй өлдү – деп, кабар берсеңер, ал «Көкөтөйдү дүйнөгө маалым кылам» – деп, кытай, калмак ж. б. баарын чакырып, кыргыздын малын аябай чача турган киши. Менин өлгөнүмдү Манас эмес, айылдагылардын да билгени билип, билбегени билбей калсын. Баймырза балам, менин ушул сөзүмдү Бокмурунга төкпөй-чачпай айткын! – дейт.

Ошол кезде Бокмурун Түлкүнүн кызын аламын – деп, кеткен экен. Керээз сөзүн айтып болору менен Көкөтөй өлөт. Аңгыча Түлкүнүн кызы Канышайды алып, Бокмурун келип калат. Бокмурун, Көкөтөйдү өлөрүндө көрбөй, анын керээз сөзүн өз кулагы менен укпай калганына арман кылып, солкулдап ыйлайт.

Эл жатар мезгилде Баймырза Бокмурунду чакырып алып, атаңдын өлөрүндөгү керээз кылып айткан сөзү – деп, муну айтат:

«Келиндин кыл – деп, тоюндай,
Кемпирдин кыл – деп, ойнундай,
Атакеңдин өзү – деп,
Айткан мага сөзү – деп.
Керээз айткан кеби – деп,
Кыргыз менин өз журтум,
Бүлдүрбөсүн теги – деп,
Бүлдүргөн менен өлүктүн,
Тирилип келмек наркы жок,
Зөөкүрлүк кылбай, тим көмсүн,
Сөөгүмдү көмсүн баркы жок.
Калайлуу капка, дарбаза,
Калкыма кылып каргаша,
Ачкычтап кулпум ачпасын,
Агар алтын, ак күмүш
Дүнүйөмдү чачпасын» – деп, жөөлүп, бир туруп: «Дүйнөдөгү кыбыраган адам баласынын баарын чакырып, ат чаап, күрөш, эңиш, сайыш ж. б. оюн-тамашаларды жасап аш берсин, кылган иштери элге үлгү болсун, кыргыз эли чабылгандуу болсун – деп, жинди болгон кишиче, атаң ырамatылык ар сөздүн башын бир айтты – дейт.

Муну уккан Бокмурун:

– Өлөр Көкөтөй өлдү, акылдаша турган кишим эле сизсиз эми Көкөтөйдү кандай кылып көмөбүз? – деп, Баймырзага оодара салат.

Баймырза:

– «Өлгөндүн жазасы – көмгөн» – деген. «Кары-картаң бээден союп айылдагыларды гана чакырып, кемпирдин ашындай, келиндин тоюндай кылып коё саларбыз да» – дейт.

Бокмурун:

– Ишенгеним сен болсоң, иш кыларың мен болсом, болгон экен деп, алаканын шак коюп, сенден эч нерсе чыкпайт экен – деп, ордунан турат.

– Жаман-жакшылыкта бир болгон, атамдын үзөңдү жолдошу эле, арстан Манаска барып акыл салайын – дейт. Ал Бокмурун Мааникерин минип, түн катып жүрүп отуруп, Манаска келет. Манаска Бокмурун өзүнүн ал-жайын жана атасы

– Көкөтөй өлөрүндө керээз кылып: «Манас менен акылдашып тур!» – деп, айткандарын баштан аяк айтып берет. Атам азыр көмүлө элек, атамдан – жаш акылдан бош калдым. Атам өлгөндө, үйдө жок элем, мен өлгөндө күн батыш менен күн чыгыштагы элдин баарын чакырып аш берсин. Кийинки элге үлгү боло турган иштерди кылсын – деп, керээз айтыптыр. Көкөтөйдүн дүйнөсү болсо, кыргыз гана эмес, кытай, калмакка да жеткидей, эми кандай кылабыз? – дейт.

Бокмурундун өзү келгенине, Манас бир аз капаланат. Макул, эми сен үйүңө баргын да, эч кимден ийменбестен, коркпостон, кийинки элге үлгү боло турган иш кыл! – деп, Манас Бокмурунду жөнөтөт. Бокмурун эч кимге көрүнбөй, түндөп жүрүп отуруп айлына келет. Бокмурун элдин баарына кабар бердирет. Манас 80 миң, Көкчө 30 миң кол менен келет. Келгендердин алдына ат мингизип, артына 2–4 кой берип, көп байге сайып, ат чаптырып, Көкөтөйдү көөмп, аты чыгып байге алгандар абдан чоң олжо менен үйлөрүнө кайтышат.

Бокмурун өзүнө караштуу элин жыйнап алып:

Көкөтөйдүн аркасы менен баарыңар байыдыңар эле, Көкөтөйдүн камдуулугун көрбөгөнүңөр аз, Көкөм өлөрүндө аш бер деген экен, аш берели – дейт.

– Эл Бокмурундун сөзүн туура көрүшөт. Үчүнчү жыл болгондо, Бокмурун туу көтөрүп, үй тигип, кыргыздын чоңдору – Кошой, Үрбү, Көкчө, Акун кандарды чакырат. Чоңдор жыйылып келгенден кийин – атам өлөрүндө үйдө жок элем, керээз кылып: «Мен өлгөндө менден мал аябай күн чыгыш менен күн батыштагы элди бүт чакырып, кийинки элге үлгү болгудай кылып аш берсин» – деп айткан экен. Сиздерге эп болсо, мен Манас баатырга башкартып, атам Көкөтөйгө аш берсем – дейт.

Кошой, Көкчө баш болуп, кеңешке келгендердин баары, Кошой баатырдын айтуусу боюнча, ашты Каркырага берүүнү ылайык табышат. Бокмурун 300 миң үйдү абдан жасалгалап, малын бүт айдап, Каркыраны көздөй көчүп жөнөйт.

«Эң жардынын көчүнө
Кырмызы килем жаптырып,
Кыз балдар минген аттарга
Кош коңгуроо тактырып,
Келинге кете кийгизип,
Кете тондун этегин
Керилтип жерге тийгизип,
Кер жорго аттан мингизип,
Катынга камка кийгизип,
Камка тондун этегин
Кайрылтып жерге тийгизип.
Карадан жорго мингизип,
Кара кашка кедейди
Кадыр түнгө киргизип.
Кыздарга кызыл кийгизип,
Кызыл кымкап этегин
Кыйгачтап жерге тийгизип.
Кызылдан жорго мингизип,
Кызматын журтка тийгизип,
Кызыр чалган экенин
Кылым журтка билгизип.
Келинге тайлак байлатып,
Кемпирге куйрук чайнатып,
Кедейге миң кой айдатып,
Кең Ташкендин кыргызын
Керүүнү көздөй жайлатып.
Жетегинин баарысы
Желмаяндан төө болуп,
Түгү жок кара кедейдин
Байлаганы башкарып отуздан,
Кырктан бээ болуп,
Уйдун баарын мөөрөтүп,
Ошентип, көчүн жөнөтүп,

Койдун баарын мааратып,
Башка элден көргөн адамды
Таңыркатып, каратып.
Жылкынын баары кишенеп,
Байкабаган кай бирөө
Баарысы бай киши – деп.
Акылмандар билишип,
Манастын кылган иши деп.
Төөнүн баарын боздотуп,
Төө жарагын окшотуп,
Найзанын баарын копшотуп,
Азаматты окшотуп.
Коколору көнөктөй,
Жүк артканы баарысы
Коңгуроолу кара нар,
Кол менен көчү барабар.
Жаткырып төө комдошуп,
Жарактын баарын оңдошуп,
Жебилгеси жер чийип,
Жекесан үнү баш жарып.
Көкөтөйдүн көк туусу
Көтөрүлүп, калкылдап,
Асабасы жалпылдап.
Алтындан кылган айчыгы
Ай тийгендей жаркылдап,
Көркү келген азамат
Көчтү жандап шалкылдап.
Баяндап айтса, сөз жетпей,
Баш-аягы көз жетпей,
Алды-арты үч күндүк,
Чубаса бирден жүз күндүк.
Жылдырып жылкы айдашып,
Жылмайтып күлүк байлашып,
Сызылтып казы чайнашып,
Куш кондуруп жанаша,
Кылганы күлкү, тамаша.
Олуя-Ата, Чымыген,

Сай жакасы Сайрамы,
Самсып көчү жайнады,
Түмөндөгөн көпчүлүк
Дүңгүрөтүп жылкы айдады.
Желеге кулун байлашып,
Жети күн конуп жайлашып.
Андан көчүп алышып,
Аңгеме, оюн салышып,
Козу-Башы-Копого,
Ара жолго бир конуп,
Азыр келди ошого.
Кой семирип алсын – деп,
Конок болгон адамдар
Май жей албай калсын – деп,
Жылдырып көчүп алыптыр,
Жыйырма күн өтүп арадан
Алма-Атага барыптыр.
Алты күн анда өргүтүп,
Ат семиртип алыптыр.
Эшик менен Түргөнгө
Эгин салган жер экен,
Эргитип элин көчүргөн
Эр Бокмурун эр экен».

Жердин аш берүүгө өтө ылайыктуу экендигине эл ыраазы болушат. Отун-суу даярдап, аштын камын жешет. Бокмурун элин чакырып алып, бул ашка канча эл жана кимди чакырабыз? – деп, акыл салат.

Анда Байдын уулу Баймырза тура калып: «Ашка кимди чакырат элек? Казак, кыргыздын ашка кошумча кошо тургандарынан гана бир канчасын чакырабыз. Манаска кабар берсек беребиз, бербесек аны да чакырбай эле коёбуз» – дейт.

Бокмурун абдан ачууланып, Баймырзаны тилдейт: «Көкөтөйдүн малы көптүгүнөн жерге сыйбайт, мен атамдын өз малын өзүнөн аябайм, ашты берсем, бергендей берем, бербесем жөн коём. Атамдын керээзин орундатам» дейт.

Айдарды чакырып алып:

– Сен Мааникер атты минип, ок өтпөс тонду кийип, күн батыш менен күн чыгыштагы элдин баарына кабар айт. «Бокмурун атасы

Көкөтөй канга аш бергени жатат, аш берер жери Каркыра, биринчи атка саяр байгеси – 9 миң кызыл нар, токсон миң кара мал, 100 миң кой, аяккы аттын байгеси – 9 кара мал, 90 кой, алтымыш бир атка байге сайылат. Сыйлап ашка чакырдык, колду абдан көп алып, бириң калбай келгиле, ашка келбей калганыңар эртеңки күнү тирүү калам деп ойлобогула, келбегендердин катуудан казанын, жумшактан күлүн калтырам, катын-кызын күң кылам деди» – деп, кабар айт. Кошой менен Манаска катуу айтпа, кокустан катуу айтсаң, башымды алып салып жүрбөсүн – дейт.

Айдар тогуз күн кыдырып, кабар айтат.

Бокмурун Каркырага 300 миң үйдү жасалгалап тигип, элдин келишин күтүп жата берет.

Көп узабай Көкөтөйдүн ашына:
Кытайлардан Коңурбай,
Кырымдын уулу Мурадил,
Кызыл чоктуу Нескара,
Калмактардын Ушаңы,
Кара жалдуу Бороончу,
Каңгайлардан Ороңгу,
Каткалаңдын Сайкалы,
Солоондордон Алооке,
Доңуз мүнөз чоң Жолой,
Токшукердин Бозкертик,
Солобонун Соорондүк,
Будаң Чаң эки дөө,
Катарлардан Кагылык,
Сакалаттып Сары дөө,
Сандан чыккан Кейкубат,
Тибиттин беги кан Дөмүл,
Дөгүрсүгөн Чоюн алп,
Жору куйрук Жоон алп,
Кайчы кулак Каман алп,
Киндиги темир Китен алп,
Катагандан кан Кошой,
Казактан Көкчө,
Кара жаак эр Үрбү,
Элемандын Төштүгү,
Эштектин уулу Жамгырчы,

Буудайыктын Музбурчак,
Агыш, Кожош, Акбай,
Мамбет, Урукман уулу Көкбөрү,
Көккоён, Султан, Жедигер,
Чегиш, Оён, Эгиш
Көкмөктөрдүн Керкөкүл,
Көчпөс уулу эр Жанай,
Кан жээни Жүгөрү,
Оогандын каны Акункан,
Букардын каны Темиркан

Ар кимиси бир нече миңдеген кол менен келет. Булардын артынан Манас 100 миң кол менен сарамжалын шайлатып, сандап жылкы айдатып, Каныкейди ээрчитип, Көкчө келет.

«Кырк чоронун баары бар,
Кыргыл, Бакай кары бар.
Эр Алмамбет дагы бар.
Акбалтанын Чубагы,
Арстандын бири бу дагы.
Күлдүрдүн уулу Чалыбай,
Күлдүргүчү Ажыбай,
Кыргыздын беги Кутунай,
Кара токо Мажиги,
Камбар уулу Чалиги.
Саргыл аттуу Сатайы,
Сабай бийдин Атайы.
Үйшүндөрдүн Үмөтү,
Үмөт уулу Жайсаңы.
Аргын Каракожосу,
Бообек, Шаабек, Шүкүрү,
Арбандардын Алтайы,
Дөрбөңдөрдүн Төртайы.
Төлгөчү кара Төлөгү,
Төлгөсү журттан бөлөгү.
Агыдай далы көрүчү,
Ашкере айтып берүүчү.
Топ башкарганы Токотой,
Эл башкарган Элеман,

Калк башкарган Калкаман.
Серек менен Сыргагы,
Серпишкен жоого чыйрагы.
Коңгуроолу байдын Кошабыш,
Кош башкарган эр Абыш.
Алымдын уулу Алакен,
Арстан Мажик бар экен.
Караңгыда кол жүрсө,
Казатка кыргыз мол жүрсө
Карсактын изин жаңылбас
Кадыр, Жайнак, Шууту,
Калк чайкаган куусу.
Түн ичинде кол жүрсө,
Түмөн кыргыз жол жүрсө,
Түлкүнүн изин жаңылбас
Түмөн, Жайнак, Шууту,
Түмөндөн чыккан куусу.
Казактардан Жоорунчу,
Кайгыл, Бөгөл, Тоорулчу,
Шыңгынын уулу Кербени,
Шыптыкашка Дөрбөнү.
Бөрү жолдуу Бөгөлү,
Жоону алыстан көргөнү.
Ырчыуул, Бозуул ыктуусу,
Эр Тазбаймат мыктуусу,
Казат десе камданып,
Каршы жоого чыкчуусу.
Кара Түлөө, Кабыке,
Жангир уулу Жабыке.
Кылымда мындай жок болуп,
Кыйры кызыл чок болуп,
Ак асаба туу байлап,
Иниси Абыке датка кол айдап»

Ашка келген көпчүлүк Манас баатырды көрмөккө жабыла атка минип, биринин үстүнө бири түшүп каз катар болуп турат.

«Манас салам айтты заңк этип, Абакеси Кошой дөө Алик алды барк этип.

Келгенде Кошой кеп айтат,
Кекээр кылып бек айтат,
«Келдиңби, канкор? – деп айтат.
Ана келет – деп, жаттык,
Мына келет – деп, жаттык,
Карарган малдын барысын,
Кытай менен калмактар
Койбой талап жеп жаттык.
Улуктугуң билдирип,
Уруулуу журтту бүлдүрүп.
Журтуңдун кетти эби – деп,
Томаяк болду көбү – деп.
Ээ дээрге ал калбай.
Минер атта жал калбай!»

Бул жалган дүйнөдөн нечен кандар, шерлер, эрлер, баатырлар, балбандар өттү эле. Көкөтөй ошолордун баарынан өөдө бекен? Көмүлүп калсын! Бокмурун мындай бейбаш болорбу? Жер үстүндөгү адамдын бардыгын чакырыптыр – дейт, Кошой.

Анда Манас кеп айтат:
Ай, абаке, – деп, айтат.
Дүнүйө болсо, табылар,
Табылбай кетип баратса,
Мына түмөндөп жаткан кытайдын Бир чекеси чабылар!
Азыр Манас барында,
Абаке, дүнүйөдөн тарыба! – дейт.

Тоорум кыз деген даңктуу кыздын жасалгалуу үйүнө Манасты түшүрөт. Ашка келген калың кол биринин үстүнө бири түшүп, Манасты көрөбүз дешип, үйдү жөөлөп келет. Алооке кандын Чагырай деген сынчысы Манасты сынамак болуп, үйдүн тешигинен көрүп, жүрөгү чыгып:

«Жабинибиң жабы – деп,
Жылас болгон Чагырай
Жыгылып кетип жан берди,
Сынаган сынчы өлдү! – деп,
Жыйындар көрүп таң берди».

Бокмурун Манас баатырга Арчатору тулпарын тартып:

– Ашты баштай элекпиз, сиздин келүүңүздү күттүк, кандай баштаарыңызды, өзүңүз билиңиз – дейт. Манас Кошойду чакыртып, акылдашат.

Калмактын Жолой аттуу баатыры эл катары берген тамакка ыраазы болбой, аштын этин бышырып жаткан жерге келет. Эт бышырып жаткандардан бир казан этти зордуктап тартып жеп, дагы экинчи казандагы этти жеймин дегенде, эт бышырып жаткан кишинин бирөө Бокмурунга барып айтат. Бокмурун ачууланып:

– Жерге кирген ит, ачка болдум десең, жаткан жериңе дагы жеткиздиртип бербейт белем – дейт.

Бокмурундун минип турган Мааникерин көрүп, Жолой абдан кызыгат, бул атты кандай болсо да, эптеп алыш керек – деп, дароо Коңурбайга барат. Мааникерди Коңурбайга абдан мактайт. Эми эптеп шылтоо таап, атты алуунун аракетинде бол – дейт. Коңурбай Бокмурунду чакыртып алып:

«Сасык айран, көк курут
Көкөтөйдүн Бокмурун,
Менден артык көрөсүң,
Буруттардын төрөсүн.
Манас келсе ашыңа,
Арчатору тулпарды
Тартуу кылып бересиң.
Белдемчисин байланып,
Беш Бээжинди айланып,
Бээжинге минер ат экен.
Карапчысын байланып,
Кара-Шаар айланып,
Биздин калдайлар минер ат экен.
Эмки келген жазында,
Эсенкандын алдына,
Эркечтей мойнун койкойтуп,
Тартуу барар мал экен.
Азыр сенин колуңда
Мааникер атың бар экен.
Мааникерди бер, бурут,
Айтканыма көн, бурут.
Мааникерди бербесең,

Айтканыма көнбөсөң,
Ашыңа азап саламын,
Айылыңды чаап аламын.
Тоюңа тозок саламын,
Тобуңду чаап аламын» – дейт.
Бокмурун Коңурбайга:

Ага-иним менен кеңешип берейин – дейт да капаланып, Кошойго келет.

Кошой:

«Бек Коңурбай сураса,
Берен калсын Мааникер,
Берүүгө келген кезеги,
Табылабы жылкынын
Андан бөлөк эсеби,
Мактанганда Мааникер
Бир байталдын тезеги,
Кырса, кырып кетпейби,
Кылса, кылып кетпейби,
Кытайдын Коңур кесеби.
Асилиңе жакшы го,
Балам, айылыңдын эсени!
Ат аяган жер карайт,
Жер карабай не карайт.
Куш аяган көк карайт,
Бир карабай көп карайт!» – дейт.

Кошой кыргыздын дөөлөрү менен кеңешип, Мааникерди Коңурбайга бермекчи болот да: «Кокуй, быякта Манас деген ажыдаар бар, ошого айтпай берип коюп, кыйыгына калбайлы», – деп Манаска барат.

Үрбү: «Манаска сөздү мен айтайын», – дейт. Манас такта отуруп, кырк чоро эки жаат болушуп, ордо атып жатканда, Кошой баштаган кыргыздын дөөлөрү барышат.

Манас Кошойго оң жагынан орун берет.

«Абакеси Кошойго
Арстан Манас канкоруң
Оңунан берди орунду,
Отурду Кошой борумдуу».

Үрбү:

– Э, Манас, – дегенде Манас айбат менен жалт карайт. Үрбү сүрдөп, оозунан сөзү түшүп, үн чыгара албай калат.

Кошой Үрбүнү жемелеп:
«Анжы Бээжин Коңурбай,
Арбак урган чоң калдай.

Бокмурундан Мааникерди сураптыр, берели – деп, сага келдик» – дейт.

Манастын жаалы келип:

«Атаканат, абаке!
Акылыңыз канаке!
Не айтасың бул сөздү,
Бул өңдөнгөн куу сөздү!
Күрпөңүм күндөй турганда,
Күлүгүм кантип берейин.
Күчөгөн экен бу доңуз,
Мен бир күрпөңдөшүп көрөйүн!
Айдыңым айдай турганда,
Атымды кантип берейин,
Ашынган экен бу доңуз,
Мен бир алпурушуп көрөйүн!
Кыйының Манас өлгөндө,
Мен кыяматты көргөндө,
Кылымды кытай бөлгөндө,
Кынжылабай мингенде,
Атың эмес, ошондо
Кызыңды тартуу бер, Кошой!»

«Бүгүн Мааникерди коркутуп алып, эртең эр Төштүктүн Чалкуйругун каалап кармап алып, жыла-жыла Аккуланы албайбы?»

«Жалпы кыргыз уругу
Сай тулпардан айрылып,
Сай кучактап калбайбы?
Атандар жонго жатпайбы?
Азамат шору катпайбы?
Атышпай атың бердиң – деп,
Акыретке барганда,
Тозокко Манас жатпайбы?»

– «Азыр менин барымда, бул сөздү не айттың! Сенден башка бирөө айтса, сүйлөтпөй, тилин кеспейт белем!» – деп, Ак доолду карс коюп, Аккелте мылтык тарс койгондо, кырк чоро кылкандай болуп жабыла атка минип, Кытайды карай чабуул коюшат.

«Кырк чоросу жабылып,
Чакыр-чукур чаң кылып,
Керме өтөктү кан кылып,
Өлтүргөнүн сан кылып.
Союп кирди кытайды,
Айбалталап чокусун
Оюп кирди кытайды».

Коңурбайдын булуттай өңү бузулуп, бир тоого чыга качып кутулат. Жашы дебей карысы, алтымыш жаң-жуң келишип, Манаска тартуу тартып жарашат.

* * *

Эртең ат чабылат, атыңарды сууткула, биринчи аттын байгеси 9 миң кыл нар, 90 миң кара мал, 100 миң кой, акыркы аттын байгеси 9 кара мал, 90 кой, 61 атка байге сайылат – деп, жар чакыртат. Чабыла турган аттын саны эки миңден ашат.

Манас Алмамбетти чакырып алып: «Бул эл Көкөтөйдүн ашындагы көп байгени алалык – деп кызыгышкан экен, сен күндү абдан жаадырып, кыштын күнкү чилдеге айландыр, экинчиден, аттарды абдан алыс айдайлы, тулпар чыгып байгесин алсын, жаман-жумандары кырылсын» – дейт.

Алмамбет күндү жаадырып, катуу суук болот. Чабылганы турган аттардын далайы суукка тоңуп өлөт. Байге талап кылып келип, чаба турган атын өлтүрүп, жүгөнүн көтөрүп жүргөн андан көп, сууктан жүдөп өз жанынын айласын таппай, далбасалап жүргөн мындан көп. Атыңарды чубаткыла – деп, экинчи жолу жар чакырылат. Калың эл өз-өз тобу менен көчө болуп туруп калышат. Чаба турган аттардын арасында Ороңгунун кула бээси да бар. Ургаачы жолу улук дешип, бээни аттардын алдына салып биринчи чубатат, анын артынан Манастын Аккуласы баш болуп калган аттар чубатылат. Мурун чабыла турган аттын саны эки миң эле, Алмамбет күндү жайлагандан кийин, 1000 гана ат калат, бир миң аттын кайсы бири өлөт, кайсы бири бузулуп, чабылбай калат.

Атты кайсы жерден коё беребиз? – деп, Манастан сурашат.

Манастан жооп болгончо Үрбү: «Эки күнү ары айдалсын, бир күнү бери келсин» – деп, жиберет. Манастын-ачуусу келип, Үрбүнү камчы менен башка бир салат, Үрбү сендиректеп барып оңолот. Манастын Үрбүнү урганына Кошой капаланып:

«Манас, Манас дегенде,
Барбая түшөт экенсиң,
Чала үйлөгөн чаначтай,
Дардая түшөт экенсиң».

Сен Манас мунуңду койбосоң, акыры Кошойдон кокус болосуң – дейт. Кошойдун сөзүн уккан Үрбү эрээркеп кетип, Манаска жаман сөздөрдү айтат. Кошой Үрбүнү тилдеп сыртка алып кетет. Манас каарданып, Үрбүгө бир нерсе кылууну ойлонот, бирок Кошой аралашып жүргөндөн кийин, эч нерсе дей албай, бир эт бышымча үч чыгарбай турат, андан кийин Манас:

– Алты күн айдалып, Түркстанга жеткирилип берилсин. Алтымыш киши айдоочу болсун, алты миң киши адашкан аттарды туура жолго салып турсун – дейт. Аттар жөнөп кеткенден кийин, элге аштын эти тартылат. Алты жүз карагайды улаштырып, 42 танап жиптен боо кылып, алтын жамбыны карагайдын башына байлайт. «Мен мергенмин» дегендердин бардыгы эртең менен аткан бешимге чейин атышып, ок-дарыларын түгөтүшүп, жамбыга ок жеткизе албай, айласы кетип турган кезде, Манас кырк чоросу менен келет. Кырк чоронун ар бирөө бирден боону үзө атып кетишет, эң акырында Манас атып, алтын жамбыны жерге түшүрөт. Жерге түшүп тоголонуп кетип бара жаткан жамбыны Манас качырып барып, эңип алат. Келген эл Манастын мыктылыгына таң калышат. Капыр, мусулман эки тарап болуп балбан күрөштүрмөкчү болушат. Күрөштүн байгеси 600 жылкы, 100 төө, 200 уй, 500 кой. Кытайлардан Жолой дөө чыгып, элдин ортосуна келип отурат.

«Кытай, калмак, бир жагы
Дарбый түшүп жазылды,
Ара жери ачылды,
Топосу тоодой чачылды,
Тозоң учуп басылды,
Ошондо көрдү көпчүлүк
Оңбогон Жолой баатырды.

Бары журту баалаптыр,
Балбанга аны каалаптыр.
Амурдун башын жайлаган,
Шакардай күчү кайнаган.
Карлуу тоонун дөбөсү
Кара калмак төрөсү,
Алты батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой.
Алтымыш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Жети батман буудай жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой.
Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.
Тырмагына караса,
Ак жолборстун салаадай.
Муруттарын караса,
Тегирмендин күпчөгү
Текши койгон барадай,
Чечекейи чарадай.
Тасы бар, бата жок,
Айтканы бар, ката жок.
Энеси бар, нике жок,
Элден мындай бөкө жок.
Туурасы жоон, бою бас,
Дулдугуй беттүү, өңү саз.
Комдонуп жаткан жолборстой,
Маңдайында кашы бар.
Козголуучу дөө эмес,
Жан казандай башы бар,
Артына түшкөн айдары
Кыл чылбырдай чачы бар.
Кырктын анык өзүндө,
Кызталактын жашы бар.
Мунарадай бою бар,
Бул жаандын балбанын
Койбойм деген ою бар.

Кулагы калкан, кол чатыр,
Калмактан чыккан чоң баатыр,
Майданга басып келатыр.
Кирпигине караса,
Өтөккө чыккан чалкандай,
Кулактын көркү калкандай,
Колуна тийген тоодай таш,
Боло турган талкандай.
Кейпин аңдып караса,
Эки ийиндин арасы
Кере кулач, төш жары,
Кан Коңурбай баатырдын
Көңүлү жакын өз жары.
Эки ийнине караса,
Эки киши конгондой.
Эки бетин караса,
Эки даңгыт тойгондой.
Сөөнө басып жөнөдү,
Ар мүчөсү Жолойдун
Сүрөткө тартып койгондой,
Көзү чуңкур Жолойдун –
Терең казган ородой,
Көзүндөгү чылпагы
Чокчо табак шородой.
Балтыры өгүз белиндей,
Оозунан чыккан илеби
Улуу белдин желиндей.
Эки колдун карысы,
Кырк жылдык терек чынардай,
Кабагына караса,
Качырганын куткарбас,
Кара кашка тынардай.
Төш жайыгын караса,
Дөбөлүү тоонун керидей,
Ар мүнөзү Жолойдун
Ачыккан көкжал бөрүдөй.
Арка жагын караса,

Ат жарышчуу талаадай,
Эки эмчектин эттери
Эки жаштык танадай.
Өгүз көөдөн, өкүм сөз
Өрдүк жайы дагы бар,
Өткүр кылыч, куу найза
Шердик жайы дагы бар.
Өз билгенин бербеген
Бектик жайы дагы бар.
Бул күрөшкө Жолойду
Журт каалаган чагы бар.
Булчуңу бука белиндей
Балбандык жайы дагы бар,
Булкушканды соо койбой,
Алгандык жайы дагы бар.
Өлөрүн өзү билбеген,
Айбандык жайы дагы бар.
Көркүн көргөн адамдын
Бүткөн бою дүркүрөп,
Майданга келип отурду,
Мас болгон билдей күркүрөп.
Чоңдугу ноодой канжасы
Көк түтүнү буркурап,
Кекиртек, кызыл өңгөчү
Кирген суудай куркурап.
Көзүнөн чыккан ызгаары
От жалын болуп шыркырап,
Кубанып калмак айгайлап,
Кулак тунду чуркурап.
Балбанга Жолой бекинип,
Байкаган душман шекинип,
А дедирбей ошондо
Басып чыкты чечинип,
Өз дининче окунуп,
Күн чыгышка бет алып,
Көкө Теңир колдо – деп,
Батасын кылды чокунуп.

Калмак, кытай, инди, жөөт,
Карап турган канча көп.
Көк болотто бедер жок,
Көпчүлүктө нелер жок.
Айтса кепти шыбырап,
Алыстан уккан тыңчы бар,
Көпчүлүктүн ичинде
Көргөндү билген сынчы бар.
Жыгат экен деп турду,
Көркүн көргөн сынчылар.

Сынчылар сынап кеп айтат: «Чыккан экен дүйнөдөн бир азамат! – деп айтат». Кызыталак кулду мактантпай, балдар чыга салып, жыгып келгиле! – деп, Кошой атка минип, кыргыздын дөөлөрүнө барып айтат. Төштүккө:

«Тогуз уулдун кенжеси,
Элеман байдын эркеси.
Сен кандайсың балбанга?
Жыгып намыс алганга?»

Төштүк:

«Атаканат, абаке!
Бар десеңиз, барайын,
Барбай кантип калайын!
Ай качабы жылдыздан,
Акмак Жолой соргоктон
Кантип качып калайын!
Жер алдына түшкөнүм
Жети жылдай болду эле.
Жер үстүнө чыкканым
Жети күнгө толду эле.
Каным калган бир кашык,
Этим калган көк жашык!» – дейт.
Кошой сынап:
«Кой, алакандай кыргыздын
Кутманы экен эр Төштүк!
Алакандай кыргыздын
Сырттаны экен эр Төштүк!» – дейт.

Кошой Акбайга барып:

– Ээ кулунум, Акбай, балбанга чыгууга кандайсың? – дейт. Он жети жашар Акбай: – Чыкса, чыгайын! – дейт.

Кошой сынап:

– Жаңы үйлөнгөн шумурай, кандуу бут болуп калыптыр! Калмактын Жолой балбаны жаш баланын колун сууруп алар, кыргыз чыдай албай, эки журттун ортосунан чоң чыр чыгар! – дейт. Кыргыздын баатырларынын баарына барып айтса да, баарысы балбанга чыкпай коюшат.

Манаска келип:

– Капыр чоң Жолойго же сен, же мен чыкпасам, башкалар чыкпады, чыкканы менен да алардын колунан эч нерсе келер эмес – дейт.

Манас:

– Мен жөөгө жок элем, ат үстүнө дурусмун. Сайыш менен оодарышка мен түшөйүн, күрөшкө сиз түшүңүз – дейт.

Кошой өзүнүн 85 жашка келип, күчтөн тайып калганын айтып арман кылат. «Эң акыры жумуру башка бир өлүм, канкордун көңүлүн калтырбайын» – деп, макул болот.

Кошой Манаска:

Сенин сөзүң эки болбосун, эми менин шымым жаман эле, Жолой кармап тартканда, айрылып кетип уят болбоюн, мага бир шым таптырып бер – дейт.

Кошойго эч кимдин шымы батпайт. Манас Кошойдун жанына келип: .

– Чалыбай менен Ажыбайда бир шым бар эле, бир батса, ошол батат, кийип көрүңүз – дейт. Ал шым да батпай калат. Манас Чалыбай менен Ажыбайды жемелеп тилдейт. Ажыбай менен Чалыбай шымды абайлап карап көрсө, ашык бүккөн жери бар экен, дароо сөгүп жиберип кийгизсе, шым Кошойго далбалактап кең болуп калат. Кошой, сүйүнгөн бойдон, Манаска басып барып, шымдын ар жак, бер жагын абайлап карап, бул шымды кандай адам тиккен? – деп сурайт.

Манас күлүп:

Келиниңиз Каныкей такыр төрөбөй куубаш болуп жүрөт. Сиздин батаңызды алсам, бала төрөр бекемин – деп, Сизге арнап тиккен шым эле – дейт.

Кошой Каныкейди чакыртып алып:

«Бекти берсе бир алда,
Туулса андан бир бала,

Ургаачы болбой, – эр болсун,
Аюу болбой, – шер болсун.
Өлөңдүү жерди өрттөгөн,
Өзүнөн пенде өтпөгөн,
Тулаңдуу жерди тутантып,
Туугандын баарын кубантып,
Аты болсун Семетей.
Арууке келин баласы,
Акылдашы ар качан
Ага болсун чын жоро,
Аты болсун Күлчоро.
Кыдыра кырчын тал болсун,
Кырга чыга бергенче,
Семетейге жар болсун.
Ак болотун майласын,
Ачуусуна келгенде,
Абыке, Көбөш, Кан Жакып,
Ошолорду жайласын!
Кыраңдуу жерди майласын,
Кыйыгына тийгенде,
Кырк чорону жайласын.
Кара болот кайрасын,
Каарына келгенде,
Кан Коңурду жайласын» –

деп, Кошой батасын бергенде, капыр менен мусулман кошо бата берет. Көпчүлүктөн бата алып, он алты кишиге белин тебелетип жатса, кытайдан бирөө келип: «Карган абышка экен, муну Жолой уктап отуруп жыгат» – дейт. Ал сөздү уккандан кийин, Кошойдун ачуусу келет.

«Кылымдын Кошой балбаны,
Агала сакал сеңселип,
Нар буурадай теңселип,
Алышууга белсенип»

Жолойду көздөй басып барат.

Ошондо Жолойдун:

«Ооздон оту буркурап,
Көздөн жалын шыркырап,
Кармагандан кан чыккан,

Ордунан турду күр этип,
«Сакалыңдын агында,
Сапар кетер чагыңда,
Карыганда чыгып күрөшкө,
Абийриңдин кеткени,
Ажалыңдын жеткени!» – дейт.

Анда Кошой:

«Кийген тону боркок, кул!
Ой бадирек, соргок, кул!
Үкүрчүнүн оюнда,
Үйшүнбайдын тоюнда,
Угуп тур айткан сөзүмдү
Көкбөрү тарткан улактай,
Сүйрөтүп урдум өзүңдү!»

– Сени мен алып жүрчү эмес белем, эми эле башка болуп калдыңбы? Сен баягы эле Жолойсуң, мен дагы эле баягы Кошоймун – деп, билегин сунат.

Жолой билектен кармаганда, Кошой колун жулуп алат, бирок колунун териси Жолойдун колуна кетет. Жолой билегин сунганда, анын билегинин териси Кошойдун колунда калат.

Эки дөө бирин бири топ ыргыткансып асманга ыргытышканын көргөн эл таң калышат. Эки дөө күнү-түнү менен күрөшөт. Нечен миңдеген чыракты жагып, эл карап турат.

Эртеси түшкө чейин кармашып жыгыша албайт. Түшкө жакындаганда Кошойдун көзү илинип кетет, аны Жолой сезе коюп, Кошойду көтөрүп алып, алачыктай чоң ташка урмакчы болот.

Кошойду Жолой көтөрүп, ташка урганы жатканын Манас көрө коюп:

«Айгай салып айкырды,
Абаке! – деп – байырды,
Майдандагы Кошойду,
Манас эми чакырды.
Абаке, Кошой, нетти? – деп,
Намысың колдон кетти! – деп,
Напсың түпкө жетти – деп,
Какбаш, Кошой, көзүңдү ач,
Кай кара басып кетти?! – деп,

Каманга качпай чалдырдың,
Капыстан намыс алдырдың,
Жалпы кыргыз уругун
Жаман атка калтырдың!
Адамдан сонун иши бар,
Арстан кыял, ичи чаар,
Каарданса, түзү заар,
Караганда, көзү заар,
Каар айтса, сөзү заар,
Канкордун үнү барыптыр,
Кошой абаң кулагы
Манастын үнүн чалыптыр.
Чың-чың үнү чың чыгат,
Чымырканып бу Манас,
Добушу ачуу чоң чыгат.
Каарданып бул канкор,
Кайда жүрүп унчугат?
Ойлоно салып ошону,
Оңой киши дебеңер,
Оён абаң Кошойду.
Ачса көзүн акыры,
Ташка урууга даярдап,
Калыптыр Жолой капыры.
Түрмөктөй кармап урмакка,
Даярданып калыптыр,
Кошойду ташка урмакка.
Уйкудан көзү ачылып,
Жулкунуп Кошой чачылып,
Кайраты толуп кеткени,
Карыя Кошой абаңдын
Аягы жерге жеткени,
Абакеңиз Кошой дөө
Ачууланып кеткени.
Абакеңиз эр Кошой
Артылып колун салыптыр,
Ар жагынан шымынын
Кашаттан кармап калыптыр.

Көтөрмөккө дөө Жолой,
Көңүлүнө алыптыр.
Оң буту менен абаңыз
Астын торгой чалыптыр,
Жалпы журт карап туруптур,
Тоодой Жолой балбанды
Томкоруп жерден алганы,
Көпчүлүк карап туруптур,
Жолойду кудай уруптур,
Алачыктай Жолойду
Абакеңиз зор Кошой
Аңтарып жерге уруптур.
Басып Кошой калганда,
Башынан аттап алганда»

Жолой Кошойду:

Сен менин бутумду тушап жыктың – деп, багалектен алат. «Сен жыгылып алып, абамды кармайсың» – деп, Манас ачууланып:

«Опол тоонун ак ыргай
Түбү менен жулдурган,
Жайы-кышы он эки ай
Сары тапка койдурган.
Асый өгүз терисин
Өрүм кылган булдурсун.
Өзөгүн жезден бурдурган,
Сыртына көк шал урдурган,
Алаканы айнектүү,
Бүлдүргөсү баргектүү,
Тордомо саптуу булдурсун,
Чапканда кулак тундурсун.
Түшкүнүнүн учуна
Кой боорундай коргошун
Кошо түйгөн булдурсун.
Арстан Манас баатырың
Толгой кармап имерди,
Тоодой болгон Жолойду
Тоңкойто чаап жиберди.
Кыргыздар жапырт кыйкырып,

Көккоён Кошойду карысына мингизип, балбан көтөр кылып кетишет. Ортого чыгып эки таз сүзүшсүн, байгеси 90 кара мал, 9 төө, 100 кой – деп, жар чакыртат. Кытайлардан Мардикелең деген таз чыгат. Кыргыздардан эч ким чыкпайт. Сүзүшө турган таз жок болгондуктан, байгени Мардикелең таз алат. Тогуз ак төө, тогуз кара төө, үч аргымак, отуз кара мал сайып төө чечтирет. Төө чечүүгө эч адам чыкпайт. Эң акырында кытайлардан Оронгу деген аял, Мардикелең аттуу киши чыгып, Оронгу төөнү чечип, байгесин бөлүп алышат.

Азыр эр сайыштырабыз. Сайышка, арманда калбай турган, абдан мыктыңар тандалып чыккыла, байгеси 100 тобурчак ат, тогуз жүз жылкы – деп, жар чакырат.

«Каспандын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Жоо дегенде шайланган
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси
Калдайдын уулу капырың,
Кан Коңурбай баатырың
Алгараны минди ошол,
Алтындан тонду кийди ошол.
Көк найзаны колго алып,
Тору ала желек булгалап,
Көөкөр сындуу чоң күпсөр,
Ал жанында шаркылдап,
Аяктай алтын шуру таш
Ай төбөдө жаркылдап.
Көз айнеги балкылдап,
Кебез өтүк, кендир бел,
Кеңирсиген чоң калча,
Булгары өтүк, бурма бел,
Буруксуган чоң калча.
Кереге темир курчанган,
Келберсиген чоң калча.
Көзү көлдүн буткулдай
Көрүнгөн жанды жуткудай.

Көз үстүндө кара каш
Бөктөргөлүү чапандай.
Кылагар көзүн кылайтып,
Кыл мурутун сырайтып,
Муруттарын караса,
Чоң балтанын сабындай,
Мурундарын караса,
Селебенин кабындай.
Өңү суук калчанын,
Өңү бышкан өпкөдөй,
Сакалына караса,
Темирди тешип өткөндөй.
Көзү өгөгөн темирдей,
Мурду тоонун сеңирдей.
Түлөгөн бүркүт каштанып,
Комдонгон жолборс баштанып,
Көк күбөнү жамынып,
Көрөр болсоң, Коңурбай
Көк арстандай чамынып,
Астындагы Алгара,
Куланды кууса куткарбас,
Куйругу саян, жалы аз,
Салышкан жоого болгон маш,
Туранын түбү көпкөк таш.
Очогор мылтык асынып,
Октой болгон Алгара
Ойку-кайкы бастырып.
Алтындан кылган чор башка,
Алты карыш кап тамеки
Жайма салып алганы,
Жолум үйдөй куу коюп,
Коркурата тартканы.
Ооздон оту буркурап,
Көзүнөн жалын шыркырап,
Коё берсе түтүнү
Кол ыштыктай буркурап.
Балкылдаган манжулар,

Сүлкүлдөгөн шибелер,
Эр Коңурбай баатырга
Такоол болуп турганы.
Орой чоку, Ташбашат.
Майданга чыгып турганы».

Кошой Коңурбайдын камданып жатканын көрүп келип, Манаска:

– Коңурбай кече ыза болуп калыптыр жана мурун да кеги бар ит эле, өзү чыгып жатыптыр, эми буга картайсам да каржайып мен, же канкорум сен чыкпасаң, ким чыгат? Коңурбай эптеп кыргызга бир балаа кылсам – деп, ойлонуп калган окшойт – дейт. Манас мен чыгайын – дейт. Кошой Манас минүүгө жарайт го деген аттарды дароо жыйдырып, бирөөн тандап мингизет. Манас элден бата алып, Бакай менен Төштүк Манасты жандап чыгышат. Манас менен Коңурбай эки жолу беттешет, найзалары тийгенде, аттары итче чочоюп отуруп калат. Найзаны коё коюп, күрсү менен урушуп, кылыч менен чабышат. Жанындагы жандоочулар: «Мунуңар жарабайт, найза менен сайышкыла» – деп, ажыратып жиберет. Үчүнчү жолу беттешкенде, Коңурбайдын найзасы мурун тийип, Манас аттан учуп кете жаздап, үзөнгүдөн буту чыгып, аттын соорусуна мине түшүп барып оңолот. Оңоло түшкөндө Коңурбайдын чыкчытынын ачык экендигин көрө салып, найза менен чыкчытка сайганда, Коңурбай аттан кулап түшөт. Манас кыйкырган бойдон элге келет. «Кыргыздан эңишке киши түшпөсүн, күн чыгыш менен күн батыштан келгендер балбандарын чыгарып эңиштирсин, жыккан балбандын ала турган байгеси 90 кара мал, 500 кой» – деп жар чакырат.

Эңишке кытайлардан – Шаң дөө, күн батыш жактан Чинөөнчүк деген чыгат. Экөө тең кыйын балбан болгондуктан, алтымыш жолу беттешсе да алыша албайт. Күн батып, кеч кирип калганда, балбандарды ажыратууга кытайдан Көшөң чал, кыргыздан Акбай барат. Көшөң чал Шаң дөөнү «кой» – дейт. Шаң дөө коёюн деп, кайра тартканда, Чинөөнчүк Шаң дөөнү аттан алып таштайт. Кытай менен калмак абдан ыза болуп калат. Чабылган аттар алты күнү ары айдалып, эки күн бери келмек. Аттар келе турган күнү эл дүүлүгүп тосуп чыгат. Коңурбай – Манастан, Жолой Кошойдон жыгылганына ыза болуп калган экен. Коңурбай кытай менен калмакты чакырып алып:

– Кыргызга Манас, Кошой, Төштүк дегендери баш болуп алып, өлгөндөрүнө минтип аш берип, булар көбөйүп калыптыр. Тим койсок,

чоң Бээжинге да кол салуудан кайра тартар эмес. Андан көрө ушундайында тамырын кыркып, кыргыз аттуунун барын кыруу керек, эптеп атка шылтоолоп чатак чыгаралы – дейт. Коңурбайдын сөзүн макул таап, күлүк аттарын мыктылары тандап минишип, ок өтпөс темир тондорун кийишип, кытай, калмактар урушууга даярданышат. Аттардын алдынан тосуп барышат. Аккуланын чыгып келе жатканын Коңурбай көрө коюп, эптеп жыгайын – деп, артынан кууп жөнөйт. Жакындап келип, Аккуланы жыга турган болгондо, Манас көрө коюп: «Менин атымда сенин эмнең бар?» – деп, Коңурбайды баштан ары бир салат. Коңурбай аттан учуп кете жаздап, эси ооп, араң оңолот. Ат жыккан андай эмес, мындай болот! – деп, Алмамбет Аккуланын артынан келе жаткан Жолойдун атын жыга чабат. Алмамбеттин атты жыкканын Жолой көрүп, Алмамбетти атмакчы болуп, мылтыгын сунат. Муну Жолойдун ары жагынан келе жаткан Чубак көрө коюп, аны ай балта менен башка бир салат. Кырк чородон коркуп Жолой калмактардын арасына кире качат. Аккула чыгат. Манас, Кошой аттардын байгесин бөлүштүрүп берем деп, кечинде үйүнө барса, кытай менен калмак кыргыздарды сабап туруп, аттын байгесин тартып алып, айлын көздөй жөнөп кетишкен. Булардын артынан Төштүк 40 миң кол, Бокмурун 100 миң кол менен кууп кетишкен экен.

Манас ачууланып:

– Коңурбай менен Жолойго аттын байгесин тарттырып жиберет деген эмне кеп, аттын байгесин тарттырып жибергенден көрө, ажалым жетсе, ошолордон өлөйүн – деп, калың кол менен кытай, калмактардын артынан кууп жөнөйт. Кытай менен калмак качып жүрүп Кулжага жакындап калган экен, эми кыргыздан кутулдук го дешип, айылдарына: «Биз кыргыздын байгесин тартып алып, өздөрүн чаап келе жатабыз, арак тартып, торопой союп даярданып турсун» – деп, киши чаптырышат. Жолой да илгерилеп кетет.

Ээн жатып, эс алып алалычы дешип, аттарын коё берип жаткан кезде, Манас 400 миң кол менен барып басат. Эч нерседен кабарсыз жаткан кытай менен калмакты аябай кырышат. Кайсы бирөөлөр өлөрүнө көзү жеткенден кийин өзүн өзү сууга таштайт. Алооке алты миң кол менен качып кетет. Коңурбай, Мурадыл, Оронгу 150 миң кол менен Манаска беттешет. Жекеге Коңурбай чыгат. Бокмурун жекеге Коңурбай менен беттешүүгө мен барайын! – деп, Кошойдон уруксат сурайт. Кошой сен азыр жашсың деп, уруксат бербейт.

Бирок Бокмурун асылып туруп алгандан кийин, мейлиң – деп, уруксат берет.

Манас Коңурбайдын жекеге чыкканын көрүп, буга менден башка ким чыгар дейсиң деп, жарак-жабдыгын асынып, Аккулага минип жөнөгөнү жатканда, Коңурбайга Бокмурун чыкты деген кабарды угуп: «Кап, бекер балалык кылды ээ!» – дейт. Бокмурун атынын күлүктүгү жаңа өзүнүн ыкчамдыгынан өзүнө найза салдырбастан, Коңурбайды 6-7 жолу сайып, жарадар кылып жиберет. Айласы кеткенде Коңурбай намысты коюп, кара жаным калар бекен – деп, элин көздөй качып жөнөйт. Бокмурун жетип, чыкыйга сайып өлтүрмөкчү болгонунда, Нескара Бокмурундун найзасын үзө чабат. Аны көргөндө Манас аламан ат коёт. Кытайлар кыргынга учурайт. Коңурбай качып кутулат, Нескара колго түшөт. Жолойду үйүндө жаткан жеринен өлөрчө токмоктоп, 30 миң үйлүү калмактын малын түп көтөрө чаап алып, көп олжо менен Манас кайта келет.

## ЧОҢ КАЗАТ

Көкөтөйдүн ашын Манас, Кошойлор башкарып, кырк уруу кыргыздын малы эсепсиз союлуп, Манас кыргыз, казактын чоңдорунун бардыгын айдап жүрүп ашка кызмат кылдырат. Тил албагандардын чокусуна камчы ойноп, жакшылар – жанынан, байлар малынан түңүлөт. Бул өңдүү кордукка чыдабаган кандардын бир тобу аш үстүндө: Канкор Манас кыргыз элин кырганы жүрсө керек, мунун кырк чоросун кырып, өзүнө өлөр өлгүчө эси-көөнүнөн калгыс сыр көрсөтөлү – деген өңдүү кыжың-кужуң сөздөрдү чыгарышат. Аны кары Кошой угуп калып:

– Балдар, силердин мындай кылабыз дешиңер бир конгон конокко сыр алдырып, доско – күлкү, душманга таба кылдыруу болот. Манас ашты аягына чыгара башкарып, конокторун узатсын. Жайчылыкта өзүм баш болуп, Манасты силерге басып беремин – дейт. Аштын таркаганына жыл он эки ай толот. Манаска караган кандардан он төртү Кошойго келишип:

– Кырда мал багып, жыргап жаткан кырк уруу кыргыз элек. Капкайдагы бир ашты беребиз деп, төрт түлүктөн кол жууп, тополоңубуз тоз болуп, тогуз уруу кыргыз калдык. Арадагы казактар да калың

капсалаңга учурады. Былтыр эле Манас менен аш үстүндө өлбөгөн жерде калыша турганда, аны өзүм басып беремин деп тыйып койдуңуз. Ал убадаңыз кайда? – дешет.

Анда Кошой:

– Тил алсаңар, балдар, карыганда Кошой чалыңарды калжаңдатпай тим койгула! Тил албасаңар барып Манасты чаап алгыла, бирок канкордун каарына калып: кетпес сыр, түгөнбөс чыр баштап, башыңарга балаа тилеп албагыла – дейт.

Алардын ичинен: Акбай, Мамбет, Агыш, Кожош, Көккоён, Султан, Чегиштер Кошойдун тилин алып, коюп калышат. Буудайбектин Музбурчагы, казактардын Көкчөсү, Элемандын Төштүгү, Эштектердин Жамгырчысы, Таздын Үрбүсү, Анжияндын Сынчыбеги Алайдагы Аңырдын сазында болгон Төштүктүн тоюна жыйналышып отуруп:

– Кече эле Көкөтөйдүн ашында башыңа кызыл камчы ойноду. Ызаны көрсөң, сен көрдүң, намыстанаарын биз намыстандык. «Эрге – намыс, коёнго – камыш» – деп, аш үстүнөн чыр чыгарарда, эки ортодо Кошой куйтулук кылып кетти. Тымпыйып отуруп албай, Манаска кол салсак, кошулсаң кошулаарыңды, кошулбасаң кошулбасыңды айт. Отурган кандар сөздү сага берип отурушат – деп Үрбүгө обдулушту.

Үрбү, айласы кетип туруп:

«Баштасаңар Манастын
Башын кесип берем – деп,
Мактана албайм.
Астыңардан чаң чыгарам – деп,
Айта да албайм.
Арканардан чаң чыгара албай
Кайта да албайм.
Маанайым бас,
Айлым аз,
Башым таз,
Өз тууганым өзүмө кас» –

деген сөздү айтат.

Алты кан көпкө чейин кеңешип отуруп, акырында мындай деген тыянакка келишет:

«Камалып, корко бергендей,
Ал бадирек канкордун

Айылы бизден арбынбы?
Адамы бизден баатырбы?
Эли бизден арбынбы?
Эрдиги бизден артыкпы?
Өбөгү бийик өрдөбү?
Өзү бизден өйдөбү?
Өткүр Манас канкордун
Өнөрү болсо көрөлү,
Келбей калса каруубуз,
Арга барбы, өлөлү.
Төрө болсоң, жорткун – деп,
Төгүн болсоң, корккун – деп,
Бадиректин колуна
Колотуп кагаз берелик,
Кол чакырып көрөлүк.
Корксо, бизге келе албас,
Кордук кылсаң, кек албас.
Кокустан Манас кол менен,
Кош-Артыштын жол менен
Келип калса, кенебей,
Азын-көбүн ченебей,
Эч нерсени элебей,
Келип калса, баатырды
Миңге бирден бөлөлү,
Бирине бирин көргөзбөй,
Бириндетип жөнөйлү.
Карайлатып апарып,
Каканчындын калкына,
Канын кара кылалык,
Карасын тамам кыралык.
Бегин – бейпай кылалык,
Бекерин тамам кыралык.
Ушундай көрсүн кордукту,
Уктаса, кирсин түшүнө,
Ушунтип, канкорду
Келтирелик үшүнө.
Ойгоодо келсин оюна,

Андан кийин бул Манас:
«Челишет экен кыргыз» – деп,
Ченеп иш кылсын боюна.
Адиси эми ашынса,
Акылы кокус шашылса,
Кокусунан биз жактан
Кол келсин – деп, чакырса,
Кошуун жөнөп калалык,
Конок болуп баралык.
Эсеп жеткис эл менен,
Эски кыян сел менен,
Конуш жеткис кол менен,
Кол бийлеген зор менен,
Жайыт жеткис жан менен,
Саркерделүү кан менен,
Түмөн кошуун баралык,
Түгөнгүрдүн үстүнө
Дүбүрөп түшүп калалык!
Желегин жерге жапырып,
Коргонун колго бастырып,
Кор кылалык бир жолу,
Конок менен шаштырып,
Жети кандан кол барса,
Жер майышкан мол барса,
Жеке Манас күтө албас,
Жер жаанды алса да,
Желигип турган бул канкор,
Шаасы келип, түтө албас.
Коломтосун оёлук,
Короодон коюн соёлук,
Конок менен шылтоолоп,
Кордук кылып коёлук.
Өрүштөн бээсин жаралык,
Өкүм менен баралык,
Өзүң кылган жумуш – деп,
Милдетти кайта салалык.
Бизден күчтүү канкордон,

Билими артык анткордон
Минтип, билдирбей кекти алалык!
Ары-бери кеп айтса,
Андай-мындай деп айтса,
Арачысын сабайлы,
Аламандап талайлы.
Гүл багына камайлы,
Күлдү журтун талайлы,
Көсөмсүгөн көй төрө
Көрүп калсын далайды.
Төрүнө кудук казалы,
Төшүнө казан асалы,
Төрт түлүк малын чачалы,
Дөгүрсүгөн канкордун
Төбөсүнөн басалы.
Тууганы калсын күйүнүп,
Душманы калсын сүйүнүп,
Айлы калсын бүлүнүп,
Акимсиген канкорго
Минтип, бир коёлук билинип» – дешип, эң мурун Манасты чаап алып, андан кийин Кошой өңдүү чалдарын чаап алмакчы болушуп, канга колдорун малышат. Алар бул кеңешке оогандын калыс каны Акунду чакырса, ал келбей коёт. Алты кан алты баатыр атказып, колдоруна кат жазып берип, жолго салышат. Алты элчи 8-9 күн дегенде Чакмактын-Белин ашып, Чатыр-Көл, Нарын, Жумгал, Суусамыр басып, Таласка кирип келишет. Алар Манастын ордосуна кире албай, сыртта турганда Манас:

– Келгендер, баягы кеңешип жатат – деп, кербендер айтып келген акмак кандардын элчиси болуу керек. Урбай-сокпой сыпаалык менен ордого киргизип, бирок эси-көөнүнөн калгыс кылып, жүрөгүнүн үшүн алгыла – дейт. Ордонун дарбазасынын башчысы Жоорунчу уруш коңгуроосун какканда, алты баатырды ордо баккан көп аскер тегеректеп, кээси жебесин чоюп, кээси найзасын сунуп, кээси мылтыгын мээлеп, кээси кылычын кезгерип, айдап отуруп, дарбазадан кийирет. Ордонун ичинде нечен жеден бууп, ордо кайтарган желдеттердин отузу алтоон аттарынан оодарып тартып, ар бирөөн үч кишилеп сүйрөп, ордонун жанына келгенде, канга салам бергиле деп, алтоон эт-бети менен жерге

жаткызат. Элчилерде соо калбайт. Айткан саламдарына Бакайдан башкасы алик албайт. Бир аздан кийин, Ажыбай:

– «Эмнеге келдиңер эле?» – деп сураганда, корккондорунан тилдери күрмөөгө келбей, жандарынан каттарын сууруп беришет. Аларды бир тамга алып барып киргизип, ар уруу тамактарды берип, алты күн жаткызат. Катты окугандан кийин, ойлогондой иш болду – деп, Манас элин чакырып, алты күнү той берет. Кандардын элчисине ат мингизип, чапан жаап, колдоруна кат жазып берип кайра кайтарат.

Кайра барган элчилерине алты кан:

Манас эмине деди, кандай экен – деген суроолорду берет.

Алар:

«Ой, улуктар, – деп айтат!
Таласың да курусун,
Манасың да курусун,
Адам заат баласы
Айтар эмес жумушун,
Ким билиптир мунусун.
Барган күнү камады,
Акыл башта калбады.
Ар бири арстандай желдет талады,
Алып барып бир үйгө,
Алты күнү камады,
Акыл башта калбады.
Камоосунан чыкпадык,
Манасыңдын оозунан
Бир ооз кебин укпадык.
Алты күнү жаткырды,
Ар бир даамын таттырды.
Алты күндө жол берди,
Алтын жака дейилде
Ар кишинин башына
Алтымыштан тон берди.
Алты бедөө ат берди,
Колубузга кат берди.
Эшикте бедөө аты бу,
Манастын берген каты бу!
Акылга мыктап токуңар,

Молдоңор алып окуңар
Катын сууруп беришет.

Катта:

«Акыл айттым ойлонгун,
Акыры чыгар ойронуң,
Ары чети болжолум
Так кырк күндө келгин – деп,
Ал кырк күндөн калганың
Талкаландың билгин» – деп, жазылганын окугандан кийин, отурган эл эмине дээрин билбей, шашып калышат. Өздөрү кеңешип кат жазып коюп, кийин жагынан калтаарып турган кандарга Элемандын эң кенже уулу эр Төштүктүн ачуусу келип, мындай дейт:

«Атаңдын көрү, алты кан.
Айтарын билбей тантыган,
Айлында жүрсө, мыкты жан.
Бабаңдын көрү, алты кан,
Маалада жүрсө, мыкты жан!
Урсун кудай баарыңды,
Музбурчак баштап карыңды.
Жайында жатса, тынч койбой
Жайдары Манас каныңды,
Оолугуп калса, ал Манас,
Оңдурабы баарыңды?!
Сойлоп жаткан ажыдаар
Сонун иши кыйла бар, ‘
Куйругун басып алдыңар,
Оозун ачып, оп тартса,
Алкымына Манастын
Кирбей кантип калдыңар?
Күн чыгышта бириң бар,
Күн батышта бириң бар.
Күлдү барың күүлөнүп,
Төгүлгөн жүргөн жиниң бар,
Төрө Манас баатырга
Аккула менен качырса,
Айбатына жол тосуп,
Тура турган кимиң бар?!

Эми Манас иш кылар,
Жай күнүңдү кыш кылар.
Билдирбестен иш кылар,
Аягында апарып
Баарыңды бирдей мыш кылар.
Төштүктү айтар «төрөм» – деп,
Музбурчакты кекетер
«Бузукту сенден көрөм» – деп.
Жамгырчыны айтар «эрсиң» – деп,
Сынчыбекке сүйлөнөр –
«Жаман киши – сенсиң» – деп.
Үрбүнү айтар «чабал» – деп,
Көкчөнү айтар «жаман» – деп.
Эми кайтып айныба
Айнып шоруң кайнаба!»

андан көрө жер жайнаган көп кошуун менен барып калалык. Манастын ак көңүлү кармаса, Каңгайдагы кытайды чаап берип, калың олжого батырат. Ит оорусун карматса, мага десе, баарыбызды кырып салып, кыпкызыл каныбызды ууртасын. Өлсөк, бириндеп жүрүп өлбөй, чогуубуз менен өлөлүк – дейт.

Манастын белгилеген мөөнөтүндө туш-туштан калың кошуун келе баштайт: Алты шаардан Жамгырчы – 700 миң кол менен, Котондон Төштүк – 100 миң кол менен, Кеминден Үрбү – 200 миң кол менен, Сары-Аркадан Көкчө – 1 миллион кол менен, Самаркандан Сынчыбек – 900 миң кол менен, Бухарадан Музбурчак – 200 миң кол менен келишип, ар бир кандар атынан түшүп, кулдук уруп, Манас менен саламдашат. Жалгыз Элемандын Төштүгү атчан туруп салам берет. Алты канды коноктоп күтүүгө Манастын кырк чоросу бөлүп-бөлүп алып кетишет. Он чакты чоросуна конок жетпей калат.

– Эртеси Манас алтын тагын талаага куруп, кошуундарынан бөлүп, бүлүк салганы жүргөн кандардын өзүн айдатып келип, мындай дейт:

– Тим жат десе, болбойсуңар, тийишкениңерди койбойсуңар. Силерге өчөшсөм, болбогон жорукту көрсөтсөм болор эле. Мага кол курап, мынчалык кошуун менен келип калыпсыңар. Мен көптөн бери казатка барбай, капа болуп жүрөм.

Кандар, сизге жол болсун,
Катылба десем, болбойсуң.

Ар качандан бир качан,
Камаганың койбойсуң!
Эми кандай акыл ойлойсуң?
Кай түрдүү оюн ойнойсуң?
Каардансам, кандарым,
Капилет өлүп сойлойсуң!
Атым Манас болгону,
Арбагым башка конгону,
Албай жоону койбодум,
Ичип канга тойдобум!
Ойдон алдым ooганды,
Оңойсунтуп катылып,
Оңуп кайсы жоо калды.
Кыйба менен кыйрашып,
Кызматка алдым ooганды.
Кыйынсынып катылып,
Кытай кайдан соо калды.
Ойдон алдым калчаны,
Ойрон кылдым канчаны.
Озунган душман кол салып,
Ушу кезде биздерге
Ок атуудан чарчады.
Кара-Шаар камбылды,
Калың кыргыз уругун
Кадыр алдам жан кылды,
Кара кытай калкынын
Өлгөнүн эче сан кылды.
Маңгул менен Каңгайды
Басып алдым далайды.
Баста жатат Бакбурчун,
Байкаймын кытай баш журтун.
Чынмачын менен Каканды,
Жыйылып мынча келген соң,
Чыгарыңар капамды.
Чыңалып келген кандарым
Чын сырымды айтамбы.
Жолдошсуз алдым аларды,

Ойлоп турсам, ким билет,
Жоо болгон аман каларды.
Карасыз алдым аларды,
Ойлоп турсам, ким билет,
Катылган аман каларды.
Кандар силер билиңер,
Кай жакка уруш саларды.
Ат жетер жерде жоо калбай,
Ар тарапка челиштик,
Атышкан душман соо калбай.
Мал жетер жерде жоо калбай,
Басташкан душман соо калбай.
Байкап өлчөп карасам,
Барбаган жоодон ким калды?
Маңгуба, Саян, Каканда
Бакбурчун журту тим калды.
Аккула ат изи жете элек,
Ак болот мизи кесе элек,
Ак найза учу теше элек,
Аккелте огу тие элек,
Ажалдуусу окко учуп,
Өлүмдүн тонун кие элек,
Өмөлүп душман кире элек,
Албаган жоодон ким калды?
Барыңарга эп болсо,
Бакырың айтар кеп болсо,
Каспандын кара тоосунда,
Капкалуу Бээжин оозунда,
Чок-Табылгы жайлаган,
Чоң кара атын байлаган,
Жоо дегенде, шайланган,
Алтымыш жайсаң иниси,
Алооке кандын кенжеси,
Калдайдын уулу капырга,
Кан Коңурбай баатырга
Казат кылсак канетет?
Калк жыйылып топ келдиң,

Казат кылсак канетет?
Калкым, уккун бир насаат,
Калмакка кылып чоң казат,
Кыргызга кызык чоң жумуш,
Кытайга салып чоң уруш,
Кайнап жаткан кытайга
Барып калсак канетет?
Жатып калган жамбысын
Ачып алсак канетет?
Жарагынча баргандар
Алтын алсак канетет?
Бой-бойдоктун барысы
Моймолжутуп кытайдан
Катын алса канетет?!»

Манастын бул сөзүн уккандан кийин, кандардын баары колдорун боорлоруна алып чуркурашып, кайда барсаң, биз турдук – дешет. Каарданган Манас кайра ачуусу тарап, андай болсо араңардан бирөөңөрдү кан көтөргүлө – дейт. Кандардын баары кан болуудан коркушуп, жооп беришпейт. Каалоочуңар жок болсо:

«Атка минсе – ак жолтой,
Атышкан жоого – сан колдой.
Жортуп чыкса – ак жолтой,
Жоо качырса – сан колдой.
Төшөнгөнү баян дос,
Жоо тепсесе, ойгонбос.
Качырса, жоого шаңдуу кул,
Кармаганы кандуу кул,
Урунганы жамбы бул.
Маңдайында тырыш жок,
Ак жүзүндө бырыш жок.
Арстан Манас баатырды
Сайып жүрүп бак кылган,
Салып жүрүп там кылган,
Айтышканда сырдашы,
Наалышканда муңдашы,
Капысынан сөз тапкан,
Караңгыда көз тапкан.

Бакай абамды кан көтөрсөк канетет? – дейт, Манас. Көпчүлүк макул болушат.

– Буурул түн көрүп, Иртиш, Орхон дарыяларын кечкениң барбы? Киши кийиктерди, жалгыз канат куштарды көрүп чөлдө жүргөнүң, кайык минип көлдө жүргөнүң, Бээжинден жылкы тийип, Кытайдын баш-аягы алты айлык бийик сепилинен өткөнүң барбы? – дейт, Манас.

Көпчүлүктүн ичинен билемин деп, чыккан киши болбойт. Алмамбет – мен билемин – дейт. Бакай кан колбашчы, Алмамбет жолбашчы болуп дайындалат. Эртеси Манас келген кошуундун ар бирөөнө өз жылкысынан бирден кош ат, кош артуу үчүн кош башына бирден айгыр, союш үчүн бирден байтал берип, колду чубатууга салып, эсебин алганда, колдун жалпы саны 3 миллион болот. Колдун бары жөнөп бүткөндө, Манас кырк чоросу менен Акылайдын ордосунан аттанат. Бир аз узай түшкөндө, Манастын кабагына бүркөө кирет. Аны Алмамбет дароо сезе коюп, Манасты жандай түшүп: «Баатыр, Каныкей жеңеме бурула кетип, батасын алсак канетет?» – дейт. Манастын бүркөлгөн кабагы ачылып, күлүп жиберет. Катын жандуу канкордун каалаганын таап айтты – дешип, кырк чоросу күбүрөшүп күлүп калышат

* * *

Кантип төрөм келбей кетсин – деп, камданып турган Каныкей кырк келин ээрчитип тосуп чыгат:

«Жаныңда жасоо жолборсуң,
Жарашкан жалпы жолдошуң,
Сапарга чыксаң, жол болсун!
Кылган ишиң күч болсун,
Самаган душман түз болсун!» – деп келип, Манастын атын алып,

«Шамдагайы болжолсуз
Шапа-шупа ат байлап.
Эң алдында жүгүрүп,
Эликтей болуп түйүлүп»

Каныкей эшик ачат. Даярдап койгон тамактарын берип:

Бээжин деген кыйын жер дечү эле. Чоролорго даярдап койгон анча-мынча кийгизерим бар эле – деп, сандыктан чоң ак куржунду

бир нече балбандарга көтөртүп келип, жайкы киерине кырк калпак, кышкы киерине ичи суусар иштелген, тышы буулум тышталган кырк тумак, ак чүчтө көйнөк, суп дамбалдан ар чорого он жуптан, жакасы алтын, жеңи жез, калыңдыгы жарым кез, ичине ок ширетип иштелген, жакасына жазылган чоролордун аттары бар, айбалта менен бир чапса, алтымыш ок атыла турган кырк ак күбөө тон, сайма шымдан кырк, шири менен чарытып тиктирген кырк өтүк, кырк дүрүйө чулгоо, аягы табарсыкты чаптаган, жогору жагы төштүн айбалкасын каптаган кырк кемер, эки миздүү кырк тинте (шап), оттук, бычак, дагы толуп жаткан ок-дары, кол канжыгаларына бирден доолбас байлап, арткы канжыгаларына соот бөктөргөн, үстүнө жолборс үртүк жабылган кырк бедөө ат мингизет.

Каныкейдин бул өңдүү сарамжалдуулугуна таң калган Манас:

«Бу Каныкей катындын,
Буластаган капырдын
Ушу сөзү чын болсо,
Атаң, анаң дебеске,
Артылтып камчы салбаска,
Артынан күнү албаска,
Аккелтенин огу урсун!
Көк милтенин чогу урсун!» –

деп, касам берет. Каныкей Манастын кийип турган кийимдерин жетим жесирге таратып берип, садага чабат. Манас кырк чоросу менен жөнөөрдө, Каныкейдин Алмамбетке айткан сөзү:

«Үзөңгү бутка жиберип,
Канкор атка мингени,
Саламат уулу Кыргыл чал,
Заңк дедире бир уруп,
Доол кагып ийгени.
Кылымдын көзү жаш болуп,
Кыраанын Манас баш болуп,
Дарбазанын тышына
Жаңы чыкты ушунда
Кол башчысы Кыргыл чал,
Доол каккан тушунда.
Кырмызы жоолук колунда,
Кырк баатырдын соңунда,

Күрөөкө тондой жылт этип,
Күкүктөй үнү зыңк этип,
Аяш, бери токто! – деп,
Каныкей басты шыңк этип.
Каныкейден өтө албай,
Кайрылбай таштап кете албай,
Кан Алмамбет айланды.
Алмамбеттен өтө албай,
Ары жүрүп кете албай,
Арстан Манас байланды.
Манаска карап токтолду,
Андан кийин ары жакка
Бастырган бенде жок болду.
Каныкей көзүн жаштады,
Кайгылуу сөзүн баштады:
Жайкы чилде – кырк күндүр
Кыш чилдеси – кырк күндүр,
Эки кыркың – сексендир.
Көрбөгөн бенде – жексендир.
Жайлоо тарап толуптур,
Жаңыдан чилде болуптур!
Жай төрөлөр, жайылып,
Сапарың алыс болуптур!
Азык алдың дилдеден,
Атка миндиң чилдеден.
Мен сурайын бу жерде,
Бээжин жери не жерде?
Бет алды кыргыз жолборсу,
Бектерден болгон жолдошу,
Бээжиниң канча жол болчу?
Канча күндө барасың?
Канча күндө келесиң?
Кабарың айтып бергейсиң?
Алың келип аларды,
Алың келбей алдырып,
Анжы, Манжы, Таңшанда
Арстандар жатып каларды.

Алдырып салып, өлөрдү,
Арстандардын баарысы
Алыска сапар жөнөлдү.
Аттанган жандар аманат,
Астыртан болжоп биле албайм,
Аман кайтып көрөрдү.
Ат кубаты жал менен,
Адамдын күчү мал менен,
Аарынын күчү бал менен,
Айымдын күчү кан менен,
Булуттун күчү жел менен,
Буудандын күчү тер менен,
Улуктун күчү эл менен,
Дыйкандын күчү жер менен,
Кыяндын күчү сел менен,
Катындын күчү эр менен.
Таянар жалгыз кан төрөмдү,
Жаман жолго жөнөдү,
Аман тирүү көрөмбү?
Айрылып алып арстандан,
Арманда бойдон өлөмбү?!
Сүйүп мээрим канбады,
Аркасында баатырдын
Сөөнөр туяк калбады.
Алып мээрим канбады,
Аркасында баатырдын
Алдейлеп берсент калбады.
Кейишти санап жеңеңдин
Кете турган дарманы.
Баатырымдын барынан
Мамыкка жаттым, уктадым,
Баары журтту туткамын.
Басылбаган чоң арман
Баркыратып ыйлатып,
Баланын үнүн укпадым.
Беренимдин барынан
Мээлүүндө жаттым, уктадым,

Беш уруу журтун туткамын.
Бекерге өткөн өмүрүм,
Безилдетип ыйлатып,
Берсенттин үнүн укпадым.
Аттанган канча жамагат,
Ааламга болгон алаамат.
Арзыган кытай арбын жоо,
Ан үчүн жаның аманат.
Кара курттай жоо болсо,
Касаба кара тоо болсо,
Каптаган калың жоо болсо
Кайраттуу төрөм токтолсо,
Кайнар кара суу болсо,
Кайгайлаган чуу болсо,
Калкылдаган туу болсо,
Кашында киши жок болсо,
Камоодо төрөм токтолсо,
Чалчыктуу кара суу болсо,
Чабуулдаган чуу болсо,
Жаркылдаган туу болсо,
Жанында киши жок болсо,
Жайдары төрөм токтолсо,
Ойлонсоң ушу сөзүмдү,
Окко уруп өзүңдү,
Каралашар Сиз деймин,
Камалап кытай кол салса,
Кайратты Сизден издеймин!» –

деп, Каныкей ыйлап туруп, Манасты Алмамбетке тапшырат. Аны угуп турган Алмамбеттин көзүнө өзүнүн жалгыздыгы элестей түшүп, кара көзүнөн жаш мончоктоп, кайрылып туруп Каныкей жеңесине мындай дейт:

«Аттигини, жеңеке!
Кошуундун камын жедиңиз,
Арстанды жалгыз дедиңиз!
Аягы тийди өзүмө,
Ар түрлүү айткан кебиңиз!
Безеленип арыз айтып,
Как ушу жердин өзүнө

Арман менен келдиңиз.
Жалгыз өзүм бейдарман,
Бек тапшырып мени айттың,
Менде тоодон чоң арман.
Жалгыз дейсиң баатырды,
Жайнап жаткан көп кыргыз
Кимге тууган акыры?!
Энеси бөлөк нечөө тур,
Жергеси бирге жетөө тур!
Артында арстан баатырдын,
Аңдагын сөзүн акырын Абыке,
Көбөш ини бар.
Астында турган бир кулдун
Өзүнөн бөлөк кими бар?
Өчтөшүп жүргөн кытайдан
Өлүп калсам окустан,
Өчүп калсам кокустан,
Айткан кебим ким сыйлайт
Аманат жаным ким кыйнайт
Азып жүргөн бир кулга
Абыдан кейип ким ыйлайт?!
Тутунарга тууган жок,
Журтумдан эч ким кууган жок!
Аманат кара жан үчүн,
Ата-энемден айрылып,
Алдырадым ал үчүн!
Чымындай жандын айынан,
Чын коркуп кандын каарынан
Чыгып келип мен турам,
Чынма-чындын шаарынан!
Алдымдан карар ага жок,
Ажал жетсе, даба жок.
Аманат жанга бир себеп,
Арстандан бөлөк баана жок!
Артымдан карар ини жок,
Айлана тууган бири жок.
Ар кандай тартсам азапты,

Өзүмдөн бөлөк билүү жок!
Ары карап мен кетсем,
Наалучу адам бири жок!
Алмамбет арман баштады,
Атпай турган кырк чоро
Агызып көзүн жаштады.
Жанымда турган кырк баатыр
Жакшыраак болсом, көрө албас,
Жарлык кылсам, көнө албас,
Шашкаландуу күн болсо,
Жанымда турган кырк баатыр
Жакшылап жууп, көмө албас!
«Чала болду кулга» – деп,
«Буга окшогон кытайдын
Жатар жери жылга» – деп,
«Мойнунан илдик талга» – деп,
«Болду жакшы кулга» деп,
Жесетим жерден албастан,
Челишип жоого барбастан,
Таштаган бойдон жөнөөр – дейм.
Жай баракат күн болсо,
Туз көмгөндөй көмөр дейм!
Жалгыздыгым билинип,
Жар мойнума илинип,
Жатып калам – деп, ойлойм,
Жадымда далай кеп ойлойм.
Баркырап ыйлар балам жок,
Баркымды билер адам жок.
Кайышып калар карам жок,
Каңгыган кара бир башым,
Карманарга карам жок.
Тутулуп калган туяк жок,
Жалган дүйнө каранга
Же туруп калар сыяк жок.
Катыным кара кийинер,
Кадырлаш болсо, кай бирөө
«Калмакка жакшы болду» – деп,

Кадиги жок сүйүнөр.
Атпай журтта акым жок,
Ары-бери карасам
Алганымдан жакын жок,
Алганым анык күйбөсө,
Атылган ташка биздин ок.
Кара журт сенде акым жок,
Карап турсам дүйнөдө
Катынымдан жакын жок!
Катыным жакшы күйбөсө,
Кагылган ташка биздин ок!» – деп, Алмамбет арманын айтат. Угуп турган кырк чоронун көздөрүнөн жаш токтобой, бөйрөктөрү солкулдап, ыйлашат. Ал гана эмес, Манас да көзүнө жаш алат. Алманбетке алган жары перинин кызы Арууке келип, куру да болсо, Алмаң кубат болор деген ой менен:

Казатка жөнөп жатып, капкайдагы сөздөрдү козгоп, жаш балача жашыганыңыз болбойт! Тукумум жок – деп, да капаланабы. Үч айлык боюмда бар – дейт. Качан кайтарыңардын болжолун айтып кет, силер кечигип калсаңар, казаттагы берендер алда кандай күнгө учурады – деп, сарсанаа болуп жүрбөйлү. Кокус кошуунуңар арып-ачып келип калса, семиздүү союшуңарды камдап туралы – деп, Алмамбеттен Каныкей дагы сурайт

Алмамбет:

Ары барыш үч ай, бери келиш үч ай. Орхон дайрасынан өтүп барып, ат каратил болгончо, алты ай кыш кыштаарбыз, алты ай уруп салсак, казатыбыздын жолу ачык болсо, айланасы 18 айдын жүзү болгондо бизди Таластан тосуп ала бериңиз – дейт.

* * *

Манас алдыга жөнөп кетип, Чүйдөгү Чөмүчтүн сазына келип, чатыр тиктирип, чатыраш ойноп жатып калат. Колдун эң артынан барган Алмамбет аттарын жайдактап салып, өздөрү жыңалачтанып, чапандарын көлөкө кылып алып, жай баракат уктап жаткан колду көрүп, ачуусу келет да Манаска келип:

– Төрөм, бул кандай жатыш? Бул эмне деген жайбаракаттык? Көп кошуун казатка бара жатабы, же тойго бара жатабы? Кытай оңой

жоо эмес. Бул өңдүү кошуунду ээрчип, мен казатка бара албайм. Эгер Сизден уруксат болсо, убара болбой, мен Таласка кайтсам экен – дейт. Манас бул сөздү уккандан кийин, Ажыбай менен Серекти Бакайга чаптырып, Бакайдын кандыгын кайра сурап алып, Алмамбетти кан көтөрөт. Алмамбет колдун эсебин алып, он башы, жүз башы, миң башы, миллион башыларды дайындап:

– Кимде кимдин кол алдындагы он башысынан же жүз башысынан бир кишинин саны кемисе, же адашып кетсе, ал он башынын башын аламын. Мындан ары кырк күнү жол жүрөбүз. Эч кимиң дасторкон жайып, тамак ичип, бел бошотуп, бут чечпейсиң, чырым этип уйку албайсың, кан жардыгы эки эмес – деп, добулбасын карс уруп, кериней, сурнайларын тарттырып, көп колду баштап алып жөнөйт.

## КАЗАТ

Калың кошуун эч токтоосуз кырк бир күнү жол басат. Абышкалар аттан ооп түшө турган даражага келип, аттары ыргалып, көпчүлүктүн шайманы бошойт.

Кырк чорого башчы болуп жүргөн Кыргыл чал өзүнүн он башчысы Бозуулга келип:

– Жашым алтымышка чыкканы далай эле казат көрдүм эле. Асили бул өңдүү казатты көргөн эмесмин. Күнү-түнүн эсептегенде, ат үстүнөн түшпөй жүрүп келе жатканыбызга бүгүн 82 күн болду. Калың кыргыз турса, капкайдагы бир жинди калмакты кан көтөрүп коюп, канкор Манас көпчүлүктү кыра турган болду. Мынчалык көп кишинин убал-сообу кимге? Белимден күч, колумдан кубат кетип, өлө турган болдум. Бу көрөкчө, менин башымды кесип алып, канкор Манаска алып барып, эртерээк эл жайынан кабар бергин – дейт.

Кыргылдын бул сөзүнө мурунтан кырдалын келтире албай жүргөн Бозуулдун ачуусу келип:

– Кыргыл чалым, калжырабай жөн бастыр! Сенин башыңды кесип алып, өлөр өлгүчө канкордун каарына кала турган алым жок. Кан буйругу эки эмес. Өз ажалыңдан өлсөң, өлө бер. Өлсөң, өлүгүңдү астыңдагы Акборчук атыңа арта салып, Өгүз-Өтмөк, Тай-Өтмөккө жетип, колдун эсебин алганда:

«Айдап берип сегизин,
Азыркы турган тогуз деп,

Кыргыл менен он эле
Өлдү Кыргыл доңуз» – деп,
Эсебиңди өткөзөмүн – дейт.
Ал сөздү угуп ачуусу келген Кыргыл:
«Болду Бозуул жолборсум,
Күм-жам болор жеримде
Күйө турган жолдошум.
Он башыны чыгарган
Ойрон калмак оңбосун!» –

деп, ачууланып, Манастын артынан кууп жетип: «Элди кырдырасыңбы? – деген сөздү айтат. Манас Кыргылдын ачуусунун келгенин билип, мурутунан күлүп туруп:

– Кантебиз, ким эле жыргап бара жатат дейсиң. Кошуундун каны Алмамбет. Азырынча оройлугуңду коюп, кайра тартып, он башыңа кошул – деп, бастырып кетет.

Манас кырга чыгып, кошуундун алын байкамак үчүн дүрбү менен карап, көпчүлүктүн шайманы кетип, кыйласы ат үстүндө жүрө албагандыктан, атка таңып келе жаткандыгын көрүп, Алмамбеттин артынан жете барат да: Кыргыл чал өлмөк болдум – деп, арыз айтып келгенин, аны он башыңа бар – деп, кууп жибердим эле. Дүрбү менен байкасам, ырас, элдин шайы кетип калган көрүнөт. Макул десең, бүгүн ушу арага өрүүн болсок канетет? – дейт.

Манастын айткан сөзүнө Алмамбеттин ачуусу келип:

– Кыргыл чалым өлмөк болду – деп, курулай менин башымды катырбай, ач кулагымдан – тынч кулагым, кандыгыңды өзүң алып, менин жанымды тынчытчы! Коошпос сөздү сүйлөгөн кокуй Манас экенсиң, – деп, ачууланып, атын санга бир салып жөнөп кетет. Алмамбеттин жанда жок кайраттуу жана бир сөздүүлүгүнө:

– Атаңа ракмат! – деген сөздү ичинен айтып, Манас ыраазы болот да, ыгы жок жерден Алмамбетке бир сындырды деп, Кыргылга кыжыры келет. Алмамбет ошо жөнөштөн токтобой дагы бир күн жүрүп келип, кошуундун алын байкагандан кийин, кошуунду Шараптын оюна өрүүн кылып, өзү туш-тушунан алтымыш дарыя куюп, күкүк болуп кирип жаткан Орхун дайрасынан сүздүрүп, чабак уруп өтүп, чалгын чалат.

Эл четинде, жоо бетинде ар качан кароол карап жүрүүчү кытайдын эң чоң баатыры – Кырымдын уулу Мурадыл белгилүү кездерде

келип, душмандын жолун чалып кетүүчү. Мурадылдын качан келип жер чалары Алмамбетке да башынан бери маалым болучу. Алмамбет колду токтотпой шаштырып айдагандыгы: ошол Мурадылды жер чалып келгенинде, үстүнөн чыгып басмакчы эле. Алмамбет белгилүү жерге жетип барса, Мурадыл ошол күнү эртең менен Бээжинге кайтып кеткен экен. Кутуруп кулан атып, кубанычка абдан батып, бул жерде кырк күн жатып кеткен экен. Мурадылдын жанындагы көп жигиттеринин тарткан канжаларынын жана жаккан отторунун күлдөрү жана жаанын октору жайнап жатканын көрөт. Алмамбет Мурадылдын үстүнөн чыкпагандыгына катуу кайгырып, кайра тартат. Чалгындан кайткандан кийин, Алмамбет күндү жайлап, бир жумадан бир жумага чейин кар жаадырып, бороондотуп, муз тоңдурат. Күн ачылгандан кийин, тайыз болуп калган Орхондун суусунан көп кошуунун алып өтүп, Жүлгүрдүн-Тоосун, Жүлгүндүн-Суусун бойлоп, колун баштап жөнөйт.

«Орхондун суусу ташыптыр,
Тал башынан ашыптыр.
Башынан мөңгү бузулуп,
Аз болгондо ар туштан
Алтымыш дарыя кошулуп,
Капкара болуп ыраңы,
Кан жыттанып жошулуп.
Ак көбүгү бурулуп,
Аркы-терки урунуп,
Агыны катуу дарыя
Чамгарактап калыптыр.
Ошол Орхон суусуна,
Суунун тийген буусуна
Жээгинде жекен желпилдеп,
Камыштын баары калкылдап,
Аттай кара балыктар
Ар жеринен, караса,
Атылып түшүп жаркылдап,
Алмамбет баатыр болбосо,
Адамзаат бендеден
Барар эмес жакындап.
Үстү жагын караса,

Үйөр жүрүп алыптыр,
Үзүктөй таштар үстүндө
Күлдүрттөп агып калыптыр».

Андан өткөндөн кийин, жети күнү, жети түнү суусуз, элсиз Биябандын чөлү менен жүрүп келишип, дүйнөдөгү канаттуу, кайберендердин бардыгы бар Салаңуу деген жерге келип кол кыштайт. Казатка чыккандарына 9 ай толуп, кыш өтүп, ат кара тил болот. Эпосто кыштаган жердин сүрөтү мындай:

Эриме деген жер экен,
Ар жерине караса,
Элүү тогуз көл экен.
Аркары койдой төлдөгөн,
Алжып-карып өлгөнчө
Адам уулун көрбөгөн.
Жаяны көлдө көлбөгөн,
Жайы-көйүн ал жердин
Жан адам бирөө көрбөгөн.
Адыр-адыр жерлери,
Артмак улуу белдери,
Анда жок экен элдери,
Адырдын чөбү суюлуп,
Адырдын чөбүн жеп жаткан
Аркарлар кумдай куюлуп.
Аркары киши тааныбас,
Арыздуу адам наалыбас.
Будур-будур жерлери,

Буруш-буруш белдери,
Мында жок экен элдери.
Будурдун чөбү суюлуп,
Будурдун чөбүн жеп жаткан
Бугулар кумдай куюлуп.
Бугусу киши таанытбас,
Муңдуу бенде наалыбас.
Суусунда жайнайт кундузу,
Эч кереги жок болуп
Жерде калат мунусу.

Талаасында сары бар,
Токоюнда чары бар,
Жан бүткөндүн бары бар.
Кумунда кулан ойногон,
Чөлүндө жылан сойлогон,
Кырк айрылуу бугулар
Кыясында жойлогон.
Кызыгын көргөн тойбогон,
Бөксөсүнүн баарысын
Бөрү, түлкү жойлогон.
Ала карга азандап,
Кара карга казандап,
Туйгун, тунжур балалап,
Баласына каралап,
Баарысы тууп аралаш.
Жекени бар желектей,
Камыштарын караса,
Кере кулач челектей.
Өрдөгү учуп көл толгон,
Өлүүсү чирип дөң болгон,
Өзү чыккан жапайы
Өрүгү чирип көң болгон,
Жер кайыбы өм болгон.
Сары каз учуп, көл толгон,
Жапырак жатып, дөң болгон,
Жаңгагы чирип, көң болгон.
Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Короолусу короздой,
Короздору тоодактай,
Ала канат деген куш,
Чалгыны тарткан саадактай,
Ташбаканын чоңдугу,
Алты карыш табактай.
Балтырганы бул жердин
Жоон теректин белиндей.
Жез тумшук жүрөт желбиреп,

Жаңы келген келиндей,
Алп кара куш учканда,
Канатынын күүсү бар,
Кара белдин желиндей.
Көгөөнү койдун башындай,
Алтын, күмүш кени бар,
Агарган сайдын ташындай,
Бөрүсүнүн чоңдугу
Алтайдын асый атындай.
Чымыны бар чымчыктай,
Чымчыктары бүркүттөй,
Чычкандары күчүктөй,
Кескелдирик жыландай,
Жыландары аркандай,
Кумурскасы бул жердин
Куу ашык болгон тайгандай,
Бадалдагы элиги
Өрүтүп койду жайгандай,
Жер болот экен ар кандай!
Курбудан түшкөн сайы бар,
Кулжанын жүрөр жайы бар.
Буруштан түшкөн сайы бар,
Бугунун жүрөр жайы бар.
Бир миң кулач келгенде
Камыштын чыккан бийиги,
Ай талаасы жык толгон,
Жайылган койдой кийиги.
Торгою сайрап чөлүндө,
Бакасы чардап көлүндө,
Күкүгү сайрап көгүндө.
Булбулу сайрап таңшыган,
Булагы агып ташыган
Муңу бар бенде жашыган.
Камыш, жекен, кайың, тал,
Жерге бүткөн киенин
Көптүгүнө айран кал.
Убара – чаркөө, алаткак,

Кесенденин баары бар,
Ушуларды угуп бак!
Көргөнгө сонун ушулар,
Адам тилин сүйлөгөн
Албан түрдүү кушу бар».

Бул жерде Алмамбет колдун эсебин алат. Манастын кошуунун, Тазбайматтын ондугунан бир кишинин эсеби кем чыгып, Алмамбет Байматтын башын чаптырмакчы болот.

Ошол учурда Серек келе калып:

– Тазбаймат бекер өлүп кетпесин. Менимче мунун он башысы киши чыгым болбосо керек эле. Балким, Манас ушунун он башына жазылып калып жүрбөсүн. Он башылардын карамагындагы кишилер тизмесин дагы бир текшерип чыгыш керек – дейт. Текшере келгенде, Манастын аты Тазбайматтын ондугунун тизмесинен чыгып, Манасты эсеп бергенде шашып жүрүп, Тазбайматтын унутуп койгондугу билинет.

«Байкабай кара басты – деп,
Баатырым Манас, сен үчүн,
Кытайдан келген кулундан
Кызылдай өлө жаздым – деп,
Кыйкырып Баймат барганы,
Калктын баары каткырып,
Кыйындар күлүп калганы.
Кыраан Манас күлүптүр,
Кыйындыгын Алмаңдын
Атпай журт азыр билиптир.
Анда Манас кеп айтат,
– Арбак урган, Тазбаймат,
Уялбай мага кеп айтат.
Уруп кеткен Тазбаймат,
Улук кишим сен болсоң,
Унуткан кишиң мен болсом,
Ушу жорук саа чала
Он башы ойрон сен болсоң,
Оюңда жогуң мен болсом,
Серекти айтпай койдурбай,
Сени ушу жерде сойдурбай.

Эстебей койсоң мени сен,
Эр Алмамбет баатырга
Өлтүртүүм экен сени мен.
Баатыр Манас болкулдап,
Башкача күлдү солкулдап.
Кыраан Манас күлүптүр,
Кыйынсынган Байматтын
Кыйналганын билиптир».

Кошуундун эсебин алып бүткөндөн кийин, Алмамбет Манаска келип:

– Чалгынга ким барат, кимди жиберебиз? – деп, кеңеш салат. Отургандардын арасынан: «Мен чалгын чаламын» – деп, бир да киши чыкпайт.

Манас:

– Бээжинде туулуп-өсүп, жеринин ой-чуңкурун билген, далай жолу айкырып жылкы тийген, жеринин танабын тарткан өзүң барбасаң, башка кишинин ылайыгы жок – дейт, Алмамбетке. Өзү кан болсо да, Манастын сөзүн кайтара албай, Алмамбет макул болот.

Манас Алмамбетке колдун ичинен тандаган жигитиңди ээрчитип, жактырган атыңды мин – дейт.

Алмамбет жолдоштукка:
«Өлүмдү билбес өзү бар,
Өрт жалындай көзү бар,
Өчөшкөн жоону көргөндө
Өкүм, өткүр сөзү бар.
Сундурса, найза тартпаган,
Сурданып жоодон кайтпаган,
Султандыгы белгилүү,
Кайратты катуу боюна
Туткандыгы белгилүү.
Качыргандан токтолбос,
Камандан алган мүнөзү,
Кайгырып жоодон шашпаган,
Жолборстон алган мүнөзү.
Капаланып, күйүкпөс,
Кабылан Манас өзүндөй
Жолдоштон алган мүнөзү.

Колунда найза кыйгактуу,
Бир өзүн миңге баалаймын,
Сырттан заада Сыргакты
Жолдоштукка каалаймын» – дейт.

Аттардан Калкамандын кара атын: карып калыптыр, кара жолтойлук жагына чалып калыптыр – деп, жактырбайт. Токотойдун Тору аты дагы жакпайт. Өргө чапса, артка таштабаган, куюшкан салбай минип, ылдый чапса, моюнга таштабаган, кырк күнү урушка минсе, суусабаган, караңгыда жүрсө баскан жолунан адашпаган, калың жылкыга кошуп койсоң, жаңылбай жылкыны баштап ээрчите турган, тулпар жайы бар, туягы чулу Ажыбайдын күрөң атын Алмамбет жактырат.

«Куюндан бүткөн Карткүрөң
Куп колуна тийген соң,
Көргөндөн көңүл ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Үстүнө кийген көк темир
Чопкут, соот, кыягы,
Улук Алмаң баатырдын
Үрүстөмдөй сыягы.
Кыргыздан болгон жолборсу
Кыраан Сыргак жолдошу.
Муздай темир кийинип,
Кайратына сыйынып,
Буттай темир курчанып,
Каарданып, сурданып,
Телкызыл минип, болкоюп,
Темирден найза койкоюп,
Жез така бутта чойкоюп,
Сырттан Сыргак шаңданып,
Сыр найза колго кармалып,
Кытайдын жерин чалууга
Кыраандар минтип камданып,
Тыңдап минип күлүктү,
Кылым кытай журтуна
Салмак болуп бүлүктү,
Найза өтпөгөн тон кийип,
Ок өтпөс калкан байланып,

Кайра жаачу булуттай
Каар жүзүнө айланып»

Алмамбет, Сыргактар Каканды көздөй бет алып, Кыйку, Кенти жол менен чалгынга жөнөшөт.

Алмамбет жөнөп чыккандан кийин, Манастын кырк чоросунун ичинен Кыргыл чал менен Ажыбай башчы болуп, бир тобу ордо атышып байгеси төрт байтал болот. Ордодон Кыргыл чал жагы чокондоп калган оюндун кезеги келгенде, чийинге жакын келип жатып калган канды Кыргыл жагындагы Жайнак томпой менен бир атып, чыгарып кетет.

– Борборго түзбү? – деп, туруп аткан жоксуң. Кыйшык атып чыгарды Кан берилбейт – деп, канды алып келип, Бозуул кайра жыдымакка салат. Эки ортодо чатак чыгып, Бозуул менен Ырчыуул кызыраңдаша түшөт. Жашабай жатып, Бозуул, ар дайым чоң сүйлөйсүң, тыңдуусунуп каласың. Кыргыл сенин атаң менен тең киши. Ак сакал кишиге атырылып тиесиң – дейт, Ырчыуул.

– Ырчыуул, сен ырдаган ырыңды бил! Чыр бүтүрүүнү сага эч ким койгон жок. Тың десең, тыңмын. Айтыша келсең, сөзүңдөн сөзүм өйдө, өзүңдөн өзүм өйдө, Чубагыңдан Алмамбетим өйдө. Эсиң болсо, баягы Алмамбет келип ат чаап, тамаша кылып байгесине киши сайганда, баш байгеге мен турдум, жетинчи аттын байгесинде сен турдуң, ошондон улам аны билбейсиңби? – дейт, Бозуул. Ырчыуул таарынып кетип калып, ачууланган бойдон Чубактын үстүнө барып:

– Манас менен айтсаң, сөзүң тең, андан өтүп салыштырсаң, атаң тең эле. Манас сени Кытайдан тентип келген Алмамбетче көрбөдү. Казатка аттангандан бери кан болгон да Алмамбет, ат жакшысын минген да Алмамбет, эл башкарган да Алмамбет, чалгын чалган да Алмамбет. Сен деп жүргөн мени кудай албады, же Алмамбеттен кем калган сени кудай албады. Жадакалса ордо аткан жерде да жөн турбай, Алмамбетти сенден көтөрө сүйлөп, баягы Бозуулдун айтпаган кеби калбады – дейт. Бул сөзгө Акбалтанын Чубагынын ачуусу келет да, каруу-жарагын асынып, Көктеке атына минип, добулбасын уруп, Нойгуттун кошуунун бүт ээрчитип алып:

– Алмамбет калмакты жеткен жерде союп, чалгынды өзүм чаламын – деп, жөнөп калат. Мында мурдагы алты кандын кошуунунан да бир топ киши «кой!», «койго!» ээ жаа бербей, Чубакты ээрчип жөнөшөт.

Колдун бузулуп калганын кырда кароол карап отурган Бакай көрүп, Манаска кабар берет.

Манас:

– Аксаргыл атты тартуу тартып, ээрчитип келгин – деп, алты киши жиберсе, Чубак: Мен Аксаргыл өңдүү атка жетпей жүргөн экемин го?! – деп, барган кишисинин бирөөн ыргыта чабат.

Манас:

– Мындайга өзүңүз жарачу элеңиз. Муну тартуу кылып, Чубакты кайтарып келбесеңиз, болбос – деп, Аккуланы коштотуп, Бакайды чаптырат. Аккуланы коштоп Бакайдын келе жатканын көрүп, Чубак токтой калат деп, Бакайга мындай дейт:

– Манас менен Сиз Ногойдон болсоңуз, Нойгуттан мен элем. Манаска мен он үч жашымда кошулуп, ошондон ушу кезге чейин аттанып чыксак казатташ, аш ичсек табакташ болуп келе жатабыз. Сыйлагандыктан, канкордун айтканына көнүп, айдаганына басып келе жаткамын, бирок бенделен бул өңдүү анткорду көргөн эмесмин. Нечен жолу Манас сайыштан алдыра турган болгон учурларда, туурадан жоону ыргыта сайып, ажалдан алып калдым. Нечен эрди сайып, нечен элди каратып бердим. Нечен жолу Манас калтаарып чыга албай турганда эрөөлдөргө өзүм чыгып, намыс алып бердим. Ал гана эмес, Тейиттин тоюнда Манасты Каткал калдайдын Сайкал аттуу кызы ат үстүнөн алып таштай турган болгондо, аялга мөөрөй алдырса, ааламга шылдың болот, абийри күлдөй төгүлөт экен – деп, туурадан чыгып, тизгиндеп, Манасты ажыратып кеттим. Ошондой болсо да, Манас мага тыңдуусунат, кеп-кеңештен четтетет:

«Ушул айткан сөздөрүм
Жалган беле, чын беле?
Ушу турган Чубактан
Урганың Манас тың беле?
Ногойдон Нойгут кем беле?
Чубактан Манас эр беле?
Тозбогун Бакай жолумду,
Касиеттүү карымсың,
Кармабагын колумду!
Калтырып коюп бул иштен
Кайнатпагын шорумду.
Айтканым келсин оңунан,
Астымды тозбой коё бер
Алмамбет кулдун соңунан!

Аламан коюп жөнөйүн,
Анжыдан келген бир кулдан
Ажалым жетсе, өлөйүн» –

деп, Чубак жөнөмөкчү болот. Бакай ачуусу келген Чубакка:

– Балам, Чубак, бир аз сабыр кылып, сөзүмдү ук! Асмандагы учуп жүргөн куш канаты менен учуп, куйругу менен конот. Экөөбүз бар үчүн Манас Манас болуп жүрөт. Кытайдан качып келип, жан дили менен кыргызга кызмат кылып жүргөн Алмамбетке эрегишпе. Алмамбет чалгын чалса, кытайлар үчүн чалгын чалып жүргөн жери жок. Кандыкты алса менден алды.

«Бөлүнсөң, бөрү жеп кетет,
Бөлүнүп калды кыргыз – деп,
Бөлөк элге кеп кетет.
Жарылсаң, ууру алуучу,
Жай уксаң, акыл нак ушу!
Кандыгым кеткен меники,
Калкты бузуп жөнөшүң,
Кандай жумуш сеники?» – дейт.

Ал экөө антип кежилдешип турганда, Манас келип калат да:

Чалгын чалуудан өкүттө калсаң, жүр, мен сени Алмамбетке алып кошоюн – деп, Чубакты ээрчитип алып жөнөйт. Бакай ээрчиген колду сабап, кайра кайтарып келет. Алмамбет, Сыргактар чалгындап отуруп Аккулжа жаткан белге жана куу өрдөк жаткан Шайың көлгө барышат. Куу өрдөк менен кулжа Алмамбеттин келерин билип, качып кетип калышат. Аңгүштүн тоосунун белинде жайлап жаткан 70 миң үйлүү эл да кулжанын коңгуроосунун үнүн угуп, үркүп кетишип, Алмамбет алардын журтун сыйпалап калат. Чалгынчылар андан ары жүрүп отуруп, Түйүндүн Сары кыясын ашмакчы болуп жатканда, Манас кыйкырып токтотот. Көктекесин чуратып отуруп, Чубак Алмамбетке Манастан мурун жетет. Чубактын берген саамына, мага ишенбей, Манас аркамдан Чубакты жиберген экен го деген ой менен, Алмамбет алик албайт. Аңгыча Айбанбоз менен тепеңдетип Манас жетип калат.

Алмамбет Манастын Чубакты алып келишине ачуусу келип, мындай дейт:

«Ой, ой, Манас, ой, Манас!
Айтпасаң да билинди,
Аңкоолугуң кой, Манас,

Карап турсам шум жалган,
Ушул эле дүйнөдө
Өлбөй тирүү ким калган?
Карап турсам капырай,
Каңкорум, ук жайма-жай
Калмак да болсо, зор экен,
Карап турсам дүнүйө
Каңгыган эрдин шору экен,
Калкынан азган, – кор экен!
Кытай да болсо, зор экен,
Кыйрынан азган – кор экен,
Кыйышкан эрдин шору экен.
Элдүүнүн баары – эр экен,
Не деген кеби – эм экен,
Элинен азган жигитке
Эртелеп өлүм эп экен.
Калктуунун баары – эр экен,
Канча айтса кеби – эм экен,
Калкынан азган шордуугa
Кайтпаган өлүм эп экен.
Эрегиштен кан өлсүн,
Эмгек тартпай, жан өлсүн.
Эрегиш иши болбосо,
Элиңдин четин ким көрсүн.
Не түрдүү көрдүк мээнетти,
Эмгегиңе ким көнсүн?
Эсерди жүргөн ээрчитип,
Не түрдүү болгон төрөсүң?
Алтын так сынсын, кан өлсүн,
Азап тартпай, жан өлсүн,
Намыстын иши болбосо,
Айлыңдын четин ким көрсүн!?
Ар түрдүү көрдүк мээнетти,
Азабыңа ким көнсүн?
Айбанды коштой чабышың
Акылсыз кандай төрөсүң?!
Артыкча кордук көргөнчө,

Азыркы турган Алмамбет
Акыретке жөнөсүн,
Айттырып туруп кордогон
Азабыңа ким көнсүн?
Кан кылгын дедим киминди?
Каның экөөң бирикчи,
Каардансам, бу жерде Калабалуу,
Чубагым, Кагайынбы жиниңди?!
Улук кыл дедим киминди?
Улугуң экөөң бирикчи,
Урайынбы жиниңди?
Туюндуруп, кол бузуп,
Душмандыгың билинди.
Бек кылгын дедим киминди?
Бел байлашкан, эр Чубак,
Чакырсам чындап жинимди,
Билипсиң кытай зилимди,
Кезегиң келди бу күндө
Кесейинби тилиңди?
Мен бузайынбы динимди?!
Кызыталак Чубак, билипсиң,
Кытайдан болгон зилимди.
Акбалтанын Чубагы,
Ардыгасың ким үчүн?
Кошуунга кызмат кылдырбай,
Аркамдан чабыш кай күчүң?
Сенин эрегишиң ким үчүн?
Элге кызмат кылдырбай,
Ээрчип келиш кай күчүң?
Көрөйүнбү күчүңдү?
Баатырсынган, эр Чубак,
Чечейинби бүчүңдү?
Жаалым келди бу кезде,
Жарайынбы өтүңдү?» – дейт.

Анда Чубак:

«Кече кең Таластын оюнда,
Жылгындуу өзөн боюнда,

Аргын, кыргыз, көп ногой
Болуп жаткан кезинде,
Кош-коштоп кийип, суусар бөрк
Ыргап турган кезинде,
Кошо билип кыргызды,
Жыргап турган кезинде,
Ошондо жазган кат кана?!
Кол алышкан ант кана?!
Сенден сурап сабылдым,
Бээжинге жолдош кылгын – деп,
Нече сапар жалындым?
Мойнума курум салынып,
«Бээжинге сапар кылганда
Мени жолдош кылгын» – деп,
Бейли кара, кытай кул,
Безеленип жалындым.
Он эки түркүн кол баштап,
Чалгын чалар сенсиңби?
Кеңеште жок, кепте жок,
Бээжинге чалгын барбастан,
Оорукта калар менминби?!
Сулайман барбас Бээжинге
Сумсайып чабар сенсиңби?
Чалгынга барбай оорукта,
Жатып калар менминби?

Кытай, сен айтышкан антты буздуң. Чалгынга ээрчитпесең, ээрчитпе. Сен билген Бээжиндин беш башка жолун мен да билемин. Чалгынды жеке чаламын дей турган болсоң, сени ушу жерде жарып таштап, чалгынды өзүм чаламын, кул» – дейт.

Алмамбет:

– Баятадан бери кытай, калмак, кул – деп, калжырап, оозуңа келгенди оттой бердиң. Кытайды оңой эл, Бээжиндин жолун оңой жол деп жүрсөң, колду да, жолду да сага берейин. Чалгынды чала бер. Мен Бээжинде турганда кытай элин кылчылдатып, уучуна кармап бийлеген кандын уулу элем. Айтылуу Алоокенин Коңурбайын киши катарына саначу эмес элем. Эми сенден кул деген сөздү угуп отурамын. Лоптон Нойгут элин, Акбалта атаңды таштап, Таласка келип,

Манаска чоро болгон кул деп сени айтат. Азыр башыңды кесип, өлүгүңдү ит менен кушка жем кылайынбы? – деп, Чубакты качырып калат. Алмамбет күндү жайлап, борошо урдуруп, кар жаадырат. Боройлогон суук кардан эрлердин оозу кымтууга келбей, кылчылдап үшүшөт. Чубак, Манас, Сыргактардын беттерине жалтырап муз тоңот. Манастын бетине тоңгон муздун калыңдыгы төрт элидей болот.

Алмамбет качырганда Чубак да бир жеңин чечинип жиберип, Ачболотун сууруп алып, качырып калат. Экөөнүн ортосуна түшө калып Манас көпкө чейин арачалайт. Арачага бой бербей бара жатканда ачуусу келип:

«Жанымда болсо Алмамбет,
Жааңды бузам дечү элем.
Каркыттанып сыр найза,
Көрүшөрмүн дечү элем.
Кабылан Чубак бар болсо,
Калдай менен Коңурбай
Жөөлөшөрмүн дечү элем.
Ок өтпөгөн олпокту
Кийишермин дечү элем.
Оён Алмам барында
Он сегиз миң ааламга
Тийишермин дечү элем.
Калп эле жолдон жөөлөшүп,
Өтөйүн деген экенсиң.
Болбогон жерден шылтоолоп,
Эси жок, эсер, эки арам,
Кетейин деген экенсиң.
Куралып келген колумду
Чачайын деген экенсиң,
Кубалашып, шылтоолоп,
Куруп калган, эки шер,
Качайын деген экенсиң.
Кайра тартып, Таласка
Аттын башын, эки эр,
Бурайын деген экенсиң,
Казынада дилдемди
Чачайын деген экенсиң,

Кайра тартып, Таласка
Качайын деген экенсиң» –

деп, Алмамбеттин Сараласын оң колу менен, Чубактын Көктекесим сол колу менен эки жакка силкип жиберип, ачууланган бойдон барып, дөңгө түшүп отуруп калат. Манастын ачуусунун чындап келгенин көрүп, экөө тең соолуга түшүп, делдейип туруп калышат. Бир убактан кийин Чубак атынан түшүп, чылбырын мойнуна салып, Алмамбеттин астына келип:

– Эси жоктук кылып, артыңдан кууй келип, бир кыйла калаба салдым. Бардык айып менин мойнумда. Мен ит болупмун. Бир жолку ачууңду сураймын. Астыңа атым тартуу, ал гана эмес, керек кылсаң, кара башым да тартуу. Кечирип кой – деп, Алмамбеттин алдына келет. Чубактын чын бейли менен кечирим сурап, алдына ат тартып жаткандыгына көзү жеткен Алмамбет да Чубакка:

– Атым тартуу! Чалгынга бирге барабыз – деп, жүрүп, сага бир ооз айтпай, чалгынга жөнөп кеткен чоң айып менде – деп, Алмамбет да атын тартуу кылат. Манас Алмамбеттен жер өлчөмүн, куу өрдөк жаткан көлдү, кулжасы бар белди, кумурскадай жайнаган кытайдын элинин канча күндүк калганын сурайт. Алмамбет куу өрдөк менен кулжанын алда качан Манастын келе жаткандыгы жөнүндө Коңурбайга кабар кылып, Коңурбайдын жети жүз шаарынын баарына кабар жетип, кол жыйнап, кошуундун келишин күтүп калгандыгын айтат. Манас муну уккандан кийин, кайратына чыдабай:

– Анда эң мурун өзүм барчу жер экен, чалгынга мен да кошо барайын, жолду өзүң баштагын деп, атына минет. Муну уккан Алмамбет:

Сиз барбай эле коюңуз! Каруу-жарагыңыз, астыңызда Аккулаңыз жок. Кокус айкайлаган калың чуу менен урушка кирип калсак, Айбанбоздун сизди алып жүрөр шайы жок, соорусунда майы жок, өрү калган ит эле, убара болуп калабыз – дейт.

Манас буга көнбөйт. Кал деп катуу айталбай, ээрчитип алып, эки күн, эки түн жүрүп чокусунда кары бар, өтөгүндө калың чыккан талы бар, тегереги бек, Тал – Чоку деген бийик тоонун кыясы менен кыялап отуруп, кечке жуук араң чокусуна чыгышат. Тал-Чокуну Манастан мурун Үрүстөм-Дастан гана ашкандыгын кыядагы кара таштын бетинен окуйт. Кыядагы таштын шилисинен ажыдаар кезигип, аны көргөн Алмамбет, Чубак, Сыргактар аттарынан топ этип ыргып кетет. Манас атынан түшө калып, ажыдаарды көздөй басканда, ажыдаар Манастан

качып кетет. Манас Тал-Чокунун жонунда жаткан күнү түш көрсө, түшүндө кара чаар кабылан бир жагынан, кара кулак арыстан бир жагынан качырып чыгат. Түшүнөн чочуп ойгонуп: «Кокус ушул казатта өлүп кетсем, аркамдан калган элимдин, жыйнаган көп кошуунумдун жана каран калган Каныкей бейбактын көргөн күнү эмине болот?» – деген өңдүү терең ойлорго кетип, койнундагы, алты айчылык жердегини алты аркан бою тартып көрө турган дүрбүсү менен Таластагы элин карайт. Энеси башка аталаш инилери – Абыке менен Көбөштүн:

– Барса келбес сапарга кеткен Манас өлдү – дешип, Каныкейдин казынасын талап алып, элине оор чыгым салып, элин чилдей таратып жаткандыгын көрөт. Каныкейдин чачын төбөсүнө түйүп, башына тебетейди кийип, Карагашка аргымакка минип алып, жаман туугандарынын баарын ыргыта чаап, таланган казынасын кайра жыйнап алып, Манастын жогун билдирбей, аял башы менен элине ээлик болуп калгандыгын көрөт. Күн батыштан күн чыгышка бурулуп, Бээжиндеги кытайлардын кумурскадай кайнаган элин, бийик курган чебин, бийиги кырк кез орун, алтындуу капка дарбазасы бар ордосун көрүп:

«Алмамбет, Сыргак, Чубагым!
Жаткандан жамбаш талбайбы?
Чырм этсе, уйку канбайбы?
Кеңколго тиккен бак барбы?
Керилип уктап жатуучу,
Кеңколдогу чак барбы?
Талаага тиккен бак барбы?
Дардайып уктап жаткандай,
Таластагы чак барбы?» –

деп, уктап жаткандарды ойготуп:

– Мен көргөн Бээжин жайын айт – деп, Алмамбетти өз жанына чакырып алат. Алмамбет зыңгырап ордунан туруп, боюндагы жаракжабдыгы менен буластай басып, Манастын жанына келет да:

«Эр Манас, мен кантип Бээжин көрбөйүн? Бээжиндин жайын билбейин.

Көрүнүп турган Түп-Бээжин,
Көйнөгүм чечип жууган жер,
Энекем мени туулган жер.
Киндигим кесим бууган жер,
Кичине жүрүп чоңоюп,

Күндөн күн ишим оңолуп,
Көргөн жерим Чоң Бээжин.
Тетиги мунарык болуп бурчтанган,
Булуңча болуп учтанган,
Чет-Бээжин деген жер ошол.
Чериги түмөн эл ошол,
Ченебеген курган жан,
Ченебей элин кырганда
Алтыны сайып желекке,
Ошол кыргын ичинде
Шейит болгон энекем.
Коюп келген жер ошол,
Дүмөктүү кытай эли ошол,
Каарына алганда,
Каптап кетчү сел ошол.
Каарданып, кан төгүп,
Качып келген жер ошол.
Тетиги туура жаткан кара кыр,
Чай алуучу кен ошол,
Шайтандуу кытай эли ошол,
Сараланы жоорутуп,
Көңүлүмдү оорутуп,
Көрүп келген мен ошол.
Ошо жаткан Чоң-Бээжин
Казып койгон ору бар,
Камдалуу калың колу бар.
Кайнатылган шору бар,
Барган кайта кайтпаган,
Тирүү жан кайра тартпаган,
Түптүү кытай эли бар.
Ошол турган Бээжинден
Сулайман сурак албаган,
Экөөбүз эмес,
Бээжинге Искендер изин салбаган.
Канчалык согуш болсо да,
Касиети кетпеген,
Экөөбүз түгүл,

Бээжинге Азирет Аалы жетпеген.
Чалияр чаркы келбеген,
Чамаң келбейт Бээжинге
Деп жүргөмүн, кан Манас!
Азирет тийбес Бээжинге, Манас!
Айдап журтту жыят – деп,
Алып барып кырат – деп,
Ал үчүн Бээжин айтпадым.
Оңой Бээжин жер эмес,
Ойлонбой барчу эл эмес, Манас!
Тетиги дүмүрөйүп көрүнгөн
Атам Азизкандын багы ошол.
Каухардан согуп жасаткан,
Атакем Азизкандын тагы ошол.
Бадана тонду кулпунтуп,
Сараланы жулкунтуп,
Ойноп турган чак ошол.
Ойноо бала чагымда
Түбүн таштан кыйдырып,
Үстүн кумдан куйдуруп,
Атагы калган Бээжинге
Алмамбет шордуу калаасы.
Айнектей болгон Ак-Калаа
Таш көпүрө жер ошол.
Тетиги агала кум, кызыл чап,
Атакем Азизкандын керүүсү.
Калкылдап учкан кара куш,
Мен Бээжинди бийлеп турганда,
Коюп келген атейи
Алмамбет кулдун периси, Манас!
Тетиги заңкайып, бийик көрүнгөн,
Миң тулпардын жайлоосу.
Андан аркы көрүнгөн.
Атакемдин Кан-Жайлак деген жайлоосу.
Менин казбачы калың орумду,
Кара күчкө жол сурап,
Кайната бербе шорумду.

Эми айтып берейин.
Капкайдагы сонунду
Угуп тургун, кан Манас,
Менин айткан жообумду.
Тетиги алтын эшик дарбаза
Чет-Бээжинде Эсенкан,
Эсенкандын ордосу.
Алтындан соккон төрт така,
Эсенкандын Бурулча
Энчилеп минген жоргосу.
Тетиги самсаалап мунар төгүлгөн
Анда-мында заңкайып,
Бүлбүлдөп, кара тоо башы көрүнгөн,
Чоң-Бээжиндин өзү ошол, Манас!
Белгилүү Бээжин жери ошол,
Бейжайлыгы кармаса,
Бээжиндеги көп кытай
Кан Манас, каптап кетер сел ошол!
Кеңири кытай эли ошол!
Манас кан, Сараланын токтугу,
Сандаган түмөн кытайда
Санаалаштын жоктугу!
Менин таалайымдын жоктугу!
Талак кылып бутумду,
Таштап кытай журтумду,
Сарала менен желгемин.
Сандап жаткан кытайды,
Касташса да тууганды
Кай бетим менен мен таштап,
Сага тентип келгемин, Манас?
Кытайдын кызыл чоктугу,
Алмамбеттин шоктугу.
Кырк кандын эли – кырк уруу,
Кылымга сыйбас тукуму,
Кыйырын айтып берейин.
Кырк бөлөк кылып жер-жерин,
Элин айтып берейин.

Тетиги кыярып аска көрүнгөн,
Алтын казчу кен ошол.
Кабарыңда бар чыгар,
Манжу кытай эли ошол.
Тетиги дүмпүйүп түздө көрүнгөн,
Кош-Салаа деген жер ошол,
Кебез белбоо, кең өтүк,
Кечилдин каны Коңурбай
Бекитип жаткан бел ошол.
Бүткүл кытай биригип,
Булардын чын ишенген бели ошол.
Бозоруп жаткан зоңкокту
Болжобой ашчу тоо эмес,
Жалгыз көздүү дөө
Малгун Бейлебей барар жоо эмес.
Тетиги кылкылдап кызыл көрүнгөн,
Кыр-Кайыңдын өзү ошол, Манас!
Ошону жердеп отурган
Тыргоот кытай эли ошол.
Ат көтөргүс жөөсү бар,
Көчүгү кучак чоң катын,
Канышай деген дөөсү бар.
Тетиги бузулуп мунар көрүнгөн
Барса, келбес жол ошол,
Шаңкай деген кытайда
Канжар-Кол деген кан ошол» –

деп, Алмамбет Манаска Бээжиндин эли, жери, шаары, кандары, баатырлары, ордолору, белдери, жолдорунун жайын айтат.

Аны уккан Манас:

– Бээжиндин элин, жолун билесиңби? – деп, мурун өзүңдөн нече ирет сураганда, эмне үчүн айтпадың? Мурунтан мындай сырды айтсаң, небак эле Бээжинди чаап алып, Кытайдын кыйрын бузуп, башка бүлүктү салбайт белем.

«Канча, канча кызык күү,
Таппай жүргөн экенсиң,
Калкым калың кытай – деп,
Айтпай жүргөн экенсиң.

Манаска айтып сырымды
Нетейин деген экенсиң.
Эптеп жүрүп Бээжинге,
Каран кылып калкымды,
Кетейин деген экенсиң!» –

деп, Манас Алмамбетке таарынчы кылат.

Алмамбет:

«Манас кан, баягы Бээжин жер мына!
Баятан бери таарындың,
Башымды кессең, мен мына!
Аңтардың менин сырымды,
Айттыртмак – болдуң бул жерде
Анык менин чынымды» –

деп, Алмамбет мурда айтпай келген сырларын Манаска баяндайт:

Бээжинде кытайдын Азизкан деген атактуу каны болуп, ал алтымыш жашка чыкканча алтымыш катын алса да эч бала көрбөйт. Ал башка кандардын жаңы өспүрүм балдары чоңдук кылып, Алоокенин Коңурбай аттуу уулу Азизкандын Кан – Жайлак аттуу жайлоосун зордоп тартып алат. Эсенкандын Бөрүкөз деген уулу Бээжинди бийлей баштайт. Азизкан бир күнү:

Мага эркек бала тууп бергидей бир кыз тандап алып бериңиз – деп, Бээжиндин эң чоңу Карыганга барат.

Карыган Бээжиндеги кырк кандын отуз үчтөн төмөнкү, он жетидеги жогорку аялдарынын баарын айдатып келип, чубатуудан өткөзүп, аларга сынатат. Элдин көпчүлүгүнөн тепселип нечен кыздар кетет. Кыз-келинин аяган нечен кишилердин баштары чабылат, бирок аларга кыз жакпайт. Ошентип турганда, Кутан алп деген балбаны Соорондүк деген кандын он эки кызын айдап келип чубатуудан өткөрөт, он эки кыздын эң кичүүсү 17 жашар Алтынайды: «Ушул ашкан баатыр тууйт» – деп, Шууту деген аяр жактырат. Ага ишенбей, бир белгисин көрөлүк – дейт. Алтынайды заара кылдырып көрсө, сийдиги жерди эки сөөм казып кетет. Ошол кезде кыздын үч айлык боюнда болот. Азиз нике кыйгандан кийин, Алтынай эч кимге билдирбей, алты айдан кийин төрөп, баласын өз атасы Соорондүктүн үйүнө берип жиберет. Бала бакырып түшкөндө сүннөткө отургузулган бойдон түшөт, жерден көтөрө бергенде, эки уучунан кара кан куюлуп кетет. Бүткүл Бээжинге 70 күн титирейт. Нике кыйганына тогуз ай толгонунда Алтынай баласын

алдырып: «Төрөдүм» – деп Азизканга алып барат. Атын эч ким коё албай турганда, бир дубана келип, атын Алмамбет коёт. Дал ошол бала, мен экенмин, Манас! – дейт Алмамбет.

– Алты жашка чыкканча алтымыш энемдин ортосунда эркелеп өстүм. Он алты жашымдан он экиге чейин атамдын кармап берүүсү боюнча, жалгыз көздүн элиндеги алтымыш баштуу ажыдаардан он бала ар түрдүү өнөрүн окудук. Ошол окуп чыккандардын ичинен менден үч ай артык окуган Каражой уулу Кожожаш деген гана коркунучтуу жообуз бар. Ал он жылдан бери сары оору деп уктум эле, эгер ал келген болбосо, Бээжинде мага беттешер жан жок. Мен он эки жашка чыкканда, Коңурбай менен кармаша баштап, Сыр-Кайың, Ит-Өлбөстүн чөлүндө Коңурбайды алты жолу атынан ыргыта сайып, Эсенкандын ордосуна чейин кууп бардым. Мен Эсенкандан:

– Кырк кандын бирөөнүн кандыгын бер – десем, ал: – Сен али акылың толо элек баласың, – деген жоопту берди. Мен Эсенканды өлтүрмөкчү ойго келип, дарбазасында күтүп турганымда, сулуулугу жумуру башта жок, Бурулча аттуу Эсенкандын кызы кезигет. Ага менин көңүлүм түшүп:

– Мен сени аламын – дейм. Менин ал өңдүү тилегиме ал кыз:

– Мен нурдун кызы, сен нурдун уулусуң. Сен кытай болуп жүргөнүңдө, мен сага тийбейм. Эгер сен буруттарга барып, мусулман болсоң, мен сени күтүп жүрүп тиемин – дейт. Анын бул өңдүү жообуна ачуум келип, кыздын башын алмакчы болгондо, кыз дарбазанын ичине кире качып, чоң бүлүк башталат. Бул окуя жөнүндө Эсенкан Карыканга арызданып, Карыкан мени күч менен айдатып барып:

– Эгер сага кандык керек болсо, мына менин тагыма отур. Карыганча такта отуруп мүйүзүм чыккан жок – деп, мага таажысын кийгизип, тагына отургузат. Түшүмдө мага бир дубана келип: Сен бул такка минесиң. Бул сага түбөлүк орун болбойт. Астыңа салынган килемдин астында түбү терең ор бар. Мында жыйырма күндөн ашык турсаң өлөсүң, – дейт. Ошол учурда энем Алтынайдан: Сен тез келбесең, мен өлүм алдында жатамын, – деген кат барып, мен Карыкандын алты канын өлтүрүп, кырк күнчүлүк жерге Кылжейрен менен жарым күндө келем. Ал түнү менин түшүмө бир дубана кирип, мени динге киргизет. Эртеси энем мага өзүнүн нурдун кызы экендигин, менин нурдун баласы экендигимди айтып, биз эртерээк буруттарга кетелик,

Мажикти ээрчитип Азизкан атаңды динге кийир, кирбесе, башын кесип кет – дейт.

Мен атам Азизкандын башын чаап салып, өзүмө кырк чоро курам, энем менен Мажикти ээрчитип, кырк үч киши качканы жатканыбызды. Карыкандын буйругу боюнча, кытайлардын колу тегеректеп калып, ат жалынан кызыл кан аккан катуу уруш болуп, мен Коңурбайды кууп кеткенде, кырк чором менен энемди кытайлар өлтүрүп кетишет. Кырк чором менен энемдин өлүгүн көөмп салып, качып отуруп, Мажик экөөбүз он эки күндө Тал-Чокуга келип, атам Азизкандын алтын тонун тетиги дөмпөйгөн жерге көөмп кеткен элек – деп, Алмамбет жерден ачып алып, атасынын алтын тонун көрсөтөт.

Кытайдан качып чыккандан кийин Көкчөгө келип жолугуп, анда бир топ туруп калганын айтат. Андан кийин Манаска жолугуп, чоро болуп туруп калганын айтып көп арман кылат. Алмамбет менен Сыргак Манас менен Чубактан бата алып, Бээжинди көздөй жөнөп кетишет. Алмамбет жөнөөрүндө:

– Эң эле кечиксем, үч айда келемин. Кокус бул казаттан өлүп калсам, сөөгүмдү Саралага жүктөп ала кет. Аман-эсен өзүң Таласты көрсөң, болжолумда Аруукенин үч айлык боюнда калды. Эркек тууса, атын Күлчоро кой! Ал өзүмдөн ашкан эр болот. Аруукени Мажикке нике кый, – дейт.

Бир нече күн жол жүрүп келгенден кийин, Алмамбет алдыга узап кетип, Сыргак артта калат. Сыргактын көзүнө бир кезде алды-артынан, туш-тарабынан мылтыктарын мээлеп турган мергендер, ышкырып, оп тартып турган ажыдаарлар, качырып сала берчүдөй күркүрөп, чамынып турган арстан, жолборстор көрүнөт. Аны көргөн Сыргак:

– Алмамбет мени өлүмгө алып келе жаткан экен. Булардын жайын сурайын. Эгер кылтың-култуң сөзү билинсе, Алмамбет кулдун башын кесип кетейин – деп, Алмамбетке жете келет.

Алмамбет:

– Мен Бээжинде турганда: «Манас келет» деп, – кытайлардын көзү ачыктары айткандыктан, мен (ал кезде мусулман болот ойдо жок эле) жин-перилердин шаарынан алтымыш аяр чакыртып, алардын сыйкыры менен жанагы сенин көзүңө көрүнгөндөрдүн баарын жол тозуп коюп, сыйкырынын баарын үйрөнүп алгандан кийин, аярларды өзүм олтүргөн элем – деп, апсун окуйт. Баягы Сыргактын көзүнө көрүнгөндөрдүн баары бир заматта жок болот.

Алмамбет Сыргакка өзүнүн Бурулча кыз менен айтышкан убадасын Бурулчанын Алмамбет качан келет деп күтүп жүргөндүгүн, быйыл Коңурбай аламын деп келсе, Бурулчанын тийбей коюп, Коңурбай менен жоолашып калгандыгын айтат. Мурун Бурулча жөнүндө билбей жүргөн Сыргактын эрдиги кармай түшүп:

– Андай болсо, топон суу жетпес Бээжинге тополоңду өзүм жалгыз салып, Кытай элинин башына кыямат күн түшүрүп, Бурулчаны ат соорусуна мингизип алып чыгамын – деп, оолугат.

Алмамбет:

– Тетиги дүмүрөйүп көрүнгөн чоң зоңкокту түз экен деп ашчу бел эмес. Бээжиндеги түтөп турган кытайга түз гана кирип барчу эл эмес. Бара жаткан жолубузда алты айчылык жерден кабарды маалыматты күндө бере турган түлкү бар, кароолдо турган өрдөгү, кулжасы, чоң Малгун аттуу дөөсү бар – дейт. Бир кыйла жүрүп баргандан кийин, түлкүнүн кароол карачу жерине барып, Алмамбет күн жайлайт. Түлкү шек уруп, кароол карап келгенде, Алмамбет түлкүнүн бир бутун сыя атат. Үч буттап качып бара жаткан түлкүнүн аркасынан жетип, Сыргак атып өлтүрөт. Алмамбет келип аны кылыч менен алты бөлө чаап, калың токойдун арасынан Коңурбайдын шириге ороп катып койгон, кароолго келгенде кийүүчү чен тонун алып келип киет. Саралага Каныкей жасатып берген Алгаранын кеп жабуусун жапканда, Сарала Алгаранын өзү болуп калат. Алмамбет куу кулжа жаткан жерге келгенде, Алмамбетти Коңурбай экен деп, кулжа жакын келет. Аны да Сыргак атып өлтүрөт. Алмамбет менен Сыргак андан ары жүрүп отуруп чоң Малгун турган жерге барышып, алдап туруп Алмамбет анын кырк кечилин өлтүрөт. Бул кыргынды көргөн чоң Малгун күрсө-күрсө жөтөлүп, жолум үйдөй айбалтасын ийнине көтөрүп, боз качырына чуркайт. Качырды Сыргак, чоң Малгун жете электе, башын кыя чаап өлтүрөт. Алмамбет чоң Малгунду сайганда, найзасы барч этип сынып кетет. Сыргак менен Алмамбеттин айбалта менен чапкандарын чоң Малгун чымын чакканча көрбөйт. Экөөлөп урушуп жүрүп, өлтүрө албай, жедеп айлалары кеткенде, Сыргак качырып келип, маңдайындагы жалгыз көзүнө найза менен муштап өтөт. Алмамбет, Сыргак сокур Малгунду алты күнү ой-тоого кубалап сабап жүрүп, Сыргак башындагы калканын ыргыта чабат. Алмамбет кылыч менен башын жара чаап өлтүрөт. Малгундун башын кесип алып Сыргакка теңдеп артып көрсө, жалгыз башынын оордугуна Сыргак тең келе албайт.

Ит-Өлбөстүн белин ашып түшүп, тыргооттун эли, Канышайдын турган токоюна жакындаганда, Алмамбет Сараланы Сыргакка коштотуп коюп, жөө токойго барып, үйдөй чынардын түбүнөн агып жаткан суунун боюна отурат. Ал жерден алты өгүз чаначка суу алганы келген Эшен Кулак балбанды өлтүрүп, анын кийимдерин кийип, чаначтарына суу толтуруп алып, Алмамбет Канышайдын ордосуна кирет.

Канышай катын бардык элин, балбандарын жыйнап алып, оюн салып, арак-шарап ичип, чагаан майрамын өткөзүп жаткан кези экен Алмамбет алардын оюн-тамашасынын арасына кирип кетип, арак куйган челектин ичине уу салып, бир топ колун уулантып кырат. Алмамбеттин келгенин билип калып, Канышай уруш баштайт. Бозкертик, Канжаркол, Музкиндик өңдүү балбандары өлүп, колу кыргынга учурагандан кийин, Канышай байлоодогу аргымагын минип алып, Бээжинди бет алып качат. Бул учурда Сыргак Сараланы коштоп келип калып, экөө бирдей куушат. Сыргак мурун жетип, Канышайды атынан ыргыта сайып өткөндө, удаа келе жаткан Алмамбет анын башын кыя чаап өлтүрөт. Кытайлардын жол тозгон кароолчуларынын баарын өлтүргөндөн кийин, өзүнүн кичинесинен туулуп-өскөн жерлерин көргөндө, Алмамбеттин көзүнө жаш келип, Сыргакка мындай дейт:

«Көңүлдө эми арман жок, Сыргак!
Топон суу тийбес Бээжиндин
Тосоту эми калган жок, Сыргак!
Туулуп-өскөн эл ушул, Сыргак!
Алты жашар кезимде
Көйнөгүм чечип, жүгүрүп,
Көпөлөктү кубалап,
Чоңоюп жүргөн жер ушул, Сыргак!
Ойноо бала чагымда,
Турганда алтын тагымда,
Береги кашат көрүнгөн,
Андан ары заңкайган,
Көкала борчук бийик тоо
Атамдын Кан-Жайлак деген жери эле.
Берки жаткан Бээжинден
Миң балбанын алдырып,
Күлүк байлар жерине

Күмүштөн керме тарттырып,
Өгүзгө казан арттырып,
Кырк кулактуу казанга
Азыктарын кайнатып,
Чыгам деген кытайдын
Чыгарбай шорун кайнатып,
Тозуп турган мен элем.
Анык күлүк Кылжейрен
Оттоп көнгөн жер эле.
Асманда күнүм бүркөлөт, Сыргак!
Бээжин эске түшкөндө,
Томуктай болгон башыма
Акыр заман кыямат,
Алтымыш санаа бир келет, Сыргак!
Алмамбеттин Бээжинге
Азап салган шоктугу,
Ушу турган Бээжинде
Койчу, койчу, Сыргагым,
Белиме таңуу жоктугу!
Калдайып жаткан Бээжинде
Алмамбет улук кан болсо,
Миңге бөлүп кытайды,
Эч болбосо, биринде
Мага жолдош бар болсо,
Калың кытай Бээжинге
Кайгыны кантип баштаймын, Сыргак!
Кантип журтум таштаймын, Сыргак!
Таштап журтум кеткенде,
Не муратка жетемин, Сыргак!
Туулуп-өскөн туңгуч жер,
Түгөл айтып кетейин, Сыргак!» – деп, салдырган шаарын, өзү тиктирген бактарын, каздырган арыктарын көргөзөт. Кичинесинде өзү көпөлөк кууп чоңойгон жерлерин, Кылжейрендин оюн салып өскөн талаасын, атасынын ордуна өзү алты күнү кан болуп турган ордосунун бузулганын, энеси Алтынай өзүн түбүнө төрөгөн бийик чынардын куурап калганын, анын түбүнө жаңы чырпыктар өсүп, чынарга жакын болгондугун көрүп бир аз зээни кейийт.

Манаска качарда, кытайлар менен болгон урушта, Коңурбайды кубалап бара жатып түшүрүп таштаган канжасын жолдон таап алат. Күкүк болуп кирип жаткан, Күрпүлдөктүн Сары-Суу деген дарыядан сүздүрүп өтүп, өзү атасынын кандык тонун кийип, Сыргакка сумбул тонду кийгизип, Манжунун каны Нескаранын элине келишет. Алар Алмамбетти таанывай Бээжиндин каны келди – деп, таазим кылышат. «Манас деген келе жатат дейт, силер жол тоскула!» – деп, колунун баарын Жолой менен Нескарага айдатып, барса келбес суук төргө жиберип, өзү Бээжинге кабар бермекчи киши болуп, Сыргакты ээрчитип, Бурулчага кезиге кетейин – деп, Эсенкандын шаарын көздөй жөнөйт. Алмамбет келерден бир күн мурун Бурулча түшүндө Алмамбетти көрүп, эртеси түшүн Айжаңжуң кызы Бирмыскалга жорутат. Ал:

«Бул түшүң жакшы. Жакын арада Алмамбет, Сыргак – эки шер келет экен» – дейт. Бурулча ал күнү ордо кайтарган сакчылардын баарын кетирип жиберип, кырк кандын кыздарын жыйнап алып, оюн куруп, шапар тээп жатканда, Алмамбет, Сыргак шоп этип ордого кирип келишет. Башка кыздар Алмамбет экенин билишпейт. Алмамбет Бурулча менен ээн сүйлөшүп, анын Манаска берген белегин алып, жакын арада келемин деп, коштошуп жүрүп кетишет.

* * *

Алмамбет, Сыргак Каспандын дарыясын кечип өтүп, кумурскадай кайнаган көп жылкыга барышат. Жылкычы башы Карагул алардын астынан чыгып, Кайдан келе жаткан жансыңар? – дейт.

Алмамбет аны алдап:

– Сиз эмине, чочулаган кишиче, кетенчиктейсиз. Бизден коркпоңуз. Мен Бакбурчундун падышасымын. Тиги жигит Каканчындын каны, коркпоңуз! – деп, жакындап кармоонун аракетин кылат. Анда Карагул дагы бура тартып кетенчиктей түшүп:

– Жаныңдагы жигиттин түрүнөн, айбатынан коркуп турамын. Коштоосундагы күрөң аты оңой жылкы эмес.

«Албарстан кылыч байланган,
Асмандагы булуттай
Аркы-терки айланган,
Атышкан жоосун жайлаган

Алп мүчөлүү сен кимсиң?
Жулкушканын алгандай,
Журт бийлеген зардалдай,
Кармаганын оң кылбас,
Каруусу толук балбандай
Карап турган сен кимсиң?
Качыруусу жолборстой,
Марап турган сен кимсиң?
Карагулду тутууну
Санап турган сен кимсиң?» –

деп, Карагул октой зымыраган тору айгырга оңду-солду камчы уруп, качып калат. Алмамбет:

– Кууган менен тору айгырга жетпейбиз – деп, Карткүрөңдү көп жылкынын ичине агыта берип, түн ортосу ченде чатыратып жылкы тийгенде, Карткүрөң көп жылкыны баштап алып жөнөйт. Жылкычыларынын баарын кырат. Карагул качып бара жатып, Каспанда жаткан Коңурбайга кабар бермекчи болуп, кайрылып келе жатып, тийип кетип бара жаткан жылкынын алдынан чыгат:

– Жанагы келген анык Алмамбет экен деп, жылкыны кайра тосмокчу болсо, жыландай сойлогон Карткүрөң тостурбайт. Калган жылкылар бир жагынан тоссо, бир жагынан чубай качып, жолобойт.

– Карагулду көрүп калып, Алмамбет туурасынан качырып далысына найза сайганда, Карагул аттын үстүнөн нечен-нечен ооп түшө турган болуп барып оңолуп, Тору айгыр менен, камыш аралап, Каспандын суусуна качып кирет. Карагул камыштын арасына жыгылып калат. Тору айгыр суудан сүзүп чыгып, ошол бойдон жүрүп отуруп, Коңурбай жаткан чатырдын тушуна келип, чарадай туягы менен жер чапчып, Коңурбайды ойготот. Кара терге түшүп, энтигип турган ээр токумчан айгырды көргөндөн кийин, бир шумдук болгон экен деп, жүз миң кол менен ат-матка тийбей, Коңурбай жөнөп калат. Ошол учурда:

– Алмамбет менен Сыргак эмне кечикти? Бул жерде жата бергенибиз болбойт. Сен барып кабар алып кел – деп, Чубакты узатып жиберип, Айбанбозду аса байлап таштап, Манас уйкуга кирет. Чубак издеп келип Алмамбет менен Сыргакка кошулат. Аркасынан келе жаткан куугундун үнүн угуп, Чубак менен Алмамбет артта калып, Сыргак жылкыны дүргүтүп жөнөйт. Чубак орто жолдо калып, Алмамбет

келер жоонун жолун тосуп, утурулап жөнөйт. Калың колдун алдында, октой зуулатып, Алгара менен келе жаткан Коңурбай шып коюп өтө бергенде, Алмамбет качырып калат. Коңурбай Алгара менен бура тартканча, Алмамбет кабыргага коюп өтөт. Коңурбай шашкан бойдон колуна кире качат. Коңурбайдын аркасынан удаа келе жаткан Кырмус шаанын Мурадылын да Алмамбет ыргыта саят. Капыстан Ушаң дөө качырып калганда, Алмамбет шашкан бойдон камышка кире качат. Алмамбетти кууп келе жаткан Ушаң дөөнү Чубак аттын үстүнөн аңтара саят. Аркадан кууп келе жаткан көп колдун-алды жетип калып, Бороон дөө деген Чубактын далысына найза батырып, аттан кулатмакчы болгондо, аны Алмамбет ыргыта атат.

Жарасына дары сүйкөп, таңдырып алган Коңурбай кыйкырып майданга дагы кирет. Куугундун колу калыңдап келгенде, Алмамбет менен Чубак Сыргактын артынан жөнөп калышат. Куугунчулар менен Сыргак беттешип, Бозгертик Алмамбетти сайып аттан түшүрө турган болгондо, Бозгертикти Сыргак ат үстүнөн көмөлөтө саят. Ошол кезде Чубак эти жаңы гана кызыган Көктеке менен түйүлтүп отуруп, Манаска келсе, катуу уйкуга кирген Манас эч ойгонбойт. Манасты жедеп ойгото албай, айласы кеткенден кийин, Чубак атына минип туруп, Манасты найза менен өлчөп туруп сооруга саят.

«Көк сооруга малганы,
Эмне болуп кетти? – деп,
Эр Манас чапчып калганы.
Машаа чаккан немедей
Шондо да чочуп, кебелбей:
Баатыр Чубак, неттиң? – деп,
Сен не болуп кеттиң? – деп,
Найзаң тийди мага? – деп,
Жин тийдиби сага? – деп,
Кулжуңдаган, чунак? – деп,
Кутурдуңбу, Чубак?» – деп, Манас көзүн ачат. Чубак:

– Тез атка минбейсизби?! Коңурбай баштаган кытайдын батпаган колу кууп келе жатат. Таластын боюнда, Каныкейдин койнунда жаткан кишиче, кебелбей, бул эмне деген жатыш, – деп шаштырат.

Манас:

– Чубак, сен эмне апкаарып мынча шашасың?

Урунбай жүргөн тоо барбы?

Урушпай жүргөн жоо барбы?
Азыркысын, Чубагым,
Деги аманат жаның соо барбы?
Жооң болсо, нетербиз?
Жолуң болгон, эр Чубак
Урушса, уруша чыгып кетербиз – деп, Манас эч камырабайт.

Чубак:

«Аты да Манас турбайбы?!
Заты да Манас турбайбы?!
Өзү да Манас турбайбы?!
Сөзү да Манас турбайбы?!
Манас болсо жолборсум,
Алмамбет болсо жолдошум.
Кол келди деп кытайдан
Корксом кудай урбайбы?!» – деп, кайраттана түшүп, Манастын атын тартып мингизет. Кытайдын көп колунун ир алдында Ачбуудан атын аргытып, Жолой балбан жылкынын астына чыгып, кайра кайтармакчы болгондо, көп жылкынын чаңына аралашып Чубак кирип барып, атынын бир жак капталына өбөктөп калат. Жолой жылкынын астын кайра бергенде, Чубак капыстан качырып барып Жолойду Ачбуудандын үстүнөн аңтара саят. Чубак кайрыла түшүп, Жолойду кылыч менен шилтемекчи болгондо, капталынан калмактын Ушаң деген баатыры Чубакты көмөрө коюп кетет. Аны көргөн Алмамбет Саралага олбуй-солбуй камчы басып, качырып келип ушаңды капталынан шилтеп өткөндө, Ушаң ат үстүнөн камгактай учуп барып, топонго башы тыгыла түшөт.

Алмамбет бура тартып караса, эти кызып калган Көгала күлүк тегеринип ойноп, Чубак үзөңгүсүн тебе албай, шашып калган экен. Чубактын жанына жетип келип:

«Катүгүн, Чубак, нетти? – деп,
Кайратың кайда кетти? – деп,
Камалап жоо жетти – деп,
Артынан Алмаң барганы,
Алтын кемер, бото кур,
Аткый кармап алыптыр,
Акбалта уулу Чубакты

Арстан Алмаң султаның
Ат үстүнө салыптыр».

Алар антип жүргөндө, аттан ажырап калган Жолойдун атын Нескара кармап келип мингизип, Жолой кутулуп кетет. Аңгыча болбой, арт жактан калың кол менен Коңурбай келип калып, Жолойдун өлүп кала жаздаганын билбей:

– Астыңыздагы атыңыз күлүк эле, Жолой баатыр, жылас болгон жылкынын астын Сиз тоспосоңуз болбойт – дейт.

Анда Жолой:

«Алдын тос – деп жылкынын
Айтканың кандай, Коңурбай?
Арзан көрбө бурутту,
Эзелден бери көрбөдүм
Абзел мындай журутту.
Жылкы экен – деп, тозом – деп,
Жеке жөнөп мен барсам,
Жеткен жерде курутту.
Алды-артым аңдап карабай,
Анык мени уруптур.
Бирөө – деп, барсам, миң окшойт,
Баары күчтүү бил окшойт.
Жалгыз – деп, барсам, сан окшойт,
Байкап көрсөм, баарысы,
Жандан тойгон жан окшойт.
Жанымды эптеп сактаймын,
Эми жылкы тосом – деп,
Эч бир жалгыз чаппаймын.
Жылкыңдын ичи жык бурут,
Көрбөдүм мындай куу журут.
Малыңдын ичи баары жоо,
Барган адам калбайт соо.
Бендеси беттеп баруута
Табалбадым акыл соо.
Бирөөн кууп жетесиң,
Жакын жетип барганда,
Алда кайда жалп этип,
Аттан кулап кетесиң».

Эр болсоң өзүң барып көрсөң, менин айтканымдын ырастыгын ошондо гана билесиң» – дейт. Манас, Алмамбет, Чубакка Коңурбайдын калың колу беттешет. Манас менен Коңурбай сайышат – шаардагы Коңурбайдын сымбаты мындайча сүрөттөлөт:

«Адырайган чоң Коңур,
Колдун арка жагынан
Азыр келип калыптыр.
Көк күбө соот бөктөрүп,
Көк найзаны көтөрүп,
Баданасын жамынып,
Мас болгон билдей чамынып,
Баатырды көздөй камынып,
Устундан кыйып улаткан,
Учуна болот сулаткан,
Жарды сайса, кулаткан,
Сайган жоосун ураткан.
Өрттөй көзү кызарып,
Өткүр Коңур калчанын
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Жоон билек, жолборс төш,
Кабагы бийик, каар сөз,
Капталы жазы, бою эңчер,
Кан Коңурбай деген эр.
Астындагы Алгара,
Ач маралдай маңкайып,
Кайып түрдүү көркү бар,
Казандай соору даңкайып.
Кумдуу жерге оонаткан,
Кудуктуу жерден сугарткан.
Куланды кууса куткарбас,
Жалы саяң, куйругу аз,
Салышкан жоого болгон маш,
Туранын сөөгү көпкөк таш,
Каз моюндуу кара атка
Кан Коңур камчы салыптыр,
Кара түпөк найзаны
Мелтиресе сундуруп,

Бет алышып калыптыр».

Манас менен Коңурбай качырышып сайышып өткөндө, Коңурбай астынан ыргып кетет. Манас Коңурбайды кылыч менен чабууга оңтойлотордо, Манаска Бороончу деген балбан беттешип калат. Манас аны дагы астынан көмөлөтө коёт. Калың кол менен аралашкан катуу уруш болот. Манас алты найза бойлобогон Ит-Кечпестин Кара-Суусунун Көл-Кечүүсүнөн сүздүрүп өтүп, өйүздө турган кытайларга кыргын салат. Алмамбет Чубактарды көп кол тегеректеп калганын көрүп, Көл-Кечүүгө дагы киргенде, Айбанбоз сууга агат. Коңурбай суунун жээги менен келип Манасты чекеге саймакчы болгондо, Манас найзанын түпөгүнөн кармап жулуп алат. Найзасын жулдурган Коңурбай, Алмамбеттин келе жатканын көргөндө, качып берет. Манастар антип урушуп жаткан учурда, Сыргак кабар берип, Манастын калың колун ээрчитип келип калат. Манас Аккуласын минет. Жоо жарагын алат.

«Айсыз түндө бөлүнгөн,
Караңгыда жол тартса,
Кулагында шамынан
Жол жоголбой көрүнгөн
Касиеттүү чоң кула ат
Канкор Манас мингени,
Кадимден берки сыр найза,
Карыга баатыр илгени.
Сары камыш кыйдырып,
Сары атанга жыйдырып,
Сал устага кылдырып,
Тарамышка чаптаган,
Желим менен каптаган,
Душман үчүн сактаган,
Алда кандай жыгач – деп,
Акылын адам таппаган,
Камыш, желим, тарамыш,
Сырткы жагын сырдаган,
Өнөрүнө караңыз,
Сайган жоого мылгыган,
Ар түрдүү адам болсо да,
Аттан жерге ыргыган,

Тартып алса, чоюлган,
Жанчышкан душман союлган,
Кармай калган душмандын
Беш манчасы кыйылган,
Орто жерин Каныкей
Он айчыктап сайдырган,
Болот учтуу сыр найза
Булгап колго алганы.
Көмүрүнө чыдабай,
Көп токойлор кыйылган,
Көөрүгү үчүн кылычтын
Көп букалар кырылган,
Көөрүкчүсү Каратаз
Ач билекке сыйынган,
Сугатына бир катар
Суук булак соолгон,
Кылганына чыдабай,
Кырк алты уста жадаган,
Жатып Мисир устасы
Жай, кышында кадаган,
Учун кайкы чыгарган,
Урум шаар көлүндө
Уу булактан сугарган,
Түн ичинде суурса,
Өрттөй жанып кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Ободогу мунардан
Арып менен сугарган,
Ажыдаар заарынан
Үч ай таштап чыгарган,
Тоого чапса, таш кескен,
Бойго чапса, баш кескен.
Шиберге койсо, өрт кеткен,
Шилтегени мүрт кеткен
Кылычты кындан алыптыр,
Аккула менен чуратып,
Кытайды беттеп калыптыр».

Манас кытайлардын калың колун катуу кыргынга учуратып, Күрпүлдөктүн Сары-Суусуна камап кирет. Коңурбай качып калган колунун астын тосо албай, айласы кеткенде, Манастан дагы качып берет. Кытайлардын кыргындан калган көп колунун жарымы сууга агып өлөт. Коңурбай Түп Бээжинге кабар берип, андан Мадыкан дөө баштаган кол дагы келет. Алар келгенче, Алмамбет күндү жайлап, Үлпүлдөктүн Сары-Суусуна муз тоңдуруп, көп колду суудан аман алып өтөт. Астында желгенине жел жетпеген, жалгыз мүйүздүү, тоодой болгон букасы бар, жалгыз көздүү Мадыкан дөө келери менен, Музбурчак баатыр Кошойду кабаты менен ыргыта сайып, колго түшүрөт. Көздү ачып-жумганча Көкчө менен Бокмурунду да ыргыта саят. Бирок алар колго түшпөйт, Бокмурунду Чубак, Көкчөнү Бакай аттарына мингизип, аман алып кетет. Кошой менен Музбурчакты качырга артып кетип бара жатканда, Сыргак бошотуп чыгат.

Кырк чоронун кылыч менен чаап, найза менен сайганын Мадыкан чиркей чаккандай көрбөйт. Мадыканга Манас беттешип, экөө бирин бири албай турганда, Коңурбай баштаган калың кол Манасты каптап кирип, эки кол катуу кыргынга учурайт. Ат өлүгү менен эр өлүгү дөбө толуп, кан суудай агат. Кытайдын Бөрүкөз деген балбанын Алмамбет аттан ыргыта сайганда, Бакай жетип, анын башын кыя чабат. Жолой дөө Ажыбайды көмө коюп кеткенде, Ылама деген балбан Карткүрөңдү коштой качат. Жолойду Бакай ыргыта сайып, Чубак башын кесип өлтүрөт. Чубак менен Сыргакты Коңурбай ыргыта сайып өлтүрө турган болгондо, Манас менен Алмамбет ажыратат. Мадыкандан Төштүк өлө жаздап, аз жерден калат. Кытайдын колу катуу кыргынга учурап, качып калат. Мадыканды Манас кырк чоросу менен тегеректеп Алмамбет, Бакай кабаты менен бир сайып өткөндө, Мадыкандын колунан көк буканын мурунтугу чыгып кетет. Мурунтугун алгыча камынтпай, Чубак менен Шууту кабаты менен дагы сайып өткөндө, үзөңгүсүнөн буту тайып кетет. Алар менен удаалаш Манас качырып сайып өткөндө, Мадыкан көк буканын үстүнөн көмөлөнүп кетет.

Бул учурда Чубак Көктекесин түйүлтүп жетип келип, көк буканын мойнун кыя чабат. Жөө калган Мадыкан Манастын колунан өлөт. Ушул урушта кытайлардан көп дөөлөр кыргынга учурап, Алмамбеттен үч ай ашык окуган Чоңмерген да өлөт. Коңурбай менен Манас сайышып, Коңурбай качып, Манас аны Бээжиндеги Эсенкандын чоң

капкасына киргенге чейин кууп барат. Манас оолуккан бойдон капкага кошо кирмекчи болуп барганда, Алмамбет капталынан чыгып:

– Коңурбай амал менен качып бара жатат. Капкага кирсең, өлөсүң. Алгарасынын капталында канаты бар. Учкан кушка жеткирбейт – деп, Манасты алкынтып кайра коштоп кетет. Коңурбайдын Манастан качып калган учуру эпосто мындай:

«Астынан чыгып Манастын,
Алгара оозун бура албай,
Айбаты артык көкжалдын
Астына каршы тура албай.
Кыйкырып найза суна албай,
Кымындай такоол бере албай.
Акыл ойлоп Коңурбай,
Ээр-Белдей белести
Ашып калды, көрдүңбү?
Манастын каарын көргөндө,
Шашып калды Коңурбай
Бээжин көздөй дыр коюп,
Качып калды Коңурбай.
Эр калчаны көргөндө,
Акылынан шашкан жок,
Айланып Манас турган жок,
Жалын чыкты оозунан,
Өрт төгүлдү көзүнөн.
Астына салып, кубалап,
Кетип барат жарышып,
Бөлүнүп колдон алышып.
Эчен-эчен белести
Ашып барат Коңурбай,
Элделеңдеп Манастан
Шашып барат Коңурбай.
Качкан жерин карасаң,
Адыр-адыр бел эле,
Ошо белдин ары алды
Кырк-күнчүлүк жол эле.
Куу учканда – канаты,
Кулан жүрсө – туягы

Күйүп кеткен чөл эле.
Чык эткенге суусу жок,
Чымчып жээрге чөбү жок,
Мунарыктап бурчтанган,
Булуңдуу болуп учтанган
Жерге сала качты эми.
Аккуланы көргөндө,
Коңурбай акылынан шашты эми,
Чыны менен качты эми.
Эңкейиш жолго киргенде,
Коңурбайдын Алгара
Букадай мойну бултулдайт.
Өр таяна келгенде,
Манас кандын Аккула
Чакмактай көзү жылтылдайт.
Эңкейишке киргенде
Коңурбайдын Алгара
Эликтей колу сайышат.
Өөдө жерге келгенде,
Манас кандын Аккула
Жал, куйругу жайылат.
Эң ылдыйга келгенде,
Кечилдин каны Коңурбай
Узап кетет закымдап.
Өйдө жерге келгенде,
Кадимкидей кан Манас
Кирип барат такымдап.
Такымдап Манас барганда,
Алоокенин Коңурбай
Такыр жандан түңүлүп,
Астындагы Алгара,
Шашканынан Коңурбай,
Олбуй-солбуй камчылап,
Оңду-солду теминип,
Нечен-нечен чөл кыя
Ашып качып баратат.
Манас жакын калганда,

Кайран жандан түңүлүп,
Шашып качып баратат.
Артына калча караса,
Манас кандын Аккула
Омбул-домбул түйүлүп,
Оңко аткандай жүгүрүп,
Машадай мойну ийилип,
Көкүлүн көккө ыргытып,
Туягын жерге мылгытып,
Оомдугун каккылап,
Тал жибектей куйругун,
Чаткаякка чапкылап,
Таманы жерде тарсылдап,
Кара болот ооздук
Көмөкөйдө карсылдап,
Араандай оозу ачылып,
Кан аралаш ак көбүк
Омуроодо чачылып,
Башын жерге салыптыр,
Тоңкочуктап, жер чулгуп,
Эти кызып алыптыр.
Коргошундай Манасты
Коргоолдой кылып көтөрүп,
Опол тоодой Манасты
Омурткадай көтөрүп,
Баскан ташы быркырап,
Учкан куштай зыпылдап,
Келе жатат дыркырап.
Үстүндөгү Манастын
Өрттөй көзү жайнаптыр,
Кан ичмейи кармаптыр».

Манас бир белеске туу көтөрүп, колдун эсебин алса, Чубак менен Төштүк жок. Манас:

– Чубагым жок. Эгер ал кытайлар колдуу болсо, эртең кайра казат курап, кытайлардын чаңын асманга чыгарам – деп, калың колго калаба салат. Эртеси Чубак намаз маалында манжуулуктардын каны Нескараны кырк төрөсү менен жалгыз байлап, баарын атка артып келип

Манаска тартуу кылат. Манас сүйүнгөн бойдон окуп жаткан намазын таштап жиберип, Чубагынын астынан чыгат. Манас байлоодо жаткан Нескаранын башын чапмакчы болгондо, Нескара Манаска:

– Манас баатыр! Сага Бакайың кандай болсо, мен дагы кытай элине ошондой кызмат кылган кандын бирөө элем. Кандын башын кан кесүүчү эмес. Жан соога. Жанымды койсоң, эмне кызматың болсо да иштеп берейин – дейт. Аңгыча Бакай, Алмамбеттер келип калып:

– Баатыр, жан соога. Муну өлтүрбөңүз! Бул Бээжиндеги Карыкандан кийинки билерман кандын өзү. Андан көрө муну кырк төрөсү менен тирүү кармап туруп, Бээжиндеги Эсенкандан Бээжиндин кандыгын сурап, элчи жиберелик. Берсе, өзүңдү Чет-Бээжинге кан көтөрүп, Таласка көп олжо менен кайталык. Эгер бербесе, Нескарасын кырк төрөсү менен ошондо өлтүрүп, кытайларды дагы чабалык – дейт.

– Элчиликке кимди жиберебиз – деп, кары Кошой кошуундагы кандардын бардыгын чогултат. Элчи болуп барууга киши чыкпай турганда, Жамгырчы туруп:

– Бакай барсын – дейт. Манас ордунан найза тийгендей ыргып туруп:

– Жамгырчы эмне дейт? Бакайды жибергенде, Нескарага айырбаш кылып алып, шорубузду шакардай кайнатышабы? – деп, ачууланат. Көпчүлүк Жамгырчыны кагып таштайт, ошентип, кеңеш кылып турганда Суук-Төрдөгү кытайлар миң балбанын өлтүрүп, сегиз жүз атын айдап алып, Төштүк келет. Элчиликке кара жаак эр Үрбүнү жолдош кылып, Ажыбайды жиберет. Экөө Эсенкандын ордосуна кирип барып, Ажыбай Үрбүгө атын карматып коюп, такта отурган Эсенканга барып, Манастын тапшырган 11 дөрүн айтат. Эсенкан а дегенде Ажыбайдын башын чаап салмакчы болуп отурса да, акыры Манастан коркуп, макул болуп, Чет-Бээжинди берет. Ага кошуп өзүнүн кызы Бурулча, Айжаң-Жуң кызы Бирмыскал сулууну миң кыз менен тартууга берип, жүздөгөн төөгө алтын, күмүш арттырып, Манаска барат.

Манас Бурулча сулууну – Алмамбетке, Бирмыскал сулууну Чубакка нике кыйып, өзү Чет-Бээжинге кан болуп, Алмамбетти Тыргоот кытайына, Чубакты Таш-Көпүрө шаарына кан кылат.

# ЧОҢ КАЗАТ

Манас алык-салыкты көп салат, кытайлардын Шыйкуучу деген бирөөн мусулман кылат. Бул кезде Коңурбай Түп-Бээжиндеги Карыканга качып барып, Манастын кылган кыргынын айтат да: «Деги Манас бизди соо койбойт» – деп, ыйлап жиберет. Анда Карыкан туруп:

– Сен Бээжиндин кырк дарбазасынын бирөөн көргөн эмес экенсиң. Андагы дарбазада: «Бээжиндеги кытайларды эч ким ала албайт. Буруттардан Манас деген келип гана, алты айча сурак кылат» – деген сөз жазылган. Андан көрө Манастын сураганын берип, кызматын кыла бериш керек деп, бүткүл Түп-Бээжиндеги усталардын баарын чакыртып алып, курч болот темирден, ажыдаардын заарына алда нече сугарып, айбалта жасаттырып, Коңурбайга берет. Бул учурда Бакай менен Кошой үзүктөй калпак Шуутуну Желмаянга мингизип, Манастын кан болгонун сүйүнчүлөө үчүн, Таласка жиберет. Шууту Таласка келип:

«Атактуу кытай Бээжиндин
Талынын баарын сулаттык.
Тамын түртүп кулаттык,
Байгамбар баспас Бээжинди
Башынан кирип, жол салдык.
Эч ким тийбес Бээжиндин
Ичине кирип кол алдык.
Кол салгандын үстүнө
Нечен сонун олжо алдык.
Билге жүктөп дилде алдык,
Кара көздөн миңди алдык.
Искендер тийбес Бээжинге
Илесин таап, кол салдык.
Топон суу жетпес Бээжинди,
Тоз-тоз кылып эл-журтун,
Талкалап жатып, биз алдык.
Асман-жерди чаң кылдык,
Аралап жүрүп кытайды
Кырып-жоюп, дал кылдык.
Алтын таажы кийгизип,
Алтын такка мингизип,

Айкөл Манас баатырды

Чоң-Бээжинге кан кылдык» – деп, кабар айтат. Бул кабарды уккан Каныкей сүйүнмөк турсун, безгек сайгандай чочуп кетип:

«Бээжинди билди дегиче,
Мээнетти билди десеңчи!
Алтын так минди дегиче,
Ажалды минди десеңчи!» – деп, Манастын Бээжинде калганына кайгырып:

– Аркасында калганы баласы жаш, туугандарынын баары кас болсо, Бээжинде бекер калыптыр. Кокус болуп кетсе, биздин айлабыз эмне болот? – деп кайгырат. Каныкей ошо түнү түш көрсө: Таластан өрт күйүп, белестердин бары урап, көл-дайралар соолуп, чынар теректер куурап калат. Эртеси Каныкей төшөктөн ыйлап туруп, Шуутунун колуна алакандай кат берип, Тайбуурулду баш кылып, алты буудан ат берип, Жакыптын башы сын алып:

«Олуя барбас Бээжинге
Ойлобой жатса, өлөт – деп,
Оёнум, арстан айкөлүм,
Ордого качан келет? – деп.
Топон суу баспас Бээжинге,
Токтоп калса, өлөт – деп,
Береним султан кабылан,
Бейбагын качан көрөт?» –
деп, Шуутуну кайра узатат. Алмамбеттин Аруукеси төрөрүмө жакын калдым – деп, Алмамбетке белек кылып жоолук берип жиберет. Шууту күнү-түнү алты күн жол жүрүп отуруп Бээжинге жакын келет. Таластагы аяр катын Каныкейден Манаска кабар алып келип, катуу кайтарууга түшүп калбасын деген ой менен, жол жүргөн Коңурбай Шуутуга кезигет. Шууту апкаарый түшүп, Тайкүлүк менен качып калат.

«Астындагы Тайбуурул
Закым болуп бөлүнүп,
Учуп кеткен эмедей,
Аңтарылып кара жер
Арт жагына бүгүлүп.
Жердин жүзү закымдап,

Төрт аягы шакылдап,
Кайда экени билинбейт,
Туяк жерге илинбейт.
Учуп барат Тайбуурул,
Туягы тийген кара жер,
Кемегедей оюлуп,
Баскан ташы быркырап,
Төрт аяктын даңканы
Так төбөдө чыркырап.
Ала качып, элирип,
Анда-санда көрүнүп,
Көрүнүп көзгө илинбей,
Булут болуп көрүнүп.
Узап калды Тайбуурул
Алгарадай тулпардан
Бир чакырым түйүлүп.
Желгенине жел жеткис,
Жетик экен Тайбуурул,
Басканына мал жеткис,
Башкача экен Тайбуурул».

Коңурбай жетип найза менен саярда, Шууту кара сууну көздөй бура тартат. Тайбуурул түйүлгөн бойдон кара суулуу баткактан секиргенде, Шуутунун кисесинин оозу ачылып, Каныкей жазган кат кара сууга ыргып кетет. Ошол учурда Алмамбет да, кокус Коңурбай Таластан келе жаткан Шуутуну кармап калбасын – деп, Сарала менен утурлап келе жатып, Шуутуну кууп келе жаткан Коңурбайды көрүп, качырып калат. Алмамбеттен чочуп, Коңурбай алыстан бура тартып качып, жетип сая турган болгондо, бийик чептен Алгара менен секиртип кетип кутулат. Алмамбет Шуутуга келип:

«Салоо да салоом алейкум!
Сандыргалуу, эр Шууту!
Күкүгү талда күүлөнгөн,
Күүлөнүп булбул сүйлөнгөн,
Жылгындуу Кеңкол, кең Талас,
Жериң эсен жатабы?
Жыргалдуу журтум көп ногой,
Аргын, кыргыз аралаш,

Элиң аман жатабыз?» – деп, эл, жер менен Каныкей, Аруукесинин ал-жайын сурайт. Эл-журт Каныкей, Аруукелердин амандыгын, Аруукенин айы-күнүнө жетишип отургандыгын угуп, Алмамбет сүйүнгөн бойдон Сараланы айтуякка чапмакчы болуп жатканда, Манастын жиберүүсү боюнча, Калкамандын Кара атын коштоп Ажыбай келип калып, Сараланын ордуна Кара атты сойдуруп, Сараланы алып калат. Шууту Манаска Каныкейдин Бээжинге турбай, кайтсын деген сөздөрүн айтса, Манас:

– Ошончодон ушунча казат кылып келип, Бээжиндеги алганыма жараша, Бээжинге аз болгондо үч жылы кандык кылбасам, болбойт. Катын-бала калды – деп, да кандыкты таштап кетеби? Ажал жетсе, үйдө жатып да өлөт – деп, Шуутунун сөзүн сөз дебей коёт.

Жети жерге турган кандары: Кошой, Төштүк, Музбурчак, Көкчө, Үрбү, Чубак, Алмамбет, Бакайларынын баарын чакыртып алып, Манас:

– Калайык! Атым начар дегениңердин атыңарды соёмун, өзүм начармын дегениңердин өзүн соёмун деп, көбүңөрдү зордук иретте казатка айдап келдим эле. Эл-жериңерди сагынганыңар болсо, уруксат, кайткыла! – дейт. «Карыганда элден топурак буюрсун» – деп Кошой, «көп жылы жер астында жүрүп көк жашык болуп кеттим» – деп Төштүк, батпаган олжо, көп кол менен кайтат.

Таласта калган катын-балага баш-көз болуу үчүн, Чубактын эң кийинки аялы – Бирмыскалды, Алмамбеттин кийинки аялы – Бурулчаны көп кул-күңү менен көчүрүп алып, Манастын өз кошуунунан Бакай жөнөйт. Тайбуурулду коштой кетет. Кандарынын калгандары Бээжинде калып, кытай элине ыгым-чыгымды көп салып, жегендери жаая менен жал, ичкендери шекер менен бал, чайкаткан кымыз, аткандары ордо, мингендери жорго болуп жата беришет. Бул учурда Коңурбай Манасты өлтүрүүнүн жолун ойлоп, күн-түнү менен, түн уйкусун коюп, аңдып калат. Манастын ордосун Кыргыл чал баштаган кырк чоросу катуу кайтарып, ордого жууктап келгендердин тил билгендерин тили менен, тил билбегендерин найзанын учу, кылычтын мизи менен коркутуп кайтарат. Коңурбай Манас жөнүндө эч маалымат ала албай айласы кеткенде, айла менен дубана кебетесине киргизип, кара кашка эшек минип, аса-муса байлап, зикир чалдырып, ак урдуруп Манастын ордосу өзүнүн айлакер Манжу аттуу балбанын жөнөтөт. Манастын ашын бышырып турган, калптан мусулман

болгон Шыйтуучу деген кытай Манас жөнүндө толук маалыматты катка жазып, нан менен кошо бышырып туруп, «дубанага» берет. Ал катта:

– Манасты урушуп эзели жеңе албайсың. Ар күнү таң заарынан туруп, жылаңайлак, жылаңбаш эшикке чыгып, азан чакырып, намаз окуйт. Ошол учурда ыгын бир келтирүү керек – дейт. Аны окуган Коңурбай бир нече күнү ордого кире албай аңдып жүрүп, бир күнү түн ичинде өзү билген жалгыз аяк жол менен бар шайманын боюна алып, Алгарасын минип, акырын жыла бастырып, таңга маал Манастын дарбазасына келсе, дарбазаны кайтарып турган Кыргыл чалдын көзү жаңы гана илинип кеткен экен. Дарбазадан дароо өтүп барып, Манастын ордосунун жанындагы чынардын түбүнө барса, ал күнү Манасты кайтарып турган Ажыбайдын найзасын жерге сайып коюп, Карткүрөңүнүн үстүндө каалгып уктап тургандыгын көрөт. Аңгыча Манас чыгып, эч нерседен кабары жок, азан айтып турганда, Коңурбай байкоосуздан жашынып келип, ажыдаардын уусуна сугарган айбалта менен шилиге тартып өтөт. Ажыбай Коңурбайдын эки кабыргасын сындыра сайганда, капталында канаты бар Алгарасы менен бийик дубалдан аттатып кетип, сыртта күтүп турган кырк төрөсүнө кошулат. Алмамбет, Чубак, Сыргактар артынан кууп, кырк төрөсүн кырып, Коңурбай жеткизбей кетет. Кыргыз кошуунуна улуу бүлүк түшүп калат. Кансырап, эстен танып жаткан Манаска Алмамбет келип, башында өзү Кытайдан качканда ала кеткен медет-себеп аттуу дарыларын саптап, жарасына тарап кеткен заарды сордуруп чыгарат. Бир аз күндөн кийин Манас жакшы болот, бирок каны азайган Манас мурдагысындай кубатын боюна жыйнай албайт. Жанына бир нече миң жолдош кошуп берип, Алмамбет Манасты Таласка жөнөтөт. Манас кетип бара жатып: «Мен Таласка эмне деп барамын. Жарадар болгондон кийин качып келген экен деп ааламдын баарына сөз калбайбы» – деп, токтоп калат.

Манасты жөнөткөндөн кийин, Манастын ордуна Чубакты кан көтөрүп коюп, калган кошуундар жата беришет. Коңурбай качып барган Карыкандын элине барып:

– Манасты өлтүрүп келдим – деп, бүткүл кытайларга кабар берип, көптүгү кумурскадай жер майышкан кол менен келип калып, кытай менен кыргыздардын арасында экинчи чоң казат башталат. Коңурбай жактан Калдай алп, Алмамбет жактан Байчоро жекеге чыгышып,

Байчоро Калдай алпты ат үстүнөн алып таштай турган болгондо, Байчорону кытайдын Жөө-Күлүк деген балбаны качырга басып качырат. Аны Сыргак капталынан качырып ыргыта сайып, аркасынан жетип, аны улак кылып тартып кетип, кылычы менем чаап өлтүрөт. Аламан уруш башталганда Алмамбет адатынча күндү жайлайт.

«Асмандан булут сабалайт,
Жер бетине камалайт.
Бөксөнүн баары мөндүрлөп,
Жаканын баары жамгырлап.
Ай көрүнбөй бүлбүлдөп,
Күн көрүнбөй күүгүмдөп.
Жайдын күнүн кыш кылып,
Кийими жука кытайды
Кыңшылатып кыз кылып.
Үшүп калган кытайды,
Алмамбет, Чубак аралаш
Жандай салып эр Сыргак –
Үчөө кирди согушка.
Орто жерин Алмамбет
Оюп кетти кыйратып,
Тегерегин эр Сыргак
Союп жүрөт сулатып.
Бет алдына келгенин
Берен Чубак талкалап.

Кытайлардын калың колун кызыл канга бөлөп жиберишет. Нечен ирет кытайлардын колун кырып, качырып кууп кирип барганда, уруу алты айдан ашса, биз жеңебиз деген ой менен, Коңурбай улам жаңы кошуп, качкан колдорун сабап кайра тосуп, урушту уланта берет. Урум тарап Алмамбет менен Сыргак нечен ирет Коңурбайды атынан аңтара сайышса да, Коңурбай өлбөй кутулат. Коңурбай да Чубак, Көкчө, Музбурчактарды нечен жолу атынан ыргыта сайып, аларды өлүмдөн кээде Сыргак, кээде Алмамбет куткарат. Уруш узакка созулат. Уруштун көпчүлүгү ирмеп алар чөбү жок, оо чайкаар суусу жок кумдуу чөлдө болот. Бул учурда Алмамбеттин колун Каныкей даярдап, желмаянга жүктөп берген гүл азыктан жешип, аттарына даярдаган гүл азыктан беришет. Урушта Сыргак болжолсуз эрдин көрсөтүп, Коңурбай Сыргакка:

– Манастан да өтө кеткен эр экен. Ушуну колго түшүрбөй, биздин иш оңолбойт – деп, нечен ирет жабыла найза сунуп да өлтүрө алышпайт.

Бокмурунду кытайлардын Агаяр деген мергени атып өлтүргөндө, агаярды Алмамбет атып өлтүрөт. Кытайлардын колунун такоолу улам келе берип, кыргыздын колун жадатат. Көп күндөн бери урушуп жүргөн Алмамбет Сыргакка мындай дейт:

«Азирет тийбес Чоң-Бээжин,
Урушабыз деп жүрүп,
Алсырап кетер бекенбиз?
Алда канча жара жеп,
Атыша албай жоо менен,
Кансырап кетер бекенбиз?
Бээжинге карай кайрылып,
Берендерден айрылып,
Бейпай болор бекенбиз, Сыргак? келген кол кытайлардын колунун миңден бирөө гана» – дейт. Сыргак Алмамбеттин бул сөзүнө:

«Тоспогун, Алма, жолумду,
Коё бер, Алма, колумду!
Каптап келген кытайга
Качырып найза сунайын,
Каары катуу тозоктон
Жанымды азат кылайын.
Ажалым болсо, кытайдан
Атышып жүрүп өлөйүн,
Чымын жаным барында
Чоң-Бээжинде кытайды
Быт-чыт кылып бөлөмүн.
Талкалабай кытайды
Таласты кантип көрөмүн!
Алоокенин Коңурбай
Аянышпай салышып,
Ыгын таап, калчаны
Көк шилиден алармын,
Колума тийсе, калчаны
Курбандыкка чаламын,

Коңурбай канын чачпастан
Кантип Талас барамын!» – деген жоопту берет.

Уруш узарып кеткендиктен, Манастын кырк чоросу кыргыздын колун Таласка кайтарып, кырк чоро Ит-Өлбөстүн чөлүндө Каныкей камдап берген кийимдерин которуп кийип, дагы бир нече күн урушат. Бул урушта да Алмамбет дагы күн жайлайт. Урушта кытайлардын Тикен алп, Күнжаңжуң деген баатырлары өлөт. Бул жерде Алмамбет, Сыргак, Чубактар кырк чорону дагы Манастын аркасынан узатып жиберишип, урушта үчөө гана калып, кезектешип согушат. Чубак кытайлардын колу менен жети күнү жалгыз урушуп, толуп жаткан кытайларды кырып, өзү жетимиш жеринен жаралуу болуп чыгат. Алмамбет жалгыз тогуз күнү урушуп, токсон жеринен жаралуу болуп чыгат. Сыргак да бир нече күнү урушуп, нечен жеринен жарадар болот. Кытайлардын колу улам азаят десе, түптөнүп, түтөп арбый берет. Бул окуяны көргөндөн кийин, Алмамбет Чубак менен Сыргакка келип:

«Минтип турсак Бээжинден
Бирөөбүз эсен кайтпайбыз.
Ойлосоңчу, эки шер Музбурчак,
Көкчө эриң жок,
Айкырып караан болгондой
Айкөлүң Манас шериң жок.
Намыс кылбай, эки шер
Ат соорусун салалык,
Айкөлүң Манас бар болсо,
Калка кылып алалык.
Караан кылып Манасты,
Калың кара кытайга
Качпай уруш салалык!

Кырып жүрүп кытайлардын учуна чыга албайбыз. Андан көрө эртерээк жетип, Манастын жүзүн көрсөк, эч болбогондо Жаңырыктын Жар-Кыясындагы жалгыз аттын Чубама деген жерине чейин барып, кууштан бууп согушалы. Коңурбай колго бир тийсе, ошол жерден тиет» – дейт. Үчөө түн киргенде жарышып жолго киришет. Эртеси Коңурбай: Мекеге чейин сүрүп кырабыз – деп, миң калдайып баш кылып, батпаган кол менен куугундап калышат. Алмамбет, Сыргак, Чубактар нечен жерден утуру бууп, согушуп отурушуп, Манастын

көп кошуунуна жетишет. Манас кошуунун токтотуп күтүп жаткан экен. Манас бул үчөөнүн алдынан утурулай чыгып:

– «Кызыл найза желегим,
Кыраанным берен, Алмамбет!
Кытайдан келген белегим.
Эгизим, Чубак, көсөлүм,
Эсимден кетпес эзелим.
Астыма салсам, ак жолум,
Асылым менин, Сыргагым!
Алышкан жоодо шумкарым.
Атышканда – сан колум,
Үч бирдей менин эгизим,
Телегейи тегизим.
Төбөмдө чолпон жылдызым,
Аман-эсен келдиңби?» – деп тосуп алат.

Эртеси кууй келген кытайлардын колу менен катуу согуш болуп, Манастын кошуунунан Көкчө, Музбурчактар жарадар болот. Коңурбайды Алмамбет жарадар кылып, Коңурбай майданга жолобой качып калат. Кытайлардын колун кырк чоро – Алмамбет, Чубак, Сыргактар кырып, кайра качырат. Алмамбет урушта жүргөндө, кошуунда жаткан Манаска Коңурбай Чаңтийбес аттуу чеченин арага салып, жети күнү урушту токтотууну сурайт. Манас жети күнү урушту токтотууга уруксат берип коёт. Аны уккан Алмамбет катуу өкүнүп, Манаска келип мындай дейт:

«Биз бу жерден эсен тартпайбыз,
Бирибиз тирүү кайтпайбыз!
Келген жан эсен кетпейбиз,
Таласка тирүү жетпейбиз!
Айтсам, айткан тилимди,
Албас болдуң сөзүмдү.
Түгөтмөк болдуң күнүмдү,
Казмак болдуң орумду,
Качан болсо тил албай,
Кайнатмак болдуң шорумду,
Салмак болдуң башыма
Капкайдагы сонунду.
Олжолотмок болдуңуз,
Сарала тулпар атымды...

Жети күндүн ичинде кытайлар баш-аягын жыйнап алып, калабаны чоң салат. Бекер уруксат берипсиз. Биз бул казаттан аман кайтпайбыз. Эгер сиз аман-эсен Таласка кайта турган болсоңуз, алган жарым Аруукени Мажикке нике кыйып, эркек бала төрөсө, чоң той берип, атын Күлчоро коюңуз. Ал өзүмдөн өткөн эр болот – деп керээзин айтат. Айтканындай эле, кытайлардын колу каптап келип калып, дагы уруш башталат. Урушта жүрүп Алмамбет Кожожаш аттуу чоң мергендин урушка келип калганын көрүп, Карыкандын жай ташын алып, катуулатып күн жайлайт: бөксөнүн баары мөндүрлөп, жаканын баары жамгырлап, артынан кар жаап, сууктун катуулугунан жер бетине калдайып муз тоңот. Кытайдын колу кырылып, кайра качып калат. Качкан кытайларды кылычтап кайра тосуп, Коңурбай өзү урушка кирген жеринде, Алмамбет Коңурбайды атынан ыргыта сайып, жарадар кылып качырат. Качып калган Коңурбайды Музбурчак жетип этектен аларда, Музбурчакты туу түбүндө турган Кожожаш мерген атып өлтүрөт. Ошондо Алмамбет, Сыргак, Чубактар урушка чындап киришип, кытайларды эсепсиз кырып, жер бетин кызыл канга боёп жиберет. Оң-тетири найза сунуп, олбуй-солбуй кылыч чаап, кытайдын көп колун кырышат.

«Музбурчак, Көкчө кан өлсө,
Кез болгон жандын баары өлсө,
Муразга кантип жетебиз?
Кыраандардан айрылып,
Кырылышпай Бээжинден
Элге кантип кетебиз?» –

Деп, ошентип, Сыргак жана Астындагы Көкчебич Чү деген жерден чуратып,

Чуу түшүрүп кытайды,
Кез келгенин кулатып,
Каршы чыккан калмактын
Канчаларын сулатып,
Кыдырата карабай,
Кылча жанын аябай,
Азизкандын Алмамбет
Кыйкырып кирди согушка.
Кан Балтанын Чубагы
Каарданса, сан колдой,

Нойгуттардын кыраны
Карыкан эли кытайга
Кылчайбастан аралап,
Кырып кирип келгенде.
Кайран жандан түңүлүп,
Алоокенин Коңурбай
Карап турду таң калып.
Кан Манастын кырк чоро,
Кырк жагына чубалып,
Жабылган жагы чуркурап,
Жалаң кытай, көп манжу
Жабыла качып дыркырап.
Жанды булар койбойт – деп,
Кожожашка жалынып:
Мен Коңурбай болгону
Ааламды соргону
Он акимге эр болуп,
Бээжиндин болдум коргону.
Керүүгө салган там элем,
Кечилдин тоодой каны элем.
Ушу Сыргак баладан
Ээримен арт кетти,
Жүрөгүмө дарт кетти,
Боконо сөөгүм болк этти,
Таш сайынган кытайдын
Тазасы ыйлап солк этти.
Бел байлаган белимди,
Эчен бузду чебимди,
Эчен сойду эр Сыргак
Канча берен элимди.
Көп сындырды белимди,
Көп калтырды көөнүмдү.
Кез келгенде Сыргак кул,
Эңкейиште эр саят,
Кулагы темир Кутан алп,
Жетөөнү катар бир саят.
Оюна койсо, эр Сыргак,

Түбүмө минтип жетпесин?

Ушул турган кытайды Түгөл кырып кетпесин? Айланайын, Кожожаш! Айтканымды көздөй гөр Бөлөгүн айтып нетейин,– Сыргак кулду көздөй гөр!

Ушул турган Чоң-Бээжин
Киши баспас жер ушул.
Атактуу Манас дебесе,
Манасынан Сыргагы,
Найза салым эр ошол!
Табылар деймин, Кожожаш,
Бөлөгүнүн айласы,
Сайсөөгүмөн кете элек
Сыргактын сайган найзасы.
Кече Алмамбет,
Сыргак баш болуп,
Жыласты чогуу салганда,
Кырк-Кайыңдын боюнан
Жылкымды тийип алганда,
Айлуу жүрөк, баатыр жан
Артынан кууп барганда,
Аябай колду салганда
Туура тартып салышып,
Жан аяшпай турганда,
Ошондо көрдүм Сыргакты,
Ааламды бузчу чунакты.
Астымдагы Алгарам
Туйлап чыгып кеткенде,
Эки бирдей кабыргам,
Найза тийип ошондо,
Кыйрап чыгып кеткенде.
Сыпатын көзгө илгемин,
Сырттандыгын билгемин.
Тирүү кармап алсам – деп,
Балбандардын баарысын
Жабылтып айдап киргемин.
Ошончолук балбандын
Умачтай ачты уйкусун.

Уратты нечен журтумду,
Жайлап берсең Сыргакты,
Буруттардан бел кетет.
Мындан кийин бурутту
Качырсак канга тойбойбуз,
Көз ачкыча койбойбуз.
Сыргакты атып өлтүрсөң,
Буласын булап алабыз,
Бузукту чындап, салабыз.
Кырк кандын эли кытайды
Кызык кылып жыябыз.
Кыйратып, союп бурутту,
Мекеге чейин кырабыз» – деп, Коңурбай Сыргакты Кожожашка катуу тапшырат.

– Кечээ Бээжинди Манас чапканда кезик, оорулуу болуп, урушка барбай арманда калдым эле. Эми ушул урушта баарын кырып беремин – дейт, Кожожаш. Кожожаштын ал сөзүн уккан кытайлар кайраттанып, кайра урушка кирет. Кожожаштын алты пилге жүктөгөн огу бар. Сыргак Кожожаштын атасы Каражойду ыргыта сайып, Алмамбет башын кыя чаап өлтүрөт. Аны көргөн Коңурбай өкүрүп, тиштерин бычырата чайнап, Алмамбетти саймакчы болуп качырып калганда, Сыргак капталынан чыгып, Коңурбайды ыргыта сайып, бош калган Алгара бергенче чылбырдан алып, Коңурбайды аттан ажыратайын деп аяк жол менен жетелеп келе жатканда, астындагы Көкчебич аты мүдүрүлүп кетип, башынан болот туулгасы ыргыйт. Туулгамы кийгенче, аңдып жаткан Кожожаш Сыргакты чекеге басып калат. Көкчебич ойноп чыга бергенде, аны да атып өлтүрөт. Сыргак өлгөндөн кийин, Алмамбет дагы күн жайлап, Чубак, кырк чоролор дагы урушка киришип, катуу кыргын болот. Чубак, Канжар онду атып өлтүрөт. Чубакты тирүү кармап алабыз деп, калың кытай тогуз күнү ортого алат. Атынан ажырап, жөө калган Чубак тогуз миң колго чейин бой бербей, жедеп айласы кеткенде:

– Мени тирүү байлап алат бейм?
Чыркыратып жалгызды,
Курмандыкка чалат бейм?
Ушул кыргын ичинде
Көмүлбөй сөөгүм калат бейм?

Аруудай болгон ууз этим
Ак кажыр талап тоёт бейм!
Аалам бузган кайран баш
Кытайга тепки болот бейм!
Турана сындуу моюнга
Тулганы кытай салат бейм!
Тургусу келбес кайран баш,
Каканчылуу кытайга,
Кембайланып барат бейм!
Бийиги кырк кез чупчуңкур
Казган орго салат бейм!
Кара мүртөз кытайлар
Капкайда кегин алат бейм!» –

деп, арман кылып турганда, жөө турган Чубакты Коңурбай найза менен качырат. Чубак Коңурбайдын найзасын кыя, чапанынын этегин шыпыра чабат.

– Издеп келип, жөө урушуп турган Чубакты, Алмамбет ала качып, куткарып кетет. Бул урушта Манкүш балбан Чубактан өлүп, Коңурбай Алмамбеттен жарадар болот. Алмамбетти кытайлардын көп колу тогуз күнү тегеректеп, Алмамбет да катуу жарадар болуп, Каныкей берген «себеп» деген дарыны жеп, жарасынан айыгат. Алмамбет дагы күндү күчтүү жайлап, найза бою кар түшүрөт, бирок Кожожаш да өнөрүн уламдан улам күчөтүп, бетегеге жашынып жүрүп, Чубакты, Серекти, Төлгөчүнү, Агаярды, Шуутуну, Байчоролорду атып өлтүрөт. Алмамбет Кожожаш менен жалгыз беттешип, бир нече күнү атышып, Кожожаштын турган ордун биле албайт. Кожожаш өнөрүн улам арттырып, төрт мылтык менен жалгыз өзү атып, бир атканда ар бирөөнөн жүздөн ок чыгарып, мылтыктын үнү үнгө улайт. Ошентип турганда Коңурбай келип калып, Алмамбет аны ыргыта сайганда, Алмамбеттин башындагы болот калканы ыргып кетет. Мээлеп жаткан Кожожаш Алмамбетти башка атып өлтүрөт. Алмам өлгөндөн кийин, Сарала эч кишиге карматпай, ойноп чыга берет. Алмамбет өлдү деген кабарды уккан Манас өңгүрөп:

Алмамбет, и кокуй, ала жат!» – деп, ыйлайт да:

«Алданын салган буйругу,
Моюнга келди көрбөсөм,
Асылдардан айрылып

Аңкайып кайра тартканча
Бээжинге кирип өлбөсөм.
Кечилдин каны Коңурбай
Башын кесип албасам,
Каражой уулу Кожожаш,
Алекемди сойгон беренди,
Кармап алып талаага
Курмандыкка чалбасам.
Алтайда кара кытайды
Алты ай айдап жүрбөсөм,
Канкайда кара калмакты,
Канкайга айдап кирбесем.
Бейли жаман кытайды
Бээжинге чейин сүрбөсөм
Манас болбой өлөйүн,
Кыйындардан айрылып,
Кыйналып карап тургуча
Туулбай туна чөгөйүн» –

деп, ант айтып, Аккулага минет. Кытайды Манас кырып бара жатканда Кожожаш Манасты нечен жолу атса да Аголпогунан ок өтпөйт. Айласы кеткенде, Манасты жөө калтырайын деп, Аккуланы атып өлтүрөт. Манас Аккуласынан ажырап жөө калганда, өзү төрөлгөндө Чыйырдыга думана берип кеткен болот окту Аголпоктун жакасынан сөгүп алып, көз жетпеген жерде турган Кожожашты дүрбү менен карап туруп, атып өлтүрөт.

* * *

Ошол учурда Таласта жаткан Каныкей түшүнөн чочуп ойгонуп:

Тултук мүйүз көк бука
Суу түбүндө кыйкырат,
Султаным Алмам өлгөн бейм?
Карга айдаган Акшумкар
Канаты жок калыптыр.
Кан Балтанын Чубагы
Бир кордукту көргөнбү?
Узун бойлуу чынарым

Кыбыла көздөй сулаптыр,
Кымбатым Сыргак өлгөнбү?
Он сегиз миң ааламдын
Каны болуп турганда
Султаным минген алтын так
Буту кыйрап калыптыр,
Көк жалымдын бууданы окко учканбы?» –

деп, көзүнүн жашын он талаа кылып Бакайга келип, Тайбуурулду коштотуп, Манаска жиберет. Бакай күнү-түнү он эки күн дегенде кытайлардын көп колунун камоосунда, ээр токумун көтөрүп, жөө турган Манаска жетип, Тайбуурулду берет. Манас Тайбуурулду мингенден кийин, кытайдын колун кырып отуруп, Бээжинге киргизет. Бээжиндин капкаларынын баарын бекитип алып, кытайлар ачпай коёт. Бээжиндин чебинин бийиктиги кырк кез болот. Манас канчалык аракет кылса да Бээжиндин ичине кире албайт. Акыры Бээжиндин капкасын талкалап киргени жатканда, асмандан:

– Манас, Бээжинге кирбей үйүңө кайт! – деген үн угулуп, Манас Таласка кайтып калат. Уруш болгон жерге келип, Алмамбет, Сыргактардын өлүгүн таап алып:

«Азизкандын жалгызы Айкөлүң Манас өңөрүп, Жаагына жаагын жаздады.

Күңгүрөнүп токтобой,
Манас өкүрүп, сөзүн баштады:
Эгиз козу түгөйүм,
Экөөнү бирдей жеп алып,
Эрикпей кантип жүрөйүн!
Аккуланы окко учуруп,
Алмамбет шейит кечирип,
Канатымдан кайрылып,
Кан Чубактан айрылып,
Мен кантип кетем Таласка?
Болот элем таш кескен,
Маталып калган экемин.
Берендерди жеп алып,
Мен кашайып калган экемин!
Ирмесем бутум басылбайт,
Жылаанга чалыш болупмун.

Эгизимден айрылып,
Жал, куйругум такыр жок,
Мен куланга чалыш болупмун» –

деп, Манас ыйлап турганда, чөп кыйып, суу ичпей кындырдай болуп жарап калган Алмамбеттин Сараласы өзү келип калат. Манастын өксөгөнүн, айбан да болсо, Алмамбетке аза күткөн Сараланын арыганын, Алмамбеттин Саралага жүктөлүп жаткан өлүгүн көргөн элдин баары дүңгүрөп ыйлашат. Бакай Саралага Алмамбеттин сөөгүн артып:

– Сага аманат жүктөдүм! Алмамбеттин сөөгүн Таласка жеткиз! – деп, коё берет. Кыргыздын кошуундары кытайдан күлүк ат, сулуу кыз, алтын, күмүш, дилдеден көп олжо алып жер-жерлерине кайтышат. Кан Көкчөсүнөн айрылган казактын кошууну Сары-Арканы көздөй, Музбурчагынан айрылганы түркмөн эли Чамбыл-Белди көздөй, Бокмурунунан айрылган сары-ногой эли Ташкенди көздөй жол тартышат. Бир чети, жарасы ырбап, экинчиден, согушта өлгөн Алмамбет, Сыргак, Көкчө өңдүү баатырларынын күйүтүнөн улам Манас эстен танып, атка жүрө албай калганда, Бакай Манасты табытка салып, Тайбуурулга артып алып жөнөйт. Колду алып жөнөөрдөн мурун: «Кокус биз ушул кебетебиз менен кабарсыз жаткан Таласка кирип барсак, элдин жүрөгү түшүп кетет» – деген ой менен колуна кат жазып берип, Бакай Таласка Ырчы уулду кабарга жиберет. Ал катында: «Бээжинди чаап алып, Манас, Алмамбет, Чубактарды Бээжинге кан көтөрүп, Коңурбайды тирүүлөй байлап келе жатабыз. Кыргыздын элин бүт жыйнап, чоң тойго камынып тургула! Чубак менен Алмамбеттин ак ордолорун Таластын алкымына эшиктеш тиккиле» – деген сөз жазылат.

Каныкей катта айтылгандардын барын орундайт. Кыргыз эли катуу сүйүнүп, жыйнала баштайт. Каныкей бир шумдуктун болгонун сезип, чачын төбөсүнө түйүп, алты ай болгон Семетейин өңөрүп алып, Манасты тосуп чыгат. Манаска жакындаганда, атын кабакка бура тартып: «Манас ооруп эсинен танып барса, элдин жүрөгү түшүп кетер» – деп, Семетейди чымчылап уруп, чыркыратып ыйлатат. Баласынын үнүн укканда, эси ооп келе жаткан Манас эсине келип, белин бекем курчанып, уруш кийимдерин кийип, каруу-жарагын асынып, Тайбуурулга кадимкидей минип, бура тартып, Каныкейди көздөй бастырат. Каныкей:

«Барса келбес Бээжинден
Падышам, аман-эсен келдиңби?
Атышка салса, ак жолтой

Берээндердин баарысын
Падышам, Бээжинге белен бердиңби?
Жылкыдан жылма күрөң кер да өткөн,
Адамдан алда нече эр да өткөн,
Алмамбет, Чубак эр турмак,
Илгерки Азиретаалы шер да өткөн» –

деп, учурашат. Манас баланы бер – деп сураса, Каныкей: «Манастын тиктеген баласы өлбөй койчу эмес эле, көзүндө кара калы бар эле» деген ой менен, баланы бербей коёт. Манас Таласка келгенде, Алмамбет менен Чубактын ордосуна барып:

«Аккуланы окко учурдум, аяш!
Алтын айдар, чок белбоо
Азизкандын жалгызы, аяш!
Алмамбет шейит кечирдим, аяш!
Канатымдан кайрылдым, аяш!
Кара кылып отурган
Кан Чубактан айрылдым, аяш!
Мен Бээжинди чаптым, көп алдым, аяш!
Бээлесе жанга табылбас
Мен Сыргагымды жеп алдым, аяш!
Мен канатым окко жулдурдум, аяш!
Кабыландан айрылып,
Мен каран күн жанды тындырдым аяш!
Сулайман жеткис Бээжинден, аяш!
Сурагын сурап мен алдым, аяш!
Сурагын сурайм деп туруп, аяш!
Мен эгизимди жеп алдым, аяш!
Мен Бээжинге кирдим, кайрылдым, аяш!
Мен берендерден айрылдым, аяш!
Мен канатымды өрткө чалдырдым, аяш!
Кабыландын барысын
Мен Каканчынга алдырдым, аяш!
Эгиз козу түгөйүм, аяш!
Экөөн катар жеп алып,
Мен өлбөй кантип жүрөмүн, аяш!
Ач арстан, Аалышер
Жардыгында өлбөдүм, аяш!

Алмамбет, Чубак, Сыргак эр
Бардыгында өлбөдүм, аяш!» –

деп, Манас өкүрүп барганда, Алмамбеттин аялдары: Арууке, Бурулча, Чубактын аялы Бирмыскалдар буркурап ыйлап Манастын алдынан чыгышып:

«Баатыр ай, кыймалуу жагын көрдүңбү?
Аяш жан, кыйналбай эсен келдиңби?
Кызырдуу шердин баарысын
Аяш жан, кытайга белек бердиңби?
Аяш жан, Бээжинден эсен келдиңби?
Аяш, бейлебей алты ай салышып,
Берендердин баарысын
Аяш, белекке кармап бердиңби?» –

деп, Манас менен учурашат. Аларды көргөндө Манастын көзүнөн жашы дагы токтобой:

«Ак маралды кубалап,
Уй кылганда өлбөдүм!
Ааламдын баарын токмоктоп,
Мен буй кылганда өлбөдүм!
Алмамбет менен Чубакты,
Дөө кылганда өлбөдүм!
Кытай турмак, кылымды
Кыйратып союп баарысын,
Ошондо, жөө кылганда өлбөдүм!
Алдырып ийдим жаман ат,
Алмамбет, Чубак ала жат!» – деп, өкүрөт. Манастын

өкүрүгүн басуу үчүн, эч ким кой – деп, айта албай турганда, Каныкей басып келип:

– Төрөм, ыйлаган менен пайда жок: Алмамбет, Чубак эмес, Искендер, Сулайман, Адам ата, Азиретаалы шерлер да, нечен өзүңдөй болгон эрлер да өткөн. Айткан менен арман арылбайт. Өткөнгө өксөгөн менен айла жок, кеткенге кейиген менен пяйдя жок. Коюңуз! – деп, кайрат айтып, Манасты колтуктап атынан түшүрүп, ордосуна алып кетет.

Бул кезде Манастын арка, мойнундагы жарасы кабылдап кетип, Бакай Каныкейди муздактын башы муз жайлоого көчүрүп барып, Каны– кей желмаянга мингизип, Шуутуну жиберип, Медина, Мисир, Багдат– тардан «опу», «үпү» деген дарыларды алдырат. Дарылагандан

кийин, Манас жакшы болуп, кубатына кирип, Таласка кайра көчөт. Бир күнү Манас Тайбуурулга минип, Сараланы издеп чыгат. Нечен сууну кечип, нечен белдерден ашып, нечен күндөн бери чөп чалбай, суу ичпей, ыргайдай арык, куйрук-жалы түшүп, чолок болуп, аркасынан жоорубаган жери калбай, Алмамбеттин сөөгүн Сарала аман-эсен алып келет. Манас менен Бакай Алмамбеттин сөөгүн Чеч-Төбөгө коюп, Сараланы соёт. Ошондон бери тарта Чеч-Дөбө чоң мазар болуп калат. Манас кайра Таласка келгенде:

«Алмакем, кара жаак айбалта
Кайкалатпай ким аштайт?
Каран түн түшкөн Бээжиндин
Кадимки жолун ким баштайт?
Кызыл болот, желегим,
Алмамбет, кытайдан келген белегим,
Кызыталак башка күн түшсө,
Кысталыш жерде керегим.
Өйдө чыкса – өбөгүм,
Өлбөй кантип турамын.
Кокуй күн, Алма, жөлөгүм!
Бек бекиткен чебимен,
Чын айрылып каламбы?
Беренин Алмам шеримен!» –

деп, Алмамбеттин ордосуна өкүрүп түшүп, Манас эси ооп жыгылып кетип, кан аралаш сары зил кусуп жиберет. Каныкей коркуп, чыркырап ыйлап:

– Сенин белиңдеги жараңды көрбөй мен кашайган экенмин. Менин башынан эле маңдай сөөгүм кайкы, таалайым тайкы жан элем. Кокус, көзүң өтүп кетсе, артыңдагы элиңе, алты сан жылкыңа ээ болуучу артыңдагы бала жаш калды. Ага-иниңдин баары кас эле. Карабет Каныкей жесириңдин айласы эмне болот, кайда корголойт?

«Ай караңгы болгондо
Падышам, түндү эмне кылабыз?
Аркаңда эркек туяк жаш,
Асыл көзүң жумулса,
Падышам, күндү эмне кылабыз?
Көк жалым, төрөм, баш көтөр!
Сени көрүүчү кишиң бар беле?

Кокустан көзүң жумулса,
Падышам, көмүүчү кишиң бар беле?
Үзүлгөндү улоочу
Акыл кишиң бар беле?
Уялаштай күйүүчү
Өзүңө жакын кишиң бар беле?
Алтының көп, дилдең көп,
Баатыр, үлөшчү кишиң бар беле?
Аласаң жакын келди го,
Баатыр, сүйлөшчү кишиң бар беле?
Тулпарыңдын оозун
Бурушчу кишиң бар беле?
Түнөрүп башка күн түшсө,
Түйшүктүү башка иш түшсө,
Туу түбүндө былк этпей,
Кабылан, туруучу кишиң бар беле?
Туйгун көзүң жумулса,
Кызматыңа былк этпей,
Туруучу гана кишиң бар беле?» –

деп, Каныкей керээз сөзүн айттырат.

Манас:

– Кокус көзүм өтүп кетсе, карыя Кошойду, Алайдагы Төштүктү, Турпандагы кыз Сайкалды, Кырымдан Урумдун уулу Көкбөрүнү чакырып, анжияндык Айкожого жаназамды окут. Эл четине жоо келсе, элге бел болуучу баатыр – Төштүк. Кыз Сайкалдын мен өлсөм, 60 күнү кызматыңды кыламын деген убадасы бар эле. Сайкалды илгери Турпанды чаап жеңип алганда өзүмө нике кыйдырып койгомун. Ошого кабар бергиле. Менден кордук көргөн кандар көп. Мен өлгөндө өчөгүш менен көрүмдү ачып алып, даңгыттарга салып бербесин. Бакайга акылдашып, башка эч жанга билгизбей, сөөгүмдү киши билбес жайга койгун. Төрөсү өлгөн катынга, төркүнүнөн жакыны жок болот. Мени жерге койгондон кийин, Таластагы алтын, күмүш, мал-мүлкүңө карабай, Семетейди алып, атаң Темирканга кет. Абыке, Көбөш, Чыйбыт, Кочкор, Адый, Көлбай өңдүү – алты арамдардан сага жакшылык жок. Семетей 12 жашка чыкканча, агаң Ысмайылга берип бактырып, ата-энесинин дайнын угузбай чоңойт – дейт. Манастын оорусу кыйындап, окшуган сайын табак, табак кан кусуп, кускан канына алты оро толот: Манастын айтуусу боюнча,

Каныкей Аголпогун үстүнө жаап, кылыч, мылтык, найзаларын баш аягына жыйнап коюп, Тайбуурулду Ажыбайга мингизип, Кошой, Төштүк, Көкбөрү, Сайкалдарга чабаганга жиберет. Ажыбай Крымдагы Көкбөрүгө кабар берип, Көкбөрү менен анын уулу Коёнаалы да: «Мен аяш атама барып, тирүү болсо, учурашып калам, өлсө төбөм менен тике туруп кызмат кыламын» – деп, кошо жүрүп калат. Коёнаалы Кошой, Төштүк, Айкожолорго өзү кабар берип, кырк эшенди күч менен сабап айдап келет.

Каныкей Манастын көзүнүн тирүүсүндө эле 13 миң эркеч союп, кыш жасатып, күмбөз салдырат.

«Жети миң эркеч бир кырып,
Кыш бышырып бек салган,
Жети кылым өткүчө,
Жетигимдин күмбөзү
Бузулбай турсун деп салган.
Алты миң эркеч бир кырып,
Кыш кайнатып бек салган,
Алты кылым өткүчө,
Айкөлүмдүн күмбөзү
Бузулбай турсун деп салган».

Мекеден Суп кожо дегенди алдырып, күмбөздүн ичине Манастын өзүнүн, кырк чоролорунун сүрөтүн жана чоң казаттын сүрөтүн тарттырат. Эчкиликтин – Кара-Зоо деген жердеги зоодон үңкүр каздырып, ичин жакут менен жасатып, түркүгүн алдынан тиретип, Манастын тирүү кезинде эле жайын жасатып коёт. Ажыбай: «Манас коркутуп жатат» деп, Сайкалга чабаганга барса, Сайкал: «Манасыңдын мага эмне тиешеси бар» – деп, Ажыбайды уруп, абдан кордук көрсөтүп, кууп жиберет. Экинчи жолу чабаганга Манастын досу Көкбөрүнүн уулу Коёнаалы барып, Сайкалды күч менен коркутуп айдап келип, Манаска аза күттүрүп, кара кийгизет. Манас өлөрдө Коёнаалыга көзү тиет. Коёнаалынын энеси – Сайкалдын эжеси. Манас өлөт. Өлөр алдында Бакай, Кошой бардыгына керээз айтат. Бакайга:

– Сиз мен бардагыдай болбой, аш-тойлуу, чыр-чатактуу жерлерге барбай жүрүңүз. Сизге мындан ары төө кайтаруудан жакшы кесип жок, – дейт. Манастын өлгөнүнө анын айбандарынын баары – Тайбуурул, Желмаян, Маңгыттары аза күтөт. Ити улуп, төөсү боздоп, аты чөп чалбайт. Акшумкары жибек боосун тытып, айланып учуп кетип калат. Манас өлгөндө Абыке, Көбөштөр шылдың кылып өкүрүп

келишип, Манастын кызматын кылуунун ордуна, ашка келгендер менен кошо конок болушат. Каныкей, Кошой, Төштүк, Манастын досу Көкбөрү, Көкбөрүнүн уулу Коёнаалылар түн ичинде Манастын тоодогу мүрзөсүнө Манастын сөөгүн коюп келишет. Күмбөзүнүн ичине теректен киши жасап, ак кийизге ороп көмүшөт. «Манастын баласы 12 жашка чыкканча, көз кырыбызды салып, Манастын ашына жакшылап кызмат кылалы» – деген өңдүү убада менен Кошой, Төштүк, Көкбөрү, Коёнаалы, Сайкалдар тарап, элине кайтышат. Алар элине кайтып бара жатканда, Манастын илгертеден берки касы – Жанаалы, Карач деген баатырлар Манастын өлгөнүн, Манастын сөөгүн коюп, Коёнаалылардын кайтып келе жаткандыгын угуп, азыркы Түркмөнстандын Чамбыл-Бел деген жеринде жол тосуп жатышат. Алар менен болгон урушта, Манастын көзү тийген Коёнаалы өлөт. Баласынын кайгысы менен Көкбөрү экинчи Каныкейге кайрылып келе албай калат. Ал келбегенден кийин, Төштүк, Кошой да келбей калат. Кыз Сайкал үйүнө келип, өз ажалынан өлөт. Манастын өлгөнүнө кырк күн толо электе, Абыке Бакайга келип:

– Бакай аба! Төмөнкү үч кандын элинен эр өлүшүп, чатак чыгып жатыптыр, ошого барып бүтүрүшүп келели – дейт.

Анда Бакай:

«Абыке, балам!
Тоюң менен топот түш,
Тоюңа кантип барамын?
Тозоку Бакай дедирип,
Ойнуңа кантип барамын?
Жыйының менен жылас бол,
Балам, жыйынга кантип барамын?
Жыргалынан айрылган
Баягы жылмайган Бакай дедирип,
Өсөк сөзгө каламын.
Кече менин жыргалым Манас кеп айткан:
Куу сакалың чубалтып,
Кузгундай көзүң кызартып,
Топ көрүнсө, барба – деп айткан»

деп, Бакай барбай коёт. Манас өлгөндөн кийин, кандыкка Көбөш ээ болуп, Манастын кырк чоросу Көбөшкө ыктап айыл конуп, Көбөштүн кызматын кылып, ага чоро болуп калышат.

# «СЕМЕТЕЙ»

## КАНЫКЕЙДИН БУКАРГА КАЧЫШЫ

Абыке Ажыбайды ээрчитип, үч кандын чатагын басууга кетет. Манастын атасы Жакып кандын оюна бузуктук түшөт. Бир күнү балдарын чакырып алып: «Бакай Текеченин Ормонбегинен алты миң жамбы, миң кундуз пара алып, Каныкейди качырмакчы болуп жатыптыр. Арак ичпей, таш ич, ал аз келсе, атаңдын канын кошо ич, иттер! Өз жесирин бирөөгө берет деген эмне? Каныкейди бирөөң алгыла!» – деп, ачууланат. Көбөш кан атасынын айтканын макул көрүп, Кыргыл чал менен Тазбайматты Каныкейге жиберет. Ал экөө Манасты шылдыңдап өкүрүп барышат. Чоролордун өкүрүшүнөн, алардын кандай максат менен келгендигин Каныкей дароо сезет. Чоролор үйгө киргенде, Манастын байбичеси Акылай көшөгөнү ачат. Кыргыл чал Акылайга Көбөштүн сөз айттырганын айтат. Акылай сүйүнүп, өзүнүн убадасын берет. Андан кийин Кыргыл чал, Каныкейге барып, Көбөштүн сөзүн айтат. Каныкейдин ачуусу келип: «Кырк чоро, Манас силерди ар кайсы жерден курап, атагыңарды чыгарды эле. Манастын өлгөнүнө кырк күн толбой жатып, мени «Көбөшкө тий» – деп, кайсы бетиң менен айтасың?! Бул кордуктан көрө, сени жайлайын ит!» – деп, кан ичмеси кармап, кестигин сууруп алганда, чоролор качып чыгат. Атка мине бererде, чала-була сайып калат. Кыргыл чал менен Тазбаймат кызыл-ала кан болуп качып келишет. «Каныкей жеңеңер силерге тийүүгө ою жок. Жакып кан айткандай, Ормонбек менен убада кылганы чын окшойт» – дешет. Көбөш кырк чорону чакырып: «Семетей тирүү жүрсө, түбү бизге жакшылык жок, аны балтыр бешик кезинде жайлайлы. Тил алса, Каныкей канчык бирөөбүзгө тийсин, тил албаса, Манастан калган дүнүйөнү бөлүп алып, өзүн күң кылалы» – деп убада кылышат. Каныкейди чаап алуу үчүн

көп кол даярдайт. Каныкей Кыргыл чал кеткенден кийин Акылайга: «Сен арстан Манастын байбичеси элең, мен токолу элем. Арстандын өлгөнүнө кырк күн толбой жатып, эрге тием дегениң эмне? Көзүмө көрүнбөй, канчык жогол!» – деп, аны да кууп чыгат. Боло турган окуяны Каныкей күн мурунтан сезет. Чыйырдыга: «Иттердин пейли бузулду, көк жалдан калган жетимди тирүү коюшпайт, алып качыңыз» – десе, Чыйырды тил албайт. Каныкей жалынып-жалбарып, Семетейди Чыйырдыга көтөртүп качырат. Семетейдин изин жашыруу үчүн, Кара күңгө: «Сен экөөбүз бир күнү төрөдүк эле, балаңды мага бер, сыр бешикке бөлөп, эмчегимди берейин, Семетей экөөнү эгиз кылып багайын» – десе, Кара күң тил албайт. Кара күңдү өлтүрүп, коломтого көмөт да, баласын Семетейдин бешигине бөлөйт. Таң ата калың кол: «Көбөш!», деп, ураан чакырып, мөндүрдөй окту жаадырып, Манастын алтын тагына кирип келет. Көбөш кырк чоро менен Каныкейдин үстүнө кирип: «Сиз бизди чанып, Ормонбекке тиймекчи болупсуң, канчык!» – деп, айбалта менен жыга чабат. Бешикте жаткан «Семетейди» алты бөлүп таштайт. Каныкейдин да башын кесип таштай турган болгондо, чоролордун ичинен Шуутугул тура калып: «Кан киши да катынга эрегишеби?» – деп, Көбөштүн колун кармап калат. Каныкейдин эси ооп, күнү-түнү жатып калат. Көбөш Манастын алтын сарайын талкалап, дүнүйөсүн бүт алып, сарайдын ордуна суу каптатып кетет. Эртеси Каныкей көзүн ачып караса, үстү башынын баары кан. Алтын сарайы жер болгон. Сандала басып, Манастын күмбөзүнө келет. Көзүнөн кан аралаш жаш төгүлүп, буркурап ыйлап, Манастын арбагына жалынып турса, бир абышка келип:

– «Балам, ыйлап туруудан сага эч пайда жок, эртерээк Чыйырды менен Семетейди издеп тапкын» – деп айтып, көздөн кайым болот. Каныкейдин көзү умачтай ачылып, кайрат пайда болот. «Чыйырды менен Семетейди кудай көзүмө кай жерде көрсөтөр экен?» – деп, издеп жөнөйт. Аңгыча астынан Чыйырды чыгат. Экөө азирет арманын айтышып ыйлашат. Семетейди алмак-салмак көтөрүп, тамандарын ташка тилдирип жүрүп отурат. Баланын наар албаганына алты күн болгон экен, алы кетип, кыңылдап ыйлайт. Каныкейдин эмчегинен такыр сүт чыкпайт. «Өлгөндө көргөн жетимди ачтан өлтүрөт экенбиз» – деп буркурап ыйлашат. Чыйырды менен Семетейди бир жерге бекитип коюп, Каныкей оокат издеп кетет. Ойду, тоону кыдырып, эч бир адал нерсе таба албайт. Эң акыры көзүнө адашып калган

бир торпок көрүнөт. Торпокту кууп жүрүп кармайт. Торпокту жетелеп, орто жолго жеткенде, артынан бир киши кууп келет. Ал киши Каныкейдин өкүл атасы Карынбай болот. Каныкей андан торпокту сурайт. Карынбай Каныкейди сабап туруп, торпогун тартып кетет. «Чыны менен ачтан өлөт деген ушул экен» деп, бир жерге келип, уктап кетсе, түшүндө: «Жаныңа бир козу келди, кармагын!» – деп, аян берет. Көзүн ачса, бир козу турат. Аны союп алпарып тамактанышат. Чыйырды Каныкейге: «Балам, жашым сексенге келди, өлөр чагымда, мени кайда сүйрөйт элең? Мен мында эле калайын, Манасымдын башын кучактап жатайын» – дейт. Каныкей аркы-берки сөздү айтып, Чыйырдыны кошо жүрүүгө көндүрөт. Чыйырды баса албай калат. Каныкей Чыйырдыны аркасына көтөрүп, Семетейди алдына көтөрүп, жети күн дегенде Сыр-Дарыяга жетет. Суудан кечип өтө албай, айласы кетет. Манас өлгөндөн кийин Бакай көп ыйлап, көзү ириңдеп, көкүрөгү кирилдеп, төө кайтарып калган кези эле. Бир күнү намазга аралаш, Манаска куран окуп, «Семетей жетимди көрүп келейинчи» – деп, Манастын ордосуна келет. Ордого келсе, анын дубалы гана калган, эч нерсе жок. Бакай аң-таң болот. Бир жактан жоо келип чаап кеткенин, же Абыке, Көбөш чаап алганын сезбей калганына арман кылып ыйлайт. Өзүн өзү өлтүрмөк болот. Кайра акыл ойлоп, «боло турган ишти Каныкей алтымыш күн мурун билүчү эле, балким ал бир жерге бекингендир, үч-төрт күн издейин, табылбаса андан кийин өлөйүн» – дейт. Манас өлгөндөн кийин, Кумайык аза күтүп жатып калат. Бакай, «Кумайык!» – деп, чакырат. Кумайык башын жерге салып, уулуп келет. Бакай Кумайыкты астына салып алып, Чыйырды, Каныкей, Семетей – үчөөн издеп жөнөйт. Кумайык Каныкейдин изин жыттап билип, Бакай артынан ээрчип жүрүп отурат. Бакай жүрө турсун, Каныкейге келели. Семетей тамактын жоктугунан жети күндөн бери наар албай, ачтан өлө турган болот. Оокат таап бере албай, шаштысы кетет. «Ач жол, куу белде калат деген ушул экен» – деп, ботодой боздоп ыйлашат. Чыйырды Каныкейге: «күнүмдүк насипти кудай өзү жеткирет, капа болбо» – деп, кайрат айтат. Чыйырды Семетейди көтөрүп, Бакай келип калар бекен дегенсип, бир белесчеге чыгат. Аңгыча анын көзүнө бир караан көрүнөт. Байкап караса Бакай экен. Көз ачып жумгуча Бакай жетип келет. Азирет арманын айтып ыйлашат. Чыйырды болгон окуяны Бакайга бүт айтып берет. Бакай Семетейди колуна алып: «Он эки жыл төөсүн кайтарып күтөйүн»,

– дейт да, Таласка Абыке, Көбөштү келтирбесин айтат. Чыйырдыны атка мингизип, Семетейди Бакай мойнуна көтөрүп суудан өтүшөт. «Арттан куугунчу келип калабы?» – деп, Олуя-Үңкүр деген үңкүргө бекитет. Бакай 6 кулжа, 4 аркар атып келет да, «Силер ушул жерден жылбай мени күткүлө. Мен 6 күндө ат, тон, азык алып келем» – деп, Таласты көздөй жөнөйт. Бакай Таласка келип, ат, тон, азык камдоого киришет. Тигилер үңкүргө чыдап, көөнү тынып жата албай жөнөшөт. Жүрүп отуруп, Бай-Терек деген мазарлуу жерге келишет. Чыйырды менен Каныкей Семетейди ортосуна алып, катуу уктап калышат. Бир убакта ак аркар келет. Семетейди көрөт. Семетейдин кумдагын (бешигин) буту менен каккыласа, Семетей кумдактан суурулуп чыгат. Аркардын артынан эмгектеп жөнөйт. Муну Каныкей менен Чыйырды таптакыр сезбей калышат. Аркар Семетейди эмизет.

Бир кезде, Каныкей ойгонуп, Семетейди караса, кумдагында жок. «Ажыдаар жутуп кеттиби, же алп каракуш алып кеттиби?» – деп, чый– мыйы чыгат. Чыйырдыны ойготот. Бала табылбагандан кийин, Каны– кей жарынып өлмөкчү болот. Чыйырды Каныкейге Манасты бала чагында кээде жыландай сойлоп кетип, кээде көздөн кайым болуп кеткендигин айтат: «Сен өлөмүн – деп, долуланбай балаңды эки жактан жакшылап издегин» – деп, Чыйырды камырабай жата берет. Аңгыча таң атат. Каныкей эки жакты абайлап караса Семетейди аркар эмизип турат. Дароо чуркап барат. Аркар көздөн кайым болуп кетет. Семетейди көтөрүп, Каныкей Чыйырдыга келет. Абдан сүйүнүшөт. Семетейди алмак-салмак көтөрүшүп, жолго түшүшөт.

Бакай, Тайтору менен Акборчукту жетелеп, азык-түлүк алып, үңкүргө жетип келсе, Каныкей жок. «Алда эмнелер болду?» – деп, убайымдайт. Эки жакты абайлап байкаса, Каныкей менен Чыйырдынын изи көрүнөт. Изин кууп отуруп жетет. Бакай, Чыйырды, Каныкей – үчөө арманын айтып ыйлашат. Бакай Каныкейге: «Балам, менин сага мындан башка кылар жардамым жок. Манастан калган жетимди жакшылап бак. Жашы он экиге келгенде Таласка жибер» – деп, буркурап ыйлап, батасын берип ажырашат.

Каныкей Тайторуну минип, Семетейди өңөрүп, Чыйырдыны ээрчитип, ээн талаа, эрме чөл менен, нечен күн, нечен түн жол жүрөт. Чарчап келип, бир калың токойдун арасына аттарын аса байлап, уктап калышат. Каныкей чочуп ойгонсо, таң атып калыптыр. Эки жагын караса, алыстан Кокон шаары көрүндү. Каныкей коркуп кетти.

«Кокондуктар менин качып келе жатканымды билсе, келип Семетейди көкпөрү тартып өлтүрөт!» – деген ойго кетти да аттанып жөнөп кетишет.

Темиркандын жеринин чети. Каныкей туулуп өскөн жерин көргөндө, кыз кезиндеги башынан өткөргөн иштерин элестетет. Чыйырдыга: «Энеке! мына бу көрүнгөн «Кең-Көлчүк» деген көл эле. Мурда тегереги бак-дарак болчу. Атам атайылап, мага арнап алтын так, сарайлар салдырган. Мен Букардан келин-кыздарды ээрчитип, көңүл ачуу үчүн кезегинде келип, оюн-тамаша өткөрүп кетчү элем. Ошол көлчүктү көрө кетсек кантет?» – дейт.

Чыйырды:

– «Жакшы болот балам, көрө кетели» – деп, экөө ээрчишип, көлчүккө барышат. Көлгө барса, суусу соолгон, бак-дарагы курап, сарайлары кулаган, алтын тагынан дайыны жок. Муну көргөндө Каныкейдин өңү бузулуп, Чыйырдыга муну айтат: «Кагылайын энеке! Суусу соолуп, бактары куурап, сарайлары кулаганы жакшы төлгө эмеско!?.. Тезирээк жоруңузчу?!.. Биз шордуунун көрөр күнү, ичер суусу түгөнгөнбү?» – деп, эси ооп, аттан кулап түшөт. Чыйырды көлчүктүн эки жагын абайлап карап туруп, Каныкейдин башын көтөрүп: «Балам, кейибе, капаланба! Бул чиркин жалган дүйнө кимге пайда кылар дейсиң? Бул дүйнөдөн байгамбар, сахабалар, түмөндөгөн элдер, нечен-нечен дөөлөр өткөн.

Сынбасты уста жасабайт,
Өлбөстү кудай жаратпайт.

Көлүңдүн соолгону: Манасыңдын өлгөнү, чынарыңдын куурагины: Абыке, Көбөш мал-мүлкүңдү бөлүп алып, кордук көрсөтүп, жолбун итче тентитип жибергени.

– Балам! Көлүң касиеттүү көл экен, ортосунда кайнар чыкчу жеринде калдайган кара чымы бар экен. Ошону төлгө кылып оодарчы?! Суу чыкса, бизге кудайдын бергени, суу чыкпаса, урганы. Анда Манастан калбай экөөбүз тең өлөлү» – дейт. Каныкей дароо ыргып туруп, даарат алып, Манастын арбагына жалынып, сыр найза менен кара чымды коңторот. Көлгө суу толуп, бак-дарагы көгөрүп, көлчүк мурунку калыбына келет. Төлгөсү оюндагыдай болуп чыкканына кубанышып, курларын моюндарына салып, буркурап ыйлап туруп: «Семетей аман-эсен жетилип, атасы Манастан ашкан эр болот экен. Абыке, Көбөштөн өчүбүздү алып берет экен» – деп, жорушат.

Ээр-токумун төшөнүп, Семетейди ортосуна алышып, Чыйырды менен Каныкей чынардын түбүнө жатып калышат. Булар Кең-Көлчүктүн түбүндө уктап жата берсин, Каныкейдин атасы Темиркандан аңгеме баштайлы. Темиркандын он эки кызы болуп, эң акырында бир эркек бала көрөт. Баланын атын Ысмайыл коёт. Каныкей он эки кыздын кенжеси жана аны Темиркан жанынан да артык көрүчү экен. Ошол кезде Ысмайыл 25 жашка келип, атасынын ордуна кан болуп, эки тизгин, бир чылбырды колго алып, эл журтун былк эттирбей бүт билип турган кези болот. Ысмайыл бир күнү жетимиш балбанды жолдош кылып Букардан ит агытып, куш салып, тамаша кылуу үчүн тышка чыгат. Куш салып келе жатып, Кең-Көлчүккө көзү түшөт. Жигиттерин бүт чакырып алып: «Көгөргөн бакта көлчүк бар. Ал көлдүн суусу чыкпай, багы куурап калды эле. Ал көлчүк Каныкейдин көлчүгү эле» – деп, көлдүн жайын айтат. Суу чыгып, бактын көгөргөнүнө таң калат. Арстан Манас жездем Бээжинге барып, кытай менен урушуп, Алмамбет, Чубак, Көкчөсүнөн айрылып, өзү катуу жарадар болуп келип өлдү. Манас өлгөндөн кийин туугандары Каныкейге ит көрбөгөн кордукту көрсөтүп, малын тартып алды, Каныкей качып келе жатат» – деп, укканмын. Суу чыгып, багы көгөргөнүнө караганда, шордуу эжем келип калса керек. Жүргүлө, Кең-Көлчүккө баралы, душман болсо, дүнүйөсүн талап алалы, Каныкей болсо, алып келип, Букарга кан көтөрөлү» – деп, жөнөп калышат.

Булардын дабышы менен Каныкей, Чыйырды ойгонушат. Жарак-жабдыкчан ат коюп келе жаткандарды көрүп, эстери чыгат. Айласы кетип, чыны менен өлөт экенбиз дешип, кирерге жер таппай калтырап турушат. Ысмайылдар жакындап барганда, Каныкей экенин таанып, бөйрөктөрүн таянып, «Кан жезделеп!» өкүрүп түшүшөт. Каныкей Ысмайылга көргөн кордуктарын баштан аяк бүт айтып: «Семетей жетимди бала кылып багып ал» – деп, Ысмайылга төмөнкүлөрдү айтат:

«Кыркып бердим чыбыгын,
Ит аягын кечирип,
Кылычтын мизин аттатып,
Кылып бердим ырымын.
Балам десем оңбоюн,
Эгерде эки болбоюн...» – деп, буркурап ыйлап Ысмайылга өңөртөт. Ысмайыл Семетейди түн катып Букарга алып келип,

он жети күн той кылат. Темиркан Каныкейдин жайын Ысмайылдан толук угат. Өзүнө караштуу сегиз канын чакырып алып: «Семетей менен Каныкейди: «Тентип келген» – деп, бирөөнүн оозунан чыкпасын. Эгер оозуңардан чыгып кетсе, таарынбагыла» – деп, эскертет.

– Семетей он эки жашка келгенде Букарга кан көтөрөлү, 15 жашка келгенде көп кол берип, Манастын кунун кытайдан кууйлук – дейт. Темиркандын айтканын сегиз каны макул көрөт. Каныкейге төгуз жүз түтүн үй берип, ошолорго кан көтөрүп коёт. Семетей болсо, Манас – атасы, Каныкей – энеси, Талас – жери экени менен иши жок. Ысмайылдын баласы болуп жүрө берет. Жашы он экиге толот, абдан тентек болот. Бир күнү сексен кожо, жүз молдонун башы-көзүн кызыл-ала кылып аябай. уруп коёт. Молдо, кожолор чогулуп алып, Темирканга Семетейди жамандап, арызга барышат. Темиркан, арызга баргандарды тилдеп коёт. Темиркан: «Семетей бирөөдөн Манастын баласы экендигин укса, «Таятам менден эмне үчүн жашырат» – деп, таарынып түбүмө жетпесин» – деп, чочунат. Акыл таба тургандары менен акылдашып, билгенге Манастын ашы, билбегенге – Семетейдин кан болгондугуна арналган тою деп, чоң той бермекчи болот. Төгөрөктүн төрт бурчундагы элди тойго чакырып, кабар бердирет. «Семетейди кан көтөрсөм, тентектигин коёр бекен, деген максат менен Темиркан чоң той бермекчи болуп, элге кабар айттырып жатат» – деген сөз Каныкейге угулат. «Ушул тойго Тайторуну төлгө кылып чабайын. Семетей Манасты тарткан эр боло турган болсо, Тайтору чыгып келсин, эси жок тентек боло турган болсо, артта калсын» – деген ой менен, Тайторуга күрүчтөн жем берип, күнүнө өзү суута баштайт. Бир күнү айтылуу той башталат. Тойго эл абдан көп чогулат. «Жесир катындын аты экен» – деп, бирөөлөр карасанатайлык кылын күрбөсүн. Эгер кыянаттык кыла тургандар болсо, ошолор менен өлбөгөн жерде калмакчы болуп, Манастан калган кийимдерди кийип, жарак-жабдыкты бүт асынып алып, Каныкей да тойго келет. Көргөн эл: «Капырай, мына бул ким? Манастын таякесиби же жээниби? Манастын ордуна кан көтөрө турган киши экен» – дешип, таң калышат. Бирок, Каныкей экенин тааныгандан кийин, мунун кылган иши Букар элинин копчүлүгүнө жакпай калат. Жактырбагандардын бир тобу Темирканга барып: «Бул бузулган кызың эмне издеп жүрөт? Элди сөзгө сындырат. Кызыңды тыйып ал!» – дешет. Темиркан арызданып баргандарга: «Каныкей ургаачы болгону менен

башкача ургаачы. Манасты «Манас» атка кондуруп жүргөн – Каныкей. Силердин Каныкей менен ишиңер болбосун» – деп, кагып коёт. Эл жай-жайына кетет. Темиркандын көңүлү чыдабай: «Чыны менен эле Каныкей эркекче кийинип келдиби, көрөйүнчү?» – деп, мунарасына чыгып карайт. Эркекче кийинип кетип бара жаткан Каныкейди көрүп, намысына келет. Каныкейди чакырып алып: «Балам, жесир башың менен эркекче кийинип, ат чабам деп, тойдо жүргөнүң уят иш болот. Эгер дүнүйөдөн кемчил болсоң, мен төрт тулпар чаптым, кайсынысы чыгып келсе, байгеси менен сен ал, бирок мени сөзгө чолок кылбай, үйүңө кайткын» – дейт. Темиркандын «жесир» деп, айткан сөзүнө, Каныкейдин күйбөгөн жери күл болуп, атасына мындай дейт:

«Каркыра деген кайран куш
Карчыгага жегиздиң,
Капаланган кайран жан,
Качып келсем Букарга,
Атама «жесир» дегиздиң.
Кууну кушка жегиздиң,
Куруп турган жанымды,
Атама «жесир» дегиздиң.
Оңбогон атам оңбодуң,
«Жесир» – деп, кошо кордодуң.
Кагылайын атаке!
Сан жыйылган топ беле?
Самаркан, Букар бул шаарда
Элинен чогуу айрылган
Менчелик «жесир» жок беле.
Атаа, кагылайын атаке!
Ак тулпар чапсаң, ал чыкса,
Малдан өлгөн мен байкуш
Баш байгесин алганда
Не мураска жетейин?
Таалайга бүткөн мал эле,
Ушул турган Букарга,
Тайторум чаап кетемин.
Астыга келсе, Тайторум
Баш байгесин бөлөмүн,
Артта калса, Тайтору,

Сизге «жесир» дегизбей
Ажалдан мурун өлөмүн.
Сегиз кан журтун жыйып кой,
Эселек элиң тыйып кой.
Атыма бирөө катылса,
Жолунан кармап аламын,
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Курмандыкка чаламын!» –

деп, атасына ачууланып, аттын оозун койгон бойдон элге барат. Элге: «Чабыла турган аттарыңды каттаткыла, катталбаган атка байге берилбейт!» – деген кабарды жарыялайт. Эл Каныкейдин мыктылыгына таң калышат. Чабыла турган аттын саны алты жүз кырк үч болот. Каныкей, ат айдап турган кишилерге, аттын кайсы жерден коё бериле турганын айтат. Эгерде айтылган жерге жеткизилбей атты коё беришсе, ат айдоочулардын баштарын кесип, ит көрбөгөн кордукту көрсөтөрүн билдирет. Ысмайыл Семетейди жанына чакырып алып, Манастын өлгөнүн, Каныкейдин кордук көрүп, баласы жок качып келишин жана ушул тойго эркек кийимин кийинип, ат чапканы келгенин айтат. Муну укканда Семетейдин да ачуусу келип: «Аял башы менен эжекемдин бул эмне кылганы, бизди сөзгө сындырмакчыбы?» – деп, капаланат. Семетейдин ачууланганын көргөндө, Ысмайыл ого бетер күчөп: «Жарак-жабдыкты арбын алып, бети жок эжекеңди тез таап, бул жерден көзүн тазалагын» – деп, жетимиш балбанды Семетейдин жанына кошуп берип жөнөтөт. Аңгыча аттардын кайра тартар убагы болот. Каныкей бир дөбөгө чыгып, Манастан калган чоң дүрбүнү колго алып караса, Темиркандын төрт тулпары бөлүнүп келе жатат, башка аттардан дарек жок. Арадан бир канча убакыт өткөндөн кийин калгандары да бириндеп көрүнө баштайт; санап олтурса, Тайтору үч жүз биринчи болуп келе жаткан экен. «Чапкан атым артта калса, ажалымдан мурун Семетей өлтүрөт. Өлчү жерде өлбөй, өлүмдү өзүм тилеп алдым. Мындай өлөрүмдү билгенде Манас ооруп жатканда курман болуп өлсөмчү» – деп, азирет арманын айтып, көзүнүн жашын көл, мурдунун суусун булак кылып, Манастын арбагына жалынып ыйлайт. «Семетейден өлгүчө, аны өзүм өлтүрөйүн» – деп, Манастан калган курч кестикти кынынан сууруп алып, бөйрөгүнө такап жыгылмакчы болот. Көзүнүн жашын сүртүп караса, Тайтору алтымыш аттын артынан келе жатканы көрүнөт. Көздү ачып жумгуча,

Тайтору Темиркандын төрт тулпарынын артында болот. Тайторуну: Манас, Алмамбет, Чубактардын арбагы «Манастап!» ураан чакырып, сүрөп келе жатканын көрөт. Каныкей дароо мойнундагы мылтыгын ала коюп, кур дүрмөт менен атат. Мылтыктын үнүн укканда Тайтору аттардын алдына чыгат. «Кудай ишимди оңдоду, Тайторум чыкты» – деп, абдан сүйүнөт.

«Эркектин кийимин эмне үчүн кийип жүрөсүң? – деп, Семетей шорумду кууратпасын деген ой менен, эркек кийимин чечип, куржунга салып, өзүнүн кийимдерин кийинип, Тайторуну «Манастап!» ураан чакырып сүрөп жүрүп отурат. Аттар айдалары менен эле Семетей такыр оозуна албаган «Манас», «Талас», «Кыргыз» – деген сөздөр оозуна кирип калат. Семетей жанындагы балбандарын чакырып алып: «Каныкей эжем, жездем Манас өлгөндө, Таластагы жаман кайнилеринен ит көрбөгөн кордукту көрүп, ээрчиткен баласы жок, бизди кара тутуп келди эле. Тайтору деген атын төлгө кылып чааптыр. Темиркандын тулпарлары же башка аттар чыгып келе жатса да, жолдон өлтүрөлү. Кайда болсо да Каныкейдин атын сүрөп чыгарып, Букарга «Манастап» ураан чакырып алып баралы. Баласыз, башка бир элде кор болуп жүргөн эжем байкушту бир көтөрөлү. Байгесин болсо, силерге бөлүп берейин. Бул сөздү эч кимге оозуңардан чыгарбагыла!» – деп, убада кылышат. Семетей кулагын салып тыңшаса, чыр-чыр эткен аялдын үнү угулат. Абайлап караса, «Манастап» ураан чакырып, Тайторуну сүрөп келе жаткан Каныкей көрүнөт. Каныкей сүйүнгөндүгүнөн алка-шалка терге түшүп, көзүнөн кан аралаш аккан жаш атынын жалынан шорголоп агып, чачы үзөңгүсүнө тийип калган убагы болот. Аны көргөн Семетей: «Мен тирүү турганда сизге эч ким, эч нерсе дебейт, эми сиз ушул жерден үйүңүзгө кайта бериңиз, эжеке» – дейт. «Кудай ишимди оңдоду, чапкан Тайторум чыкты. Семетейдин өз колуна кайтайын» – деп, ордосун көздөй кайтып кетет. Семетей «Манастап!» ураан чакырып, Тайторунун чылбырын ээрдин кашына салып алып, «чу!» дегенде, көзүнө жаш албаган киши калбай баары ыйлайт. Бул Манастан да эр болот экен го деп калайык таң калышат. Айткан убадасы боюнча, байгени балбандарына бүт бөлүп берет. Семетейди кан көтөрүп, алтын такка мингизишет. Темиркан сегиз канды чакырып алып: «Он эки кыз балалуу болуп, эркек бала көрбөй жүрүп, эң акырында ушул Ысмайылды көрдүм эле. Ысмайылдын жалгыз баласы Семетейди бүгүн кан көтөрүп олтурам. Менин

дүнүйөмдү аябай чачып, элге тамаша кылып бергиле, балбан күрөштүргүлө, байгеси бир миң төө, бир миң жылкы болсун!» – дейт.

Эл экиге бөлүнүп, балбан чыгарышат. Кокондон – Төөбалбан, Букардан Акбалбан дегендер чыгышат. Булар күнү-түнү алты күн күрөшүп, эң акыры Төөбалбан жыгат. Букарлыктын балбаны жыгылып калганына, Семетей абдан намыстанат. Семетей Төөбалбанга келип: «Жыгар балбанды жыгып, байгени алдыңыз. Алган байгеңизди сайып, мени менен күрөшөсүзбү? Мен бардык дүнүйөмдү, ал аз десеңиз, падышалыгымды саям» – дейт. Ысмайыл арасына киришип: «Сен жашсың, Төөбалбан майып кылып коёт. Экинчиден кан күрөшпөйт, койгун!» дейт. «Кокондукка байгени алдырганыбыз намыс эмеспи? Букарда бир да эркек жигит жок экен» – деп, кетишпейби? Болбогон ишке киришпеңиз» – деп, Ысмайылды Семетей кагып коёт. Акбалбанды жыгып, көөп калган Төөбалбан: «Жаш бала экен, муну да жыгып, дүнүйөсү менен тагын дароо ала коёюн» – деп, напсиси бузулуп, макул дейт. Семетей менен Төөбалбан күрөшөт. Алгач Семетей Төөбалбанга колун берет. Төөбалбан билектен мыктап кармадымго деп ойлойт. Семетей колун бурап жиберсе, Төөбалбандын колунан чыгып кетет. Төөбалбан билегин сунат. Семетей кармаганда, Төөбалбандын билегинен аккан кан, Семетейдин салааларынан чыпылдап агып турат. Семетей ачууланып туруп, силкип жибергенде Төөбалбандын бир колу үзүлүп, Семетейдин колуна кетет. Ошол жерде Төөбалбан өлөт. Муну көргөн эл өз өзүнчө, Семетей Манастан да күчтүү экен го деп, күбүрөшөт. Сегиз кан олтуруп: «Бул он эки жашында минтип, Төөбалбандын колун жулуп алып жүрөт, он жетиге чыкканда бизге күн көрсөтпөйт. Андан көрө, муну ушундай балтыр эти толо электе соолтолу!» – деп, акылдашат. «Семетейди бизге бериңиз, биз кан көтөрүп, кыз алып берели?» – деп, Темиркандан сурашат. Темиркан, сегиз кандын алдоосуна, макул болуп, Семетейди бермекчи болот. Аңгеме эми Семетейдин чоң энеси Чыйырды жөнүндө башталсын. Ошол кезде Чыйырды 95 жашка келип, каруудан тайып, чөгүп калган кези болот. Семетейди ушул күнгө чейин бир да көрө элек болот. Семетей Букар шаарына кан болду – деп, Каныкейден угуп жүргөн. Бир күнү Чыйырды Каныкейге: «Быйыл өлөм, өлөрүмдүн астында, арстандан калган жетимди көзүмө бир көрсөткүн» – деп, тамак ичпей, төшөктөн турбай жатып алат. Чыйырдынын кыйноосуна чыдабай, Каныкейдин айласы кетип, эмне кыларын

билбейт. Семетейди көрсөтөйүн дейт, бирок билдирип койсо, балаага калам дейт. Көрсөтпөйүн дейт, Чыйырды тынчын алат. Чыйырдыдан шек билдирбейм деген катуу убадасын алып, Семетейдин ит агытып, куш сала турган жолун тосуп чыгат. Кырк жигитин ээрчитип тамаша кылып келе жаткан Семетейдин алдын Каныкей тосуп чыгып: «Иничек! Бир аз токтой туруңузчу! Сизге айта турган сөзүм бар» – деп, чакырып алып, Манастын өлгөнүн, өзүн кордук көрүп тентип Темирканды кара тутуп келгенин, башынан өткөн иштердин баарын айтат. «Темиркан, Ысмайыл, Семетей үчөөңөрдү акмалап, ушул Букарда жүрөм. Мага окшогон баласы жок мусапыр жесир эжеңдин ал-абалын кезек-кезек келип биле жүргүн. Үйгө барып даам татып кет, султан иним!» – дейт да, чыдай албай көзүнүн жашын төгүп жиберет. Каныкейдин көзүнөн мончоктоп агып турган жашты көрүп, Семетейдин да зээни кейип кетет. Каныкей Семетейди ээрчитип үпүнө алып барат. «Өзүмдүн баламды, ушунтип, бирөөнүн баласы деп, оужүрөдүм, чиркин дүйнө ушундай экенсиң ээ!» – деп, каңырыгы түтөп, бпкырып жибере жаздайт. Кайра тобо кылып, кайраттанып, эшик ачып Семетейди үйгө киргизет. Үйдүн жасалгасын көрүп Семетей:

«Ушул тартылуу турган кара аркан,
Чиркин, желем болуп калсачы!..
Ушул асыл эжем Каныкей,
Эжем эмес, бул чиркин,
Энем болуп калсачы!..
Баласы болсом Манастын,
Ботосу болсом эжемдин,
Сан жыйылган топ эле,
Алда таала кудайга
Чиркин ай! Эч арманым жок эле!
Алтайга минсе Манастын
Бурагы болуп калсамчы!.
Ушул асыл эжем байкуштун
Чырагы болуп калсамчы!..
Ушул кешиги жок эжекем
Баласыз калчу жан эмес,
Баласыз кантип калды экен?!
А дүйнө кеткен жездекем

Ботосуз кантип калды экен?!» – деп, көзүнөн жашын төгүп жиберип, чөк түшүп отура калып, Манастын арбагына багыштап, куран окуйт. Каныкей көргөн кордуктарын козгойт. Букарга тентип келгенде, султан «жездени» тууган Ак байбиче – Чыйырдыны ала келгенин айтат. Ошол кезде Чыйырды, көзү ириңдеп, көкүрөгү кирилдеп, өлүү десе көрдө жок, тирүү десе санда жок, турайын десе дарман жок төшөктө жаткан эле. Каныкей жанына барып: «Эне туруңуз! Кичине кудаңыз келди» – дейт. Чыйырды күрс-күрс жөтөлүп өөдө туруп, Семетейди бир эт бышымча карап калат. «Кагылайын Каныкей, сенин жанакы жаңыдан кан болгон иничегиң ушубу? Кичине куда аман-эсен жүрөсүңбү?» деп, бетинен өбөт. Ачыгын айтайын дейт, айласы жок, тетири карап көзүнөн кан аралаш жаш кетип, эси ооп жыгылып калат. Каныкей Семетейди башка сөзгө салып, «Султан жездең өлгөндө көп ыйлап, ушундай болуп калды» – деп, Чыйырдынын үстүн жаап коёт. Чыйырдыга жабуунун астында боздоп ыйлайт. Чыйырды ыйлабай ким ыйласын! Алты айлыгында ырым кылып берген жалгыз жетимин он эки жашка чыкканда биринчи жолу көрүп отурбайбы?..

Тамак-ашты ичип болгондон кийин, Каныкей сандыкты ачып Ме настын Аголпогун, шымын, өтүгүн, кисесин алып берет. «Кагылайын иничек, жездеңден калган кийимди башка кишиге бербей өзүң кийии жүр. Сенин душманың көп, жамандыкты көп ойлошот, бул кийимдерден ок өтпөйт, бардыгын өзүм тиккем жана кан жездең нечен жолу казатка кийген, ошондо да эч кандай ок өткөн эмес. Эч кимге бербе!» – деп, нечен жолу эскертип берет. Кийимди кийгенде, Семетей куду эле Манастын өзүндөй болуп калат.

Атка минип, кетип бара жатканында: «Иничек! – деп, токтотуп алып, – сегиз кан сага кастарын тигип калды, алы жетпесин билип, айла менен өлтүрмөкчү болушту. Темиркандан: «Ак үйлүү кылалы, кыз алып берип, кан көтөрөлү, бизге бер!» – десе, эси жок атаң макул деди. Аларга барсаң, сөзсүз өлтүрөт, сегиз канды азыр бараарың менен кууп жок кылгын!» – дейт.

Муну уккандан кийин Семетейдин ачуусу келип, Актулпарды коюн-колтукка алып, Букардагы сегиз кандын үстүнө келет. Алар тамаша кылып олтурган болот. Ушул бүгүн Семетейди алып кете турган күнү экен. «Мага уу берип өлтүргүдөй мен силердин кимиңерге жамандык кылдым. Азыр көзүмө көрүнбөй жоголгула, болбосо,

баарыңды кырам!» – деп, Семетей уруш баштайт. Ал жерде сегиз кандын алтымыш балбаны өлөт, калгандары туш-туш жакка быт-чыт качышат.

## СЕМЕТЕЙ КИМДИН УУЛУ ЭКЕНИН САРЫ ТАЗДАН УГУШУ

Сары таз Темиркан, Көгөйлөрдүн иниси болот. Букардын кан–дыгын жети жылы талашып, көп киши өлүп, Сары таз жеңилип калат. Сары тазды кыйыктап, аты-тонунан ажыратып: «Ай сайын сексен төөнүн көмүрүн берип турасың?» – деп, Кул-Токой деген жерге жеткизип салат. Сары таз Темиркандын кыйноосуна чыдай албай, өлөйүн деп, жанын кыйбай, көмүр өчүрүп жүрөт. Темиркан, Сары таз Семетейге аты-жөнүн айтып коёбу дегенсип шектенип, Семетейге: «Токойго кушуңду салба, анда кытайдын көп колу бар. Ал токойго барган адам көп болгон, келген адам жок болгон» деп, күндө айта берет.

Бир күнү Семетейдин оолукмасы кармап, токойдон жоо чыкса алышмакчы, жоо жок болсо, жол ачмакчы болуп, Актулпарды минип, жоо-жарагын асынып, Ысмайылдын шумкарын кондуруп чыгат. Айтылуу токойго келет. Өрдөк, казды көп алдырат. Сары таз Каныкейдин качып келгенин, Семетейдин жашы он экиге келип, кан болгондугун каттагандардан угуп жүрөт. Эптеп Семетейге бир жолугуп, анын аты-жөнүн айтууга абдан кызыгат. Семетей кушун бир кыргоолго салса, куш жетип алгыча, кыргоол Сары таздын чөп алачыгына барып корголойт. Шумкар да алачыктын үстүнө конот. Семетей көмүр өчүрүп жүргөн Сары тазды көрөт. Семетей жакындап барып, салам айтат. Сары таз саламын алик албай, Семетейди кишисиңби, итсиңби дебей, өзүнүн ишин иштей берет. Семетей ыза болуп: «Шумкарымды алып бер, кыргоолумду кагып бер!» – деп ачууланат. Сары таз жооп бербей, теңине албай коёт. Семетейдин кан ичмеси кармап, көмүр өчүрүп жаткан Сары тазды качырып барып, камчы менен куйрукка тартып жиберет. Сары таздын башы көмүргө кире түшүп, май куйругу тилинип кетет. Сары таздын кудайга үнү угулуп, Семетейге мындай дейт:

«Кызы талак жетим кул,
Кыядан түшкөн көчүң жок,
Кызыл ала кылгыдай
Кырк атаң кыргыз өчү жок.

Тентиген сенче элде жок,
Куйругум жара чапкыдай
Жети атаң өчү менде жок.
Бул Күл-Токой кытай эли эмес,
Атаң Манас көк жалдын
Өпкөсүн жарып өлтүргөн,
Кызы талак жетим кул,
Коңурбай кытай мен эмес.
Белиңди бекем бууп ал,
Бээжиндеги Коңурбай
Берен атаңды кайсап таштаган,
Ошондон кунун кууп ал!
Бу токой Бээжин жери эмес,
Аяш атаң Алмамбет,
Аңдып атып таштаган
Кожожаш кытай мен эмес.
Таласта кыргыз көчүңдү ал!
Тамтаңдаган жетим кул,
Берендериң кайсаган
Бээжиндеги кытай журт,
Ошондон барып өчүңдү ал!
Өзөн, өзөн, өзөнчө,
Балам, өзөнчө бойлоп конуп кал,
Өз тууганың кас болуп,
Өзүң мендей болуп кал!
Атаң Манас эр эле,
Ааламды бузган шер эле,
Шердин уулу Семетей
Темиркандын шаарына
Тентип келген сен кандай?
Тебелеп тууган ит кылып,
Теңдигим жетпей арамга,
Көп токойго ээ болуп,
Көмүр өчүргөн мен кандай?
Көк жал атаң өлгөндө,
Көп зордукту Таласта
Энекең шордуу көргөндө,

Абыке, Көбөш жоо болуп,
Атаңдан калган дүнүйөң
Камчыга ченеп бөлгөндө,
Кыйналып тентип сен энең
Букарга качып келгенде,
Акылга дыйкан Каныкей:
«Алдасам тирүү калат» – деп,
Кыркып ийген чыбыгын,
Кылып берген ырымын.
Дегенине көндү эле,
Ысмайылга берди эле.
Таласта кыргыз эл кайда?
Кан атаңды таанубай
Тентип жүргөн сен кайда?
Теги жетим угуп көр!
Тегиз кыргыз эл кайда?
Тең атанын баласы,
Теги угуптур жетим кул,
Тентий турган жөн барбы?
Буудан Манас уулу элең,
Букарга тентип конупсуң,
Жашың он экиге келгиче,
Таятаң Темир кан эле,
Сен дене кулу болупсуң.
Бу Букардын шаарына
Телик куш этин жедирген,
Арсыз сендей бар бекен.
Энекесин тентиген катын дедирген?
Ал кыргыз сенин айлыңдыр,
Акунган сенин кайныңдыр,
Айчүрөк сенин зайбыңдыр.
Бээжинге казат салганда
Бил жетелеп, ок артып,
Мен да кошо баргамын.
Сенин атаң көк жалдын
Кулунум, шердигин көрүп калганмын» – деп, Сары таз көргөн-билгенин бүт айтат. Семетей атынан учуп түшүп, кемерин

мойнуна салып: «Атым тартуу, башым тартуу. Акмакчылык кылдым, кечириңиз, жанагы айтканыңызды кайра айтып бериңизчи?» – деп, жалынып-жалбарат. Сары таз мурунку айткандарын кайра дагы айтып берет. «Эгер ушул айтканыңыз чын болсо, максатыңызга жеткизем. Кыргызга кан көтөрөм. Жалган болсо, чекеңдеги жалгыз көзүңдү чукуп, көмүрүңдүн жанына өзүңдү курмандыкка чалам!» – деп, Семетей шумкарын алып, тулпарына минип, айылды көздөй жөнөйт. Темиркан менен Ысмайылга жашыргандыгы үчүн таарынып, Ысмайылдын мунарасынын түбүнө келип, ээрин жазданып, тердигин салынып жатып алат. Семетей таарынганы Темиркан менен Ысмайылга жетет. Темиркан дароо чуркап келип, торпок кескилетип, аркы-берки сөзгө алат. Семетей жумган көзүн ачпай, сунган бутун тартпай, жооп бербей коёт. Кожо, молдолорду чакыртып окутат. Семетей көзүн ачпайт. Эң акырында Темиркандын иниси Көлөй деген’ала көөдөнүрөөк киши келип, Семетейге жалынып-жалбарып, башын көтөрүп арак сунат. Семетей ичпейт. Көлөйдүн ачуусу келип: «Атаң Манасты мен өлтүргөн эмесмин, акыр бөлөктүгүңдү кылдың!» – дейт. Көлөйдүн сөзүн укканда, Семетей дароо ыргып туруп, Каныкейден барып суроого, эгер туура десе, элин, жерин издөөгө жөнөйт. Семетей он эки күндөн бери ооруп, тамак ичпей жатат деген кабар Каныкейге угулат. Семетейдин ооруп жатканы чын болсо, анын жамандыгын көргөнчө жарынып өлүүгө, нар кесер кестигин алып, Каныкей Семетейди көздөй жүрөт. Семетей менен Каныкей жолдон кезигишет. Ошондо Семетей Каныкейге муну айтат:

Тартылуу турган Кара-Кыр
Кайып тозоор желемсиң,
Караан кылган энекем
Эжекем десем, энемсиң!
Кааласам кадыр түнүмсүң,
Маңдайымда пиримсиң.
Теңиз атам өлгөндө
Сан казына дүнүйөм
Чачып келген экенсиң,
Төркүнгө тентип,энекем,
Качып келген экенсиң.
Көөдөндөн акыл түк кетип,
Шашып келген экенсиң.

Кан зааданын жалгызы
Качып жүрөр жөн барбы?
Катыгүн, энем эл кайда?!
Медерлеп тентип Букарга
Төркүнгө келип тунупсуз,
Манастын тентиген уулу» – дедиртип,
Жаман атты кылыпсыз.
Темиркандын шаарына
Тентип жүрөр жөн барбы?
Теңиз энем эл кайда?!
Атамдан калган Аголпок,
Алтын жана кымбат тон,
Энеке кийбей келген экенсиң.
Зайыптыгың мынчалык,
Качып тентип Букарга
Билбей келген экенсиң.
Атам менен бир тууган
Абыкедей абама,
Энеке, тийбей келген экенсиң.
Букарга тентип тунупсуң,
«Бу жетим тентип келди» – деп,
Мени жаман атты кылыпсың».

Ошондо Каныкей шашып кетип, колун Семетейге сунуп, «Кара оозу кан толгон кандай неме айтып жүрөт, ал туура эмес» – дейт. Семетейдин ачуусу келип, Каныкейдин колун кысат. Каныкей кысууга чыдай албай жалынып, чынын айтат. Каныкейден Манастын баласы экендигин угуп, Манаска куран окуп келүүгө, Тайторуну минип жөнөй турган болот. Тай энеси Алтынай көмө коюп, Темирканга чуркап келип: «Жетимге Актулпарыңды, Бозкелтеңди бер! Таарынтып жиберсең, таш-талканыңды чыгарат?!» – дейт. Темиркан Семетейге калың кол берейин десе, мен өзүмдүн тууганымды чапмак белем деп албай коёт. Семетей Актулпарды минип, келтени асынып, Манаска куран окуп келүү үчүн жөнөйт. Астынан Каныкей чыгып, өзүнүн жомогун айтат.

## КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ

Каныкей көзүнөн кан аралаш жашты төгүп туруп: «Дүйнөдө жалгыз гана сен үчүн жашап жүрөмүн. Менин көрбөгөнүм көр болду. Кечээ сенин кан атаң Манас өлгөндө, атаңдын инилери Абыке, Көбөш – алты арам, өзүмдү көкпөрү тартып, сен эмген эмчегимди жара чаап, экөөбүздү бирдей өлтүрө турган болгондо, Букарды көздөй жөө качтым. Жоргонун белин ашканымда артымдан Бакай кан жетип, минериме ат, ичериме тамак берип жөнөттү. Чоң атаң Жакып, Абыке, Көбөш жана атаңдын кырк чоросунун мага көрсөткөн кордугун эсиңен чыгара көрбө!» – дейт. Кайсы жол менен жүрөрүн айтат. «Кокон шаарына жакындай көрбө, анын каны Кушубектин атаңа өчү бар. Кокус билип калса, Кушубек жолуңдан тосуп, башыңды кесип, Абыке, Көбөш агаларыңа сүйүнчүлөп бара турган адам. Таласка аман-эсен жетсең Үч-Кошой деген жерден, атаңдын кумайыгы кыңшылап астыңдан чыгат. Манас өлгөндө, ит болсо да кумайык аза күткөн. Ага да Абыке, Көбөштүн ичи күйүп, кордук көрсөткөн. Агаларыңдын кордугуна чыдабай, Кумайык кайып болуп кеткен. Семетейдин жашы он экиге келди, быйыл келет деп, сени күтүп жүрөт. Жолукса, таштабай ала кел. Атаңдын Акшумкар деген кушу бар эле, ал да Манас өлгөндө алты күнү аза күтүп, андан кийин алтын боосун жыртып, кайып болуп кеткен. Манастын баласына баламды берем деп, ал да сени күтүп жүрөт, таштабай муну да ала кел. Сен барганда Таластын суусу кирип жатат, тартынбай туш келди жеринен кеч, атаңдын арбагы кырк чоросу менен тосуп алат. Арбактар тосуп алса, ары Абыке, Көбөш алты арамга барып, атаңдан калган мүлктөрдү алып кел, сыр бербей, эч нерсе билинбесе, ошол жерден үйдү көздөй кайта бер. Абыке, Көбөштүн кордугун ушул күндө Бакай кан көрүп жүрөт. Бакай кан беш жүз үйлүү эл менен сага энчилүү төөнү багып, Беш-Таштын башында жатат. Манас өлгөндө сөөгүн бир адамга билгизбей Эчкили-Тоонун Кара-Үңкүрүнө койгомун. Муну Бакай, Кошой, Төштүк гана билүчү. Сөөгү чирип кетпесин деп, астына алтын төшөдүм. Үңкүрдүн оозунан бир киши араң кирет, ары жагынын кеңдиги алты миң кой кең батат. Үңкүргө кирип бата кыл. Атаңдын Желмаян төөсү он эки жылдан бери чөгүп жатат. Сен барганды билип, ал да тосуп чыгат. Атаңдын арбагына багыштап сойгун. Манаска арнап күмбөз салдыргам. Күмбөздүн ичинде Аккуланы

минген Манастын сүрөтү, кырк чоронун сүрөтү, Коңурбайдын сүрөтү бар. Эринбей күмбөздүн ичине кир. Өзүнөн өзү күңгүрөнсө, арбактардын тирүүлүгү, сенин ишиң оң болот, эгер белги бербесе, ошол жерден кайра жүрө бер. Чоң атаң чочкого жолукпа, жолуга турган болсоң, Бакай кан менен бирге бар. Алмамбеттин аялы Бурулчага жолук. Атаң Манастын акыреттик жан жолдошу Алмамбеттен Күлчоро деген бала туулмак, анын эрдиги сенден да артык болмок. Күлчоро тирүү жүрсө, биздин түбүбүзгө жетет» – деп, Абыке, Көбөш кордук көрсөтүп жүргөндүр, кантсе да ошону калтырбай ала кел. Күлчоро сага өмүрлүк жолдош болот. Кайдан болсо да Бакай канды тап жана Бакайдын айткан акылына көн. Таласта биздин Бакайдан жакын кишибиз жок. Бакай эмне айтса, ошону иште. Сен Абыке, Көбөш агаларыңдыкына барганда, Манастын Аккелтеси өзүнөн өзү тарсылдап атылат. Сырнайзасы өзүнөн өзү жулкунат, ошолорду агаларыңдан алдап сура, бербесе, чатакташпай жүрө бер. Атаң арстан Манас тирүү кезинде, «балам Семетей минет» – деп, сага атайлап энчилеп, Тайбуурул деген атты баккан. Манас өлүп, биз Букарга качканда Тайбуурул жапайы болуп, тоого качып кеткен. Сен барганда Тайбуурул мойнун сунуп алдыңа келет, эркелетип маңдайынан сылагын да, таштабай ала кел. Сенин мине турган тулпарың ошол. Бирок, Темиркан таятаңдын Актулпарын таштаба. Таятаң Актулпардын айынан он үч кан күйөө менен кас болгон. Атаң Манас мага: «төркүлөп барып, атаңдан Актулпарды сурап кел» – деп, мени жибергенде, мага да бербей койгон. Актулпардын айынан катышпай калганбыз. Чубактын эрдиги Манастан өөдө десе өөдө, бирок кем эмес эле. Манастын «Манас» болуп турган кезинде, Чубак атаңа таарынып, «сага бир кылбасам» – деп, элине качып кеткен. Чубак элине кетеринде кытайдын каны Коңурбайга: «Мен Манаска таарынып кеттим, мен кеткенде, чоролордун баары тарады, Манас жалгыз калды. Манасты ала турган болсоң, ушундай жалгыз, эч нерседен кабары жок бейкут жатканында алгын!» – деп, кат берет. Ошол кезде мен салынды катын болуп, атаң жолобой койгон кези эле. Кытайдын келерин үч ай мурун билгемин. Манас Аккуланы семирткени, жайлоого коё берген. Чоролору тарап кеткен. Өзү эч нерсе капарында жок, кымыз ичип, тамашасын кылып жата берген. Бир кишиге билдирбей Аккуланы кармап алып, үч ай суутуп, байлап жүрдүм. Атаңа урушка кие турган ок өтпөс кийимдерин, ок, дары, жарак-жабдыгын даярдадым. Чубак үйүнө барганда атасы урушуп, «Манас менем адал жесең бир жедиң,

арам жесең бир жедиң, эми болор болбос ишке, каршы чыгып таарынганың болбойт» – деп, жемелейт. Чубак атасынын тилим млын. Коңурбайдын келер учурун болжолдоп үйүнөн чыгат. Кытайдын каны Коңурбай, Чубактын катын алгандан кийим, Манасты тирүүлөй кармап алууга, кытайдын элин бүт жыйып, көп кол менен аттанып калат. Күнтүн дебей жүрүп олтуруп, бейкут жаткан Таласка келип, уруш салат. Далай эр өлөт. Кыргыз каяша кыла албай качып калат. Манаска кабар жетет. Бирок, жоо каптап кирип келет. Манас шашканынан колуна бир бакан алып, көйнөкчөн чуркап чыгат.

– «Кап! Астымда Аккулам, жанымда кырк чором болуп, армансыз согушуп алдырбай, арам өлө турган болдум ээ!..» деп, каңырыгы түтөп турган кезинде, ок өтпөс кийимдерин, ок, дары, жарак-жабдыктарын, Аккулага артып Аккуланы жетелеп, «менден өткөн иш болсо, күнөөмдү кечиңиз, каным» – деп, барып калдым. Атаң ошондо мага ыраазы болуп: «Сенин баркыңды билбей жүргөн экенмин, мындан кийин сага үн чыгарсам, оңбоюн!» – деп оозуна каргыш алды. Кийимин кийип, жарак-жабдыгын асынып, Аккулага минип, кумурскадай көп кытай менен жалгыз өзү урушуп кирди. Бирок кытайлар көптүгүнө салып, Манасты жалгызсыратып, айласын кетирип турган кезде, «Манастап» ураан чакырып, Чубак бир жагынан кирет. Чубактын үнүн укканда, Алмамбет, Бакай жана башка чоролор да «Манастап» ураан чакырып, кытайлардын туш-туш жагынан качырып урушат. Кытайдын көп балбаны кырылып, калгандары Коңурбай баш болуп, Бээжинди көздөй качышат. Чубак келе элек кезинде, Манас жалгыз уруш салганда чачты төбөгө түйүп, Кара кашка тулпарды минип, ок өтпөстү кийип, Манаска кошулуп, кытай менен жалгыз урушуп Манаска жолдош болдум. Кытайды кууп, далай эрин өлтүрүп, көп олжо менең үйгө кайттык» – дейт. Каныкей Семетейге Манастын кылган эрдиктерин, эң акыры өзүнүн Абыке, Көбөштөн көргөн кордуктарын жомок кылып айтып берет. «Сенин Абыке, Көбөш менен алышар кезиң боло элек – дейт. Кантсең да Бакайды таап, ошол кишинин айтуу менен иште! Сага Бакайдан жакын киши жок!» – деп, көп табыш кылат. Эки энеси Семетейге жалынып: «Жаңыдан көзүбүз ачылып, адам катарына кошулганда, Абыке, Көбөш арамдар менен урушуп кара көзүбүздү кашайта көрбө! – деп, буркурап, көзүнөн кан аралаш жашын агызып, келээрине күн болжоп, баталарын берип, Семетейди жөнөтөт.

## СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖӨНӨШҮ

Семетей Темиркандын Актулпарын минип, Ысмайылдын жоожарагын бүт асынып, Таластагы атасынын күмбөзүнө куран окуганы, агайын-туугандарга учурашканы жалгыз жөнөп калат. Күнү-түнү тынбай жүрүп, Козубек шаарынын четине келет. Каныкейдин Козубекке жолобой алыстап өт – деген сөзү эсине түшөт. Бирок, мейли эмне болсо да көрдүм деген ой менен шаарын аралап өтөт. Шаардын кароолчусу Кушбек деген канына: «Төө балбандын колун жулуп өлтүргөн Семетей келе жатат» – деп, кабар берет. Аны уккан Кушбек кан балбандарына: «Семетей тирүү жүрсө, бизди оңдурбайт, тезинен кармап өлтүргүлө» – деп, буйрук берет. Жайынча жол менен бара жаткан Семетейдин артынан балбандар кууп жетип, найзачандары сайып, айбалтачандары чаап өтүшөт. «Жөн кетип бара жатсам, мага эмне үчүн катылат?» – деп Семетейдин ачуусу келип, жетимиштей балбанын аттан ыргыта сайып өлтүрүп, шаарга кайрылбастан кете берет. Семетей Таласка келет. Жоргонун-Белин аша берери менен Манастын Кумайыгы менен Акшумкары астынан тосуп чыгышат. Таластын суусун кечейин десе, төөдөй ташты кулатып, карагайды түбү менен омкоруп, суу кирип жаткан кези экен. Семетей кечүү издебестен эле туш келди жеринен кечип чыкмакчы болот. Актулпарды бучкакка бир салып, Манастын арбагына жалынып, сууга кирет. Бир убакта байкап караса, Манас чоролору менен тегеректеп алганын көрөт. Суудан аман-эсен кечип чыгат. Манас өлгөндө Абыке, Көбөш арамдар Манастын атын биротоло өчүрөбүз деп, сарайын, мечитин, там-ташын талкалап бузуп ташташат. Аларды көрүп көңүлү бузулуп, Семетей Манастын күмбөзүн көздөй жөнөйт. Жакындай түшүп, айбалтаны бөйрөккө таянып, атакелеп өкүрөт. Манас менен кырк чоронун арбагына багыштап, куран окуйт. Күмбөздүн ичине кирсе, өзүнөн өзү эле күмбөз күңгүрөнөт. Каныкейдин айтканындай болгонго Семетей абдан сүйүнөт. Манас ооруп жатканда арстаным белгисиз калат деп, Каныкей түрдүү чоң шаардагы мыкты деген усталарды чакырып алып, жетимиш миң эркечтин майына кыш бышыртып, Манаска арнап күмбөз салдырган. Күмбөздүн ичине молдолорду, сүрөтчүлөрдү чакырып Манастын, чоролордун, Коңурбайдын жана башкалардын сүрөтүн тарттырып, окуянын бардыгын көрсөткөн экен.

Семетей күмбөздүн ичи, тышын кыдырып карап көрүп, атасы Манастын эрдигине, энеси Каныкейдин акылдуулугуна абдан таң калып, ыраазы болот. Ошол кезде Бакай Беш-Таштын башында төө багып жүрөт. Төөсү жети жүзгө жетип, бакканына он эки жыл болуп калган. Бакайдын минген аты жал куйругу жок Көкчолок, кийгени жаргак шым, шырыма чепкен, көзүн чылпак басып, көкүрөгү кырылдап, өлөр күнүн санаган абышка болуп калган. Төөлөр Семетейдин келгенин билип, боздоп, Семетейди тегеректеп калат. Кайтарган төөлөрүнө ээ болуп кайыра албай, Бакайдын эси ооп, кыйкырып, Көкчолок менен салпактап жүргөнүндө Семетей бир белден чыга калат. «Бакайдын кайратын жана анын мага канчалык берилгендигин сынайын» – деп, өзүн билдирбей, башка киши болуп Бакайга салам берет. Саламын алик алып: «Балам, кайсы жерден келе жатасың? Кайсы элсиң, атыжөнүң ким?» – деп, сурайт.

– «Жерим Чамбыл-Бел, Жанаалынын Карач деген уулунун баласымын. Илгери Манасыңыздын тирүү чагында, атама кордук көрсөтүп, элин чаап, кызын тартып алып кеткен экенсиз, ошол кегимди кууп келдим. Азыр астыңыздагы Көкчолокту мага тартууга бериңиз, болбосо картайган кезиңизде кордук көрөсүз» – деп, Семетей жекирет. Бакайдын ачуусу келип, түптүү карагайды түбү менен жулуп алып, Семетейди качырып чапмакчы болот. Семетей качып дөбөгө чыгып: «Жезде, сизди кантер экен деп, тамаша кылсам ачууланасыз, чологуңузду алганда кайсы максатка жетмек элек, аман-эсендигиңизди билип, өлгөндөргө куран окуганы келдим!» – дейт. Мындай сөздү укканда Бакай да ачуусун токтотуп, экөө сөзгө киришет.

– «Балам! Манас өлгөндө жалгыз баласы Семетей жетимди Букарга качырдым эле, быйыл туура он эки жыл болду, он экиге чыкканда жиберем деген Каныкейдин убадасы бар эле, бул төөлөр Семетейдин төөлөрү, азыр туура жети жүз болду. Эгер Семетейден кабар билсең, сага сүйүнчүгө берейин!» – дейт Бакай. Анда Семетей Бакайды дагы сынамакка: «Жезде, мен Букарда болдум. Семетей абдан тентек чыгып, молдо эшендерди уруп, калааны бузуп, киши жүргүзбөй таштады. «Кан көтөрсөм тентектигин коёр бекен» – деп, Темиркан – «билгенге Манастын ашы, билбегенге Семетейди кан көтөргөн тоюм» – деп чоң той берген. Ошол тойдо Семетейди кан көтөрүп, такка мингизген. Тойдун акырында эл экиге бөлүнүп, балбан күрөштүргөн. Букардын – Акбалбанын Кокондун Төөбалбаны жыккан.

«Букарлыктын балбаны жыгылат деген эмне? «Кандык тагымды сайдым күрөш!» – деп, Семетей, Төөбалбан менен күрөшүп, анын бир колун жулуп өлтүргөн. Көргөн эл: «Бул Манастан да эр экен, балбан экен» – деп таң калган. Бирөөнүн көзү тийдиби, бечара кагын ооруп өлдү. Манасыңыз туяксыз өттү» – дейт. Муну укканда Бакайдын эси ооп, эт бышым тилсиз жатып, көзүн ачып, баланы каргайт. «Бул дүйнөдө мен жалгыз гана ошол Семетей бар – деп, жашап жүрөм. Кудай мени кандай кууратып жараткан эле. Манастын тирүү кезинде өлбөй, же баягы кытай менен калмакты кырып жүргөн чоң уруштарда өлбөй, эң болбогондо арстандан калган чунак жетимди бир көрүп өлбөдүм. Дүйнөдө менин жашап жүрүүмдүн эмне кереги бар? Мындан көрө өлөйүн!» – деп, кестигин кындан сууруп, өзүн жүрөккө кестик менен муштап жиберээрде, Семетей айбалта менен кагып жиберип: «Аба, өз жанын өзү кыят бекен? Деги Манасыңыз кандай киши эле?» – дейт. Муну угуп, Бакайдын жүрөгүнө тык түшүп, чакчаны көнчөктөн сууруп алып, алаканын асмайга толтуруп, чегет да, Семетейди эт бышымча тиктеп калат. Семетей экенин билгенден кийин кучактап басып жыгылат. Бакай Семетейди көргөндө он беш жашындагы кайратына келип, жоголгон арбактары башына кайра конот. Жетимин ээрчитип алып, Манас өлгөндө Абыке, Көбөш арамдардан жана алардын тилине кирип кеткен кырк чородон көргөн кордуктарын айтат. «Мен багып жүргөн төөлөрдү тартып келүүгө Абыке алтымыш балбан жиберген экен, алтымышын бирдей өлтүрдүм. Абыке, Көбөш жана атаңдын кырк чоролору менен ушул күнгө чейин өзүм жалгыз кармашып келе жатам. Беш-Таштын башына беш жүз үйлүү кишини катып жүрөм» – деп Бакай көргөн-билгенин баарын айтып берет. Каныкейдин Букарга качып кетээрде үңкүргө катып кеткен дүнүйөсүнө ээрчитип барып көрсөтөт.

Атасы Манастын тапкан дүнүйөсү, энеси Каныкейдин кылган ишине Семетей айран таң калат. Үңкүрдөгү дүнүйөнү көрүп, андагы Манастын айбалтасын ала чыгат. Үңкүрдүн оозун бекитип коюп, Бакай Семетейди атасы коюлган үңкүргө ээрчитип барат. Оозуна койгон үйдөй ташты Бакай чет жакка алып коюп: «Сен кирүүгө акылуусуң, мен кирбейин» – деп, Семетейди киргизет. Үңкүрдүн оозунан бир киши араң кирет. Ичинин кеңдигин миң киши ордо аткандай кенен болот, Бурчтарына көөхар ташты, алтынды аябай чөгөрткөн экен. Үңкүрдүн жарыктыгы күндүзгүдөй. Семетей атасы Манасты

жана анын жанында дагы бир канча кишилер жатканын көрөт. «Кайран атамды тирүү кезинде бир көрбөй арманда калдым» – деп, боздоп ыйлап, Манастын арбагына куран окуп, кайра чыгат. Мындай чыккандан кийин Бакай Семетейге атактуу күмбөзгө теректен киши жасап, койгондугун айтат. «Атам менен дагы бир топ киши жатат, алар ким?» – деп, алардын Манастын кайсы жагында жаткандыгын сурайт. Анда Бакай: «Манас тегин киши эмес эле, ага Алмамбет, Чубак, Сыргак, Сайкал келип кошулгандыр?» – дейт. Бакай Манас коюлган жерге төө атасы ак бууранı ала барган, аны ал жерде Манастын арбагына багыштап союп, этти бышырат. Семетей, нечен күндөн бери уктабаган неме, алп уйкуга кирет.

## ТӨКӨР УСТА БӨЛӨКБАЙ

Төкөр уста Бөлөкбай Манастын акыреттик досу. Чоролорунун бири жана Манастын казынасын кайтарган кырк калчанын башчысы болот. Манас өлгөндө, Абыке, Көбөш дүнүйөнү бөлгөндө Бөлөкбай устаны баш кылып, кырк калчасы менен иттей уруп туруп, тоого кууп жиберет. Бөлөкбай тоодо кырк калчасы менен мергенчилик кылып күн көрөт. Ошол күнү төкөр уста Бөлөкбай түш көрсө, түшүндө Семетей келет. Бөлөкбай кырк калчасын чакырып алып, түшүн жорутуп, кароол ташка чыгып:

– «Эмне көрүнөр экен, Бакай кайда болду экен?» деп караса, Бакай бет маңдайында көйнөкчөн, томпоңдоп бирдеме кылып катат. Байкаса, жанында дагы бир кишиси бардай көрүнөт, Бөлөкбай кырк калчасын ээрчитип алып, Семетей келгенде соём деп, он эки жылдан бери сактап жүргөн боз иригин жетелеп алып, Бакайдын үстүнө келсе, күтүп жүргөн Семетей жетим келип калган экен. «Кудай ишти мындай оңдобоспу? – деп, Семетейди басып жыгылып калышат. Көргөн кордуктарын айтышат. Баарынын тең үстүндө үйрүп салар кийими жок. Семетей Каныкей каткан казынага барып, баарын бүт кийиндирет. Минерине ат берет, ичерине аш берет. «Мен балан күнү келем» – деп, аларды ошол жерге таштап, Семетей Бакайды ээрчитип алып жөнөйт.

## СЕМЕТЕЙДИН ЧОҢ АТАСЫ ЖАКЫП КАНГА УЧУРАШКАНЫ

Бакай кан Семетейге жердин жөнүн айтып: «Султан атаң тирүү кезинде барбаган жерибиз, согушпаган элибиз калган жок. Манасты баш кылып, кырк чорону ээрчитип чыкканыбызда, биздин алдыбызга туура чыгар пенде болбогон. Кабылан атаң тирүү кезинде ушул Талас күндө той эле. Атаң менин тилимди алып «Бакай кан» – деп, бардык иш менин алдымдан бүтчү. Арстан Манастын көзү өткөнгө отуз күн толо электе кордукту көрө баштадык. «Бакай Текеченин уулу Ормонбектен алты миң жамбы, миң кундуз алып, Каныкейди качырмакчы болуптур» – деген ушак аралады. Чоң атаң Жакып балдарын чакырып алып: «Абыке Каныкейди сен нике кыйып ал, бузукучулук кылган Бакайдын жазасын колуна бер» – деген. Атаңдан калган кырк чоро Абыке, Көбөштүн тилине кирди. Манастын көп дүнүйөсүн Жакыптын алты уулу бөлүп алышты. Каныкейге ит көрбөгөн кордукту көрсөттү. Ошондо сен балтыр бешик бала элең, «чоңойсо биздин түбүбүзгө жетет, ушундайында жайлайлы» – деп, агаларың бешикте бөлөнүп жаткан баланы айбалта менен бөлө чаап таштады. Сенин энең Каныкей, алты арамдын ошондой кыларын мурунтан билип, сен жаткан бешикке күңүнүн баласын бөлөп, сени башка жерге жашырып койгон. Каныкейди көк ала койдой союп, бети, башын тиле, эмчегин жара чаап, ит көрбөгөн кордукту көрсөткөндө: «Мага Талас жер болбойт, кыргыз эл болбойт экен, өлгөндө көргөн жалгызым тирүү кезинде, бул жерден качып жөнөйүн» – деп, таятаң Темирканды көздөй качып жөнөйт. Каныкейдин кордук көрүп, Букарга качышынын бардыгы чоң атаңдын кесепети менен болгон иш. Тиги көрүнгөн Жакыптын айылы, сен ушул жерге токтоп тур, мен барып атаңдын адал, арамын сынап келейин. Сага бейли жаман болуу керек. Анын үйүнө абайлап барбасак, казып койгон кырк кулач ору бар, бозосуна кошуп койгон уу бар. Отурганда, тамагын ичкенде байкабасаң, өлөсүң!» – деп, Семетейди таштап, Бакай Жакыптыкына барат. Салам айтып, Жакыптын үстүнө кирип барса, Бакайды көргөндө Жакып ачууланып: «Ит Бакай, Каныкей канчыкты бузуп төркүнүнө качырып, алтымыш балбанымды өлтүргөнүң үчүн, сени азыр жайлайын, башыңды кесейин!» – деп ызырынат. Анда Бакай:

«Ызырынба какбаш чал! Айтканыңдын бары чын. Мен сенден эми он эки жылдан берки өчүмдү алганы келдим. Семетей жетимим келди, куу баш какчаңдаба! Азыр да сендик алым бар! Башыңды жулуп алам» – деп, жооп кайтарат. Муну укканда Жакып кан: «Айланайын Бакай кан, кудай мага чындап бердиби? Чунактан калган жетимим чын эле келип калдыбы? Кагылайын олуям, сүйүнчүңө дүнүйөмдүн баарын ал, ал аз десең, жанымды ал, жалгызымды көзүмө эртерээк көрсөтө көр!» – деп, ордунан тура калып, өпкө жүрөгүн чаап жалынат. Жакыптын адал, арамына көзү жетпей, Бакай аң-таң калат. Муну башка жагынан сыноо үчүн, сыр билгизбей, азыр алып келем – деп, чыгып кетет. Бери келе түшүп, кайра барып үйүнүн тушунан тыңшап турса, кемпири Бакдөөлөттү чакырып алып: «Кан ичме Манастан калган Семетей жетим келиптир, ал менин алты уулумду бул Таласка тургузбайт. Атасы Манастын да мага кылбаганы калбаган. Алтайда жыргап олтурган жеримден көчүрүп келип, малымды чачкан. Семетейден бизге жакшылык жок, муну ушундайында жайлайын. Бакайга бал куй, Семетейге уу чылап куй, ичери менен күм-жам болсун!» – дейт. Жакыптын сөзүн укканда, Бакдөөлөт безге сайгандай ыргып: «Капыр чал сен арам өлөсүң, мусулман эмессиң. Кайдагы шумдукту айтасың? Манастан сен, алты уулуң – жетөөң биригип садага кет. Арстаным Манас тирүү кезинде кийбегенди кийип, ичпегенди ичип, адам көрбөгөн жыргалды көрдүк эле, Манас өлүп, алты арамыңа күнүбүз калганда эмне көрүп, эмне ичип отурабыз? Алты арамың, Манастын олтурган ордунан айлансын» – деп, Бакдөөлөттүн эси чыгып кетет. Жакып ордунан тура калып, Бакдөөлөттүн башын токмок менен жара чабат. Бакдөөлөт жанынан коркуп, Жакыптын айтканын аткарат. Бакай баарын угуп, Семетейге бүт айтып келет. «Мен бергенин жутуп жиберем, сен чыныңды Жакыпка сунгун, такыр ичпе!» – деп, үйрөтөт. Семетей салам айтып Жакыптын үстүнө кирет. Кирери менен эле, Жакып куру ыйлап, Семетейди кучактап: «Арстандан калган туягым, садагаң кетейин, аман-эсен жүрөсүңбү? Манас өлүп, сен таякеңе кетиң. Менин кара көзүм кашайбадыбы, кайда жүрсөң да аман жүр. Каттаганыңды үзбөй сурап жаттым. Каныкей келиним Тайторуну төлгө кылып чапканын – баарын угуп жаттым – деп, бетинен өбөт. Шашып-бушуп кагылайын кулунум суусап келгендир. Кемпир! Суусун алып кел!» – дейт. Мурун даярдап койгон суусунду Бакдөөлөт, өз өзүнө сунат. Бакай ичип жиберет. Бакдөөлөт Семетейге

көзүн кысып, эрдин тиштеп, башып чайкап ишарат кылат. Семетей ордунан тура калып: «Ата алыңыз» деп сунат. Жакып «Өзүң иче бер жаркыным. Чарчап-чаалыгып, суусап келдиң» – дейт.

– Жок, ата, сизден мурда ичсем кусуруңуз уруп кетпейби!» – дейт Семетей. «Ичкиликти атаң Манас өлгөндө оозума каргыш алып, таштап койдум эле. Жаш кезде жана чарчап келген кишиге арак жакшы болот, жалгызым, кагылайын ич?» дейт Жакып.

– «Жок ата, ичпесеңиз да ооз тийип бериңиз» – деп, оозуна кесени жакындата бергенде, уунун кыйындыгынан Жакыптын сакал, муруту шыркырап күйүп кетет.

– «Ата, сен ичпесең ким ичсин? Бул ашыңды ит ичсин» – деп, эшикти көздөй төгүп жиберет. Эшиктин астында жаткан ит жыттары менен күйүп өлөт. Семетей ачууланып, кесени Жакыптын башына көмөрө койсо, чачы өрттөнүп, таз болуп калат. Жакадан алып өлтүрмөкчү болот, бирок «атасын өлтүргөн деп, жаман атты болот го» деп, «ата» – деген атынан айбыгат да, өлтүрбөйт. Жакып менен Семетей жакалашып жүргөндө, Бакай жүктө жыйылып турган Манастын ак куржунун сүйрөп сыртка алып чыгып, Көкчолокко салат. Бакай Семетейге: «Мына, жетимим, чоң атаң Жакыптын сага кылган сыйлыгы, тирүү жүрсөң кызыкты дагы көрөсүң» – деп, өткөндөрдөн аңгеме баштап, Бөлөкбайды көздөй барышат, Куржунду Бөлөкбайга берип, кайта бастырып келе жатканда Бакай Манастын кылган эрдигин, жоо чапкандарын айтат. Алмамбеттин кытайдан качып, мусулман болгонун, Манаска чоро болуп, кылган кызматын айтат. Бээжинге баргандагы «Чоң казатта» Алмамбет өлөрүндө: «Аруукенин боюнда бар, эркек төрөсө, атын Күлчоро кой, Бакай аба!» – деп, дайындады эле. Аруукенин баласы чөгүп кетип, алты жылдан кийин эркек бала төрөдү, атын Күлчоро койдук. Күлчорону төрөгөндөн кийин үч жылга жетпей Арууке өлдү. Күлчоро жетимди Алмамбеттин кичүү аялы кытайдын Эсенканынын кызы Бурулча багып алган. Манас өлгөндө Бурулчаны да Абыке алмак болуп, ал тийбей, Абыке ит көрбөгөн кордукту көрсөттү. Чачын кыркып, уйчуларга саанчы кылып берген. Үстүндө үйрүп салар кийими жок, уугу көрүнгөн кара алачык тигип, нечен жылдан бери Бурулча – саанчы, Күлчоро быйыл алтыга келди. Аны алты арам дене кул кылып, кой кайтартат. Кайтарган коюн жетим-жесирге союп бергенин сезип алып, Күлчорону иттей эле аябай сууга салып сабады. Таяктын уусуна чыдабай жаш бала качып, тоого

чыгып кетти деп, уккамын» – дейт. Аңгыча бир кырды ашып түшсө, бир жаман кара алачык көрүнөт. Сураштырса Бурулчанын үйү экен. Кара алачыкка жакындаганда Семетей менен Бакай айбалтаны бөйрөккө таянып, солкулдап өкүрүп түшөт. Бурулчанын үстүндө үйрүп салар кийими жок, ичээрине оокаты жок, өлү десе – көрдө жок, тирүү десе – санда жок болуп турган кези экен. Семетей Каныкейдин Бурулчага белекке берген кийимин куржундап алып берет. Бакай бир боз бээ алып келип, Алмамбеттин арбагына багыштап союшат. Бурулча мусулман болуп жана Алмамбетти мусулман болгун деп, Бээжиндеги тагын таштатып, Манаска келгенинен баштап, Абыке, Көбөштүн кылган кордугун, кордукка чыдабай өлөйүн деп, бычакка жарынарында, үч жашар Күлчоро бычакты жулуп алганын, ошол күндөн ушул күнгө чейин кор болуп жүргөнүн жомок кылып айтып берет. Ошол кезде Күлчоро жашы алтыга келип, алты арамдын таягынын уусуна чыдабай, тоого качып барып уктап калат. Түшүнө бир ак букачан киши кирип, «сен уруштан кайра тартпа, колдогонуң бар, кор болбойсуң. Бакай деген атаң менен акыреттик дос болгон киши бар. Манастын уулу Семетей деген агаң бар, жашы он экиге келди, азыр Букарда, Таласка келер учуру болуп калды» – дейт. Сүйүнгөн бойдон чуркап, үйүнө келет. Үйдүн жанында байланып турган аттарды көрүп, кайдан келген киши? Киши келчү эмес эле дегендей, таң калат. Күлчоро салам айтып үйгө кирет. Бакай менен Семетей алмак-салмак Күлчорону кучактап өөп эркелетет. Күлчоро Семетейге көргөн кордуктарын, Абыке, Көбөштүн көкбөрү кылып тартканын айтып: «Өчтү эми качан алабыз? Абыке, Көбөшкө жалгыз катылайын десем жашмын, качан кекти алабыз, качан малды алабыз, аба!» – дейт. Семетей Күлчорого Каныкей атайлап тигип берген кийимдерди кийгизет. Күлчоронун Семетейге айткан сөзүн укканда Бакай ыйлап, баары ыйлап, Бурулчасы дагы ыйлап: «Арстаным Алмамбет, Манас өлбөй кал, азапты башым көрбөй кал!» – деп боздошот.

* * *

Семетей Бакайга: «Агаларым тилге келсе, Каныкейди Абыкеге нике кыйып алып берейин. Атам Манастын чоролорунун балдарынан өзүмө чоро жыйнайын. Элди жыйып, көп кол алып, ушу быйыл атам Манастын кунун кытайдан куусамбы?» – дейт. «Атаңдын кунун

куусам дегениң абдан жакшы иш, бирок жанагы атаңдан калган кырк чоро колунан келсе, сага жакшылык кылбайт. Ошолордун айынан барыбыз тентип кор болуп жүрбөйбүзбү? Кайран Манас кырк чоронун киерине тон берип, минерине ат берип, ар кайсы жерден жыйнап киши кылды эле, ошол жакшылыгын бирөө да билген жок. Акыры жакшылыгы, жамандык болду» – деп экөө сүйлөшүп отуруп бир дөбөгө чыгат. Аңгыча ар жактан чоң күрөң ат минген, чылк темир кийген, тоонун жартысындай болгон эле бирөө келе жатат. Аны көргөндө Семетейдин жини кайнап, Актулпарды булдурсун менен санга бир салып, Сырнайзаны колго алып үн жок, сөз жок, качырып барып жонго саят. Семетейдин найзасы быркырап кетет. Ал дөө Семетейдин сайганын бит чаккандай да көрбөйт. Ал да карап турбастан атына камчы уруп, Семетейге жетип барып, айбалта менен беш-алты салып жиберет. Айбалта тийгенде, Семетейдин эси ооп, көзүнөн чымын учуп, эмне кылар айласын таппай шашып калат. Айласы кетип, жансоогалап, Бакайга барат. Бакай: чочуп, Көкчолоктун басмайылын бекките тартып карап турса, он эки кулач найза алган, чоңдугу тоодой, бир колуна болот калкан алган эле бирөө качырып келе жатат. Сүрүнөн көргөн кишинин жаны чыккыдай. Бакай абайлап караса, атка мингени, качырганы кудум эле Манастай. Жакындап келгенде байкаса, Манастын карындашы Кардыгач экен. Бакай менен учурашып: «Манас, кырк чоро, энем Чыйырды, Каныкей аман эсен барбы? Көк дөө, Ак дөө деген дөөлөр чыгып, жети жылы алышып жеңе албай койдум. Ошону алышып берүүгө Манаска төркүлөп келе жатам» – дейт. Бакай: «Мен азыр тирүү өлүкмүн, өлгөнүмө быйыл он эки жыл болду. Манас Бээжинге көп кол менен барып, он эки дөө чоросунан айрылып, Аккула окко учуп, өзү катуу жарадар болуп келип өлдү. Манастан калган жетимимди он эки жыл дегенде араң көрүп отурам» – дейт. Манас өлдү дегенди укканда Кардыгач эки бетин тытып, боздоп күрөң аттан кулап түшөт. Эт бышымча эси ооп, араң эс алат. Манастын арбагына багыштап куран окутат. «Абыке, Көбөштү, кырк чорону азыр баарын кырамын, коё бер!» – деп күүлөнөт. Анда Семетей: «Эжеке, сиз менин тилимди алыңыз. Аларды өлтүрүү менин деле колумдан келет, бирок агаларын, атасынан калган чоролорун өлтүрдү деген жаман атты сөзгө калабыз. Сиз ушул жерден кайтыңыз. Ак дөө, Көк дөө душманыңызды өзүм барып алып берем. Үйгө барып, былк этпей жата бериңиз» – дейт. Кардыгач айласы жок макул болот,

бирок алда кандай болор экен? Абыке, Көбөш, кырк чоро кокус өлтүрүп койбосун, деген ой менен артынан кароолдоп байкайт. Үйүнө шыр кетүүгө көңүлү чыдабайт.

## СЕМЕТЕЙДИН АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ УЧУРАШКАНЫ

Бакай кан Семетейди ээрчитип алып, өткөн-кеткен иштерди, билген акылын айтып, кеменгерлигин билдирип, ары-бери ойлонуп туруп мындай дейт: «Канкордон калган кырк чоро колунда турганында Абыке, Көбөш алты арам оңой жоо эмес. Кырк чоронун баары эле бирдей эмес, алардын ичинде Кыргыл чал, Тазбаймат өңдүү бузуктары, коркоктору, Шууту өңдүү эстүүлөрү бар болчу. Кечээ көк жал атаң өлгөндө, Кыргыл чал менен Тазбаймат бузуктук кылып, биз кордук тартуубузга ошолор себепкер болду. Жамандыкты өз колу менен кылышты. Кырк чоро колунда турганында барсак Абыке, Көбөш бизди майып кылып коёт. Биз шашпайлы, мурда жол чалып, ким кайда экен, эмине кылып жатышат экен? Ошолорун байкап, иштин жөнүнө жараша бололу» – дейт да, Семетейди бир коктучага жашырып коюп, өзү жер чалууга кетет. Бала кезинен чалгында көп жүрүп, такшалган абаң, жан кишиге көрүнбөй жортуулдайт. Көбөш кандык сүрүп, мансапка мас, абдан көөп турган кези болот. Кырк чоро менен күндө ичкени арак экен, бир күнү аракка кызып келген кезде, Көбөш мындай аңгеме баштайт: «Көөдөк Манас барында жоону чапса силер чаап, аты Манаска калчу эле. Чоролор силер болсоңор тыным көрбөй, эл четинде, жоо бетинде урушта жүрчү элеңер. Мен кан болгону үйүңөрдөн карыш чыкканыңар жок. Ичкениңер арак, жегениңер эт болду, жаныңар жыргалда болду. Кана, коркпой айткылачы! Келесоо Манас – экөөбүздүн кимибиз артыкпыз?» – дейт. Кошоматчы Кыргыл чал менен Тазбаймат кошоматка бирдеме айталык десе, Көбөштүн же эрдиги жок, же бир акыл менен иштеген иши жок. Оозуна талкан куйгансып, жер чукуп калышат. Башка чоролор да эч нерсе айта алышпайт. Анда Шууту чоро тамагын жасап, билегин түрүнүп алып: «Көбөш, сени менен Манастын ортосу асман менен жердей. Манас – аккан дарыя, сен анын тамчысындайсың. Манас барында мингенибиз дулдул, кийгенибиз чылк кундуз эле, жер үстүндөгү элдин бардыгы Манаска багынуучу. Сен арак ичкенден башка эмне иш бүтүрдүң?» – дейт. Эч ким эч нерсе айта албайт.

Ал күнкү тамаша ошону менен аяктайт. Бакай бир белесчеден башын чыгарып абайлап, эки жагын карап турса, кашаңыраак ат минген, жүдөө кийинген бир караан көрүнөт. Жакындап келгенде Шууту экенин таанып, Бакай астынан чыгат. Бакайды көргөндө, атынан ыргып түшүп, чылбырын мойнуна салып, көзүнүн жашын төгүп учурашат. Манастын тирүү чагындагы көргөн жыргалдарын, азыркы көргөн кордугун жана Көбөшкө айткан жообун бүт айтат. Бакай Абыке, Көбөш кырк чоронун жайын сурайт. Шууту: «Ушинтип эле куурап өтөбүзбү, кан аба, же бизге да жарык күн болобу? Баягы көк жалдан калган жетимден кабар барбы?» – дейт. «Жетимим келип, жетилдим, жоголгонум табылды, үзүлгөнүм уланды. Абыке, Көбөш алты арам, кырк чородон өчүмдү аламын!» – дейт

– «Оозуңдан айланайын абаке! Ойноп айтасыңбы же чын айтасыңбы? Куу жетимим келдиби?! Кудай чындап бердиби?» – деп Шууту кубанат. Бакай Шуутуга: «Эптеп кырк чорону бир жакка жумшагын. Абыке, Көбөш ээн калганда биз баралы» – дейт. Шууту макул болот. Шууту Абыке, Көбөшкө барып, алаканын чаап: «Кудай бизди уруптур, арак ичпей атаңдын канын ичкиле! Кароолсуз жатасыңар. Кытайдын Коңурбайы болсо керек?.. Кара-Бууранды калың кол ашып түштү» – дейт. Кырк чоро шашып-бушуп атка минип, жоо кайдалап жөнөшөт. Алардын кеткенин Бакай көрүп турат. Бакай дароо чапкан бойдон Семетейге барып: «Айланайын чунагым, Шууту кырк чорону алдап ээрчитип кетти. Абыке, Көбөш үйүндө жалгыз калды. Агаларыңдын үйүнө киргенде абайлап олтур. Үйлөрүндө казып койгон ору бар. Тамагына уу кошуп бербесин? Сени көргөндө жалпылдаган болор, бирок ичтери арам. Жалынган сөзүнө көп ишенбе. Атаңдан калган дүнүйөнү колкого сурайлы. Берсе алалык, бербесе, булар менен чатакташпай кайталы» – дейт. Экөө ээрчишип алып, Абыке, Көбөштүн айлын көздөй жөнөшөт. «Тиги көрүнгөн атаңдын алтын тагы, тиги Каныкейдин алтын сарайы» – деп, бардыгын Семетейге айтып барат. Абыке, Көбөштүн кароолго койгон кишиси да жок. Семетей менен Бакайдын барганын эч ким сезбей калат. Аттарын мамыга байлап, Абыкенин үстүнө ээрчишип, салам айтып кирип барышат. Бакайды көргөндө Абыке ордунан тура калып: «Үзүлгөндү улаган, өчүргөндү тамызган, олуя Бакай абам! Жакыптын тукумун өз колуң менен адам кылдың эле, арстан Манас өлгөндө ортого бир ушак сөз тарап, он эки жылдан бери көрүшпөй, болбос жерден жоо болдук,

итчилик бизден, олуя аба, кечире көр, жаңылдым, жаздым» – деп, мойнунан кучактап, өңгүрөп ыйлап туруп:

«Кечээ, кабылан Манас өлгөндө,
Калайык мүшкүл көргөндө,
Жакшы Манас кан өлүп,
Калайыктын баары өлүп,
Өзөн бойлоп конгондо,
Кабыландан айрылып,
Мында калган жамандар
Өрт өчкөндөй болгондо,
Кечээ, каралуу кеткен Каныкей,
Качып кеткен Семетей,
Жесир кеткен Каныкей,
Тентип кеткен Семетей.
Бакай аба! Ойлонсом, турсам күйөмүн,
Манастын уулу жалгызды
Кудайдан сурап жүрөмүн.
Билгичтерден сурадым,
Дарегин таппай жетимдин
Ушунтип жүрүп куурадым.
Кайран жеңем Каныкей,
Алып качып карааным,
Таарынып кетти мен үчүн...

Кечээ кабылан Манас өлгөндө, Ооганстан, Индистан үч кандын эли чабышып, көп эр өлүп, чоң чатак чыкты. «Манас өлсө, барыңар өлдүңөрбү? Бирөөң келип бизди текшерип, чатагыбызды тындыргыла» – деп, күндө кат келе берди. Манастын ордун жоктотпойлу, жүрүңүз Бакай аба! – деп, курумду мойнума салып барсам, тоодой Манас өлүп, тозокту башым көрүп турганда топко аттанбайм – деп, койдуңуз. Айлам кетип, сиздин ордуңузга Ажыбайды ээрчитип, үч кандын чатагына барып, үч-төрт ай жүрүп, кайра келсем, Бакай каным жок. Каныкей жеңем, Чыйырды апамды ээрчитип Семетейди көтөрүп, тентип кетиптир. Бакай аба, олуя чалыш жан элең Бурдан кабар алдыңбы? Жетимден кабар билдиңби? Эптеп жетимдин кабарын билип бериңиз. Сүйүнчүсүнө өрүштөгү малымды ал, аны аз десең, көөдөнүмдөн жанымды ал, жалгызымды көзүмө бир көрсөт. Чунакты эстесем ичкеним аш болбойт. Уктасам, уйкум келбейт!»

– дейт. Анда Бакай: «Ой Абыке кулунум! Жоктогон жетим чунагың табылат. Айткан сүйүнчүңдү азыр бер, жетимиң мына көр!» – дейт. Семетейди көргөндө сакалы бириндеп, көзүнүн жашы көл, мурдунун суусу булак болуп, мууну бошоп, койнунан сыга кучактап:

«Кайгыртып кеткен алыска
Кара кашка тынарым,
Кайрылып келген Таласка
Кагылайын чунагым!
Туйгундан калган тунжурум,
Туу казанат кургурум!
Тулпардан калган туягым,
Манастан калган чырагым!
Найзага таккан желегим,
Айкөлдөн калган жөлөгүм,
Алыска кеткен белегим
Бир Семетей карааным,
Карaанын көрүп жалгыздын
Өрттөнүп күйүп барамын!
Маңдайга бүткөн барааным,
Баатырдан калган карааным!
Уядан учкан шумкарым,
Жылкыдан чыккан тулпарым!
Мен казына бактым, көп жүрдүм,
Караан кылган жетимди
Келер бекен деп жүрдүм.
Кагылайын жетимим!
Калың малың менде бар
Багып жүрөм аманат.
Каракандын шаарына
Тентип кеттиң жаман ат.
Адырда жылкың алты сан,
Айчыктуу кула, ала баш
Ичинде аргымак, буудан аралаш.
«Асылым жетим алар – деп,
Атасынан бу жылкы
Баласына калар» – деп,
Багып жүрдүм аманат.

Боз ала тунжур болпоңум,
Ушу турган Семетей
Боорума басар чолпонум!
Жел тийбес түптүү чынарым,
Жетиминен жетилген
Кара кашка тынарым.
Төбөмдө үркөр болжолум,
Төрт курчам жоо келсе да,
Бузулбас болот коргонум!» –

деп, шолоктоп ыйлап, эт бышымча кучактап, Манасты көргөндөй болот. Абыке менен Семетейдин ыйлаганына чыдай албай Бакай да кошо ыйлайт.

Көбөш кан залим чыгып, элге салыкты көп салып, жетим, жесирди ыйлатып, кордукту көп көрсөтөт. Кысымчылыкка эл чыдай албай, туш-туш жакка тарап кетет. Манастын тагында Көбөш Манастын катыны Акылайды кучактап жатат. Аны көргөндө Семетейдин күйбөгөн жери күл болот. Ичи өрттөнүп, ачуусу келип, көзүнөн оту күйүп мындай дейт:

– «Абыке аба! Кечээ атам Манас өлгөндө, энем Каныкейге ит көрбөгөн кордукту көрсөтүпсүз. Сиз дүнүйөнү талап алганда, сиздин колуңуздан атамдын ак тайганы, Акшумкары, желмаяны, Аголпогу, кылычы, бозкисеси, көп жылкысы, сегиз там толгон казынасы, нар буурасы, Тайбуурулу калган экен, булар кайда? Мага ушуларды таап бериңиз» – деп, мал-мүлктү, жарак жабдыкты сурай баштайт. Анда Абыке, Семетейге мындай дейт: «Айланайын жетимим, көк жалдыгың билгиздиң, мени кара көргө киргиздиң. Айтканыңда өөн жок, баары чын. Атаң Манаста эмне жок эле? Өлөйүн десем жан таттуу, кирейин десем жер катуу, жамандар тилимди албай ушундай бир иш болуп калды. Кумайык, Манас өлгөндө кадимкидей аза күтүп, көзүнө жаш алды. Көбөш менен Акылай көрө албай, койчуларга урдуруп, кыйноого чыдабай, бир жыл болду, элдин айтуусуна караганда Семетейге жолугуу үчүн качып кетти. Акшумкардын качып кеткенине быйыл он эки жыл болду. Жылкычылардын айтууна караганда быйыл Акшумкар келиптир. Алты курч, Аголпок, Аккелте менде, азыр берем. Атаңдын касиеттүү кисеси Көбөштө. Тайбуурул айбан болсо да, арстан Манас өлгөндө кадимки кишиче аза күтүп, бир нече күн чөп жебей жүрүп, кийинчерээк жапайы болуп кетти. Жайыттагы

малың менен казынадагы алтының көбөйсө көбөйдү, бирок азайган жок. Аламын десең мына баары даяр, жанымды да сенден аябайм» – деп, жалынып-жалбарып, жойпуланат. Алтоонун ичиндеги акмагы жана каны Көбөш экен. «Келесоо Манастын сандалган жетими эмнелерди айтып былжырап жатат? Муну көр, дүнүйө доологусу келип калган экен го!» – деп, ачууланып, Семетейдин башын кылыч менен чаап салууга жулунат. Бакай арачалап араң токтотот. Көбөш отура калып: «Сенин келесоо атаң Манастын арык кула бээ, курттаган төө, жаман кара алачыгынан башка түк эчтемеси жок болчу. Аккуланы биздики үчүн минип жүрчү. Акшумкарды өз колум менен кармап алгам. Кумайыкты даарат ушатып отуруп, таап алгам. Тайбуурулду кыз Сайкал мага тартууга берген. Келесоонун жетими эмне сандырактап отурасың?» – деп, чучукка жете турган сөздөрдү айтат. Семетей тура калып кулак түпкө коюп калганда, оңкочуктап барып, керегенин көзүнө башы тыгыла түшөт. Абыке Көбөшкө болушуп, ачуусу келип, ордунан тура калат. Бакай: «Абыке, сабыр кыл, сабырдын түбү сары алтын, сен Көбөшкө бөлуша турган болсоң, картайсам да сендик алым бар» – деп, ачууланат. Көбөш бир муштагандан чыкпай эси ооп, өлүктүн сыны кирип көгөрүп, эт бышымча жатат. Манастын Аккелтеси өзүнөн өзү эле тарсылдап атылат. Сырнайза керегеде шаркылдайт. Буларды Семетей бүт алат. Аголпокту кийип, кисени байланып, Аккелтени асынып, Сырнайзаны такымга кыстырып, Зулпукарды байланып, Актулпарга мингенде Манастан да сүрдүү болот. Жанында кетип бара жаткан Бакайга Манас менен кетип бара жаткандай сезилет. Көбөш бир убакта кызыл ала канга жуулуп тура келет. Абыке Көбөшкө: «Сыр билгизбей жайлай турган эмени, бекерге сыр билдирдиң? Түбүмө жете турган болдуң!» – деп ачууланып тилдейт. Акылай Көбөштүн жанына келип: «Куру эле үйдө отурганда күпүлдөчү экенсиң го! Келесоо Манастын чычкандай жетимине алың жетпейт. Кымыз ичпей таш ич!» – деп, кайраштырат. Аны укканда Көбөш ачуусу келип, Акылай тиккен ак чепкенди жылаңач этине кийип, карылуу кара баканды колго алып, желедеги тор айгырды жайдак минип Семетейди кубалап, «Көбөштөп!» ураан чакырып, дырылдаткан бойдон Бакай менен Семетейдин артынан жетет. Жетери менен артында ээрчип бара жат кан Бакайды баштан ары бакан менен бир салат. Бакайдыы башы жарылат. Бакайды аябай тилдеп, сөөктөн өтөөр сөздөрдү айтат. Бакай такыр жооп бербей коёт. Көбөш

Семетейди көздөй качырып, бакан менен чаба турган болгондо, Семетей баканын жулуп алып, чылбырдан кармап, кылыч менен башын кесип саларда, Бакай арага түшүп: «Агасын өлтүрдү деген жаман атты болосуң. Ушул жамандын канын сурадым, мага бер?» – деп, сурап алат. Айгырдын башындагы Аккуланын жүгөнү экен, Семетей тээп туруп шыпырып алат. Жүгөнүн алганда үйүрдөгү айгыр Көбөштү ала качкан бойдон үйрүнө келет. Аңгыча кырк чоро келип калат. Акылай кырк чорону чакырып алып: «Манастын жакшылыгын жакшы эле көрдүңөр эле, мени сыйласаңар, жетим Көбөштү сабап туруп, дүнүйөмдү тартып кетти. Өчүмдү жетимден алып бергиле!» дейт. Анда чоролордун ичинен Шууту тура калып: «Манастын арбагына шек келтирген оңобу? Семетейге катылган киши соо калабы?» – деп, коркунучтуу сөздөр менен, чоролорду тыйып коёт. Бакай менен Семетей аябай жол жүрүп, бир жерге келип укташат. Эртең менен тура калып, Бакай Семетейге: «Он эки жылдан бери көрбөй калган бир белги түшүм бар эле, түндө ошону көрдүм. Бүгүн мен же өлөм, же аябай сүйүнөм» – дейт. Семетей түштү жакшылык ишке жоруйт. Бир кырга чыгып карап турушса, уюган эле чаң чыгат. Байкап карашса, чамынып эле бир Буурул ат келе жатат. Бакай мурда көрө коюп: «Чунак жетимим! Тайбуурул сени издеп келе жатат. Сенин казатка минүүчү атың ошол!» – деп Тайбуурулдун жөнүн айтат.

Буурул окуранып келип, Семетейди жыттап, мойнун сунат. Аны көргөндө Семетей: «Айбан мал атамдын арбагын сыйлап минтип жүргөндө, мен айбанча да жок экенмин!» – деп, өкүрүп-өксөп ыйлайт. Аңгыча Тайбуурул менен кошо кайып болуп кеткен, Манастын боз бээси да келип калат. Боз бээни Манастын арбагына багыштап союшат. Көбөштүн салыгына чыдабай качып кеткен көп кыргыздарды таап алышат. Көкжал Манастын Семетейи келди дешип, бир бирине сүйүнчүгө чапкылашып, алды бээ, аягы кой союп, чогулуп түлөө кылышат. «Абыке, Көбөш, кырк чоро кокус майып кылып коёбу?» – деп, Манастын карындашы Кардыгачтын көңүлү чыдабай сыртынан багып, кароолдоп жүргөн экен. Тайбуурулга минип, атасынын жарак-жабдыгын асынып турган Семетейди көрүп, көңүлү тоюп, оңой менен алдырбасына көзү жетип, Семетейге көрүнбөстөн үйүн көздөй кетет. Семетей Тайбуурулду минип, Бакайды ээрчитип келе жатса, алдынан Кумайык чыгат. Аны ээрчитип келе жатса, Манастын Акшумкары, баласын ээрчитип, алдыдан тосуп чыгат. Акшумкардын

баласын Семетей кармап, Бакай жибектен боо тагып, Семетей колуна кондуруп алат. Акшумкарды кармаганда Семетей: «Актулпарды Манастын арбагына союп багыштайм» – дейт. Бакай Темиркандын көңүлү ооруп калат – деп, сойдурбай коёт. «Бакай кан аба! Мен бүгүн кетпесем болбойт, энелерим менен убадалашкан күнүм бүттү, кечиксем, алардан айрылып калам» – дейт. Таласка качан кайра келээри тууралуу Бакай менен убада кылышат. Семетейдин оюндагы издеген буюмдары табылып, Тайбуурулга минип, Манастын жарак-жабдыгын асынып, Акшумкарды кондуруп, Ак-тулпарга жүк артып, Кумайыкты ээрчитип, Бакай кан менен кучакташып коштошуп, Букарды көздөй жөнөйт.

* * *

Семетей Тайбуурулду жулкунтуп, нечен күндөн бери шашып баратат. Ушул бүгүн барбаса, эки энеси ажалдан мурун өлмөкчү. Чыйырды мөгдөп калат. Каныкейдин да чыймыйы чыгып: «Чунагым эмнеге кечикти? Качан келет» – деп, жол карап, Темиркандын мунарасына чыгат. Манастан калган чоң дүрбүнү колго алып, бурамасын бурап, Семетей келер жолду карайт. Карап турса, колуна шумкар кондуруп, Кумайыкты ээрчитип, куду Манастай болуп келе жаткан Семетейди көрөт. Каныкей мунарадан чуркап түшүп, Чыйырдыга сүйүнчүлөп барат. Аны укканда, бөгүп калган Чыйырды, сүйүнгөндөн өңгүрөп ыйлап тура калат. Семетей келе жатат деген кабарды укканда Темиркан, Ысмайыл тосуп чыгышат. Он эки жылдан бери көрбөгөн Кумайык, кадимки кишиче көзүнөн жашын төгүп, кыңшылап Каныкейдин колтугуна башын катып муңаят. Ит болсо да кишиче кейип турганын көргөндө, Каныкей ыйлайт. Кумайык менен Каныкейди көргөн элдин баары ыйлайт. Семетейге атасы кабылан Манастын багы конуп, Манастын өзүнөн да бараандуу, сүрдүү болуп көрүнгөнүнө Каныкейдин көңүлү бөлүнүп, бирөөнүн көзү тийбесин – деп, тогуз бука кескилейт. Семетей Каныкейге таарынып: «Менин элим кайда, жерим кайда? Сен Букарга тентип көчүп келип, мени жаман атка кондурдуң. Сары таз абамды кан көтөрөм. Азыр Таласка көчүп кетем. Бакай, Сары кан абам, Абыке, Күлчоро, Канчоролорду белге таңып, кыргыздан көп кол алып, кытайдын каны Коңурбайдан атам Манастын кунуи кууйм. Кумургкп дай жайнаган кытайга кыргын салам!» – дейт. Темиркан Семетейге

жалынып: «Кагылайын чунагым, оммсгс мым чалык шашып келдиң? Кытайдан, же Кокондон көп кол келдиби? Кслсс анысын айт, Букардын калың журтун жыйып, түмөндөгөн кол берсмим, сырыңды айтчы, садагаң болоюн көк жалым» – дейт.

Семетей: «Калың кол алып барып, мен Таластагы бир тууганым кыр гызды кырмак белем, жөн эле элиме, жериме бармакчымын. Ат семир тип, эр жыйып, атам Манастын кунун куумакмын. Кытайга бараарымды сизге жана дагы сизге окшогон мусулмандын кандарына кабар берин, чакырып, кол жыйнаймын. Берээр колуңузду ошондо бериңиз» – дейт.

Темиркан Семетейге – эптеп Семетейди кетирбей турган сөздөрдү айтып алдайт. Семетей тилин албай ачууланып коёт. Анын Букардан кетүүнө көзү жеткенден кийин, Темиркан Семетейди жөнөтүү үчүн кеңеш кылат: «Канкор Манастын жетимин кичинесинен эч кимге билгизбей жашырып бактык. Муну ыраазы кылып жөнөтпөсөк, Букарды чаап, шорубузду кайнатып, түбүбүзгө жетет» – дейт. Темиркан менен Ысмайыл Семетейди чакырып мындай дешет: «Кетсең кет, бирок бизди унутпа, көзүңдүн кырын сала жүр. Алам десең дүнүйө мына, эл мына. Башыбызды да аябайбыз». Семетейдин айтуусу боюнча Сары тазды чакыртып алып, Темиркандын алтын тонун кийгизип, кан көтөрөт. «Сары таз» атын жоготуп, «Сары кан» атка кондурат. Темиркан миң тулпарын Семетейдин астынан чубатып: «Жактырганыңды керегиңче алгын» – дейт. Каныкей өзүнүн кыз кезинде минип жүрчү кара кашка тулпарын карматат. Сары кан Туучунак деген тулпарды жактырып минет. Темиркан алтын казынасын ачтырып, сексен төөгө жүктөтүп, жибек килем жаптырып, алтындан буйла тактырып, жүк артуу үчүн сексен балбан берет. «Семетей Букардан бойдок кеткени болбойт, он жаштан жогорку, он алты жаштан ылдыйкы кыздарды жыйнагыла, Семетей жактырганың алсын!» – дейт. Букарга караган элдин бүт кыздарын Семетейдин астынан өткөзөт. Кыздар бир бирден чубап жатканда, ай десе аты жок, күн десе көркү жок, акактай болгон бир кызды жактырат. Ал Шаатемир кандын Чачыкей деген кызы болот. Шаатемир Темирканга келип: «Чачыкейди Семетей алышын мен да жакшы көрөм, бирок Толтойду кантебиз?» – дейт. Темиркан «Толтойго жоопту өзүм берем, сен барып жата бер» – деп коёт. Темиркан: жүз туу бээ союп, той жасап, Чачыкейди Семетейге алып берет.

## СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН ТАЛАСКА КӨЧҮП КЕЛИШИ

Семетей Чачыкейди алып, сексен кызыл нарга алтын артып, Сары канга туу карматып, Темиркан, Ысмайыл менен коштошуп, көчүп жөнөйт.

Семетейдин мингени Тайбуурул, кондурганы Акшумкар, жол боюу ит агытып, куш салып келе жатат. Бул сөөлөттү көргөндө Каныкей менен Чыйырды эми өлсөк да, арман жок – дешет. Коконго жакындаганда Каныкей Семетейге: «Коконго билинбей, сени Таластан алып качканда «аман жол» деген жол менен келгенбиз, ошону менен кетели» – дейт. Семетей ачууланып: «Мен кокондуктан коркуп качып кетпейм, дал ошо Коконду тепсеп өтөм» – деп, тил албайт. Каныкей кокондуктун Манаста кеги бардыгын айтат. Семетей тил албай коёт. Кокондун каны Козубек баш болуп, Индистан, Анжыян, Чамбыл, Кокон – төрт кандын эли чогулуп: «Манастын жетимин жаштайында соолтолук: Семетей тирүү жүрсө, бизди соо койбойт. Башын кесип, Абыке, Көбөшкө сүйүнчүлөп, анын көп дүнүйөсүн алалы» – деп масылат кылышып, өлөр жерден ант беришет. «Көп кол жиберүүнүн кереги деле жок, бир кишиге миң дөөнүн алы кантип жетпесин» – деп, миң дөөнү дайындап коюп, төрт кан эли менен тамашасын кылып жата берет. Аңгыча кокондуктун койгон кароолчусу: «Төөбалбандын колун жулуп өлтүргөн, баягы күнкү алтымыш балбанды өлтүрүп кеткен бала келе жатат!» – деп, Козубек канга кабар берет. Козубек даярдап койгон миң дөөнү жиберет. Каптап келе жаткан калың колду көргөндө Семетей: «Эмне болуп кетти?» – деп аң-таң калат. Сары канга: «Бизге мусулман тие койбос, Кытайдан жоо келди дейсиңби?» – деп, эч нерседен кам санабай жүрө берет. Аңгыча: «Индистан», «Кокон», «Чамбыл», «Анжыян» деп, ар кимиси өздөрүнүн жеринин атын ураандап чакырып, ызычуу түшүп, кубалашат. Семетей комдонгон арстандай болуп карап турат. Аңгыча Жанаалы, Карач – эки кан, артынан отуз дөө сайып өтүшөт. Булардын душман экенине көзү жеткенден кийин, Семетей арстандай чамынып, көзүнөн от күйүп, бетине түгү чыгып: «өз убалың өзүңө, эки кара көзүңө!» – деп, көк жалдын тукуму Тайбуурулга камчы уруп, Сырнайза сунуп качырат. Умтула берээри менен эле эки канды жыга сайып өлтүрөт. Калың колду ителги тийген таанча,

чуркуратып аябай кырат. Индистандан келген Орок деген дөө Семетейди «жекеге чыгууга чакырат». Ороктун чоңдугу чоң дөбөдөй бар, аны жумуру баш пенде жеңбеген. Семетей макул көрүп жекеге чыгат. Биринчи кезекти Орокко берет. Анын сайганына Семетей былк этпейт. Семетей «Манастап!» ураан чакырып барып сайганда, Орок дөө аттан кулап түшөт. Кылыч менен баш кесип салат. Орок дөө баш болуп, келген миң дөөнүн кобү кырылат. Калгандары Коконду көздөй качып жөнөшөт. Козубекке келип: «Манастын уулу Семетей биз эмес, он сегиз миң ааламга жалгыз өзү татый турган эр экен, буга эрегишип, колго түшүробүз деген биз акмак экенбиз» – дешет. Дөөлөр качып барып, үй-үйгө бекитишет. Көпчүлүгүн өлтүрүп, өлгөндөн калганын кууп, Коконду көздөй кетип бара жатканында Семетейди Сары кан тизгиндеп: «Кагылайын көк жалым, жамандарга эрегишип, эмне кыласың? Болду, калгандарынын канын мен үчүн кой, сабырдын түбү сары алтын, булар кытай эмес» – деп, жибербей коёт. Күн-түн дебей тынбай жүрүп, Таласка жетишет. Талас көрүнгөндө Каныкей буркурап ыйлап, Семетейге жердин жөнүн баяндайт. Манастын тирүү кезинде Таласка батпай, жыргап жатчу калың кыргыздан калбай калган. Манастын Аксарайын биротоло Манастын атын өчүрүү үчүн Абыке, Көбөш талкалап, суу каптатып, жар кылып таштаган экен. Семетей Манастын ак сарайынын ордуна келип конот. Кырк калча менен Бөлөкбай келет. Ботосу өлгөн ингенче боздоп, Бурулча Күлчорону ээрчитип келет. Өкүрүп-бакырып Баймурзаны баш кылып, беш жүз үйлүү элин ээрчитип, Бакай келет. Жылкыдан алты жүз туу бээ кармап союп, Таласка аман-эсен келип, элге кошулганы үчүн, Күлчоро менен Канчорону аман көргөндүгү үчүн чоң той кылат. Каныкей бала кылып багып алам – деп, Күлчорого оң эмчегин, Канчорого сол эмчегин эмизет. Күлчоро эмген жагынан сары ууз, Канчоро эмген жагынан кара кочкул кан чыгат. Бул белгини көргөндө, Каныкей Семетейге: «Канчоро сага жолдош болбойт. Ушундайында жок кыл!» – дейт. Семетей ачууланып: «Мен балдардан коркуп, жашабай эле койдум, Күлчоро, Канчоро – экөө тең менин иним» – дейт. Семетей ит агытып, куш салып, Манастан да эр болуп, кыргыздын кемпири куйрук чайнан, кедейи миң кой айдап, жыргап жатып калышат.

* * *

Бир күнү Семетей Бакай канга: «Абыке, Көбөш агаларымды чакыртып, Абыкеге энем Каныкейди алып берип, тууган кылып алсам. Абыке, Көбөш агаларым, атамдан калган кырк чоро менен колума тийсе, менин алдымдан туура чыгар душманым болбос. Ат семирип ык болду, эр семирип бук болду, Коңурбайдан көк жал Манастын кунун кууй турган убакыт жетти» – деп, кеңеш салат. Бакай кан Семетейдин айтканын туура табат. Бул акылдарын Каныкейге айтышса, «кырк чоронун ичинде Кыргыл чал менен Тазбаймат тирүү жүрсө, Абыке, Көбөш, кырк чоро эл болбойт, Талас бизге жер болбойт го» – дейт. Семетей Каныкейге: «Болбогон сөздү көп айта берет экенсиз» – деп, кагып коёт. Ошол учурда Баймурза деген токсон беш жашка келген бир чоң байы дүйнөдөн кайтат. Баймурзанын атын дүйнөгө даңазалоо үчүн Семетей беш жүз бээ союп, журтка кабар айттырат. Ок өтпөс тон кийгизип, Туучунакты мингизип, жоо-жарагын бүт берип, Сары канды Абыке, Көбөшкө жиберет. Жалгыз көздүү Сары кан Туучунакка камчы уруп, учкан куш менен жарышып, Абыке, Көбөштүн айлына барса, Абыке, Көбөштүн айлында кумурскадай быжырап, жер дүңгүрөткөн калың кол жатат. Сары кан таң калып Туучунактын оозун жыйып, карап турса, кырк чоронун бири Шуутунун алдынан чыгат. Сары кан Шуутуга келген жумушунун жөнүн айтат. Шууту Сары канга: «Абыке, Көбөш ат жеткен жердеги Манасты көрө албаган бейли жаман кандарды чакыртып алды. Үрбү, Чынкожо жана башка кандар калың кол менен келип, өлөр жерден ант кылышып, Семетей жетимди жаштайында соолтуп, Каныкей менен Бакайды даңгыттарга жардырмакчы болуп жатат. Мынча келип калыпсың, барып жолук, бирок аттан түшпө, түшсөң өзүңдү өлтүрөт» – дейт. Сары кан атайы келгенден кийин жолукпай кетүүдөн уялат. Шууту Сары канды ээрчитип келип, аттан түшүрбөй эшикке коюп, өзү үйгө кирип, Баймурзанын кара ашына Абыке, Көбөштү чакырып, Сары кан кабарчы болуп келгенин айтат. Аны укканда, Абыкенин үйүндө арак ичип ала буурул болуп кызып калган Үрбү, Чынкожо ж. б. дароо эшикке чуркап чыгып: «кабарчысын кармап, башын кесип, иттерге жарып бергиле!» – дешет. Чуулдап атка минишет. Булардын түрүн көргөндө Сары кан да Сыр найзаны колго алып, Туучунакты туйлатып даярданат. Сары канга биринчи Үрбү качырат. Үрбүнү ыргыта сайып,

башын кылыч менен кесип таштайт. Анын артынан, «Көбөштөп!» ураан чакырып, оңду-солду камчы уруп Кыргыл чал качырат. Туучунакты ойнотуп барып, найза менен сайганда, найза Кыргыл чалдын көкүрөгүн тешип өтүп, Кыргыл чал салбырап найзага илинип калат. Кыргыл чалды, булгалап башынан тегеретип жибергенде, Кыргыл чал чимирилип барып, жерге түшөт. Анын артынан Тазбаймат келет, аны да ыргыта саят. Бул үчөө өлгөндө Абыке, Көбөш кернейин тартып, доолбасын дүпүлдөтө кагып, Абыке алты миң кол менен, Көбөш төрт миң кол менен Сары канды тегеректеп ортого алып калышат. Кумурскадай калың колго жалгыз күчү жетпесине көзү жетип, найзаны такымга кысып, кылычты кындан сууруп, Туучунакка оңду-солду камчы уруп, алдына туура келгендердин башын кыя чаап, калың колду тепсеткен бойдон Сары кан качып чыгат. Артынан кууп жетпей калышат. Туучунактын оозун коё берген бойдон жүрүп отуруп үркөр бата, таң ата кийими кызыл-ала кан болуп, Семетейдин Ак ордого жетип келет. Бакай менен Семетейге, Шуутунун сөзүн, көргөн-билгенин баштан аяк бүт айтып берет. Аны укканда Бакайдын ачуусу келип, кан ичмеси кармайт: Абыке, Көбөш жамандар эмес, кумурскадай көп, жер солкулдаткан кытайдын калың колу менен да урушуп ташталканын чыгаргам. Абыке, Көбөштүн колу менен жалгыз өзүм он эки жыл урушуп, моюн берген эмесмин. Жетимим колумда турганда, Абыке, Көбөш гана эмес, бүтүндөй сегиз миң ааламга да күчүм жетет!» – деп, кайраттанат. Манастан калган доолбасты какканда, эл бүт жыйылып келет. Бакай аларды жүз жүздөн бөлүп жоо келе турган жолду тостуруп коёт. Семетей Сары кандын кабарына камаарабай алп уйкуга кирет. Каныкей чыдап жата албай кара кашка аргымакты токунуп, чачты төбөгө түйүп, Семетейдин эски тебетейин башына баса кийип, ок өтпөс тонго оронуп, жоо-жарагын алып, Семетейге караан болууга даярданат. «Уктап жатканда келип, билдирбей басып калабы?» – деп, Тайбуурулду токуп, Семетейдин да жоо-жарактарын даярдап коёт. Абыке ылгый мергенчиден алты миң киши, Музбурчактын уулу төрт миң киши алып, казактын колу бир башка, кыпчактын колу бир башка, кылкылдаган калың кол менен Семетейдин Ак ордого ат коюп жакындап келип калат. Колдун артын айдап келе жаткан кырк чоро ыйкы-тыйкы болушуп, «Арбакты качан тааныйбыз, тузга кантип кара санайбыз, Семетейге каршы кайсы бетибиз менен урушабыз? Ушул жерден качалы?» дегендери болот. Кайсы

бирөөлөрү каччууларын өлтүрмөкчү болушат. Түн ичинде Ырамандын Ырчы уулу, Шууту кайра качып кетишет. «Көбөштөп!» ураан чакырып, ат коюп келе жаткандар менен Каныкей урушуп ордого жакындатпай турат. Каныкей Алмамбеттин Сырбараң менен аткан сайын жети-сегиз киши окко учуп турат. Калың кол каптап келгени менен иши жок, Семетейдин көзү ачылбай, уктап жата берет. Ок мөндүрдөй жаап, уук, керегени жулуп кетип турат. Октун дабышынан Семетей чочуп ойгонуп, шашып даарат алып, кайра жаачу булуттай бүркөлүп, жолборстой чамынып, Манастын арбагына жалынып, эшикке чыгат. Каныкей келген жоонун жөнүн айтат. Жоо-жарагын асынып, ок өтпөстү кийип, Тайбуурулга минип, энелеринен колун жайып бата алып, жоону көздөй жөнөйт. Семетей Абыке, Көбөштүн алдына барып, Тайбуурулдан түшүп, кисесин мойнуна салып: «Айланайын агалар! Башым тартуу, атым тартуу, энем тартуу, бирөөң нике кыйып алгыла. Мен силерге душман эмесмин, Кытайдан келген жоодой кылбагыла, орой жетим деген атка кондурбагыла!» – деп, жалынып-жалбарат. Анысына болбой, калың кол «Көбөштөп!» ураан чакырып, ат коёт. Булардын эл болбосуна көзү жеткенден кийин: «Өз убалың өзүщ кара көзүңө, жамандар жалынсам тил албадың!» – деп, Тайбурулду үзөңгү теппей ыргып минип, Сырнайзаны колго алып, «Манастап ураан чакырып, сан колду качырып кирет. Семетейдин сүрүнөн коркуп, жүрөгү жоктору атынан кулап түшөт. «Абыке, Көбөштүн иттиги кармайт, Манастан да эр экен, кан көтөрүп алсак» – деп, эл бир убак күбүрөшөт. Семетей жетери менен кыргыз болгон жери бүт аттан т курларын моюндарына салып: «Алам десең баш мына, төгөм десең мен мына, бизде эмне жазык? Абыке, Көбөш, кырк чородон коркуп, сыздап келдик» – деп, жалынышат. Калың кыргыз минтип турганда Семетейдин зээни кейип, көз жашы мончоктоп, «айтканыңар чын болсо, бир четке бөлүнүп калбагыла!» – дейт. Булар бөлүнүп чыгышат. Кыпчактар, аркадан к казактар урушун токтотпойт. Сары кан бир жагынан, Бакай кандын уулу Байтайлак экинчи жагынан, Семетей ортосунан качырып кирет. Калың кол кармашып койдой жапырылып качат. Элдин өлүгү жуушаган койдой. Семетей алдындагыларын сүрүп кууп олтуруп, кырк чорого жетип урушка кирет, Манастын убагында урушка көп кирип, адис болгон немелер Сары канды ортосуна алып, алтымыш жеринен жарадар кылып, эми өлтүргөнү калганында, кара кашка аргымак менен Каныкей жетип

барып, аны алтыдан кабаттай сайып, кырк чорону атынан ажыратып, колго түшүрүп, итче чочойтуп отургузуп коёт. Абыке, Көбөш баш болуп, калың кол дыркырап качат. Семетей ке, Көбөштү эптеп тирүү колго түшүрүп, Абыкеге Каныкейди алып берип, ага кылып алууну ойлойт, Көбөштүн башынан ашыра Аккелтесин чочутуп атып бара жатса, ок жаңылып Көбөш өлөт. Көбөштү көргөндө Семетей абдан кейип: «Куйругу жок, жалы жок кулап калар экемин, басайын десе буту жок, жылан болгон экемин, агайын жок, аргам жок жалгыз калган экемин, Абыке, Көбөштү белиме таңып, канга туу карматып, Кытайга барып, арстан атам Манастын кунун куубай, менин кара көзүм кашайган экен» – деп, айбалтасын бөйрөкө таянып өкүрүп боздойт. Аңгыча ар жагынан алтымыш мерген ээрчип Абыке чыга калат. Абыкени көргөндө Тайбуурулдан түшүп, ак кийизди мойнуна салып, абакелеп жалынып:

– «Буурул ат тартуу, мен тартуу, Муңкантпай абам тилимди ал! Акка моюн бурайын,

Энекем Каныкей тартуу кылайын.
Жылкыдан каалап берейин,
Нар буудан өңдүү малымды ал?!
Өөдөгө чыксам өбөк бол,
Ылдыйга түшсөм жөлөк бол.
Абаке, каптатпачы колуңду?,
Кайнатпачы шорумду?!
Качып келген жетимге
Абаке, кылдырбачы сонунду?!
Мен Букардан көчтүм бараан – деп,
Бурулуп келдим бул жерге
Абыке, Көбөш караан – деп,
Бурулуп аба тууган бол?!
Бузуп ийбе канымды,
Күйгүзбө менин жанымды» – деп, жалынып жалбарса, Абыкенин кулагына сөз кирбей, иттин баласын карма, сойлот!» – деп, кыйкырат. Алтымыш балбан окту мөндүрдөй жаадырат. Семетей Тайбуурулга минип, Сырнайза менен алтымыш мергенди ыргыта-ыргыта коюп, кырып жиберет. Абыке качып жөнөйт. Артынан Семетей кууп жетип, найза менен кийимин тепчий сайып, тирүү колго түшүрүп, кан көтөрүп, Каныкейди алып берейин десе, жонунан

тийген найза Абыкенин кекиртегинен чыга түшөт. Каныкей менен Чыйырды Жакып канга барып, мээсин оё чаап, эки көзүн оюп алышат. Каныкей Акылайды кармап алып: «Сен экөөбүз тең эле Манастын катыны элек, Манастын өлгөнүнө отуз күн болбой, Көбөшкө тийип, мага кылбаганың калган жок. Эмчегимди жара чаптырып, Бухарга тентитип жибердиң?» – деп, чачынан сүйрөтүп жүрүп өлтүрөт. Сары кан менен Байтайлак жоону аябай кырып бара жатканында, Бакай: «Элде эмне жазык? Семетейге да эл, журт керек» – деп, арачалап калат. Кырк чорону кырмакчы болушканда «Семетей келгиче тура тургула!» – деп, аларга да Бакай арачы болот. Семетейди көрүп, кырк чоро ордунан тура калышып, курларын моюндарына салышып: «Эси жоктук бизден кетти, сага кылбаган жамандыгыбыз калган жок, кесемин десең баш мына, төгөмүн десең кан мына» – дешип, моюндарын тосушат. Кырк чоронун сөзүн укканда Семетейдин да зээни кейип: «Атамдан калган белектерим, Бакай кан менен Сары канга туу карматып алып, өзүңөр көргөн, билген жол менен Кытайга барып, Манастын кунун кууйбуз» – дейт. Кырк чорону Манастын убагындагы калыбына келтирет.

## КЫРК ЧОРОНУН КАЧЫШЫ

Кырк чоронун ичинде акылдуулары да, эси жогу да, жүрөктүүсү да, коркогу да болот. Бир күнү чоролор олтуруп мындайча кеңеш кылышат: «Манастын убагында болсо, жоону чапсак биз чаптык, аты калды Манаска, Манас бизден эр эмес, эрдиги бизден өөдө эмес эле. Бирок ага чоро болуп жүрдүк. Эми анын баласы Семетейге чоро боло турган болдукпу? Деги, биз өмүрүбүз өткүчө эле, чоро болуп жүрүп өтөбүзбү? Биздин азыркы чоролугубуз, мурункудай болбойт, анткени – Манас өлгөндө биз эмне жамандыкты кылбадык? Каныкейге ит көрбөгөн кордукту көрсөттүк. Дүнүйөсүн бүт бөлүп алдык. Мына, ушул кылган иштер Семетейдин эсинен эч качан чыкпайт. Мунун колунда жүрө берсек, бир күнү болбосо бир күнү бизди майып кылып коёру шексиз. Андан көрө ушундай аман-эсенибизде Коңурбайга качып барып, чоро бололук» – дешет да, Кытайды көздөй качып жөнөшөт. Семетей уктап жатып түшүнөн чочуп ойгонот, чуркаган бойдон кырк чоронун ордосуна барса, чоролор качып кеткен. Анда Семетей бөйрөгүн таянып: «Көк жалым атам өлбөй кал, кордукту бул

баш көрбөй кал! Атамдан калган чоролорго жаңы жеткенимде, булар кара көзүмдү кашайтып, качып кеткен турбайбы? Кырк чорону табайын, же болбосо, ошолордун артынан мен да жоголоюн. Чоролордон айрылып, көргөн күнүм курусун» – деп, Тайбуурулду жулкунтуп, чоролорду издеп жөнөйт. Ойду, тоону кыдырып издеп жүрүп, кырк чорону көрөт. Семетейди кокусунан көрө калып, мылтыктарын сунуп, Семетейди атууга даярданышат. Аларды көргөндө, атасы Манас тирилгендей сүйүнүп, Тайбуурулдан түшүп, кисесин мойнуна салып: «Атым тартуу, башым тартуу, абалар. Менден өткөн болсо кечкиле. Мени элге жаман атты сөзгө калтырбагыла?! Андан көрө өлтүрүп, колуңар менен көмүп кеткиле!» – деп жалынат. Чоролор мылтыктарын жерге коюп, алардын ичинен Байчоро: «Ат семирип ык болду, эр семирип бук болду, чоролор эрикти. Манас көк жалдын тирүү кезинде да ушинтип ээлигип кете берчүбүз. Биз Кытайдын Коңурбайына сенден мурун барып, анын ал жайын, сырын билип туралы дедик эле» – дейт. Анда Семетей жоого салтанат менен баруута камданып жатканын айтып, кырк чорону кайра Таласка ээрчитип келет. Чоролор мурункусундай эле, тамашасын кылып, жата беришет. Бакай кан, Сары кан, Семетей – үчөө отурганда Каныкей: «Түбү кырк чоро бизге эл болбойт, буларды бир-бирден бөлүп таратыш керек» – дейт. Семетей Каныкейдин тилин албай коёт.

* * *

Кырк чоро экинчи жолу качышат. Кароолду мыктап коюп, мал союп, мылтыктарын дүрмөттөп, найзаларын белендеп, мыкты даярданып Семетейди күтүшөт. Семетей кырк чорону издеп таппай абдан чарчайт. Эң акыры бир кырга чыгып, дүрбү салат. Дүрбү менен караса, кырк чоронун пейили бузулган, жоо менен беттеше тургансып, даярданып жатканын көрөт. Дагы элдешүү үчүн барат. Чоролордун ичинде Жакыптын кичи зайыбынын балдары – Чыйбыт, Кочкор, Адыбай, Көлбай – төртөө болот. Семетей аттан түшүп, адатынча кисени мойнуна салып, абакелеп жалынат.

Семетейдин айткан сөзү кулактарына кирбейт. Чоролор окту мөндүрдөй жаадырат. Анысына карабастан, Семетей жалына берет. Чоролор аттарына минип: «Иттин баласын тирүүлөй кармагыла! Кордук көрсөтүп өлтүрөбүз» – дейт. Семетей: «Туугандан жакшылык көргөн жокмун,

тууган деп жүрүп, каным калды бир кашык, этим болду көк жашык, издегениңер бузуктук болсо, өз убалыңар өзүңөргө, эки кара көзүңөргө» – деп, жолборсчо чамынып, көзү кызарып, кан ичмеси кармайт. Манастын арбагына жалынып, Сырнайзаны колго алып, жоого тиет. Кочкордун боюна төрт агасын баш кылып, кырк чорону бүт кырып, баарынын өлүгүн бир жерге тоо кылып үйүп коёт. Бакай кан Сары кан менен Жамгырчыны ээрчитип: «Урушуп жүрүп адис болгон чоролор Семетейди майып кылып койдубу?» – деп, көңүлү чыдабай, көзүнүн жашын көл, мурдунун суусун булак кылып, артынан кууп жөнөйт. Дөбө болуп үйүлүп жаткан чоролордун өлүктөрүнүн үстүнөн чыгышат. «Пейли жаман иттер эле, акыры өлүп тыныптыр» – деп, ар кайсысын бир кармалап көрүп турганда, ары жактан Семетей көрүнөт. Бакай: «Жетимим! Буларыңдын ою арамдыкта эле, өз колуң менен өлтүрүпсүң. Атаң менен жолдоштугу бар иттер эле, талаага таштап, ит менен кушка жем кылбай өлүктөрүн жашыр!» – дейт. Семетей: «Абаке! айтканыңыз чын, болор иш болду, эми буларга күмбөз салдыралы» – дейт. Кочкор агасын баш кылып, төрт агасына чет жагына, кырк чорого кырк жерге күмбөз салдырат. Ошондон тартып Кочкорго күмбөз салдырган жер «Кочкор» – деген атка конуп калат. Семетей Таласка келери менен кыргыз, аргын чогулуп отуруп, Манастын ордуна Семетейди кан көтөрүшөт.

## СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЧАТАГЫ

Күлчоронун жашы он экиге, Канчоронун жашы он төрткө келип, экөө тең урушаарга жоо таппай, кагышаарга тоо таппай, ээлигип жүрүшөт. Бир күнү Семетей, Бакай, Сары кан, Ормон кан, Күлчоро, Канчоролорду чакырып кеңеш курашат. «Шыгайдын уулу Чынкожо тууганым эле, атам Манас өлгөндө, келип бата окубады. Темир кандын шаарына тентип барып, чоңоюп, эл катарына кошулуп, Таласка кайра көчүп келдим. Мында да келип ал сураганга жарабады. Баары эчтеке эмес, өткөн ишке өкүнбөйлү, Чынкожо абам келсин, Таласка консун. Коңурбайдан Манастын кунун кууйлу. Чынкожо кол баштап барсын» – деп, Семетей кат жазып Бакайды баш кылып Ормон канды, Күлчоро, Канчоролорду жиберет. Бакайлар Чынкожого барып, Семетейдин тууган таарынчысын айтып, жазган катын беришет. Чынкожо катты окуп: «Тентиген жетим ушунчалык киши болуп калдыбы? Мен Семетейди

эш тутуп баргыча өлгөнүм жакшы!» – деп, ачууланат. Бакайды бери алып тилдейт. Буга Күлчоро намыс кылып чыдай албай, Чынкожо менен уруша кетет. Күлчоро белиндеги камчысын сууруп алып, Чынкожону башка бир салса, анын башы айрылып, эт бышымча сулк этпей жатып калат. Бакай кан баш болуп, Күлчоро, Канчоро, Ормон – төртөө Чынкожонун талаада жайылып жаткан жылкысын тийип, бүт айдап кайта жөнөшөт. Чынкожо башын жардырып, жылкысынан бүт айрылып калганына, абдан ыза болот. Өлөйүн десе жан таттуу, кирейин десе жер катуу. Ары ойлоп, бери ойлоп отуруп: «Кой, эми Жедигердин эр Толтойго барайын. Аны күүлөнтүп бузуп, Семетейдин ала турган катыны, Акункандын Айчүрөктү тартып алып, башымды колума тийгизейин» – деп, акыл ойлойт. Чынкожо элин ызы-чуу түшүрүп, күндөп-түндөп көчүрүп отуруп, Толтойго барып: «Сенин Семетейден эрдигиң да, кишичилигиң да күнчүлүк жогору, бирок билсең сени ал сындырып кетти» – дейт. Эч нерседен кабары жок олтурган Толтой ары ойлоп, бери ойлоп Чынкожонун айтканына түшүнө албай, кайта айтып берүүнү сурайт. Чынкожо: «Сенин ала турган катының Шаатемир кандын кызы Чачыкейди Семетей зордук кылып алды, Толтой, макул десең, калың кол жыйып, Акунканга баралы. Акункандын Айчүрөк деген кызы Семетейдин колуктусу, Акункандан сурайлы, бербесе кордук көрсөтүп, тартып алалы» – дейт. Толтой Чынкожонун айтканын макул көрөт. Чынкожо, Толтой мергенчисин бир бөлөк, найзакерин бир бөлөк, үпөлөрүн бир бөлөк бөлүп, калың кол сап-сап болуп келип, шаарды тегеректеп урушту баштай турган болгондо, кара сакал эр Төлөк келип: «Деги бир жактан келген жоо эмес, өзү оңой эл эмес, бир катын үчүн канатташ туруп урушканыбыз болбогон иш, жана зордуктап алган катын, катын болуп бербейт. Эгер силердин андай көңүлүңөр болсо, жуучу жиберип, куда болуп, мал берип алгыла» – дейт. Чынкожо менен Толтой Төлөктүн айтканын ылайык көрүшөт. Жуучулукка кат берип, Төлөктүн өзүн жиберет. Төлөк катты алып, чапкан бойдон Акункандын алтын сарайына келсе дарбазанын оозунда миң балбан жарак-жабдыгы менен кароолдо турат. Буларды көргөндө Төлөк жанынан түңүлүп калат. Алты балбан Төлөктү алаңдатып айдап Акунканга алып барат. Акункан: «Аты-жөнүң ким? Жоосуңбу, же элсиңби? Тез айт!» – дейт. Төлөк мукактанып, сүрдөп, жанындагы катты сууруп берет. Акункан катты окуса: «Сыйың менен Айчүрөктү бер, бербесең, шаарыңды чаап, кызыңды тартып алабыз» – дептир.

Бул Чынкожо, Толтойго эрегишкен менен, булар оңой жоо эмес экендигине көзү жетип, Акункан: «Төлөк баатыр! Чынкожо менен Толтой калың кол менен менин шаарымды тегеректегидей, мен алардын эрин өлтүрүп, эришин бузганым жок эле. Бул кылганыңар уят эмеспи? Эгер Айчүрөктү көңүлү жактырып калса, кулдук уруп жуучу түшсүн. Чынкожонун кара атын, Толтойдун Суркоёнун баш кылып, мал айдап келсин. Айчүрөк жөнөкөй кыздардан эмес. Сексен күнү күтүшсүн, сексен күндө жооп берем» – дейт. Төлөк Акункандын сөзүн төкпөй, чачпай Чынкожо менен Толтойго айтып келет. Чынкожо, Толтой калың колу менен сексен күн качан бүтөт? – деп, шаарды тегеректеп жата берет. Айчүрөк: «Атам болсо картаң, кой, мындан көрө төгөрөктүн төрт бурчун кыдырып учуп, алптан эр тандап тийип, Чынкожо, Толтойдон өчүмдү алайын» – деп, Аккуу кебин кийип, учуп жөнөйт. Айчүрөк жер кыдырып эр тандап: Кашкардын Каңшыбек, Анжыяндын Сынжибек, Маргалаңдын Малабек, Айкожонун Билерик – буларды жактырбай өтөт. Элемандын эр Төштүк, Кошой, булардын картайгандыгына кайгырат. Көкчөнүн Үмөтүн «коркок, чоркок экен» деп, сынайт. Мусулмандан сынына киши толтурбай: «Чынкожо, Толтойдун айынан капыр да болсо, Коңурбайга тийип, өчүмдү алам» – деп, кытайды көздөй учуп жөнөйт. Ошол кезде Коңурбай токсон беш жашка келип калган кези. Баатырдыгы, эрдиги баары жагат, бирок картаңсынат. «Жашы жыйырма беш-отуздарда болсо, капыр болсо да тийип алып, өчүмдү алсам» – деп, бир нече ирет сынайт. Коңурбай Айчүрөктүн кубулуп жүргөнүн сезип, аны эптеп атып түшүрүүгө көп аракет кылат. Нечен жолу атат. Кууп жете турган болуп шаштырганда, Айчүрөк күндү жайлап, жөө туманды каптатып, адаштырып кетет. «Ушу бойдон эки колумду мурдума тыгып, кайра барсам, эл шылдың кылат» деген ойго келип, намыстанат. Акыры Манастын арбагына куран окуп, Семетейдин кандай экенин сынаганы Таласты көздөй учуп жөнөйт.

## АЙЧҮРӨК СЕМЕТЕЙДИН АКШУМКАРЫН АЛЫП КАЧКАНЫ

Айчүрөк Таласта жыйылып жаткан калың жылкыны көрүп, Манастын жылкысы го деген ой менен көпкө жылкыны аралайт. Эли, жери Айчүрөктүн көңүлүнө абдан жагат. «Ушул элдин жигиттеринен

алты-жети киши барса эле, Чынкожо, Толтойдон өчүмдү алар элем» – деп, өзүнчө арман кылат. Бешим ченде Каныкейдин ордосуна келип, Семетейди көрөт. Айчүрөк Семетейди көргөнүн Каралаев мындайча сүрөттөйт:

Башында суусар тебетей,
Сейилдикке чыгыптыр
Манастын уулу Семетей.
Оолукмалуу эр немең,
О дүйнө кеткен Манастан
Опсолоң тууган шер немең.
Карап сынап, таң калат,
«Кадырлаш ушул экен» – деп,
Карап турат Айчүрөк:
Ат арытып, жер чалып,
Ит агытып, куш салып,
Колдогону Кожосан,
Кол бергени кырк чилтен.
Кырк чилтендин бирөөсү
Кара чаар кабылан –
Капталынан чамынып,
Миң кишидей түрү бар,
Минтип колдоп алыптыр.
Оң жагына караса,
Чолок көк жал арстан
Жандай салып чамынып,
Минтип колдоп алыптыр.
Ажыдаар – ак жылан
Оозун ачып ышкырып,
Илеп тартып жуткудай,
Миң сан колдой түрү бар,
Артынан сойлоп калыптыр.
Алпкара куш – зымырык
Азыр илип алчуудай
Бутун салып арбайып,
Үстүндө жүрүп калыптыр.
Кыздан сулуу кыпыйган,
Оздуктан баланы

Бирөө коштоп калыптыр.
Асты жагын караса,
Алты миң эрдин сүрү бар.
Аркасынан караса,
Ажыдаардын түрү бар.
Майлаган буудай жүздөнгөн,
Күүгүм туман көздөнгөн,
Оң далысы кең экен,
Ойдо жини кармаса,
Он сегиз миң ааламды
Кыргын кылар эр экен.
Кабагы бийик, заары күч,
Катылганды кылат түз.
Бээжин каны Коңурбай
Бетине келбей качкыдай,
Манастын уулу беренге
Бет алса, өлүп жаткыдай.
Толтой менен Кожону.
Найзачан кирип, айкырса,
Тополоң кылып ошону,
Кең көкүрөк, жайык төш,
Келберсиген шер экен.
Жер үстүндө алптарга
Жеке татыр эр экен.
Өлүмдөн кайра кайткысыз,
Толтой тургай, бул көк жал
Тозоктон кайра тарткысыз.
Беттеп пенде келгисиз,
Беттеген адам өлгүдөй.
Узун бойлуу, кең далы,
Ары балбан, ары шер,
Аташкан эри табылып,
Аң-таң калган ошол жер.
«Артыкча тууган эр экен:
Жолборс жүрөк, жоон моюн
Жолу болгон Семетей,
Бул кыргызга орногон

Темирден коргон чеп экен.
Теңине албай зыңгырап,
Теңтуш кылбай жүргөнү
Көк жалдыкы эп экен.
Эмгиче издеп тийбеген,
Кудай урган кеп экен»... –

деп, көпкө көзүн айырбай карап турат. Айчүрөктүн көңүлүнө Семетей абдан жагат. Айчүрөк аркы-беркини ойлонот. Ушул жерден тийишип, сөз баштасам, биринчиден, баркым бас болор, экинчиден, Чынкожо, Толтойго барбай коюп, алардан өчүм алынбай калат ко...» деген ой менен токтоп калат. Семетейдин мингени Тайбуурул, кондурганы Акшумкар, ээрчиткени Күлчоро менен Канчоро. Тоодак, казды аябай көп алдырып, үйүнө кайтып келе жаткан мезгили.

Чачыкей бурала басып, Семетейдин алдынан чыгып, жаш балача: «Шумкар салам деп эле кетип каласың, сенсиз абдан зериктим» – деп, эркелейт. Семетей түшөрү менен Күлчоро атын, Канчоро шумкарын алып кетишет. Айчүрөк мунун баарын абайлап турат. Чачыкей тилге келсе, эже кылып, кызматкери болмокчу, тилге келбесе, эрин тартып алмакчы болуп, эл орунга олтурган кезде, жан кишиге билинбей, Семетейдин айлына барат. Чачыкей кундуз ичикти жамынып, кырк келинди ээрчитип, бурала басып чыгат. Алдынан Айчүрөк чыгып: «Айланайын эжеке, мени сиңди кылып алыңыз, отуң менен кирип, күлүң менен чыгайын. Кызматкер күңүң болоюн» – деп, Акункан менен Манастын бел куда болуп, Семетейди күтүп жүргөнүн айтат. Чачыкей: «Семетейдин Акункан деген кайны жок, Айчүрөк аттуу зайбы жок, кайдагы жок сөздү айтасың? Сага окшогон эр издеп жүргөн шерменде катынды Семетей албайт» – деп, жаман суук сөздөрдү айтып, Айчүрөктү тилдейт. Айчүрөк абдан ыза болуп: «Мен Манастын арбагын сыйлап жүрөм. Семетейдин шумкарын алып кетип, сени салынды катын кылбасам, атам Акункан эрим болсун!» – деп, аккуу болуп учуп кетет. Чачыкейдин эси ооп, жети күнү тилсиз жатат. Семетей куш салууга, Күлчоро, Канчорону ээрчитип чыгат. Чачыкей Семетейдин чылбырына оролуп, «ууга барба» – деп, жалынып-жалбарат. «Аял үйдөгү өз ишин билет, эркектин ишине эмне үчүн киришесиң?» – деп, Семетей колун тиле чабат. Чачыкей Күлчоро менен Канчорону чакырып: «Түндө бир жаман түш көрдүм. Жолдо ак була жатса, алдырбагыла! Шумкарды ак кууга

салдырбагыла!» – деп аябай жалынат. Семетей шумкарды салганы кетип бара жатса, алдында бир таңгак ак була жатат. Семетей токтой калып, Күлчорого: «Алгын, кереги тиет, бу да болсо, олжо!» – дейт. Күлчоронун эсине Чачыкейдин сөзү түшө калып, аттан ыргып түшүп, буланы кучактап барып, бир үңкүргө тыгып, оозун алачыктай таш менен бекитип коёт. Семетей шумкарга тоодак, казды аябай көп алдырып, кетип бара жатса, алды жагындагы көлчүктө бир укмуштуу куу жатат. Семетей шумкарын сала турган болгондо, Күлчоро: «Ушунча болуп, шумкарыңызды сала элекмин, мага бериңиз, ушул кууга мен салайын?» – дейт. Күлчоронун көңүлү калбасын деп, шумкарын кармата берет. Күлчоро кууну учуруу үчүн, көрүнөө чабат, куу учпай коёт. Канчоро Семетейди жандап келип: «Баласы бар куу көрүнөт, балдары жетим калат, убал, салдырбай эле коюңуз?» – дейт. Семетей Күлчорого ачууланып: «Сен шумкарды казга сала албайсың, бекер учуруп жибере турган болдуң!» – деп, шумкарды колунан жулуп алат. Семетей шумкарды куугa өзү салат. Кууну шумкар алат. Семетей жетип кармаарда, куу шумкарды алып качат. Семетей чала сермеп калат. Тайбуурулга ыргып минип, куугa дагы жетип, сыр найза менен чала сайып калат... Тайбуурул менен кутказбас болгонуна көзү жетип, Айчүрөк күндү жайлап, жөө туманды каптатып, адаштырып кетет. Шумкарынан айрылганда, Манас жаңы өлгөндөй болуп, буркурап ыйлап, абдан кейийт. «Шумкарымды дүйнөнүн төрт бурчун кыдырып издейм. Бул жөнөкөй каз эмес, көптү көргөн Бакай, Сары кан, Каныкейден жөнүн сурап келгиле!» – деп, Күлчоро менен Канчорону жиберип, Тайбуурулду жайдактап коё берип, ээр токумун төшөнүп жатып алат.

Чачыкей үйдөн чыга калса, Күлчоро менен Канчоро чапкылап келе жатат. Семетей көрүнбөйт. Жүрөгү оозуна каптала түшөт. Чачыкейдин оюна «Шумкарды Айчүрөк алып качкан экен» – деп, кылт эте түшөт. Чачыкей балдардан: «Агаңын шумкары аман-эсенби? Эмне энтелеп чаап келе жатасыңар?» – дейт. Күлчоро: «Жеңеке! Шумкарды качырдык. Абам сизге жиберди. Шумкардын жайын айтып берсеңиз, мындан ары үстүңүзгө камчы үйүрбөс, артыңыздан токо наалат айтпас болду» – дейт, Чачыкей: «Аял үйдөгү өз ишин билет, талаадан качырган шумкарыңарды мен кайдан билейин?» – деп ачууланат. «Деги жөнүн айтсаңыз жеңеке!» – дейт, Күлчоро. Чачыкей, керегеде илинип турган бычакты алып, Күлчорону уруп жиберсе, эшикке

тийип, аны жарып кетет. Күлчоро араңдан зорго качып чыгат. «Чачыкей бир айтса, сырын Бакай, Жамгырчы, Сары кандардын байбичелерине айтат. Ошолорду алып келип сураталы» – деп, Күлчоро менен Канчоро чапкан бойдон Бакайга барышат. Чоролорду көргөндө Бакай: «Коңурбай келип калдыбы? Эмне болуп кетти?» – деп, эси чыгып кетет. Күлчоро болгон иштерди айтат. Бакай, Жамгырчы, Сары кан аялдарын ээрчитип келип, Чачыкейге жиберишет. Чачыкей кемпирлерди ур-токмокко алып, жаман сөздөрдү айтып тилдеп, кууп чыгат. Бакайды баш кылып, үч канды да тилдейт. «Өмүрүмдө кишиден тил уккан жок элем, эми Семетейдин катынынан тил уктум, бул куу баш Манастын тирүү чагында неге өлбөдү?» – деп, Бакай ботодой боздоп, кулундай чыңырып ыйлайт. Каныкей, Күлчоро менен Канчорону чакырып алып: «Чачыкей көпкөн экен, жеңесин кайниси тыюучу, арам жамандар, Бакай кан окшогон кишини тилдетип коюп, карап отурасыңарбы? Жазасын колуна бергиле!» – дейт. Аны укканда Күлчоро чуркап барып, Чачыкейдин чачынан кармап алып, чыңыртып сабайт. Жанына күч келгенде Чачыкей: «Шумкарды Акункандын кызы Айчүрөк алып кетти!» – деп, жөнүн айтып берет. Күлчоро, Бакайга келип Акункандын кызы, Семетейдин колуктусу – Айчүрөк шумкарды алып кеткенин айтат. Бакай кан бармагын тиштеп «Ырас, Көкөтөйдүн ашында Акункан менен Манас бел куда болушкан. Айчүрөк деген Семетейдин колуктусу бар болучу. Семетейге айта баргыла, жалгыз барбай, калың кол алып, мени, Сары кан, Жамгырчыны башчы кылып барсын» – дейт. Күлчоро менен Канчоро мындай чыкканда: «Картаң чалдарды кагыратып, калыңга бере тургансып ээрчитпей эле, өзүбүз барабыз» – деп өз ара кеңешип, жарышып отуруп Семетейге сүйүнчүлөп келишет.

## СЕМЕТЕЙ АКШУМКАРДЫ ИЗДЕП ЖӨНӨДҮ

Семетей он төрт тулпар ат айдап, жыйырма беш кандын баласын жолдош кылып, Күлчоро, Канчоросун ээрчитип, ак шумкардын айынан Акункандын шаарын көздөй жөнөйт. Акункандын элине жакындаганда, ат өргүтүү үчүн, бир жерге токтолушат. Эс алып, эригип жатып, атасы көк жал Манастан калган дүрбүнү колуна алып, Акункандын элин, ордону тегеректеп жаткан жоонун колун көрөт. «Кокус эрегише кетсек, бул элге жалгыз эле, Күлчоро татыйт» – дейт. Анын

бери жагын караса, Үргөнчтүн суусунун боюнда кырк кыз менен селкинчек тээп жаткан Айчүрөктү көрөт. Айчүрөктү көргөндө суктанып: «Мен катын албай эле, бойдок жүргөн турбаймынбы!» – деп, арман кылат. Айчүрөк болсо, Семетей шумкарын издеп келээрин билип, кокустан ачуусу келип, ооганды чаап кетпесин үчүн бир кишиге билгизбей, сонун кыздан кыркын тандап ээрчитип, Семетейдин жолун тосуп чыккан. Семетей Күлчоро менен Канчорону чакырат. «Капырай, абама эмне болуп кетти? Бир жактан жоо көрдүбү?» – деп, эки чоро энтелеп чуркап барышат. Семетей аларга дүрбүнү берет. Алар да Айчүрөктү, кырк кызды көрүшөт. Семетей, чоролорго: «Бирөөң барып, Айчүрөктөн шумкардын жөнүн сурагыла, Акунканга жолугуп калсаңар, атам Манас менен бел куда болгону эсинде бар бекен? Аны сурагыла. Ажыбай, Түмөнбай деген кайын агаларым бар экен, аларга жолуксаңар, менин колуктум Чүрөктү берчү кыялы бар бекен? Муну сурагыла!» – дейт. Канчоро: «Аба! Менин кыз, келинге эбим жок, чоркокмун, Күлчоро барсын» – дейт. Күлчоро ордунан тура калып: «Аба! Мен барайын, бирок Тайбуурулду жана ок өтпөсүңүздү бериңиз?» – дейт.

Семетей Күлчорого абдан ыраазы болуп, үстүндөгү Аголпокту чечип берип, айтканын орундатат. Күлчоро Тайбуурулду жулкунтуп, ок өтпөстү кийип, Айчүрөктү көздөй жөнөйт. Тайбуурул анда-мында бир тийип, оозун тарттырбай, Күлчоро тизгини менен алек болот.

* * *

Күлчоро көз ачып, жумгуча Үргөнчтүн суусуна келет. Ошол кезде суунун кирип жаткан мезгили. Үргөнчтүн суусун Каралаев мындайча сүрөттөйт.

Атагы Үргөнч суу экен,  
Үстү көбүк буу экен,  
Аңтарылып төгүлүп,  
Төмөн жагын карасаң,  
Төрт дайрадай көрүнүп.  
Чет-четине урунуп,  
Үстүнөн көбүк жалбырап,  
Түбү менен үйдөй таш  
Түгөл агып калдырап.

Күкүк болуп күүлөнүп,
Күңгүрөнүп сүйлөнүп,
Күпүлдөп агып чоң Үргөнч
Эчен түрдүү түрдөнүп.

Бул сууну кечкен адам соо калгыдай эмес. Айчүрөк бул жерге, Семетейдин баатырлыгын сыноо үчүн, атайын келген экен. Күлчоро суунун боюна келип эмне кыларын билбей, бир аз ойлонуп туруп калат. Кыздар селкинчек тээп ойноп жатканда, Айчүрөк кыздарды чакырып алып, көргөн түшүн айтат:

«Кагылайын эжелер!
Кадыр табар жеңелер!
Түндө жатып, түш көрдүм,
Түшүмдө жакшы иш көрдүм,
Кара чаар кабылан
Каланын ичин жойлоду,
Карс этип иттер койбоду.
Чолок көк жал арстан
Ооганга келип чамынды.
Ошондой ырыс табылды.
Каршы алдынан чыгам – деп,
Катылган жоолор кыйрады.
Кара чаар кабылан
Оогандын журтун сыйлады.
Бул эмне болучу?
Кичүү сиңди, улуу эже!
Бу түшүмдү жоручу?!
Алпкарагуш – зымырык
Асмандан бутун ал салып,
Каарына токтобой
Камап жаткан жедигер
Каргача качып калыптыр.
Бири миң адамдык кырк киши
Бул оогандын шаарына
Ордону мыктап салыптыр,
Бет алган жагын алыптыр.
Бул эмне болучу?
Бул түшүмдү жоручу?!»

Айчүрөктүн түшүн
Калыйман мындай деп жоруйт:
«Ал карала чаар кабылан,
Кан жездем Семетейдин өзү экен.
Кан ичмесин карматып,
Кадырман эжекемдин айынан,
Касташып жаткан душманга
Калайман салаар кези экен.
Чолок көк жал арстан:
Бет алганын өрт кылган
Берен жездем өзү экен.
Бейпайды салган Кожодон
Бизди ажыратаар кези экен.
Алпкарагуш – зымырык
Асмандан бутун салганы,
Атасы Манас көк жалдан,
Эжекемдин күйөөсү
Арта тууду деп уктук.
Кабылан жездем көк жалдын
Өзү келип калганы.
Кармашарга жоо чыкса,
Калайманды салганы.
Белгилүү эжем бейбакка
Күйөө келип калганы».

Аңгыча кароолдо турган Сары кыз менен Кара кыз сүйүнчүлөп, биринин оозунан бири жулуп алып: «Жездекем келди. Астында буурул аты бар, сүрүнөн көргөн кишинин жүрөгү түшкөндөй» – деп, энтелеп барышат. Аны укканда Айчүрөк баш болуп, кырк кыз суунун боюна жарданып тура калат. «Жездем абдан сонун киши экен» – деп, кыздар өз ара шыбырашат. Анда Айчүрөк: «Бул жездеңер эмес, анын чоросу, жездекеңер кечүү чалып келүүгө, иниси Күлчорону жиберген тура» – дейт. Күлчорого кыздардын баары ашык болот. Мага күйөө болсо, дешип ар кимиси ичтеринен ойлошот. Суунун жээгинде жарданып турган кыздарды көргөндө, Күлчоро чыдап тура албай, Тайбуурулга камчы уруп, Манас, Алмамбеттин арбагына сыйынып, Үргөнчтү көздөй качырып кирет. Кыздардын кай бирөө, эси чыгып кайра кетет, кайсы бирөөлөрү: «Кечсе эле өлөт, кайран бала»

– дешет. Сууга кирген эле жерден чумкуйт. Агып бара түшүп, адис болгон Тайбуурул суунун агынын көздөй кыйгачтайт. Күлчоро кылычын кындан сууруп алып, түбү менен суурулуп агып келе жаткан карагай, кайыңды бөлө чаап отурат. Бир убакта Тайбуурул шып этип, өйүзгө чыгат. «Кан ичменин тукуму бизге кайрылбай, шумкарын сурап шаарга кетип калабы?» – деп, Айчүрөк алдынан тосуп чыгат. Айчүрөктүн салып койгон килемдерин Күлчоро тепсетип бастырат. Айчүрөк какшыктап: «Өз атын мингенсип, өз тонун кийгенсип, мына бу кулду карачы?» – дейт. Күлчоро: «Мингеним Семетейдин тулпары, кийгеним Семетейдин олпогу, издегеним Семетейдин шумкары. Кечээ эр издеп, жердин баарын кыдырып, шумкарды алып кетипсиң, бергин Кожо. Айчүрөк: «Эмне үчүн жеңе дейсиң? Менин күйөөм Чынкожо, Толтой. Көөдөк агаңа айта бар, кокус келем деп жүрбөсүн! Келсе, Толтойдон» – дейт. Күлчоро: «Чынкожо, Толтой – экөөң мен өзүм менен жалгыз талкалайм, шумкарымды бер! Эгер шумкарды жок кылып койсоң, анын куну үчүн сага окшогон кыздан жүзүн да албайм, учканга кол салам» – дейт. Айчүрөк Күлчорону абдан жактырып: «Айланайын уул! Айтканың баары чын, кечээ аккуу кебин кийип, эр издеп, эч кимди сыныма турбай, өз күйөөм Семетейге сүйлөшө албай, Чачыкейге барып жолуккам, мени абдан иттей ыза кылды. Ызалыкка чыдабай, шумкарым келээр деп, алып келдим эле. Аттан түш! Кагылайын уул!» – Күлчоро дароо аттан ыргып түшөт. Кыздар менен ойноп, тамашалашып отура берет. Семетейди эсинен чыгарып коёт.

## СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ЖОЛУККАНЫ

Күлчоронун кечиккенине Семетейдин жаны чыгып: «Жаш аны бекер жиберген экемин. Жолдон сууга актыбы, же жоо чыгып, казат кылып койдубу?» – деп, чыдап жата албай, Тайторуну минип, жолдошторун ээрчитип, жөнөп калат. Үргөнчтүн суусуна келет. Айчүрөк дуба окуп, сууну азайтып коёт. Семетейди көргөндө Күлчоро: «Мени кудай урган экен, айланайын жеңеке! Кашык канымды абамдан сурап ала көр! Сенден бир айла болбосо мени эми өлтүрөт!» – деп, Айчүрөккө жалынат. Семетей карап турбастан, кош-колоңу, жолдош-жоросу менен бүт келип, Айчүрөктүн үстүнө келет. Семетейдин кан ичмеси кармап, Күлчорого ачууланып: «Куурай терген

кыздарга курдаш болуп, тезек терген кыздарга теңтуш болуп, кербенчи кыздарга кезиксең, келжиреп отуруп каласың. Менин душмандарым көп, кокус, келип калса, айлам эмне болот?» – деп, жемелеп тилдейт. Айчүрөк Семетейдин астынан тосуп чыгып: «Эл-журтуңуз, агайын-тууганыңыз тегиз аман жатабы? Иниңизди жемелеген сөздөрүңүз бизге тийди. Мунуңуз уят эмеспи?» – дейт да, күлүмсүрөйт. Айчүрөктү көргөндө Семетей чыдап тура албай, аттан түшүп, кучактайт. Айчүрөктүн ачуусу келип: «Кандай тартипсиз, уяты жок кишисиз?» – деп, Семетейдин колун силкип жиберет. Анысына Семетей абдан ыза болуп, Айчүрөккө мындай дейт:

«Куурай терген кыз менен
Курдаш болуп нетейин.
Келе берчи, ой, канчык!
Шумкарымды кетейин.
Тезек терген кыз менен
Теңтуш болуп нетейин.
Тексиздин бири экенсиң
Шумкарым берчи, кетейин?!
Сендей эр албаган эскиге,
Туурук таман кескиге
Эзиле берип кетейин,
Шумкарды берчи, кетейин?!
Ат бороюн сыдырган,
Ай ааламдын баарысын
Учуп жүрүп кыдырган,
Сыйынбаган жериң жок,
Кыдырбаган эриң жок.
Эр албаган эски күң,
Туурук таман кески күң.
Чачы куудай болгуча,
Тиши буудай болгуча
Кызды жыйнап ойногон,
Эрден бирди койбогон.
Күлүк аттай жараган,
Күндө күйөө караган,
Эр албаган эски күң,
Эченди көргөн кески күң

Тилин заардуу кепке толтурган,
Атасынын колунда
Алтыны тууп олтурган.
Жоболоңдуу кара бет
Жолоочу жүрүп сүйүнгөн.
Жолдон эркек жан көрсө,
Этегин түрүп жүгүргөн.
Эскини алып нетейин,
Эсиме түштү бир жумуш,
Шумкарым берчи кетейин?!»

Муну укканда Айчүрөктүн күйбөгөн жери күл болуп, мындайча кайтарат:

«Койчу төрөм, кабылан
Күйөө сиздей болобу?
Күйүп жүргөн карыгыча
Күйүттүү Чүрөк оңобу?!
Ойлон төрөм, оңбой кал,
Ороюң эчак билгемин,
О дүйнө кеткен атаңдын
Арбагын сыйлап жүргөмүн.
«Оолуккан кара кыргыздан,
Орою сендей жок – деген,
Оолукма жиниң кармаса,
Чоросун сойгон шок – деген
Алты уруу кыргыз, аргында
Акмагы сендей жок – деген.
Акмагың билип жүргөмүн,
А дүйнө кеткен атаңдын
Арбагын сыйлап жүргөмүн.
Нике кыйып алгансып,
Башыма жоолук салгансып,
Кызыгыма баткансып,
Коюнума жаткансып,
Күрсүлдөп жаман кеттиң го!
Сай сөөгүмө жеттиң го!
Туурук таман мен өзүм
Сарылыгым дагы чын,

Туугуча жүрүп атамда
Карылыгым дагы чын.
Кечээ Темиркандын шаарына,
Тентип кеткен сен кандай?
«Теңтушум качан келет?» – деп,
Телмирип жүргөн мен кандай?
Бура тартпай Букарда
Бурулбай жаткан сенденби?
«Бууданым качан келет?» – деп,
Буудай тиш атка көп конуп,
Бурулбай жүргөн менденби?
Токту койдун томук эт
Тойгуча берип салгамын.
Кушуңду кудай алганы,
Чычкактап өлүп калганы.
Куш берейин кушуңдай,
Кушуңдун жайы ушундай».

Семетейдин ачуусу келип: «Шумкарымдын өзүн таап бер. Шумкардын куну үчүн, сага окшогон кыздан жүзүн да албайм» – дейт. Айчүрөктүн да ачуусу келип: «Шумкарың табылар, мынча эмне ачууландың? Албасаң алба, мен эр табылбаганынан жүргөнүм жок, арбак, кудайды сыйлап жүрөм» – дейт да, экөө эки жакка басып кетишет. Айчүрөк менен Семетейди Күлчоро менен Канчоро кайра жараштырып коюшат. Айчүрөктүн атайлап Семетейге арнап тиктирген чатырына барып, арак, кымызды аралаштырып ичип, күүгүм киргенче жыргашат. Күүгүм кирип, киши таанылар таанылбас болгондо, Айчүрөк Семетейди жыйырма беш жолдошу менен ээрчитип, бир кишиге билдирбей, өзүнүн алтын сарайына алып барат. Жеңкетай, эшик ачар, дагы башка ырым-жырымдарына аябай алтынды көп берип, Семетей Айчүрөктүн алтын ордосунда эч кимге билинбей күйөөлөп жата берет.

## СОГУШ

Ажыбай жаактууда жок чечен, бирок коркок киши, Түмөнбай сөзгө чоркогураак, бирок эр киши экен. Чынкожо, Толтойго убада берилген күндөн жети күн ашат. Ажыбай менен Түмөнбай мунаранын башына чыгып караса, жоонун колу шаарды каптап келе жатат.

Колдун калыңдыгы кумурскадай. Ажыбай мунарадан кулап кете жаздайт. Ажыбай менен Түмөнбай: «Чүрөктү бербесек болбойт. Чынкожо, Толтой оңой жоо эмес, бир кызды бербей коюп, Акунканды өлтүрүп, ооган элин бүт кырдыртып албайлы? Булардын астынан азыр тартуу алып чыгалы» – деп, акылдашат. Жер жайнаган көп мал айдап, ак желек көтөрүп, эки колун бооруна куушуруп, Ажыбай менен Түмөнбай Чынкожо менен Толтойго барышат. Чынкожо Толтойду чакырып: «Мен тирүү турсам, сени бүт дүйнөгө кан көтөрөм, көрдүңбү? Азыр тартууга жер жайнаган мал алып келе жатат. Айчүрөктү да алып берем» – деп, мактанат. Толтой: «Булардын сөзүнө мен ишенбей калдым. Өткөн жылы да Айчүрөктү берем деп, Ажыбай убадасын берип, кийин сызга отургузуп кеткен. Иштин эң туурасы, таптакыр чаап, кыз-келинин олжолоп алуу, андан башка убада сөз буларга туура келбейт» – дейт. Анда Чынкожо туруп: «Зордуктап алган катын, катын болбойт. Куда түшүп, мамиле менен алып берем» – деп, элдин баарын аттан түшүрөт. Ондон бөлүп, тартууга алып келген малды союшка үлүштүрүп берет. Чынкожо Төлөктү ээрчитип алып, Ажыбай менен Түмөнбайга келип: «Чүрөктү бересиңерби, же элиңерди кырып, чамгарагыңарды түшүрө чаап, тартып алабызбы?» – дейт. Анда Ажыбай: «Чыныбызды айтсак, Чүрөктү бербей силерди алдап жүргөнүбүздүн себеби – Манас менен Акункан бел куда болушкан экен. Манастын уулу Семетей жетим жүрүп жетилип, Таласка көчүп келиптир. Кан ичмеси кармап, өз атасы Жакыпты, Абыке, Көбөш агаларын, атасынан калган кырк чорону кырып салыптыр. Эгер бир күнү Айчүрөктү издеп келсе, эмне жооп айтабыз? Бизди туташ кырып кетет кө, ошондон гана коркобуз. Экинчиден, Чүрөк Ак куунун кебин кийип, кайда жүргөнүн биле албайбыз. Бир гана жуманын түнү билет» – дешет. Чынкожо ачууланып: «Тентип жүргөн Семетей жетим менден эр эмес, анын атасы ала көөдөн Манасты өз колум менен алты жолу алдагам. Семетей кимче болуптур, андан келгенди өзүм көрдүм!» – дейт. Анда Ажыбай: «Макул эмесе, Айчүрөктү тил албаса, байлап беребиз. Деги кимиң аласың?» – дейт. Чынкожо: «Толтой алат, эгер аны жактырбаса, мен алам» – дейт. Түмөнбайдын ачуусу келип: «Акмактар, Чүрөктү баарыңарга бермек белек, бирөөңө беребиз» деп, Чынкожо менен уруша кетет. Түмөнбай тилин тартпайт, суук жаман сөздөрдү көп айтып боктойт. Экөө чабышып кала турган болгондо арага түшүп арачалап калышат. Ажыбай Чынкожого: «Айчүрөктү бербесем, жети атам капыр болсун, жети

күндөн калбай Толтой келсин» – деп, убаданы катуу кылышат. Ажыбай менен Түмөнбай жолдо келе жатканда Ажыбайды Түмөнбай аябай тилдейт. Акыры Түмөнбай да макул болот. Айчүрөктү эптеп кармап бермекчи болуп, Ажыбай менен Түмөнбай Айчүрөктүн алтын сарайына келишет. Ажыбай менен Түмөнбайдын кылып жаткан ишин Айчүрөк билип жүргөн болот. Ажыбай Айчүрөктү чакырып: «Сени Чынкожо, Толтойго бермекчи болдук, бербесек, элди кырып жибере турган» – дейт. Айчүрөк агаларына сездирбей жылмайып күлүп: «Эр өлтүрүп кунга берсеңерчи, же Толтойдун Суркоёнун баш атка, Чынкожонун Кара атын салык атка алып, анан берсеңерчи!?» – дейт. Ажыбай менен Түмөнбай жым дей түшүп, ал айткан аттарды жана дагы калың мал алабыз – дешет. Убадалашкан күндөрү бүтөт. Толтойду Айчүрөккө күйөөлөп бар десе, мыңк-сыңк этип көңүлдөнбөйт. Чынкожо ачууланып тилдейт. Чынкожодон корккконунан Толтой мойнунан байлагансып, Акункандын шаарын көздөй Айчүрөккө күйөөлөп барат.

* * *

Төлөк менен Төлөбай: «Алаканыңды жай Толтой! Бата берели» – дешет. Толтой, «Бата берсеңер да, бербесеңер да ажалым жетти го!» – деп, кейийт. Арактан баса-баса куюп берип, Толтойду бир аз кызытып, жөнөтөт. Күлчоро Тайбуурулду минип, Семетейдин Аголпогун кийип, Сырнайзасын алып, жол тосуп келип, найзаны таянып, аттын үстүндө уктап калат. Айбан да болсо, Тайбуурул Толтойдун келе жатканын билип, жер чапчылап, окуранат. Күлчоро ойгонбойт. Сырнайзаны тиштеп, буулукканда, Күлчоро ойгонуп, Тайбуурул менен урушат. Аңгыча ары жагын караса, сур ат минген, көк темир кийген, чоңдугу тоодой эле бир киши келе жатат. Күлчоро Аккелтени ала коюп, тарс дедире бир атат. Толтойдун жүрөгү селт дей түшөт. Күлчоро Сырнайзаны колго алып, «Манастап» качырат. «Манас» деген сөздү укканда, Манас, Алмамбет, Чубак кырк чоросу менен качырып келе жаткандай көрүнөт. Толтойдун жүрөгү чыгып, качат. Күлчоро кууп жөнөйт. Айчүрөк Тайбуурулду жакшы багып, семиртип койгон экен, бордуга түшөт. Күлчоро кууланып: «Жездеке качпаңыз, күйөө да сиздей болобу? Эжем Айчүрөктү тосуп кел – деп, жиберди эле, токто!» дейт. Толтой ишенбейт. Күлчоро жетип, эки жолу саят, бирок Толтой жыгылбайт. Үчүнчү жолу жетип, дагы саярда

тизгини түшүп, Тайбуурул чалынып жетпей калат. Толтой качып кутулуп кетет. Кызыл ала кан болуп, кусуп, эси ооп, кошуна барат. Күлчоро Толтойду колго түшүрө албай куткарып жибергенине абдан кейип: «Семетей атын, тонун, жарак-жабдыгын берсе, «куткарып жибердим» – деп, кайсы бетим менен барам» – дейт, абдан убайым жейт. Толтой бир убакта үшкүрүп-бышкырып, эс алып Чынкожону чакырат. Чынкожо келгенде: «Манастап!» ураан чакырып, Буурул ат минген бирөө качырып жарадар кылды. Качканымдын, себеби – «Манас» деген сөздү укканда Манас, Алмамбет, Чубак, кырк чоро бардыгы жапырт качырып калды» – дейт. Чынкожонун кыжыры келип: «Мен сени эр Толтой деп жүрсөм, акмак Толтой экенсиң?! Капкачан өлүп калган Манас, Алмамбет, Чубак сага кайдан келди? Ал сени качырган Алмамбеттин Күлчоросу болсо керек, жаш баладан жарадар болуп өлөөр түнүңдү санап калыптырсың!» – деп, абдан ачууланат. Чынкожо, Толтой – экөө урушуп, жаман жакшы сөз айтышып кызырандашат. Отурган эл арачалап ажыратып коюшат. Толтой: «Мен сени катын алып бер дегенсип, азгырып отуруп менин да, элимдин да түбүнө жеттиң!» – дейт. Чынкожо, «сен калп эле жарадар болдум деп жатасың» – дейт да, жарасын ачып көрөт. Бир жаккы санынын этин найза үзүп кеткенин көрөт. Толтойду дарылап, жарасын таңып коёт. «Мурун жоого кирбеген жаш бала алда эмне болду?» – деп, көңүлү чыдабай Семетей Күлчорону издеп келе жатса, Күлчоро Сырнайзаны таянып, Тайбуурулдун үстүндө башын төмөн салып капаланып турганын көрөт. Аман-эсен көргөнүнө кубанып, сүйүнүчү койнуна батпай, чакырат. Семетейди көрө коюп, Күлчоро чаап барып: «Аба! Балалык өзүмдөн кетти, чала сайып, Толтойду куткарып жибердим. Алам десең, баш мына, төгөм десең, кан мына!» – деп, мойнун тосот. Семетей: «Айланайын Күлчором! Толтойду бүгүн сайып түшүрө албасаң, эртең сайып түшүрөөрсүң? Ага эмне анчалык убайым кыласың, кейибе» – деп, эркелетет. Толтойдун жарасы жакшы болуп айыкканда, Чынкожо менен акылдашат. Экөө олтуруп: «Бизге Акункан өз эрки менен Айчүрөктү бербейт. Калың колду каптатып, Акунканды өлтүрүп, Ажыбай менен Түмөнбайды мойнунан байлап алып, Айчүрөктү баш кылып, кыз-келинин олжолоп алалык. Эли каяша кыла турган болсо, таптакыр кырып, там-ташын бузуп, жер кылалы» – деп, шаарды каптайт. Найзачаны бир бөлөк, мергенчиси бир бөлөк, сурнайын тартып, доолбасын кагып, кумурскадай калың кол жер

дүңгүрөтөт. Каптап келе жаткан калың колду, Акункандын кароолчусу көрүп, доолбасты кагат. Доолбастын үнүн укканда Ажыбайдын колу бир жерге, Түмөнбайдын колу бир жерге, Акункандын колу бир жерге чогулуп, жарак-жабдыгын даярдашат. Уруштан эси чыгып калган эл, Чынкожо, Толтойдун калың колун көргөндө, эси ооп: «Бул кол жан койбойт го!» деп, чурулдашат. Кайсы бирөөлөр: «Оңбогон Чүрөк түбүбүзгө жетмекчи болду? Ал канчыкты Толтойго берип эле, тынч болбой, бекер тынч жаткан бечара калк кырылмак болду» – деп, Айчүрөктү тилдеп жүрүшөт. Ажыбай чуркап Семетейге келип: «Сенин колуктуң Айчүрөктүн айынан Толтой менен алты жолу уруштук. Бул келишинде Толтойго Чынкожо кошулуп, колду да көп алып келиптир. Бизди өзүң коргоп ажыратпасаң, айлабыз кетти, көрсөтөр эрдигиң болсо, көрсөт» дейт. «Чынкожо, Толтой Айчүрокту тартып алганы келди» – деген сөз Семетейдин жүлүнүнө тиет. Дароо доолбасын кагып, жарак-жабдыгын алып, ээрчитип барган жыйырма беш жолдошу менен сыртка чыгат. Тайбуурулга минип, арстанча чамынып, Манастын арбагына жалынып, Чынкожо, Толтойдун астын тосот. Акункан, карылыгы жетишип калганга карабастан, колдун артын айдап: «Коркпогула! Семетей аман болсо, Чынкожо менен Толтойдон өчүбүздү алып берет» – деп, кайрат берип, элди ылдамдатып айдайт. Семетей элдин орто жеринен, Күлчоро бир четинен, Канчоро бир четинен, Бакайдын уулу Байтайлак бир жагынан, Сары кандын Калыгы бир жагынан, Жамгырчынын Шайымбети бир жагынан жана башка жолдоштору да ар кайсы жеринен кирип качырышат. Күлчоро элди тим эле, тебетейдей ыргыта саят. Калың колдун көбүн өлтүрөт. Өлгөнүнөн калгандары, жанын алып кала тургансып, Толтойду тегеректешет. Күлчоро: «Кармашканды мерт кылган, капыр Толтой кайдасың? Катын тартып алуучу баатыр Толтой кайдасың?» – деп, Толтойду көздөй качырат. Семетей жеткенин кылыч менен чаап, жетпегенин найза менен сайып, аябай кырып жиберет. Эл кырылаарына көзү жетип, «Кагылайын Семетей, жазыгы жок элди эмне кырасың? Биз Чынкожо, Толтойдон коркконубуздан эле, араң келдик, алам десең баш мына, төгөм десең кан мына» – деп, аттарынан түшүп, жарак-жабдыктарын ыргытып, курларын моюндарына салып жалынат. Кай бирөөлөр Семетейдин сүрүнөн коркуп, аттарынан учуп түшүп жыгылышат. Элдин көпчүлүгү кайра качат. Өлүктүн көптүгү жуушаган койдой болуп калат. Чынкожонун чоңдугу тоодой, жети ай

сыйкырчылыкты окуган, мингени канаттуу кара ат. «Семетей менден эр эмес, качпагыла» – деп, элинин бир канчасын изү өлтүрүп, кай бирөөлөрдү атына таңып, качкандарды токтотот. Эл пайдасыз токтойт. Аңгыча болбой, бир белестен оозунан жалын шыркырап, Семетей чыга калат. Башка элге кол салбастан, аларды көзүнө да илбей, Чынкожону көздөй качырып жөнөйт. Чынкожого жетип барып: «Сен экөөбүз бир тууган элек, сага эмне болуп кетти? Качып жүргөнүң жарабайт. Жүргүн, Таласка кетели! Өзүңдү кан көтөрүп, астыңа атымды тартуу кылайын» – дейт. Чынкожо: «Арам жетим, мен сен эмес, сенин көөдөк атаң Манасты да алты жолу алдагам. Сен кимче болуп калдың? Менин жылкымды тийдиңер» – деп, качырып келип, Семетейди сайып өтөт. Найзасы быркырап кетет. Семетей качырып барып саярда, найзасын кагып жиберип, кылыч менен чабат. Кылычы да сынат. Семетей Аккелтени ала коюп атарда, Чынкожо дуба окуп, жөө туман каптатып учуп жөнөйт. Аттырбай кутулуп кетет. Семетейдин үстүндө учуп жүрүп окту мөндүрдөй төгөт. Семетейдин айласын кетирет. Семетей да Аккелте менен асманды көздөй аябай ата берет. Бир мезгилде – экөөнүн огу тең түгөнөт. Чынкожо ок алып келүү үчүн үйүн көздөй учуп жөнөп кетет. Семетей күбүнсө, үстүнөн ок мөндүрдөй дыбырап, жерге түшөт. Семетейдин эси ооп, Аккелтесинин бир да огу калбай, эмне кылар айласын таппай турса, Күлчоро жетип келет. Семетей: «Айланайын чором, Чынкожо оңой жоо эмес экен. Ок-дарым таза түгөндү, өлө турган болдум, Айчүрөктү, Тайбуурулду Чынкожого тартууга берип, аман-эсенибизде Таласка кетели» – дейт. Күлчоро безге сайган немедей ыргып кетип: «Аба, бул эмне дегениң? Бул сөзүңдү ит уксун. Айчүрөк менен Тайбуурулду тартууга берип, жашап жүргөндөн көрө өлгөнүбүз өөдө. Каныкей апам Аголпоктун жакасында эки-үч ок бар дечү эле. Таласта жүргөнүмдө жоруларды ыргыта-ыргыта эле атып алчу элем. Аккелтени мага бериңизчи? Кудайга бир сыйынып Чынкожону атып көрөйүн» – дейт. Күлчоронун сөзүн эки дей албай Тайбуурулдан түшүп, Аккелтени колуна берет. Эси ооп калган Семетей акырын жыла басып, жанындагы бир үңкүргө кирет. Күлчоро Аккелтени дүрмөттөп, Аголпоктун бир этегин Тайбуурулга жаап, бир этегин өзү жамынып, Чынкожону тосуп отурат. Бир убакта Чынкожо окту мөндүрдөй жаадырат. Күлчоро Тайбуурулга корголоп отура берет. Чынкожо Тайбуурулдун үстүндө киши көрүнбөгөндөн кийин: «Кудай чындап

берген экен. Менменсиген жетимди жайлаган экемин. Тайбуурулга минип барып, Айчүрөктү өзүмө нике кыйдырайын» – деген ой менен ок-жарагын Тайбуурулду көздөй ыргытып жиберип, өзү ылдыйлап түшүп келет. Жарым бутача келгенде Күлчоро: «Кара аттын учуп жүргөн канаты, жүрөгүнүн тушу деп, кудайга жалынып, буркурап ыйлап туруп, Аккелтени басып калат. Аккелтенин үнү чыгары менен кара ат чимирилип келип, жерге түшөт. Ок канатын жулуп кетет. Чынкожону жакасынан кармап туруп Күлчоро жерге бир чабат. Көрүп олтурган Семетей Күлчорого өпкө жүрөгүн чаап жалынып, чуркап келип: «Кагылайын чоро, мага бер» – деп, сурап алып, Чынкожону шыйрагынан кармап туруп кара ташка бир чабат. Канынан кочуштап жутат. Семетей Күлчорону ээрчитип, жедигерге келсе, Канчоро Төлөктү өлтүрүп, канынан жутуп жаткан экен. Ажыбай алты жеринен, Түмөнбай жети жеринен жарадар болуп, айласы кетип, качып калган кези экен. Семетей, Күлчоро «Манастап» ураан чакырып качырышат. Эл кайра качат. Аттарынан түшүп, Семетейге жалынышат. Күлчоро Толтойду көрө коюп, «Манастап» ураан чакырып калат. Толтой капканы эки айлана качат. Айчүрөк Толтойду «Баладан качканча өл, арам жаман» – деп, шылдыңдайт. Айчүрөктүн сөзүнө ыза болуп, Толтой Күлчоро менен сайышат. Күлчоро беттешкен эле жерде ыргыта саят. Башын кесип алат. Толтойдун Сүркоён качат, артынан Семетей кууп барып, араң кармап келет. Кулчоро менен Канчоро – экөө тең: Соога, аба! Мага бер! Мага бер!» – дешет. Семетей Суркоёндун чылбырын Күлчорону көздөй ыргытат. Канчоро ыза болуп, ичинен «Семетей сага бир кылбасам» – деп, кек сактап калат. Чынкожо, Толтой баш болуп, калың кол кырылат. Оогандардын алды алты жүз аттан, арты алтымыш аттан олжо алышат.

## СЕМЕТЕЙ АЙЧҮРӨКТҮ АЛЫП, ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ

Касташкан душманын өлтүрүп, көңүлү жай болуп Акункан: «Манас менен кылган убадамды иш жүзүнө ашырдым, эми өлсөм арманым жок» – деп, элин чакырат. Айчүрөккө абдан чоң той берип, отуз күнү ойнотуп, кырк күнү кыңшылатып, жетимиш кызыл нарга алтын артып узатат. Семетей Айчүрөктү алып, аман-эсен Таласка келет.

## МАНАСТЫН КУНУН КУУП, СЕМЕТЕЙДИН БЭЭЖИНГЕ БАРГАНЫ

Семетейге каяша айтар адам калбай, душмандарын жеңип, Айчүрөктү алып, атасы Манастын ордуна кан болуп, элди былк эттирбей сурап турган кези. Бир күнү Семетей уктап жатса, түшүнө Манас кирип: «Менин кунумду куубай, жатып аласыңбы?» – деп, айтып кетет. Дароо төшөктөн ыргып туруп, доолбасын кагат. Доолбастын үнүн угуп, акылдашчу кандары бүт чогулат. Ошол кезде Күлчоро менен Канчоро жылкыда болушат. Доолбас мынчалык эмне катуу кагылды, бир жактан жоо келип калдыбы? – дешип, чапкан бойдон Семетейдин ордосуна келишет.

Чогулгандарга Семетей көргөн түшүн айтып: «Азамат жигит, күлүк аттын пайдасы тиер кез келди. Арстан атам Манасты кырк жолборсу, калың колу менен кытай өлтүргөн. Ажалым жетсе, мен да өлөм, тирүү болсом, арстандардын кунун кууп, Коңурбайдын төбөсүн оюп, канына тойбосом, туулбай туна чөгөйүн, тирүү жүрбөй өлөйүн. Бакай аба! Жол башчы болуп бериңиз, Күлчоро, Канчоро – төртөөбүз барып, Коңурбайдын жылкысын тийип, элин чаап келебиз» – дейт.

Бакай: «Чунагым! Ал айтканың туура. Бүгүнкү күндө бизде күлүк ат да көп, пайдасы тиер жигит да көп, бирок быйылча сабыр кыл. Бээжин жакын жол эмес, кытай оңой жоо эмес. Бээжинге барган адам көп болгон, келген адам жок болгон, «барса келбес» деген жер ошол. Сен эмес, сенин атаң Манас кырк чоросу, кырк эки түмөн колу менен барып мерт болгон. Үй түгүндөй көп кытай, үч кишинин колунан эч нерсе келбейт. Тил ал, быйылча барбагын» – деп, Манастын кытай менен урушканын айтып берет.

Каныкей көзүнүн жашын мөндүрдөй төгүп: «Кагылайын жалгызым! Бакай абаң туура айтат. Бээжин оңой жер эмес, казып койгон ору көп, кайнатып койгон шору көп» – деп, коркунучтуу сөздөрдү айтат. Семетей, Каныкейге капаланып: «Ажал жетсе үйдө жаткан киши да өлөт. Өлүп калат экемин деп, Манастын кунун куубай коймок белем?! Болбогон сөздү көп айтып, башымды оорута бербеңиз! Бакай абамды жолбашчы кылып, Күлчоро менен Канчорону гана ээрчитип, уй түгүндөй калың кытайга жалтанбастан кол салып, эски кегимди алам, батаңызды бериңиз» – дейт.

Бакай капаланып, баштан өткөндөрүн айтып, жоонун оңой эмес экенин билдирет.

Аңгыча Сары кан ордунан тура калып: «Арстан, сени кудайдан сураганда, менден да эркек бала туулар бекен, мен өлгөндө менин кунумду куур бекен – деп, сураган. Өлүп калат экемин деп, атаңдын кунун куубай коймок белең? Эр жигит намыс үчүн эл четинде, жоо бетинде болгону жакшы. Кытайдан атаңдын кегин бир алгын. Бакай абаңды кытайга дагы бир жолу кан көтөрүп, элиңди көптөн берки ойлоп жүргөн макстына жеткир!» – деп, Семетейге кайрат сөздөрдү айтат.

Бир жактан төкөр уста Бөлөкбай да Сары кандын айткандарын кубаттап, Манас менен жаш кезинен жолдош болуп, ага кылган кызматтарын, Манастын эрдиктерин айтып, Абыке, Көбөштөн көргөн кордуктарын баяндап, түрдүү сонун жарак-жабдык, ок-дары каткан жерди көрсөтөт. Муну көргөндө Семетей өтө ыраазы болот да казатка тынымсыз даярдана баштайт.

Каныкей көзүнөн кан аралаш жашын агызып, Бакайга: «Айланайын Абаке! Арстандан калган жалгызды: «барса келбес» Бээжинге ээрчитип бара жатасыз. Жибербеске айлам жок, кантейин. Чунак жетимдин ушундай кыларын мурунтан сезип, ок өтпөс кийимдерди, жарак-жабдык, ок-дарыны, күл азык, дары-дармекти көптөн бери эле даярдап жүрчү элем» – деп, казынасынын оозун ачып, алып берет. Убайым аралаш кайрат сөздөрүн айтат.

Семетей көк темирди кийип, жарак-жабдыкты асынып, Тайбуурулду минип, Бакайды жолбашчы кылып, Күлчоро менен Канчорону ээрчитип, эки энесинен, кандардан, элинен буркурап ыйлап туруп батасын алып, Кытайды көздөй жөнөп калат. Ок-дарысын он төрт күлүк атка артат.

Айчүрөк Семетейдин алдынан чыгып: «Айланайын арстаным, бизди жетим таштап, «барса келбес» кандай укмуштуу жерге бара жатасың?» – деп, чыркырап чылбырына чырмалат. Семетей ачууланып, камчы менен капталга тартып жиберет. Айчүрөктүн капталы тилинип, эси ооп жыгылып калат. Ага карабастан, Семетей жүрүп кетет.

Чылк жетимдерди ээрчитип, Бакай Бээжинди көздөй жөнөйт. Бара жатып, Бакай кокусунан артын карай койсо, көзүнө Манас, Алмамбет, Чубак көрүнөт. Бакай түрдүү кыялга түшүп, бул белгиге

ичинен абдан кубанып калат. Сүйүнүчү ичине батпай Бээжин жөнүндө балдарга аңгеме баштап берет. Бакай балдарга: «Силердин арстан атаңар тирүү кезинде Бээжинге нечен жолу барганбыз. Кытайдын каны Коңурбай оңой жоо эмес, анын кишиден койгон кароолунан башка да айбандардан ар кайсы жерге койгон кароолдору болот. Менин тилимден чыкпай, айтканымды иштегиле! Айбандан койгон кандай сакчылары бар жана алар кайсы жерде тургандыгы мага белгилүү. Эгерде менин тилимди кокустан албай койсоңор, Коңурбайдын айбан сакчылары сезип, кабар берип койсо, анда биздин ишибиздин оңбогону. Биздин алды жагыбызда Мурадыл деген бар. Ал биз үчүн Коңурбайдан да кыйын душман. Мурадылдын атасын Алмамбет өлтүргөн. Мурадыл атасынан да ашкан эр, айлалуу дөө болду, биздин алдыбызды тосуп, урушууга даярданып жүрөт деген кабар уккам. Андан абдан сактанып өтүүбүз керек. Мына, азыр биз Мурадылдын жерине жакындадык. Күлчоро, Канчоро – чунактарым! Уйку өлүм менен бирдей болот, аттарыңарга сак болгула!» – дейт. Күлчоро менен Канчоронун кулагына Бакайдын айткандары кирбейт.

* * *

Семетей көк чатырды тиктирип, Тайбуурул менен Көкчолокту кермеге байлаттырып коюп, алп уйкуну салып жатып калат. Күлчоро менен Канчоро башка аттарды откозуп келүүгө алып кетишет. Аттарды коё берип, уйкуга киришет.

Мурадылдын кароолчусу Жөөжелдет деген тигилип турган чатырды көрөт. Дароо чуркап отуруп Мурадылга келип, көргөндөрүн айтат. Ошол кезде Мурадыл жоодон коркуп, жол тосуп жаткан мезгили. Жөөжелдеттин оозунан Семетейдин кабарын укканда жүрөгү оозуна капталып, энтелеген бойдон, кароол чокусуна чыгып карайт. Семетейди көрүп сынайт. Алышса – алы, күрөшсө – күчү жетпесин билип, ойлонуп олтуруп күндү жайлап, алай-дүлөй кар жаадырып, адамдын, малдын – баарын буюктурат.

Күлчоро менен Канчоро аттарынан адашып калышат. Аттарды Мурадыл тийип кетет.

Эртең менен Бакай эшикке чыкса, кермеде Тайбуурул менен гана Көкчолок байланып турат. Күлчоро, Канчоро жана башка аттардан такыр дарек жок. Мурадыл тийип кеткенин Бакай сезе коюп,

сакалын жулуп: «Манастын тирүү чагында, Манас баш болуп, кырк чоро, калың кол менин айткан сөзүмдү эки дечү эмес эле, эми эки жетимге тилим өтпөдү» – деп, буркурап ыйлап кейийт.

Бир убакта Күлчоро менен Канчоро аттарын издеп таба албай, сандала басып, курларын моюндарына салып Бакайдын алдына күнөкөрлөнүп келишет.

Семетей карс-карс күлүп: «Аттар жоголсо табылар, анча кейибей эле койгула» – деп, Тайбуурулга минип, аттарды өзү издеп кетет. Эч кандай из билинбей, аттардан түңүлөт.

Семетей менен Бакай атчан, Күлчоро, Канчоро – экөө жөө-жалаң жөнөшөт. Бир аз жерге барганда эки чоро жүрбөй калышат. Семетей Тайбуурулдун башын буруп: «Абаке! Чоролор жөө жүрө алар эмес. Айылга кайта барганыбыз уят чыгар. Буларды эмне кылабыз? Акыл таап бергин» – дейт. Анда Бакай: «Чунагым! Бул чоролорду жолдон чыгарып, бир белгилүү жерге таштап кетели. Бээжинден аман-эсен кайтып калсак, ала кетербиз» – дейт. Бакайдын айтканындай болушат. Эки чоронун өз арманы өздөрүндө болуп, көздөрүнөн кандуу жаштарын төгүшүп, боздоп кала беришет.

Бакай өзүнө белгилүү жол менен Бээжинди төтөлөп жүрүп олтурат. Жолду катар, Манастын тирүү кезинде согуш өткөн жерлерди көрсөтүп, кимдер менен кандайча урушкандарын, жомок кылып айтып бара жатат. Бир кырга жакындаганда Бакай токтой калып: «чоң казатка» кетип бара жатканда, тетиги чокуда Коңурбайдын түлкүдөн койгон сакчысы бар экен, Алмамбет атып өлтүрдү эле. Ошол түлкүдөн бир бала калды, деп уккам. Аны эптеп алуубуз керек» – дейт. Семетей макул көрүп, Кумайыкты чакырат. Бакай акырын аңдып кырга чыгып, доолбасын кагат. Астынан кароолдо турган кырк кулач кызыл түлкү качып жөнөйт. Түлкүнү көп узатпай эле Кумайык тиштеп алат. Бакай Семетейге: «Ырымыбыз жаман болгон жок, куда кааласа, Коңурбайды алат экенбиз» – деп, аябай сүйүнөт.

* * *

Коңурбайдын жолго койгон кандай торлору, канчалык казган орлору бардыгын айтып, Бакай Бээжинди көрсөтөт. Айбандан койгон экинчи кароолчу – кулжага жакындаганда Бакай кулжаны өзү атуу үчүн Семетейдин Аккелтесин сураса, Семетей көнбөй коёт, аңгыча

астынан ак кулжа качып жөнөйт. Семетей отура калып Аккелте менен атса, тийбей калат. Кулжа кутулуп кете турган болот. Бакай бакырып ыйлап, сакал-мурутун жулуп: «Куу жетимдер, тилимди албай жүрүп курута турган болдуңар!» – деп кейип, Семетейдин колундагы Аккелтени жулуп алат. Бир тизесин бүгүп олтура калып, кароолго илине бергенде Аккелтенин тээгин басып жибергенде кулжа кулап кетет. Семетей Бакайдын мойнунан кучактап жалынат. Андан ары жүрүп отуруп, сакчы өрдөк жатчу көлгө жакындашат. Өрдөктү көлдөн учуруп Акшумкарга алдырышат.

Коңурбайдын кароолго койгон айбандарын кыргандан кийин, Бакай менен Семетейдин сүйүнүчү коюндарына сыйбай, бир жерге жай алышып, алп уйкуга киришет. Уйкусу кангандан кийин, Семетей дүрбүсүн колуна алып, Бээжиндеги кумурскадай жайнаган көп элди, анын бери жагында жайылып жаткан Коңурбайдын калың жылкысын көрөт. Семетей көргөндөрүн Бакайга айтат. Бакай Күлчоро менен Канчоронун калганына жана өзүнүн күчтөн тайып, жардам берүүгө мүмкүндүгү жоктугуна кайгырып, Семетейге: «Сага өзүңдөн башка жардам берер адам жок, кайрат кыл, балам!» – деп, батасын берет.

* * *

Семетей жүрүп бара жатканда, Бакай токтотуп алып: «Жылкычылардын ичинде эң кыйыны Карагул деген бар, ошого сак бол, жоо аяган жаралуу дегендей, ал илгери мени да эки жолу алдаган. Колуңа тийсе, башын кесип, мага алып кел. Карагул Коңурбайдын сырдаш кишисинин бири. Жылкычылардын бирин койбой бүт кыргын. Коңурбайдын Алгара деген, капталында канаты бар, бир кара аты бар, балким ушул кезде жылкысына коё берген чыгар. Айлаң жетсе, ошону ала келгин» деп, батасын берип, акыл-насаатын айтат. Семетей Бакайга: «Абаке! Мени алты күнү күт. Алты күндө келбесем, жетимиңен түңүлүп, куран окуп, айылды көздөй кете бер. Күлчоро менен Канчорого жолугуп, аларды таштабай ала кетиңиз» – деп, дайындап, коштошот.

Карагул эртең менен бир тай, кечинде бир тай союп, кымыз менен аракты аралаштырып ичип, өз эркинче жыргап жаткан кези экен. Эртең менен жылкычылардын ичинен бирөө тура калып: «Мен түндө жатып түш көрдүм, түшүмдө жаман иш көрдүм. Манастын

уулу Семетей келип, баарыбызды өлтүрүп, жылкыны тийип жатыптыр» – деп, Семетейдин өңү, түсүн, жарак-жабдыгын сүрөттөп айтат. Көөп турган жылкычылар аны абдан сабайт. Карагул камаарабай жыргап жата берет.

* * *

Коңурбай Карагулга келип, Алгаранын арыктыгын айтып, кытайдан өлгөн кыргыздын алптарынын кунун кууп, алардын тукумдары качан да болсо келээрин эскертип, ошондуктан, болочоктогу катуу кагылышка даярдык көрүү үчүн, Алгараны жакшы багууга табыштайт.

Коңурбай менен Карагул аңгемелешип турганда, кырдагы асканын үстүндө бир караан көрүнөт. Коңурбай көрө коюп: «Капырай, бул эмне караан?» – дейт. Аңгыча Семетей тигилердин билгенин сезе коюп, башындагы тебетейин алып асманды көздөй ыргытып жиберип, өзү жашырынып калат. Коңурбай менен Карагул учуп жүргөн карга деп ойлошот, Коңурбай бир көк жоргону минип, үйүн көздөй жүрүп кетет.

Кечинде Карагул жылкычылардын бардыгын жыйнап алып, адетинче арак ичип, эт жеп, тамаша кылып отурган мезгилинде, акырын билинбей Семетей барып, үйдүн артынан шыкаалайт.

Түш көргөн жылкычыны күнөөлөп от жактырып коюшкан экен. Ошол жигит Семетейди көрө коюп: «Айланайындар! Мен түшүмдө көргөн жигит ушул болчу» – деп, бакырып жиберет. Семетей үйгө кирет.

Жылкычылардын бир канчасын өлтүрүп жиберет. Төрдө олтурган Карагулду баса калып, сакал-мурутун жулат. Семетейге алы жетпей турган болгондон кийин, Карагул Семетейге: «Менин өңүмбү, же түшүмбү? Мага кудай Семетей сындуу инимди чындап көрсөттүбү, же ойноп көрсөттүбү? Айланайын иничек, мени арам өлтүрбө, бир эки ооз агаңдын айта турган сөзү бар, ошону угуп туруп өлтүрсөң арманым жок. Мен чоң казатта колго түшүп кеткен Жоодар деген сенин агаң болом. Коңурбай мага ит көрбөгөн кордуктарды көрсөттү. Эми сен аман-эсен келипсиң, ата-бабаларыбыздын кунун кууйбуз. Коңурбайдын Алгара деген капталында канаты бар аты, ок өтпөс тондору бар, мен сага таап берем, кудай ишибизди оңдогон

экен» – деп, жалынып-жалбарып жиберет, Семетей Карагулдун бул сөзүнө алданат.

Карагул: «Иничек, атыңды коё берип, Коңурбайдын Алгарасын мингин» – дейт. Семетей макул болот. Тайбуурулду коё бердиртип, Семетейге бир жаман кара атты Коңурбайдын Алгарасы деп кармап берет. Карагул өзү Коңурбайдын Алгарасын минет. Карагул менен Семетей экөө эки атты минип алып, жылкынын бардыгын чоң дарыядан өткөзөт. Кулун-тайдын бардыгы суута агат.

Семетейдин алдатканын, айбан да болсо, Тайбуурул билет, бирок айтайын десе тили жок, Тайбуурул Семетейге кылчактайт. Семетей да жылкынын артынан кошо сууга кирет. Кирген жерден эле, жаман кара ат сууга агат. Өлө турган болгонунда Семетей кыйкырат. Семетейдин үнүн угуп, Тайбуурул жетип келип, Семетейге куйругун тосот. Тайбуурулдун куйругун кармап, араң чыгат. Семетей сууга агып жүргөндө, Карагул айгыр аттардын баарын бөлүп, бир төргө чыгарып жиберет. Карагул келсе, Семетейдин эси ооп жатат. Карагул укурук менен барып, Семетейдин башын айра чабат. Мунун Карагул экенин, Семетей башын жара чапканда араң сезет.

Дароо Тайбуурулга жайдак ыргып минип, Карагулдун артынан түшөт. Семетейдин колунда жарак-жабдыктан эч нерсе жок. Башынан канын шорголотуп, Карагулга жетер-жетпес болуп бара жатат. Айылга жакындап калганда Семетей Карагулга жетип, Алгараны куйруктан алып такымга басат. Алгаранын куйругу Семетейдин колунда калып, Карагул кутулуп кетет. Жарак-жабдыгы жок жайдак атка минген Семетей Коңурбайдын айлына Карагулду кууп бара албай, ошол жерден кайтат.

## КОҢУРБАЙДЫН КОЛ ЖЫЙНАГАНЫ

Коңурбай Карагулдан толук кабар уккандан кийин, элине «Он күнгө чейин даярдыгыңарды жеп, камынгыла, онунчу күнү бүт жыйылгыла! Эгерде баш тартуучуңар болсо, башыңарды аламын!»— деп, буйрук берет. Коңурбайдын буйругуна сөз кайтараар киши жок, элдин баары коркуп даярданышат.

Коңурбай Семетейди көрүүгө, сыноого, алы жетсе жекеге чыгууга, жетпесе, калың кол менен барып, урушууга эки көзү төрт.

Коңурбай Алгараны минип, эч кимди ээрчитпестен Семетейди издеп жөнөйт.

Коңурбайды Саякбай мындай сүрөттөйт:

Астында тулпар аты бар,
Көк ала сакал чоң манжу
Картайып өлүп калса да,
Ааламды бузар алы бар.
Эки көздүн кычыгы
Ачылып калган көргө окшоп,
Ай маңдайы жагдайып
Эл жайлаган төргө окшоп.
Бурулуп чыккан муруту
Майлаган балта сабы окшоп,
Оңкойгон опсуз мурунү
Селебенин кабы окшоп.
Атагын сурап олтурсаң,
Чет Бээжинде туулган.
Кытай турмак кылымга
Коңурбай салган чуу болгон.
Жүргөнүнөн чаң чыккан,
Керишке чыкчуу жер ошол,
Кенебеген эр ошол!
Эрдигин көрүп каканчы
Айткан сөзүн эп кылган,
Каптап душман келбеске
Чет Бээжинге чеп кылган.

Семетей Карагулга жетпей калганына абдан ыза болуп, Коңурбайдын жылкысын бүт айдап Бакайга барат. Болгон окуяны баштан аяк Бакайга айтып берет. Бакай Семетейге ачууланып, айдап келген жылкынын ичинде Күлчоро менен Канчоро минээр бир да ат жок, жалаң чобур тай, кунан, байталдар экенин көрсөтүп, таарынгандан башка жакка бөлүнүп кетет.

Семетей өзүнүн кылган ишине өзү наразы болуп, Бакайдын таарынганына капаланып, эмне кыларын билбей, Тайбуурулдан түшпөй, Аголпогун аттын соорусуна жаап коюп, Сырнайзаны таянып алп уйкуга кирет.

Коңурбай жылкынын изин кууп олтуруп, Семетейдин үстүнөн чыгат. Уктап жаткан Семетейди көргөндө, Коңурбай абдан сүйүнүп,

тегерегин байкап карап, башка кишинин жок экендигине көзү жеткенден кийин, ар түрдүү ойго түшөт.

«Семетей сөзгө келсе, алып барып, үйлөндүрүп, кан көтөрсөмбү?» – дейт. Буга да чыдай албайт. Семетейге ишенбейт. «Жоо аяган жаралуу» деген, мынчалык атасынын кунун кууп жүргөн неме, менин оюм менен эле боло коёт дейсиңби? Андан көрө муну өлтүрүү керек. Эгерде ойгонуп кетсе, буга менин алым жетчүдөй көрүнбөйт, көп узартпай уктап жатканында жайлайын» – деп мылтык менен атып жиберет. Мылтыктын үнү чыгары менен, Тайбуурулдун үстүнөн Семетей учуп түшөт. Катуу жарадар болот. Кайрат кыла албасына көзү жеткенден кийин, Коңурбай Алгара менен чаап барып, атчан байкап көрөт. Алсырап жатканын көргөндөн соң, аттан ыргып түшүп, Семетейдин башын кесип алмакчы болуп, жанындагы кестигин сууруп алып, Семетейди ары-бери оонатып сынап көрөт.

* * *

Күлчоро Семетей менен Бакайдын артынан изин кууп жүрүп олтурат. Бир жерге келсе, калың жылкы жатат. Жылкыны көргөндө аябай сүйүнүп кетет. Чоң казатта Көкчөнүн Көгала деген күлүгү колго түшүп кетип, Коңурбайдын жылкысынын ичинде экен, Күлчоронун үнүн угуп, мойнун тосуп келет. Күлчоро ээгинен чалып жайдак минип, кырга чаап чыгат.

Коңурбай кестигин колуна алып, Семетейдин башын кескени жаткан кези экен.

Күлчоро түптүү кайыңды түбү менен жулуп, кыйкырып качырып калат. Байкоостон жайбаракат турган Коңурбайдын эси чыгып качат. Күлчоро артынан кууп жетпей калат. Күлчоро кайра келип караса, Семетей оор жарадар болуп калган. Каныкей берген дарыдан дароо ичирип жиберет. Аңгыча Бакай да келип калат. Бакай дары-дармегин берип: «Айткан тилди асты албадың, чунагым! Бээжин оңой жер эмес, кытай оңой жоо эмес – деп, мен нечен жолу колду көп алып, абдан даярданып баралы десем тилимди албай койдуң эле, биз үчүн бул аз!» – деп, ачууланып кейийт. Кол жыйнап келээрки жылы келели деген акылын айтат. Семетей макул көрөт. Тийип келген жылкыны Күлчоро менен Канчорого айдатып алып, төртөө айылды көздөй жөнөшөт.

* * *

Семетей, Бакай, чоролор Таласты көздөй жөнөп бара жатышат. Бакай бир кырга чыга калса, алды жагында калың кол каптап келе жатат. Бакай, Күлчоро менен Канчорону чакырып алып: «Жетимдерим, мен болсом, картайып күчтөн тайдым, Семетей болсо, өзүңөргө белгилүү – оор жарадар. Алдыбыздагы тосуп жаткан калың кол. Эми, Күлчоро, Канчоро – экөөңдүн керегиң тийчү убакыт жетти!» – дейт. Бакайдын сөзүн уккан сайын Күлчоро умтулуп, чыдай албай ашыгып, сүйүнүп турат.

Бул калың кол, Мурадылдын колу экен. Мурадыл Семетейден тийип алган он төрт атты: «Семетейди өлтүрүп, аттарын колго түшүрүп олжолоп алдым» – деп, Эскенканга тартууга алып бара жаткан экен.

Калың колду көргөндө, Семетей чыдап тура албай, Күлчоро менен Канчорону ээрчитип, Бакайдан бата алып, «Манастап!» ураан чакырып, колду көздөй качырып калат. Семетей, Күлчоро, Канчоро – үчөө үч жагынан качырып киришет. Мурадылдын калың колун ылачын тийген таандай корголотуп кырат. Өлүктөн адам бастырып жүрө алгыс болот.

Бакай урушка кирбей, Мурадыл Коңурбайга кабар бербесе экен деп, сырттан байкап турат. Бир убакта Жөөжелдет Коңурбайга кабарга жөнөйт. Бакай Көкчолок менен качырып барып, ыргыта сайып, атын кармап коштоп алат. Бакайдын көңүлү чыдай албай урушка барат. Урушка барса, Семетей, Күлчоро, Канчоро – үчөө тең кызыл боёлуп, Мурадылдын калың колун аябай кырып жаткан экен. Бир жагынан Бакай да качырып кирет. Бир аз урушкандан кийин Бакайдын аты жүрбөй калат. Мурадылдын дөөлөрү Бакайды ортого алып, шайманын кетирет. Ошол учурда Семетей менен Күлчоро көрө коюп, Бакайды аман-эсен ажыратып алышат да, урушту уланта беришет. Семетей, Күлчоро, Канчоролордун алдынан туура тартып эч ким таймаша албайт. Бир убакта Семетей мойнун буруп, оң жагын караса, Мурадыл Күлчорону артынан качырып сайганы жатканын көрөт. Чыдай албай Семетей Мурадылды капталынан качырып барып ыргыта саят. Канчоро аттан түшө калып, Мурадылдын башын кесип алат. Мурадыл өлгөндөн кийин башкалары кайрат кыла албайт. Калың колду аябай кырат. Колго түшкөн аттарды жылкыга кошуп алып, Бакай, Семетей, Күлчоро, Канчоро айлын көздөй жүрө беришет.

* * *

Коңурбай атканда ок Семетейдин сөөгүнө кадалып калат. Мурадыл менен урушканда, кызуу менен Семетей ооруган жерин сезбейт. Бир аз жол жүрүп келгенде, Семетейдин оозунан уюган кара кочкул кан түшөт. Эси ооп, айласы кетет. Бакай түрдүү дарыларды берет, бирок дарыдан эч кандай жардам болбойт.

Семетей өзүнүн кокустан жарадар болгонуна абдан убайым кылат, бирок сырын берки жолдошторуна ачык айтпайт.

Семетейдин оорусу күчөгөндөн кийин, Бакай Күлчорону чакырып алып: «Биз Семетейди алып барып, белгилүү жерге күтүп жатабыз. Сен алты мыкты атты тандап алгын да, күн-түн дебей жүрүп олтуруп, Айчүрөктү алып кел. Семетейдин огун Айчүрөк аттап түшүрбөсө, айла кетти, жолборстон айрылып калабыз. Көк жалдын оор жарадар болгондугун Чыйырды менен Каныкейге айтпагын» – дейт.

Күлчоро чырм этип уйку албай, аттарды улам алмаштырып олтуруп Таласка келет. Айчүрөктүн ордосуна келип кирейин десе, эшиктин алдындагы сакчылар Күлчорону а дегенде таанысбай киргизишпейт, бирок кийин таанышып кечирим сурашат.

Күлчорону көргөндө Айчүрөктүн өңү бузулуп: «Чунак бала! Жакшылык кабар менен келдиңби, же жамандык менен келдиңби? Эмне үчүн көңүлүң салыңкы?» – деп, эси чыгат. Айчүрөктүн өзүн чакырып алып, болгон окуяны баштан аяк айтып берет.

Айчүрөк капаланып, айткан акылдарына Семетей көнбөй койгонун айтып, «ушундай шумдуктун болорун силер ушул жерден жөнөөрдө эле билгенмин» – деп, кейийт.

Күлчоро көп сөздүн кереги жок экенин билдирет. Айчүрөк дароо жердин жөнүн сурап, Аккуу кебин кийип, Семетейди издеп жөнөйт.

Күлчоро Каныкей менен Чыйырдыга барып учурашат, бирок аларга Семетейдин жарадар болгонун айтпайт. Каныкей дагы көп окдары, күл азык берет. Аларды аттарга артып алып, Күлчоро жүрүп кетет.

Семетейдин оорусу катуулайт. Бакайга коркуу пайда болот. Кантсем Семетейди аман сактайм? – дегенден башка ой жок. Семетейдин оозунан уюган-уюган кара кочкул кан түшөт. Эси оойт. Жараты кабылдап кетпес үчүн Семетейди суугa байлап коёт.

Айчүрөк келип, Бакайга жүгүнүп салам берет. Айчүрөк Бакайдан Семетей жөнүндө сурайт. Бакай болгон окуяны баштан аяк айтып берет. Айчүрөк Семетейдин жаратын көрөт.

Айчүрөк дароо аттап, Семетейдин огун түшүрөт. Огу түшөрү менен Семетей үшкүрүп, эс ала баштайт. Аңгыча Каныкей берген ок-дарыны алып, Күлчоро келет. Каныкейдин дарысынан Семетейге ичирет, Семетейдин жараты айыгып мурунку калыбына келет.

Бир күнү Семетей Бакайды чакырып алып: «Бакай аба! Жараттан болсо айыктым, эми мен кайра барып, Коңурбай менен урушам, туумду кармап бериңиз» – дейт.

Бакай Семетейге: «Балам, карынын сөзүн капка сал» – деген. Айтканыңда калет жок, менин мурдакы акылым акыл, быйылча коё туралы» – дейт.

Күлчоро Бакайга капаланып: «Жөнү жок коркоктук кылат экенсиз аба, же картайганда жан таттуу болуп кетеби? Ажал жетсе, үйдө жатса да өлөт. Силер барбасаңар мен өзүм жалгыз барам. Кытайга кыргынды жалгыз салам, көк жалдардын кунун кууйм» – деп, ордунан тура калат. Семетей мурутунан күлүп, Күлчорону кубаттайт. Семетей менен Күлчоро барабыз деп турганда, Канчоро барбайын деп айта албай, аргасыз, мен да барамын дейт, бирок «алда кандай болор экен?» – деп, жүрөксүп коркот. Үч көк жал антип турганда, Таласка жалгыз кетүүдөн уялып, Бакай да бармакчы болот. Ошол жерден Айчүрөктү айылга жиберип, Семетей, Бакай, Күлчоро, Канчоро – төртөө Бээжиндеги Коңурбай менен барып урушмакчы болуп жөнөшөт.

* * *

Коңурбай элин бүт жыйнап Манастын, анын баатырларынын кунун кууп балдары: Семетей, Күлчоро, Канчоролор келгенин, Семетейдин колунан Карагулдун көргөн кордуктарын жарыя кылат.

Мурадылдын калың колун таптакыр кырганын айтат. Ушул баштан даярдык көрүүгө буйрук берип, шаарды тегерете калыңдыгы кырк кулач коргон соктурат.

Дөөлөрдүн бардыгын жыйнап алып, калың кол менен ок-дарыны мол алып, Коңурбай Семетейдин артынан Таласты көздөй жөнөйт.

Бакай эртең менен эрте туруп, даарат алып жатса, күн чыгыштан уюлгуган чаң асманга чыгат. Чаңды көрүп эле, Бакай Коңурбайдын

калың колунун каптап келе жатканын билет. Дароо Күлчорону чакырып: «Мен көргөндү көрдүңбү? Мен билгенди билдиңби? Коңурбай жер майышкан калың кол менен каптап келе жатат. Сенин пайдаң тиер убакыт жетти. Кана, эрдигиңди эми көрсөт» – дейт. Бакайдын сөзүн укканда, Күлчоро тойго бара тургансып сүйүнүп, жарак-жабдыгын асынып даярданат. Күлчоронун жалгыз барышын Семетей жактырбайт. Күлчоро Суркоёнго ыргып минип, Бакайдан бата алып, Коңурбайдын калың колун көздөй оңду-солду камчы уруп жөнөйт.

Күлчорого жекеге Коңурбайдын Токшугер деген дөөсү чыгат. Анын чоңдугу дөбөдөй, төөнү жара муштаган балбан болот. Күлчоро бир беттешкенде эле Токшугерди ыргыта сайып, башын кесип алат. Экинчи жолу жекеге Орокбаш деген дөө чыгат. Күлчоро аны да бир беттешкенден чыгарбай ыргыта сайып, башын кесет.

Ишенген эки дөөсүн тең Күлчоро жайлаганга Коңурбай ыза болуп: «Күлчорону тирүүлөй кармап келгиле, жабылгыла!» – деп, балбандарына буйрук берет.

Коңурбайдын балбандары Күлчорону тегеректеп калат. Аны көрүп чыдап тура албай, Бакай менен Семетей да «Манастап!» качырып калышат.

Семетейдин качырганы Коңурбайдын көзүнө жан алгычтай болуп көрүнөт. Коңурбайдын жүрөгү оозуна каптала түшөт. «Ушундай эсен-соомдо, мындан качып кутулбасам, түбү бул мени майып кылат» – деп, Алгарага оңду-солду камчы уруп, Бээжинди көздөй качат. Күндү жайлап, жаадырып кетет.

Жаанга аралаш уруш нечен күнгө созулат. Кытайдан келген калың колду, ылаачын тийген таандай кырат. Калың колдон чанда бирөөлөрү гана качып кутулбаса, бардыгы дээрлик ошол жерден өлөт.

Коңурбай айлына качып келип, Семетейди сүрөттөгөнү:

«Алп, дөөлөрдү көп көрдүм,
Семетей өңдүү жан болбойт!
Ай кулагы калкандай,
Алагай көзү чолпондой,
Билеги мыкты, таш жүрөк,
Чоң мүчөлүү бадирек,
Оң далысы кең экен,
Кытай турмак кылымды

Кырып кетүүчү неме экен.
Түрү бөлөк балага
Назарын пенде салбаган,
Берендиги бек мыкты
Бет алып киши барбаган.
Асты жагын карасаң,
Ажыдаардай сүрү бар.
Артын карап олтурсам,
Алты миң эрдин түрү бар.
Берендиги белгилүү
Пендеден бөлөк жан экен.
Семетейдин жанында
Окшош балдар бар экен.
Балдарына карасам,
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кез болгонду кемирип,
Келген жанга найза уруп,
Тирүү бойдон жегидей.
Өлбөсөң журтум көрөрсүң,
Бизге салат чубулган!
Камдан чогуу эрлериң!
Жан коёбу теңдерим?
Кармаштан кайра тартпаган,
Кызыл өрттөн кайтпаган,
Кыйла жерге чуу салган,
Торала байрак туу алган
Белсенбей адам жатабы?
Беленденгин балбандар!
Ушу жолку чоң кармаш,
Кичи казат атагы,
Намыс албай калбайлы?!» –

дейт. Семетей менен Күлчоронун минген аттарын, жарак-жабдыктарын сүрөттөйт. Элинин кайратын чыңоо үчүн: «Өткөн «чоң казатта» булар эмес, булардын аталарын да өз колум менен жайлаганмын, эми ушул жаман жетимдер кимче болуп калыптыр, урушка жарай турган эркектен бирөө да калбай камынгыла!» – дейт. Элдин арасынан урушка барууну каалабагандар да болот. Бирок Коңурбайдын кылычынан коркушат.

Аңгыча Коңурбайдын артынан Жөө желдет келип: «Семетей менен Күлчоро кырк төрөңдү баш кылып, калың колуңдун баарын кырып салды. Бул экөөнө тирүү пенденин күчү жетер эмес, Манасты жарадар кылып, Алмамбетти өлтүргөндө, артынан дагы кууп барып, балдарын да өлтүрбөй бекер кылган экенбиз. Коңурбай эми сен, Семетей менен эрегишкенди койгун, бары бир ага күчүң жетпейт. Андан көрө, атаңардын кунун берейин, алдыңарга түшөлү – деп, кыз тартуу кыл. Эгерде Семетей менен Күлчоро тил алышса, кызды берип туруп, тамактарына уу кошуп, айла менен өлтүрбөсөң, алышкан менен аларга күчүң жетпейт» – дейт.

Коңурбай Жөө желдетти жутуп жибере тургансып: «Жети бөрү бир койду таласа тарпын коёбу, жаласа канга тоёбу? Миңдеген дөөлөрдүн алы бир жетимге кантип жетпесин? Болбогон коркоктугуңду айтасың, көзүмө көрүнбөй жогол!» – деп ачууланат.

Коңурбай колду абдан көп жыйнап Семетейди көздөй жөнөйт. Колдун калыңдыгынан жер дүңгүрөйт. Элдин бул учунан тиги учуна көз жетпейт, кулан качып кутула албайт, учкан куштардын канаты талып, аттын тепсендисинде калып жатат. Жер майышкан калың кол Семетей турган жерге жакындап калат. Коңурбай, Карагул жана дагы Коңурбайдын ишеничтүү кишилери колдун артынан түшүп, бир адамды да кийин кайтарбай айдашат.

Семетей Коңурбайдын калың колун бүт кырып болгондон кийин, Бакайга: «Абаке! Мен кызып калдым, Коңурбайдын артынан кууп барып урушам, өткөн эски кегимди алам, колумдан келсе, Коңурбайды тирүүлөй мойнунан байлап, Таласка алып кетем» – дейт. Анда Бакай: «Ай чунагым! Сен азыр кытай менен урушам дегениңди койгун. Кытай түмөн, сен жалгыз, көп кытай үчөөңдүн колуңдан келбейт. Ушул сыйыбыз менен Таласка баралы, мусулман болгон жерине бүт кабар берип, колду көп, ок-дарыны мол жыйнап, андан кийин кытайлар менен урушалы» – дейт.

Семетей Бакайга: «Аба! Сиз картайып акылыңыздан адашып калган окшойсуз. Мен эми Коңурбайдан коркуп, Таласка барып, кол жыйнап келип жүрөмбү? Ажалым жетсе, ушул жерде Коңурбайдан өлөм, болбосо, Коңурбайды өлтүрүп, өчүмдү алам. Эмесе, сиз жылкыны айдап айылды көздөй кете бериңиз. Жети күнү урушам, жеңсем артыңыздан жете барам, ажалым жетсе өлөм. Жети күндө барбасак, биздин арбагыбызга багыштап куран окуп, кете бериңиз» – дейт.

Бакай Семетейге капаланып: «Чунагым, асты менин айткан тилимди албас болдуӊ. Кудай өзүӊө кубат берсин. Жети күнү күтөмүн, жети күндө келбесеӊ, жетимдерим өлгөн экен – деп, билем. Караан кылып жүргөн жетимдеримден айрылып мен кайсы күндү көрөм. Эгер силер жети күндө келбесеӊер, кестигимди жүрөгүмө такап жыгылып, силердин артыӊардан мен да өлөм!» – деп, алаканын жайып, батасын берип, шарт жүрүп кетет.

Бакайды узатып коюп, Семетей дүрбү салып карап олтурса, жер майышкан калыӊ кол көрүнөт. Көрүнгөн калыӊ колду, Семетей, Күлчоро менен Канчорого мындайча сүрөттөйт:

«Толкуп жаткан мунарык
Токойбу десем, эл экен.
Тобунан толкуп көп кытай
Каптан калган кези экен.
Жылма караан жылтылдак,
Жылтылдак десем, эл экен.
Күдүрөйгөн чоӊ караан,
Кайкы десем, эл экен.
Кайнап кытай чуу тартып,
Каптап калган кези экен.
Бек айдабай, көп колду
Акырын айдап жылдырып,
Ач айкырык, куу сүрөөн,
Айкайы кулак тундуруп,
Камышты көр, селди көр!
Каптап жаткан элди көр!
Жел согуп чыккан чөптү көр,
Чөпчөлүк кытай элди кор!
Кудай бетин көрсөтпө!
Жер жайнаган колду көр!
Кол алдында Коӊурбай,
Опол тоодой зорду көр!
Жазайыл тартып, Бээжинге
Көргөнү келген экенбиз.
Кытай-түмөн, биз – үчөө,
Өлгөнү келген экенбиз!» –

деп чоролоруна – коркпогула, качпагыла, кайрат кылып, караан болуп бергиле! – дейт.

Аңгыча калың кол каптап, окту мөндүрдөй жаадырып кирип келет. Коңурбай кыйкырганда жер жарылып кете жаздайт.

Коңурбай Мады дөө деген дөөсүн жеке чакырып алып: «Эми ишке киши жараса эле, сен жарайсың, сенден башкаларынын колунан эч нерсе келбейт. Семетейге жеке чык. Эгер Семетейди жеңип берсең, Чет-Бээжинге кан көтөрөм. Алдырып жиберсең, ишибиздин оңбогону. Манас, Алмамбет, Чубактын кунунан кантип кутулабыз? Баары бир анда биз үчүн жарык дүйнө болбойт» – деп, жалынып, жалбарып, Семетейдин эрдигин, мыктылыктарын айтат.

Семетей чоролорун чакырып алып: «Жекеге кимиңер чыгасыңар?» дейт. Канчоронун жүрөгү солк эте түшөт. Аңгыча болбой, Күлчоро тура калып: «Жекеге мен чыгам!» – деп, күлүп жиберет. Сүйүнүп, бата тилеп, алаканын жаят.

Жекеге кытайдан – Мады дөө, Семетей жактан – Күлчоро чыгат. Экөө сайышып жаткан учурда ар жактан – Коңурбай, бери жактан – Семетей качырып чыгат.

Күлчоро Мады дөөнү сайганын, Семетейден Коңурбайдын качканын, Саякбай мындайча сүрөттөйт:

«Өткөрө Мады шер экен,
Кырк кан элди Кытайдын
Кыйындарын чогултса,
Капырай, Мады эр экен.
Түпкө чогуу жеткидей,
Түптүз кылып адамды
Түгөл кырып кеткидей.
Астындагы качыры,
Качырына мал жетпейт,
Карысы толук капырга
Алышкан менен ал жетпейт –
Деп, ошентип Күлчоро –
Ылдыйлатып шилтесем,
Бетине тарткан темирге
Коргошун ок жетеби?
Өлбөй калса, бул доңуз
Койбой жанды талкалап,
Кокустан «оңдоп» кетеби?
Чекенин бир жак бети – деп,

Так чечекей чети – деп,
Бурулбайт ушул сөзүм – деп,
Капыр балбан Мадынын
Табактай жалгыз көзү» – деп,
Мергендиктин тазасы
Алмамбет уулу чоронун
Белен турган машасы
Ирмеп туруп калды эле.
Жалгыз көзгө ок тийип,
Жаман болду эр Мады.
Аңдабай туруп аттырып,
Азаптуу дүмөк мүшкүлүн
Коңурбайга тарттырып,
Сокур болду эр Мады.
Оолжуп Мады турду эле,
Каарланып бакырып,
Алмамбет уулу Күлчоро
«Манастап» ураан чакырып,
Каарланып сумсайып,
Астында тулпар Суркоён
Такымдан ары бир салып,
Суркоён оозун бурду эле,
Бөлөкбай кылган Сырнайза
Мады дөөнү карата
Күркүрөтө сунду эле.
«Кең далынын бети – деп,
Өпкөнүн бир жак чети» – деп,
Тегерегин карабай,
Теги кыраан эр чиркин,
Деги жанды аябай.
Кыдырата карабай,
Кылчалык жанын аябай,
Кыраандын уулу эр чиркин,
Кылымды бузчу шер чиркин:
Атса болот ок эле,
Кызара күйгөн чок эле,
Кылымдан туулуп мындайча

Ушундай бала шок эле,
Баатырдыгы башкача
Баладан бөлөк жок эле,
Бастырып найза сунганда
Кудай бетин көргөзбө,
Таш муштаган эмедей
Мады дөөнү сайганда
Сыр найза белден бүктөлдү,
Чымындай жанга күч келди.
Тулпардын тулпарлыгы билинди.
Мадыдай балбан болбоду,
Баспай токтоп чоң сур ат
Тизеден жерге орноду.
Алоокенин Коңурбай
Алачыктай чоң манжу,
Астындагы Алгара,
Олбуй-солбуй камчы уруп:
«Ажал жетсе, өлөм – деп,
Жашыраак эле Мады дөө
Караан болуп берем» – деп,
Булуттай учуп Алгара,
Алгара оозун буруптур,
Найзага даңгыл, жоого маш
Алоокенин Коңурбай –
Адис болгон эр калча
Айкырып найза сунуптур.
Капталынан качырып,
Күлчорого жетерде,
Чымырканып, чын тиктеп,
Чыны менен Коңурбай
Азыр муштап өтөрдө,
Мына ошондо Семетей
Бугудай мойнун буратып,
Болжолу жок Буурулду
Буркуратып чуратып.
Оозун койсо, буурул ат
Октолуп жерден суурулат.

Куландай кулак жапырып,
Куюнча жерди сапырып,
Жетик көк жал Семетей
Калчаны беттеп качырып,
Кайран жанды аябай
Калган экен көк жал, ай!
Маңдай менен бакырып,
«Манастап!» ураан чакырып,
Көмөкөйлүү Сырнайза
Колоюп колдо көрүнүп,
Беренден туулган шериңдин,
Белгилүү көк жал эриңдин
«Кытайды кудай берсе» – деп,
Каарланып көк жалың
Катуу айбатты салыптыр.
Каалгадай кашка тиш,
Калайыктан башка тиш
Кашкайып чыгып жайнаптыр.
«Кытайды кудай берсе» – деп,
Кашкайыңкы куу тишти
Бөлө-бөлө чайнаптыр.
Бөлөккө түрү бурулуп,
Кан ичмеси кармаптыр.
Айбаты суук арстандын
Айбатына жан турбай,
Колунда болот Сырнайза
Күркүрөтө сунганда
Жылдыз учкан эмедей
Кыпкызыл болуп көрүнүп,
Каарланса кайраның
Асмандагы булуттай
Аркы-терки бөлүнүп,
Коңурбайдын көзүнө
Жан алуучу-жан алгыч
Так өзүндөй көрүнүп.
«Качып манжу шашпа!» – деп,
Алдыңкы жерден бөлөктү

Мыкты болсоң, баспа!» – деп,
Айкайды арбын салды эле.
Аны билип Коңурбай
Эң акылман ыктуу кул,
Эсеби жок Бээжинде
Бир жаралган мыкты кул,
Манастын уулу чунактын
Ысыгына бата албай,
Суугуна жата албай
Боконо сөөгү болкулдап,
Толбой жүрөк солкулдап,
Камбылыраак неме экен,
Каарланып зиркиреп,
«Алгараңын үстүнөн
Кайран баш учуп кетер» – деп,
Мына ушунтип Коңурбай
Бура тартып эр калча,
Булуттай учуп Алгара,
Чын Бээжиндин Кара-Тоо,
Кара-Тоонун урчугу
Кырк аркан бою кара зоо,
Кара зоону бет алып,
Шашып чыкты Коңурбай,
Алгара менен дыр коюп,
Качып чыкты Коңурбай».

Ошентип Коңурбай атынын күлүктүгүнө салып, араңдан зорго качып кутулат.

Семетей менен Күлчоро, Канчоролор Мады дөөнү баш кылып кытайларды аябай кырат.

Коңурбай кат жазып: «Бээжинден калың кол келсин» деп, адам чаптырат. Алты күнү урушат, элдин өлүгү жуушаган койдой болот.

Жетинчи күн дегенде Бакай келип, кытайды кырып, кууп кетип бара жаткан Семетейди тизгинден алып: «Жолборсум! Бээжинге чейин кууп, кырам деп кызыкпа! Уй түгүндөй калың кытай силердин колуңардан келбейт. Кокус майып болуп каласыңар» – деп, жалынып жибербейт.

«Кап, абаке ай! Ушул кызуум боюнча коё берсеңиз, Коңурбайдын колун Бээжинге чейин кууп барып, өзү менен бир беттешсем болот эле, болбодуңуз» – деп, каткырып күлүп, токтоп калат.

Бакай Семетейди эки чоросу менен ээрчитип, Таласты көздөй жөнөйт.

Коңурбайдын кат жазып Бээжинге чаптырган кишиси күн-түн дебей кол жыйнап, Коңурбайдын алдынан тосуп чыгат. Алдынан калың кол чыкканда, Коңурбай кайра чыйралып, намысына келип: «Эки жетим балага дөөлөрүмдү, калың колду кырдырып, өзүм араң качып кутулдум – деп, кайсы бетим менен уялбай барып айтам. Ажалым жетсе Семетейден өлөйүн, же Семетейди өлтүрөйүн» – деп, кайраттанат.

Жер жарылган калың колду алдына салып, Семетейди артынан кууп жетет.

Коңурбайдын калың колу кууп келе жатканын Күлчоро көрө коюп, алаканын жайып: «Айланайын абалар, мага батаңарды бергиле! Ушул Коңурбайдан же өлөйүн, же өлтүрүп, канына тоюп, жети атамдын кунун алайын!» – дейт. Семетей Күлчорого уруксат бербейт. Күлчоро капаланат.

Коңурбайды көргөндө Семетейдин кан ичмеси кармап, жолборстой чамынып, даярдана баштайт.

Коңурбай колун токтотуп коюп, Алгара менен алкынтып, дөбөгө чаап чыгып, Семетейге: «Анык Манастан туулган эр болсоң, ошол жерден качпай тур! Экөөбүз армансыз болуп бир сайышалы. Эрдигибизди сынашалы, күчүң жетсе менден атаң Манастын кегин алгын!» – дейт.

Коңурбайдан андай сөздү укканда Семетей Тайбуурул менен бура тартып, Аголпоктун бүчүлөрүн байланып: «Туура айтасыз, Коңурбай! Жекеге чыгып, кумардан бир канышалык, кезек сизден, арманда калбаңыз» – деп, туруп берет.

Коңурбай бардык күчү менен чымырканып Семетейди саят. Коңурбайдын найзасы быркырап кетет. Найзанын жаракалары чыркырап, асманга учат. Семетей коко тийгендей да көрбөйт, Коңурбай Семетейге аң-таң болот. «Жакшы эле, бардык күчүм менен сайдым эле, таш муштагандай болдум, бит чаккандай да көргөн жок, бул эмне деген шумдук?» – деп, эси чыгып калат.

Экинчи кезекти Семетейге берип, Коңурбай да туура тартып турат. Семетей Тайбуурулга камчы уруп, Сырнайзаны колго алып, Манастын арбагына жалынып, Коңурбайды көздөй аттын оозун коё

берет. Семетейдин найзасы да Коңурбайга тийгенде быркырап кетет. Коңурбай аттан учуп кете жаздап, буту үзөңгүсүнөн чыгып, араңдан зорго оңолот. Эки кара кабыргасы быркырап, көпкө чейин эси оойт. Семетей экинчи качырып саярында, адамдан эстүү Алгара Коңурбайды ала качып, кутулуп кетет. Коңурбай качкан бойдон колуна барып, Семетейдин эрдигин мындайча сүрөттөйт:

«Мен Коңурбай болгону,
Коңурбай атка конгону,
Эрешен тартып эр болуп,
Эр уулу менен тең болуп,
Каканчы, Бээжин кебимди ук
Каарды жаман көргөмүн,
Манастын уулу жетимден
Чала-була өлгөмүн.
Найзасы тийип боорума,
Алсырап өлүп кетээрде
Алгара калды сообума!
Семетей чиркин эр экен,
Телегейи тең экен,
Атасы Манас көк жалдан
Артылта туулган неме экен» –

деп, үшкүрүп жатып калат.

Кытайлардын дарыкерлеринин бардыгы чуркурашып чогулуп, Коңурбайдын сынган кабыргасын таңып, дары-дармектерин беришет, Коңурбайдын жараты күндөн күнгө жакшы болуп, кабыргасы бүтө баштайт. Ошол жерге алтымыш күнчө жатып калышат.

Айыгып мурунку калыбына келгенде, Коңурбай акылдаша турган кишилерин чакырып: «Биз тынч жатсак, Манастын Семетей жетими келип, жылкымды бүт тийип кетти. Нечен дөөлөрүмдү өлтүрдү, мени да жарадар кылды. Эми кайсы бетибиз менен уялбай, Бээжинге барабыз? Ажал жетсе өлөлүк, болбосо, Семетейдин артынан Таласка кууп барып, өчүмдү алам. Өзү тийген немеге убал жок. Таш коргонун талкалап, тал чынарын жулуп, элин кырып, тукумун туздай курутам!» – деп, жарыялайт. Олтургандар Коңурбайдын айтканын эки дей албайт. Коңурбай калың колду, арт жагынан Карагулга айдатып, алдына өзү жол баштап, Таласты көздөй жөнөп калат. Колдун калыңдыгы кумурскадай кылкылдап, курттай былкылдап келе жатат.

* * *

Семетей Таласка келип, кандык сүрүп, жыргап жата берет. Үйүнө келгенден бир жумадан кийин Бакай түш көрөт. Түшүндө: «Коңурбай калың кол менен каптап келе жатат, даярдыгыңарды көргүлө! – деп, аян берет. Бакай эртең менен Семетейге келип: «Элге кабар айт, Коңурбай калың кол менен каптап келе жатат» – дейт.

Семетей дароо туш-туш жакка кабар бердиртип, даярданат. Кыргыз болгон жерине бүт кабар айттырат. Семетейден кабар келгенде атка минер эркек баласы калбай, кыргыз болгон жери бүт жыйылышат.

Кыргыздын кандары өздөрүнө тийиштүү колдорун баштап, күн-түн дебей Семетейге алып келишет. Кандар калың колу менен бүт келгенде, Семетей алардын өз араларында мергенчисин, баатырын, найзачысын, башка-башка иреттеп бөлөт. Өз араларынан башчы дайындайт. Жарак-жабдыгы, ок-дарысы кемчилдерине казынасынан алып берет.

Семетей даярдык көрүп жатканда, Коңурбайдын колу кокусунан келип басып калбасын үчүн, Сары кан жанына бир нече киши алып, жол тосуп кетет. Арадан бир канча күн өткөндөн соң, «Коңурбай калың колу менен каптап келе жатат» – деп, кабар жиберет.

Бул кабарды укканда, Семетей дароо доолбасын кагат. Доолбастын үнүн угуп, кыргыздын кандары Семетейге келет.

Семетей: «Азыр Коңурбай менен барып урушабыз. Тилекти кудай бериптир. Биз издеп бара турган Коңурбай, ажалы жетип келиптир. Коңурбай менен аябай урушуп, арстандардын кегин алалы!» – дейт.

Калың кол чуулдап: «Жерибиз Талас кен үчүн, уруубуз кыргыз эл үчүн, Семетей жолборс сен үчүн, бирибиз калганча Коңурбай менен урушабыз!» – деп, ант беришет.

Семетейдин артынан Күлчоро, Канчоро, Бакай кандын Байтайлак, Жамгырчынын Шайымбет, Сары каңдын Калык жана толуп жаткан ылгый баатырлардын балдары ээрчийт. Семетей жоокерлери, кандары менен Чыйырды, Каныкейге келип, алардын батасын алат. Бакай канга туу карматып, жер майышкан калың колдун алдына түшүп, Коңурбайдын астын тосуп чыгат. Бир нече күн жол жүрүп, Коңурбайдын колуна кездешет.

Коңурбай Семетейге: «Кан төкпөйм, аман калам десе, чогулткан колунун жарак-жабдыгын, Бакай менен Күлчорону жылкычылыкка, тийип келген жылкыны бүт кайтарып, Тайбуурулун тартууга берсин» – деп, элчи жиберет.

Эки жактын колу теке маңдай турушат.

Жекеге кыргыздан – Канчоро, кытайдан – Карагул чыгат. Канчоро элден бата алып, Карагулду качырып калат.

Канчоро Карагулду качырып келе жатканда, кытайдын каны Нескара Канчорону сынап: «Капырай! Бул Чубактын таякесиби же жээниби?

Айбаты да, мүчөсү да, куду Чубакка окшош экен!» – деп, «чоң казатта» Чубактын кылган эрдиктерин, нечен миңдеген дөөлөрдүн алы жалгыз Чубакка жетпегенин айтат. Баары бир буга Карагулдун күчү жетпейт. Карагулду өлтүртпөй тирүү алып калгыла, жабылгыла!» – деп, Коңурбайдан мурда эле буйрук берет.

Канчоронун сүрүнө чыдай албай Карагул качат. Канчоро Карагулду кууган бойдон, Коңурбайдын колуна жакындаганда, аттан ыргыта сайып, башын кесип алат.

Канчоронун кылыгына Коңурбай ыза болуп, экинчи жолу жекеге киши чыгарбастан, даярдап койгон дөөлөрүнө: «Канчорону тирүү кармап, чынжыр менен байлап алгыла!» – деп, буйрук берет.

Канчорону кытайдын миңдеген дөөлөрү ортого алып, тегеректеп калышат.

Бул окуяны Күлчоро көрүп, чыдап тура албай, Суркоёнду эргичтетип, Сырбараңды колго алып, топтошуп турган кытайларды бир атса, Тагылык аттуу белгилүү дөөсү баш болуп, алтымыш дөө кулап кетет.

Суркоён менен Күлчоронун качырып келе жатканын Нескара көрүп, Чоңкүрөңдүн оозун буруп карап турат. Дөөлөрдүн кулаганын көргөндө, Нескара жанынан түңүлүп, муруттарын жулуп, доолбасын кагат.

Доолбастын үнүн укканда, урушпай жаткан калың кол: «Эмне болуп кетти?» – деп, эстери чыгып, Нескараны тегеректеп, буйрук күтүшөт. Алардын ичинде, алтымыш батман чоюн байланган дөөлөр да аз эмес. Дөөлөр чогулуп келгенде Нескара: «Дөөлөрүм, силердин ар кимиңерде миң кишинин күчү бар. Беттешкен жоосун жок кылган азамат эрден элеңер» – деп кыргыздын эки бала баатырларынын

бүгүнкү эрдиктерин баяндап, алардын аталары чоң казатта кытайды кандай кырганын жомоктойт да: «Канчорону тирүү кармап, Күлчорону өлтүрүп келгиле!» – деп, буйрук берет.

Дөөлөр Нескарага – анттарын беришип, кулдук урушуп, жүрүп кетишет.

Алты миңден ашык дөө бир жерде, ар кимиси колдоруна темир чынжыр алып, Канчорону тегеректеп, жеткени найза менен сайып, жетпегени мылтыктын огун мөндүрдөй жаадырып турганын Күлчоро көрө коёт.

Канчорону көргөндө, Күлчоронун күйбөгөн жери күл болуп: «Ажалым жетсе өлөйүн, азабым болсо көрөйүн, болбосо, Канчоро абамды бошотуп алайын!» – деп, жан аябай жалгыз өзү кызыл кыргын уруш салат. Кытайдын дөөлөрүн ондон-бештен катарлап найза менен ыргыта саят, дөөлөрдү кырып, сүрүп отуруп, Канчорого жетип, ажыратып алат.

Коңурбай муну көрүп ыза болуп: «Нечен миң дөө чычкандай эки балага алыңар жетпей, бошотуп жиберип, четиңерден кырылып жатканыңар арсыз өлүм, мындан тирүү калып, басып жүргүчө бириңерди бириңер өлтүргөнүңөр артык! Күлчоро менен Канчорону тирүүлөй кармап кырк кулач зынданга сал! Калың кол карап турасыңбы? Капта!!!» – деп, Коңурбай бакырганда, жер жарылып кете жаздайт.

Кытайдын калың колу Күлчоро менен Канчорону каптап калат. Кытайдын Ыйбы, Шыйбы, Албан деген дөөлөрүнүн ар кимисинин жанына байланган алтымыш батмандан чоюну бар. Ошол дөөлөр баш болгон жети миң дөө Күлчоро менен Канчорону ортого алат. Коңурбай кайрат берип турат.

Жети миң дөөнүн мылтыгынын үнү кулак тундурат. Найза менен кылычтан күндүн көзү көрүнбөйт. Ошолордун ортосунда Күлчоро менен Канчоро өлүм оюна келбей, кабыргасын бүргө чаккандай да көрбөйт. Көп колдун ичиндеги Күлчорону эки-үч ооз сөз менен мындай сүрөттөйт:

Зың-зың этип кенебейт,<br>
Кытай кыстоо салганын<br>
Бучкагына теңебейт.<br>
Эрдик менен шердикти<br>
Эгем таала балага<br>
Берген экен ченебей.

Күлчоро алты сан кытайга жалгыз кирип урушат. Алты-жети миңин жайлайт. «Мунун мыктысы Калча кайда» – деп, эрди-мурдун жаланып, «Манастап» ураан чакырып, калың кытайды кайра айдайт. Кытайдын колу карышкыр тийген койдой дыркырап качат. Анда Коңурбай: «Ой, калкым! Атаң үчүн, мен үчүн, кырк уруу кытай эл үчүн урушкула! Качпагыла!» – дейт, бирок эли кача берет. Качкандардын алдын тосуп Коңурбай:

«Төрөсү жок кулдарын
Төбөлөшүп байла! – деп, –
Атаңдын көрү, калың эл,
Чоросун көрсөң, минтесиң,
Чоңу келсе, Семетей, –
Мунусу келсе, кантесиң?» –

деп ачууланып, аттарын камчы менен башка чаап, каяша кылгандарынын башын алып, качкандарды кайтарат.

Коңурбай менен Нескара ачууланган соң, калың кол аргасыздан өлүмгө кайыл болушуп, каптап киришет. Аламан уруш башталат.

Ошондо Семетей кыргыздан кыйла кол алып: «Ажалым жетсе өлөйүн, азабым болсо көрөйүн, болбосо, кытайдын дөөлөрү ортосуна алып калган Күлчоро менен Канчорону аман-эсен бошотуп алайын» – деп, жөнөмөкчү болот. Тууну Бакай канга карматып, Жамгырчы кан, Сары кан жана башка кандар, ар кимисинин колу ар башка, сап-сап болуп, туш-тушунан кытайды качырат.

Сары кан менен Бакай кан – «Картайсак да карылыкка моюн сунбайбыз; Коңурбай менен Семетей урушамын дегенде мурунку жаш калыбыбызга келдик, Семетейге көмөк беребиз» – деп, колдун алдына түшүп жөнөшөт.

Сары кандын калың колу кытайды таандай айдап, бир жагынан качырып кирет.

Жоо дегенде сүйүнгөн Жамгырчынын түмөн колу:

«Ушул урuштан бирибиз калганча урушалы, уруштан качканыбыздын жети атабыз капыр болсун, чыбыктай тууралып калсын!» – деп, ант кылып, чыбык кесип, бир жагынан самандай сапырып, бул кирет.

Сары кан менен Жамгырчы кандын экөөнүн дал ортосунан: «Тилегимди кудай берди; тиктеген жоом Коңурбай өз алдыма келди; белди бекем бууп, атамдын кунун кууп ала турган убактым жетти!»

– деп, Семетей чылк баатырлардын балдарын ээрчитип, өзүнүн колу менен ал качырып кирет.

Семетей «Манастап!» ураан чакырып качырганда, коркоктор Семетейдин сүрүнөн аттарынан учуп түшүп, жүрөгү чыгып өлүп жатат.

Семетей качырганда Нескара көрө коюп: «Семетей кырк кандуу кытай гана эмес, он сегиз миң ааламды бузаар эр экен. Чыны менен берен, шер экен. Коңурбайдын Семетейге алышса, алы жетпейт, күрөшсө күчү жетпейт. Элдин убалына бекер калбай, Семетей менен эрегишпей, Манастын кунун берип бүтүшсөчү?! Атаганат ай! Менин уулум болуп калсачы!» – дейт да, кайра өзүнүн жүрөгү чыгып чочуйт.

Чочуп туруп Нескара мындай дейт:
«Кудай билет, Бээжинге тирүү барышты,
Кудай билет, мындан тирүү калышты.
Тозоктун күнүн тирүүлөй
Көргөнү келген экенбиз,
Манастын уулу жетимден
Өлгөнү келген экенбиз» –

деп, арманын айтып үшкүрөт. Коңурбай ушунча көп дөө Семетейди кутказбасына ишенет.

Коңурбайдын калың дөөлөрү каптап тосуп чыкканда, Семетейдин урушка киргенин, уруштан элдин кырылганын Саякбай мындай сүрөттөйт:

«Доолбасты бир салып,
Сырнайзаны колго алып,
Каарланып бакырып,
Канкор «Манастап!» ураан чакырып,
Колду бузуп, жол салып,
Жети миңин майдалап,
Жеткенинин баарысын
Кан төгүлтүп найзалап,
Орто жерин Семетей
Оюп келип берди эле.
Бир чекесин Күлчоро
Союп келип берди эле.
Калдайган четин кан Бакай
Камап келип берди эле.
Бир бөйрөгүн Сары кан

Талап келип берди эле.
Жалпы жагын Жамгырчы
Сабап келип берди эле.
Кудай бетин көргөзбө,
Кан тууганга канышып,
Качпай туруп салышып,
Жер тумандап чаң болуп,
Коктунун баары кан болуп.
Азууларын аркайткан
Ат өлүгү зоо болуп,
Муруттарын шыйпайтып
Эр өлүгү тоо түшүп.
Найза жерде боолонуп,
Журт чуркурап, эр өлүп,
Калайман уруш болгондо
Эки жактан тең өлүп,
Калктын баары жыйылып,
Тоодой-таштай эрендер
Тоңкоюп жатат жыгылып.
Казатта шашып бакырып,
Кокус аттан түшкөндөр
«Мөндү-мөндү-мөндү» деп,
Жолдошторун чакырып.
Антаңдап чуркап калышып,
Айбалтасын, кылычын
Ыйыгына салышып,
«Ай, токто!» – деп, кээ бирөө
Одураңдай калышып,
Эчен күлүк аттардын
Ээси өлүп, бош калып,
Ээри түшүп бооруна,
Ойноп жүргөн мындан көп.
Нечен күлүк аттарды
Эки экиден ээси жок,
Коштоп жүргөн мындан көп.
«Эсил кайран бир боорум!
Эми кайдан көрдүм?» – деп,

Боздоп жүргөн мындан көп.
Куюшканы үзүлүп,
Шашып жүргөн мындан көп.
Эң айласы түгөнүп,
Ээри кетип мойнуна,
Качып жүргөн мындан көп.
Басмайылы үзүлүп,
Үзөңгүдөн бут тайып,
Ээрден көчүк кылтайып,
«Кагышка кайдан келдим?» – деп –
Кармашып жүрүп өлдүм!» – деп,
Качып жүргөн мындан көп».

Семетей Тайбуурулду жулкунтуп, кылычын колуна алып, туш келген кытайды оңду-солду шилтеп, балтырган тууралгандай кылып, кырып кетип бара жатат.

Канчоронун эси ооп, шалдайып, көзүнө кандуу жаш толуп, кең дүйнө тар болуп, кытай эми Карагулдун арбагына атап чалаарда, Күлчоро барып, ажыратып алат. Эки чоро биригип алып, Күлчоро аттан ыргыта сая берет. Канчоро аттан түшкөндөрдүн баштарын кесип ала берет.

Семетей бир убакта башын буруп оң жагына карап, эки чоросу ээрчишип, кытайды ылачын тийген таандай чуркуратып, кырып бара жатканын көрөт. Энеси чоролорун жаңы туугандай сүйүнөт.

Сол жагын караса, Сары кан самандай сапырылтып, ал да кырып бара жатат. Ары жагында Бакай, Жамгырчылар да өлөр-тирилерине карабай, чымындай жанын аябай, мен-менсиген дөөлөрдү аттарынан ыргыта сайып, кылыч менен баштарын кесип, өлгөнүнөн калганын кууп кетип бара жатканын көрөт. Семетей чоролорунун, кандардын кылган эрдиктерине абдан ыраазы болот.

Уй түгүндөй кытай кыргыздын кыруусуна чыдабай, өлгөнү өлүп, калганы жандарын аман сактап калуу үчүн уйгу-туйгу түшүп качышат.

Калың колдун дүркүрөп качып бара жатканын Коңурбай көрүп, астынан тосуп чыгып: «Айланайын дөөлөрүм! Эр элеңер, шер элеңер, Бээжинде жатканда кыргыз эмес, ааламга алыбыз жетет дечү элек. Эмне шумдук болуп кетти? Кыргызды кармагыла, качыргыла, өлтүргүлө, өрттөгүлө! Семетей менен Күлчорону мага тирүү кармап бергиле! Кыргыз эли баш ийсе, өз билгениңерди кылгыла!» – деп жалынат.

Кайсы бирөөлөр укса да укмаксан болушат. Тил албагандарынын башын кылыч менен алып салат. Калың кол муну көргөн соң, корккосунан кайра бурулуп, «аламан!» – деп, жапырт кыйкырып, ат коюшат.

Коңурбай качкан колун кайра каптатканын Семетей көрүп, кан ичмеси кармайт. Күлчоро, Канчоро, Бакай, Жамгырчы, Сары кандарга: «Карап турасыңарбы? Качыргыла! «Качкан жоону катын саят» деген, Коңурбайдын колу туруштук бере албай качты» – деп, Тайбуурулга оңду-солду камчы уруп, колуна түкүрүп Сырнайзаны бекемдеп кармап, «Манастап!» ураан чакырып качырат. Семетейдин алдына пенде туруштук бере албайт. Ар сайганда ондон-бештен дөөлөр кериктеринен, качырларынан кулап турат. Уруш абдан катуу болот. Бир чай кайнамдын ичинде өлүк жуушаган койдой болот. Ызы-чуу, күрүгүү, эң акыры, кытайдын калың колу туруштук бере албай дагы качат.

Семетей дөөлөрдү ыргыта сая берет. Семетейдин артынан Күлчоро кылычын сууруп алып, дөөлөрдүн башын кесип кете берет. Кытайлар дагы качышат. Качкан колун Коңурбай дагы токтотуп, Аяр алп менен Каман алп деген экөөн чакырып алып, Семетей менен Күлчорого беттеше турган баатырлардан жалгыз гана экөө калганын айтат да, алптардын күчтөрүнө ишенип, буйрук берет.

Каман алптын чоңдугу дөбөдөй, жанына байланган алтымыш батман чоюну бар, найзасы ылгый болоттон. Бир жегенде эки чоң доңуздун этине араң гана бөрү тоют болот.

Коңурбай Каман алпты баш кылып, өңчөй алптарды Семетейди жашыруун жерден тосуп беттешкиле – деп, жиберет.

Каман алп менен беттешкен адам соо калбаган. Ачууланып «Семетей кайдалап?» – бара жатып, жолдогу бир дөбөнү алтымыш батман чоюну менен бир урса, дөбө түз болуп калат.

Каман алп качырып келе жатканын Күлчоро көрө коюп: «Семетей менен беттеше кетсе, соо калтырбайт, андан көрө, байкоос кетип бара жатканында өзүм жайлап таштайын» – деп, Каман алпты ыргыта сайып кетет. Манжунун каны Нескара, тыргоот каны Ороңгу алпты арачалаганча, Семетей жетип барып башын кесип таштайт.

Муну Коңурбай көрүп, сакал мурутун жулуп кейийт: «Үч алп өлгүчө, калың кол бүт кырылып калсачы!? Ишенген алптарымдан айрылып күнүм каран болду» – дейт.

Коңурбай, Нескара менен Ороңгуну чакырып алып: «Минте берсек бүт кырылабыз. Бир айла тапкыла» дейт.

Нескара туруп: «Азыр күндү жайлап, калың колду качуудан токтотуу керек. Кийинкисин дагы көрөөрбүз...» – дейт. Коңурбай да бул акылды туура таап, үчөөлөп күндү жайлашат. Күнү-түнү сегиз күн бороон болуп, кар жаайт. Кардын калыңдыгы укуруk бою. Бороонго чыдабай, эки жактан киши абдан көп кырылат. Кыргыз менен аргын Таласты көздөй бет алышат. Кытай кыргыздын артынан түшөт.

Коңурбайдын колу Таласты он эки курчап калат. Коңурбай өз оюнда, кыргызды эми алдым го! – деп, керней, сурнайын тартып, камап жатат.

Коңурбай Семетейге элчи жиберет: «Бекерге кан төгүп, кордук көрбөйм десең, тартууга Талас жериңди бер, миң сулуу кыз, Тайбуурулду баш кылып миң ат, Күлчоро менен Бакайды кул кылып бер, болбосо, жекеге чык» – дейт.

Бул сөз Бакайдын сөөгүнөн өтүп, чучугуна жетет, жалгыз гана Бакай чычалабай, бүт кыргыз: «Баш ийип, тартуу берет деген эмне шумдук, кол куушуруп, жан сактаганча, урушуп өлгөнүбүз артык эмеспи!» – дешет.

Бакай: «Заманында бөрү элем, тайлак жээр элем!» – деп, өзүнүн жаш кезинде кылган эрдиктерин, ушул эле кытайды бир нече ирет чаап алып, кан болуп, сурак сураганын айтат. «Картайсам да Коңурбай менен бир өзүм беттешейин, ажалым жетсе өлөөрмүн, азабым болсо көрөөрмүн, болбосо Коңурбайды ыргыта сайып, кара канына бир тоюп, капкайдагы кегимди ичимден чыгарайын» – дейт. Бакайдын жекеге чыгуун башкалары каалабайт.

Бакайга Каныкей ок өтпөс тонду кийгизип, жарак-жабдык, окдарыны мол берип, буркурап ыйлап, кудайга жалынат.

Бакай көк тулпарына минип, ок өтпөстү кийип, айбалтаны такымга кыстарып, Сырнайзаны колго алып, элден бата алып, Коңурбайга жекеге чыгат.

Коңурбай, Бакайды сайып кетээрде, Бакай Коңурбайдын найзасын кыя чаап таштайт. Бакай Коңурбайды Сырнайза менен сайганда, Коңурбай аттан учуп кете жаздап, үзөңгүдөн буту тайып, атынын мойнуна минип калат. Колуна кире качып, араң кутулат. Кытайдын колу Бакайды тегеректеп калышат.

Күлчоро, Канчоро, Бакайдын Байтайлагы, Сары кандын Калыгы, Жамгырчынын Шайымбети Бакайды бошотуп алууга ат коюшат. Күлчоро Бакайды бошотуп алып, кайтып бара жатса, кытайлар

Канчорону аттан ыргыта сайып, тыргооттун каны Ороңгу мойнунан байлап жатыптыр. Күлчоро адетинче, дагы качырып барып, Ороңгуну атынан кулата саят. Бакай Ороңгунун башын кесет, Канчорону бошотуп алышып, өз колуна кайра келишет.

Коңурбай күчү жетпесине ишенип, Таластын суусун башка жакка буруп, суунун каатчылыгына учуратып, баш ийдирмекчи болуп, колунун күчү менен Таластын суусун бурдурат. Кыргыздар, суунун кордугун аябай тартат. Малы кырыла баштайт. Эл кырыла турган болгондо, кандар чогулуп акыл кылышат. Алардын ичинен Сары кан менен Жамгырчы туруп: «Коңурбай калың колу менен келип, кырка тегеректеп курчап алды. Сыртка жан чыгарбайт, кырк күндөн бери эл суу көргөн жок, кырылып кете турган болду. Коңурбай менен эрегишебиз деп, бала-бакыра, калың элди кырып албайлы? Андан көрө тартуу берип, Коңурбай менен жарашып, баш иели» – дешет.

Бакай безге сайган немедей ыргып кетип, сакал-мурутун жулуп: «Арстаным Манас өлбөй кал! Артында журту калбай кал! Арстаным тирүү чагында, Бээжинди нечен ирет чаап алып, төбөсүнө жаңгак чагып жүргөн душман кытай келип, ошондон корголоп олтурабыз – деп, жаш кезиндеги Манас экөөнүн эрдиктерин айтат. Жамгырчы менен Сары канды жутуп жибере жаздап, – эки акмак кеп айтпай экөөң куруп кал, ач бөрүдөй улуп кал, кытайга баш ийип, жан сактаганча, тирүү былкылдап басып жүрбөй, жок болгонубуз жакшы. Бириң өлбөй, баарың өл. Силердин жаныңар таттуу болсо, отургула. Картайсам да Коңурбайга жекеге чыгып, колумдан келсе ыргыта сайып, канына тоюп, өчүмдү алам» – дейт. Бакайдын кайрат сөзүн укканда, Семетей: «Атамды өлтүргөн итке кол куушуруп, моюн сунат деген эмне? Коңурбай менен жети жылы урушам, ажалым жетсе, окко учам, бирок тирүү туруп, кыргызды Коңурбайга бийлетпейм» – дейт. Эки чорону ээрчитип Бакай, Каныкей, Чыйырдыдан бата алып, жоого каршы дагы жөнөйт.

Коңурбайдын калың колу менен кызыл кыргын согуш болот. Эки жактан тең эл абдан көп кырылат. Бакай, Жамгырчы, Сары кан, Семетей жарадар болушат. Семетей Күлчорону урушуп жүргөн жеринен чакырып алып: «Мен баш болуп, кандардын баары жарадар болду. Кайрат кылып урушар күч калган жок. Элдин убалына калбайлы, согушту токтотуп, Коңурбайга – Айчүрөктү, Нескарага – Тайбуурулду тартууга берели» – дейт.

Күлчоро чочуп кетип:
«Кокуй, аба не дейсиң?!
Бул сөзүңдү ит уксун,
Ит укпаса ким уксун?
Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эчтеме менен ишиң жок,
Кокуй күн, аба не дейсиң?

Бул жорукту көргөнчө, мен туулбай туна чөгөйүн, тирүү басып жүргүчө, жубарым бек өлөйүн, Абаке! Чаалыгып калсаң жатып эс ал. Мени жетимиш күнү күт, келбесем чором өлгөн экен – деп, куран окуп коёрсуң» – деп, Суркоёнду бучкакка бир салып, жөнөп кетет.

Кыргыздын айласы кетип турганда Коңурбай кытайдын улуу каны Эсенканга «кыргызды алдым» деп, кабар бердирет. Кырк кандуу кытайдын колу, кыргызды туш-тушунан кысып, шаштырып турат.

Коңурбай, сууну бирөө жыгып кетпесин үчүн, өзүнө абдан ишеничтүү жана дөөлүгү өтө кыйын Түктүү таман деген алпын башчы кылып, алтымыштай сыйкырчы, бир канча дөөлөрдү кароолго коёт.

Түктүү таман алптын чоңдугу тоонун жартысындай. Жанына байланган жетимиш батман чокмору бар. Суунун башына жан жолотпой кайтарып турат.

Күлчоро чапкан бойдон суунун башына барат. Түктүү таман алпты көргөндө жүрөгү солк дей түшөт. Муну менен урушуп, өзүмдүн душман экенимди билгизбей, эп менен алайын да, кийимин кийип, дөөлөрүн, сыйкырчыларын кырайын, деген акыл табат. Салам айтып кытайча сүйлөп, Түктүү таман алпка барат. Түктүү таман алп шек санап: «Душмансыңбы, элсиңби? Атыңдын, өзүңдүн түрүңө карасам, душмандай көрүнөсүң!? – дейт. Күлчоро сыр билгизбей: «Мен Бээжинден кыргыздар менен урушканы жаңы келе жатам. Коңурбай кайда? Кол кайда? Биз урушаар жоо кайда? Семетейди көзүмө бир көрсөтчү, мойнун жулуп алайын!» – дейт.

Түктүү таман алп Күлчоронун айтканына толук ишенип калат. Кытайлардын адети боюнча Түктүү таман Күлчорого келинче жүгүнүп жатканда, Күлчоро дароо кылыч менен Түктүү тамандын башын алып таштайт.

Түктүү таман алптын кийимин бүт кийип алып, кароолдо турган дөөлөрдүн, сыйкырчылардын баарын кырып, сууну жыгып жиберет.

Таластын дайра суусу сайда жаткан Коңурбайдын калың колун түн ичинде агызып, көпчүлүгү суудан өлөт.

Кыргыздар эркинче ичип, эс алып калат.

Эртең менен эрте туруп, Коңурбай доолбасын кагат. Эл чогулганда Коңурбай болгон окуяны айтып, ачууланат. Агаяр деген алпын чакырып: «Суу өзөндү каптап кетти. Кароолчулардан эч кабар жок, баарын кырып кеткенби? Болбосо, кабар келет эле. Сен азыр барып, бээ саамда кабар алып кел» – дейт. Агаяр алты тулпар алып, жөнөйт.

Суунун башына келсе, бардыгы кырылган. Кароолчулардын өлгөнүн көрүп, Агаяр алп кайра тартат. Жолдо келе жатса, Агаярдын көзүнө Манас, Алмамбет, Чубак калың кол менен тосуп тургандай көрүнөт. Агаяр алп Манастан араң качып кутулат.

Коңурбайга келип, көргөн билгенин толук айтып берет. Коңурбай Агаяр алпка ачууланып: «Кайдагы болбогон калпты айтасың?! Манас, Алмамбет, Чубак, Сыргак жана башка дөөлөрүн өз колум менен чоң казатта сойгонмун» – деп, тилдейт.

Коңурбай катуу убайым жеп: «Бээжинге кайсы бетим менен барам. Калың кол менен ушул жерден бирибиз калбай кырылалы, же Семетейди жеңип, кол куушурталы. Таш коргонун талкала, кереге уугун кыйрат, келин-кызын ыйлат, Бакай менен Семетей колуңарга түшсө, башын кесип мага алып келгиле. Күлчоро колго түшсө өлтүрбөгүлө. Анын түбү кытай, Азизкандын Алмамбетинин баласы. Атасы таарынып качып кеткен, Күлчорону Бээжинге алып барып, кан көтөрөбүз» – деп, буйрук берет. Коңурбайдын калың колу: мергенчиси бир бөлөк, жаа тартчусу бир бөлөк, алп, дөөлөрү бир бөлөк, сап-сап болуп каптап калышат.

Жер жайнаган калың кол каптап келгенде, кыргыздардын айласы кетет. Ак ордодо жаткан Семетей менен Күлчорого барып: «Коңурбай калың колу менен каптап келе жатат, элиңдин канын бекер төктүрбөй сакта» – деп, калың кыргыз чуулдашат.

Семетейдин кан ичмеси кармап, эки көзү кызарып: «Кыргыз кем бекен, кытай эр бекен, баатырың чык, шериң чык, балбаның чык, эриң чык, Коңурбай кутурган экен, муну Бээжинге чейин кууп, калың колун кырып, берендердин кунун алайын, карап турасыңарбы?! Аттангыла» – деп, буйрук берет.

Семетей Тайбуурулга минип, Каныкейден бата алып, калың кыргыздын алдына түшүп, Коңурбайдын колун тосуп чыгат.

Колдун алдында обочо келе жаткан Семетейди, кытайдын Мааданча деген эң мыкты дөөсү көрөт. Семетейдин жүрөгү түшсүн – деп, төөдөй болгон кара ташты колундагы алтымыш батман чоюн башы менен бир салганда, таштын орду жердей түп-түз болуп калат.

Мааданчага эч адамдын күчү тең келбеген, мингени жел жетпеген шүдүңгүт. Мааданчанын артынан ээрчитип жүргөн дагы жалгыз көздүү өзүнө окшогон миң алпы болот.

Мааданча Семетейди качырып калат. Мааданчанын найзасы чала-була тийгенде, Семетей кылыч менен найзаны кыя чабат. Найзанын эпкининен Тайбуурулдун үстүнөн учуп кете жаздап барып оңолот. Семетей баабединге жалынып, «Манастап!» ураан чакырып, Мааданчаны саят. Сырнайза түпкүчтөй болуп ийилет. Тайбуурулдун буту тизесине чейин жерге кирет. Мааданча чоюн баш менен касып жибергенде, Семетейдин Сырнайзасынын бырын-чырыны чыгып кетет. Бакай Семетейге өзүнүн найзасын бере койгончо, Мааданча качырып барып, чоюн баш менен Семетейди баштан ары бир салат. Семетейдин туулгасы талкаланат. Мааданчанын эки колу бирдей уюп эси чыгып калат. «Коңурбайдын Семетейден коркуп жүргөнүнүн жөнү бар экен: бул жалгыз менин колумдан да келер эмес, карап турбай каптагыла!» – деп, жалгыз көздүү миң дөөсүнө буйрук берет. Миң дөө антип-минтип жеткенинче, Семетей качырып барып Мааданчаны дагы бир саят. Букасына өбөктөп калат эсин жыйганча, Бакай качырып барып, букадан ыргыта саят. Семетей Мааданчанын башын кесип таштайт.

Экинчи жолу, жекеге Мааданчадан да мыкты алпы Дыңша деген чыгат. Дыңшанын мыктылыгынан Коңурбай менен Нескара коркуп, кырк беш капкалуу Бээжиндин алты капкасына кан көтөргөн экен. Артынан ээрчип жүрө турган жалгыз көздүү миң дөөсү болот.

Дыңша чыккан эле жерден Семетейди: «Сен мени Мааданчадай көрүп тургандырсың, сенин тукумуңду курутам, Таласыңды өрттөйм, элиңди кырам!» – деп, кекетип чыгат.

Семетей чыны менен эле Дыңшадан коркуп: «Кудай өзүң сакта! Манастын арбагы колдой көр!?» – деп, ичинен ыйманын айтып, жолун тосуп турат. Дыңша эки жүз кулач найзасы менен, качырып келип Семетейди саярда, Семетей айбалта менен кагып, өзү Дыңшаны сайса, таш сайгандай болот. Дыңша дөөлөрүнө: «Каптагыла! Семетейди байлагыла!» – дейт. Миң дөө Семетейди тегеректеп ортого

алышат. Аңгыча Семетейдин үстүнө Бакай жана башкалар да келип калышат. Дөөлөрдү аябай кырат. Дыңшаны Күлчоро сайып, бирок жыга албайт. Букасына өбөктөп турганда Семетей ыргыта саят. Бакай барып башын кесип алат. Дыңшаны, Маадаңчаны дөөлөрү менен бүт кырып, өлүктөрүн бир жерге жыйыпташташат. Кыргындын алтынчы күнүндө Күлчоро, жетинчи күнүндө Бакай жарадар болушат. Семетейди Ак олпок сактап, ал аман калат.

Жарадарлар Каныкейге келип дары ичишет.

Жамгырчы, Сары кан, Байтайлак, Шайымбет, Калык жана башкалары баш болуп, кытайды абдан кырып, кууй баштайт. Кытай Бээжинди көздөй дыркырап, качып жөнөйт.

Коңурбай качкандарын өзү кырып:

«Элин көрсөң минтесиң,
Эри Бакай, Семетей,
Эми келсе кантесиң?!
Баласын көрсөң минтесиң,
Баатыры көк жал Күлчоро,
Мунусу келсе кантесиң?!» –

деп, ачууланып, элин токтотот. Коңурбайдын көбүнчө бел кылганы – Маадаңча менен Дыңша дөөлөр. Аларды Семетей кырып кеткенин билбейт. Бир убакта Жөө желдет келип Коңурбайга Маадаңча жана Дыңша дөөлөрүнүн өлгөнүн айтат. Муну укканда Коңурбай Алгарадан учуп түшүп, өз чачын өзү жулуп, ыйлайт. Ачуусуна чыдабай, Алгарага ыргып минип:

«Каарыма келдим кармашам,
Арданып кеттим алышам» –

деп, дөбөгө чаап чыгып: «Жекеге чыккыла!» – дейт. Кыргыздан Жамгырчы көрүп: «Коңурбай кан болсо, мен да канмын, андан менин эмнем кем экен, ажалым жетсе өлөөрмүн, болбосо, ушул Коңурбай менен бир беттешип көрөйүн» – деп, даярданып, Аккөкүлдү жулкунтуп чыгат.

Коңурбай Жамгырчыдан кезекти сурап, биринчи жолу саят. Жамгырчы Коңурбайдын сайганын тоотпойт.

Экинчи беттешкенде, Жамгырчынын найзасынан Коңурбай кыйшайып барып, араң оңолот. Ээрине мингенче, Жамгырчы айбалта менен башка чаап кетет. Эси ооп жыгыла турган болгондо, дөөлөрү аттан түшүрбөй сүйөп, Коңурбайды алып кетишет да, калың кол

Жамгырчыны тегеректеп калат. Жамгырчынын жанында жардам кылар Семетей, Күлчоро, Канчоро, Бакай, Сары кан жок. Жамгырчынын айласы кетип эмне кыларын билбей шаштысы кетип турат. Жалгыз болсо да, көпкө чейин урушат, бирок көпчүлүккө жалгыз киши эмне кылат? Жамгырчыны аттан ыргыта сайып, башын кесип алышат.

Бир убакта Жамгырчы кан өлдү деген кабар, оорукта жаткан Семетейге жетет. Кабарды угары менен Семетей доолбасын кагып, колун жыйнап, Күлчоро, Бакай, Канчоро, Сары кандарды ээрчитип алып: «Коңурбай сенин түбүңө жетейин, Бээжинге чейин кууюн» – деп, жоо жарагын асынып, Коңурбайды көздөй жөнөп калышат.

Семетей, Күлчоро, Бакай, Канчоро, адетинче, калың колдун ар кайсы жеринен бөлүп качырышат. Кытайды аябай кырат.

«Бул капыр Семетейиң соо калтырчудай эмес, мындан ушундайымда качып кутулайын» – деп, Коңурбай Бээжинди көздөй бет алып качат. Каны качканда калың кол карап турсунбу? Артынан булар да жөнөйт. «Качкан жоону катын саят деген» – кытайларды абдан кырат. Эр өлүгү тоо болот. Ызы-чуу, күрү-күү түшүп, кызыл ала канга боёлуп, ажалы жоктор эптеп качып кутулушат.

Кыргыздар олжого тунушат. Семетей кыргызды азаптан куткарып, кытайды Таластан кууп чыгат.

Жамгырчы кандын Шайымбети көзүнүн жашын көл, мурдунун суусун булак кылып, Семетейге келип: «Коңурбай менин белимди сындырды, көзүмдү ойду. Мени элге-журтка – Жамгырчынын жаман уулу атасынын кунун кууй алган жок деген жаман атты сөзгө калтырба. Ак олпок менен Тайбуурулуңду мага бер! Коңурбайды Бээжинге чейин кууп, атамдын өчүн алайын» – деп, суранат. Шайымбеттин көңүлүн калтырбай, Тайбуурулдан түшүп, ок өтпөсүн чечип берет да:

«Чалкалаган Кара-Тоо
Кеңешпей ашчу тоо эмес,
Бу кечилдин каны Коңурбай
Бу кеңешпей тийчү жоо эмес.

Баатырлыгы башкача, балбандыгы бир канча, өзү ажайыптан окуган, сыйкырлык жайы дагы бар, сак бол! Маңдайлашып турушуп, качпай уруш салышып, атаң үчүн, эл үчүн, атымды берген мен үчүн, Коңурбайдын башын кесип, өзүн жол үстүнө сүйрөтүп, даңгыттарга жардыр!» – деп, батасын берип жөнөтөт.

Шайымбет Сары канды баш кылып, Жамгырчынын калың колун ээрчитип, Коңурбайдан өч алууга жөнөйт. Калың жоону көргөндө, Шайымбеттин жүрөгү солк эте түшөт, бирок кайра кетүүдөн намыс кылат.

Ошол кезде Коңурбай алптарын, дөөлөрүн, кандарын чогултуп алып, кайра чабуул коюуга акыл куруп жаткан экен.

Эки кол теке маңдай туруп согушат. Сары кан менен Коңурбай найза сайышып, айбалта чабышып, бирин бири жеңе алышпай, найза, айбалта, чоюн баштары сынып кыйрайт. Коңурбайды Сары кан шаштырат, бирок Коңурбайдын дөөлөрү ажыратып кетишет да, Сары канды тегеректеп калышат. Жети миң дөө менен Сары кан жалгыз урушат. Далайын кырат. Жанында Семетей, Күлчоро, Канчоро, Бакай жолдоштору жок, жалгызсырайт, шаштысы кетет. Аңгыча Байтайлак, Шайымбет, Калыктар келип калышат. Катуу уруш болуп, кытайды дагы аябай кырышат.

Сары кан менен Шайымбеттин кайратын көрүп Коңурбай мындай бетме-бет согушта жеңе албасына көзү жетип: «Буларды амал менен алалы!

Биз азыр качымыш бололу да, жалгыз аяк чубамадан тосуп бирден кыралы!» – дейт.

Орок алп, Майтаман алптарды чубамага жол тостуруп коюп, колун качырымыш болот.

Шайымбет, Сары кан: «Кудай бизге аябай берди, кытай качты!» – деп, артынан кырып жөнөшөт.

Орок алп менен Майтаман алп чубамадан Бакайдын уулу Байтайлак, Сары кан уулу Калыкты колго түшүрүп, Коңурбайга тартууга алып барышат. Коңурбай мактанып: «Булардын Семетей менен Бакайын колго түшүрүү керек» – дейт.

Сары кан Байтайлак менен Калыктын колго түшкөнүн көрүп, жоого ителгидей качырып тиет. Жетимиш жеринен жарадар болуп, өлдүм-талдым дегенде араң кутулуп, Таласты көздөй жөнөйт.

* * *

Кыргында Коңурбайды көрө салып, Шайымбет: «Издеген жоом алдымдан чыкты, атамдын өчүн алайын» – деп, сүйүнүп, барып качырып саят. Шайымбеттин сайганын Коңурбай бүргө чаккандай

көрбөйт. Начардыгына көзү абдан жетет. Айлакер Коңурбай качымыш болот. Шайымбеттин акылы жетпей: «Токто эле, токто! Жердин түбүнө кирсең да койбоймун» – деп кыйкырат.

Коңурбай токтоп туруп, Шайымбет кууп жеткенде, жонунан кармап келип көчүгүнө басып коёт да, Тайбуурулду коштоп алып, дөөлөрүнө келет. «Кыргыздын баатырын силер уй бактырсын деп өлтүрбөй тирүү алып келдим» – дейт да, бөктөргөсүндөгү Шайымбетти алып берет.

«Кыргыздын атайы тандап туруп жиберген баатырын Коңурбай төрө бөктөрүп келди» – деп, кытайлар макташат. Коңурбай өзү да кылган эрдиктерин айтып: «Семетейдин Тайбуурулу колума түштү, эми өзүн түшүрүү арзан, аны менен бирге Бакайдын көзүн да тазалоо керек, болбосо бизге жакшылык жок, анткени Бакай Бээжиндин жолун беш колундай билет, боло турган азапты алты ай мурун сезет; кыргыздын чеп коргону. Экинчи жолу дагы келип жүрбөй, кыргыздын тукумун биротоло курутуп кетели!» – деп, колун Таласты көздөй каптатат.

Бакай түшүнөн чочуп, эртең менен намазын чала-була окуп, Каныкейге келет. «Каныкей балам! Мен Манас өлгөндө эле, арстаным менен бирге өлсөмчү. Манастан кийинки менин көргөн күнүм курсун. Сенин ала көөдөн уулуң, Тайбуурулун Жамгырчынын баласы Шайымбетке берип, Коңурбайдын артынан жиберди эле, Коңурбай Тайбуурулду колго түшүрүп алып, кара көзүбүздү кашайткан окшойт» – дейт. Бакай түшүн Каныкейге айтып, кейип олтурган убакта, эшиктен Сары кан кирип: «Ушул убак үйдө тынч жатар убакпы? Байтайлак менен Калык келбес жайга кетти, Тайбуурул колго түштү, мен Коңурбай менен жети күнү урушуп, жетимиш жеримден жарадар болуп, араң качып кутулдум» – дейт.

Тайбуурул колго түшкөнүн укканда Манас жаңы өлгөндөй кейип, моюндары шылкыйып, от өчкөндөй болушат.

Каныкей кайраттанып:

«Тагдыр жетсе окко учуп,
Болбосо тамашаны салгыла!
Манастан калган Тайбуурул,
Аны кытайдан тартып алгыла!
Кытайга кыргын салгыла,
Буурул тийсе колуңа,

Ишиң түшөөр ордуна.
Ал буурулдан айрылсаң,
Иштерин качаар колуңан.

Эрте күндү кеч кылбай, камынгыла! Жөнөгүлө!» – дейт. Сары кан Семетейди жемелеп:

«Эрдигиң бар, эсиң жок,
Эселек төрөм кантейин?!» –

деп, айтпаган сөзү калбайт.

Бакайдын күйбөгөн жери күл болуп, ачууланып:

«Балдар, менин кармашаарым каканчы,
Касташаарым Бакбурчун.
Улугун союп бул журттун
Кан ичип жүрүп катыктым,
Канкор Бакай атыктым.
Бээжинди бузуп, дилде алдым,
Кара кызын олжолоп,
Тейтей кыздан миңди алдым.
Каканды бузуп кайрылдым,
Кабылан Манас пиримден,
Эгизимден айрылдым.
Түгөйүнөн айрылган
Түгөнгөн Бакай абаңдын
Түрүн мындай карачы?!
Кырк күнчүлүк чет Бээжин
Кымбатым көкжал барында,
Чала жүргөн жол эле.
Кебез белбоо, кең өтүк
Кечилдин каны Калчаны
Алты жол сайган кол эле.
Бээжиндин аржак жагында
Балаалуу шаары Сазаңшан,
Ошонун каны Мадыкан
Айласын тапкан мен элем.
Жаралып чыгып, мен Бакай
Манастан качан кем элем?
Балдар, үстүмдөгү Ак олпок
Суу болгондо көрдүңөр,

Кайран кара сакалым
Куу болгондо көрдүңөр.
Акыл качып, иш кетип,
Жол болгондо көрдүңөр.
Акылман Бакай абаңды
Кор болгондо көрдүңөр.
Көк тулпар ат баспаган,
Жетигим Манас барында,
Жерде бүтүн бар бекен?
Жетип найза тийбеген
Элде бүтүн бар бекен?
Кармашаарың Коңурбай
Найза уруп жеткиле,
Буурул аттан айрылып
Минтип тирүү тургуча,
Кыргын болуп кеткиле!
Алоокенин Коңурбай
Буурул ат алып зор болуп,
Түп Бээжин журту козголуп,
Айкайлаган кол болуп,
Аз гана эмес, мол болуп,
Жүр балдар! Кулжуңдашып көрөбүз.
Акыр-такыр дүмөктү
Артынан кууп салалы,
Асылымдын буурулун
Ажыратып алалы.
Топон жетпес Бээжинге
Токтобой тозок салалы,
Эштектердин Жамгырчы
Эрендин кунун алалы.
Бу жаңжалдын ичинде
Сары кан, Бакай карысы,
Кызык болуп урушуп,
Кыргын тийген эмедей
Кырылсын журттун баарысы.
Балдар, кагыштын жайы ушундай:
Калайман түшүп, кан өлсүн,

Ошо кагышкан жандын баары өлсүн,
Кыргыз, кытай тең өлсүн,
Кыйынсынган эр өлсүн.
Адам өлүп, боо түшсүн
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшсүн.
Зордугу тоодой калчанын
Ар качандан бир качан
Аленгир салды Коңурбай,
Күн кеч кирип, түн түшүп,
Коңурбайдын урушта
Акыр заман күн түшсүн.
Кайрат кылгын баатырлар!
Кармашаарың Коңурбай
Казат кылып көрөлү.
Кан Коңурбай баатырга,
Чалияр тийбес Бээжинге
Чалкалап найза суналы.
Чама келбей калганда
Куу жанды курман кылалы» –

деп, Бакай доолбасты кагып, калың журтту жыйып, билге ок-дарыны артып, Бакай туу кармап, Сары кан элди айдап, Коңурбайды кууп жөнөмөкчү болот.

Семетей башын көтөрүп караса, көзүнө Тайбуурулу келет.

Семетей Тайбуурулдан, ок өтпөстөн айрылып, башы маң болуп турганын Каныкей сезе коюп, казынасынын оозун ачып, Манастын Ак олпогун, Аккелтесин жана башка жарак-жабдыктарын алып, Тайторуну токутуп, Семетейге алдырып келет. Семетей дароо Манастын Ак олпогун кийип, Аккелтесин асынып, Тайторуга минип: «Коңурбайды Бээжинге чейин кууп, Тайбуурулумду тартып алып, төбөсүн ойбосом, төбөм оюлсун, канын төкпөсөм, каным төгүлсүн!» – деп, ант кылат.

Кандар калың колдору менен бүт жыйылып келишет. Аңгыча Күлчоро көк чоюн темир кийинип, жарак-жабдыгын асынып, Суркоёнду жулкунтуп, Бакай менен Семетейге: «Мага бата бергиле? Жалгыз барып урушуп, Коңурбайдын канын төгүп, Тайбуурулду тартып келем» – деп, алаканын жаят. Бакай, Семетей көңүлсүз болот.

Экинчи жолу дагы сурайт. Күлчоронун көңүлүн кыя албай, Бакай, Семетей, кандар баш болуп турган эл, чуркурап батасын беришет. «Мен үчүн журт, кейибегиле, алты күндө бир кабар кылам, алты күндөн кечиксем өлдүм. Менин арбагыма багыштап, куран окуп койгула!» – деп, Суркоёнго камчы уруп Коңурбайдын артынан издеп жөнөйт. Нечен чубама, кыялардан өтүп, бир белеске чыкса, Коңурбайдын калың колунун жатканы көрүнөт. Калың колдун ар-жак бер-жагына көз чаптырып карайт.

Коңурбай алптарын, дөөлөрүн, кандарын чогултуп алып, Тайбуурулдун колго түшүшүн Семетейдин өлгөнүнө таандык кылып кыргызда жалгыз Күлчородон башка баатыр калбаганын айтат да: «Артыбыздан Күлчоро кууп келбесин. Колубуздан Тайбуурул бошонуп кетпесин» – деп бышыктап, өзү алп уйкуга кирет.

Күлчоронун ойлогон ою, көздөгөн максаты Коңурбайдын калың колунун канын суудай агызып, Тайбуурулду куткарып алыш. Таң сүрүп келе жатканда, Коңурбайдын сакчыга койгон кишиси Жөөжелдет алп жолугуп калат. Күлчоро Жөөжелдетти найза менен алууга күчү жетпегенин билип, мылтык менен атат.

Мылтыктын үнү чыгаары менен Жөөжелдет кулап кетет. Күлчоро Жөөжелдеттин башын кесет. Аңгыча кытайдын калың колу тумандай каптайт. Күлчоро аларды абдан кырат. Бир жерге келсе, Шайымбетти торго камап коюп, жети дөө кайтарып турганын көрөт. Күлчоро жетөөн жети жерге чаап, Шайымбетти тордон эңип сыртка чыгарат. Кутказып алып абдан жемелейт. Шайымбет айыбын мойнуна алып, мойнун тосот. Күлчоро анын күнөөсүн кечирип: Бакай, Семетей, Сары кан жана башкаларына салам айтып, Шайымбетти Таласка жөнөтөт.

Күлчоро күүгүм кире, күн бата Тайбуурулду тооруп, Коңурбайдын кошу жакка барат. Коңурбай коңурук тартып уктап жатканда, Каткалаң деген бирөө келип, Коңурбайды ойготуп – Күлчоронун келгенин, анын салган бүлүгүн айтат. Коңурбай чочуп кетип: «Эмне дейсиң? Кайта айтчы» – дейт. Каткалаң көргөндөрүн баштан аяк дагы айтып берет. Коңурбай чачын жулуп, доолбасын кагып, элин чогултуп: «Өлтүрүптүр... Күлчорону кармагыла!» – деп буйрук берет.

Жөөжелдеттен кийинки Коңурбайдын ишенген кишиси Агаяр алп чолот. Агаярдын алптыгы укмуштуу кыйын болот. Колуна кармаганы алтымыш батман чоюн баш. Агаяр Коңурбайдан алда канча

эр, каруулуу болот. Агаяр чындаса, кытай эмес, бүтүн ааламга жалгыз күчү жетет.

Агаяр Эштектердин Жамгырчысы менен уялаш бир тууган. Агаярдын жашы он алтыга келип, жаңыдан «алп» – деген атагы чыгып келе жаткан кезде Катагандын Кошою, кытайдын көп шаарын өзүнө каратып, уруш ачып, калың кол менен кытайды кууп барат. Ошондо Агаяр Кошойдун колунан эки жолдошу менен адашып калат. Агаяр Кошойду издеп жүрүп, Нескара менен Алоокенин калың колуна кездешет. Жалгыз өзү жети күнү урушат. Жетинчи күн дегенде, Агаярдын атына ок тийип, өзү колго түшөт. Нескара сынап, Агаярды абдан жактырат. «Коңурбай – мындай алп дүнүйөдө болбойт. Сен муну өлтүрбө, көңүлүнөн кирин кетирип, кан көтөрүп, катын алып берип, Агаяр атын өчүрүп, Чоң балбан» деген ат кой» – дейт. Коңурбай Нескаранын айтканын макул таап чоң той берет. Ошондон баштап, Агаяр Коңурбайдын дөөсү болуп калат. Коңурбайга көп кызматтар кылат.

Коңурбай Агаярдын уялаш бир тууганы Жамгырчыны өлтүргөндө, Агаяр бармагын тиштеп: «Тууганымды билбей, мен кимдер менен урушуп, кимдин канын төгүп жүрөм? Өзүмдүн туугандарымды кырганда, мен кайсы максатка жетем? Мен акмак болгон экенмин. Кой, эптеп Семетейге сүйлөшүп, Коңурбайды өлтүрүп, кытайды кырып, өчүмдү алам» – деген, ойго түшүп калат. Семетей менен Күлчорого кантип жолугуп сүйлөшүүнүн айласын таппай жүрөт.

Шайымбет колго түшкөндө, Коңурбай Тайбуурулду Агаярга берет. Коңурбайдын айтуусу боюнча Тайбуурулдун бутуна алтын чидер салып, он эки чылбырлуу жүгөн каттырып, тегерете темир тор жайып, ор каздырып, нечен дөөлөрдү сакчы коёт.

Коңурбай Агаяр алпты чакырып алып, аркы-берки иштерин акылдашат. Агаяр Коңурбайга сыр билгизбейт, бирок Күлчоро келди деген кабарды укканда ичинен сүйүнөт.

Ошол учурда Күлчоро Коңурбайдын кошун көздөй келе жатат. Күлчоронун астынан Коңурбайдын кароолго койгон Канжар балбан дегени чыгат. Канжар балбан менен сайышып, көп кыйынчылык менен аны араң өлтүрөт. Канжар балбандын кийимин кийип, Тайбуурулду издеп жөнөйт. Жолдогу кытайлар менен кытайча, калмактар менен калмакча сүйлөшүп жүрүп отурат. Бир жерге келсе, он-он беш дөө Тайбуурулду кайтарып турат. Дөөлөр Күлчорону көргөндө,

Канжар алп экен – деп, келинче жүгүнүп салам беришет. Күлчоро сакчылардын баарын өлтүрөт.

Тайбуурулдун тегерегиндеги торду кыя чаап, бутун чечип, жүгөнүн шыпырып бошотот. Тайбуурул сүйлөйүн десе, тили жок, бирок Күлчорону билип, окуранып, моюн башын жыттагылайт. Тайбуурул бошонгондон кийин, жерден бир тал чөп үзүп жебестен, Семетейди издеп Таласты көздөй жөнөйт.

Күлчоро Суркоён менен калың кытайды, ылаачын тийген таандай, кырып жүрөт. Дөөлөрдүн өлүгү бир дөбө болот.

Бул учурда Агаяр келет да, Күлчорону жембаштыкча илип алып, Суркоёнду оң жагына коштоп, Эчки-Өлбөстүн тоосун көздөй жөнөйт. Күлчо Агаярдын колтугунан бошонууга аракет кылат, бирок эч натыйжа чыкпайт. Күлчоро өзүнүн начарлыгына наалып: «Мындай алсыз болуп туулганча, бул дүйнөгө келбей эле койсомчу! Менин башыма ушундай күн түшкөндө, Семетей, Канчоро, Бакай, Сары кан, Шыгай кандын бирөө болсо, жардам кылып мени өлүмдөн куткарбайт беле!?» – деп, арман кылат. Агаяр Күлчорону Эчки-Өлбөс тоонун тогуз суусу куйган капчыгайга алып келип, тулпарларды тушап коюп, өзүнүн арманын козгойт. Уруу теги ким экенин айтып: «Мени Бээжинге алып барышып, кырк кулач зынданга салды. Ажыдаардан окутту. «Муну бул жерге койсок, Манаска кошулуп, башыбызга балаа салат, ушундайында кулак уккус, көз көргүс жерге жибергиле!» – деп, Бээжинден эки колумду артыма байлап, көзүмдү таңып, үч жылы жөө айдап олтуруп, жалгыз көздүү, денеси жүндүү элге алып барып, дөөлөрүнө кайтартып койду. Ошол күндөн ушул күнгө чейин Кошой, Манас, Алмамбеттерден кабарсызмын.

Былтыр Коңурбайдан «бизге жоо келди, Карагулдун сакал-мурутун, Алгаранын куйругун жулуп, жылкымды тийип кетти, ошону менен урушабыз» – деген кабар барды. Бир нече дөөлөр тандалып келдик. Кыргыз менен урушканыбызды жакында билдим. Жамгырчы боорумду Коңурбай өз колу менен өлтүрдү. Семетейдин, Күлчоро сенин эрдигиңди, шердигиңди угуп, «кудай мени чын пендем – деп, жаратсаң ошол инилериме бир жолуктур» – деп, сурадым эле, тилегим кабыл болду. Бакай, Семетей абаларыма менин жомогумду баштан аяк айтып бар. Кошулуп алып, Коңурбайды талкалайлы. Коңурбайдын сырынын баары мага белгилүү. Эртеңки казатта, Коңурбай, Нескаранын ок өтпөстөрүн сурап кийип чыгайын, ары жактан

сен чык. Беттеше келгенде, «кытайдан олжого табылган аба!» – деп, мени коштоп, Бакай, Семетейге алып бар.

Коңурбай, Нескараны ок өтпөстөрүнөн ажыратсак, өлтүрүү оңой болот. Сакалым агарып, сапар кетер чагымда, агаңды туугандарына кош. Жамгырчы кандын Шайымбети жаман да болсо, бир тууган, көзүмө көрсөтө көр. Силерге мен бел болом. Ушул сөздөрүмдү унутпа, сага аманат!» – дейт.

Күлчоро сүйүнүп, экөө убаданы бек кылып, кылычтын мизин жалашып, мылтыктын оозун өбүшүп – «Ата кылып албасам, арбак-кудай мени урсун, кокус келбей калсаң, сени урсун» – деп, өлөр жерден ант кылышат.

Күлчоро, Семетейди көздөй жөнөйт. Сырын кишиге билдирбей, Агаяр Коңурбайдын колуна барат.

Күлчоро дөөлөрдү кырып, Тайбуурулду алып кетти дегенди Коңурбай угуп, түгү бетине чыгып каарданат: Колго тийген коёнду, коё берген оңобу?

«Чабагы келсе чалдырдың,
Жалгыз чоро качкынга,
Бузулуп кеткен кытай журт,
Буурул атты алдырдың.
Баласын көрсөң минттиңер,
Баатыры Бакай, Семетей –
Булары келсе канттиңер?!
Терең каздың орумду,
Кайнаттыңар шорумду.

Кайра уруш баштагыла. Бириң өлбөй, баарың өл, тимиң өлбөй, каның өл! Тайбуурул кайда? Дөөлөр кайда? – деп, Агаярга ачууланып, – Тайбуурулду тартып кел!» – дейт.

Агаяр Коңурбайга жүгүнүп: «Ал айтканыңыз туура. Жер жарылган калың кол менен келип, эң акыры олжого түшүрүп алган Тайбуурулду, жалгыз чорого тарттырып жибердик, кайсы бетибиз менен уялбай элге барабыз? Алгараны мага бериңиз. Жалгыз барып кыргызды кырып, Бакай, Семетейдин башын кесип, Тайбуурулду тартып келейин?» – дейт.

Коңурбай безге сайган немедей чочуп кетип: «Алгараны бер дегениң, мени өлсүн дегениң. Мен Коңурбай болгону, Коңурбай атка конгону, атымды, тонумду кишиге берип көргөн эмесмин. Сынчыларга сынатып, сага ат тандатып берейин» – дейт.

Аттарды үч күнү чубатып, Агаярга ылайыктуу ат табылбайт. Эң акыры Нескаранын Чоңкүрөңүн алып берет. Ок өтпөстү кийгизип, Чоңкүрөңдү мингизип, ок-дарыны көп берип, кыргызды кырып, өчүбүздү алып берет – деп, ишенет. «Кыргыз бизге жоо. Манастын тирүү чагында атам Алоокени өлтүргөн. Элди, жерди алган. Манас дегенде, кытайдын уктаганы ойгонгон, ыйлаган баласы сооронгон. Буларга убал жок. Бакай менен Семетейди өлтүрүп, Тайбуурулду алып келип берсең, кыргызга сени кан көтөрөм. Мен өлгөндө Бээжинге кан болосуң. Экөөбүз бир тууганбыз – деп, антташкан элек» – деп, жалынат.

Агаярдын жанына бир канча дөөдөн жолдош кошуп жөнөтөт. Агаяр ичинен, «кудай тилегимди берди. Күлчоро кол кармашып убада кылып кетти эле, астымдан тосуп чыгаар?..» – деп, сүйүнүп жөнөйт. Кеч киргенде бир ээрдей белге токтойт:

«Кытайда жүрүп нетейин,
Кыйырыма кирип кетейин.
Калмакта жүрүп нетейин,
Калкыма кирип кетейин». –

деп, жолдош болуп келген кытайдын Ыйбы-Шыйбы жана башка дөөлөрүн өлтүрүп, Таласты көздөй жүрө берет.

Семетей ок-дарысын билге артып, калың кол алып, Нескара, Коңурбай менен урушууга жөнөп келе жатып, Кара-Кыр деген жерге конот. Түн ортосу ченде Тайбуурул Семетейдин тушуна келип, жерди чапчып окуранат. Тайбуурулду көргөндө, Семетей сүйүнгөнүнөн көзүнөн жашы төгүлөт. Тайбуурул да ыйлайт. Семетей Тайбуурулдун мойнунан кучактап, көкүлүнөн жыттайт. Бакай, Сары кан, көргөндөрдүн баары ыйлайт. Бакай менен Сары кан Семетейге: «Өчкөн отуң тамды, үзүлгөнүң уланды, жогуң табылып, ишиң оңолду» – деп кубанышат. Аңгыча Суркоёнду ургутуп, Күлчоро да келип калат.

Семетей Күлчорону аттын үстүнөн көтөрүп алып: «Кагылайын арстаным! Өчкөн отум тамыздың, өлгөн жанымды тирилттиң, сага менин кара башым садага! – деп жалынып, бети-башын жыттагылайт. Бакай, Сары кан баш болуп: «Эр уул, ушундай намыс үчүн жаралган, Күлчоро эр экенсиң, шер экенсиң!» – деп, аябай макташат.

Семетей Тайбуурулду минип, ары-бери жулкунтуп, доолбасын кагып, калың колун жыйнайт.

Күлчоро Семетейге: «Буурулду жалгыз издеп, каным калды бир кашык, этим болду көк жашык: чыканактап тынч алып, чырм этип уйку албадым. Мен бир аз эс алайын. Бууданыңды таап бердим. Коңурбай, Нескара менен урушуп, калың кытайды Бээжинге чейин сүр, колуңа тийген жерде Коңурбай менен Нескараны өлтүр, арстандардын кунун ал!» – дейт.

Семетей Тайбуурулду минип, Манастын Аголпогун кийип, жөнөйт. Артынан Бакай туу кармап, Сары кан колдун артын айдап, булар да туруп калышат.

Семетей Коңурбайдын колун издеп келе жатып, бир белеске чыкса, астынан Агаяр жекеге чыгып келе жаткан болот. Ошондо Семетей Агаярды мындайча сүрөттөйт:

«Көрсө көңүл бөлүнөт,
Ар жагында бир адам
Көк аскар тоодой көрүнөт.
Чоңдугу тоонун теңиндей,
Кармашса, жанды жеңгидей,
Беттеп адам баргысыз,
Берендиги белгилүү,
Бет алган тирүү калгысыз.
Журт бийлеген зардалдан,
Таш жүрөктүү балбандай,
Кыска сакал, түймө чач,
Пенде заттан бөлөк баш
Бет алышты Агаяр.
«Буга бир кыйкырып найза салайын,
Качпай туруп салышып,
Камбыл тууган кытайдын
Башын кесип салайын.
Какандан кайра кайрылып,
Желбегидей кылайын,
Кылым кыргыз элине
Кайра тартып кылчайып,
Келбегидей кылайын.
Дүмөк салган жаңжалды
Ачпагыдай кылайын,
Кыйкырык салып бурутка

Баспагыдай кылайын» –

деп, Тайбуурулду кара жаак булдурсун менен такымга тартып жиберип, Сырнайза менен Агаярды сайып өтөт.

Семетейдин найзасын Агаяр айбалта менен кагып таштайт. Семетей экинчи жолу качырып саярда найзасын дагы кагып жиберет. Үчүнчү жолу качырганда ачууланып, көңүлү бузулуп, Семетейдин найзасын үйдөй болгон чоюн башы менен быркырата чабат.

Семетейди Агаяр качырып саярда, Семетей да анын найзасын сындыра чабат. Кылыч менен чабышып, кылычтары быркырайт. Экөөнүн тең жарак-жабдыктары сынып, акыры жараксыз калышат. Калкандары талкаланат. Эң акыры айласы кеткенде оодарыша кетишет. Бирин бири ала албайт. Аттары тизесинен жерге батышат. Экөөнүн эрдиги, шердиги, күчтүүлүгү бирдей болот. Жети күнү алышып, бирин-бири жеңе албайт, кыпкызыл канга боёнуп турушканында, каарына жер силкинип, таш кулап Күлчоро келет. Күлчоро дароо экөөнүн ортосуна түшүп, оң колу менен Семетейдин атын, сол колу менен Агаярдын атын кармап, экөөн арачалап, Күлчоронун айтканы:

«Айланайын эки абам!
Алты ай минсе арыбас,
Темир туяк бууданым,
Агаяр менен Семетей –
Экөө бирдей тууганым.
Агаяр биздин агабыз
Айтылган кепти караңыз?
Кыраан учуп чыгалбас,
Кызыл капчыгай зоодоюм.
Кылайган бир жан баспаган,
Кара каңшаар тоодоюм.
Оо, Агаяр абаке!
Буурул алып сүйүнүп,
Кайтпай калган экенмин,
Бууданым абама сырыңды
Айтпай калган экенмин.
Көлпүктөгөн мен көөдөк,
Көп мактанып алыпмын,
Аба жакшылыгың унутуп,
Купуяда калыпмын.

Эштек журттун эркеси,
Жамгырчыдан кенжеси,
Ушул турган Агаяр
Мура болоор өзүңө.
Түндө болчу коногуң,
Түгөнгөн абам, сөзүмдү ук!
Эсиңден танып калаарсың
Агаяр айтса жомогун.
Айланайын Агаяр!
Суркоён тартуу, мен сатуу,
Алтыным минээр бууданга,
Айлансам болот ушинтип,
Тетиги Алтайдан келген тууганга.
Абакем айткан кеби эле:
«Жекеге чыгып жетелеп,
Жети бөлөк кыргызга
Алып кеткин» – деди эле.
Айткан кебин унуткан
Адам мендей болобу?» –

деп, Күлчоро Суркоёндон ыргып түшүп, курун мойнуна салып, атын, башын тартуу кылат. Күлчородон Агаярдын жөнүн уккандан кийин, Семетей да Тайбуурулдан түшүп, чылбырын мойнуна салып: «Бизден билбестик кетиптир, кечириңиз, абаке!» – дейт.

Агаяр күлүп, атынан түшүп, Семетей экөө кучакташып көрүшөт. Кол кармашып жарашат. Агаяр өзүнүн башынан өткөргөн иштерин жомок кылып, баштан аяк айтып берет. Аңгыча Бакай, Сары кан калың кол менен Семетейлердин үстүнө келип калышат. Семетей Агаярды кыргыз менен учураштырат.

Учурашып отурганда Агаяр: «Силер Коңурбай, Нескара менен урушабыз – деп, бара жаткан экенсиңер. Коңурбайдын сырын мен абдан жакшы билем. Коңурбайга адамдын алы жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн, ага сен эмес, атаң Манастын да күчү жетпеген, басташкан аман кетпеген. Күчкө салып Коңурбайды жеңе албайсың, аны амал менен алуу керек. Коңурбай алты ай, бир жыл эмес, туура кырк жыл уруш кылса да күчү жетет. Сексен жыл удаасы менен кызыл кыргын кылсаң, кытайдын чети оюлбайт, кытайдын аз-көптүгүн ушундан бил. Кечээ силер менен урушкан Жөөжелдет тим эле чабалы,

Коңурбай менен эрегишпей, биз кыргыздыкты койдук, кытай болдук, Коңурбай сизди кан көтөрөбүз деп, Алгарадан ажыраткыла. Алгарадан ажырагандан кийин, Коңурбайдын өлгөнү. Коңурбай тирүү турса, кыргызга тынчтык болот – деп, ойлобогула. Коңурбайды амал менен алдап колго түшүрүү силердин ичиңерден Күлчоронун гана колунан келе турган жумуш» – дейт.

Агаярдан бул сөздү укканда: «Кыргызга Агаяр эмес, акыл келиптир, ырыс, кадыр түн келиптир» – деп, Бакай, Сары кан баш болуп, чоң той кылышат.

Агаяр атын таштап, «Мурапы» деген ат коюп, Эштектердин элине Жамгырчынын ордуна кан көтөрүшөт.

Семетей: «Мурапы аба! Кытайда көп жүрүп, сырын билип келипсиз, Манастын кунун кууйм, туу кармап бериңиз» – дейт. Мурапы макул болот.

Ошол жерге ордо салып, кароолду мыктап коюп, оюн – тамаша кылып, калың кол бир нече күн жатат. Арадан бир нече күн өткөндө Мурапы катуу ооруп, өлөт. Сөөгүн жүктөп келип, Кең-Колдун оозуна коюшат. Калың кыргыз Агаярдын урушканын көрбөй өкүттө калышат.

Агаярдын дөөлөрүнүн арасынан Чаңдаяк деген бирөө качып кутулган эле. Чаңдаяк Коңурбайга барып: «Агаяр алпың жекеге чыкпай эле, дөөлөрдүн баарын кырып, өзү кыргызга качып кетти» – дейт.

Коңурбай ачуусу абдан келип, дөөлөрүн, шерлерин чакырат. «Чаңдаяктан кеп уктум, өзүмдөн жоо чыгып, сырымды кыргызга айтып, түбүмө жетип, кырк төрөмдү кырып, Агаяр кыргызга кирип кетиптир. Ал итти кечээ олжого түшкөндө эле, эки көзүн оюп салбай, жоо аяган жаралуу деген ушул. Тышы кытай, ичи жоо шайтанды билбей калган экенбиз. Бүгүн кармашты катуу салабыз, ишке жараар алпың кел, карап турбай жалпың кел. Биз көппүз, кыргыз аз. Кыргыздын бирин койбой кыргыла, кылын койбой олжолоп алгыла. Кытай үчүн, эл үчүн, эл башкарган мен үчүн жан аябай урушкула!» – дейт. Кумурскадай калың кол, Коңурбай жол баштап, Нескара артын айдап, Таласты көздөй жөнөп калышат.

Күлчоро кароолдо турса, Коңурбайдын калың колу каптап келе жатат. Күлчоро чапкан бойдон Семетейге кабар айтат. Семетей тура калып:

«Өпкө тешип, баш кескен Коңурбайдын дөөлөрү каптап келе жатат!» деп, доолбасын кагат. Кыргыздын колу бүт чогулат. Мурунтан кимдин кайда болору дайындалып коюлган, өз-өз орундарына

тура калышат. Эки кол жер үстүнө лык болуп, эл эмес, толгон сел болуп, термелишип турат. Бул уруштун аты «Кичи казат» аталат.

Эки кол толкуп турганда, Бакай кан баркылдап, ачууланып: «Ушул турган аз кыргыздын убал, сообу болобу? Элдин милдетин кимиң аласың, жекеге кимиң чыгасың? Жекеге чыгат деген ушу экен деп эле, бет алды чыга бербей, ишке жарап, мөрөй ала турган эриң, шериң чык. Жумуру башка качан да болсо бир өлүм. Коңурбайдын өзүн өлтүрсөңөр, колу канчалык көп болсо да эт бышымга чыдабайт. Ар качандан, бир качан бизге тынчтык бербей турган болду, Бээжинге чейин кууйлу! Кап, картайып күчтөн тайып калган кезим, болбосо, эч кимиңе «лам» – деп, ооз ачпай эле, өзүм чыгат элем. Манас тирүү, менин жаш кезимде Таласка жоо бастырып келчү эмес эле!» – деп, өзүнүн картайгандыгына арман кылат.

Канчоро камынып чыгып, Бакай менен Семетейге келип: «Эл үчүн, арбак үчүн, жер үчүн, Коңурбай менен койгулашып көрөйүн. Күнүм бүтсө, өлөөрмүн, өлбөсөм, көк жалдардын кегин алайын. Батаңарды бергиле! Мен силердин араңарда жүргөн бир кулуңар элем, кудай абийир берип, Коңурбайды жеңсем, менин «кул» атымды өчүрүп, эң болбогондо аргынга кан көтөргүлө» – дейт.

Семетей Канчорого: «Сени ким кул дейт? Күлчоро үчөөбүз бир тууганбыз. Күлчоро, Канчоро – экөөңдүн кимиң барсаң аның бар. Кытай кыстоо салып турат, кыргызды ажыратып алгыла. Колуңарга Коңурбай тийсе, башын кесип, ичин жарып, канына тойгула. Мындан кийин, экинчи келгис кылгыла. Балдар! Бул чатак биз менен гана болгон чатак эмес, жети атабыздан бери кармашып келе жатабыз. Чоң атабыз Караган, андан кийин Манас, Алмамбет, Чубак – баары кытайдан өлгөн. Эски кекти алып бергиле!» – дейт.

Бакай, Сары кан баш болуп, ак боз бээ союп, «кыргыздын үстү, кытайды асты кылагөр» – деп, киселерин моюндарына салып туруп, батасын беришет. Канчоро батаны алып, доолбасын бир салып, жекеге чыгат.

Коңурбай кырк төрөсүн чакырып алып, Кожожаш уулу Чаңдаякты: «Жекеге сен чык, Семетей менен Күлчорону жок кылсаң, калган кыргыз бээ саамга да туруштук бере албайт. Кечээ Бээжинде турганда, ар кимиң күчүбүз ааламга жетет дечү элеңер. Жалгыз Күлчорого алыңар жетпей, Жөөжелдетти өлтүртүп, Тайбуурулду тарттырып жибердиңер. Чаңдаяк сенин атаң Кожожашты кечээ «Чоң казатта» Алмамбет

өлтүргөн. Атаңдын кунун куубайсыңбы? Айрыкча Семетейди өлтүр. Күлчоронун жанына кыстоо иш түшсө, балким «кытай болом» деп, убадасын берээр, аны көрөөрсүң» – деп, Чаңдаякты жекеге чыгарат. Чоң кара алп дегенди кошуп, миң дөөнү жолдош кылып берет.

Чаңдаяк жекеге чыгып, өзүнүн эрдигин, шердигин айтып: «Баатыр болсоң бери кел! Мага жекеге чыкканды эмне кылат экенсиң? Баатырсынган Семетей менен Күлчороңо кабар берсеңчи» – деп, шылдың кылат.

Канчоро чыны менен эле коркуп: «Менин ажалым бүгүн жеткен экен, мен өлгөнү келген турбаймынбы?.. Жекеге бекер эле чыккан экенмин» – дейт да, кайра намыстанып, – ажалым жетсе өлөөрмүн, кайсы бетим менен коркуп, кайра барайын» – деп, «Манастап!» ураан чакырып, Сырнайза менен Чаңдаякты качырып келип саят.

Чаңдаяк тоотпойт. Найзаны денесине тийгизбей, жакындап келгенде айбалта менен асманга кагып жиберет. Чаңдаяк керигине камчы уруп, качырып барып, бардык күчү менен сайганда, таш сайгандай болот. Канчоро аттан ыргып кете жаздайт. Бул дүйнө тар болуп, Семетей менен Күлчорону бир көрүүгө зар болот. Кытайдын дөөлөрү аламан коюп, тегеректеп калат. Бир топко чейин бой бербей жалгыз урушат. Канчоронун атына ок тийип, найзасын таянып, жөө калат. Ошол учурда Сары кан келет. Канчорону бошотуп аламын деп урушуп, жетимиш жеринен жарадар болуп, өлдүм-талдым дегенде араң кутулат. Сары кан качып келип, Бакай менен Семетейге Канчоронун аты окко учуп, найзасын таянып, кытайдын дөөлөрүнүн ортосунда калганын айтат.

Канчоро дөөлөрдү жанына жакындатпай найзалап, алдырбай жүрөт. Канчоро Күлчоронун жакын жерде жоктугун арман кылып кейийт. «Эми өлдүм го!» – деп, жанынан түңүлөт. Канчоронун бутуколун байлап алышат.

Семетей Сары кандан душмандын жайын угуп, кайра жаачу булуттай, каары бетине айланып, бакырыгы баш жарып, кыйкырыгы таш жарып, Күлчорону чакырат. Күлчоро даяр болот.

Бакай Күлчорого Сары кан жетимиш жеринен жарадар болуп качып кутулганын, Канчоронун аты окко учуп, колго түшкөнүн айтат.

Сары кан Чаңдаяк дөөнүн эрдигин, шердигин, чоңдугун айтып сүрөттөйт. «Чаңдаякка Семетей менен Күлчоронун алы жетпесе, бул экөөнөн башканын колунан келбейт» – дейт.

Бакай кайраттанып: «Чаңдаяк кимче болуп калыптыр, анын атасы Кожожашты чоң казатта мен дал ушул колум менен өлтүргөнмүн. Эркек козу туулса, курмандыкка жаралган, эркек уул туулса, намыс үчүн жаралган. Эзелки ата-бабабыздан бери, бизди эч ким мындай басмырлаткан эмес – деп, аркы-берки кайрат сөздөрүн айтат.

Семетей жекеге өзү жалгыз жөнөйт. Анын артынан Күлчоро чыгат. Бакай туу кармап, Сары кан колдун артын айдап, булар да жүрүп калышат.

Семетей Кожожаш уулу Чаңдаякка келет. Чаңдаяк Семетейди сынап, сынына толтурат. Алда кандай болоор экенмин деп өз жанынан чочунат. «Семетей сен да мага окшогон эр көрүнөсүң, экөөбүз жекеге чыгалы, сен жеңсең, мен кыргыз болуп, сенин айтканыңды кылайын, эгерде мен жеңсем, сен Бээжинге көчүп барып кан бол, сенин Семетей атыңды өчүрүп, кытайча ат коёбуз» – дейт.

Семетей макул болот. Тайбуурулду такымга бир салып, Сырнайзаны колго алып, «Манастап!» ураан чакырып, Чаңдаякты качырып барып саят.

Чаңдаяк былк этпейт. Чаңдаяктын эрдигине ыраазы болуп: «Сен да! эр экенсиң, шер экенсиң, каалаган жериңе сайгын» – деп, Семетей да туруп берет.

Чаңдаяк бардык күчү менен келип саят. Семетей чымынча да көрбөйт. Чаңдаяк жанынан түңүлөт. Колунан келбесине көзү жеткендеп кийин, дөөлөрүнө кол салууга буйрук берет. Чоңкара дөө баш болуп, миң дөө Семетейди тегеректеп калат. Семетей такыр кенебейт, көп колду бучкагына теңебейт. Чаңдаяк келип сая турган болгондо, найзасын асманга кагып жиберет. Дөөлөр менен жалгыз урушат, Семетейди ылгый дөөлөр ортого алып урушуп жатканын Күлчоро көрө коюп, кызыл өрттүн ичинен ажыратып алууга, Суркоёндун оозун дөөлөрдү көздөй коё берет.

Күлчоронун астынан Чоңкара дөө тосуп чыгат. Экөө беттешип, Чоңкара дөөнүн жарак-жабдыктары сынып, жараксыз калат. Айласы кеткенде колун көздөй качат. Артымдан Күлчоро кууп барса, дөөлөр ортого алып бир нерсе кылар деген пикирди ойлонот. Семетей менен Күлчоро туш келген дөөлөрдү кабаттай сайып ыргытып, башын кесип жүрөт.

Күлчоронун көздөгөн максаты, эртерээк Канчорону таап, аны ажыратып алуу. Дөөлөрдү кырып отуруп бир жерге келсе, он чакты

дөө Канчоронун колу-бутун байлап кайтарып отурган экен, Күлчоро дөөлөрдүн баарын өлтүрүп, Канчорону бошотот. Канчорону Бакай менен Сары канга алпарып берет.

Бакай, Сары кан баш болуп, калың кыргыз Күлчоронун эрдигине, шердигине таң калышат. Журт чуркурап туруп, Күлчорого батасын берет. Күлчоро кайра жөнөйт.

Чаңдаяк Семетейдин жалгыз калганын көрүп: «Күлчоросу келгиче Семетейин жайлагыла!» – деп, Коңурбай, Нескаранын жер майышкан калың колун каптатат. Ок мөндүрдөй жаайт. Калың колго Семетей бой бербегенден кийин, Чаңдаяк күндү жайлайт.

Күлчоро шашып чаап келсе, Коңурбай, Нескаранын колу Семетейди кырк тегеректеп калган. Күлчоронун көңүлү бөлүнүп, көзүнүн жашы төгүлүп, «Манастап!» ураан чакырып, качырып кирет, Күлчоро бет алган жак туруштук бере албайт. Күлчоро кырк-элүүдөн найза менен найзалап, андан жакын келгенин шыйрактан кармап ыргытып, заматта эле жети миң кытайды өлтүрөт.

Семетейдин айласы кетип жанынан түңүлгөнсүп калат. Аңгыча Күлчорону көрө коюп:

«Ата, айланайын Күлчоро!
Аргымак бактым, ат бактым,
Асты убайын көрбөдүм,
Айлансын Буурул буудандан.
Азамат жыйдым, шер жыйдым,
Айланып кетсин жан биргем
Күлчоро сендей туугандан.
Киндикти кескен жер бирге,
Туулуп өскөн эл бирге,
Жылкы айдаса, чоң бирге,
Өлүм орток, кан бирге,
Ажалга орток жан бирге,
Сен келбесең төрөгө
Көргөзмөк Бээжин калааны,
Бөлүнтмөк болчу санааны.
Агызмак болгон канымды,
Кыймак болгон жанымды.
Ажыраттың Күлчоро
Нар Буурул өңдүү малымды,

Алып калдың садага,
Бир чымындай жанымды!
Кызыталак кайран жан
Көрөөрүмдө кезиктиң,
Кыяматтык жапаны
Өлөөрүмдө кезиктиң,
Сендей тууган балага
Айлансын абаң садага! –

деп, жалынат. Тайбуурул силкингенде, түшкөн ок дөбө болот. Күлчорону бел кылып кайраттанат. Чаңдаяктын эрдигин, шердигин айтат. «Күлчоро, эми өзүң кайрат кыл» – дейт. Анда Күлчоро:

«Кытай түмөн, кыргыз аз,
Кымбатым абам кабылан
Кырылышып көрөлү.
Бу кызыталак куу жанды
Ушу кытай журтуна
Курмандыкка берели.
Айтканың, абам, акыл кеп,
Дегениңе макул – деп,
Аянып калган адамдын
Жети атасы капыр – деп,
Адам өлөр шерт кылып,
Кайра тартып кеткенди
Аккелтенин огу урсун,
Акбараңдын чогу урсун,
Төбөсү бүтүн көк урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Арстан Манас, эр Чубак,
Алмамбет менен эр Сыргак
Арбагы каалап бизди урсун!
Ай бөксөрүп, күн өтсө
Алыш кылам минетип.
Кыйналып чама кеткиче
Кылча жылбай жалгыз жан,
Кыргын болуп кеткиче.
Кыйындап согуш салбасам,
Кыйын балбан Чаңдаяк

Чалкасынан салбасам,
Көк ала сакал эр манжу
Коң төрөсүн сойбосом,
Көөдөндөн чыккан кара кан
Кымызча ичип сорбосом
Тирүү жүрбөй өлөйүн,
Туулбай туна чөгөйүн.
Арчындап белим буубасам,
Ата кунун куубасам,
Тың экенин билейин,
Тирүү жүрбөй, абаке,
Тигимден туруп өлөйүн!

деп, шерге убада кылып, айтып оозун тыйгыча, Коңурбай, Чаңдаяк баш болуп, урушту күчөтүшөт. Жекеге чыга турган башка кан калбай калганда, Чаңдаяк чыгат. Чаңдаяк балбандарын, дөөлөрүн жутуп жибере жаздап: «Эсенкандын алдында ар кимибиз кыргызды жалгыз алып беребиз – деп, мактанып убада берип, эми жер жайнаган дөөлөр эки кишиге алыңар жетпейт. Кармагыла, байлагыла, кабыргасын сөккүлө, канын төккүлө, өрт өчкөндөй кылгыла!» – дейт. Керик мингенин бир башка, качыр мингенин бир башка бөлүп, эки төрөнү кармап алууга бардык күчтөрүн жумшайт. Жааны жамгырдай, окту мөндүрдөй төгүшөт.

Семетей менен Күлчоронун баштарына бир топ кыйынчылыктар келет. Күлчоро Семетейди караса, абасынын алы начар көрүнөт. Ошондо Күлчоро арбактарга жалынып, «Манастап!» ураан чакырат, жер жайнаган дөөлөргө жеке кирип, кол салат. Найза менен сайгылап, кылыч менен кыймалап, маңдайлаша келгенин айбалта менен жапырып, жеткендерин майдалап, жетпегенин кайдалап, денеси калып, башы жок өлүк жатат дардайып. Очогор аткан мергендердин өлүгү жерге батпай кетет. Керик, качырлардын ээр-токумдары бооруна түшүп, парсылдата тепкилеп, үркүп жүргөнү андан көп. Күлчорого эч ким даап, кол сала албайт.

Чаңдаяктын көздөгөнү Семетей, бир нече дөөлөрү менен окту мөндүрдөй төгүп, Семетейди шаштырат.

Семетей Күлчорого келип: Чаңдаягыңдын түрү жаман көрүнөт, экөөбүздү бирдей өлтүрүп, кыргыз каран калбасын? Бакайга барып акылдашып, андан кийин урушсак кантет?» – дейт. Безге сайган

немедей Күлчоро ыргып кетет да: Кокуй аба! Мен сизди кайраттуу экен десем, кайратыңыз жок беле?! Бакайга барып, анын көңүлүн иренжитип жүрөбүзбү? Экөөбүз качсак, кытай кыргыздан тукум калтырбай кырат. Манас, Алмамбеттин кунун албай, тирүү жүргөнүмөн өлгөнүм артык. Кан аба, мага караан болуп бер. Чаңдаяк менен карсылдашып көрөйүн» – дейт. Күлчоронун кебин угуп, өзүнүн мурунку айткандарына арданып, Семетей да кайраттанат. Кан ичмеси кармайт.

Күлчоро менен Семетей Коңурбайдын калың колун качырып киришет. Аябай көп кырат. Дөөлөрдүн кырылып жатканын Чаңдаяк көрүп, күндү жайлап, найза бою кар жаадырат. Жөө тумандап, көзгө сайса көрүнгүс болот. Семетей менен Күлчоро Чаңдаяктан адашып калышат. Семетей Күлчорого: «Менин ок-дарым түгөндү, Чаңдаякка алым жетпеди, мен элге кетейин» – дейт.

Күлчоро чочуп кетип: «Аба! Ар качандан бир качан сен ушундай «оңбогон» сөздү айта бере турган болдуң. Чаңдаяктан качып келдим деген сөзүң, өлүм эмеспи?!

Мени жети күнү ушул жерден күт, жети күндө келбесем, Күлчоро Чаңдаяктан өлдү – деп, Сары кан, жалпы кыргызга жарыялап, арбагыма багыштап, куран окуп кой» – дейт. Семетей менен коштошуп, Күлчоро Чаңдаяктын калың колун издеп жөнөйт. Жолдо келе жатып, түрдүү иштерди ойлойт.

Ошол кезде Чаңдаяк Жезбилек деген дөөсүн кароолго коюп, калың колу менен эс алып, тынч жаткан болот.

Күлчоро бир кырга чыкса, кароолдо турган Жезбилек алп көрүнөт. Акырын жашынып барып, байкабай турган Жезбилек алпты өлтүрөт. Жезбилек алптын кийимин бүт тоноп киет. Куду Жезбилектин өзү болуп калат. Күлчоро Чаңдаякты издеп келе жатса, Чаңдаяк астынан чыгат.

Чаңдаякты көргөндө, эртерээк жетип, Семетейге тирүү алып барсам, дегенде эки козү төрт болот. Чынында Чаңдаяк Коңурбайдан алда канча эр болот. Чаңдаяк Күлчорону көрүп чочунат. Алда ким? – деп, ишенбей коркот. Күлчоро жакындайт. Чаңдаяк кериктин оозун тартып урушууга камынып туруп муну сурайт: «О ботом, сенин кийимиң кытайча болгон менен түрүң суук экен. Бизге элсиңби, же жоосуңбу? Чыныңды айт? Сенин түрүңдөн шекшинем» – деп, жүрөксүйт.

Күлчоро кытайча сүйлөп: «Менден чочубаңыз. Мен Сазаңшаңдын шаарынан кыргыз алдырбай жатат дегенди угуп, силерге жардам берүүгө келе жатам. Жер майышкан калың кол менен алакандай кыргызды ушул күнгө чейин кандай ала албайсыңар? Жооң кайда, менин көзүмө көрсөтчү?!» – деп жакындайт.

Чаңдаяк: «Сендей дөөнү мен кытайдан көргөн эмесмин, жакындаба» – дейт. Анда Күлчоро: «Чаңдаяк алп, сиз кытайдын жөнүн жакшы билбейт экенсиз. Менин атам Мадыкан, ал киши «Чоң казатта» өлгөн. Атам өлгөндө мен курсакта калгам. Кийин мен төрөлгөндө, атымды Чоң балбан койгон экен. Мен атайы жардам берүүгө силерди издеп келсем, силер мага ишенбейсиңер» – деп, капаланымыш болот.

Чаңдаяк Күлчорону чын эле Мады кандын уулу – деп билип, көргөн билгенин – бардык сырын айтат. «Чоңбалбан» токтоосуз согушуу үчүн курал-жабдык сурайт.

Чаңдаяк жарак-жабдыгын берет. Жоосун куралсыздандырган Күлчоро карап турабы? Чаңдаякты карсылдактын алдына алат.

Чаңдаяк өз чачын өзү жулуп, душманына алдатканын эми билип, ыйлайт. Күлчоро сыр найза менен ыргыта салып, буту-колун таңып, керигине артып, Семетейге тартуунга алып жөнөйт.

Болжол кылган жети күн өтөт. Семетей чыдап жата албай, Тайбуурулга минип, Опол-Тоодой көрүнүп, жүрүп калат. Бир кырга чыгып, дүрбү салып караса, Күлчоро келе жатат. Аны көрүп, Семетей ыраазы болуп:

«Чором, жылкыдан чыккан канатым –
Мына бу Буурул сындуу малымды ал,
Азыраак болсо, асылым,
Мына бу көөкөргө куюп, канымды ал!
Айтканымды, арстан чором, билип ал!
Белсенип чыгып Күлчором
Бээжинге бейпай баштапсың,
Алты миң кытай, сан калдай
Аксакалы Коңурбай,
Байлап келип мергенин,
Калчаны каран таштапсың.
Кытайдын белин сындырдың,
Кылымды бузаар Күлчором.

Кыргыздын көөнүн тындырдың.
Күндүзү кымыз, түнү кыз,
Күлүп ойноп жатканга
Кең Талас өңдүү жер кайда?
Күптүнү чечип бергенге
Күлчором сендей эр кайда?
Ар түркүн жыргап жатууга
Ала-Тоо сендей жер кайда?
Атышка кирсе кыйраткан
Күлчором сендей эр кайда?» –

деп, төрөсү чоросуна жалынат.

Күлчоро: «Абаке! Кытайдан чыккан Чаңдаяк деген дөөнү сизге тартуу кылып келдим. Менин сизден сураарым «кул» деген атты өчүрүп, мени да кыргызга кан көтөрүңүз» – дейт.

Семетей Чаңдаякты көргөндө чыдап тура албай, кылычын сууруп алып, башын кыя чабат. Ичин жарып, канынан кочуштап шимирет. Канга тоюп, Күлчорого жалынып, анын эптүүлүгүн, эрдигин айтып мактайт. «Күлчором аман болсоң, мени ааламга кан көтөрөт деп жүрөм. Коңурбайдын көзүн тазалабай биздин ишибиз оңолбойт, ушунун айласын кандайча табасың?» – дейт.

«Мен да сизди ата ордуна кармаган абамсыз. Сиздин кызматыңызды кылып өлүп кетсем арманым жок. Биз аман болсок, Коңурбай кайда качып кутулаар дейсиз? Бир күнү жайлап берем. Эгер кааласаңыз азыр деле барып, күнүм бүтсө окко учуп, болбосо Коңурбайды Бээжинге чейин сүрүп берем, Аголпок, Тайбуурулду мага бериңиз?» – дейт Күлчоро.

Семетей атынан түшүп, Аголпогун чечип, жарак-жабдыгын бүт берет. Күлчоро Коңурбай менен Нескараны тилин алса, алдамакчы, тилин албаса, жалгыз өзү уруш салмакчы болуп, Семетейден бата алып жөнөйт.

Коңурбай кандарын, дөөлөрүн чакырып алып:

«Биз капчыгай элек, жол болдук,
Быйыл калың кытай кор болдук.
Жал куйруктан айрылып,
Сопол болгон экенбиз,
Мүйүз сынып, баш калып,
Токол болгон экенбиз.

Мен Коңурбай болгону, Семетейден кыйынды көргөн эмесмин. Топон суу жетпес Бээжинди быйыл Семетейге тепсетип алар бекенбиз?..» – дейт.

Анда манжунун каны Нескара: «Ишенген дөөлөрдүн баары дээрлик Семетей, Күлчородон өлдү. Кыргызды кырып олжо алууга келип, ит көрбөгөн кордукту көрдүк. Семетей менен Күлчоронун ар кимиси жалаң кытай гана эмес, ааламга алы жетчү эр, шер экен. Булар менен эрегишти токтотолу. Намыс кылбай арага элчи салып, Манастын, Алмамбеттин, кырк чоронун кунун берип, ушундайыбызда жарашып, Бээжинге аман-эсен кетели» – дейт.

Коңурбайдын төбө чачы үксөйүп, кежиге чачы сүксөйүп, Нескарага аябай ачууланат: «Акмак Нескара, сенин мээң чирип, акылыңдан ажырап калган экенсиң. Акыл таап, элге кайрат айтат десе, былжырап элдин көңүлүн иренжитесиң. Эч кимиң кайра качпайсың! Качуучуң болсо, өз колумдан өлөсүң, бир киши калганча урушуп, кыргызды кырып, катын-кызын ыйлатып, таш-талканын чыгарам!» – деп, күпүлдөйт.

Элдин эси чыгат. Эл ары-бери уюлгуп, Коңурбайдан коркуп, эмне кылаарын билбей турганда, Күлчоро барып калат.

Күлчоро Тайбуурулду жулкунтуп, көк темирди кийип, Опол-Тоодой көрүнүп жетип барганда, кытайлардын жүрөгү чыгып: «Капырай бул ач жолборстой чамынган заардуу неме экен, баарыбызды кырып кетер бекен» – деп, шыбыр-күбүр болуп калышат.

Коңурбай Нескараны чакырып: «Сенден башка кайрат кыла турган адам калбады, биздин сырыбызды билген немедей душман басмырлап келди, кайрат кылып, өзүң жекеге чык. Эгерде алың жетпей турган болсо, дароо бери качып, калың колго кир, эптеп ажыратып алаарбыз» – деп, жекеге чыгарат.

Нескара Күлчоронун сүрүнөн коркуп, бирок Коңурбайдан уялганынан, араңдан зорго жекеге барат.

Нескара алыстан Күлчорону сынап, эрдигине, шердигине көзү жеткенден кийин, качып, дароо Коңурбайга келип:

«Мен Нескара болгону, Нескара атка конгону далай эле дөө көрдүм. Мадыкан, Манатбектерди да көрдүм, бирок буга окшогонду көрбөгөнмүн. Мадыкан менен Манатбек мунун жанында тим эле бала катарында экен. Ушундай бала неге биздин элде туулбады. Баланын эл экенин, же бизге келген жоо экенин да билгеним жок, бирок сүрүнөн коркуп өлүп кала жаздадым!» – деп, энтеңдеп, сөзүн да корккондуктан чала-була айтат.

* * *

Жоонун колу Күлчоронун сүрүнө таң калып турганда, Күлчоро тик бастырып, Коңурбайдын үстүнө барат. Күлчоро кытайча сүйлөп: «Аман-эсен жатасыңарбы, туугандар? Менин «туугандар» – деген сөзүмө таң кала турган чыгаарсыздар. Менин түп атам – Чылаба. Алооке менен Азиз кан бир тууган экен. Алооке кандан Коңурбай төрө сиз экенсиз, Азиз кандан менин атам Алмамбет экен. Алмамбет кыргызга келип, мен кыргызда туулупмун. Коңурбай сиз менин абам болосуз. Мен кытайлыгымды билбей эле, кыргызга дене кул болуп жүрө берипмин. Сенин түбүң кытай деген сөздү кечээ угуп, күйбөгөн жерим күл болуп, тууган издеп келдим. Кыргызды талак кылып, канкор Манастын уулу Семетейди айры белес, ач жолго таштап келдим. Кыргызда жүргөн кул экен деп, кесээр болсоңуз баш мына, болбосо, иниңиз экенмин, тууган кылып алыңыз. Сиздин жооңузду жоолошуп, жолдош болуп берейин. Кыргызда жүрүп, диндин кайсы экенин да жакшы билбей калдым, бурканды бериңиз, табынайын» – деп, ичи койнуна кирип кетет.

Коңурбай дароо Ыламан деген чоң молдосун чакырат. Ыламан колдон жасаган бурканын алып келет. Коңурбай Ыламандын колундагы бурканды алып, Күлчорого: «Сен кыргыз жолун таштагын, жаңы жолду баштагын:

Тууганым деп күтпөсөм,
Туура буркан мени урсун,
Турбай арам ойлосоң,
Туура чором сени урсун, –

деп, бурканды колуна берет. – Чын пейлиң менен келсең Бээжинге кан көтөрүп, эки тизгин, бир чылбырды өз колуңа берем. Айтканымды орундатпасам сакалым кыркылсын. Алгара атымды ал, аны аз десең көөкөргө куюп, канымды ал» – деп карганат.

Күлчоро менен Коңурбай тууган болуп эзилишип калышат.

Коңурбай: «Мен картайып, өсөөрүм калган жок, өлөөрүм калды, мына бу кырк уруу кытайды сага дайындадым. Алмамбет качып, кыргызга кирип, сен кыргыздын арасында туулуп, тилиң, түрүң бузулган окшойт. Дилиң таза болгондуктан, өзүң издеп келдиң, ал күнөөңдү кечтим, сага өлөөр-өлгүчө ыраазымын!» – деп, мактайт.

Күлчоро бурканга таазим кылып, төшүнө такылдата ургулайт. Бирок ичинде, «Сени алдап колго түшүрүп, башыңды кесип, атам Алмамбеттин кегин алсам!» – дейт.

Коңурбай менен Нескара Күлчоронун кытай болгондугуна абдан ишенишет. Күлчоро кытай болду дегенине дагы бир далил, ал Семетейдин Аголпогун кийип, Тайбуурулун минип келген.

Коңурбай Күлчорого абдан ишенгенден кийин: «Сени Эсенкандын ордуна кан көтөрөбүз, Күлчоро деген атыңды жоюп, кытайча башка ат коёбуз. Кулак угуп, көз көргөн жерге кабар берип, чоң той жасап, кан көтөргөндөн кийин, кыргыз сөзгө келбесе, Меке, Мединага чейин кууйбуз» – дейт.

* * *

Коңурбай Күлчорону чакырып алып: «Сени мен кан көтөрдүм, мындан ары, кырк эки кан кытай элинин убал-сообу сенин мойнуңда. Биздин азыркы чоң душманыбыз Манастын уулу Семетей. Эгерде биз Семетейди жок кылбасак, же аны менен жакшылап сүйлөшүп дос болбосок, биздин ишибиз оң болбойт. Биздин сынчылар Семетейди сынап, Коңурбай сенин ажалың Семетейден дешкен эле. Семетей, сен – үчөөбүз бириккенде, бизге дүйнө жүзүндө каяша айтаар калбайт. Мен Семетейди абдан сынап көрдүм. Анын эрдиги-шердиги атасынан алда канча өөдө экен. Ушул жашка келгенче далай эле дөөлөрдү көрдүм, бирок Семетейдей баатырды асты көргөн эмесмин. Эгер Семетей тилиңди ала турган болсо, экөөбүздү жараштырып дос кыл. Атасы Манас эмес, чоң аталары Жакып кан, Каракандардын кунун да жүз эсе берейин. Макул десе, кытай элине бүт кабар берип, чоң той кылып, кан көтөрөйүн. Эмне десе орундатайын, мени менен Семетейди достоштур. Бакай тирүү болсо, Семетейди мени менен достоштурбайт. Бул сөздү Семетейге Бакай жок жерде айт.

Семетей макул десе, сүйүнчүлөп чаап кел, макул дебесе жамандашпай кайтып кел. Бээжиндеги дөөлөрдү алдырып, анда чоң уруш салабыз. Менин Алгара атыма минип жөнө!» – дейт.

Күлчоро ичинен сүйүнөт. «Абаке! Сиздин сөзүңүздү эки демек белем. Максатыңыз Семетей менен эле дос болуу болсо, ал оңой иш. Аны мен колуңузга салып берем. Алгараны минип кантейин, Тайбуурул менен эле барайын. Жарыктык сиз Бакайдан чочуйсуз. Бакай

деген киши бул кезде картайып, акылынан адашып, чөгүп калган. Өлүү десе көрдө жок, тирүү десе санда жок. Тамак, уйку мындан башка менен иши болбой калган. Жакшылык менен айткан тилимди алса ээрчитип келем, тилимди албаса, Канчоросу менен кагыша кетээр бекем. Жети күнү күтүңүз. Жети күндө келбесем, анда мени, же өлтүрөт, же колго түшүрөт. Жети күндөн кийин менин кунумду кууй бериңиз» – деп, Күлчоро Семетейди көздөй жөнөп калат.

Күлчоро Семетейге келип: «Кудай тилекти берди. Коңурбайдын айынан мен кыргызга шек келтирдим, «кытай болдум» – деп, буркана таазим да кылдым. Кудай өзү кечирсин» – дейт.

Коңурбайды алдаганын, азыркы келген максатын төкпөй-чачпай Семетейге айтып берет да: «Мен да кытай болдум деп, калп эле бурканына чокун, кудай өзү кечирээр. Ошондо кытайлар күмөн санабай ишенишет. Ишендирип туруп, ичин жаралы, башын кесели, жүрөгүндөгү канына тоёлу. Сен намыс кылбай менин айтканыма макул де! Айтканымдан чыкпасаң, Коңурбайды өз колуңа салып берем. Бирок абайлагын, абаке, колдон чыгарып кокуй кылып жүрбөгүн! Айлалуу чочко сенин өзүңдү алдап кетпесин, түпкө ошентип жетпесин!?» – дейт.

Чоросунун бул акылына таң калып, Семетейдин кубанычы койнуна батпай сүйүнөт. Кеңештери бүтүп, Күлчоронун акылына макул болушат да, Күлчоро Коңурбайдын кошуна жөнөйт.

Коңурбай Күлчоронун келе жатканын алыстан көрүп: «Мунун көңүлү сүттөн да ак экен, буга анык ишендим. Күлчоронун алдынан алты жүз качыр, алтымыш билге алтын артып, тартуу тартып, тосуп чыккыла, так кытайча жүгүнүп баргыла, мал-башты ортого салгыла. Күлчоро менин иним, мунун күчү-кытай эмес, кылымга да жетет!» – деп, мактайт. Тартууларын алып, жүгүнүп кытайдын үрп-адаты боюнча тосуп чыгышат. Кай бирөөлөр Күлчорого таң калышып: «Бул анык тууган болсо, Коңурбайдын ордуна кан көтөрө турган бала экен» – дешет, кайсы бирөөлөр: «Бул бала түбү тууган болбойт го, түбүбүзгө жетет го!» – дешет. Ар кимиси өзүнчө күңкүлдөшөт.

Күлчоро Коңурбай менен Нескара олтурган жерге барып түшөт. Бир аз амандыкты сурашып отургандан кийин, Коңурбай элин бүт жыйнатып: «Биздин тилекти кудай берди, кыргызда жүргөн тууганым атайы мени издеп келди, мен өлгөндө ордума Күлчоро кан болот. Силер көзүңөрдү ачып жүргүлө. Бүгүндөн баштап эки тизгин,

бир чылбырды Күлчоронун колуна бердим. Мындан ары силердин тагдырыңарды Күлчоро чечет. Күлчоронун келгендигин, кан болгондугун калгандарга да угузуп койгула, атайын тойду да жасайбыз!» – деп, жарыялайт.

Күлчоро ордунан тура калып, кытайларча жол кылып: «Абаке, сиз бүгүн мага Бээжиндин кандыгын бердиңиз, менин мойнума ошончолук жоопкерчиликти жүктөдүңүз. Кыяны бузуп жер таптым, кыргызды бузуп эл таптым. Манастын уулу Семетей кыргыздыгын талак кылып, кытайдын динине кирип, Коңурбай төрө сиз менен акыреттик дос болду. Сиздин алдыңызга келет, көңүлүн иренжитпей, күтүп алыңыз. Сиздин эрдигиңизге баш ийди. Манастын кунун бере турган болдук. Кыргыз Бээжинди көздөй көчмөк болду, бир туугандай эл болдук» – дейт. Күлчоронун кытайдын динине киргендигине абдан ишенишет. Арак-шарабын ичишип, сынчылары сынап, тамаша болот.

Чогулуп олтурган элге Күлчоро: «Кырк кандуу кытай эли, Коңурбай, Нескара, жакшы-жаманың, улууң-кичүүң чогуу отурасың. Мен аркылуу Манастын уулу Семетей сиздерден чоң бурканды суратты. «Кыргыздыкты койдук, кытайдын динине кирели» – деди. «Нечен жылдан бери, кытай, кыргыз болуп эле урушуп, чабышып келе жатабыз, мүйүз чыкканы кана?! Чыр чатак токтолсун. Манастын жана анын кырк чоросунун кунун берели. Ошентип достошуп эл бололу. Көңүлдөгү кирди таза кетирели. Бир кишинин баласындай бололу» – дейт.

Коңурбай Күлчорого: «Кыргызың кытайдын динине кире турган болсо, буркандын күчү эмес, башы менен алып бар. Семетейдин достошоору чын болсо, Манас менен кырк чоронун кунун миң эсе кылып берейин. Семетей экөөбүздү достоштуруп, эртерээк жолуктур» – дейт.

Күлчоро Коңурбайды колго түшүрө турган болот да, Семетейге келет.

Күлчоро Бакай, Сары кан, Семетей, Канчоро – төртөөн чакырып алып: «Мен Коңурбайды бал тил менен алдадым. Коңурбай колго тийди, тилекти кудай берди. Абаке, калчанын башын кесип, ичин жарып канына тоё көр. Капкайдагы кекти ала көр. Көкжалдардын кунун бермек болду. Жакында кытайдын мен-менсиңгендерин уу ичкен эмедей кырып берем» – дейт.

Бакай Күлчоронун кылган иштерине абдан ыраазы болуп: «Сага окшогон баладан Бакай абаң садага, картайган кезимде Коңурбайды колума бир тийгизсең, дүйнөдө арманым жок. Айланайын чунагым, астымдагы атымды ал! Аз болсо, көөкөргө куюп канымды ал! Кудай үчүн, мен үчүн, атаңдан калган эл үчүн, ит Коңурбайды колго бир түшүрүп бере көр. Чочконун ичин жарып салайын, эски кекти алайын!» – дейт.

Семетей Күлчорого эки дүйнөдө ыраазычылыгын айтат. Анда Күлчоро Семетейге: «Коңурбайдын Алгарасын колуңа тийгизем. Кытайлар келинче жүгүнүп алдыңан чыкса, дардаңдап сүйүнүп кетпе?! Коңурбайды Алгарадан айырсак, ишинин бүткөнү. Коңурбай Манасты алты жолу алдаган экен, кудай берсе бүгүн аны алдайбыз.

Абалар! Мен кыла турган ишимди силерге айтып эскерип коёюн: Кытайга барганда бурканды дароо ала коюп, кытайча сүйлөп табынам. Күлчоро биротоло бузулуп кытай болуп кетиптир деп, көңүлүңөр иренжий турган болсо, чыныңарды айткыла?! Коңурбайдын ичикойнуна кирип кетпесем, мага кайдан алдатсын? Алар да мал катары айбан эмес, Коңурбайды колго түшүрүү үчүн, мына ошого окшогон иштер керек. Коңурбай тилимди алып алдатса алдатты, алдатпаса Бээжинге чейин сүрөм» – дейт.

Бакайга тууну карматып, Семетей калың колу менен Үйрүлмөнүн сазына барып токтойт.

Күлчоро чапкан бойдон Коңурбай менен Нескарага барып, тизе бүгүп жүгүнүп, бурканды алып чокунат. Коңурбай, Нескара өз ара «Күлчоро кытайдын динине бизден да мыкты болду» – дешип күбүрөшөт. Коңурбай, Нескара, Күлчоро жана башка кытайдын мыктылары чогулуп үлпөт кылып отурганда, Аяр сынчы келип, Күлчорону сынайт.

Күлчорону ары-бери айландырып карап олтуруп, Аяр сынчы Коңурбайга: «Коң төрө, жаман көрсөң жаман көр, бирок сенин мына бу тууганың— тууган эмес, анык душман экен, сени алдап жүрөт. Ичи койнуңа кирип, атыңды минип, тонуңду кийип, эң акыры өзүңдү ушул бала өлтүрөт. Мунун колунан бизге жакшылык келбейт, ойлогон ою арамдык. Ушул баштан муну курут» – деп, ыйлап жиберет.

Коңурбай Аяр сынчыга ачууланып: «Сен менин бир тууган инимди душман катары жамандап, биздин арабызды бузгуң келет. Мага сен жакшылык ойлобойт экенсиң. Мага бир тууганым душман

болгондо, досум ким болот? Былжырабай азыр жоголгула, болбосо, башыңарды алам!» – деп, кылычын суурат. Коңурбай ачууланганда сынчылар жана башка отурган элдин эстери чыгышат. Сынчылар акырын көчүгү менен жылып, эшикке чыгып жоголушат.

Коңурбай Нескарага жана кырк төрөсүнө: «Биз көп убактан бери эле кыргызды жеңип алабыз деп, бирок жеңе албадык. Ушунчалыгыбызда урушту коюп, Манастын кунун берип, Семетей менен достошуп, аман-эсенибизде Бээжинге кайталы. Алгараны баш кылып, алтын-күмүштү аябай көп берели, кандай дейсиң кандарым?» – дейт. Отурган кандары бул акылды ылайык табышат.

Күлчорону чакырып алып, кандар менен болгон кеңешти айтып, Семетей менен жараштыруу Күлчоронун колунан гана келээрине ишенип, бардык сырын айтат.

Кытай эли өз ара шыбыр-күбүр болушуп: «Коңурбай алжыган экен, Күлчорого алдатып, далай элдин канын бекер төгө турган болду» – дешет. Кырк төрө Коңурбайдын кылган иштерине күйөт.

Күлчоро ичинен жымыңдап сүйүнөт.

## КОҢУРБАЙДЫН ӨЛҮМҮ

Кыргыз менен кытайдын ортосунда Күлчоро арага жүрүп турат. Коңурбай менен Семетей элдешмекчи болуп, арадагы сөздөрү бүтүп, баш кошуп Коңурбай, Нескара, кырк төрө Семетейди көздөй жөнөшөт. Коңурбайларды Күлчоро: «Сиздер атыңыздардан түшүп жөө барыңыздар, тиги жактан Семетей, Бакай да жөө келишет» – деп, аттарынан түшүрүп, жөө жүргүзөт. Коңурбайлар аттарынан узап калганда Бакай менен Семетей: «Качырсакпы? Күлчородон кандай кабар болор экен?» – деп, ыкыс берип турушат.

Коңурбай жөө жалаң Семетейге бара жатканынан чочуп: «Алда кандай иш болуп кетти? Мени чындап кудай урган экен го! Күлчоронун пейли бузулуп, мени алдаган экенго! Менин ажалым жеткен экен» – деп, бармагын тиштеп артын карай кылчактайт. Күлчоро, Коңурбайды шаштырып, Тайбуурул менен согончоктотот. Коңурбай, Нескара, кырк төрөсү менен чогула калып: «Ата-бабасынан кеги бар ит чорого бекер алдаткан экенбиз. Семетей менен достоштурбай эле, бизди өлтүргөнү алып келе жаткан турбайбы? Буудандардан

айрылып, жөө калып бизди кудай төбөбүздөн уруптур. Эми эмне айла кылабыз?» – деп, Коңурбай аттарын көздөй жулкунуп басат. Күлчоро жолун тороп, жибербейт.

Ошондо Коңурбай: «Өз убалым өзүмдө. Кулак угуп, көз көргөн жерде мага каяша кылаар калган жок эле, эң акыры, чунак жетимге өз колумду өзүм байлап берип отурам. Мен үчүн бул аз. Кандарым, акыр өлүүнүн кишиси болуп калдык, аябай урушкула. Бирөө жарымың аман кутулуп калсаңар, болгон окуяны Эсенканга төкпөй-чачпай айтып баргыла. Менин кунумду Семетейден кууп алсын» – деп, азирет арманын, керээз сөздөрүн айтат.

Күлчоро Коңурбайга: «Сен эмне жулкунасың? Мен сенин атаң Алоокени өлтүргөнүм жок, көп болсо, Тайбуурул согончогуңду сыйра басып кеткендир» – деп, койнундагы айбалтасын ала коюп, Коңурбайды шилиге чабат.

Коңурбай оңкосунан сайылат, эси ооп калат. Нескараны кылыч менен мойнун кыя чабат. Калгандарын найза менен ыргыта сайып, кылыч менен башын алып жүргөндө, Семетей бери жактан көрүп, жөө чуркап барып: «Айланайын Күлчоро, бир жемиң экен, Коңурбайды өлтүрбөй мага кашык канын бере көр. Өз колум менен жайлайын, тиги дүйнөгө барганда Семетей, Күлчоро экөөлөп өлтүргөн – деп, жүрбөсүн» – дейт.

Күлчоро күлүмсүрөп: «Белекке берем Калчаны, берен абам алыңыз! Арстан бугу алгансып, ойноп жүрүп союңуз, – дейт.

Семетей Күлчорого жалынып: «Мал да, жан да, жер да, эл да – баары сеники» – дейт. Колго түшкөн Коңурбай Семетейге жалынат, жансоогалайт. Анда Семетей Коңурбайга мындай дейт:

«Кечээ Бээжинге бейпай салганда
Бет алышып турупсуң,
Сыйкырчыңды чубатып,
Алп, шерлердин баарысын,
Атакем Манас карысын,
Түп көтөрө жайлапсың
Кыраандардын баарысын.
Өзүң да мындай болот – деп,
Ойлодуңбу Коңурбай?
Эрендерди, кандарды
Сойгонуңбу Коңурбай,

«Өзүм колго түшөм – деп,
Арт жагыңды бир карап,
Ойлодуңбу Коңурбай?
Берен атам Манаска
Бейпайды жаман салыпсың.
Кабарман өлүп, кан өлүп,
Каттаган жандын баары өлүп,
Кылча койбой чырдашып,
Кыйындын баарын берипсиң,
Жалпы эренди союпсуң.
Жетим кылып балдарын,
Жесир таштап катынын,
Олжолопсуң бууданын,
Кул кылыпсың тууганын.
Алмамбет, Чубак – ал кайда?
Серек, Сыргак – бул кайда?
Бээжин эмес, ааламды
Кырып ийчүү кул кайда?
Көк ала сакал чоң манжу
Атышты арбын салыпсың,
Алтымыш келин, тул катын
Асылды каран таштапсың.
Айтчы азыр сөзүңдү!
Көрөйүн жакшы көзүңдү?!..» –

деп, каны ичине тартып, чачынан кармап турганда, Коңурбай:

«Оо, Семетей көк жалым!
Темир аркан үзө албай,
Торуңузда турабыз,
Теңселип өөдө чыга албай,
Оруңузда турабыз.
Эр жаңылып, кор болуп,
Баатыр ай, колуңузда турабыз.
Айтканымды билип ал,
Арстаным көк жал тилимди ал!
Чынмачынга, Бээжинге
Чындап туулган шер элем,
Кырк кандуу кытай, каканды

Кайтарган калча мен элем.
Өлтүрбөстөн, житирбей,
Мени байлап салыңыз,
Бээжиндеги кандарга
Арага элчи салыңыз!
Чынмачындуу Бээжиндин
Кандыгын сурап алыңыз!
Мени өлтүрбө, айла жок,
Жайлап койсоң кокустан
Бир чымындай пайда жок.
Өлбөгөндөн калышат,
«Берен калча өлдү – деп,
Бээжиндеги кырк канга
Кабар айтып барышат.
Асманга учат топурак,
Аскер жайнайт топурап,
Журт жыйылып өтүшөт,
Эл кырыша кетишет.
Ай бөксөрүп, күн өлүп,
Чоң чатак тууйт мун этип.
Бүлүк кылбай калыңыз,
Капкалуу шаар Бээжинге
Каны колго түштү – деп,
Кан Коңурбай карысы –
Баары колго түштү – деп,
Бизди өлтүрбөй, бек байлап,
Бээжинге буйрук кылыңыз.
Тартуууга дилде, кыз алып,
Ой көкжалым тунуңуз» –

деп, Семетейди сөзгө алып, алдамакчы болот. Аңгыча Бакай «Эр султаным Коңурбайдын алдоо тилине кирбесин – деп, шашып келип сүйүнүп: «Эрдигиң бар, эсиң жок, эсер уулум оңбой кал! Аңкоо сен эмес, Коңурбай атаң Манасты да алты жолу алдаган. Эми Күлчоро түшүрүп берген олжону да алдырып жибермекчи болупсуң. Бээжин бизге жер эмес, Коңурбай бизге эл эмес. Коңурбайды өлтүрүүгө кыйбай турсаң, анын ордуна мени өлтүр» – деп, тилдейт.

Бакай күүлөгөндө Коңурбай эмес, ааламдын таш-талканын чыгара турган төрө, Коңурбайды чачынан кармап жерге чаап, кылыч менен ичин жарып өлтүрөт.

Коңурбай, Нескара, кырк төрөнү өлтүрүп, карышкыр тийген койдой дыркырап, Бээжинге баруудан намыстанышып, эң болбогондо Коңурбайдын сөөгүн ажыратып алууга Кытайдын калың колу аламан уруш баштайт. Семетей, Бакай баш болуп, кыргыздын колу да карап турбай качырып, калың уруш болот. Эки кол абдан былчылдашып урушат.

Коңурбайга айбалта тийип жыгылганда Алгара айбан да болсо, билип Бээжинди көздөй качып жөнөйт. Күлчоро көрө коюп, Тайбуурул менен кууп узатпай кармап алат. Жетелеп келип Бакайга: «Аба! Байтайлак өлдү деп, көп кейибеңиз, биз да сиздин балаңыз болобуз, мына бул Алгараны сизге тартуу кылып келдим, батаңызды бериңиз? Кытайды Бээжинге чейин сүрөйүн» – дейт.

Бакай кыбыланы карап алаканын жайып:

«Балам, бабаң Манас колдосун,
Басташкан аман болбосун!
Ай сарала ат минген,
Жети түмөн жоо келсе,
Жеке аралап бир тийген,
Жетелеп коштоп күч болсун.
Балам эңишкен душман түз болсун!
Сыргак, Чубак арстан эр,
Балам, сыртыңдан көзүн салсынчы,
Өтүп кеткен кыраандар
Сага жолдош болуп калсынчы,
Эй Күлчоро кулунум!
Көрүүдөн буздум көзүмдү,
Ыраазымын, ой балам
Ушу келберсиген калчадан
Алып бердиң өчүмдү.
Журт сактаган чоромон
Айлансын Бакай абакең,
Балам, кармашканың түз кылгын
Кайрылып душман кыргызга
Келбей турган иш кылгын.

Балам, эңкейиште эр сайсаң,
Элүүдөн катар тең сайсаң
Өткөн кокуй Манастан
Артыгыраак сен сайгын.
Алтын болсун көмүрүң,
Балам алыс болсун өлүмүң!
Кагышкан жооң түз болсун,
Балам, унутулгус иш болсун.
Балам, телегейиң тең болсун!» –

деп батасын берет. Бакайдын батасын алып, кыргынга кайра кирет.

Семетей, Канчоро, Күлчоро – үчөө аябай калың колдун үч жеринен кирип урушат. Үч жолборстун качырганына туруштук бере алышпайт. Кытайлар Бээжинди көздөй качып жөнөшөт.

Өлүктүн калыңдыгынан адам басып жүрө албайт. Качкан жоону кырып, кыргыздын колу жүрүп отурат.

Мыктылары өлүп, кытайдын кайра качканы Бээжиндеги канга угулат. «Кыргызды токтот» – деп, Ай-Жаң-Жуң дегенди элчиликке жиберет.

Кытайдын жиберген элчиси кыргыздын колуна кандын Кароол-Бел дегенинен кезигет. Ай-Жаң-Жуң Семетейге келип: «Ачуу шайтан, акыл дос деген. Мен элчиге келдим. Бакай карыяны чакыртыңыз, карыя менен сүйлөшөлү, кырам, жоём десең качкан кытай эл мына, алам десеңер жер – мына. Арача!? Колуңузду токтотуңуз. Жок, урушуу эле керек болсо, ал жообуңду айт! Силер менен кырк жыл тынбай урушууга күчүбүз келет» – дейт.

Аңгыча Бакайды чакырып келишет. Бакай Ай-Жаң-Жуңду көрө коюп: «Ботом, кудам кайдан жүрөсүң, жол болсун!» – деп, кол алышат.

Аңгеме башталып, анда Бакай: «Берендеримдин баарын Бээжинде жок кылган. Эми кытайдын атактуу кандары, алптары: Коңурбай, Нескара, Чаңдаяк, Жөөжелдеттеринин баарын өз колум менен сойдум. Бээжинге тийбей койбойм! – дейт.

Ай-Жаң-Жуң Бакайдын ачуусун акылдуу сөздөр менен таратып, кытай кырк жыл урушса да жеңилбесин айтып, тартуу кылып келген миң пилдин дилдесин, миң сулуу кызды кыргыздын алдына коёт.

Бакай Семетейге: «Балам, Бээжиндин сурагын албай эле кой, ага барган адам көп болгон, кайткан адам аз болгон. Кектешкен Коңурбайды узунунан салдык, ушул берген тартууну алып, Таласка кете

берели» – дейт. Бакайдын сөзүн эки дебей тартууну алып, Таласты көздөй жөнөп калышат.

«Кичи казаттын» аңгемеси ушуну менен бүтөт.

## ҮМӨТӨЙ КУН КУУП КЕЛДИ

Семетей кектешкен Коңурбайды өлтүрүп, оюндагы иши орундалып, көздөгөн максатына жетип, даңкы бүтүн дүйнөгө угулуп, Манастын ордун басып кан болуп калат. Кытайдан коопсуз болгондон кийин, башка жоодон камарабай, жайбаракат жата беришет.

Семетейдин бул жыргалын Көкчө кандын уулу Үмөтөй угат. «Менин атам Көкчөнү Манас зордуктап, Бээжиндеги «Чоң казатка» алып барбаса, өлбөйт эле. Манастын уулу Семетейден атамдын кунун кууйм» – деп, элине кабар берет.

Эли чогулуп Үмөтөйгө: «Баатыр, сенин атаңды Манас карасанап өлтүргөн жок. Көкчө эл үчүн, элди коргоймун – деп, Манас менен бирге барып, ажалы жетип өлдү. Ал уруштан Манас да жана башка нечен-нечен дөөлөр өлдү. Бээжинге урушка барган адам көп болду, бирок тирүү келген адам аз болду. Ошондо өлгөн адамдардын балдарынын баары Семетейден кун дооласа, кунга эмес, кун доолап жүргөн кишинин саны Семетейдин чачынан көп болот. «Өспөс бала, өнбөс доо доолайт» – деген макал бар, кой балам, бул ишиң уят. Кыргыз, казак агайын элбиз. Кайсы бетибиз менен барып айтабыз. Семетей оңой эле алдыра койчу киши эмес, ал ачуусу келгенде, чоң атасы Жакыпты да өлтүргөн. Пенде баласы бет алып барбаган Кытайдын Коңурбайын баш кылып, көп дөөлөрүн, алптарын кырды» – дешет.

Үмөтөйдүн энеси Агеркеч Үмөтөйгө келип: «Балам! Каныкей экөөбүз бир тууганбыз. Семетей сенин карын бөлөң. Ал да жалгыз, сен да жалгызсың, Семетей менен жамандашпа. Мынча камынып калыпсың, баргын, Манаска өкүрүп барып, куран оку. Семетей менен жакшы сүйлөш, ал сени төбөсүнө көтөрөт, максатыңа жетесиң. Эгерде Семетейге эрегишсең, андан өлөсүң. Каныкейге учураш, мен кат жазып берейин» – дейт.

Үмөтөй Агеркечти кагып коёт. Үмөтөй эки миңче киши жыйнап: «Кунду берсе берди, бербесе бирибиз калганча урушабыз!» – деп, убаданы эли менен бек кылып, Таласты көздөй жүрүп калат.

Каптап келе жаткан колду кароолчу көрүп, чапкан бойдон Семетейдин ордосуна келип, доолбасын кагат. Күлчоро кароолчуга келет. Кароолчу: «Калың кол келе жатат, кийимдери, аттары мыкты, жарак-жабдыгы бар, жоо экенин, дос экенин ажырата албадым» – дейт.

Күлчоро кийинип, жарак-жабдыгын алып, Суркоёнго минип, жоо болсо, жалгыз урушмакка, эл болсо, ээрчитип келмекке жөнөйт. Үмөтөйдү көрө коюп Күлчоро: «Ассалауму алейким! Бөлөм аман-эсен жүрөсүңбү?» – дейт.

Үмөтөй Күлчорого: «Менин атамды Манас коркутуп, Бээжинге алып барып, уруштан өлгөн. Семетей атамдын кунуна Тайбуурулун берсин, аргынды кулдукка берсин, айтканымды бербесе, кыргыздын тукумун курутам, жообун айтсын» – дейт.

Күлчоро Үмөтөйдөн аны күтпөгөн эле, селдейе түшүп: «Макул, мен Семетейге барып айтып, бээ саамда сизге жооп берейин» – деп, кайра айлын көздөй чаап келет.

Бакай, Каныкей, Семетей – үчөөн чакырып алып, Үмөтөйдүн айткандарын сүйлөп берет. Бакай, Манас менен Көкчө бажа эле, дүнүйөсү аралашкан агайынчылыгы артык эле, Көкчөнүн жаман баласы үчүн эмес, Көкчөнүн арбагы үчүн сураганын бергиле, бээ баштаган беш тогуз тартуу кылгыла. Дос кылып алгыла» – дейт.

Каныкей да: «Үмөтөй менен Семетей – экөөң карын бөлөсүң. Экөөң бир күнү төрөлүп, атыңарды уйкаш койгонбуз. Жакыны менен жамандашкан болбойт. Эмне сураса, ошонусун бергин» – дейт.

Семетей көпкө чейин жооп бербей, Үмөтөйдүн кылыгына ачуусу келип: «Сөзгө келсе ээрчитип кел, сураганын беребиз, жоону бирге жоолошолу, достошолу. Коюбуз короолош, ашыбыз жоролош болсун. Кокустан тиги-бу деп, коkoндой турган болсо, башын кесип мага алып кел. Үмөтөй эмес, уй түгүндөй кытайдын нечен миңдеген дөөлөрүн жайлабадыңбы? Барып өз билгениңди кыл – дейт.

Күлчоро жакындаганда Үмөтөй найзасын колго алып, «Көкчөлөп!» ураан чакырып келип, Күлчорону саят. Күлчоро күлүп тим болот. Дагы саят. Күлчоро: «Тамашаңызды коюңуз» – дейт. Жана качырып келе жатканда найзасын кармай калып, Күлчоро:

«Карын бөлө Үмөтөй!
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Жер экен деп келипсиз.
Кырк уруу кыргыз, кымбат журт

Эл экен деп келипсиз.
Манастын уулу Семетей
Баатыр көк жал султанды
Бел экен – деп, келипсиз.
Күп-күп этип күүлөнбөй,
Ит кыялды таштаңыз,
Жаңыдан кыял баштаңыз.
Султанга акыл салыңыз.
Убалы, сообу болобу?
Казак менен кыргыздын
Милдетин өзүң алыңыз.
Кабылан Бакай карысын,
Бермек болдук береним –
Айтканыңдын баарысын.
Карын бөлө Үмөтөй!
Жинди болбой, соо болсоң,
Душман болбой, эл болсоң,
Маңдай каран чеп болдуң.
Тилге келсең Үмөтөй,
Кыргыз эмес кылымга
Баатыр быйыл бек болдуң.
Жакшылашсаң Үмөтөй
«Жан биргем бөлөм келди» – деп,
Жан аябай Семетей,
Сан карача бээ берет,
Сандап, миңдеп төө берет» –

деп, аркы-берки сөзгө салат.

«Менин астымдан Тайбуурулун тартуу кылып, Семетей эмне үчүн өзү тосуп чыкпайт? Каарыма калды, жинин кагам. Кандыкты мен силерден сурабайм?! Семетейиңди баш кылып, баарыңды кырам, келин, кызыңды ыйлатам, тамыңды бузуп, талыңды жулам, тукумуңду курутамын» – деп, Үмөтөй оозун көбүртөт. Атына оңдусолду камчы уруп, «Көкчөлөп!» ураан чакырып, бир нече ирет саят.

Күлчоро сабырдуулук кылып, Үмөтөйдү ызаттайт. Агасынтып аркы-берки жүйөлүү сөздөрдү айтат.

Үмөтөй калың колуна: «Каптагыла, кармагыла сексен жаны болсо да, Күлчорону кармап, башын кескиле! Кулду өлтүрсөк,

Семетей көөдөктү чай кайнамга калтырбай эле алабыз» – дейт. Үмөтөйдүн колу Күлчорону каптап кетет. Үмөтөйдүн кордугуна чыдай албай: «Бөлө, өз убалың өзүңө, эки кара көзүңө!» – деп, «Манастап!» ураан чакырып, Сырнайзаны колго алып, Суркоёнго камчы урат. Он-он бешин кабаттап бир саят. Бир азга ачуусун токтотуп: «Элде эмне жазык? Баатырсыган Үмөтөйдү жандата сайып, Семетейдин алдына алып барайын да, болгон ишти айтайын. Бөлөсүнө болушуп, меникин чеки десе, ушундайымда жоголоюн» – деп, Үмөтөйдү аттан ыргыта саят. Буту-колун таңып, итче шоңшойтуп, Семетейге алып барат да:

«Мени качан да болсо өрткө жумшайсың, же мен өлбөдүм?! Жакшы сөз айтып башымды, атымды тартсам болбоду – деп, Үмөтөйдүн кылыктарын баяндап – Үмөтөй сага түбү дос болбойт. Бөлөм – экөөбүздүн ортобузду бузду дей турган болсоң, мына башымды ал, болбосо бул иттин көзүн тазала!» – дейт.

Семетейдин кан ичмеси кармап, «Үмөтөй, сенин астыңан тартуу тарттырып жиберсем, Күлчорону өлтүрмөкчү болупсуң, мен айткан тартууну азсынып, дүнүйөдөн өлүп бара жатсаң, мага жайынча келип айтсаң боло! Сенин элиңе тийгеним жок, өзүңө «лам» деп ооз ачканым жок. Мыкты болсоң атаңдын кунун кытайдан неге кууп албайсың? Атаңды мен өлтүрдүм беле? Эмне үчүн кол жыйнап келдиң, сен – экөөбүз билсең бир тууган болобуз, мунуң уят иш» – деп, жөнүн айтат да, Күлчорого көзүн кысып «башын ал!» дейт. Бакай менен Каныкей келип, канын сурап алгыча Күлчоро Үмөтөйдүн башын кесип таштайт.

Каныкей Семетейге кейип: «Бекер өлтүрөсүң! Таяжең кыйын киши эле, каргышына калдың. Агеркеч каргаса, сени соо койбойт. Казак оңой эл эмес, өзүңдүн тууганыңды бөөдө душман кылып алыпсың, балам. Бакай абаңдын ою менен бол, акылды ошо кишиден сура» – дейт.

Бакай Күлчоро менен Семетейге ачууланып: «Казак, кыргыз коюбуз короолош, ашыбыз жоролош эл элек. Эл табат десе, жоо табасыңар. Биздин душманыбыз ансыз да толуп жатат. Эми Үч жүздүн уулун бүт чакырып, Үмөтөйдүн кунун эмне сураса, ошону берип, тынышуу керек» – дейт. Үмөтөйдү өлтүргөнүнө Семетей өзү да кейип калат.

Үмөтөйдүн өлүгүн кожо, молдолорго жуудуруп, Тайбуурулга арттырып, берип жиберет.

Тайбуурулду бергенде Күлчоронун күйбөгөн жери күл болуп, турбай жатып калат. «Оңбогон канкор оңбодуң. Тайбуурулдан айрылдың! Тайбуурул кетти – багың кетти, сен эми көп узабай өлөсүң! Тегеректеп жүргөн душманың көп, түш бузулду, иш оңбоду. Дагы сенин азабыңды тартмак болдум. Уруучу кудай сени таз төбөңдөн урду» – дейт.

Үмөтөйдүн сөөгүн Тайбуурулга жүктөп, Агеркечке алып барат. Жалгыз баласынан айрылган Агеркеч, Семетейди абдан каргайт. Үмөтөйдүн кунун куумакчы болот.

Тайбуурулдун эки кулагына коргошун куюп, буттарына ийне кагып, терең орго салдыртып таштайт. Семетейдин душмандарына: «Семетей Тайбуурулунан айрылды, аракетиңер болсо, кылгыла» – деп, кабар бердирип, элин жыйнатат. Агеркеч: «Толтойду Семетей өлтүргөн, Кыяз кан болдум деп эле, жатып алабы? Агасы Толтойдун кунун куусун. Семетей азыр мурунку Семетей эмес, Тайбуурулдан айрылып, жарым өлгөн киши» – деп, кат жазып, кабар берет.

## КЫЯЗДЫН УРУШУ

Агеркечтин каты Кыязга жетет. Кыяз Толтойдун иниси. Жети-Сууну жердеген жедигер деген элдин каны болот. Кыяз жедигерди былк эттирбей билип, далай жерге даңкы угулуп, көөп турган кези экен. Катты алаары менен элин жыйнайт. Эли чогулуп келгенде: «Биздин Толтой баатырды Манастын уулу Семетей өлтүргөн. Ушул кезде Семетей Тайбуурулунан айрылыптыр, Тайбуурулдан айрылганы, канатсыз болуп, жарым өлгөнү. Жер майышкан кол алып, Толтойдун кунун кууйлу, ажал жетсе өлөлү, ажал жетпесе, максатыбыз орундалсын. Семетей Тайбуурулу колунда турганда, бизге ит көрбөгөн кордукту көрсөткөн. Семетей жедигерди аябай кырып, баарыбызды жетим калтырган. Манастын жетиминин салган тамгасы эч кимибиздин жүрөгүбүздөн кете элек.

Семетейди өлтүрүп, Бакай чалды көкпөрү тартып, Күлчорону кул кылып, Канчорону Семетейдин ордуна кан көтөрөлү. Семетейдин сүйгөн жары Айчүрөктү тартып алалы. Айчүрөктүн атын башка коёлу. Ал шерменденин айынан далай жедигер өлгөн. Мына, ошентип Семетейден эски кекти бир алалы!» – дейт.

Жедигердин Кыяз кандан кийинки билерманы Төлөктүн уулу Төлөбай, Калчанын уулу Кадырбай дегендер болот. Бул – экөө тең Чынкожо, Толтой менен Семетейдин урушуна катышып, Семетейдин эрдигин өз көздөрү менен көрүп, коркуп калышкан. Кадырбай сөзгө устараак. Ордунан тура калып: «Жеткилең шерге тийишип, элдин түбүнө жетейин деген экенсиң, канды суудай төгүп, ажалдан мурун өлөйүн деген экенсиң. Семетейди сен оңой көрөсүңбү? Ал канкорду биз көргөнбүз. Сен ажыдаардын куйругун басмакчы болгон экенсиң – деп, Семетейдин эрдигин, шердигин айтат. Алакандай жедигер эмес, уй түгүндөй кытайды кырып, дүйнөдө пенде даабаган Коңурбайды өлтүрдү. Семетей менен ойногуң келбесин. Үйүңдө жатып эле, Семетейди оюң менен чаап алмакчысыңго? Семетейге беттешкен адам көп болгон, тирүү кайткан аз болгон, алышкандын канын суудай агызган, анын бала күндөн берки адаты. Семетей менен урушсаң, жедигерден тукум калбайт, тынч эле жата берели. Андан көрө сенин күчүң ташып бара жатса, Семетей менен биригип алып, башка душманга кол сал. Биртике кыргыз өз-өзүң тытышканда кайсы максатка жетесиң?» – дейт.

Кыяз Кадырбайды жутуп жибере жаздап: «Кадырбай менен Төлөбай – экөөң шер болбой, жерге киргиле! Өткөн иштерди айтып, бир убакта баатыр эле, шер эле деп коркосуңар. Күлүк-күлүктөн калса, аягы тыбырайт. Семетейиң убагында болсо, болгондур, бүгүн Кыяз Семетейден кем эмес. Сары Аркада Агеркечтен, Семетейдин дал өзүнүн Канчоросунан кат алдым.

Канчорону Семетей ар дайым Күлчородой көрбөй таарынта берчү экен. Тайбуурулдан айрылгандан кийин, Кыязды чакырып алып, аны өз колум менен мууздайын деп, Канчоро курдашым мени чакырып жатат. Былжырап элдин көңүлүн иренжиткениңерди коюп, даярдангыла. Урушуудан баш тартканыңарды өз колум менен өлтүрөм. Быйыл Толтойдун кунун алчу жыл. Канчоро курбум бизди качан келет деп эле, жол карап отурат» – дейт.

Кыяз жедигерден жер майышкан калың кол алып, Семетейди чаап, Толтой баатырдын кунун алмакчы болуп, жөнөп калат.

Канчоро Кыяздын колу кайсы күнү келээрин билет. Кыяздын колу келгенде Семетейди жалгыздап элден бөлүп чыкмакчы. Ошол максат менен, жалган түш көрүп, Семетейди азгырат.

Канчоро Кыяз келер күнү эрте туруп, Семетейге келип: «Аба! Мен түндө түшүмдө Манас менен бирге жүрүпмүн. Манас бизге

таарынып: «Мени унуттуңар, күмбөзүмдү тайыбадыңар?! – деди. Чыны менен эле, Манасты эсибизден чыгарып бара жатабыз. Бүгүн Манастын күмбөзүнө барып, ак боз бээ союп, куран окуп келели?» – дейт. Семетей Канчоронун айтканын эки дебей, жылкыдан ак боз бээнин семизин тандатып жетелеп, казан аягын артып, Манастын күмбөзүнө жөнөмөкчү болот.

Ошондо Айчүрөктүн үч айлык боюнда бар. Айчүрөк чуркап келип: «Айланайын төрөм, мен түндө түш көрдүм, түшүмдө жаман иш көрдүм, сен бүгүн күмбөз тайыганы барба, барсаң өлөсүң!» – деп, чылбырына чырмалып, олоңуна оролуп, чыркырап ыйлайт.

Семетей Айчүрөктү ызалуу сөз менен тилдейт. Айчүрөк жалынып, жалбарып жибербейт. Семетейдин ачуусу келип, булдурсун менен капталга тартып жиберсе, Айчүрөктүн эси ооп, жыгылып калат. Эс алып Семетейди: «Ак сарай үйүңө келбей кал, үч айлык перзентиңди көрбөй кал!» – деп, каргайт.

Семетей кетип бара жатканда Каныкей чакырып алып: «Атаңдын арбагы тирүү болуп, сени колдой турган болсо, күмбөз өзүнөн өзү күңгүрөнөт, атаң астыңан чыгып дабыш берет. Анда сага каяша айтаар пенде болбойт. Бүтүн дүйнөнүн дөөлөрү келсе да, сага эч балаа жок. Эгер, ал белги болбосо, күмбөздү тайыбай эле жүрө бер, мага келип айт!» – дейт.

Күмбөзгө жакындаганда Семетей «атакелеп!» өкүрүп барат, бирок Каныкей айткан белгилердин бири да билинбейт. Ошондо Семетей: «Бул эмне деген шумдук? Мен Тайбуурулдан айрылганда эле, бардык иш бузулган экен го, менин жаным Тайбуурулум менен кетип, өлгөн экенмин го! Опосуз чиркин дүйнө, бүгүн менин ажалым жетип турабы? Кокус өлүп кетсем, же артымда калган бала жок, өрт өчкөндөй боломбу?» – деп, түрдүү ойлорду ойлойт. Күлчорону чакырып: «Этти тезирээк бышырып, жетим-жесирлерге бер. Бүгүн жүрөгүм эле ойноктойт, бир шумдук болобу?» – деп, ээр-токумун жазданып уйкуга кирет.

Жоо келет деген ойдо жок. Күлчоро эт бышырат. Канча от жакса да казаны кайнабайт. Күлчоро чочуйт. «Семетей аман болгой эле, Бакайга көрүн, Каныкейге көрүн»... – деп, арбактарга жалынып-жалбарат. Айласы кеткенде Семетейди ойготуп: «Бакайдан, Сарыкандан ушундай укмушту уктуң беле?» – деп, сурайт. Семетейдин көзү умачтай ачылып: Ашың бышпай турганы, чором, бүгүн абакеңдин

өлөөрү – дейт. Бул ашты ит жесин дейт да, казанды айбалта менен бөлө чабат.

Канчоро менен Кыяздын кат аркылуу кылган убада күндөрү бүтүп, Кыяз качан чыга калаар экен деп, Канчоро жол тосуп жүрөт. Бир убакта уюган калың чаң көрүнөт, абайлап караса Кыяздын колу экен. Канчоро абдан сүйүнөт, сүйүнчүлөгөнсүп Семетей менен Күлчорого барып, Канчоро мындай дейт:

«Семетей аба! Биздин ишибиз, түшүбүз бузулуптур. Кароол карап отурсам, жер жайнаган калың кол келе жатат. Ар бирөөнүн күчү биз эмес, ааламга жетчүдөй. Байкап карасам, жедигердин Кыязы экен. Сиз менен бирге жүрүп далай эле эр көрдүм, шер көрдүм, бирок Кыяздан мыктыны көргөн эмесмин. Буга беттешип адам баргысыз, кокустан барып калса, тирүү кайра кайткысыз. Кыязга эрегишүүгө мүмкүн эмес, Толтойдун кунун ооз ачпай берүү керек. Тил алсаңар Таласка Кыязды кан көтөрсөк, Толтойдун кунуна Суркоёнду баш кылып, астынан тартуу алып чыксак» – дейт.

Күлчоро безге сайган эмедей ыргып кетет: «Оңбогон чоро, оңбогун! Эгерде эки болбогун! Манас, Алмамбет, Чубактын арбагы урсун! Сенин арамдыгың билинди. Кыязга кат берип чакыртыпсың. Семетейдин түбүнө жетмекчи экенсиң, өзүн өлтүрүп, чүрөктү олжолоп алмакчы экенсиң!? Абаңа кара санаган сенин түбүң оңобу?» – деп, Канчоронун чыккынчылык бетин ачат.

Канчоро айттың, койдуң дебейт. Кылса кылдым, колуңардан келсе, мени аябагыла дегендей пейил кылат. Уялуу, мурункудай сыйлоо деген болбойт. Канчоронун чыккынчылык кылып жүргөнүнө көзү жеткенде, Семетей бармагын тиштеп, көзүнөн жашын кылгыртып:

«Аргымак жыйнап, ат бактым,
Айланып кетсин ал чиркин
Нарбуурулдай буудандан.
Азамат багып, шер жыйдым,
Асты убайын көрбөдүм,
Айланып кетсин тетиги
Абыке, Көбөш тууганга,
Ыраазымын ылайым
Тууганды душман кылганга!» –

деп, Канчоронун зили душман болоорун, себепчи Каныкей, ымыркайында эле айткандары эсине түшөт да, найзасын таянып, терең

кыялданат. Алапайын таба албай алек болот. Кейиген менен пайда жок. Тайбуурулдан кийинки мыкты деген аты Тайторуну токунуп, Кыяздын алдын тосо чыгат.

Мурунку убакта, Семетей аттанып чыкканда арстан-жолборстор тегерегинде чамынчу, артынан ажыдаар ээрчип, үстүнөн зымырык куш учуп жүрө турган. Ал белгилердин бирөө да көрүнбөйт. «Бул эмне деген шумдук? Ажалым жетип, күнүм бүтүп калганбы?» – деп, абдан убайымдайт. Бир белеске чыкса, алды жагында жедигердин калың колу кумурскадай кыжылдап, келе жаткан болот. Семетей менен Күлчорону көргөндө калың кол «Кыястап» ураан чакырып качырат.

Семетей Сырнайзаны таянып туруп: «Жоого минээр Тайбуурул жок, кайран башым кор болмокчу. Урушуп жүрүп кытайдан, же башка бир душмандан өлсөм болот эле, өзүмдүн жаман туугандарымдан кор болуп, арам өлө турган болдум ээ!» – деп, кейип-кепчийт.

Жедигердин калың колу Семетей менен Күлчоронун мурунку даңкынан коркуп катыла албайт.

Кыяз ачууланып кыйкырып, Тооторуну жулкунтуп, калың колду айдайт. Корккондунан калың кол Семетей менен Күлчорону көздөй ат коюшат.

Күлчоро Суркоёнго камчы уруп, жалгыз өзү «Манастап!» ураан чакырып, каптап келе жаткан калың колдун астынан тосо чыгат. Ар сайганда кырк-элүү кишини ыргыта саят. Бардык куралын колдонуп, кызыл кыргын салат. Ылачын тийген таандай кырат. Күлчоронун эрдигин көрүп, жедигерлер аттарынан ыргып түшүп, чылбырларын моюнуна салып, Кадырбай баш болуп, жан соогалап жалынышат. Селдей каптаган калың кол кайра качып Кыязга барып, найзаларын ыргытып, «урушпайбыз», – деп чуркурашат. Кадырбай Кыязга мындай дейт: «Канчоро акмакка ишенип, жазыгы жок элди бөөдө кырдырып алабыз. Семетей менен Күлчоро – экөө, биз эмес, уй түгүндөй кытайдын алп, дөөлөрүн кырып, Коңурбай, Нескараны өлтүргөн, кытайдын жанында биз канчабыз? Ажалды өзүбүз тилеп албайлы. Өз агасына жакшылык кылбаган Канчоро, кимге жакшылык кылат эле? Бузукунун тилине кирбе. Семетей ач жолборстой чамынып, тиги белесте турат. Жалгыз өзүндө алты миң дөөнүн күчү бар. Семетей кыргыздын атасы. Алтымыш тулпар, кырк буудан алып астына түшөлү, аз жедигердин күнөөсүнө кечирим сурайлы. Эрегишти коюп, ушундай аман-эсенибизде айылга жетели!» – деп, Кыязды жетелеп чыгат.

Кыяз Семетейди көргөндө жүрөгү оозуна каптала түшөт. Эрдигине, шердигине таң калат. «Семетей менен урушабыз деп, келген биз акмак экенбиз. Өзүбүздөн өзүбүз ажал издеп жүргөн экенбиз. Мен Кыяз атка конгону далай эле эр көрдүм, далай эле шер көрдүм, асты Семетейдей мыктыны көргөн эмесмин!» – деп, жанынан түңүлүп, калың колдун арасына жин тийген эмедей, качып кирет.

Кыяз Семетейдин сүрүнөн коркуп качып келсе, Күлчоро найза менен бир сайганда элүү кишини ыргыта сайып, калың колдун шайманын кетирип койгон болот. «Төрөсү эмес, чоросунун кылганы бул, төрөсү кирсе, тамтыгыбыз калбайт экен, буларга адам баласынын алы жетээр эмес.

Кой, Кадырбайым, сенин айтканың туура экен, булардан качып кутулалы!» – деп, акылдашып турганында, Канчоро келип калат.

Калың колдун алды качып берет. Качкандарын Канчоро токтотуп: «Кыяз сени эр экен десем, жер экенсиң. Атайы жедигерден калың кол алып, Семетейди өлтүрүп, Айчүрөктү олжого алабыз деп келип, Семетейдин сүрүн көрүп качканың эмне?

Сен Семетейден чочуп жүрөксүбө. Мурун деле жоону Күлчоро – экөөбүз сайып, аты Семетейге калып жүрчү. Ушул кезде Семетейден бак качып, өлөөрүн гана санап калган. Баштагы күчтүн миңден бири жок, Семетейдин сыры мага маалым. Чыдап алты күнү уруш салсаң, аты жүрбөй, ээр-токумун кучактап жөө калат. Кыяз, сен – экөөбүз өлөр жерден антташпадык беле? Качканың кандай? Эгер сен мындай кыла турган болсоң, мен Семетейге болушамын да Күлчоро – экөөбүз бириккенде бириңди да куткарбай кырабыз, ага чыдабасаң, сен экөөбүздүн мурунку убадабыз убада, уруш салып каптагыла, Семетейди кармап башын кескиле!» – деп, чатакты чоңуна айландырат.

Канчоронун сөзү менен Кыяз кайраттанып, калың кол Семетейди каптап кете турган болгондо, Күлчоро Кыяздын алдын тосо чыгат. Канчоро Семетей менен Күлчорого ок атат. «Кыяздап!» ураан чакырат.

Күлчоро көзү менен көрүп, кулагы менен угуп: «Оңбогон Канчоро оңбо, Манастын арбагы, Каныкейдин сүтү урсун! Сага жетпесем, эки көзүңдү оюп албасам, туулбай туна чөгөйүн, ажалдан мурун өлөйүн!» – деп, күйүп-бышып, Кыяз, Канчоро – экөөн бет алып качырат.

Күлчорого калың колдон бирөө да каяша кылбай, кайра качат. Күлчоро элди аябай кырат. Качкандарды Канчоро көрүп, бакырыгы баш жарып, кыйкырыгы таш жарып: «Шашпагыла, качпагыла,

качканың менден өлөсүң» – деп, күпүлдөп калың колду токтотот, «Минтип кача турган болгондон кийин эмне үчүн мага убада берип былжырап келдиңер?» – деп тилдейт.

Калың эл аргасыз үйрүлүп турат. Ошондо туу кармаган Кадырбай мындай дейт: «Канчоро, Кыяз – экөөң тең мында турасың, кадырлуу эрге тийишип, элди кырдыңар. Семетей менен Күлчоро калгандарын дагы кырсын. Семетей – тынар, биз – улар, тынарга улар тиерби? Ажыратып ала турган буларбы? Семетей Чубактын кунун кууп ооганды чапкан, кытайды чапкан шер эле, Канчоро сен Манастын тузуна кара санадың, жакшылык көрбөйсүң. Кызырлуу шерге ок аттың, сен да ошону көрөсүң. Кабыланга тийбейли, кайран журт жүргүлө, ушундайда кетели! – дейт. Кыязга – Колуңдан келе турган ишти кылбай, жөнү жок келжирейт экенсиң» – деп, жаман сөздөрдү айтып тилдейт. Эл эмне кылаарын билбей, аң-таң болуп, Кадырбайдын оозун тиктеп калат.

Канчоро ачууланып: «Катындан жаман коркок эл экенсиң» – деп, жедигерди тилдейт. Кыяз Канчорого: «Эки тизгин бир чылбырды өз колуңа бердим, жедигердин убал-сообу сенин мойнуңа. Эмне кылсаң өзүң бил» – дейт.

Канчоро калың колдун найзакерин, мергенчисин, жаа тартаарын бөлөк-бөлөк тартипке салгандан кийин, Семетейди каптатып тегеректешет.

Калың кол селдей каптаганда, Семетей азирет-арманын айтып, чымындай жандан түңүлүп, Арчаторуну минип, «Манастап» ураан чакырып качырат. Элди аябай кырат. Бир кезде Семетейдин көзүнө «Кыяздап» ураан чакырып, Канчоро көрүнөт. Өздөн чыккан жатка ичи күйүп, Канчорону качырат. Канчоро качат. Семетей Канчорону чала-була этектен сермеп, жетпей калат. Төлөбай менен Кадырбай Семетейге найза сала турган болгондо, Күлчоро – экөөн тең ыргыта сайып, баштарын кылыч менен алып таштайт. Күлчоро Семетейдин тегерегинен жедигерди азыраак сүрүп айдап чыгат.

«Тууганым душман болуп, өзүмдү өлтүрөм деп турганда кимди аяймын, өз убалы өзүнө!» – деп, кытайды кыргансып Семетей менен Күлчоро аябай кырышат. Калың жедигер жан сооголоп качышат. Качкандарын кууп бара жатканда Семетейдин атынын карчыты кетип, баспай калат.

Семетей найзасын таянып, керээзин айтып турганда, Кыяз, Канчоро баш болуп калың кол каптайт. Жөө калган Семетейди тегеректеп

жатканын Күлчоро көрө коюп, Кыяздарды тепсетип жол салып, Семетейге тийгизбей аман-эсен көкжалды ажыратат. Күлчоро кылча жанын аябай, кызыл кыргын кылат.

Кыяз Канчорону чакырып: «Күлчороң эр да экен, шер да экен, элди кырып түгөтүп жибере турган болду. Сыягы бөлөк, заары күч, сырттан шердин өзү экен. Кабылан менен чалышпайм, канкоруң менен алышпайм. Кокуй, курдаш Канчоро, биз качып кетели, же канкорго атымды тартып, дос болушуп, кайтайын. Алакандай жедигерден айрылмак болдум. Кытай менен урушкансып биртике кыргыз итче тытышканыбыз уят жумуш экен. Мен койдум!» – дейт.

Канчоро ачуусу келип: «Атаңдын көрү ит Кыяз, бул сөзүңдү ким уксун? Бир караңгы түн уксун, казып койгон ор уксун, кайнатып койгон шор уксун, баатыр Кыяз десем, катын Кыяз экенсиң, убадага турбаган, капыр Кыяз экенсиң. Семетей менен Күлчорого тартуу берсең, коркконунан берди деп кырыңа чыгып, сенин башыңды ошондо кеспейби? Өзүңдү курмандыкка чалбайбы?

Манастын уулу канкордон коркпой, үркпөй туруп бер, эсебин өзүм табам. Кара жолтой канкордун касиети качкан кез. Менин анда ала турган кегим бар. Мени үч жолу катуу сындырды, ала көрдү. Биринчиси – Чынкожо, Толтойду өлтүргөндө, Суркоёндун чылбырын Күлчоро жакка ыргытып, Суркоёнду Күлчоро алып кетти. Экинчиси – ооганды чапканды, кандыкты мага бербей, Сары канга берди, үчүнчүсү – Коңурбайды өлтүргөндө, Алгара атты мага бербей, Бакайга берди. Мына ушул үч кегим бар. Семетейдин башын жутпай тынбаймын. Манастын уулу канкордун Таласка тиккен багы жок, талтаңдай турган чагы жок. Күркүрөгөн канкордун, күрсүлдөй турган чагы жок. Семетейди Тайбуурулдан башка ат көтөрө албайт. Эми алты күн чыдап урушуп берсең, эсебин табабыз, – дейт.

Кыяз Канчоронун айтканына макул болуп, экинчи жолу урушмакчы болот.

Канчоро, Кыяз калың колдун артын айдап Семетейди каптайт. Калың жедигер тегеректеп калат. Семетей жандан анык түңүлүп, айласы кетип турганда, Күлчоро Семетейге жалынып:

«Кагылайын абаке!
Күмүш көздүү, күн жүздүү,
Күркүрөгөн султаным.
Алтын көздүү, ай жүздүү,

Айланайын абаке!
Тууганың болду душманың,
Ичиңде мынча бушманың.
Казылуу жаткан орлоруң,
Кайнатылуу шорлоруң,
Ушу быйыл шер абам,
Жоголо турган болжолуң.
Кармап минээр буудан жок,
Кара кылган Канчоро
Бооруңузга салды чок,
Бизге момундан башка душман жок.
Өзөндөн күйгөн өрт жаман,
Өздөн чыккан жоо жаман.
Теңге албаган кор жаман,
Сыр тартышып, сыр билген
Бул Канчоро ит жаман.
Айткан сөз ушул билиңиз,
Ата көкжал кабылан,
Кагышка минчү мал эле,
Суркоёнду миниңиз.
Суркоёнду минбесең,
Береним белиң курчанып,
Бекинип жоого тийбесең,
Калың кара жедигер,
Каптап кирген душманды
Жети өзөн көздөй сүрбөсөң,
Атышты арбын салбасаң,
Калкыңызды караандап,
Ажыратып албасаң,
Бурулуп минер буудан жок,
Каралды кылган Канчоро,
Жаныңдагы тууган жок!» –

деп, тонун чечип, кийгизип, атын түшүп мингизип, жөнөтөт. Семетей Суркоёнду минип белеске чыгат.

Кыяз кайраттанып, Семетей менен беттешүүгө колду айдап качырып келет. Суркоён минген Семетейди көрүп, сүрүнөн жүрөгү түшөт. Элине кайра качып барып, көпкө тилсиз жатат. «Адам алы

жетпеген, арстандын тиши өтпөгөн, канкор менен беттешпейм, ушунчамда айылга кетем, кан болбой эле койдум, Семетейдин кандыгын Канчоро сен алгын» – дейт.

Кыязга Канчоронун ачуусу келип дагы тилдейт. Күлчоро элди самандай сапырылтып кырат. Күлчоронун мингени, Абыкенин Актелки, жедигерди Күлчоро кууйт, ары жагынан Канчоро тосуп жибербей, качкандарын ал кырат. Жедигердин эли эки чоронун ортосунда калат. Качса Канчородон өлөт. Урушса Күлчородон өлөт. Жедигерлер уйгу-туйгу болушат. Семетей Суркоёнго минип, Аккелтени асынып, Кыяздын артынан куумакчы. Аккелтени ала коюп, Кыязды атайын десе, от албайт, атылбай коёт. «Аккелтеге эмне шумдук болду?» – деп, мойнуна асынып алып, Сырнайзасын колго алып качырат. Суркоён таптакыр эле баспай коёт. Анын себеби: Чынкожо, Толтойду өлтүрүп, Суркоён колго түшкөндө, Семетей Суркоёндун кулагын кесип алган экен, ошону кек кылат.

Семетей Суркоёндун башын кесип таштайт. Ээр-токумун көтөрүп жөө калат. Кыяз менен Канчорону бучкагына теңебей, ээрин жазданып алп уйкуга кирет.

Жедигердин калың колун Күлчоро ылачын тийген таандай кырат. Бир убакта Күлчоро Семетейге келип: «Калың душман улам селге окшоп каптап турса, Ак ордодо жаткансып, керилип жатканың эмне, абаке?!

Канчоро, Кыяз окус кылып кетпейби? Менин да алым калбады, тырпым куруду. Бел кылган сен минтип жатып алдың, биздин айлабыз эмне болот? Астыңда Тайбуурулдай атың жок, же туу кармаган Сары кан, Бакай абам жок. Арбак, кудай үчүн, курган абам сен үчүн, кашык каным калгыча урушам. Эч болбосо, Канчоро, Кыяздын башын алып, жаздыгымды даярдап өлөм. Абаке! Туруңуз кайрат кылып, караан болуп бериңиз» – дейт.

Семетей көзүн ачып, каңырыгы түтөп, көзүнөн кан аралаш жаш агып, керээз кылып Күлчорого айтканы:

«Айланайын Күлчором!
Эрен да элең, шер да элең,
Эрмелеп мура болоор – деп,
Тилегеним сен элең.
Кудай үчүн, мен үчүн,
Кууραган кыргыз эл үчүн,

Тулпар оозун буруп бер,
Туу түбүнө туруп бер!
Катуу чырды кылып бер,
Жедигер калкын кырып бер!
Жана жети күн уруш кылып бер!
Жер айрылып козголсун,
Азууларын аркайтып,
Ат өлүгү тоо түшсүн.
Муруттарын сербейтип,
Арандай оозу ачылып,
Кара жерге катылып,
Кармашкан жандын баары өлсүн.
Берен атамдан калган Аккелте,
Артык жолдош курч буюм,
Сундурсам от албады,
Болбой койду бул буюм.
Ат көтөрбөйт абаңды,
Ал топурак басты бейм
Кара жер чиркин абаңды
Чын койнуна салганы
Чымырканып калганбы?
Бул жагына күйүнөм.
Мыкты чором угуп тур!
Кан абаң өлсө окустан,
Кайра келбес чын жайга
Сапар жүрсө, кокустан
Долоно саптуу айбалта,
Толгоп, кырып сен ашта,
Толгон кыргыз, аз аргын
Тоздуруп ийбей, сен башта.
Эки тизгин, бир чылбыр
Эби менен журт кылгын.
Жылгындуу Кең-Кол, кең Талас
Эби менен жер кылгын.
Жеңең Чүрөк боюнда
Үч ай күмөн бала бар.
Эркек болбой, кыз болсо,

Көп дүйнөсүн жыйып кой
Ыйлабас жерге кыйып кой!
Аркар атып, жеп койгун,
Арстандай кайран шер,
Туяксыз өттү – деп, койгун.
Жал куйругу такыр жок,
Куландай өттү – деп, койгун,
Басаарына буту жок,
Жыландай өттү» – деп койгун.
Эгерде эркек туулса,
Тоюна токсон соё көр,
Атын Сейтек коё көр!
Курсакта калып туулган
Менин уулум чын болсо,
Ааламга салар чуулган.
Ай ааламды буй кылган
Атабыз Манас канаты,
Жетим калып жетилчү
Атабыздын адаты» –

деп, азирет-арманын айтат. «Олуя Бакай абам менден мурун өлбөдү, өлсө, төрт түлүк малымды зарп кылып, ат жеткен жердеги элдин баарын чакырып кызмат кылат элем. Байкуш Бакай абам көмүүсүз калып жүрбөсүн? Өз колуң менен көмө көр!» – деп, керээзин айтып бүтө электе, Канчоро келип калат.

Жөө турган канкорго жамгыр кылып жаа тартып, мөндүр кылып ок атат. Көк жалга жакындап эч кимиси бара албай, калың кол токтоп калат.

Кыяз элине: «Семетейдин атасы Манастын кыргызга кылган кызматы өтө көп эле, Кыргызды ар кайсы жерден жыйып, эл кылган. Жедигер жердеген Жети-Сууну да Манас бошотуп берген. Манас жана анын уулу Семетей кыргыздын атасы эле, кантип тузуна карасанайбыз? Семетейге жамандык кылсак, түбүндө жакшылык көрбөйбүз. Кой кетели» – дейт.

Семетейге бата албай, же кайра качып кете албай турганда, бир канча киши менен Сары кан барып калат.

Сары кан менен Кыяз сайыша кетет. Сары кан Кыязды ыргыта саят, кайрылып башын кескенче, Канчоро Сары кандын найзасын үзө

чабат. Канчоронун душмандыгын Сары кан ошондо билет. Сары кан катуу уруш салат. Канчоро Сары канды көзгө атып өлтүрөт.

Күлчоро келе жатып, кокусунан Сары кандын өлүгүнүн үстүнөн чыгып көмөт.

Канчоро Кыязды: «Катындан жаман коркок экенсиң» – деп, тилдейт. «Кача турган болсоң Семетейге барып жарашам да, тукумуңду курутам, болбосо, Семетейге кол сал!» – деп, Кыязды Канчоро коркутат.

Канчоронун каарынан коркуп калың колду дагы каптатат. Күлчоро жедигердин колун Семетейге жакындатпай, кырат. Күлчоронун атына ок тийип, Күлчоро да найзасын таянып бир жерде жөө калат.

Жедигер Семетейди каптап келет. Кыяз чымырканып качырып, Аголпокту жамынып жаткан Семетейди найза менен сайып кетет. Семетейдин эки бүлкүлдөк кабыргасы сынат. Семетей кылыч менен шилтеп жиберсе, Кыяздын атынын тизесин шылып түшөт. Семетейдин сүрүнөн коркуп, тилден калып жатып калат.

Семетей жарадар болгондо күн бузулуп, кар жаап, кылдай чөпкө кылычтай муз туруп, жедигер эли кырылып, калың туман басып калат. Семетей эч кимге көрүнбөй көздөн кайым болуп кетет.

Күлчоро Семетейди издеп таба албай, көзүнүн жашы көл, мурдунун суусу булак болуп издейт. «Эч болбосо канкордун өлгөнүн көзүм менен көрбөдүм, белгилүү жерге көмбөдүм» – деп, арман кылып буркурап жатып нечен күн, нечен түн жанын кыйнап ыйлайт. «Көкжалымдан айрылып, басайын десем бутум жок, жылан болгон экенмин, куйругу жок, жалы жок, кулан болгон экенмин, сай-сөөгүм зыркырап жаман өлмөк экенмин» – деп, арманын айтат.

Кыяз менен Канчорону атайын десе, Сырбараңда жалгыз атым дары жок. Өзү токсон жеринен жаралуу болгон, кансырап, ырп этээр алы калбай, Сырнайзаны таянып Кара-Үңкүргө барып эси ооп, жатып калат.

Кыяз Канчорону чакырып: «Манас болгончо кыргыз ар кайсы жерде тентип кор болуп жүрчү экен. Ар кайсы жерден жыйнап эл кылган Манас экен. Манастын уулу Семетей кыргыздын – темир коргону. Семетейге кол кайтарып, арбакка чеки иш кылдым, кудай өзү кечирсин. Көк-жалдан кечирим сурайм. Жерди жел бузат. Элди сага окшогон акмак бузат, сенин тилиңе кирем деп, ажыдаардын куйругун бастым. Семетей өлгөн жок, көздөн кайым болду. Бир күнү келип, биздин тукумубузду курутат. Бизге уруксат бер, кетели, кандыгыңа,

бере турган дүнүйөңө ыраазыбыз. Күлчоро анык көк болоттун өзү экен, сен – экөөбүздөн алда канча өөдө экен, биз ушунчабызда кайталы» – дейт.

Канчоро Кыяздын сөзүнө кулак салбай: «Күлчоро Семетейден да эр, ал азыр токсон жеринен жарадар болуп, каны качып, алы кеткен кез. Эгерде каны толуп, жараты жазылса, бизге күн көрсөтпөйт. Ит көрбөгөн кордукту Күлчородон көрөбүз. Ушундай алсырап турганында издеп таап, кечирин кесип, темир торго салуу керек» – дейт.

Жедигердин балбандарын тандап алып, Кыяз менен Канчоро Күлчорону издеп жөнөшөт.

Канчоро Кыязга: «Анын барып жата турган жери мага белгилүү, Кара-Үңкүрдү көздөй жүргүлө!» – деп, ээрчитип барат. Кара-Үңкүргө барса, Күлчоронун изи жатат. Кыяз балбандарын үңкүргө киргизет. Күлчоро балбандардын баарын кырып таштайт. Айбалтасын колуна кармап, үңкүргө Канчоро өзү кирет. Канчорону көргөндө Күлчоро жалынып: «Баатыр элем бир кезде, бакыр болдум бул кезде. Бөксө жол элек кыялаш, бир тууган элек уялаш. Талашып эмчек эмишкен, тай кунандай тебишкен. Кор болуп колуңда турам, кашык канымды кеч, өлтүрбө, кор кылба?» – дейт, каяша кылбай кол куушурат.

Канчоро аябастан айбалта менен көк желкеге тартып жиберет.

Күлчоро сендиректей түшүп оңолуп, кылыч менен шилтеп жибергенде, Канчоронун этегин шыпырып кетет. Күлчорону көптөп баса калышып, оң далысын кесип, темир торго салып, качырга таңып, айдап алышат. Күлчорону байлап алганда, Канчорого бетер мактанып, жер сууга батпай: «Ачуума тийгенде бармактайымдан чоңойткон Сары канды сойдум, Күлчорону байладым. Тилимди албасаң Кыяз сени да жайлаймын!» – деп, күпүлдөйт Кыязга. – «Күлчоронун жарасын айыктырба, канын толтурба, өлөөр өлбөс гана жан менен кой, күнүгө эки убак сабатып дене кул, жылкычы кылып ал. Эгерде канын толтуруп, жарасын айыктырсаң, түпкө жеткениң. Мунун кеги калбайт. Жоо аяган жаралуу деген, аябагын!» – деп, көп дайындайт.

Семетейдин атын эч ким атабайт, Канчоро кандын тиккен багы, Канчоронун алтын тагы болуп калат. Семетей деп бирөө оозго алса, аны дароо өлтүрөт. Канчоро кан болуп, кожо молдолорду чакырып, Семетейдин аялы Чачыкейге нике кыйдырат. Канчоро алтын такка минип, аргын менен кыргызга салыкты аябай көп салып, зулумдук кылат. Элдин көзүнөн кан агызат.

Калың эл Семетейди эстеп ыйлайт. Канчоронун зулумдугуна чыдабай эл бытырап тарай баштайт. Кайсы бирөөлөр: «Чүрөктүн боюнда калды, эркек болсо бир ишке жараар, азырынча Канчоро эмне бер десе, берели» – деп курсактагы баланы бел кылышат.

Жедигердин карыялары чогулуп, Канчорону жамандашат: «Өзүнүн бир тууганы Семетей менен Күлчорого кылганы бул, Канчоро капырдан кайсы жакшылыкты күтүүгө болот? Түбү бизди да ушундай кылат го! Оңбогон Кыяз элдин түбүнө жете турган болдуң! – деп, Кыязды жемелеп, тилдешет.

Канчоро желдеттерине Бакайды айдатып алып, көкпөрү тарттырат. Көкбөрү болуп, сакал-мурутунан ажырап, ит көрбөгөн кордукту көрүп, Бакайдын айткан арманы:

«Ээ оңбогон мен Бакай
Зымырык этин жедимби?
Сырттандардан айрылып,
Ар качандан бир качан
Сырттан Бакай абаңды
Күйүп өлсүн дедиңби?
Картайганда мен Бакай
Өзгөчө дууга түштүмбү?
Мүрөктүн суусун ичтимби?
Көп жаңылып курган жан
Кузгундун көзүн жедимби?
Ар дайымдан бир дайым,
Айланайын жараткан,
Бакайды куурап өлсүн дедиңби?
Менин боз ала туйгун болпонум,
Боз карчыга чолпонум,
Маңдайда жалгыз чынарым,
Башымдагы мунарым,
Кабылан жалгыз өлбөй кал,
Кайгыны куу жан көрбөй кал!
Дөөлөтүм башта барында
Олуя чалдын Бакайы,
Баатыр деген экенмин,
Тумшугумду мен Бакай
Такыр жеген экенмин.

Кайгыны башка салгыча,
Карытпай кудай алсаңчы!
Тозокту башка салгыча,
Томпоюп бу жер калсаңчы!
Кашайта көзүн Канчоро –
Оюп салбай не болдум?
Тирүү койбой мен сени
Ымыркай бала чагыңда,
Союп салбай не болдум!
Олуя заада Каныкей,
Билгизип айткан сөз эле,
Аман болсо, зилинде,
Душман болот деди эле» –

деп, Канчорону каргайт. Күндүз көкпөрү кылып, кечинде кемпирлерге сабатат. Бакайга ит көрбөгөн кордукту көрсөтөт.

Акжолтой Айчүрөктүн Агордосуна келип, буркурап ыйлап жиберет. «Сага эмне болду? – деп сурашат. Ошондо Канчоро чыккынчылык кылып, жедигердин Кыязын калың кол менен чакырып уруш болгонун, Семетейди ат көтөрө албай кайып болгонун, Күлчоро менен Бакайдын көргөн кордуктарын, Сары кан, Бөлөкбай усталардын өлгөнүн, Семетейдин айткан керээздерин, «Айчүрөк эркек тууса, атын Сейтек койсун, Күлчорого жолдош болот» дегенин баштан аяк айтат.

Семетейдин чоң энеси Чыйырды ошол эле жерден жарынып өлөт. Каныкейдин көзүнөн кан агат, буркурап ыйлаганына карагай ыйлап, тал ыйлайт, өрүштөгү мал ыйлайт, бешиктеги бала ыйлайт.

Семетейдин Кумайыгы менен Шумкары кайып болуп кетет...

Канчоро Кыязды чакырып алып: «Мен тирүү турганда, сага эч ким каяша кыла албайт. Семетейдин дүнүйөсүн олжолоп кеткин. Семетей Айчүрөктүн айынан Чынкожо, Толтой, жер жайнаган жедигерди кырды эле, ошол Айчүрөктү ал! – деп, анын сулуулугун, акылдуулугун мактайт. – Чүрөктү алганда чоң той жасагын. Айчүрөктүн айтканынан чыкпа, көңүлүн калтырба, эгерде көңүлүн калтырсаң, өзү жайчы жана кайыптан туулган, сенин түбүңө жетет. Сага дагы бир эскертип айтаарым, Айчүрөктүн боюнда канкордон үч-төрт айлык бала бар. Чүрөк эркек төрөсө, баласын өлтүрт. Канкордун баласы аман жүрүп он эки жашка чыкса, сен – экөөбүздүн түбүбүзгө жетет. Чүрөк кыз тууса, той берип, бала кылып ал!» – деп, бар акылын айтат.

Кыяз, Канчоронун айтуусу боюнча, Семетейдин дүнүйөсүн бүт талап алат. Айчүрөктү тартып алуу үчүн анын ордосуна келишет.

Ордо кайтарып турган сакчылар Кыяздын калың колу менен урушуп, жети күнү алдырбай турат. Калың кол ордону тегеректеп, камап келгенде, Айчүрөк Каныкейден акыл сурайт. Ошондо Каныкей, чыркырап ыйлап, Айчүрөккө айткан насыяты:

«Ээй!.. ата балам Айчүрөк!
Ээй!.. кейибегин кулунум.
Өлөңдөн күйүп өрт чыгып,
Өз ичиңен жоо чыгып,
Уу төгүптүр күбүңө,
Ушу турган Канчоро,
Балам, жеткен экен түбүңө.
Ээ!.. балам курама темир курч эмес,
Бу кутурган какмар журт эмес.
Бу бадыраң темир курч эмес,
Башка өскөн арам журт эмес.
Ээй!.. кулунум Айчүрөк!
Бу Кең-Кол сага журт эмес,
Түбүндө Канчоро сага эл эмес!
Ээ!.. Айчүрөк кулунум!
Менин ичим жалын, боорум чок,
Сенин ичиңде алты ай бала бар,
Мен медер кылам кудайга,
Жаратканга көөнүм ток.
Он эки жыл күйөөрмүн,
Он эки жылы болгуча
Кордук тартып жүрөөрмүн.
Он эки жылда келбесең,
Мен зарланып жүрүп өлөөрмүн.
Ээй!.. Айчүрөк кулунум!
Акылга дыйкан сен элең,
Курсактагы белегиң
Эркек болбой, кыз болсо,
Айчүрөк балам кат учур,
Кат учурсаң, бат учур,
Арка чачым өрөйүн,

Күйүп-бышып, чок болуп
Каныкей ошо күнү өлөйүн.
Эгерде эркек уул болсо,
Толуктап тоюн соё көр,
Мунун атын Сейтек коё көр.
Мойнуна белги тага көр,
Кирдүү көйнөк кийгизбей,
Киргил ашты ичирбей,
Кир жугузбай бага көр.
Балам атасынан бабасын,
Баатырлыгын карачы!
Он үчкө жашы келгенде
Жылгалуу Кең-Кол жерин айт,
Жыргалдуу кыргыз элин айт!
Өзөндүү Талас жерин айт,
Аргын, кыргыз элин айт!
Толуп аткан сонунду айт,
Мынабу мен карабет долуну айт!
Кармоого кетти Күлчоро
Арданып ботом өлгөндүр!..
Өлбөй аман бар болсо,
Кордуктун көрүн көргөндүр!..
Баатыр да эле, шер да эле,
Жылкычыга кул болуп,
Акырегин жоорутуп,
Эки колун оорутуп,
Өлүп калбас, тон кийип,
Өчүп кетпес, от күйүп,
Бышып-жанып чок болуп,
Өрттөнүп бышып жок болуп,
Күйүп жүрөөр Күлчором...
Көз салбасаң жаман ат,
Күлчоро сага аманат.
Жылында көзүн көрө көр
Кементай, тону жыртылса,
Ээй!... кулунум Айчүрөк,
Кез-кезде жамап бере көр!

Ачып кетсе тойгузгун,
Ал Күлчоро иниңди
Арып кетсе, семирткин!
Көз салбасаң, жаман ат,
Ээй!... Айчүрөк кулунум,
Күлчоро сага аманат!» –

деп, көзүнөн кан аралаш жашын төгүп, шердикке салып кайраттанып, оозун жыйгыча, калың кол каптап кирип келет.

Айчүрөктүн алтын ордосунун тамын кулатып, талын сууруп, таш-талканын чыгарат. Айчүрөк эки бетин тытып, чачын жайып, кылычын оңойлотуп кармап турат. Канчоро Айчүрөктүн сулуулугун, эстүүлүгүн, шердигин айтып аябай мактайт.

Кыяз: «Айчүрөк сенин айтууңа караганда башкача аял экен, бир күнү уу берип өлтүрүп коё, албаймын» – дейт.

Канчоро каарданып: «Койнуңда жаткан катыныңан корккон сендей да акмак болобу? Айчүрөктү алсаң ал, албасаң жообуңду айт. Айчүрөк тил алса, сага эрке катын кылып алып берем, тил албаса, кементайды кийгизип, жайдак жоор көр байталды мингизип, атасы Акункандыкына жеткирем» – дейт.

Кыяз, Айчүрөктү көргөндө сулуулугунан эси ооп жыгылып кала жаздайт. «Албаймын – деп, корккон Кыяз: – Айчүрөк үчүн азыр өлсөм да арманым жок» – деп ынталап, Чүрөккө сүйлөшүүгө ашыгат, бирок, барып сүйлөшүүдөн коркуп, балбандарын тегеректетет.

Чүрөктүн кан ичмеси кармап, жайнаган калың балбандар менен жалгыз өзү урушат. Балбандардан жүздөн ашыгы Айчүрөктөн өлөт. Жедигерден Чүрөккө эч ким даап бара албай калат. Айчүрөк калың колду, жалгыз өзү, ордодон кууп чыга турган болгондо, Канчоро кайрат кылып: «Кырылган жедигер! Каның баш болуп бир катынга күчүңөр жетпей, качкандан көрө тирүү жүрбөй өлгүлө! Кутурган канчыкты кармагыла! Атан өлсө, тайлак бар, жабуусу жерге калбаска, ага өлсө ини бар, катыны жесир калбаска. Кыяз кайнисине эрки менен тийсин! Тийбесе, кутурган канчыкты кармап, кементай кийгизип, кер байталга мингизип, төркүнүнө жеткизип салгыла! – деп элге айтат да, өзү Чүрөккө барып: – Жеңе, Семетей болсо өлгөн, кор болбой Кыязга тийип алгын. Жедигер элинин эки тизгин, бир чылбыры өзүңдүн колунда болот. Тийбейм десең жообуңду айт, азыр башыңды алам!» – дейт.

Жети күнү Айчүрөк жалгыз урушуп, нечен жеринен жарадар болуп эмчегин жара чаптырып, кызыл канга боёнот. Тырп этээрге алы калбай абдан чарчайт. Жардам берген киши жок, Айчүрөктү жедигерлер байлап алышат.

Айчүрөктү баш кылып, миң сулуу кыз, Семетейдин бүтүн дүнүйөсүн олжого алып, жедигерлер айлына кайтат.

* * *

Канчоро Каныкейди айдатып алып, кырк балбанына көкпөрү тарттырат. Каныкей боздогондо адам баласы эмес, карагай, кайың, тоо-таш да ыйлайт. Каныкейди көкпөрү тартты дегенди Күлчоронун аялы Акбала угуп, эркекче кийинип келип, Канчоро менен урушат. Канчоронун көп балбанын өлтүрөт. Акыры жалгыздык кылып колго түшөт.

Кыяз Айчүрөктү үйүнө алып барып, абдан чоң той кылат. Тойго Самаркан, Кокон, Анжыян, Маргалаңдын кандарын да чакырат. Кандардын бир канчасы Кыязды жаман көрүп, тоюна келбей коёт. «Касташып жүргөн жоону чаап алгансып, кыргыздын темир чеби – Семетейди өлтүрүп, аялын алып келгенине мактанабы?» – деп, өсөк кылышат.

Айчүрөккө нике кыйып, Кыяз аялдыкка алат.

# «СЕЙТЕК»

Күн өтөт, ай өтөт, Айчүрөктүн төрөй турган убактысы жетет. Күнү жакындаган сайын, Айчүрөктүн убайымы күчөйт. «Көк жалдан калган белекти душмандык менен майып кылаар бекен?» – деп отурса, турса ойлогону ошол. Акылдашаар адам жок, ыйлап гана көзүнө күч келтирет.

Чүрөк толготот. Кыяз Чүрөктү көрөт да, элиндеги аксакалдарын жыйнайт.

Жедигерде Кутубий деген карыясы болгон, ал сырты Кыязга дос, бирок, ичинде Кыязды душман көрөт.

Аксакалдар чогулуп келгенде Кыяз элге: «Айчүрөк келиниңер бүгүн толготуп калыптыр. Төрөгөн баласы меникиби, же Семетейдикиби? Ажыраткылачы?» – дейт.

Карыялар ары-бери күндү, айды эсептешип, Кутубий тура калып: «Кыяз каным! Айчүрөктү алганыңа бүгүн туура он эки ай толуптур, бала сеники. Көңүлүң күмөнсүрөбөсүн, аябаган чоң той кыл, атын жакшылап койдур. Бизге медер болсун. Сенин бу олжо катыныңдын төрөгөн баласы, тегин болбойт. Бул балаң эркек болсо, даламды бузат. Жедигердин ырысына төрөлгөн бала! – деп, Кутубий төрөлө турган баланы мактайт. Кыяз эл арасы жаман болот, бузуктар аз эмес, сенин балаң эмес дегендери болсо, андай эл бузуучу бузуктардын башын алгын, жазасын бер!» – дейт. Эч ким оозунан сөз чыгарбаска убаданы бек кылып, мылтыктын оозун өбүшүп, кылычтын мизин жалашып тарашат.

Баланын төрөлүшүн Кыяз каалабайт. Аксакалдардын айтканына ишенбейт, анткени – Айчүрөктү алаарда Канчоро, анын боюнда үч айлык бала бар экенин, баланы тирүү койсо, түпкө жетээрин айткан болучу. Бала Семетейден экенине көзү анык жетет.

Айчүрөк боздоп толготуп жатат. Чылгый балаага баш болгон жети сыйкырчы кемпирди Кыяз чакырып алып: «Чүрөктүн тууй турган баласы Манастын уулу Семетейден. Төрөөрү менен баланын көзүн тазалагыла. Атайы ошол баланын киндигин кесүү үчүн, ууга сугартып, устара жасатып койдум. Устара киндигине тийди, бала шыркырап күйүп кетет» – деп, Кыяз кемпирлерге казынанын оозун ачып, керектешинче дүнүйөнү аябай берет. Убаданы бек кылат. Устараны чөнтөгүнө салып, кемпирлер Чүрөктү көздөй жөнөйт.

Кыяздын үйүндө отун алып, суу куюп жүргөн Карачач деген бир күң бар. Карачач уга салып, чуркаган бойдон Айчүрөккө келип, Кыяздын кылыктарын айтып, Айчүрөктү алдын ала эскертет. Карачач оозун жыйып болгуча сыйкыр кемпирлер Айчүрөккө жалынып-жалбарып: «Кайсы жериң ооруйт? Көзүңдү умачтай ачабыз, жаныңды жыргатабыз» – деп, эпилдеп кирип барышат.

Таластан кетээрде Каныкей кереги тиер деп, уу дары берген экен.

Кемпирлер келээри менен, дары кошуп даярдап койгон саамалды Карачачка: «Энелериң суусап келгендир. Аркы көөкөрдөгү саамалдан куй, кере-кере жутуп, суусундарын кандырсын» – дейт, Чүрөк.

Кемпирлер саамал жуткан жерине жуушап калышат. Айчүрөк коломтонун түбүнөн оро каздырып, жетөөн тең көөмп таштайт. Карачач устараны уурдап барып, бир кудукка салып жиберет.

Кыяз жети сыйкырчы кемпирди жумшап коюп, көңүлү тынып, эч нерсе менен иши жок жата берет.

Айчүрөк өзү жалгыз, таңга маал эркек бала төрөйт. Киндигин өзү кесип, өзү киринтет. Баланы ары-бери алып караса, Семетейдин терисин сыйрып, каптап койгондой. Чүрөк баланы көрүп, көңүлү бөлүнүп, Канчоро менен Кыяздын кылган кордуктарын элестеп: «Аман-эсен жетилсе, атасын тартса, капкайдагы кегимди алып берээр» – деп бел кылат.

Баланы Кыязга Айчүрөк көрсөткүсү келбейт, бирок мүмкүн эмес. Ары-бери ойлоп туруп, баланы көтөрүп Кыязга барат.

Айчүрөк: «Кыяз төрөм, сүйүнчү! Эркек балалуу болдуңуз, тоюна токсон союңуз, атын жакшылап коюңуз. Аман жүрсө ааламды бузган эр болоор, жедигердин ырысына туулган бала!» – дейт.

Кыяздын жүрөгү оозуна каптала түшүп, сыйкырчы кемпирлерге сүйлөнүп, башын алууга издетип, таба албай коёт. Чүрөккө сөз кайтарбай башын жерге салып, жер чукуп калат.

Кыяз аксакалдарды дагы жыйнайт. Айчүрөк эркек төрөп, Кыяздын шаштысы кетип жатканын Кара дөө угуп, багып алган атасы Кутубийге: «Чүрөктүн баласын сурап бергин, багып алайын» – деп жалынат.

Кыяздын кыялын, максатын биле коюп, Кутубий, «Канды кудай ураарда катыны менен касташат, калкы менен чабышат. Жакыны менен жат болот, өз эли менен жоо болот. Үйүндө ашын эсептейт, кан башынан бак кетет деген. Сен, Кыяз кан өзүңдүн балаңды, бөлөктүн баласы деп, жеригениң жарабайт. Өз балаңды өлтүрөм десең, эзелде эки болбой, куурап жүрүп өтөсүң.

Сенин олжо катының Чүрөк, жөнөкөй киши эмес, ал өзү кайыптын тукуму, анын көңүлүн калтыра берсең, ак куу кебин киет да, бүт дүйнөнү айланып учуп, жер үстүндөгү дөөлөрдү жыйнап келип, башыңа балаа салат. Башка жактан кол издебей эле, атасы Акункандын элин алып келсе, биздин чыт-бытыбыз чыкпайбы? Кой, Чүрөк менен ойнобо, ошол келиндин айтканын кыл!» – дейт. Кыяз Чүрөктүн айтканын иштөөгө аргасыз болот.

* * *

«Ушунча жашка келип, эр ортону болдум, эки-үч аял алдым, бирөөнөн да перзент көрбөдүм, эң акыры Чүрөктөн эркек балалуу болгон кубанычыма жедигер эли бүт жыйылсын. Токсон семиз бээ союлуп, балага той берилсин!» – деп, Кыяз жарыялайт.

Кандын айткан сөзү эки болбой, семиз бээлер союлуп, эл чогулуп, той башталып оюн-тамаша болот.

Бала жетим жүрүп жетилсе, түпкө жетээрин Кыяз абдан жакшы билет. Ушундай жаш кезинен жайламакчы. Кыяз калп эле күлүмүш болуп: «Чүрөк! Балаңы алып кел, аксакалдарга атын койдуралы!» – деп этегин тосот.

Чүрөк Кыяздын арам оюн сезе коюп, эмне кылаар айласын таппай, чыркырап, боздоп ыйлайт, бирок Кыязга шек алдырбайт. Эң акыры аргасыздан берет. Баланы Кыяздын этегине салганда салмагына Кыяздын бели ийилип, өтүгүнүн өкчөсү жерге кирет. Кыяздын эси чыгып кетет. «Мунун чоң атасы эр Манас, өз атасы Семетей, тирүү жүрсө бул бала тукумубузду курутат. Ушул баштан мээсин былчырата муштайын» – деп, жерден аяктай таш алат. Аны көрүп турган

Чүрөктүн жаны чыгып, Таластан ала келген Актинтени суурул, кан ичмеси кармап: «Чарайнадагы баламды душман дейсиң? Мунун душмандыгын кантип билдиң? Баламды сага өлтүртүп коюп, мен күн көрбөйм, мен сага олжо катын болуп жүрүшүм да ушул бала үчүн, бала болбосо, аңгеме башка болот эле» – деп Кыяздын колунан баланы алат. Эл экен десем, жедигер, кара жер менен тең экенсиңер. Төрө Кыяз экен десем, ит Кыяз экенсиң, иттен да төмөн экенсиң. Менин жиниме тийдиң, сенин түбүңө жетем, ак куу болуп учуп барып, Акункан элин жыйып келип, сени чабам, мен кардымдан чыккан баламды сага өлтүртүп, кантип карап отурам? Өзүңдүн баланды өзүң өлтүрсөң, сени адам деп кантип күн көрөм? Чарайнадагы өз баласын душман деп өлтүргөн адам эч убакта болгон эмес» – деп, жүйөлүү сөздөрдү айтып, аябай тилдейт.

Чүрөктүн сүрүнөн, айткан сөздөрүнөн Кыяз коркуп, актанып: «Сынаганды билбейсиң, балаңдан бетер тилдейсиң. Ойногонду билбейсиң, орой сөз айтып тилдейсиң. Туура, балама душмандык кылсам оңомбу? Жаңыдан көргөн балама, жамандык кылсам болобу? Сенин эрдигиңди сынадым эле» – деп, Чүрөккө кайра кошомат кылат.

Элге Кыяз: «Баламдын атын ким жакшы койсо, дүнүйөмдү аябай берем» – деп жарыялайт. Кыяздан коркуп, ат коюуга эч ким даабайт. Кыяз элди кыстап кырып жибере жаздайт. Корккон элдин асты качып да кетет. Эл кысылып турганда бир дубана келип калат. Дубана: «Түпкү атасы эр Манас, өз атасы Семетей, аты «Сейтек» болсун» – дейт. Семетейдин баласы деген сөзгө Кыяз баш болуп, жедигерлер бүт ыза болушат: Дубананы кармоого, итке жарып берүүгө, калың жедигер бүлүк түшөт. Дубана көздөн кайым болуп жок болот.

Жедигер эли мунун атын Кызыр келип коюп кетти, Семетейдин баласы экен, түбү Кыязды ушул бала өлтүрөт деп, күбүрөп ушак кылышат.

Айчүрөк баланы алтын сарайдан чыгарбай, канаттууга кактырбай, тилдүүлөргө сөктүрбөй, жаман кийим кийдирбей, булганч жерди бастырбай өстүрөт. Кыяз балага кыянаттык кылайын дейт, бирок Чүрөктөн коркот. Сейтектин жашы он экиге келип калат. Эрдик, шердик белгилери билинет. «Сейтек! Сейтек!» – деп оозго кире баштайт.

Бала Сейтек жетим жүрүп жетилип, кыны жок кылыч байланып, урушарга жоо таппай, эрки менен болуп, аюу, арстан кууп кыдырып

тамаша кылып жүрөт. Эл жүрбөс ээн талаага барат. Сейтектин алды жагынан эле бир дөбө жылып келе жаткандай көрүнөт.

Сейтек кызыгып: «Ушул дөө менен бир кармашып көрөйүн, өз күчүмдү өзүм сынайын, ажалым жетсе өлөөрмүн, азабым болсо тартаармын» – деп, Сырнайзаны колго алып качырат.

Беттешип сайыша турган болгондо, дөбөдөй болгон баатыр атынан түшүп, найзасын ыргытып, барбаңдап күлүп, Сейтекке жалынат.

Сейтек таң калып, баягы дөөдөн аты-жөнүн сурайт. Ал Кара дөө экен. Сейтекти көргөндө чыдап тура албай, буркурап көзүнөн жашы төгүлөт.

Сейтек: «Сиз мени эмне үчүн жетим канкорум – дедиңиз?» – дейт.

Кара дөө: «Сен балам, энем Чүрөк, атам Кыяз деп жүргөн чыгарсың, Чүрөк энең экени ырас, бирок атаң Кыяз эмес» – деп болгон окуяны Манастан бери козгоп, Сейтек кимдин тукуму экенин таанытат. Канчоронун чыккынчылык кылганын, азыркы күндө Каныкей, Бакайга көрсөтүп жаткан кордугун, Күлчоронун далысы кесилип, Кыяздын жылкычыларына кул болуп, азап күндү башынан өткөрүп жүргөнүн ирээти менен айтып берет. «Мен болсом, атым Кара дөө, атаң менен кенедейде кезигип, бармактайыбызда баш кошуп, мал-жаныбыз бир эле. Канчоро, Кыяздан запкы жеп, мен да тентип жүрөм. Биз тирүү болуп санда жокпуз да, өлүү болуп көрдө жокпуз. Дүйнөдө кыбырап тирүү жүргөнүбүз сени жетилээр бекен, кеткен кегибизди, өчүбүздү Канчоро менен Кыяздан алып берээр бекен деп, жүрөбүз.

Кырк күнчүлүк жерде Момунжан деген бир табып бар, мен ошону чакырып келип, Күлчорону дарылатып айыктырайын, жети күндө барып келем, сен үйүңө баргын да, карап жатпай даярдыгыңды көр, Канчоро менен Кыяздан атаңдын кунун куу.

Айчүрөк бейтаалайга менден салам айт, убакыт жетти, карап жатпасын. Кыяздын Тооторусун, ок өтпөсүн, Зулпукарын алдап алсын» – деп, Сейтектин эки бетинен өөп, Кара дөө жөнөйт. Кара дөөнүн сөзүн укканда Сейтектин көзүнөн оту балбылдап:

«Атаңдын көрү, куу дүйнө!  
Бул кордукту көргүчө  
Туулбай туна чөгөйүн,  
Тирүү жүрбөй өлөйүн!  
Башымды жоодон ачайын,  
Төрөсүнгөн Кыяздын

Кызылдай канын чачайын!
Төбөсүнөн басайын,
Төрт түлүгүн чачайын!
Канчородой бузуктун
Эки көзүн оёюн!
Ичиндеги кара кан
Кочуштап ичип тоёюн!» –

деп, Кара дөө менен кучакташып ажырайт.

Кара дөө Айчүрөктөн алакандай кат алып, алты күлүк ат айдап, Момунжанды издеп, шаардан шаар кыдырып кетет.

Күлчорону жылкычыларга кул кылып берген жылкычылардын башчысы Карагул айбан чалыш адам. Күлчорону жумасына эки жолу балбандарына сабатат. Даамдуу тамак бердирбейт. Көнөк-көнөк суу ичирет. Ит көрбөгөн кордукту көрсөтөт. Күлчоронун кийгени куур тон, жаргак шым. Эти көк жашык, каны бир кашык, арык койчо жөт-күрүп, өлөөр-өлбөс күн көрөт. Өлүү десе көрдө жок, тирүү десе санда жок, сандалып жүрөт.

Бир күнү отуруп: «Чүрөк жеңемди бир көрүп келсем, жетим жетилди бекен билсем?» – деп ойлонуп, жылкычылардын кырк күн жага турган отунун бир көтөрүп, келе жатса, жарасына отун кирип, ботодой боздоп, ыйлайт. Күлчоронун көтөргөн отунун Карагул көрүп, «Сасык кулга күч кирип калыптыр» – деп, балбандарга абдан сабатып, жараатын күчөтүп, кырк көнөк суу ичирип кыйнайт.

Жылкычылардын ичинен Бозбала деген Күлчорону абдан жакшы көрөт, айылда болгон аңгеменин баарын айтып келип турат. Айчүрөктүн эркек тууп, тоюна токсон бээ союп, атын Сейтек койгонун, Сейтектин жашы он экиге келип, эрдиги, шердиги билинип, эл оозуна кирип келатканын билдирет. Чүрөккө барып, акылдашсам дегенде, Күлчоронун эки көзү-төрт.

Күлчоро эртең менен, Карагулдун үстүнө барып баш урунуп: «Төрөм, кулуңузга уруксат берсеңиз, Айчүрөккө бир жолугуп, эски-уску кийим-кечек болсо кийип келейин?» – дейт. Карагул Күлчоронун бул суроосуна теригип, балбандарына сабатат. Бозбала арага түшүп, араңдан зорго арачалайт. Моокуму кангандан кийин Карагул Күлчорого бээ саамдан кечикпей келүүгө уруксат берет.

Күлчоро Кыяздын ордосуна келет. Кыяз Күлчорону көргөндө, өлүп кете жаздайт. «Чочко Карагулга капкачан эле өлтүр деп айттым эле, ушул

күнгө чейин тирүү алып жүргөн экен ээ» – деп, ачууланып, Күлчорону айбалта менен жыга чабат. Карсылдатып тепкиге алат. Кылыч менен башын алганы жатканда, Айчүрөк келип: «Кулга кандын колу тийгени болобу? Колуңуздан айлансын» – деп, Кыязды түртүп жиберип, Күлчорону сууруп алат. Айчүрөк Күлчорону өз ордосуна алып барып:

«Өлөйүн деп арымдан,
Өлбөй тирүү жүрөмүн
Күлүстөн сенин барыңдан!
Кечиктиң келбей жаман ат,
Керектен калган жалгызым
Бүгүн берем аманат!
Тулпардан калган туякты,
Багып жүрүп чоңойттум
Туйгундан калган чунакты,
Жоболоңдуу иниңди
Жолдош кылып алыңыз,
Жоого дүмөк салыңыз!
Капанын баарын жоюңуз,
Кадимкидей болуңуз!
Келеңкер чачпак, кең соору
Керилген жеңең мен элем.
Ак марал айдап, уй кылган
Кездешкенди мерт кылган,
Тар жерди бузуп, жол салган,
Далай жерге кол салган
Табылбас кыраан сен элең!
Абакеңди санасак,
Жеткилең боздоп күйөбүз,
«Туурунда чоро калды» – деп,
Тилегиң тилеп жүрөбүз!
Бактымды кудай ачкан бейм?
Жоголгон чором табылып,
Көрүнөө кудай берген бейм?
Көрүнбөй кеткен жоголуп,
Көк жалым уулум келген бейм?!
Тилеп жүрдүм чыркырап,
Кеткениң билип каткамын,

Абакеңдин ок өтпөс,
Чогуусу менен кайран жан,
Чоң куржунга салгамын.
Чогуусу менен түйгөнмүн,
«Көкжал уулум кийсин – деп
Кажыбай жоого тийсин – деп,
Жедигердин Кыязын
Узунунан салса – деп,
Кетпеген кегин алса – деп,
Жети-Өзөндө жедигер
Жол үстүнө сүйрөтүп,
Даңгыттарга жарса – деп,
Кымбаттуу кызык мунум бар,
Күлүстөн уулум угуп ал!» – деп, араң жан келген Күлчоронун ичин жалбырттатат. Ок өтпөстү кийгизет. Күлчоронун бүткөн бою шалдырап, эки көзү жалдырап:

«Ойрон жеңе Айчүрөк!
Өзөндөн аккан булакты,
Көргөзсөң боло көзүмө
Беренден калган чыракты.
Боз бала туйгун болпоңду,
Боз карчыга чолпонду
Алып кел жеңе өзүмө!
Көзүмдү ачып көрөйүн,
Оозумду ачып өбөйүн,
Боорума басайын,
Капанын баарын жазайын!
Кайра туулуп, кайран жан,
Алакең кандан Күлчоро
Төрөлгөндөй болоюн,
Ой-тоодон эрен жүгүрсүн,
Бүгүн ойронум абам тирилсин!
Эки беттен аккан жаш
Этекке агып сел болсун,
Көңүл толкуп, көл болсун!
Бүгүн, көмүлүп жүргөн Күлчоро
Ала-тоодой заңкайып,

Арман качып, эр болсун.
Беренден тууган Сейтекти
Белиме таңуу кылайын,
Беттешээрим эр Кыяз,
Береним абамдын кунун кубайын,
Кыжылдаган жедигер
Кыйындап туусун жыгайын!
Багыштын уулу Кыяздын
Чама келип, күч жетсе,
Аңгекке башын тыгайын!» –

деп буркурап, оозун жыйгыча, Чүрөк Сейтекти жетелеп келет. Сейтекти көргөндө Семетейди көргөндөй болот. Окшоштугу терисин сыйрып каптап койгондой. Ичи өрт болуп турган Күлчоро, баланы басып жыгылат. Коргошундай көйкөлүп эрип кетишет.

Күлчоро болгон окуяны, көргөн кордуктарын баштан-аяк дагы бир сыйра айтып чыгат. «Тилим сүйлөйт, дарманым жок, болбосо Кыяз менен азыр эле чарт-чурт алыша кетсем болоор эле» – деп, Күлчоро арманын айтат. Күлчоронун арманын угуп, Сейтектин көңүлү бузулуп:

«Жети-Өзөн мага жер эмес,
Жедигер мага эл эмес,
Каңгырап жүргөн экенмин,
Канкор атам көкжалдан
Айрылып жүргөн экенмин!
Ата ордуна Кыязды,
Көрүп турбай кайран жан,
Өлүп жүргөн экенмин.
Туу өрттөгөн Кыязга
Турбай кыргын салайын,
А дүйнө кеткен атамдын
Азыр кегин алайын!
Не жашырдың энеке,
Кор болгон чоро абамды?
Мингизбей каттың бууданды,
Неге айтпадың энеке,
Өлүчү курган тууганды?» –

деп, Күлчоро менен бирге кетүүгө даярданат. Күлчоро менен Сейтек жарак-жабдыктарын алышып жөнөмөкчү болот.

* * *

Сейтек ок өтпөс тонду кийип, кынсыз кылыч байланып, Сырнайзаны колго алып, ок-дарыны мол алат. Сейтекке Манас, Семетейдин арбактары конуп, алардын сыймыктары ээрчип, жалгыз өзүнө миң балбандын күчү пайда болот. Айчүрөк чылбырына чырмалып, буркурап ыйлап: «Балтыр этиң толо элек, басташаар кезиң боло элек, булчуң этиң толо элек, Кыяз менен булкушаар кезиң боло элек» – деп, жалынып, жалбарат.

Айчүрөк айла менен Сейтекти жетелеп Кыязга алып келип: «Кан төрөм! Жалгыз балаң Сейтек, атамдын жыйган тулпарларын көрөм, күлүгүн бир бөлөк, буудандарын бир бөлөк бөлүп келсем – дейт, буга эмне дейсиз?» – дейт.

Кыяз, баланы барбасын деп, айтууга, биринчиден Чүрөктөн коркуп, экинчиден, Сейтекке кармашса алы жетпей турган болгон соң аргасыз: Барса, барсын... Айчүрөк байбиче! Мен сенден мурун Жайнаке, Каракөз деген эки катын алдым, бирөөнөн да мерсент көрбөдүм. Сени алдым, акжолтой болдуң, арстандай эркек бала төрөп бердиң. Балам барам десе, кийим-кечегин, азык-түлүгүн жакшылап даярдап бер, барып келсин! Барып жатып алып, бизди кейитип жүрбөсүн, алты-жети күндөн кечикпей тез келсин!» – деп уруксат берет. Уруксат бергени менен ичинен абдан убайым жейт.

Күлчоронун тилеги орундалып, көптөн бел кылып, күтүп жүргөн Сейтегин ээрчитип, жылкыны көздөй жөнөйт.

Сейтек жарак-жабдыктарын асынганда, куду Семетейдин өзүндөй болот. Күлчоронун көзүнө Семетей менен кетип бара жаткандай сезилет.

Жылкычылардын башчысы Карагул Күлчорону көргөндө, ачуусу келип, балбандарын чакырып: «Мына бу сасык кул Күлчоронун жазасын бергиле!» – деп, буйрат. Карагулдан буйрук болгон соң, балбандар Күлчорону басып жыгылат.

Сейтек чыдап карап тура албай, Сырнайзаны колго алып, «Манастап!» ураан чакырып, балбандарды качырат. Сайган сайын бешалтыны ыргыта сайып, Карагулду баш кылып, Күлчорого бейли жаман жылкычыларды бүт кырып таштайт. Бозбала сыяктуу бейли жакшыларын калтырат.

Сейтек бээнин семизин сойдуруп, ордону салып таштап, оюн-тамаша кылып жата берет.

* * *

Момунжан дарыкер Семетей менен абдан дос болот. Кара дөө Айчүрөктөн кат алып, алты күлүк ат айдап, Момунжанды издеп, Медийна, Меке, Багдаддарды кыдырат. Багдадда Кара дөөнү сакчылар кармап орго сала турган болгондо, Айчүрөктүн берген катын көрсөтүп араң кутулат. Момунжан дарыкерди Багдаддан табат. Семетейдин өлгөнүн угуп абдан ыйлайт. Кара дөө: «Күлчоро катуу жарадар, Момунжан аке! Ушу сизден бир айла болбосо, Күлчородон да айрыла турганбыз» – дейт.

Момунжан Семетейди асалап көп мал айдап, күндөп-түндөп жүрүп келишет. Кара дөө Күлчорону издеп Карагулдан чочулап жылкычылардын кошуна келет. Коркуп келген Кара дөө Сейтек менен Күлчоронун ордо атып тамаша кылып жатканынын үстүнөн чыгат.

Момунжан бир итти сойдуруп, этине дары сээп, Күлчоронун далысына тигет. Күлчорону казы менен жалга ороп, арак берип багышат. Күлчоронун жарасы бүтүп, мурунку соо кезиндеги калыбына келет. Колуна чокмор берип, үйдөй болгон кара ташты чаптырды эле, таш-талканын чыгара чабат, өзү да кубанып: «Эми калыбыма келдим. Ишти кудай оңдоду, менин күчүм илгерки калыбына келди. Таласта кыргыз элибиз каран калды, Бакай абам – кул, Каныкей энем – күң болуп, ит көрбөгөн кордукта. Канчоро менен Кыяздын канына тойбой, кекти албай жүрө бергенибиз болбойт» – деп, Семетейдин керээз сөздөрүн айтат.

Сейтектин кан ичмеси кармап: «Быйыл атамдын кунун куубасам, ажалым жетсе окко учпасам, минтип тирүү жүрүүнүн мага кереги жок!» – деп, ач жолборсчо чамынат. Күлчоро Айчүрөктүн арнап берген ок өтпөсүн кийип, жарак-жабдыгын асынып, даярданышат.

* * *

Айчүрөктүн жетими жетилип, эли, жери эсине түшүп, Канчоро менен Кыяздын көрсөткөн кордугун эстесе, уйкусу келбейт. Кыяздын башын алып, канына тойсом дегенде, эки көзү төрт. Эртең менен калп эле, шыңкылдап күлүмүш болуп, Кыязга арак берет. Арак ичип кызыганда Кыяз: «Мен Семетейди мындай сайдым» – деп, өзүнүн эрдигин айтып мактанат. Айчүрөк кошо мактайт.

Айчүрөк: «Сиздин эрдигиңиз, шердигиңиз, мыктылыгыңыз баарыбызга белгилүү. Эр ортону болгондо көргөн жалгыз балаң малга кеткенине бир канча күн болду, эч кабар жок. Алда эмне болду? Мен барып ээрчитип келейин, Тоторуну мага бериңиз?» – дейт.

Кыяз, кызып отурса да, соо боло түшүп, безге сайган немедей ыргып кетип: «Түү-түү – Чүрөк! Бетиң курсун, бул сөзүңдү ким уксун, түпсүз кара суу уксун, жарыксыз кара түн уксун! Катын тулпар минеби, тулпарын катынга берген эркектин иши оңобу? Катын казан кармайт, үйгө карайт. Кой, Чүрөк, тулпарга минип, Таласка кабар берип, калың кол менен келип, менин түбүмө жеткени жүрөсүңбү?» – дейт. Чүрөк боздоп ыйлап жиберет: «Оңбогон Кыяз оңбогун, ар качандан бир качан сенин арамдыгың калбады, ишенбейсиң мага. Сени дарыя Кыяз деп жүрсөм, такыр Кыяз экенсиң. Койнуңда жаткан аялыңа ишенбеген куруган Кыяз экенсиң. Сен мени акыры душман санайт экенсиң. Ак куу кебин кийип, дүйнөнү бүт айланып, сенин түбүңө чындап жетпесем, Айчүрөк атым курусун, жиниңди кагам!» – деп, ачууланат.

Кыяздын жүрөгү түшүп, эси чыгып, айласы кетип, көзү алактап: «Бейжай долунун сураганын бербесем, түбүмө жетээри чын – деп, калп эле арсактап күлүп, сынап айтсам урушасың, сенден ат-тонумду кантип аяйын» – деп, ок өтпөсүн чечип, Тоторуну берет. Чүрөк эби менен Кыяздын аты тонун сурап алып, ак куржунду көтөрүп салып, ыргып Тоторуга минет.

Тоторуга тил кирип: «Кыязды тилдеп, түбүңө Чүрөк жетмекчи, менден айрылсаң өлөсүң. Чүрөктү ала качып ташка урам!» – дейт. Айчүрөк дубалап, уйга жетпес кашаң кылып коёт. Айчүрөк жүрүп отуруп, жылкычылардын кошуна келет. Момунжан менен көрүшөт. Күлчоронун айыгып, калыбына келгенин көрүп абдан сүйүнөт.

* * *

Күлчоро ок өтпөстү кийип, жарак-жабдыгын алып: «Кыяз Чүрөктү издеп келбей койбойт. Жолун тосуп, алдынан чыгам. Мени көргөндө сасык кул эмне кылып жүрөсүң?» – деп, тилдейт, аңгемени ошондо баштайм» – деп, жүрүп кетет. Кыяз келе турган чубама жалгыз аяк жолду тосуп жатат.

Кыяз түш көрүп, түшүнөн чочуйт. Эртең менен элин чакырып, түшүн айтат. Чүрөк түбүмө жетти, ок өтпөс менен Тоторуну алдап

кетти. Бей-жай күңдү курмандыкка чалам, Сейтектин башын алам, Күлчорону итке жарып берем» – деп, каарланып жөнөйт.

Кыяз Семетейди чапканда алган Кылкүрөң деген атка минип, оңду-солду камчы уруп, жалгыз аяк чубамага келет. Жол тосуп жаткан Күлчорону көрүп, жүрөгү селт эте түшөт. «Кап, Канчоро тил албады, тил алса, ошондо эле жайлап таштайт элем, жоо аяган жаралуу деген, муну кара эми, менин жолумду тосуп жүрөт» – деп, ачууланып, Сырнайзаны колго алып, Күлчорону качырат. Найза менен сая турган болгондо Күлчоро Кыяздын найзасын айбалта менен быркырата чабат.

Кылкүрөң Күлчорону жытынан таанып, сүйлөйүн десе тили жок, жалт берип Кыязды таштап кетет. Кыяз жөө калат.

«Семетейдин адамы эмес, айбанынын кылганы бул, адамынан жакшылык күтүп жүргөн мен да акмак экенмин, карачы, ээн талаада котур нардай үңкүйүп калдым» – деп, атын каргайт.

Кыяз менен Күлчоро – экөө тең жөө, аябай кармашат. Экөөнүн тең жарак-жабдыгы быркырайт. Буттары тийген жер кемегедей оюлат. Күнү-түнү алты күн алышат. Экөөнүн тең ырпы куруйт.

Аңгыча салып уруп, Сейтек келип калат. Сейтекти көргөндө Кыяз:

«Көзүмдү ачып көргөнүм, оозумду ачып өпкөнүм, бул, сасык кул кутурган экен, айламды кетирди, атаңды бошотогөр балам, кулду жайла!» – дейт.

Сейтектин кан ичмеси кармап: «Куруган аба! Ушул убакка чейин доңузду жайлап салбай, эмне болдуң?» – деп, ачууланып барып айбалта менен тартып жибергенде, Кыяз жерге оңкосунан барып сайылат. Күлчоро Сейтекке жалынып, тие көрбө, өз колум менен жайлайын. Кыяматка барганда Кыяз: «Мени экөөлөп өлтүрдү деп жүрбөсүн» – дейт да, Кыяздын ичин жарып, канын кочууштап шимирип үшкүрөт. Ташка көчүгүн коюп отура калат.

Сейтек: «Калың жедигерди кырабыз» – дейт.

Күлчоро ачууланып: «Акмак болсо, каны акмак, калың элдин эмне жазыгы бар? Элге тийбегин, сен эмес, сенин канкор атаң да менин сөзүмдү эки дечү эмес – деп тизгиндеп, сен буларга тийбе, сырттан душман келсе, ушу элдин пайдасы тиет» – дейт.

Сейтек жедигердин жетим-жесир, карыптарын жыйнап, Кыяздын казынасынын оозун ачып, таратып берет. Күлчорону айыктырган Момунжанга Кыяздын малынан аябай көп берип, аны жөнөтөт. Жедигер

элин баласына чейин бүт чакырып, чоң той берип, Кара дөөнү кан көтөрөт. Кыяздан кутулганына эл абдан сүйүнөт.

Сейтек Айчүрөктү чакырып алып: «Семетей атам жетим калып, туугандары жамандык кылганда Каныкей энем, Чыйырдыны мойнуна мингизип ала кеткен экен. Сен өзүң олуя чалышсың, Каныкейди эмне үчүн ала жүрбөдүң? – деп капаланат.

Чылк кызыл нарга Кыяздын дүнүйөсүн аябай артып, Таласты көздөй жөнөшөт. Көч узап чыкканда Сейтек: «Мен жалгыз барып Канчоро менен урушуп, ажалым жетсе өлөм, болбосо, атамдын кегин алам» – деп, жөнөмөкчү болот.

Күлчоро: «Мени ала кет, билбегениңди билгизем, сага караан болуп берем» – дейт.

Сейтек: «Семетейдин баласы, атасын тартпай калды, Күлчорого жетелетип жүрөт деген сөздү укпайм» – деп, жалгыз жөнөйт.

Айчүрөк Сейтекке: «Таласка жалгыз барсаң бар, бирок сураган буюмдарыңды Канчоро бербесе, чатакташпагын», – деп, Таластын жерин, кыргыз элин сүрөттөп айтып берет.

Сейтек Таласка келет. Жердин сонундугуна абдан таң калат. Сейтек музоо багып жүргөн бир кемпирге жолугуп, жердин, элдин жөнүн сурайт. Ал кемпир Каныкей болот. Каныкей балага өзүнүн жомогун баштан аяк айтып берет. Сейтек Каныкейге өзүнүн ким экендигин билдирет. Аңгыча Айчүрөк менен Күлчоро келип калат. Ботодой боздоп көрүшөт. Максаттарына жетишет.

Сейтек: «Канчорону барып өлтүрөм» – дейт.

Күлчоро: «Сен баласың, менин тилимди алгын, Канчоро биздин тууганыбыз, эгер ал сөзгө келсе, кан боюнча калтыралы, сөзгө келбесе, өз убалы өзүнө, башын кесип, итке жарып берели» – дейт.

* * *

Канчоронун зордугуна чыдай албай калың эл туш-тушуна тарап кетишет. Тарагандан калганы: «Семетейден Сейтек деген бала туулду деди эле, качан келип, бизди көрдуктан бошотот?» деп, Сейтекти бел кылып жүрүшөт. Күлчорону көргөндө, эл: «Биздин көкжалыбыз келди, кудайга бир айтканыбыз бар экен, эми Канчоронун кордугунан кутула турган болдук» – деп бит-битине батпай сүйүнүшөт.

Канчоро Таласка кан болуп, Семетейдин дүнүйөсүн басып, каяша айтар киши калбай, өз эркинче жатат. Сыртынан кырк-элүү балбанга кайтартып коюп, жоо келет деген ойдо жок Чачыкейдин ордосунда жаткан кезинде, Күлчоро барып калат. Канчоронун кароолго койгон балбандары Күлчорону көргөндө сүрүнөн коркуп, эч кимиси каяша айта алышпайт.

Күлчоро салам айтып, Канчоро кандын үстүнө кирип барат. Күлчоронун баргандагы максаты, Канчоро тил алса, кектешпей жарашалы, мурункудай ага-ини болушалы деп, барат. Күлчорону көргөндө Канчоронун жүрөгү оозуна каптала түшөт.

Күлчоро тизе бүгүп отура калып, Канчорого: «Канчоро аба! Биттейибизде бириктик, тай кунандай тебишип, бир эмчекти талашып эмдик, бир төшөктө жатып чоңойдук. Ууну бир ууладык, жоону болсо, бир жооладык. Айчүрөк жеңем Сейтек деген уул тапкан, сүйүнчү! Сейтек менен Айчүрөктү адаштырып качтым. Айта берсем, арманым толуп жатат.

Бир убакта ааламды бузмак чоро элем, азыр ошентип кор болуп, кулдукта жүрөм. Сенин да эки жагыңда душмандарың көп, мен сага бел болом. Сен – экөөбүз бириккенде, бизге адам баласы чендей албайт.

Абаке! жакшылыгыңды тийгиз. Ынтымак кылышалы» – деп, аркы берки сөздү жай отуруп айтат.

Канчоронун кан ичмеси кармап: «Ит Кыяз, чочко Кыяз, өткөн жылы күзүндө эле, Айчүрөк Сейтек деген бала тууду дегенди угуп, Күлчоро эми бизге эл болбойт. Канкордун тукуму Сейтекти азгырып, бизге ор казат. Күлчоро, Сейтек экөөн тең тезинен өлтүр! – деп, кат берген элем, менин катымды орундатпай түпкө жетиптир. Кыязды калың жедигери менен бүт чаап, Айчүрөк канчыкты аттын куйругуна байлап сүйрөтпөсөм – деп, күпүлдөп сүйлөнөт. Бул Күлчоро мага зилинде душман, муну алты жылы шайыга оросом да, арамдыгы калбайт. Күлчоро тирүү болсо, менин ишим оңолбойт, жанымды соо калтырбайт. Бул канкор Кыязды же өлтүрүп келди, же мени өлтүрүп, андан кийин, барып Кыязды өлтүрмөкчү.

Күлчорону кечээ колго түшүрүп эки колу байлануу турганында эле, эки көзүн өз колум менен чукуп таштабай, өзүм акмак болупмун. Бул колунан келсе, мен гана эмес, ааламга чаң салуу оюнда бар.

Атаңдын көрү Күлчоро! Менин сендей иним жок, азыр көзүмө көрүнбөй жоголгун.

Колумда жети миң желдетим бар, кор кылып өлтүртөмүн. Менин ачуум келгенде, сен эмес, Бакай, Сары кандарыңды жайлагам, баса сенин өзүңдү да мен жыга чаап, колу-бутуңду байлатпадым беле?

Түү-түү Күлчоро, бетиң курсун, ушул күнгө чейин тирүү экенсиң ээ!? Экинчи жолу көзүмө көрүнбөй жоголгун!» – дейт.

Күлчоро чыны менен эле арамдыгы жок экенин айтып, жалынып-жалбарат. Канчоро ансайын күпүлдөп, сүйлөнүп, Күлчорону кубалайт!

Канчоронун жөнсүз күпүлдөй бергенине акыры Күлчоронун ачуусу келип, Канчоронун кылган кордуктарын баштан аяк айтып, мойнуна салып, ошонун бардыгын кечирип, ак нээттик менен ынтымак сурап жатса, күрпүлдөгөн Канчорого тыюу салат.

«Бакай, Каныкей кайда? Семетейден калган дүнүйө кайда? Эл кайда? Аголпок, Зулпукар кайда? Мына ушуларды тапкын. Сейтек эшикте турат. Жүргүн барып иниңди көргүн да, айтылган буюмдарды таап бергин. Эгер бербесең, жаныңдан үмүтүңдү үзө бергин. Сени тууган деп, акырын айтсам, кектүү дейсиң, төбөңдөн жерге кагайынбы? Мээңди чачырата муштап, каныңды суудай агызайынбы?» – дейт Күлчоро.

Канчоро ичинен: «Ушул Күлчоронун айткандары туура. Мунун эрдиги, шердиги да ырас эле. Кордук көрсөткөнүм да жалган эмес, ушунун айтканын бир орундатайын. Сураганын берейин Кыязга мактанып барсын» – деп ойлонот, бирок Күлчорого айтпайт.

«Күлчоро, сен – экөөбүз уялаш элек, сенин башыңды албай тирүү жиберейин, барып эптеп оокатыңды кыл. Кечикпей жогол, болбосо өз колумдан өлөсүң!» – дейт Канчоро.

Чачыкей, Канчоронун жанында чоюлуп отуруп: «Түбү кытай тентип келген кул эмне дейсиң? Күлчоро кулду дароо орго салдыр, өлтүргүн, бул кулдун колунан жакшылык келбейт, каным! Күлчорону тирүү койсоң, башыңды ушул кул кесет. Тилимди ал, өлтүрт» – дейт. Жаман сөздөрдү айтып, Күлчорону тилдейт.

Чачыкейдин тилине чыдай албай, Күлчоро тура калып, чачынан кармап жерге көтөрүп чаап, ичин жарып өлтүрөт. Канын кочууштап жутат. Күлчоро Чачыкейдин канын кочууштап жутуп жатканда, Айчүрөк менен Каныкей эшиктен эрчишип кирип келишет.

Канчоро Каныкей менен Айчүрөктү көргөндө жүрөгү чыгып, эси ооп калат.

Каныкей Канчорого: «Балам! биттейинде ата-энеңден жетим калдың. Семетейге жолдош болор бекен? – деп, ак сүтүмдү берип багып чоңойттум. Бирөөнүн жаман сөзүн угузбадым. Жаман тамак ичирбедим. Эл катарына коштум. Мындан башка мен сага эмне жамандык кылдым? Менин кылган жакшылыгым, жамандык болуп, колума тийди. Семетейди анттиң, Чүрөктү күң кылдың, Күлчорону кул кылдың, Мени өзүңө эмизген ак эмчегимди жара чаап, көкпөрү тарттырдың.

Ишим ак экен, жетимим жетилип келди. Сүт арамы чочко, сага да кезек келди!» – деп, каарланат.

Айчүрөк да башынан өткөн кордуктарын айтып, туталанып, Канчорого каарданып, көк жолборсчо чамынып, Каныкей менен кошо Канчорону көздөй ыкыс беришет. Канчоро башын жерге салат. Айчүрөк жанындагы ак тинтени ала коюп, Канчорону оң бөйрөккө муштап калат. Канчоро алтын тактан кулап түшөт. Дароо баса калып мууздап Каныкей менен Айчүрөк Канчоронун канын кымызча шимирет, канына тоюп, капкайдагы жүрөгүндөгү күйүттөрүн басышат.

Ошол кезде Бакай «өлү десе, көрдө жок, тирүү десе, санда жок», эки кулагы укпай, чөп алачыкта өлөр-өлбөс күн көрүп жаткан кези экен.

Кара дөө салам айтат. Бакай сүйүнүп кетип: «Балам, он төрт жылдан бери салам уккан жок элем, үнүң кулагыма жакшы угулат, сен кимсиң? Аты-жөнүңдү айтчы, жүрөгүм элжиреп эзилип бара жатат» – дейт.

Бакай, буркурап ыйлап:

> «Курсакта кетти эр Сейтек,
> Жесир кетти Айчүрөк,
> Желкесиз кетти Күлчоро,
> Кармоодо кетти Кара дөө...

Ошол жетимдериңден эң болбогондо бирөө келип, Бакайды көмөр бекен деп жүрчү элем, тилегим кабыл болуп сен келипсиң. Күлчоро, Айчүрөк, Сейтек – үчөөнөн эмне кабар билесиң? Аман-эсен барбы? Кабарын тезирээк угуз, жаным чыгып кетпесин балам» – дейт.

Аңгыча Каныкей, Айчүрөк, Күлчоро, Сейтек – төртөө Канчоро менен Чачыкейдин баштарын сүйрөтүп келип, Бакайга тартуу кылышат.

Ата-бала кошулуп, ар кимиси өздөрүнүн көргөн кордуктарын жомок кылып айтып эзилишип, жыргап жатып калат.

Канчоро кандан кордук көргөн калың эл, сүйүнүчтөрү койнуна батпай, чоң той кылат. Колунан келгени бээ союп, андан кийинкиси тай союп, эң аягы кой союп, атаң Көкжалдын ордуна Сейтек баатыр кан бол деп, жибек килемге салып, Сейтекти кан көтөрүшөт.

Кемпири куйрук чайнап, кедейи жайлоо жайлап, кунан минип, куш салып, эриксе элик атып, урунарга тоо таппай, урушарга жоо таппай, мурунку Манас, Семетейдин убагындагы калыбынан да ашып жыргап жатат.

Сейтек бир күнү Күлчорону чакырып алып: «Тентип жүрүп жетилдик, биз көрбөгөн кордук да калган жок, Канчоро менен Кыяздан өчүбүздү алдык, эл катарына кошулдук, эр уулу менен тең болдук. Мурасыбызга жеттик. Жамандык, жакшылыкты бир көрдүк, ысыгыма күйдүң, суугума үшүдүң. Менин атам да, агам да сен болдуң. Атам Семетейдин дайынсыз кеткенине он төрт жыл болуптур. Ошондон бери байкуш энем Айчүрөктүн көрбөгөнү калбады. Күлчоро аба! Айчүрөктү аялдыкка алыңыз. Мага ата болуп калыңыз. Шордуу энем Айчүрөктү албасаң, туугандыктан беземин, Таласыңдан көчөмүн» – дейт.

Күлчоро безге сайгансып ыргып кетип: «Чунак бала не дейсиң? Бул кебиңди ким уксун? Капкараңгы түн уксун, түктүү кара жер уксун! Ага менен энеден жетим калып он эки жашка чыкканда Айчүрөк жеңемди көрдүм. Ошондон бери Чүрөктү энемдей көрөм. Эне ордуна кармап келдим. Энемдей көргөн Чүрөктү нике кыйып ал дейсиң. Сөзүң курсун, канкорум. Андай сөз айта турган болсоң, жаныңа жакын жолобойм, тентип башка жакка кетем.

Энем деген Чүрөктүн эмчегин бассам оңомбу? Оңбогон чунак, орой сөз айтып жеп салдың. Адам катарына кошулганыма аз эле күн болду эле, көөнүмдү оорутпа, шагымды сындырба, ичиме кайгы салба!» – деп, Сейтекти катуу кагып коёт. Ошол бойдон сөз калат.

* * *

Кара дөө уу уулап, тоо кыдырып жүрсө, көзүнө Аголпокту кийген, Тайбуурулду минген, ак келтени асынган Семетейге окшогон бирөө көрүнөт. Кара дөө: «Капырай, бул кандай аңгеме? Түшүмбү, же өңүмбү? Эр Семетей өлгөн жок, кайып бөлуп кетти дечүү эле, ошол ырас экен го! Адам баласына кайрылбас болуп безип кеткен го, муну

менен бир сүйлөшүп көрөйүн» – деп, эки көзүнөн аккан жаш аттын омуроосун жууп, колго тийсе, атын тизгиндеп айылга алып кетсем дегенде, эки көзү төрт болот. Кара дөө жанын кылга байлап: «Канкор аба, токто!» – «Абаке! Токто эле, токто!» деп бакырат. Семетей бастырып жүрө берет. Кара дөө чапкан бойдон алдын тороп барып: «Калың журтуңду каран таштап, ушунтип жүргөнүңүз жарайбы? Азган-тозгон элиңди жыйнап, кайра султан бол. Сен жок, элибиз көрүнгөнгө олжо болду, ит көрбөгөн кордукту көрдүк» – деп, Кара дөө болгон окуяны баштан-аяк жомок кылып айтат. Семетей Кара дөөнү: «Сен кимсиң, эмне айтып жатасың?» – деп капарына албайт. Такыр жооп бербейт. Кеч киргенде Кара-Үңкүр деген бир белгилүү үңкүргө кирет.

Кара дөө чапкан бойдон Чүрөккө келип: «Айчүрөк жеңе! Сүйүнчү бер! Семетей абам тирүү экен. Аголпокту кийип, Аккелтени асынып, Тайбуурулду минип, Акшумкарын кондуруп, Актайганды ээрчитип жүргөн жеринен көрдүм. Сокур болуп калыптыр, – мени көрбөдү, дудук болуп калыптыр, – сүйлөбөдү. Атын чылбырдан алып жетелеп келейин деп, коркуп бата албадым. Кечинде Кара-Үңкүргө кирип кетти» – дейт. Айчүрөк сүйүнгөнүнөн буркурап ыйлап, көзүнүн жашын тыя албай: «Айланайын арстан кайним! Айтканың чын болсо, сүйүнчүңө дүнүйөмдүн баарын ал, ал аз десең, көөкөргө куюп канымды ал!» – деп, жалынып-жалбарат. Кара дөө Күлчородон сүйүнчү сурайт.

Күлчоро: «Сүйүнчүңө Кара дөө аргын, кыргыз элимди ал, аны аз десең жанымды ал!» – дейт.

Каныкей, Бакай, Күлчоро, Айчүрөк, Сейтек – баары чогулуп: «Канткенде Семетейди көрөбүз?» – деп акыл кылышат. Күлчоро буларга Кыяз менен урушканын, аттардын Семетейди көтөрө албай жүрбөй калганын, Кыяздын калың колу каптап тегеректеп келгенде көздөн кайып болуп кеткенин айтат. Бакай Күлчорого: «Чунагым мындай ишке дагы эле өзүң жарайсың, Кара дөөнү ээрчитип алып, сыйынып, өзүң барып келгин!» – дейт.

Күлчоро Кара дөөнү ээрчитип алып, Олуя-Ата жаткан Кара-Үңкүрдү көздөй жөнөп калат. Кара-Үңкүргө келип, Күлчорону ошол жерге калтырып, Кара дөө кароолдоп чыгат.

Кара дөө, кокус Семетей көрүнбөй коюп, элге-журтка жалганчы болор бекенмин деп, ар кайсы кыркырга чыгып кароолдоп жүрүп, келе жаткан Семетейди көрөт. Сүйүнүп, чапкан бойдон Күлчорого келип айтат.

Күлчоро да көрөт. Кара-Үңкүрдүн оозунан тосуп туруп Семетейди тизгиндеп алат. Мойнунан кучактап жыттагылап ыйлайт, түрдүү сөздөрдү айтат. Семетей такыр жооп бербейт. Амандык сөзгө келбейт. Семетейдин кулагы укпай дүлөй болгон, көзү көрбөй сокур болгон. Семетейди сөзгө келтире албай, Күлчоронун айласы кетет. Канкор бизге жок киши болгон экен, андан көрө башын кесип барып Айчүрөк менен Сейтекке көрсөтөйүн – деп, кан ичмеси кармап, каарланып сүйлөйт. Күлчорону үнүнөн таанып Семетей:

«Энеден тууган шер болдум,
Ай ааламды буй кылган,
Арстан көкжал эр болдум.
Азгырылып душманга
Калктан безген мен болдум.
Үңкүр ээлеп, үй кылдым,
Калайык бузуп, кайрылдым,
Каралды кылып отурган
Күлчоромдон айрылдым.
Чалгын чалып кайрылдым,
Эне, бала, зайбымдан,
Калаалуу кыргыз айлымдан
Калмышымдан айрылдым.
Адамдын болор мингиси,
Мени азгырып байлаган
Беринин кызы Көкмончок,
Айчүрөктүн сиңдиси.
Тороп тосуп жолумду,
Дубалай байлап колумду,
Көп көргөздү сонунду.
Канкор башым кан бекен?
Бир мураска жетүүгө,
Бурулуп элге кетүүгө,
Ордолуу шаар, опсуз журт
Кайрылып кайра барууга
Ини, бала, зайбымды
Кайрылып таап алууга
Эрте сөзүм кеч болду,
Эки көзүм төрт болду.

Күлчоро үнүң даана угуп,
Эртеңки дартым козголду.
Касиеттүү Күлчоро
Үнүңдү угуп токтодум,
Качаңкы дартты жоктодум.
Чын Күлчоро сен болсоң,
Чын көкжалың мен болсом,
Айтылган сөзүң зар бекен?
Кең көйнөктүн мыктысы,
Ургаачынын ыктуусу,
Узун чачтын тазасы,
Ургаачынын паашасы,
Жасалганга жарык күн,
Ургаачы бейиш кадыр түн,
Эсил энем Каныкей
Өлбөгөн тирүү жан бекен?
Эсил энем бу бейиш
Өлбөй тирүү бар бекен?
Өлбөй тирүү бар болсо,
Энекем ылдам келсечи!?
Кыбыланы баштанып,
Ач болотту жазданып,
Араандай оозум ачайын,
Оң эмчегин оңдосун,
Бооруна басып шордуу энем,
Жаш баладай эмизсин!
Араандай оозум ачылса,
Оозума ак эмчек сүтү чачылса,
Бул оорудан айрылам,
Арстан тууган шер иним
Анан сага кайрылам.
Көрөм сенин көзүңдү,
Анан угам сөзүңдү» –

дейт. Кара дөө дароо чаап барып, Каныкей менен Бакайды алып келет.

Семетейди көргөндө Каныкейдин эмчегинен сүт диркиреп агып токтойт. Семетей: «Мен эмгенде Каныкейдин эмчегинен ак сүт чыкса, ишимдин оңолгону, силерге кайра кошулам, кан чыкса, ишимдин

оңбогону» – деп, төлгө кылып эмет. Эмчектен сүт чыгып, Семетейдин көзү ачылып, кулагы угат.

Семетей кадимки калыбына келип, Бакай, Каныкей, Айчүрөктү, жалгыз баласы Сейтекти көрүп, кучакташып көрүшүп, айлына келет. Аргын, кыргыз бүт чогулуп, алды бээ союп, аягы кой союп, чоң той кылып, Сейтекти Семетейдин көзүнчө дагы кан көтөрөт.

* * *

Кыргыздын тилегин кудай берип, Семетей табылып, Сейтек кан болуп, жыргап жатат. Сейтекке каяша айтар калбай, ат семирип, нык болуп, эр семирип, бук болуп, жөөлөшөргө тоо таппай, урушарга жоо таппай турган кези болот. Бир күнү Кара дөө менен Бозбала кулан кууп, тоо-тоону кыдырып кетет.

Ошол кезде желмогуз уулу Сарыбай деген бир чоң дөө чыгат. Сарыбайдын дөөлүгү укмуш экен. Бүтүн дүнүйөдөгү дөөлөргө жалгыз өзүнүн алы жетчү экен. Сарыбайдын атасы Желмогуз да ашкан дөө болгон, аны Манас өлтүрөт. Сарыбай чоңойгондо: «Сенин атаң Желмогузду Манас деген өлтүргөн» – деп айтышат. Менин атамды Манас өлтүрүптүр, Манастан тукум калса, урушуп, атамдын кунун алам» – деп, Сарыбай Манастын тукумун издеп чыгат.

Сарыбай издеп келе жатып, бир кыяга алп уйкуну салып, уктап калат. Сарыбай бир жатса жети күн уктачу экен. Алп уйкуну уктап жаткан Сарыбайды, кулан кууп жүрүп, Кара дөө көрөт. Кара дөө Сарыбайдын дөө экенин билип, уктап жаткан жеринен сойлотоюн деп, Сырнайзаны колго алып «Манастап!» ураан чакырып саят. Сарыбай бит чаккандай да көрбөйт. Кара дөө таш муштагандай болот, найзасы быркырап кетет.

Сарыбай туруп, ок өтпөс тонун кийип, Желмаянын минип, Кара дөө менен кармашат. Кара дөөнүн айласын кетирет. Чокмор менен башын жара чаап, Кара дөө өлөт.

Бозбала качып кутулуп, Семетей, Күлчоро, Сейтекке Сарыбай жөнүндө кабар берет.

Жоо дегенде тойго бара тургансып сүйүнгөн жолборстор ок өтпөс тондорду кийип, ок жетпес атка минип, жарак-жабдыгын алып, элиндеги балбандарын жыйнап даярданышат. Семетей Аголпокту кийип, Ак-келтени асынып, Сырнайзаны колго алып,

Тайбуурулду жулкунтуп, колдун астына түшүп, Сарыбайды көздөй жөнөп калышат.

Күлчоро Сарыбайга жекеге чыгат. Сарыбай: «Атамды Манас өлтүргөн, силерди кырып, атамдын кунун алам» – деп, төөдөй чокморун колуна алып, Желмаянды бучкакка бир салып, «желмогуздап!» ураан чакырып, Күлчорону качырат. Сарыбайдын чокмор менен бир салганын, Күлчоро бучкагына теңебейт.

Күлчоро «Манастап!» ураан чакырып Сырнайза менен сайганда, Сарыбай Желмаяндан ыргып кете жаздайт. Күлчоронун найзасы түпкүчтөй ийилет. Сарыбай чокмор менен найзаны быркырата чаап, жаны араң калат. Күлчоронун эрдигине таң калат.

«Мен Сарыбай болгону, мындай эрди, мындай шерди көргөн эмесмин» – деп, Күлчоронун эрдигине ыраазы болот. Сарыбай Күлчорону качырып саюуга даярданганын Сейтек көрө коюп: «абамды ыргыта саят экен, жардам берейин» – деп, Сарыбайды качырып калат. Сейтекти Күлчоро мурун жетип, Сарыбайдын найзасын кагып сындырып, Сейтекти сайдырбай өтөт.

Күлчоро Сейтекти чакырып: «сенин балтыр этиң ката элек, сайышар кезиң боло элек, кокуй чунак! кийин кет!» – деп, урушат. Сарыбай менен Күлчоронун күчү бирдей келип, жарактарынын бардыгы кыйрап, оодарыша кетишет. Оодарышып да бирин-бири ала алышпайт.

Күлчорого жардам берүүгө Семетей келет. Семетей менен Күлчоро Сарыбайды экөөлөшөт, бирок Сарыбай улам чарчаган сайын күчөйт.

Такыр айласы кетип тырпы куруганда Күлчоро Сарыбайга: «Сен да эр экенсиң, биз да шер экенбиз, нечен күндөн бери бир-бирибизди жеңише албадык. Сен анык эр болсоң бизге отуз күн мөөнөт бер, отуз күндө атаң желмогуздун кунун берели, отуз күндөн өтсө, өз билгениңди кыл, бизди аяба!» – дейт. Сарыбай макул деп, отуз күнгө мөөнөт берет.

Күлчоро Айчүрөккө келип: «Канкор экөөбүздүн тең күчүбүз Сарыбайга жетпеди. Мунун айласын өзүң тапкын – дейт.

Айчүрөк Аккуу кебин кийип, учуп жөнөйт.

Кайып чалдын Куялы деген бир балбан кызы болот. Бир убакта Айчүрөк менен Куялы достошуп «башыңа кыйынчылык иш түшсө, Чүрөк, мага кел, жардам берем» деген экен. Айчүрөк учкан бойдон

Куялыга барып, болгон окуяны айтат. Куялы жарак – жабдыгын алып, Чүрөктү ээрчип келет.

Куялы менен Сарыбай нечен күн, нечен түн алышып, эң акыры Сарыбайды жеңип өлтүрөт. Сарыбайды өрттөп, күлүн сапырышат. Душмандарын жеңип, элди Сейтекке тапшырып, Сейтекти кудайга тапшырышып, Бакай, Каныкей, Семетей, Айчүрөк, Күлчоро – бешөө күн батышты бет алып, «эми адамга кошулбайбыз, биздин күнүбүз бүттү» – деп, аттанып жөнөп кетишет. Бул бешөөн «өлдү» – деп, көмгөн адам жок, «тирүү» – деп, көргөн адам жок, ошол күндөн ушул күнгө чейин кайда кеткенин эч ким билбейт.

*Зияш Бектенов*

## ВИКТОР МАКСИМОВИЧ ЖИРМУНСКИЙ ЖАНА «МАНАС»[1]

1947-жыл, август айы. «Манастын» юбилейине карата анын 15 томун бастырып чыгаруу үчүн, 9 кишиден редколлегия түзүлгөн. Улуу эпостун «Манас» бөлүгүн: Кубанычбек Маликов, Өмүркул Жакишев, Керим Сооронбаев, «Семетей» бөлүгүн: Ташым Байжиев, Аалы Токомбаев, Кусейин Көлбаев жана «Сейтек» бөлүгүн: Түгөлбай Сыдыкбеков, Мукамбет Дөгдүров жана мен (мурда Калим Рахматуллин экен, ал киши каза болгондон кийин ордуна мен киргемин) басмага даярдоого кириштик. Манасчылардан консультант Саякбай Каралаев, илимий консультанттар: профессор Кузьмич Юдахин, Ленинград университетинин профессору академик Виктор Максимович Жирмунский, бир кезде «Манастан» кандидаттык диссертация жактаган казак жазуучусу профессор Мухтар Оморханович Ауэзов, профессорлор А. П. Бернштам жана К. Карасаев эле.

Менин кандидаттык диссертациямдын илимий жетекчиси Виктор Максимович Жирмунский болучу. Виктор Максимович Манастын кара сөз менен жазылган сюжетинин орусча котормосун редакцияламак, Мухтар Манас жөнүндө жазылган илимий макалаларды редакциялап чыкмак. Үч ай иштеп, тапшырылган иштердин көпчүлүгү аяктайын деп калган кезде, Виктор Максимович бир күнү:

– Манаска байланыштуу жерлерди кыдырып көрсөк жакшы болот эле, – деп калды. Бир жумалык мөөнөткө Совет министр бир жаңы вилюсун жана көл айланасындагы бардык курорттордун директорлоруна кат жазып берди. Академикке жер көрсөтүп келүүгө сектордон мени бекитти. Салкында Чүй өрөөнүнөн чыгып кетели деген максат менен, биз Фрунзеден эрте, саат беште жөнөдүк. Үстү ачык жаңы вилюста: Виктор Максимович лейтенант баласы менен КИРФАНдын окумуштуу секретары Г. А. Самарин, мен жана шофёр бешөөбүз кетип бара жатабыз. Таң кулан өөк болуп агарып калган.

[1] Бектенов Зияш Замандаштарым жөнүндө эскерүү, Б.: Адабият – 1992, 286-302-б.

Биз Ивановка селосунун наркы четине чыга бергенде, жолдун оң жагындагы үч четки короосунан чыга калып, бир чоң сары дөбөт бизди качырып сала берди да, катуу күүлөнгөн боюнча келип машинанын астына кирип кетти. Өтө бергенде, кылчайып карасак, иттин төрт аягы асманга чыгып калыптыр.

Академик башын чайкап:

– Муну кайсы кара теке сүздү! – деди.

– «Шайтан болоюн десем, кыламыктан бут сынат, буламыктан тиш сынат» – дейт кыргыздар, – дедим.

– Бул кашайгырдын уйкулуу көзү менен тура калып качырамын деп, кадеми катты го – деп, шофёр да сөзгө аралаша кетти.

– Орус элинде, илгертен келе жаткан адат боюнча жолуңду бууп кара мышык чуркап өтүп кетсе сапарың оңунан чыкпайт деген түшүнүк бар. Биздин сапарыбызга жанагы жалпайып калган сары дөбөттүн кырсыгы тийбейби? Кыргыздардын түшүнүгү, салты боюнча муну кандай деп баалайт? – деди академик.

– Кыргыздардын түшүнүгү боюнча сары ит-душман. Душман качырып, бизге кол салды эле, өзү оңкосунан сайылды. Демек, сапарыбыз жаман болбойт, – дедим.

Аба салкын. Жол ээн. Шофёр ат чапчу балача өбөктөп отуруп алып, вилюстун тизгинин 70-80 километр менем кармап бара жатат. Биз Боомдун шайтан көпүрөсүнүн үстүнө чыга бергенде, таң аппак атып, жерге жарык кирип калды.

Бир аз өзөк ойготуп алыш үчүн Жолойдун-Бешигине келип токтодук.

Жети батман буудан жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.

– Мына, энеси аны кичинесинде ушул бешикке бөлөчү экен. Бешиктин башы – бул, аяк жагы – тиги. Баласы Жолой бешикте уктап жатканда, энеси соорусун күнгө кактап, жүн тытып, тиги тоонун үстүндө отурчу экен, – деп, Күн батыштагы Байбиченин-Соорусу аттуу чоң жайлоонун жонун көрсөттүм.

Академик көз айнегин оңдоп кийип, Жолойдун-Бешигин таңыркап, бир аз карап турду да:

– Бали-бали! Бешигине караганда Жолой балбан жакшы эле алп болгон экен. Көкөтөйдүн ашында Ороңгу менен төө чечишкен Жолой ушул эмеспи? Ороңгу да оңой алп болбосо керек го?! – деп күлдү.

– Университеттеги менин лекциямдын 1-сентябрда башталганы чатак болуп турат. Ректорубуз Вознесенский да өтө катаал киши. Болбосо, «Манас» эпосуна байланыштуу жерлердин бир тобун кыдырып көрсөк, сонун болбойт беле! – деди.

– Аялдардан  чыккан дөөлөрдүн ичинен опсуз чоң алпы ушул Ороңгу.

Эркек эмес, катындан,
Эрегишкен душмандын
Далайдын шорун катырган.
Ороңгу турду ороңдоп,
Чачтарынын ичинен
Капырай отуздай чычкан сороңдоп.»

– деп, Сагымбай манасчы Ороңгуну опсуз күчтүү сүрөттөйт.

Бул сапарыбызда Ысык-Көл менен Каркыраны, Кочкордогу Кырк Чоронун күмбөзүн, Ат-Башыдагы Моч Дөбө, Кошой-Коргондорду көрөбүз. Таласта Бакай-Таш, Бакайдын-Ыштыгы, Аккуланын-Мамысы, Үч-Кошой, Кең-Кол, Эчкилүүнүн – Кара-Зоосу, Кара-Буура, Чаткал жана Манас күмбөзү бар. Кааласаңыз, бул сапардан кайтканда, аларга да барабыз.

Биз Жолойдун-Бешигинен жөнөй бергенде, жол тоскон жумушчулар желек көтөрүп, бизди токтотуп:

– Саат 8де  жардыруу  башталат,   12  саатка  чейин киши өткөзбөйбүз, – деди.  Ал кезде Токмок – Рыбачье темир жолу бүтө элек кез болучу.

– Саат 8ге чейин дагы 15 мүнөт бар. Он беш мүнөттө биз Кызыл-Көпүрөдөн   өтүп   кетебиз, – деп болбой, тоңмоюндукка салып, жөнөп кеттик.

Машина зуулдап катуу бара жатты. Биз Кыз-Күйөөгө жакындай бергенде, жолдун оң жагындагы зоокадан кумгандай таштын аңкилдек атып, анда-санда жерге бир тийип, учуп келе жатканы көрүндү, кайра тартууга же токтоп калууга эч мүмкүн эмес. Шофёр да машинасын теминген өңдөнүп, ыкчамдата айдап калды. Дал биз өтө берерде, баягы таш жолдун оң жагындагы жардын үстүнө бир тийип, биздин башыбыздан алыс ыргып, сууга түштү. Бизде жан калган жок. Бир аз узай бергенде:

– Муну кандай деп түшүнсө болот? – деди академик, өңү кумсарып.

– Жолдогу сары дөбөттүн бизди качырганы ушул да, ал бизди чала-була бурдап кетсе, жанагы таш бизди жалпайтат болчу. Сары дөбөт өлдү, таш башыбыздан алыс кетти, – дедим мен, жылмаюуга аракеттенип.

Биз ызгытып, тез эле Кызыл-Көпүрөгө кирип келдик. Машина тоңкочуктап катуу бара жатты. Көпүрөгө 200 метрдей калган кезде, шлагбаумдун жабык турганын байкай коюп:

– Тормоз! Шлагбаум! – деп катуу кыйкырып, шофёрду аркага бир коюп калдым да, академиктин башын оң колум менен шилисинен төмөн басып, өзүм да башымды төмөн эңкейтүүгө араң үлгүрдүм.

Зымырап бара жаткам машина тормозго болсунбу. Күү менен барып, шлагбаумдун астынан жөргөлөп өтө чыкты.

Машинанын алдыңкы айнеги бычырап кетти. Менин оң жагымда ортодо отурган Г. Самариндин чекесинен кан жая берди. Баарыбыздын эсибиз ооп, шалкайып машинадан түшө баштадык.

Короодон милициянын бир капитаны, эки сержанты жүгүрүп чыкты.

– Автолихач! Кулиган! Я тебе покажу! Жабык турган шлагбаумду көрбөй, эмне көзүң кашайдыбы? – деп, капитан шофёрду демитип сөгүп кирди.

– «Көрбөгөн жол-көрүстөн» – деген. Бул жол менен менин биринчи жүрүшүм. Шлагбаумдун өңү тиги беттеги боз ала таш менен окшош болгондуктан, муну алыстан байкай албай калдым, анын үстүнө кашаа темир агала болуп боёлбоптур, жолдош капитан, – деп шофёрдун үрөйү учуп, уйпалана түштү.

– Жолдош милициянын капитаны, шофёрго атырылуудан мурда жапаа чеккен кишиге тез жардам бериш керек, – деп, мен да көтөрүлө сүйлөп, чөнтөгүмдөгү Совет министрдин төрагасынын катын колуна карматтым. Каттан: «Академик В. М. Жирмунский Кыргыз өкмөтүнүн ардактуу коногу. Бардык жерде урматтап, сый көрсөтүлсүн» деген сөздөрдү окуур замат жанагы каардуу капитан тез эле тескери жагына айланды.

Жолдош академик! Бир жериңиз ооруксунуп калган жокпу! – деп, асты-үстүнө түшүп, бөжүлдөй кетти да, анан тиги эки сержантына кайрылып:

Силер эмне? Зуулдап катуу келе жаткан машинаны көрбөй, көзүңөр кашайып калды беле? Шлагбаумду байкабай келе жатканын

сезгенде, дароо тосмону көтөрө бербейсиңерби! Мен силерге көрсөтөм!.. – деп, аларды жекирип кирди.

Оңдой берди болуп, жакын эле жерде темир жолчулардын медпункту бар экен. Эки сержант Самариндин башын дароо эле таңдырып келишти. Анын башына оролгон элечектей ак дакини көргөндө: «Алтын сакал Айкожо келе жатат» – деп, мени карап, Радловдун вариантын эске түшүрүп, академик ичинен акырын жылмайып койду.

Самариндин өңүндө кан-сөөлү жок. Айрылган чекесине йод куйган экен, ачыштырып, аябай ооруса керек.

Биз жөнөй бererде:

– Сиздер кайрылып келгенче, шлагбаумдун темирин агала кылып боётуп коебуз, жолдош академик! Саламат барып, сак кайтыңыз, сапарыңыз оң болсун! Бизден кеткен кемчиликти кечирип коюңуз! А тигилерди болсо, эки бутун бир кончуна тыгамын! – деп, капитан жанбүдөө болуп, туталанып кала берди.

Биз Рыбачыга жакындап кирип келгенде, мелтиреген Ысык-Көлдүн көркөм панарамасы көз алдыбызга тартыла баштады. Күндүн ысыгынан жана машинанын терметкенинен улам көшүлүп, үргүлөп келе жаткан академиктин көзү Ысык-Көлдү көргөндө, умачтай ачылды. Көз айнегин сүртүп кийип, оңдонуп отурду да мага кайрылып:

– Орто Азиянын даңазалуу сулуу көлүнө келип калдыкпы? – деп, көздөрүн чоң-чоң ачып, Ысык-Көлдү суктана тиктеди. Көлөм жагынан Арал деңизи Ысык-Көлдөн мартаба чоңдук кылса да, Ысык-Көлдүн суусу Аралдыкынан 1,7 мартаба көп дешет. Тереңдик жагынан да Ысык-Көлдү Каспи деңизи, Верхный жана Байкал көлдөрүнөн кийинки эң терең көл деп жүрүшөт.

– Ооба, Ысык-Көлдүн түбү канчалык терең болсо, ичине каткан сырлары да, тарыхы да ошончолук терең. Бул өңдүү көз тойгус көркөм көлгө, жемиши жерде жайнаган Ала-Тоого өз учурунда кимдер гана сугун артпаган. Байыркы сак, усун, согди замандарынан бери Ысык-Көлгө Азиянын Атил, Чыңгышкан, Аксак Темир сыяктуу атактары ааламды дүңгүрөткөн ири хандарынан тартып, майда хандарына чейин канчалары келип, жайлап-кыштабаган, Канчалары Ысык-Көлдүн кылаасына буудандарын таң ашырып, канча жолу душмандарына кылыч сууруп, найзаларын сунбаган дейсиз! Тарыхтын берген маалыматына караганда, Тору-Айгыр деген кыштактан көп алыс эмес

жерде бир кезде кирпич заводу, Ысык-Көлдүн айланасында Барскоон жана Ысык-Көл аттуу шаар бир кезде болгон дешет.

Ысык-Көлдүн өзүндө бир кезде эки аралы бар экендиги, анын бирине Аксак Темир согуш туткундарынын өтө коркунучтууларын алпартып, таштаткандыгы, экинчисине – Кой-Суунун тушундагы аралга, Эмир Хак Берди Бекичек чеп курдуруп, өзү Түркстан менен Сайрамдарга жортуулга кеткен кездерде, калмактар келип, чаап кетпес үчүн, аралдагы ал чепке өз бала-чакасын жайгаштырып кетип тургандыгы да айтылат.

– Ал аралдар Ысык-Көлдө азыр барбы? – деди академик.

– Ысык-Көлдө азыр бир да арал жок, – дедим.

– Кече жакында эле, кыргыздар өз ыктыяры менен Россияга кошулар алдында Бугу менен Сарыбагыш урууларынын Ысык-Көлдүн бир нече жолу өтүп турганы жалганбы?

Биз Тору-Айгыр кыштагына кирип келгенде, ал кыштактын эмне себептен андай аталып калганын сурап калды академик.

– Бул жөнүндө эл оозунда айтылып жүргөн уламыштар көп. Кайсы бир уламыштарда аны Манас эпосу менен да байланыштырат.

Көкөтөйдүн ашындагы чатакта Коңурбайдын жылкычыларынын башчысы токмок жалдуу Тору-Айгыр минген Карагулду Чубак кууп калат. Ага жетип, аны ыргыта саярда: «Сенден өлгөнчө, көлгө чөгүп өлөйүн» – деп, Тоңдун тушунан ал Ысык-Көлгө кире качат.

Карагул ар дайым Тору-Айгырга тогуз батман кум артып жүрчү дейт (антпесе, айгыры учуп кетчү экен). Көлдүн терең жерине жеткенде, айгыр сууга чөгө турган болот. Карагул артынан кумун сууга куюп жиберет. Айгыр көлдүн наркы өйүзүнө сүзүп чыгары менен, үстүнө артылган куму жок болгондуктан, Карагулду көтөрүп, Күн чыгышты көздөй учуп кетет. Ошондон кийин ал айгыр сүзүп чыккан жердин аты Тору-Айгыр болуп калыптыр, – дедим мен.

Биз ал күнү Чолпон-Атадагы өкмөт дачасына келип кондук. Директору бизди урмат-сый менен өтө жакшы кабыл алды, бирок Г. Самариндин башынын жарасы катуу ооругандыктан, градусу 39 га жетти да, эч наар сызбай, жатып калды. Түн ортосу ченде ал эки ирет бакырып, төшөгүнөн тура качты.

«Г. Самаринди машинага салып алып жүрүүгө да, орто жолго таштап коюуга да болбойт. Мунун айласын кандай кылабыз?» – деп, ал түнү сары санаа болуп чыксак, эртеси анын ооруган жери басаңдап, градусу төмөн түшүп калыптыр.

Г. Самарин «Манастын» сюжети менен тааныш, кыргыздын майда эпостору боюнча докторлук жазууга ниеттенип жүргөн киши эле. «Күрүчтүн аркасы менен күрмөк суу ичет, академиктин шарапаты менен мен да жер көрүп калайын» – деп, Жапар Шүкүровичтен жалынып сурап жатып, бизге өзү кошулган болучу. Эртең менен баарыбыз тамак жеп отурганыбызда ал:

– Түндө эки жолу бакырганымдын себеби-түшүмдө мени Манас сабады. Манас – Аккулачан, мен жөө экемин. Ал кууйт, мен качам, эки жолу мени тебелетип кетти. Шилтеген сайын, анын камчысынын түшкүнү менин жараланган чекеме тиет, – деди ал, чочулай сүйлөп. Биз элейип, таңыркай түштүк.

– Бул түштү кандай деп түшүнсө болот? Же орус элинен да бир манасчы чыгабы? – деп, академик жылмайып койду.

– Башка улуттардан да Манас айткандар аз, аздап бар: Таластан бир немец бала Манас айтат, Фрунзе шаарында завмаг болуп иштеген бир тажик жигит Манасты анча-мынча айтат. Башка улуттан манасчы болуу үчүн, ал кыргызча билиши керек. Эгер орустан манасчы чыгары бышык болсо, анда Константин Кузьмич – экөөңүздөрдүн бириңиздер (анткени – Виктор Максимович менден бир эле ай кыргызча окугандан кийин К. Юдахиндин сөздүгүнүн жардамы менен Манастын балалык чагын орусчага которуп чыккан эле) болосуздар го! – деп күлдүм.

«Ичи жаманды ит кабат» – деген макал дал ошол учурда эмнегедир менин оюма кылт эте калган эле. Көрсө, ошол сапарда Самариндин чекеси да бекеринен жарылбаптыр, түшүндө Манас да аны бекеринен сабаган эмес экен. Кийин ал жеткен ушакчынын өзү болуп чыкты да, 1949-жылы бети ачылып, КИРФАНдан куулуп кетти.

Биз көл башында Ысык-Көлдүн күңгөйү менеп жол тарттык. Академик жол бою биз аралап өткөн кыштактарды өтө кызыгуу менен карап жүрүп отурду. Аны айрыкча кызыктырган нерсе жол боюндагы ар түрдүү мезгилде түрдүүчө архитектуралык стиль менен салынган ар кыл күмбөздөр болду.

Ал күмбөздөргө жакын келгенде, машинаны токтото турат да, аларды сүрөткө тартат, кээсин чукулап көрүп, кирпичтерин сындырып карайт. Алардын кайсы мезгилдерде салынганына ой жүгүрткөндөй болот. Өздөрү боз үйлөрдө туруп, көчмөндүү турмушта жашаган кыргыздардын ушундай күмбөздөрдү салгандарына таң калгансыйт.

Биз Таштактан өтүп Өрүктүнүн оюна кирип барганыбызда, жолдун оң жагында турган көп күмбөзгө кабылдык. Алардын кээ бирөөлөрүнүн үстүнө бугунун мүйүздөрү орнотулгандыктан көргөндө, «Бул эмнени түшүндүрөт?» – деп, академик таң калды.

– Көл айланасында негизинен кыргыздын эки уруусу – Бугулар менен Саяктар жашайт. Рыбачыдан Өрүктүгө чейин саяктар, көлдүн калган жерлеринде бугу эли турат. Санжыралар менен уламыштардын берген маалыматтарына караганда, бугулардын түпкү чоң энеси бугу болгон имиш. Кайсы бир күмбөздүн төбөсүнө бугунун мүйүздөрү орнотулгандыгынын себеби да ошол, – дедим.

– Ии, ошондой деңиз… Өтө кызык, тотемге байланыштуу уламыш экен. Мен өзбектерден да далай кыштактарын аралап, палоосунан жеп, көк чайларынан ичип көргөнмүн. Бирок алардын мүрзөканаларынан мен эмнегедир мындай күмбөздөрдү байкаган эмесмин. Демек, өзбектер менен кыргыздар – экөө тең бир диндеги түрк урууларынан болушса дагы, булардын өлүк коюу аземинде асман менен жердей айырмачылык бар окшобойбу? Революциядан мурда көчмөн турмушта жашаган элдин бул өңдүү бай архитектурадагы ар түрдүү күмбөздөрдү салышы адам кызыгарлык иш. Курулуш инженерлер жана архитекторлор үчүн, эгер алар ушул эле күмбөздөргө изилдөө жүргүзсө, буларда не түрдүү кызык жана чиеленишкен материалдар жатат, – деди.

– Туура айтасыз. Бул бузулбаган дың. Ал эми өлгөндөрүнө мыктап күмбөздөр салуу, мүрзөлөрүнө таштан эстеликтер коюу, алардын беттерине иштеген иштерин, арманда кеткен өкүнүчтөрүн, керездерин жаздыруу – тээ жер жаралган замандан келе жаткан ата салты. Кыргыз элинин улуу мурасы «Манаста»:

«Алты миң эркеч сойдуруп,
Кыш бышырып, бек салган.
Арстанымдын күмбөзү
Алты кылым өткөнчө,
Бузулбай турсун» – деп салган.
Жети миң эркеч сойдуруп,
Кыш! бышырып, бек салган.
Жетигимдин күмбөзү
Жети кылым өткөнчө,
Бузулбай турсун деп салган»

– делип жомокто Манас баатырдын күмбөзүнүн тарыхы ушундай баяндалат, – дедим.

Виктор Максимовичтин каалоосу боюнча, биз Пржевальски шаарына кирбестен мурда, Жыргалаң суусунан өтөр замат, оңго бурулуп Пржевальскийдин эстелигине бардык, анын айланасында бир да сайылган чырпык жок, тегерегинде беш-алты уй жайылып жүрөт. Эстеликтин көл жаккы капталында ысык булоосу сууй элек мүрзө турат. «Бул кимдин мүрзөсү, ким койгон?» – деп, пристандан сураштырып көрсөк, стахановчу начальник цехтин мүрзөсү экен. «Жакшы кызматчынын сөөгү ири окумуштуунун жанында жатсын» – дешип, ошо жерге койгон имиш.

– Бул не деген жорук! Бир кезде Батыш менен Чыгыштагы чет өлкөлөрдүн беш-алтоонун академиясына ардактуу мүчө болгон атактуу окумуштуунун эстелигине да ушундай мамиле болобу? Минтип отурса, тегереги тез эле мүрзөканага айланат да!.. Эгер чет өлкөлөрдөн саякатчылар келип, эстеликти көрөбүз деп калса эмне болот? Эгер окумуштууларга коюлган эстеликтердин тагдыры ушундай болору чын болсо, анда, уулум, мен өлгөндө, сен мага эстелик тургузбай эле кой!» – деп, академик бир топ кейип, мүрзөдө жайылган уйлар менен кошо эстеликтин сүрөтүн тартып алды.

Биз ал күнү Пржевальский шаарына келип кондук. Областтык аткаруу комитетинин төрагасы. М. Мамбеталиев бизди ойдогудай жакшы кабыл алды. Пржевальскийдин кара карагатынан ачыткан шарабы жаңыдан чыга баштаган кези экен. Виктор Максимовичке ал шарап аябай жагып калды.

Эртеси Каркырага жөнөгөнү жатсак, азыр анда суук түшүп калды – деп, бизди айнытып коюшту. Түшкө чейин шаарды кыдырып, дунган мечитти, музейди жана шаардык китепкананы көрдүк. Пржевальскийдин паркы эң сонун деп жолдо мактап барган элем, академик менен парктын ичине кирип барганымда, уялганымдан бетимден отум чыкты. Баягы согуштан мурдагы көз жоосун алып, жайнап, атыр жыты аңкып турган гүл бакчанын миңден бири жок. Арасын кербен сарайдын короосундай таптап, тырпын тышына чыгарышыптыр. Ичинде акыр-чикир додо болуп жатат.

Каркырадай салкынсың,
Ысык-Көлдөй жаркынсың,
Жыргаландай жылуусуң,
Жети-Өгүздөй сулуусуң.

Жети-Өгүзгө биз түш ченде келдик. Курорттун директору көкүрөгү орденге толгон майор экен.

– Дароо кымыз келтиргиле! Төөк-каз эттеринен чиханбил, куурдак, даяр болсун! Беш бармакка эрте камынгыла! – деп, буйрук артынан буйрук берип, кадим согуш мезгилинде полкко команда берип жаткан немече, курортко дароо эле бүлүк түшүрүп жиберди.

Биз Жети-Өгүздү өрдөп барып, бир топ жеринен кайра тарттык. Кыргыз эли Россиянын составына өз ыктыяры менен кошулар алдында көл кыргыздарын ачса-алаканына, жумса-уучуна кармаган Шераалы жана Боронбайлар Жети-Өгүздү бекеринен мекен этишпесе керек. Чынында эле «Жер сулуусу – Жети-Өгүз» – деп, эл айткан сөз ырас окшобойбу! Аралап, анын нары жак, бери жагын көргөндө, Виктор Максимовичтин оозу ачылды да калды.

Кечке жуук күкүрттүү ваннасына түшүп, тамак-аш ичип, эс алдык. «Даамдуу жана эң сонун шарап экен! – деп, мактап жатып, Пржевальскийдин кара карагаттан ачыткан шарабынан бир бөтөлкөсүнөн академик өзү жалгыз ичип алды. Конок каадасы кылып, орун алганда, академик уулу – экөө бир бөлмөдө жатты.

Катуу уктап калган экенбиз, түн ортосу ченде катуу кыйкырык кулагыма шак эте түштү. Жаздыктан башымды жулуп алып, жетип барсам, кекиртегин сыйпалап, академик керебетинде мандаш уруп отурат. Уулу маңдайында турат.

– Сизге эмне болуп кеттиң? – дедим, мен шашып.

– Демим кыстыгып, муунуп  жатамын, – деди Виктор Максимович.

– Жер бийиктик кылып жатат го? Доктур чакырайынбы?

– Жок, чакырбай эле коюңуз!

– Бир аз сүйлөшүп отургандан кийин ал эс алып калды. Кайра жаттык.

Көзүм илинип кеткен экен. Бир убакта баягыдан да катуу үн дагы чыкты. Төшөктөн атып туруп, жанына жетип бардым.

– Сизге дагы эмне болуп кетти?

– Эмне экенин ким билсин? Алмамбет жакамдан сыга кармап, муунтуп жатат.

– Виктор Максимович, кыргыз манасчылары манасчы болор алдында түшүндө Манас, Бакай, Каныкей, Алмамбет, Чубактарды көрөт десем, Сиз көп ишенчү эмес элеңиз го! – дедим мен жылмайып.

– Көрүнгөнү эч нерсе эмес эле го, кеп муунтканында болуп жатпайбы, – деп күлүмсүрөөгө аракет кылды. Аңгыча таң кулан өөк болду. Биз кийинип, күн чыгар алдында төш таяндык. Бизге эрте туруп, басып жүргөн бир кыргыз жигит кошулду. Ал курортко келип, эс алып жаткан Чок-Талдык жигит экен. Ал:

– Мен ар дайым эрте туруп, төшкө чыгып, күн тиер алдында көлдү тиктеп, анын сулуулугуна суктанам. Укмуш! – деди. Биз антип-минтип бийик бетке көтөрүлгөнчө, таң аппак атып, жерге жарык кирип калды. Жаңыдан чыгып келе жаткан күн шооласы алгач ак кардуу тоолордун чокуларына тийип, андан чагылышкан нур Ысык-Көлдүн бетине чачыраганда, Күңгөй Тескей Ала-Тоонун ортосу кызгылтым көгүш нурга балкыды.

Туш тарабы ак мөңгүлүү Ала-Тоо менен курчалган Ысык-Көл эми баш-аягы күмүш варшавский кроватта акак түстүү жибек жамынып уктап жаткан сулууга окшоп көрүнгөн эле. Ысык-Көлдүн бул өңдүү көз тойгус керемет сулуулугун көргөндө, Виктор Максимович бир туруп көз айнегинен дүрбүнү алып, бир туруп дүрбүнү көзүнө кайра такап, эмнегедир калтаңдап, шашып калды да:

– Бара-келде! Бара-келде! Бул не деген керемет сулуу көл! Бул көлдү алгач көргөндө: «Көк жашыл акактай мөлтүрөгөн Ысык-Көлдүн күзгүдөй мелтиреген көк жашыл түсүн Женева көлүнүн дал эле ошондой көпкөк түсү менен салыштырууга болот, Анын Женева көлүнөн беш эсе чоң көлөмү мага учу-кыйыры жоктой кенен туюлду. Көл аягынын эч теңдеши жоктой чалкайышындай сөз жеткис сонун сулуулук Женева-көлүндө жок» – деп, суктанган экен Семен-Тянь-шанский.

Сиз Ленинграддык медик профессор Александровдун 1932-жылы басылган «Кыргыз жергеси – советтик Швейцария» аттуу китебин окудуңуз беле? Мен Швейцарияга революциядан мурда эки жолу, революциядан кийин бир жолу – үч жолу барып, Женева көлүн көргөмүн. Женева менен Ысык-Көлдүн көркөмдүктөрү бири-бирине окшобойт. Женеванын айланасы адамдардын колу, маданияттын күчү менен көркөм түргө келтирилген. Айланасындагы кыштак аралык жолдордун жээктерине үч-төрт катардан жемиш бере турган, жыттуу гүл чача турган жана кооз дарактардан тигилген.

Ал эми кыргыздын Ысык-Көлүнүн айланасына табият өзү ак мөңгүлүү Ала-Тоодон күмүш аквариум согуп берген тура.

Эки-үч жерден терең кудук казып, суу чыгарса, Көк-Мойнок менен Рыбачынын аралыгындагы какыраган кара ташты жашыл токойго (ар бир министерствого 10-15 гектардан жер бөлүп берип, жашылдандыргыла десе, төрт-беш жылдын ичинде бак-дарак өсүп чыгар эле) айландырса, көл айланасындагы жолдорду түздөп, көпүрөлөрдү кеңейтип, жээктерине үч-төрт катардан бактап тиксе, мерчемдүү жерлерине кооз мейманканалар салып, гүл бакчалар орнотсо, курорттор, пансионаттардын тармактарын кеңейтсе, Европа менен Азияны мындай коюңуз, Америкадан да адамдар келип, эс ала турган, суктанып, көрө турган укмуштай ажайып сонун жай болбос беле, чиркин!... Чынында эле профессор Александров айткандай, кыргыз жери – Совет жеринин Швейцариясы турбайбы!

Орус элинин атактуу саякатчысы Николай Михайлович Пржевальскийдин ар дайым Борбордук Азияга саякатка жөнөөр алдында Ысык-Көлгө келип, ушул жерден аттанып, тондонуп, узак сапарга жөнөй турганы, каза болордогу ноокас учурунда Ысык-Көлдүн жээгине (азыркы эстелиги турган жерге) чатыр, боз үй тиктирип, көкүрөгүнөн жаны чыкканча түрүлүү эшиктен Ысык-Көлдүн майда толкундарын тиктеп жатышы: «Эгер мен өлсөм, сөөгүмдү эч жакка алып кетпей, Ысык-Көлдүн жээгине койгула!» – деп, керез айтышы бекеринен эмес экен да!..

Ысык-Көлдө жайкы курорт сезону канча айга созулат? – деди академик.

Үч жарым айга, – деди жаныбыздагы жигит.

Сиз Ысык-Көлдөнсүзбү?

Ооба, – деди ал.

Ысык-Көлдү бир жылда таптакыр көрбөй калчу учуруңуз болобу?

Жок. Өз эл-жеринин кадырын адам андан алыс жерде жүргөндө билет экен. Согуш мезгилинде мен Ирандагы совет армиясынын составында беш жылы кызмат кылдым.

Согушка чейин Ысык-Көлдү бир жылда көрсөм көрүп, кээде көрбөй да калчумун. Согуштан кийин Ысык-Көлдү жылына үч, төрт жолу көрбөсөм, чыдай албайм. Наристе бала сагынган энесин көргөндө, кандай абалга келсе, мен дагы Ысык-Көлдү көпкө чейин көрбөй жүрүп, жаңы көргөнүмдө, өзүмдү дал ошондой абалда сеземин. Ошого чейинки ой-санаамдын баары унутулат да, жүрөгүм алып учуп, күлүмсүрөгөн эненин жүзүнө окшогон көлдүн күзгүдөй тунук бетинен көзүмдү ала албайм, анын жыбыраган тармал толкундары

мага кадим кучагын жайган эненин жалынган шыбырындай сезилет. Жүгүрүп, жээгине жетип, түрмөктөлгөн толкундарына жүзүмдү чайкаган кезде гана, кадим энесинин кучагына кирген жаш балача жүрөгүмдүн туйлаганы тып басылат, – деди, ал жигит.

– Ысык-Көлдүктөрдөн Кавказ, Крымдардын курортторуна барган кыргыздар да болобу?

– Болот, бирок сейрек, – деди ал.

– Колдо бар алтындын баркы жок деген ырас, – деди академик.

– Виктор Максимович, кыргыздын мекени жана Ысык-Көлү жөнүндө мен сиздерге бир уламыш, жөө жомок окуп берейин дедим:

Табият жаратканда элди-жерди,
Ар элге мекен кылып жер-суу бөлдү.
Көбүнө: «Балык же!» – деп көлдү берди,
Кум берди, токой берди, чөлдү берди.
Кечигип, энчи алууга келбей калып,
«Мага да мекен бер!» – деп, Кыргыз келди.

Бул ишке табият да аң-таң калды:
«Ок кокуй! Кайда элең» – деп, санын салды.
Кичине  бейишке деп арнап койгон,
Эң сонун татынакай жерим калды.
Беренин аны сага, айла канча:
«Талас, Чүй, Алтай, Алай, Тянь-Шанды».

Тарыхтан сүйлөй берсек нечен, нечен,
Ошентип, Кыргыз мекем алган экен.
-Жараткан бизге неге көл бербейт?»– деп.
Заңкайтып тоодон тосмо салган экен.
Сууларың Түп, Жыргалаң бөгөп салып,
Сулуу көл колдон жасап алган экен.

Кышкысын жаткандыктан үстү тердеп,
Ал көлгө ат коюптур Ысык-Көл деп,
Кыргыздар бейиш жерин мекен этип,
Көйкөлгөн көк шиберде малы төлдөп,
Мейманга дасторконун жайып салып,
Ар дайым эшик ачкан: «Төргө кел!» – деп.

Жүрөгүм сүйөт дайым ата калкын,
Баатырдык, марттык менен жайган даңкын.
Карынын айткан сөзүн капка салып,
Кылымдан жашап келген ата салтын,
Ала-Тоо, Ысык-Көлдөй мекен барбы?
Жеринин суусу – күмүш, абасы – алтын!

Жүрөгүм сүйөт дайым кыргыз жерин,
Жайлоосун, кокту-колот, жашыл, белин,
Адамга өмүр берип, гүл бураган,
Аңкыган тоо башынан атыр желин.
Эненин жүрөгүндөй толкуп турган,
Тармал чач, керемettүү Ысык-Көлүң!

Ошол күнү Жети-Өгүз курортунан кайра жөнөп, кечке жуук Фрунзеге келдик. Ал жылкы Манаска байланыштуу жерлерди көрүшүбүз ошону менен аяктады. Талас жактагы Манаска байланыштуу жерлерди кийинки жылда көрмөк болду.

Эртеси Ы. Разаковдун кабыл алуусунда: «Ыскак Разакович, Сиз берген машинаңыз менен Ысык-Көлдүн айланасын бүт кыдырып, бир катар ажайып сонун жайларды көрүп келдик. Манас Көкөтөйдүн ашын берген Каркырага кар жаап, суук түшүп калгандыктан, барганыбыз жок.

Женева көлүн мен революциядан мурда эки ирет, революциядан кийин бир жолу көрдүм. Ал көлдү Европанын эли маданияттын күчү менен кооздосо, кыргыз элине жаратылыштын өзү эле ажайып сулуу көлдү тартуулаптыр. Ысык-Көлдү мындан да сулуу кылыш үчүн, айланысында асфальт жолду кайрадан жакшылап салып, жолдун эки тарабына тең үч-төрт катардан кооз дарактар, мөмө-жемиш жыгачтарын отургузуш керек. Мерчемдүү жерлерине кооз конок үйлөр, сарайлар салып, курорттор ачып, туристтик базалар куруш керек.

Көлдүн күн батышындагы какыраган кара таштуу жерлерди жашыл бактуу гүлзарга айландырыш керек. Ал үчүн Рыбачынын түндүгүнөн бир, түштүгүнөн бир артизиян кудугун казса, ага анчалык деле каражат кетпейт.

Ыскак Разакович, экинчи менин сизден көптөн көп суранарым, орустун атактуу окумуштуусу, Борбордук Азиянын изилдөөчүсү Пржевальскийдин эстелиги ушул кезде көргөн адам ыйлай турган

абалда экен. Чет элдерден саякатчы адамдар келип, эстеликти көрөбүз деп барып калышса, уят иш боло турган. Аны кайтарган бир да киши жок, айланасына каза болгон адамдардын сөөгүн көөмп, эстеликтин айланасын көрүстөнгө айландыра баштаптыр. Эстеликтин тегерегинде уйлар оттоп жүрөт, – деп, баласы – экөө тартып алган фотокарточканы көрсөттү эле, Разаков:

– Виктор Максимович, Пржевальскийдин эстелигинин айланасын коюп, бак тиктирип, ал жерге музей уюштурабыз. Рыбачынын айланасын да жашыл, гүлзардуу бакка айлантууга аракет кылабыз, – деди.

Пржевальскийдин эстелигинин тегерегине ошол 1947-жылдан кийин темирден дубал салынып, бак-шак тигилген болучу. Виктор Максимович дүйнөлүк эпостордон жакшы кабары бар, атактуу окумуштуу Веселовскийдин жолун жолдогон анын чыныгы окуучусу, дүйнөгө аты белгилүү окумуштуу эле. Манастын кара сөз менен биз түзгөн сюжетин редакциялап, ага эң сонун кириш сөз жазган. Кыска эле мөөнөттүн ичинде «Манасты изилдөөгө киришүү» деген китепче жазган. «Мен кыргыз тилин окуюн, сиз мага, жумасына эки жолу сабак окутуңуз деп, менден бир ай окугандан кийин, бир күнү кечинде жаткан жерине барсам, К. К. Юдахиндин 1940-жылы басылган Кыргызча-орусча сөздүгүнүн жардамы менен, «Манастын» балалык чагын орус тилине которуп отуруптур. Котормосун окуп көрсөм, туптуура. Мен ошондон кийин Виктор Максимовичтин талантына аябай таң калган элем.

1949-жылы февраль айынын аягында биз Саякбай Каралаев – экөөбүз «Калеваланын» басмадан чыккан 100 жылдык тоюна делегат болуп Петрозаводскиге барсак, ал тойго делегат болуп Виктор Максимович да, академиктер Козин, Гордлеский болуп барып калышты.

Виктор Максимович менен жети күнү юбилейдин сессиясында болуп, эң акыркы күнү өкмөттүк кабыл алуу банкетинде: «Биздин арабызда кыргыз элинин атактуу жана таланттуу манасчысы Саякбай Каралаев отурат. Бул тосту Саякбай Каралаевичтин ден соолугу үчүн көтөрөлүк! Тостон кийин жолдош Каралаев Манас эпосунан кичине үзүндү аткарып берсин!» – деп Виктор Максимович тос көтөргөн эле.

Эртеси Виктор Максимович менен бир вагонго түшүп, Ленинградга келдик. Ал күнү бизди кетирбей Виктор Максимович: «Бүгүн барып, биздикине конок болгула. Саякбай мурда Ленинградды

көргөн эмес экен. Эртең Саякбай Эрмитажды жана башка жайларды көрсүн. Ленинградда азыр болуп жаткан эл аралык ярмарка аяктайын деп калды. Ал ярмарканы да көргүлө, – деди.

Виктор Максимовичтин үйүнө барып, чайын ичип бүттүк, үй ээлери аш үйүнө чыгып кеткен кезде, Сакем мага бурчтагы столдун үстүндөгү эки чакушка аракты көрсөтүп:

– Ой, Зыяш, сенин Биктириңдин ичкилигинин кебетесин карасаң, Биктириң төөнү чөйчөк менен сугарганы жүрсө керек?! – деп күлдү.

Столдун үстүнө ысылык менен ичкилик келтириле баштаганда, чакушкалардын экөө гана эмес, көп экени байкалган.

Биз Виктор Максимович менен көпкө чейин сүйлөшүп отурдук. Виктор Максимович өзү да арактан ооз тийип отурду. Бир кезде:

– Мен мындан ары Ыскак Разакович менен тамыр болбой калдым көрүнөт. Эпостун эч нерсесин билбеген – Балтин, Нуров, Саманганов сыяктуу ушакчылардын тизгиндерин дароо тартып, аларга трибуна бериш керек эмес эле. Эмне үчүн ошолордун указкасы менен Байжиев менен Саманчиндерди КИРФАНдан бошоттуруп, désинститутка жиберет? Байжиев – экөөңүздөр диссертацияны токтотуп, окуу китебин жазууга киришип кетпегениңерде, эмдигиче кандидат болуп калбайт белеңер, бекер кылдыңар, – деди, кейип.

Мурда Манастын ишине активдүү катышып, анын подстрочный котормосуна киришип жүргөн Виктор Максимович ошол 49-жылкы чатактан кийин Ы. Разаковго таарынып, Манаска катышуудан четтеп калган эле.

Эртеси Сакеме Эрмитажды, Петр биринчинин жана Николайдын ак боз ат минип турган эстелигин көрсөттүм.

Николайдын эстелигин көргөндө: «Ак-Суу» кыштагында илгери Метрей деген теричи бар эле, дал ошого окшогон бул ким? – деди.

– Кыргыздар көп сүйлөп жүрчү Николай падыша ушул, – дедим.

Петр биринчинин эстелигин көргөндө, анын астына бир чыгып карап, артына келип бир карап: «Каралыгы болбосо, жылкычы башчысы Карагулдун токмок жалдуу Тору айгырынын дал өзү экен. Үстүнө минип турган киши орустун ушул Ленинград шаарын салдырган Бөтүр деген падышасы ушубу? – деди.

Эрмитажды көрүп, төмөн түшүп келе жатканда:

– Бу орус падышаларынын тамак ичкен идиштери, кийген кийимдери, таянган таягы, тарткан канжаларынан өйдө мында сакталып

турат. Бизде Шабдандын сүрөтүн эмне үчүн фондуда сактайт? – деп, Самаганов келжиреп чуу көтөрүп жүргөнү эмнеси? – деди.

Эки күнү Ленинграддын ажайып сонун жайларын көрүп, үчүнчү күнү биз сапарыбызды уланттык. Ушул мезгилдерде окумуштуу Виктор Максимович Жирмунскийдин «Манас» эпосуна, кыргыз маданиятына болгон урматын, дитин тереңден баамдадым. Анын «укмуш», «керемет», «феномен» сөздөрү кулагымда калды.

***Зияш Бектенов***

## МУХТАР ОМОРХАНОВИЧ АУЭЗОВ ЖАНА МАНАС[1]

1946-жылы «Манас» эпосунун юбилейин өткөрүүгө камылга көрүп жаткан кезибизде, «Манас» жөнүндө жазылган илимий изилдөө макалаларга редактор болсун жана «Манас» эпосунун томдорун басмага даярдоодо «Манастын» редколлегиясына консультант болсун деп, СССРдин мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, атактуу «Абай» романынын автору, Казак илимдер академиясынын академиги, казак элинин атактуу жазуучусу Мухтар Оморханович Ауэзовду Фрунзеге чакырган элек, анткени ал 1920-жылдардын экинчи жарымында, өзү Ленинград университетинин аспиранты болуп жүргөн кезинде, жайкы дем алыштарында, 1928-1929-жылдарда эки жылы удаа Фрунзеге келип, биз окуп жаткан борбордук педтехникумдун мурдагы завучу, кийинки директору Базаркул Данияровдун үйүндө үч айдай жатып, Кыргызстандын акцентринен «Манастын» Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жазылган вариантын изилдеп жүрдү да, 1930-жылы «Манас» эпосу боюнча кандидаттык диссертация жактаган эле. Биз Фрунзенин борбордук педтехникумунда окуп жүргөн 1925-1930-жылдарда Базакем бизге казак тилинин грамматикасынан, казак адабиятынан сабак берчү. Ал учур кыргыз тилинин жана адабиятынын орто мектептерге жазылган окуу китептеринен дайын жок кез.

Ал кезде Касым Тыныстановдун башталгыч класстарга жазылган «Окуу китеби», сабатсыздарга жазган алип-бээси, Ишеналы Арабаевдин «Кыргыз алип-бээси», Арабаев менен Кусейин Карасаевдин

[1] Жаңы Ала-Тоо, Б.: Турар. 2011, 9 (29) Эл Аралык адабий-көркөм журнал, 179-193-б.

«Жаңылыгы» жана Касымдын «Эне тилинен» башка окуу куралдарыбыз жок эле. Жалпы эле көркөм адабиятка биздин көзүбүздү биринчи ачып, көркөм искусствого биздин аягыбызды биринчи шилтеткен, казак элинин Абай, Ахмет Байтурсунов, Магжан Жумабаев, Жусупбек Аймаутов, Мухтар Ауэзов, Майлын Байымбеттердин адабияттары менен бизди тааныштырган биздин завучубуз жана директорубуз Базаркул Данияров болгон эле.

Абайдын:

Сулуунун колуң тийсе билегине,
Дүпүлдөп кан согады жүрөгүңө.
Бетиңди тамагына таяп барсаң,
Чыпылдап буу инеди сүйегиңе, – деген саптары,

Магжандын:

Бото кыз, сыйлы сөз жаным гүлсүң,
Көктөгү күн күлмөсүн, Гүлсүн күлсүн.
Гүлсүн күн көктө акын жүзө билет,
Сүйдүрүп, күйдүргөнүн кайдан билсин, – деген саптары, Ахмед Байтурсуновдун «Кырк мисалы»:

Казагым – элим, кайкайып белиң, сынууга тур таянып.
Канган жокпу али уйкуң,
Уктайтын не бар сыйкың,
Ач көзүңдү аянып, – деген ыр саптары менен ошондо таанышкан элек.

Мухтар Оморхановичтин «Эңлик-Кебек», «Айман чолпаны», «Окуган азаматы, «Караш-карашы», «Кыйлы заманы», «Каракөз» пьесасы менен ошол жыйырманчы жылдардын ичинде бала кезибизде, орто мектепте окуп жүргөн чакта таанышканбыз.

Ал кездеги казак адабиятынын Габбас Тогжанов сыяктуу сынчылары Мухтар Ауэзовду: «Совет доорундагы казак элинин турмушунан чыгарма жазбайт. Мухтардын жазгандарынын баары өткөн заман жөнүндө, өткөн замандын бий, болуштарын, акылман-чечендерин, ашкан сулууларын мактайт. Мухтар бизге орто жолдон кошулган байчыл жазуучу», – деп, Мухтарды көп жактырчу эмес. 1920-жылдардын орто ченинде Ташкент шаарында пьесаларга жарыяланган конкурста Мухтар «Каракөз» аттуу пьеса жазып, конкурстун байгесине татыктуу болду. Мухтардын ошол байге алган «Каракөзүн» казак «сынчылары» көп жактырбай, аны ар түрдүү сындап жүрүштү.

Казактын, Ормонов беле же Ормонбаев беле, бир сынчысы казак газетасына:

«Бир мал көрбөгөн татар интеллигент казак айылына келип, төөнү биринчи көргөндө:

– Бу нендей хайбан? – деп сурайт.

– Бу төө деген айбан, – деп жооп беришет.

Ал интеллигент казактын дагы бир айылына барса, боз үйдүн көлөкөсүндө бир боточук чөгүп жаткан экен. Аны баягы интеллигент астына бир чыгып карап, артына бир чыгып карап, ага аябай боору ачып, башын чайкап:

– Ай, ай, бичара! Түс болам деп боло алмаган бит! – деген экен.

Анын сыңарындай, Мухтардын «Каракөзү» «Гамлет» боломун деп боло албай калган», – деп, сын жазганы али эсимде. 1928-1929-жылдардын жай айларында Мухтар Оморханович Ауэзов Фрунзеге эки курдай келип, ар дайым Базаркул Данияровдун үйүнө токтоп, үч-төрт ай Фрунзеде иштеп кетип жүрдү. Мухтар биринчи келген жылы Базакемдин үйүндө жатып, эртели-кеч серүүндөп Дзержин көчөсү менен өйдө-ылдый басканда: «Казак элинин белгилүү жазуучусу Мухтар Ауэзов деген ушул киши экен да! Көзү бакырайган, тармал чач, жапалдаш жигит турбайбы?» – деп, биз артынан таңыркап бир топ жерге чейин ээрчип басып калар элек. Алгачкы мезгилдерде Мухтардын Фрунзеге эмне максат менен келгенине түшүнбөй да жүрдүк. Кээ бирөөлөр: «Мухтар Базакемдин бойго жеткен балдызын алганы жүрүптүр», – десе, кайсы бирөөлөр: «Жок, андай эмес, Наркомпрос аны бир иш менен чакырган экен. Ал ошону иштеп жүрүптүр», – дешчү. Кээде Мухтар, Базакем, аялы жана балдызы менен киного ээрчишип барышар эле. Анда биз да аларды ээрчий басып, аркасынан таңыркап карай турганбыз. Көрсө, ошол мезгилде Мухтар Ленинград университетинин аспиранты экен да, анын кандидаттык диссертациясынын темасы «Кыргыз элинин баатырдык эпосу – «Манас» экен. Ошондуктан эки жыл удаасы менен Фрунзеге келип, кыргыздын академиялык борборуна барып, андан «Манас» эпосунун Сагымбай Орозбак уулунун оозунан жазылган вариантын алып окуп, аны изилдеп жүргөн кези экен.

Мухтар ошол келишинде жаш балдарга арнап «Көк серек» («Көк жал») аттуу повесть жазып, аны Кыргызмамбас ошол эле жылы басып чыгарган болчу. Мухтар Оморхановичтин кыргыз эли менен илимий жана адабий байланышы биринчи иретте ушундайча башталган эле.

1934-жылы Москва шаарында казак искусствосунун он күндүгү өткөрүлүп, эл ырчысы Жамбыл Жабаевдин чыгармалары жогору бааланып, анын ырлары орус тилинде «Правда» жана «Известия» газеталарына жарыялана баштады.

1935-жылы кыргыз эли революциядан мурда айдоодо жүрүп, Сибирде бир нече жыл өмүр өткөргөн Токтогул Сатылгановду көтөрүп, анын чыгармаларын эл оозунан жыйноо иши колго алынды. Ошол эле жылдын жай айында «Манасты» орус тилине которуу жөнүндө Фрунзеде чоң илимий кеңешме чакырылып, ал кеңешмеге катышуу үчүн «Манас» жөнүндө кошумча докладчы катарында Алма-Атадан Мухтар Ауэзов да чакырылып калды.

Ал кеңешмеге үч жүздөн ашык киши катышып, үч доклад угулду.

1.«Кыргыз эли үчүн «Манас» эпосунун мааниси» деген темада биринчи докладды Касым Тыныстанов жасады.

2.«Манас» эпосу жөнүндө» деген кошумча докладды Мухтар Ауэзов жасады.

3.«Манасты» орус тилине которуунун негизги принциби» деген темада докладды отуз эки тилдин теориясын жана он сегиз тилди өз эне тилиндей билген, «Орусча-кытайча сөздүктүн» жана «Орусча-японча сөздүктүн» автору, атактуу окумуштуу, профессор Евгений Дмитриевич Поливанов жасады.

«Манас» эпосу жөнүндө кошумча докладды жасоо үчүн казак элинин филолог-окумуштуусу жана белгилүү жазуучусу Мухтар Оморханович Ауэзовго сөз берилет дегенде, залда отурган калың эл дүркүрөтө кол чабышты. Мухтар жай баскан, шашпай сүйлөгөн өтө токтоо, терең ойчул, залкар окумуштуу эмес беле. Ал кафедрага жай басып, акырын чыкты да:

«Жеке гана кыргыз элинин фольклору менен эпостору эмес, бүт түрк элдеринин фольклору менен адабиятын жана тарыхын мыкты билген окумуштуу Касым Тыныстановдун «Манас» жөнүндө жасаган эң сонун докладынан кийин, ага мен кошумчалай турган сөздүн өзү да аз калды го», – деп сөзүн баштаса да, Мухтар «Манас» эпосу жөнүндө докладды илимий жактан терең, өтө кызыктуу жасап, ал сөзүн аяктаганда, залда угуп отурган эл аябай ыраазы болуп, колду дуулдата чабышкан эле.

Ошого чейин мен Мухтардын жазган көркөм чыгармалары менен жакшы тааныш болсом да, анын сүйлөгөн сөзүн жана илимий

докладын биринчи жолу уккан болчумун. Мухтардын бир тууган казак элинин чыгаан жазуучусу гана эмес, дүйнөлүк эпосторду мыкты билген залкар илимпоз экенине биз ошол кеңешмеде жакшы түшүнгөн элек. Ошентип, 1935-жылдагы илимий кеңешмеде көрүшкөндөн кийин Мухтар Оморханович менен дагы 11-12 жылча көрүшпөй калган элек. 1946-1947-жылдарда, мен Советтик Армиядан кайтып келип, СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалында фольклор жана «Манас» секторунда иштеп турганымда Мухтар Оморхановичти «Манастын» юбилейлик комитетине, «Манас» жөнүндө жазылган илимий макалаларга редактор болуп берүүгө чакырганыбызда, Мухтар Оморханович бир тууган казак элинин атактуу жазуучусу, дүйнөнү дүңгүрөткөн «Абай» романынын автору, СССР-дин Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, Казак илимдер академиясынын анык мүчөсү болуп калган эле. Мухтар Оморханович биздин чакырыгыбызга жазгы отпускасынын мезгилинде келет да, Фрунзеде эки айча жүрөт. «Манас» жөнүндө жазылган илимий макалаларды редакциялайт. Эки-үч күндө «Манас» секторуна бир келип, биз менен ар түрдүү маселелер боюнча аңгемелешип, биздин берген суроолорубузга жооп берет. Ташым Байжиевдин кандидаттык диссертациясынын темасы «Семетей», анын илимий жетекчиси Мухтар Оморханович эле. Көп учурда, секторго келген кезинде жана өзү жаткан конок үйүндө Мукаң Ташым Байжиев менен көп аңгемелеше турган. «Манастын» юбилейине карата анын өз тексттеринен 15 томду басмага даярдоо пландаштырылып, ал ишке Аалы Токомбаев, Түгөлбай Сыдыкбеков, Кубанычбек Маликов, Ташым Байжиев, мен, Өмүркул Жакишев, Керим Сооронбаев, Мукамбет Дөгдүров, Кусейин Көлбаев редакторлору болуп жана Мухтар Ауэзов, Кусейин Карасаев, Константин Юдахин, Виктор Жирмунский, Александр Бернштам консультант болушуп, бардыгы он беш киши иштечүбүз. «Манастын» редколлегиясында иштегендер дем алыш күндөрүндө Мухтарды конокко чакырышат. Конокко чакырууну эң биринчи болуп Жапар Шүкүров, Кусейин Карасаев башташты. Мухтарды ким конокко чакырса, редколлегияда иштегендер бүт жана консультанттардан да кээси кошо барышат. Конокто отурганда кандай сөздөрдүн сүйлөнөрү белгилүү да. Лакаптар, апыртма сөздөр, анекдот, күлкү-шыкактардын күнү тууйт. Жапар Шүкүров менен Кусейин Карасаевич казактар жана кыргыздар жөнүндө ар түрдүү күлкүлүү анекдотторду биринен

сала бири жарыша сүйлөшүп, отургандарды кыраан-каткы күлдүрүшөт. Андай күлкүлүү сөздөрдү Мухтар Оморханович өтө жакшы көрө турган.

Анда сүйлөгөн көп күлкүлүү сөздөрдүн ичинен Мухтар Оморхановичке Кусейин Карасаевич айткан «Казакка намаз үйрөткөн кожо жөнүндөгү анекдот» эмнегедир айрыкча жагып калды. Кусейин Карасаевич ал анекдотту айта баштаганда, капталдан Аалы Токомбаев сөзгө аралашып:

-Эй, Кусейин, байкап сүйлө! Арабызда кожо тукумунан киши отурат, – дейт.

Көрсө, Мухтардын чоң аталары кожо тукумунан экен. Ал сөзгө Мукаң ууртунан гана жылмайып коёт, ызаланбайт. Кимдин гана үйүнө конокко барбайлык, бир аз отургандан кийин Мухтар Омор–ханович Кусейин Карасаевичке кайрылат да:

– Эй, Кусейин, осы үйгө бир аз дем алып, көңүл ачканы жыйналып отурабыз го. Бир аз күлүп отуралык. Алиги казакка намаз үйрөткөн кожо жөнүндөгү анекдотуңду айта отурсаңчы! – дейт.

Мухтардын бул сөзүнөн кийин Кусейин Карасаевич күлкүлүү сөзүн дагы баштайт:

– Илгерки заманда бир кожо казак айылына барып, бир казакка намаз үйрөтүп, акысына казактын торала бээсин алып кетет. Ошол жылы кыш катуу болуп, биринчи эле кар жааганда, казактын кыяда оттоп турган төөсү учуп өлөт. Кышкы катуу суукта алтымыш кою кырылат.

Жазга жуук казактын кемпири чатак баштайт:

– Даарат, даарат деп жүрүп дамбалыңдын баун чириттиң, кыйгалат салаа, кыйгалат салаа деп жүрүп, кыядагы түйөмди учуруп жибердиң. Аллоу акбар, аллоу акбар деп жүрүп, алпыс коюмду кырып салдың. Энди: «Ассалому алейкум, Рахматулла!» – деп, алак-жулак жан жагыңды карай бересиң, какбас! Жалгыз баламдан аулак өз басыңа көрүнсүн! Осы намазың жок да биздин исимиз өтө жакшы эди. Намазың үйгө киргенден бастап, исимиз керисинен кетти. Мынау намазыңды жогот да, биемди акел дейт.

Кемпирдин чатагы күндөн-күнгө күчөй берет. Айласы кеткенде чал районго барып, издеп жүрүп кожону таап алат да:

– Кожоке, сиздин намазыңыз бизге жакпады. Даарат, даарат деп жүрүп дамбалымдын бау чирип кетти. Кыйгалат салаа, кыйгалат

салаа деп жүрүп, кыядагы төөм учуп өлдү. Аллоу акбар, аллоу акбар деп жүрүп, алпыс коюм кырылып калды. Сөздүн кыскасы, сиздин намазыңыз бизге жакпады. Намазыңызды кайтарып алыңыз да, торала биемди бериңиз, – дейт.

Анда кожо:

– Эй, алжыган чал, сен кет ары. Үйрөнүп алган намазыңды сен кайтып мага бермексиң? Мен сенин торала биеңди алда качан сатып, жеп койгомун, – дейт.

Экөө эки-үч саат чатакташкандан кийин, кожо торала бээсин бербесине казактын көзү жеткенде:

– Торала биемди бермесең, бермей ак кой. Мен дагы сенин намазыңды жыргатып окуп жүргөн жерим жок. Бирде даарат алып окусам, бирде дааратсыз окуп жүрмүн, – дептир казак чал.

Бул анекдотко конокто отургандардын баары кыраан-каткы күлөт.

Анда Мухтар:

– Мына, осы күлкиден кийин карын бир аз бөксөрдү. Кана, энди тамакка караңдар! – деп, ал да күлөт.

Мухтар Оморханович кыргыздын фольклоруна, анын ичинен айрыкча «Манас» жомогуна, аны эл алдында аткарган манасчы-жомокчуларга жана алардын өмүр баяндарына, алар кыргыздын кайсы жери, кайсы районунан экендигине абдан кызыгаар эле. Бир күнү Мукаң «Манас» жана фольклор секторуна келип, ар кыл маселелерден аңгемелешип отурганыбызда, революциянын алгачкы жылдарында жашап, тез көздөрү өтүп кеткен чоң жомокчулар жөнүндө сөз козгоп калды.

«1922-1923-жылдарда: «Манас» жомогунун үч бөлүмүн бүт билген кыргыз арасында үч жомокчу чал бар. Тез аранын ичинде алардын ооздорунан билген манастарын жазып калбасак, кокус алар каза болуп кетишсе, «Манас» жомогу ошол карыялар менен көргө кошо кетет», – деп, Ташкенттеги кыргыз, казак илимий комиссиясы сөз кылып жүргөнүн кулагым чалган эле. Жаңылбасам, ал чалдар жөнүндө «Ак-Жол» газетасына Магжан Жумабаев тарабынан да жазылган болсо керек эле. Ошол чалдын бирөө Сагымбай Орозбак уулу дейлик. Ал эми калган эки манасчы чал кимдер эле?» – деп, Мухтар Оморханович Ыбрай Абдрахмановдон сурап калды. Ыбрай Абдрахманов революцияга чейинки чоң манасчылардын көбүн өз көзү менен көрүп,

алардын аткарган манастарын өз кулагы менен уккан жана Сагымбай Орозбак уулунун оозунан «Манастын» биринчи бөлүгүн бүт жазган киши эле.

– Сиз туура айтасыз, Мухтар Оморханович. Ал үч чалдын бири – Сагымбай Орозбак уулу. Экинчиси – Көл башындагы Чоюке манасчы. Үчүнчүсү дагы көлдүк атактуу Дыйканбай манасчы эле. Дыйканбай 1923-жылда, Чоюке 1925-жылда каза болуп калышкандыктан, алардын ооздорунан эч кандай «Манас» жазылбай калды, – деди Ыбрай.

Бир күнү Мухтар Оморханович «Манас» секторуна келип: «Мен Казакстан мамлекеттик университетинде СССР элдеринин ада– биятынан лекция окуп жүрөмүн. Сиздерде үч эл ырчысы бар экен. Мүмкүн болсо, ошол ырчыларды бир ээн кабинетке киргизип, бир аз айтыштырып берсеңиздер, жакшы болор эле», – деп калды.

Эртеси Мухтар Оморхановичтин ал суроосун Жапар Шүкүровго айттык эле, ал: «Сөзсүз уюштуруп, айтыштырып берелик. Жыйырма кишиге стол даярдагыла», – деп, геология институтунун экспедицияга деген азыгынан бир аз тамак-аш жазып берди. Анткени ал кезде дүкөндөрдө тамак-аш сатылчу эмес, заборный книжканын мезгили болучу. КИРФАНдын залына эл ырчылары: Калык, Осмонкул, Алымкул үчөөнү чакырып келип, сахнага чыгардык. Мухтар Оморханович баш болуп, жыйырма чакты киши залга чогулуп, үч ырчыга «Согуш» деген темада айтышкыла деп, капысынан тема берилди. Калык, Осмонкул жана Алымкул кезектешип ырдап кириишти. Оң жагында – Калык, ортосунда – Осмонкул, сол жагында – Алымкул. Ырды Калык баштап, кезекти Осмонкулга узатты. Осмонкул жооп берип, кезекти Алымкулга жөнөттү.

Калык ошол кезде жашы жетимишке таяп калса да, токтолбой ырдап, кезекти тез эле Осокеңе берет. Осмонкул буйдалбай жооп берип, кезекти Алымкулга жөнөтөт. Алар бир жарым саатча айтышып калган кезде, Алымкул комузунун кулагын көбүрөөк бурап, ыкшоо тарта баштады. Бир кезде Мухтар Оморханович: «Аксакалдар тердеп кетти го. Чарчашкан чыгар. Айтышты токтотсок кантет?» – деп жанында отурган Жапар Шүкүровичке шыбырады.

– Жок, болбойт. Сиз эки саат айтышсын деп заказ бергенсиз. Дагы бир аз айтыша түшсүн, – деди Жапар Шүкүров.

Үч ырчы тынбай, бир саат элүү мүнөтчө ырдашты. Ошол учурда Калык аксакал кары сокмокко салып чарчаганын билгизбеди.

Айрыкча Осмонкул эти жаңы кызыган күлүктөй алкынып, ажылдай берди. Ал эми Алымкул болсо, комузунун кулагын көп бурап, эмне–гедир абдан ыкшоо тартып калды. Ошондо: «Энди жетти го!» – деп, Мухтар Оморханович айтышты токтоттурду.

Аксакалдар айтышын аяктап, сахнадан түшүп келе жатканда, Мухтар Оморханович алардын астынан утурлай басып:

– Кадырлуу аксакалдар, күндүн ысыгында узагыраак айтыш–тырып, сиздерди бир аз кыйнап койдук көрүнөт. Кечиресиздер, сиздерге үлкөн ыракмат. Мындан мурда сиздердин бирге отуруп айтышканыңарды уккан эмес элем. Өтө мазмундуу айтыштарыңыздар менен сиздер бүгүн бизди аябай ыракаттандырдыңыздар! Өз атымдан мен сиздерге үлкөн ыракмат айтайын! – деп, алардын колдорун кысты.

Дасторкондо отуруп, бир аз тамак ичкенден кийин Кубанычбек Маликов:

– Мухтар Оморханович, казак менен кыргыздын фольклорун сиз жакшы билесиз го. Казак эли акын келеби же кыргыз эли акын келеби? – деди.

Мухтар Оморханович Маликовдун бул суроосуна көп ойлонуп отурбастан, жай гана түрдө:

– Кыргыз эли акын келет, – деди.

Анан Кубанычбек:

– Мухтар Оморханович, сиз туура айтпай жатасыз, казак эли акын келет, – деди.

– Эй, Кубанычбек, нени айтып, бас оорутуп отурсуң! Казак эли–нин акындарынын айтыштары көп болсо эки сааттык эле убакытка созулган. Ал энди «Манастын» миллионго жакын ыр сабын жалгыз басына сыйгызып отурган Саякбай Каралаевдин улуту акындык кылат го, – деди.

Ошондо капталдан чыгып, мен сөзгө аралашып:

– Мухтар Оморханович, Кубанычбек туура айтат. Сиз туура айт– пай жатасыз, – дедим. – 1920-жылдардын башында Казакстандын Түндүк областындагы бир казак кемпирдин эки уулу, бир кызы болуп, анын үлкөн уулу Аулнай экен. Ал сельсоветтин иш кагаздарын (черновоюн) куржунга салып, атына артынып жүрчү экен. Ал Аулнай бир күнү бир кишинин үйүнө барып, конок болуп отурса, аттын үстүндө турган куржунун черновою менен уурдап кетет.

Аулнай үйүнө келип, иштин жайын айтып, карындашы менен шешеси үчөө чай ичип отурса, эшиктен иниси кирип келип:

– Ассалому алейкум, Аулнайым, – дейт.

Анда чай куюп отурган карындашы:

– Аулнай жоготты гой черновайын, – дептир.

Анда Аулнайдын өзү:

– Боту менен сотунда өзүм болом, басыма сала берме сары уба–йым, – дейт.

Ошондо оозунда тиши жок, нан чайнап отурган сексен жаштагы шешеси:

– Баракелде, балдарым, найым, найым! – деген экен. – Көрдүңүзбү, Мухтар Оморханович, бир казак кемпирдин үйүндө төрт адам болсо, алардын төртөө тең түгөл акын болуптур. Кыргыздын бир үй-бүлөсүнөн мындай акындар чыккан эмес. Кубанычбек туура айтат. Кыргызга караганда казак эли чечен да, акын да келет, – дедим.

Мухтар күлүп, мага кайрылып:

– Апырмай, Зияш, мен казак фольклорун көп жылдан бери зерт–теп жүрдүм эле, бирок мына бул сиз айтып жаткан фольклорду эч жерден кезиктирген жок элем. Сиз муну казактын кай жеринен угуп эдиңиз? – деди.

– Мухтар Оморханович, менин шешем казак, акем кыргыз. Казак эли менен менин көп катнашым бар, – дедим.

Мухтар күлүп:

– Баса, сиз казакка жиен экенсиз гой! Ой-бай, мен онуңду типти билген жок эдим. Казактын бир жиени таякесине келип: «Нагач, нагач, мен сизден бир ичик чыга турган түлкү сурап келдим», – деген экен. Анда таякеси: «Карагым жиен, «Жиен келгенче, жети бөрү келсин», – деген. Жиенден аяй турган менин эч нерсем жок. Түлкүлөрүм талаада жайылып жүрөт. Короомдо үч тазым (тайганым) турат. Тайгандарымды ээрчитип чыккын да, түлкүлөрүмдүн канчасын кармасаң, ошончосун алып кете бер деген экен», – деп, күлдү. Мухтар Оморханович « Манас» эпосунун мен кара сөз менен жазган сюжетин окуп отуруп, «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы» деген темасын көргөндө: «Кыргыздын мына «төрөдү» деген сөзү кандай көркөм сөз!? Бул сөздү казакта «тууду», «уул тапты» дейт. Бул сөздөргө караганда мынау «төрөдү» деген сөз не курлум көркөм эмеспи! Ушу «төрөдү» деген сөздү казактын адабий тилине киргизсе, кандай адеми болор эди», – деди.

– Мухтар Оморханович, сиз казакча бир кызыктуу аңгеме жазып, «төрөдү» деген сөздү ошол аңгемеңизге киргизип койсоңуз, бул сөз казактын адабий тилине кирет да, калат! – деди Ташым Байжиев күлүп.

Мухтар Оморханович өзүнүн эртели-кеч сүйлөгөн сөздөрүндө кыргыздын «Манас» жомогу, анын аткарган жомокчулары, наздан-ган сулуудай мелтиреген Ысык-Көлү жана казак, кыргызга орток атактуу Каркыра жайлоосу жөнүндө көп сөз кылып, алар жөнүндө кимдир бирөө аңгеме сүйлөп берсе, аны аябай кунт коюу менен тың-шап отурар эле.

Көздөрү өтүп кеткен кыргыздын атактуу жомокчулары: Келди-бек, Балык, Тыныбек, Чоюке, Акылбек, Дыйканбай, Сагымбайдын өмүр баяндары, алардын «Манасты» аткаруудагы өзгөчө ыкмала-ры, бөтөнчөлүктөрү жөнүндө алардын айткан манастарын өз кулагы менен уккан манасчы Ыбырай Абдрахмановдон көп сурап, ал сүйлөп жатканда, ага кошумча суроолор берип, анын айткан сөздөрүнүн кээ бир жерлерин жазып отурар эле.

– Башка манасчыларды көрбөгөнүм жана алардын аткарганын өз кулагым менен укпагандыгым кечиримдүү го. Бирок Сагым-бай Орозбак уулу 1930-жылы гана каза болгон экен. Мен Фрунзеге 1928-1929-жылдарда жылыга эки-үч айлап келип, Базаркул Данияровдун үйүндө жатып жүрүп, Сагымбайдын өзүнө бир жолу жолу-гуп, анын аткарган «Манасын» өз кулагым менен укпай калганыма катуу өкүнүчтөмүн, – дээр эле Мухтар Оморханович.

Бир күнү Мухтар Оморханович жана Саякбай Каралаев болуп бир үйдө конок болуп отурганыбызда, Мухтардын суроосу боюнча Сакем «Манастын» Каныкейдин Тайторусун чапкан жеринен жарым саат айтты да, Каныкейдин ролун аткарып жатып, ал кадимкидей ый-лады. Саякбайдын анысы Мухтар Оморхановичке аябай таасир этти. Мухтар Оморханович: «Апырмау, осы Сакемдин көзү өтүп кетсе, «Манасты» Саякбайдын дал өзүндөй аткара турган шакирттери ар-тында калар бекен?» – деди. Кыргыз фольклорунун түрдүү жанр-ларынан ага айттырып коюп же «Манастан» үзүндү айттырып угуп отурганды жакшы көрөр эле да: «Бул адам түрк элинен сейрек кез-деше турган талант, тамаша акын, Сакеме теңештиргенде, гректер-дин аэддери, Гомери тушарына тең келбейт!» – деп, Сакемдин талан-тын аябай жогору баалай турган. 1949-1952-жылдарда, элдин артта

калган катмарларынан чыккан, улуттук сыймыктын маанисине түшүнбөгөн дээри жок салпаяк ушакчылар кыргыз элинин улуу мурасы болгон «Манасты» элдик эмес, бай, манаптык, феодалдык эпос деп, ага каршы чыгып, суук колдорун сала баштаганда, Фрунзе шаарында чакырылган илимий конференцияда, окумуштуулардын алдында чоӊ доклад менен чыгып, ушакчыларга катуу сокку уруп, «Манасты» арачалап калган окумуштуулардын өтө ириси Мухтар Оморханович болгон эле. Мухтар кыргыздын Ысык-Көлүн айрыкча жакшы көрүп: «Касиеттүү Ысык-Көлгө көркөмдүгү, абасынын тазалыгы, айланасындагы табигаттын сулуулугу жагынан дүйнөдө эч бир жер теӊ келбейт го!» – деп, аябай суктана турган. 1950-жылдардын акырында Кыргыз Өкмөтү Мухтар Оморхановичке Чолпон-Ата шаарынын аймагынан жер берип, ал жерге Мухтар дача салдырып, ар жылы анда келип, жай мезгилинде эс алып кетип жүрдү. Мухтар Оморханович Көл жээгине жайгашкандан кийин, ар жылы Саякбай менен көп кезигишип, аны менен маек куруп, кээде машинасына отургузуп, Сакемди Ысык-Көлгө алып кетип да жүрдү.

«Кыш бою көп иштеп, чарчап, жаз чыгып, күн жылыганда Ысык–Көлдөгү дачама келсем, эркин дем алып, эс ала түшөм», – деп, Мукаӊ ар дайым Ысык-Көлгө суктанып отурар эле.

1958-жылы бир күнү Кусейин Карасаевич мага телефон чалып:

– Зияш, сен азыр биздикине басып келчи. Алма-Ата шаарынан менин эки досум, казак элинин эки академиги – Исмет Кенесбаев менен Ахмет Жубанов Кыргыз Декадасынын тыянактоочу концер–тин көргөнү келиптир, анткени Ахмет казактардын Декадасынын көркөм жетекчиси экен, – деди.

Мен Карасаевичтин үйүнө барсам, анда конокторунан башка Аалы Токомбаев, Константин Юдахин, Жапар Шүкүров жана Болот Юнусалиев отурушкан экен.

Тамак ичип, тамаша сөздөр сүйлөшүп отурганыбызда Ахмет Жубанов Мухтар Ауэзов жөнүндө бир топ күлкүлүү сөздөрдү сүйлөп калды.

– Мухтардын бир пьесасы театрга коюлуп, анда Замзамгүл деген бир сулуу келин аялдын ролун жакшы аткарат. Коюлган оюнду талкуулаган кезде, Мухтар сүйлөп: «Карагым, Замзамгүл, ролду өтө жакшы аткардыӊыз. Сизге Замзамгүл деп аке-шешеӊиз начар ат койгон экен. «Замзам» деген Арабиядагы бир нарзан суу гой. Сиздин

атыңызды Каусаргүл деп өзгөртүп койсо жакшы болотун экен. Аткарган ролуңуздун сизге түсүндүретин бир жери бар. Валентина жеңгейиң эртең үйдө болмайды, эртең сен биздин үйгө келип кетчи. Ошо жерин түсүндүрөйүн» – дептир да, эртеси келин үйүнө барса, аны менен эки-үч саат отуруп, Мухтар ал келинге эч нерсе түшүндүрө албаптыр. Мухтар өзү өтө ызакор, кызык адам. «Победа» машина жаңыдан чыккан кезде, бир күнү Мухтардын машинасына түшүп, далага барып көңүл ачып, кайтып Алма-Атага келе жаткан элек. Шаардын четине келгенде, Мухтар машинасын токтотуп, бир аз бой жазып турганыбызда, мен ага: «Машинаңыздын арт жагынан «тырт, тырт» эткен үн чыгат. Анысы эмнеси?» – дедим эле, Мухтар: «Олай болсо, сен тырсылдабаган машина менен келерсиң», – деди да, машинасынын эшигин шарт жаап, мени таштап кеткен эле, – деди Ахмет. Алдыга эт келгенде, мен устукандап, башты Исметке берейин десем, менден Ахмет улуу дегенинен башты Ахметке берип, Исметке жамбашты койсом, «Бул аялдын устуканы, муну жебеймин. Асыкты жилиги бар бекен?» – деди Исмет.

Болот Юнусалиев экөөбүз эт туурап, элдин алдына койгон соң мен:

– Исмет агай, мага сөз тиеби? – дедим эле:

– Эй, Кусейин, Жапар, сөздөрүңөрдү токтотуңдар. Энди Зияш сүйлөйт, – деди Исмет.

– 1930-жылы Казактын борбору Алма-Атага көчүп келгенде, ошол жылы дароо шаарга трамвай курулат. Аны Чыгыш-Казакстандан келген бир казак жигит көрүп барып: «Мен кечээ Алма-Атадан трамбай деген бир кереметти көрүп келдим», – десе, анда бир казак: «Ой, сорлуу, анын несине мактанасың? Трамбайды өзүмүз столовойдон далай ирет жегенбиз го» деген экен, – дедим эле, Исмет:

– Ой, Зияш, биз мына бу этти жейбизби же жокпу? Сен нени сүйлөп отурсуң? Трамвай менен котлетти айырбай турган ал кандай казак? – деди күлүп.

Ошол күнү Кусейин Карасаевичтин үйүнөн чыгып, кечинде биз баарыбыз барып, Кыргыз Декадасынын тыянактоочу концертин көрдүк. Концерттен тарай бererде, Ахмет:

– Кыргыз Декадасынын концертинде бизде жок эки жакшы номур бар экен. Алардын бирөө – Бүбүсара Бейшеналиеванын керемет бийи. Мындай келишкен бийчи биздин Орто Азия элинде жок. Бүбүсаранын бийи Улановванын бийинен кем эмес. Экинчи номур – Артык

Мырзабаевдин үнү. Мунун үнү биздин Эрмек Серкебаевдин үнүнөн бийик экен. Ушул эки номур Кыргыз Декадасынын зоболосун бийик көтөрөт го, – деди.

Ахмет Жубанов да, Исмет Кенесбаев да өздөрүнүн жаңы сатып алган «Волгаларын» минип келген экен. Жапар Шүкүровдун отпускада жүргөн кези эле. Исмет: «Жүр, Жапар, Нагыйма экөөңөр Алма-Атага барып, бир жума жүрүп, көңүл ачып келгиле!» – деп, экөөнү машинасына отургузуп, Алма-Атага алып кетти.

Үйүнө түшөрү менен Исмет телефонду алып:

– Мука, бармысың? Кыргыз туугандардан салам, мен Фрунзеден келдим азыр. Казакта «Т» буквасы менен башталган кандай тамак бар? – деп, Мухтардан сурайт.

Мухтар:

– Таруу менен талкандан башка тамакты билбейт экемин. Тамакты Сабит түзүк көрчү эле, ошондон сурачы, – дейт.

– О, Сабике, саламатсызбы? Кыргыз туускандардан салам сизге. Мен азыр Фрунзеден келдим. Казакта «Т» буквасы менен башталган кандай тамак бар? – дейт.

Сабит да:

– Таруу менен талкандан башка тамакты билбейм, Деликатес тамактарды Габит жакшы билет, ошондон сурачы, – дейт.

Исмет:

– Ой, Габике, мен азыр кыргыз туускандардан келдим. Кыргыз агайындардан сизге салам! Казакта трамбайга жакын кай тамак бар, – дейт.

– Гурьевде «тран балык» деген балык бар. Ал кайырмак сууга жетелегинде, секирип келип, кайырмактын этин жулуп кетет. Өзү тырaңдап мөңкүп жүрөт. Бу куу кыргыз тран балыкты трамвайга оодара салган го, – дептир Габит.

– Ой, Зияш, сенин Ахмет менен Исметке айткан баягы «трам–байың» казактын жазуучуларынын арасында бүлүк түшүрдү, – деп күлгөн эле Жапар Алма-Атадан келгенде.

Мухтар Оморханович Ысык-Көлдүн жээгинде дача салгандан кийин нары өтүп, бери өткөндө Фрунзеге кайрылып, көбүнчө Түгөлбайдын үйүндө болор эле. Бир жолу Түгөлбайдын үйүндө отуруп:

– Түгөлбай, сен ушул үйүңдү салганда, канча акча жумшадың эле? Менин Алма-Атадагы үйүмө 220 миң сом акча кетти. Ысык-Көлдөгү дачамды салууга 95 миң сом акча кетти, – деди Мухтар.

– Мука, сиз үйүңүздү менин үйүмдүн планын алып салдырбадыңызбы. Мен бул үйдү курганда өзүм кошо катышып, кирпичтерин, растворлорун өзүм кошо табышып куруштум. Бул үйгө бардыгы 145 миң сом акчам чыкты. Сиз болсоңуз чоң жазуучусуз, сизде акча көп, үй курууга өзүңүз катышпай, инженерлерге салдырыпсыз. Сиз мага караганда 75 миң сом ашык төлөгөнсүз, – деди Түгөлбай күлүп. Бирок бир гана өкүнүчтүү нерсе – өзү чын жүрөгү менен сүйгөн Ысык-Көлдүн жээгине салдырган дачасында көпкө жашап, ойдо–гудай чыгармаларды жазып, өмүр сүрө албай, өкүнүчтө арабыздан эртелеп кетип калды, кайран киши!

Мухтар Оморхановичтин кыргыз эли үчүн иштеген камкордугун биз эч качан унутпайбыз. Кыргыз элинин таланттуу жазуучусу Чыңгыз Айтматовдун талантын биринчи байкап, анын «Жамийласын» эң жогору баалаган. Бир кезде «Абай» романы менен Мухтар Оморханович казак элин дүйнө элине кандай таанытса, Чыңгыз Төрөкулович өзүнүн таланттуу чыгармалары менен кыргыз элин дүйнөгө таанытып жатат жана «Манас» эпосу да кыргыз элин дүйнө элине дал ошондой таанытып жатат. Чыңгыздын баш сөзү менен «Манастын» төрт тому кыргызча басылды жана орусчасы да Чыңгыздын баш сөзү менен басылганы жатат.

Мухтар Оморханович казак менен кыргыз бирге жайлай турган Каркыра жайлоосун да жакшы көрө турган. Ал жайлоонун дал ортосун жарып, Каркыра өзөнүнүн суусу агат. Өзөндүн күн чыгышын казактар, күн батышын, кыргыздар жайлайт. Бул жайлоо туш-тарабы карагайлуу тоо менен курчалган, бетегеси белден буралган, кол менен жасап койгондой мелтиреген түз талаа.

«Манас» эпосунда Каркырага Көкөтөйдүн ашы берилип, мында миңдеген эл чакырылып, ат чабыш, эр сайыштар болуп, ар түрдүү тамашалар өткөрүлгөн атактуу тарыхый жайлоо. Бул жайлоого 1920-жылдардын биринчи жарымында, жарманкеси кызып турган мезгилде, Мухтар Оморханович өзүнүн «Кыйлы заман» аттуу чыгармасын жазардын алдында жана «Манас» эпосун изилдеп жүргөн кезинде да бир гана эмес, бир нече жолу келип жүргөн экен.

Мукаң Каркыра жайлоосуна абдан суктанып: «Манас Көкөтөйгө аш бериш үчүн бекеринен Каркыраны тандаган эмес экен. Бул эки элдин достугун чыңдай турган казак менен кыргыздын орто

жайлоосу турбайбы! Чиркин, жери не деген көркөм! «Бул жердин суусу – күмүш, абасы – алтын!» – деп мактаар эле.

Кыргыздын казакка жээн бир жигити көпкө чейин көрбөй жүрүп Каркырага келгенде:

Атыңдан айланайын, кең Каркыра,
Жайлаган казак, кыргыз эл бар тура!
Жашардым он беш жашка кайра келип,
Өзүңдө энем берген дем бар тура.
Таркатып каткан черди гүл бураган,
Желиндей Каркыранын жел бар бекен?
Кой союп, коногуна кол куушурган,
Казак менен кыргыздай эл бар бекен? – деп ырдаган экен десем: «Баса, солай гой!» – деп, Мукаң жылмайып койгон эле. Мухтар Оморханович ар дайым өзүнүн сүйлөгөн сөздөрүндө кыргыз жергесин, Ысык-Көлдү, «Манас» эпосун жана аны аткаруучу жомокчуларын, бөтөнчө Саякбай Каралаевди мактап сүйлөр эле. Мухтардын анысын – анын кеменгерлик сапаты деп гана түшүнчүбүз. Каркыра жайлоосу казак менен кыргызга кандай орток жайлоо болсо, Мухтар Оморханович Ауэзов да казак менен кыргыздын сыймыгы, алардын орток жазуучусу жана окумуштуусу болучу.

***Зияш Бектенов***

## КЫРГЫЗДАРДЫН «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭТНОГРАФИЯЛЫК СЮЖЕТТЕРИ[1]

### I

XIX кылымдын ортосунда ири илимий ачылыштар болгон: чыгыш таануучу-окумуштуу жана агартуучу, улуту казак, орус офицери Чокон Валиханов биринчи жолу кыргыздардын арасында Манас баатыр, анын уулу Семетей жана небереси Сейтек жөнүндө баяндаган элдик баатырдык үчилтиктин бар экендигин тапкан. Валиханов ачкан үчилтик ошол кездеги чыгыш таануу илими тарабынан

[1] Сагымбай Орозбаков. «Манас», 1-китеп, 1978, 23-6.

дээрлик байкалбаган бойдон кала берген. 1885-жылы гана илим В. В. Радлов тарабынан жарыяланган «Манас» эпосунун биринчи илимий жазмалары менен байыйт. 1862 жана 1869-жылдарда В. В. Радлов тарабынан Тянь-Шань кыргыздарынын арасынан чогултулган «Манас», «Жолой Кан» жана «Эр Төштүк» эпостук ырлардын кыргыз тексти жана анын немисче котормосу басылып чыгат. Бирок, бул жолу да үлгүлөрү орус илиминин гана эмес, дүйнөлүк илимдин да энчиси болуп калган кыргыздардын таң калаарлык эпостук чыгармаларынын бул эстеликтери, тилекке каршы, эч кимдин көңүлүн өзүнө тийиштүү түрдө бура алган эмес. Бизге белгилүү болгондой, 1885-жылдан кийин үчилтикти жаңыдан жазып алууга олуттуу аракеттер да жана эпосту аз болсо да көңүл буруугa арзый турган изилдөөлөр да жүргүзүлгөн эмес.

Дал биздин заманыбызда, 1922-1926-жылдарда «Манас» эпопеясы улуу манасчы, акын жана төкмө Сагымбай Орозбаковдон биринчи жолу толук жазылып алынгандыгы менен совет илими сыймыктанса болот, бул жазып алуу кыргыздардын элдик оозеки чыгармачылыгынын залкар эстелигинин бейнесин жаңыдан ачып көрсөттү. Чындыгында ал илим үчүн жаңыдан ачылды десе болот, анткени ал илимдин алдына өзүнүн бүткүл толук жана ажайып түрүндө келип көрүндү. «Манастын» Сагымбаевдик версиясы бир аз убакыттан кийин таланттуу манасчы Саякбай Каралаевдин оозунан жазып алынган «Манастын» жаңы жазмасы менен толукталат. Улуу Ата мекендик согуштан бир аз мурда башталган мындай жазып алуулар акыркы мезгилге чейин улантылып келген.

Эми кыргыз элинин бул залкар эпопеясын дүйнөлүк эпостук адабияттын эң сонун эстеликтеринин бири деп атоого бардык мурдагы мезгилдердегиге караганда толук укугубуз бар.

«Манас» баатырдык эпосу кыргыз элинин бүткүл бай поэтикалык чыгармачылыгынын сереси жана синтези (бир бүтүн уютмасы) болуп саналат. Сюжеттик схемасынын татаалдыгы жана көп түрдүүлүгү, образдардын байлыгы, каармандарды жана алардын айлана-чөйрөсүндөгүлөрдү сүрөттөп айтуудагы көркөмдүк, болуп жаткан окуялардын масштабдарынын залкарлыгы «Манаста» формалардын өркүндөлгөнү жана өзүнчө бир ажайып коoздугу менен айкалышып турат.

Ар кандай чыныгы эпос сыяктуу эле «Манас» биздин көз алдыбызга, баарынан мурда, идеал образдардын дүйнөсүн сүрөттөп

тартууга умтулат. Ошондой болсо да эпосто кыргыз тарыхынын айрым бир конкреттүү окуялары да сүрөттөлгөн деп айтууга болот. Баса белгилеп кете турган нерсе, кыргыз эпосунун өзгөчөлүгү анын реалисттик мазмундагы эпизоддор жана кырдаалдар менен каныккааны болуп саналат, анын каармандары биздин көз алдыбызда бардык жакшы сапаттары жана кемчиликтери бар жандуу адамдар катарында көрүнөт. Бул өзгөчөлүктү кыргыз эпосун айткан манасчылардын көркөм ыктарынын өзгөчөлүгү менен гана түшүндүрүү кыйын болоор эле. Эпостун айрым бир сюжеттик багыттарынын, анын ири эпизоддорунун негизинде ар кайсы мезгилдерде болуп өткөн реалдуу окуялар жатат деп айтса болчудай, көркөм калыпка салынып, бул түрүндө көптөгөн жолу кайра-кайра иштелип чыгып отурган ал окуялар жөнүндөгү эскерүүлөр легендарлуу Манастын жана анын «кырк чоросунун» эрдиктери жалпы сюжеттик өзөк болуп бириккен эпостук ырлардын циклдери түрүндө бизге жетип отурат.

Өз изилдөөлөрүндө В. В. Бартольд, ал эми кийинчерээктеги мезгилде А. Н. Бернштам көрсөткөндөй, кыргыз урууларынын эки миң жылдан көбүрөөк тарыхы алардын ар түрдүү элдер менен дээрлик тынымсыз жүргүзүп келген согуштары жана кагылышуулары менен толгон, ал согуштар көпчүлүк учурда эркиндикти сүйгөн кыргыз-көчмөндөрдү өзүнө багынтып алууга умтулушкан чет элдик баскынчыларга каршы жүргүзүлгөн согуштар болгон.

Эпос биздин көз алдыбызга Манас башында болгон кыргыз кошундарынын кыргыздардын эзелки душмандарына каршы жүрүштөрүнүн тизмегинен турган ошол эле согуштук окуялардын сүрөтүн жаркын көркөм формада тартып берип отургандыгынын фактысы кыргыздардын оозеки эпостук чыгармачылыгынын алардын өткөндөгү баатырдык жоокерчилик заманы менен ажырагыс байланышын ынандырарлык түрдө далилдеп турат. Бул жагдай «Манас» эпосун тарыхый булак катарында изилдеп-үйрөнүүгө кеңири мүмкүндүк түзөт.

Эң байыркы мезгилдерден тартып кечээ жакындагы окуяларга чейинки кыргыз урууларынын тарыхый өткөн доорлорунун ар түрдүү этаптарынын эпостук чагылыштарын өз боюна камтып алуу менен эле бирге кыргыз эпосу кыргыздардын маданий турмушунун ар түрдүү тараптарын чагылдырууга тийиш эле жана чагылдырып да келген; ал маданият варвардык уруулардын да, ошондой эле Батыш менен Чыгыштын жогорку цивилизациялуу элдеринин маданияттары

менен көп кырдуу келген тикеден-тике карым-катышта болуп, өз ара таасир тийгизип турушкан. Эпостун мазмунунун бул тарабы, кыргыз маданиятынын калыптануу жана өнүгүү тарыхын изилдеп-үйрөнүү жагынан алганда кызыктыра турган перспективаны ачат.

Ушул учурда совет илими «Манас» эпосун изилдөө жагында айрым бир натыйжаларга жетише алды. Адабий эстелик катарында «Манас» эпосун изилдеп үйрөнүүнүн үстүндө Мухтар Ауэзов, Өмүркул Жакишев, Е. Мозольков, П. Н. Берков, М. И. Богданова, ошондой эле жакында мезгилсиз дүйнөдөн кайткан таланттуу адабият таануучу жана фольклорчу Калим Рахматуллин жемиштүү иштешти. Бардык жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн жыйынтыгы катарында бир катар эмгектер пайда болду» аларда «Манаска» тарыхый-адабий баа берилип, эстеликтин ыр түзүлүшү жана бир катар формалдуу жана стилистикалык өзгөчөлүктөрү каралып, «Манас» айтуучулардын өмүрү жана чыгармачылыгы иликтеп-үйрөнүлүп, кыргыз эпосунун башка элдердин эпикалык чыгармалары менен болгон байланыштары талдоого алынган ж.б. Кийинки мезгилде ушул эле багытта В. М. Жирмунский эмгектенүүдө.

А. Н. Бернштамдын «Манас» эпосун тарыхый интерпретациялоого жасаган аракети олуттуу көңүл буруунга арзыйт. «Манас» эпосу пайда болгон доор жөнүндөгү өз эмгегинде А. Н. Бернштам 2 эпоско жалпы баа берүү менен катар, эпостун сюжетинин куралышында тарых башкы ролду ойногонун белгилей келип, жалпысынан биригип келип «Манас» эпосун түзгөн түпкү даректер жана компоненттер жөнүндө бир катар кыйла алгылыктуу болгон конструктивдүү схеманы берет. А. Н. Бернштамдын схемасы боюнча «Манастын» түп негизинде жаткан катмарды башка эпостук эстеликтерде да белгилүү болгон жомоктор менен мифтердин циклдери түзөт. Андан кийинки экинчи катмарга «Манастын» курамдык элементтеринин төрт тобу таандык, алар: 1) алтай-минуса легендалары; 2) Огуз каган жөнүндөгү легенданын байыркы версиясынын кыргызча варианты; 3) кайра иштелип чыккан орто азиялык жергиликтүү уламыштар жана 4) «Шах-Наамадан» алынган образдар менен мотивдер. Эпостун үчүнчү, көбүрөөк ажайып катмары тарыхый сюжеттер болуп саналат. Аларда, А. Н. Бернштамдын пикири боюнча, кыргыздардын уйгурлар менен согушу (IX к.), ошондой эле, кыргыздардын сибирдик-моңголдук, орто азиялык жана Чыгыш Түркстанга жасаган жүрүштөрү чагылдырылган.

Кыргыздардын саясий күч-кубаты толукшуп турган мезгилди – IX кылымдын орто ченин А. Н. Бернштам «Манас» эпосу жаралган доор деп эсептеп, кыргыз урууларынын жетекчиси Яглакардан (847-ж. өлгөн) эпостук баатыр Манастын образынын түп үлгүсүн көрөт. Тарыхый фактыларды эпостун жалпы идеялары менен салыштыруунун жана анын айрым эпизоддорун талдап, түшүндүрүүнүн негизинде ийгиликтүү иштелип чыккан аргументтери кыргыз элинин эпостук баяндарынын түпкү башатынын пайда болушунун датасын аныктоо үчүн негиз болуп берди. Кыргыз ССРинин өкмөтү жана Кыргызстан КП(б) Борбордук Комитети жакынкы келечекте «Манас» эпосунун 1100 жылдыгын белгилөө жөнүндө чечим кабыл алды.

А. Н. Бернштам тарабынан сунуш кылынган айрым жоболордун талаш жана болжолдуу экендигине карабастан, «Манасты» изилдөөнүн проблемаларын кеңири койгондугун анын олуттуу сиңирген эмгеги катарында кабыл алуубуз зарыл, ал проблемалар андан аркы изилдөөлөргө шык берип, негиз болмокчу.

А. Н. Бернштамдын концепциясына таянып, К. Рахматуллин «Манас» эпосун элдик адабияттын эстелиги катарында карап, анын башкы идеясы кыргыз элинин чет жердик баскынчыларга каршы жүргүзгөн боштондук күрөшү болуп саналаарын белгилейт. Өзүнүн «Легендарлуу Манас – улуу атуул (патриот)» (Фрунзе, 1943) деген эмгегинде эпостун бир катар эпизоддорун кеңири ачып түшүндүрүү менен, аларда ар түрдүү тарыхый окуялардын чагылышын табат. А. Валитова андан да ары барат, ал Жаангер кожо көрүнүктүү роль ойногон эпостук баянды XIX кылымдын биринчи чейрегине таандык болгон белгилүү тарыхый эпизодду – Жаангер кожонун көтөрүлүшү жөнүндөгү түрү өзгөртүлүп айтылган поэтикалык баян катарында карайт.

Ошентип, адабият таануучулар менен тарыхчылар кыргыз эпосун белгилүү бир багыттарда изилдеп-үйрөнүү үчүн азыр эле олуттуу кадамдарды жасап коюшту. Тилеке каршы, этнографиялык илим тарабынан «Манас» эпосун булак катарында изилдөө иши башкача абалда турат. Этнография илими үчүн «Манас» эпосу али олуттуу илимий изилдөөлөрдүн объектиси боло элек. Манас таануу тармагындагы ар кандай илимий изилдөөлөргө кескин жолтоо болуп жаткан жалпы себептердин башкысы болуп эсептелген эпостун текстинин негизги бөлүгү бүтүнү менен кол жеткис бойдон калып жатканынан жана ишенимге арзый турган, илимий түрдө ишке ашырылган

котормонун («Манастын» биринчи жазып алынган текстин Радловдук котормосун эске албаганда) жоктугунан башка да «Манасты» этнографиялык жактан изилдөө иши спецификалык кыйынчылыктарга да туш болууда.

Орус этнографиясы жалпысынан эпостук материалдарды этнография илими үчүн маанилүү нарративдик булактардын бири катарында пайдалануунун анча көп эмес сандагы мисалдарын гана билет, ал эми советтик этнографияда болсо биз ушул типтеги бир нече гана эмгекке ээ болуп отурабыз. Баарыдан мурда этнографиялык илимдин кызыкчылыгы менен позициясынын көз карашынан алганда эпоско олуттуу мамиле жасоо тажрыйбасындагы көңүл буруууга татыктуу болгондорун гана атап кетебиз. Биз маркум Н. П. Дыренкова тарабынан даярдалып, 1940-жылы басылып чыккан «Шор фольклору» деген эмгекти көңүлгө алып отурабыз. Карелия-фин эпосу «Калеваланын» басылмасына Е. Г. Кагаровдун жазган кириш сөзүн (Петрозаводск, 1940), С. А. Козиндин «Жангариаданы» 4 изилдөөгө арналган бир катар баалуу сын пикирлерин, Г. Д. Санжеевдин бурят-моңгол эпосу жөнүндөгү эмгегин ж.б. да эскерип кетебиз. Демек, белгилүү бир традициянын жок экендиги ачык болуп отурат; этнографиянын максаттары үчүн эпостук эстеликтерди сын көз менен пайдалануунун иштелип чыккан ыктары, илимий жоддору менен усулдарынын жоктугу да ушуга байланыштуу. Эпосту этнографиялык булак катарында изилдөө проблемасын коюуга этнографтардын кызыкпагандыгы да жогоркудай көрүнүштүн табигый натыйжасы болуп саналат.

## II

Кыргыздардын баатырдык эпосу «Манастын» мазмуну менен алдын ала, бирок азырынча жалпы мүнөздө болгон таанышуу оозеки эл чыгармачылыгынын көлөмү боюнча залкар казынасы зор көркөмдүк баалуулукка гана ээ болбостон, кыргыз элинин өткөндөгү бай саясий жана жоокерлик турмушун чагылдырып турган өзүнчө бир поэтикалык жылнаама гана болуп саналбастан, ошондой эле, өтө бай этнографиялык булак, кыргыздардын элдик маданиятынын оригиналдуу эстелиги да болуп саналаарына бизди ишендирип отурат. «Манас» эпосунун терең таанымдык мааниси Ч. Валиханов тарабынан да бааланган болучу. ««Манас»», – деп жазат Валиханов, – бир

мезгилге келтирилген жана баатыр Манастын айлана-тегерегине топтоштурулган бардык кыргыз мифтеринин, жомокторунун, уламыштарынын энциклопедиялык жыйындысы. Бул өзүнчө бир талаа «Илиадасы». Кыргыздардын жашоо-турмушунун түрү, каада-салттары, кулк-мүнөзү, географиясы, диний жана медициналык билимдери жана алардын эл аралык мамилелери бул залкар эпопеядан өз чагылышын тапкан». Кыргыздардын эпостук баяндарын биринчи изилдөөчү В. В. Радлов да аларда эл турмушун анын бүткүл жыйындысында чагылтылып көрсөтүлүшүнө кандай чоң роль ыйгарылганын белгилейт. «Бул эпос, – деп окуйбуз биз Радловдон, – гректердин эпосунун так өзүндөй эле бүтүндөй бир элдин руханий турмушу менен каада-салттарынын ачык сүрөтүн берет; ал жоокердик жортуулдарды, кудалашууларды, аш-тойлорду, ат жарыштарды, үй турмуш-тиричилигин жана д.у.с. кеңири эпостук арыш менен сүрөттөйт».

«Манас» эпосунун эң маанилүү этнографиялык булак катарындагы мааниси, баарыдан мурда, анын өнүгүүнүн ар түрдүү этаптарындагы кыргыз маданияты жөнүндөгү биздин түшүнүктөрүбүздү кыйла олуттуу түрдө толуктай ала турган маалыматтарды камтып тургандыгында болуп саналат. Бул жагдайды белгилеп отурганыбыздын себеби, колдо болгон тарыхый эмгектер менен изилдөөлөр, кыргыздарды этнографиялык жактан сүрөттөгөн жазмалар сыяктуу эле көптөгөн мүчүлүштөрдөн куру эмес, же биз үчүн биринчи даражадагы мааниси бар болгон маселелер боюнча өтө эле канааттандырарлык эмес, үстүртөдөн берилген эскертүүлөрдү гана камтып турат. Албетте, этнографтар, тарыхчылар, фольклорчулар же адабият таануучулар сыяктуу эле ар кандай окуя, көрүнүш же этнографиялык факт эпосто чыгармачылык менен кайрадан иштелген, көркөм түрдө элестетилген, кээде мурдагы түшүнүктөр өзгөртүлгөн түрдө чагылтылаарын көңүлгө алуулары тийиш. Бирок бул маанилүү жагдайды эсепке алуу менен бирге эпостогу маалыматтар эң терең кызыгууну туудурат, анткени алар, кыргыз элинин маданиятынын тарыхын таанып-билүү үчүн жаңы барактарды ачып гана бербестен, ошондой эле, этнографтардын колуна жалпы адамзат маданиятынын эң байыркы элементтерин ачып көрсөтүү жана түшүнүү үчүн да асыл материалдарды бере алат, биз муну төмөндө көрсөтүүгө аракет кылмакчыбыз.

Биздин эмгегибиздин максаты «Манас» эпосундагы тигил же бул даражада бизге белгилүү болуп калган этнографиялык сюжеттерди

мүнөздөп чыгуу болуп саналат, бирок, албетте, эпостун бардык колдо болгон варианттарын терең изилдеп-үйрөнүү гана «Манастын» мазмунунун биз үчүн көбүрөөк олуттуу болгон жактарын ачып бере алат. Ошону менен эле бирге биз өз алдыбызга мүмкүн болушунча «Манасты» этнографиялык булак катарында изилдеп-үйрөнүүнүн жалпы багытын белгилеп алуу, ошондой эле, өзүбүздүн анча чоң эмес тажрыйбабызды жыйынтыктап келип, эпосто камтылып турган этнографиялык материалдарды иштеп чыгуунун этаптарын аныктоону максат кылып койдук. Ошондуктан биз өз эмгегибизди эпостук материалдын түпкүрүн карай айрым бир этнографиялык чалгындоо жүргүзүү катарында, кыргыз эпосу «Манасты» этнографиялык жактан изилдеп-үйрөнүүгө өзүнчө бир кириш катарында карайбыз. Бул эмгек бардык пайда боло турган көптөгөн проблемаларды чечүүгө талаптанбайт. Кээ бир учурларда биз айрым иллюстрацияларды гана келтиребиз, башка бир учурларда эпостун айрым бир мотивдерин алдын ала талдап көрүүгө аракеттенмекчибиз.

Андан ары баяндоону улантуу үчүн биз жарык көргөн, ошондой эле, кол жазма түрүндө сакталып турган ар түрдүү материалдардан пайдаланмакчыбыз. СССР Илимдер академиясынын Кыргыз филиалынын Тил, адабият жана тарых институтунун Фольклор жана «Манас» эпосу бөлүмүндө сакталып турган айрым тексттер менен сөзмө-сөз котормолордон башка да («Манастын» текстинен алынган бир нече үзүндүлөр «Манас сериялары» деген илимий-популярдуу серияда жарыяланган) биз «Манас» эпосунун сюжетинин проза түрүндө жазылган вариантын да иликтеп-үйрөнүүгө мүмкүнчүлүк алдык (Айсулу Валитованын орусча котормосу да бар, ал Г. А. Самарин тарабынан иштелип чыккан), анын көлөмү 19 автордук басма табакты түзөт. Өзүнүн бардык кемчиликтерине карабастан, бул булак бизге көз мелжиткен эпостук материалда туура багыт алууга (Сагымбайдын варианты 240 миң ыр саптан турат) жана андан ары тереңдеп изилдөө үчүн таяныч табууга мүмкүндүк бере ала тургандыгы менен маанилүү. Эпостогу тигил же бул этнографиялык сюжеттердин мазмунун көп учурда ачып көрсөтпөгөнүнө жана биз үчүн шексиз маанилүү болгон ушундай эле мүнөздөгү көптөгөн көрүнүштөрдү таштап кетип, анын үстүнө майда-бараттарды белгилебегенине карабастан, бул прозалык баян эмнеси болсо да эпостогу этнографты кызыктыра турган материалдын бар экенин билдирген көп сандагы

баалуу көрсөтмөлөрдү өзүндө камтып турат. Мына ушул жагдайга байланыштуу эпостун сюжетинин прозалык вариантын «Манас» эпосу боюнча жол көрсөткүч, этнографиялык сюжеттерди табуунун ачкычы катарында пайдаландык. Бул эмгекте жазылып белгиленген айрым этнографиялык фактылардын олуттуу көпчүлүгү эпостун өзүндө камтылып турган маанилүү деталдардын кара сөз вариантында жок болгон күндө да аларды баалап, түшүнүү үчүн алгачкы кадамдарды жасоого мүмкүндүк берет. Көрсөтүлгөн булактардан башка да биз Манас изилдөө мүнөзүндөгү басмадан чыккан эмгектерди жана айрым бир жарыяланбаган кол жазмаларды да пайдаландык, булардын ичинде К. Рахматуллиндин жогоруда эскерилген китеби ардактуу орунду ээлейт.

Жакында «Манастын» башкы эпизодунун биринчи бөлүгүнүн орус тилиндеги поэтикалык котормосунун басылып чыгышы (котормочулар: С. Липкин, Л. Пеньковский жана М. Тарловский) зор коомдук мааниге ээ экендигин белгилеп кетүүбүз керек. Эпостун колдо болгон толук вариантынын мазмуну менен азырынча таанышуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыраган окурмандардын кеңири чөйрөсү менен илимий кызматкерлер кыргыз баатырларынын Ортоңку падышачылыктын ордосу – Бейжинге жасаган каардуу жана кайгылуу «Чоң казатынан» ажайып сүрөттөлүп айтылышын зор кызыгуу менен окуй алышат.

## III

«Манас» эпосу кыргыздардын дүйнөгө көз карашын жана турмуш-тиричилигинин көптөгөн тараптарын баяндап жазууга мүмкүндүк берүүчү мол этнографиялык материалды камтып турат. Ал материал эпостун «Манастын төрөлүшү жана балалык чагы», «Манастын Каныкейге үйлөнүшү», «Көкөтөй хандын ашы», «Манастын өлүмү жана аны көмүү» жана башка эпизоддордо алда канча толук берилген.

Эпос, манасчы Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча, Манастын санжырасы менен башталып, анда анын ата-бабалары аталып көрсөтүлөт. Радлов Манастын сары ногой уруусуна таандык экенин көрсөткөнүн белгилеп коёлу, ал эми Сагымбай боюнча, ал байыркы кыргыз уруусунан чыгат. Ногойдун уулу – Манастын атасы – Жакып атасы Ногойдун бир тууганы Чыйырдын жесири Шакан деген аялга

үйлөнөт. Ал өзүнүн маркум күйөөсү Чыйырдын урматына Чыйырды деген ысым алат. Жакып 50 жашка чыкканга чейин балалуу болбойт. Күндөрдүн биринде ал сырдуу түш көрөт. Түшүндө ал алгыр куш Буудайыкты «туурга» кондуруп, анын жанына алача моюн ак шумкарды кошо кондуруп, байлайт. Бир эле убакта Жакыптын биринчи аялы Чыйырды жана экинчи аялы Бакдөөлөт да кереметтүү түш көрүшөт. Чыйырды түшүндө бир абышка ага чоңдугу аяктай, балдай ширин ак алма сунат. Чыйырды ал алманы жегенден кийин алтымыш кулач «ажыдаар» тууйт.

Ачууланып оп тартса, Ай ааламды соруптур. Көрдүм чочуп, нез болуп, Узарыптыр өз боюм, Бир жүз отуз кез болуп.

Бакдөөлөттүн түшүнө да боз ала туйгун кирет, ал аны туурга кондуруп байлайт.

Жакып элди салтанаттуу тойго чакырат. Ал келгендерди тамак-аш берип сыйлоо үчүн көп мал союп, курмандык чалат. Андан соң ал боз үйүнө өзүнүн жакын тууғандарын киргизип, ар бирине бирден ичик жаап, жетим-жесирлерге садагаларды таратып бергенден кийин, келген элге кайрылып аяндуу түштү жоруп берүүнү өтүнөт. Абышкалардын бири, акылман Байжигит Жакыптын түшүн жоруп, анын баатыр уулдуу болоорун алдын ала айтат.

Ай тийген жердин баарысын Алат экен балаңыз, Андан тынсын санааңыз! Күн тийген жердин баарысын, Күтөт экен балаңыз, Күндө тынып санааңыз!

Тойдон кийинки үчүнчү жылдын башы ченде Чыйырдынын боюна бүтөт. Чыйырдыга анын өтүнүчү боюнча жолборсту атып келишип, анын жүрөгүн жедиришет. 9 ай, 9 күндөн кийин анын толгоосу башталып, ал 9 күн, 9 түнгө созулат. Жаңы туулган наристенин биринчи ыйлаган үнү отуз жаштагы баатырдын согуштук ураан чакырганындай эле угулат, эки колуна уюган кан уучтап түшөт. Энеси баланы астына алып оң эмчегин салганда абалкысы сүт чыгат, экинчи соргондо – суу, үчүнчүсүндө кан чыгат. Манас менен эле бир убакта кара жалдуу кула бээден ак сур кулун туулуп, Жакып ага Ак кула деген ат коёт. Биринчи уулдуу болгонуна байланыштуу Жакып чоң той берип, ага бардык өлкөлөрдөн меймандар чакырылат. Той ар түрдүү оюн-зооктор, ат жарыш, күрөш, чечендердин мелдеши жана ушуга окшогон тамашалар менен коштолуп турат. Тойдон кийин Жакып уулун чепкенинин этегине ороп алып, кыргыз, казак жана

нойгут ак сакалдарынын алдына барып, уулуна куттуу ысым коюп берүүнү өтүнөт. Бул куттуу ысымды күтпөгөн жерден пайда болгон думана коёт. Манас болсун дейт ал, анан көздөн кайым болот.

Манастын балалык жылдары ызы-чуулуу оюн-шооктор, тамашалар менен өтөт. Кийин аны ата-энеси Ошпур деген койчуга жардамчы кылып берет. Өспүрүм жылдарында Манас өзүнүн баатырдык күчүн көрсөтө баштайт, кыргыздардын душмандары – калмактарды жеңип, бир катар эрдиктерди көрсөтөт. Өзүнүн теңтуштарынан «кырк чоро» кошун курайт. Манас башчылык кылган кыргыз колу Нескара деген алптын аскерлерин талкалайт. Ушул эле эпизоддор Манастын мусулман динине өткөнү жөнүндөгү кызыктуу окуялар да толук сүрөттөлөт. 550 жаштагы карыя Айкожо Манаска оозуңду ач деп буйрук берет, ал оозун ачканда анын оозуна түкүрөт. Ошол замат Манастын көзү ачылып, ага тозок жана андагы кыйналып жаткан күнөөлүүлөр көрүнөт. Манастын бетине сыйкырлуу парданы жаап койгондон кийин, ал жети күн бою бейиштин босого-төрлөрүн көрүп чыгат. Манастын бетине суу бүркүп, Айкожо парданы сыйрып алып таштап, аны мусулманчылыкка өткөрөт да, анын колуна Ач албарс деген болот кылычты жана Ак келте деген мылтык тапшырат. Айкожодон кайтып келе жатып Манас укмуштуу жырткычка жолугат. Манас аны Ак келте менен атканда ал так түйүлүп секирет да, алты кулач аркандай оролуп, ачуу чыңырып, жерге кулап түшөт. Манас аны Ач албарс кылычы менен экиге бөлө чаап өлтүрөт. Эр жүрөктүүлүгү, күчтүүлүгү жана баатырдык эрдиктери үчүн курбулары аны ак кийизге салып, хан көтөрүшөт. Кийинчерээк жаштардын сунушу боюнча Манас бардык элдердин ханы болуп шайланат.

Поэманын этнографиялык мүнөздөгү көптөгөн окуяларга толгон биринчи циклинин кыскача мазмуну мына ушундайча (мисалы, Чыйырды төрөгөндөгү сүрөттөмөлөр, жаштардын оюн-тамашалары, ысым коюу ж.б. ).

Баарынан мурда Чыйырдын жесиринин маркум күйөөсүнүн урматына жаңы ысым алганы сыяктуу кызык факт көңүл буруууга татыктуу. Бул фактыдан кыргыз коомунда патриархалдык негиздин пайда болушун туюндурган окуянын бир үзүмүн көрбөй коюуга болбойт.

Жакыптын жана анын аялдарынын аян берүүчү түштөрү чоң кызыгууну туудурат. Биздин ушул багыттагы изилдөөлөрүбүз төмөнкүдөй натыйжаларга алып келди. 1240-жылга таандык болгон

моңголдук «Ыйык сыр баянында» төмөнкүдөй эпизод бар: Темучжин 9 жашка толгондо анын атасы Есугай ага колукту алып бергени кудалашуу үчүн кетип баратып, жолдо Дэй-Сеченге жолугат. Кайда бара жатасың деген Дэй-Сечендин суроосуна Есугай мындай деп жооп берет: «Мына бул уулума Олхонут уруусундагы таякесинин кызына куда түшкөнү бара жатамын». Анда Сэй-Сечен мындай дейт: «Сенин уулуңдун көзүнөн от күйүп, жүзүнөн таң жарыгы тийип турат. Кудам Есугай, бүгүн түнү түш көрдүм, түшүмдө менин колума ак шумкар келип конду, тырмагына күн менен айды мыкчып алыптыр... Бул эмнеден аян берип жатат болду экен? – дегиче болбой кудам Есугай уулуң менен сен келип калдың. Бул түш мага кандайча болуп кирди? Ушу силер өзүңөрдүн кият урууңардын духу коштоп түшүмдө мага келип, аян берген турбайсыңарбы». «Алтан Тобчи» деген башка бир моңголдук эстеликте Дай-Сецен (ошол эле Дэй-Сечен) жолдо бараткан Есугайды көрүп, түшүндө кыят уруусунун сулдэсин элестеткен ак шумкар түрүндөгү кушту кармап алганын айтат. «Ыйык сыр баяны» менен «Алтан Тобчинин» мазмунунан көрүнүп тургандай куш (карга же шумкар) Чыңгыз хан таандык болгон кыят уруусунун колдоочусу деп эсептелген. Г. Н. Потанин «Ыйык сыр баянынан» келтирилген жогорудагы эпизодду «Голубиная книга» деген чыгармадагы мотив менен байланыштырат. Анда Давид Волотоман көргөн түштү жоруйт: Волотомандын түшүнө бакта конуп отурган шумкар кирет. Давид: мен Соломон деген уулдуу болот экенмин, ал Волотомандын кызына үйлөнөт экен деп жоруйт. Ак шумкарлардын байыркы кыргыздардын турмушунда ардактуу орунду ээлегенин Рашид-ад-Диндин «Чыңгыз хандын тарыхы» деген китебинде кыргыздардын Чыңгыз ханга ак шумкарды тартууга жиберишкендиги жөнүндөгү эскертүүсү далилдеп турат. Өткөндө кыргыздарда тотемизм жана айбанаттар культу менен байланышкан түшүнүк-ишенимдердин болгондугу тарыхый жана этнографиялык даректер менен аныкталып отурат. Салыштырма этнографиянын тийиштүү маалыматтарын да эске түшүрүп көрөлүчү. Алгачкы жамааттык коомдун элдеринин түшүнүктөрүндө бүркүт менен шумкар көп учурда окшоштурулуп айтылат, ал эми бир катар элдерде карга бүркүт менен катар жүрөт же аны алмаштырат. Б. М. Ионов «Жакуттардын бүркүт жөнүндөгү көз карашы» деген макаласында билдирилгендей, жакуттардын төрөбөс аялдары бүркүткө табынышып, бала сурашат, ушундан кийин бала

төрөсө аны бүркүттөн төрөлдү деп эсептешет. А. Я. Штернбергдин «Сибирь элдериндеги бүркүт культу» деген эң сонун этюдунда бул культтун курамында шамандын дарагына маанилүү орун берилген. Бул даракты кээ бир элдер (жакуттар, тунгустар) жогоруда эскерилгендей кыргыздарча «туур» деп аташат.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы төмөнкүдөй ой-пикирлерди айтууга мүмкүндүк берет: 1) Жакыптын аян берген түшүнүн фольклордук мотиви менен даталары бар эстеликтер: «Ыйык сыр баяны» жана «Алтан тобчиден» келтирилген мотивдердин сөзсүз түрдөгү байланышы бар экенин аныктоого болот; 2) Жакыптын түшүнө кирип, Манастын төрөлүшүнөн аян берген ак шумкар моңголдордогудай эле кыргыздарда да уруунун колдоочу духу болуп саналат; 3) «Жакыптын түшүн» эпостогу эң байыркы мифологиялык сюжеттердин бири катарында кароо керек.

Экинчи келтирилген мисал да кыргыздын «Манас» эпосунун моңгол урууларынын адабияты жана фольклорунун эстеликтери менен белгиленип отурган байланышы андан ары да олуттуу түрдө кеңейтилиши ыктымал. Манас эки колуна уюган кан уучтап төрөлгөн сыяктуу эле «Ыйык сыр баяны» боюнча, Темучжин да оң колуна чоңдугу бармактай болгон кандын уюткусун уучтап төрөлөт. Г. Н. Потанин тарабынан келтирилген дөрбөттөрдүн «Ирин-Сайн– Гунын-Настай-Мекеле» деген баянынын каарманы төрөлгөндө оозуна «алмасты» (жамандык духу) тиштеп, ал эми оң колуна чоңдугу койдой болгон уюган канды, сол колуна муштумдай болгон кымбат баалуу буюм уучтап түшөт экен.

Биз бул жерде жөнөкөй гана жалпы фольклордук мотивди эмес, тамыры алда канча тереңде жаткан көрүнүштү, байыркы көз караштын бirimдигин баамдап отурабыз. Чын-чынына келгенде алгачкы жамааттык коомдун адамы үчүн кан дегенибиз адамдын башкы жандарынын бири же ал жандын материалдашып, денеге айланган түрүндөгү көрүнүшү болуп саналат. Жаңы төрөлгөн ымыркай-баатырлардын колдорундагы ошол уюган кан мүмкүн алардын уюган түрдө көрүнгөн жанындыр? Экинчи жагынан П. Кафаровдун котормосунда басылып чыккан «Ыйык сыр баянында» жаңы төрөлгөн Чыңгыздын колундагы уюган кан айбанаттардын ташына, б. а. малдын ичинен табыла турган ташка окшош экени айтылат (С. А. Козин анын «Ыйык сыр баянынын» котормосуна тиркеме катарында берген сөздүгүндө

П. Кафаровдун бул тушүндүрмөсүн суроо белгиси менен берет). Мүмкүн бул түшүндүрмө түрк-моңгол элдеринин «яда» таш деп аталган жана анын жардамы аркылуу аба ырайын өзгөртүүгө боло турган сыйкырдуу таш жөнүндөгү ишенимдери менен байланышы бардыр. Койдун аш казанынан табылып, жаан жаадырууга жөндөмдүү болгон «жай таш» жөнүндөгү түшүнүк кыргыздарда да бар экенин көрөбүз. Демек, бул деталь ал ташты шамандык практика менен байланыштыруучу биз карап жаткан эпизодго жаңы элементти киргизе алышы мүмкүн, муну белгилеп кетүү өзгөчө маанилүү, анткени С. А. Козин көрсөткөндөй, Чыңгыздын өзү шаман болгон, ал эми «Манаста», анын көп сандаган эпизоддорунда аба ырайын дубанын күчү менен өзгөртүп, кышты жайга айландырып, дарыянын суусун тоңдуруп, жаан, мөндүр жаадырган ж.б. учурлар кезигет. Манастын башкы жан-жөкөрү Алмамбет ошол шамандык сыйкырчылыктын жашырын сырларын эң жакшы билгендиктен кыргыз жоокерлери жортуулдардын учурунда нечен жолу ар кандай кырсыктар менен коркунучтардан кутулуп чыгышкан.

Эпостун Манастын колукту издеп, анан анын Каныкейге үйлөнүшүнө арналган эпизод да кызыгууга толук арзыйт. Өзүнүн досу Алмамбеттин кеңеши боюнча, Карабөрк жана Акылай деген эки аялы бар болсо да, ал каада-салт боюнча үйлөнүүнү чечип, жакшы кызга куда түшүүнү өтүнүп, ата-энесине кайрылат. Бул өтүнүчүн айтып жатып, Манас Карабөркту согушта тартууга алган аялы, Акылай болсо барымтага келген аялы экенин эскертет. Эпостун мындан мурдагы эпизоддорунда Манас калмактардын ханы Кайыпты талкалагандан кийин, хандын отуз кызынын бири, атасынын өлүмү үчүн Манастан өч алып, аны өлтүрмөкчү болгон Карабөркту көрүп, анын сулуулугуна көзү түшүп калат. Атасынын тирүү калганын угуп, Карабөрк атынан түшүп, Манастын алдына келип, башын ийип жүгүнөт. Манас менен Карабөрктүн үйлөнүшүнө байланыштуу отуз күндүк той өткөрүлөт. Манастын аскерлери тарабынан жеңилип калган оогандык хан Шоорук Манаска баш ийгендигин билдирип, өзүнүн Акылай деген кызын баш кылып 30 кызды барымтага жиберет. Манас кыздарды катарда турушкан өз жоокерлеринин ортосуна киргизип, көңүлүңөргө толгон жигиттерди күйөө кылып тандап алгыла дейт. Акылай биринчи болуп чыгып, өзүнө Манасты күйөө кылып тандап алат. Манастын өтүнүчү боюнча анын атасы Жакып ага колукту

издеп жөнөйт. Көптөгөн өлкөлөрдү кыдырып, ылайыктуу кыз таппаган соң, Жакып тажиктердин өлкөсүнө келет. Тажиктердин өкүмдары Атемир хандын кызы Санирабийганы жактырып, кызга куда түшөт да, анын атасы талап кылган өтө зор калыңды төлөп берүүгө макул болуп, кайра кайтып келет. Калыңга төлөнө турган мал элден чогултулгандан кийин Манас 12 миң жигиттен, 40 миң жоокерден турган кошундун коштоосунда атасы Жакып менен бирге тажиктердин жерине күйөөлөп келип, шаардын четине жайланып жатып калышат. Манас түнкүсүн Санирабийга уктап жаткан бөлмөгө кирет. Колуктусу менен болгон биринчи жолугушууда Манас аны менен чатакташып, Санирабийга канжары менен аны колго сайып жиберет, Манас аны жыга тепкенде эси ооп жатып калат. Хан кызынын бул жоругуна ачуусу келген Манас добулбас уруп, аскерлерин көтөрөт, ошондо атасы Жакып баш болгон акылман карыялар аскерлерди токтотуп калышат. Үйлөнүү тоюна чакырылган Манас өзүнө көтөрүлгөн ак өргөдөн эки күн чыкпай жалгыз отурат, анын айбаттуу түрүнөн сестенип, тейлеп, кызмат кылып жүргөн келиндердин бири да анын үстүнө батынып кире албайт. Ачуусу менен Манас Атемир хандын шаарын талкалап салмакчы болот. Манастын ачуусун басуу үчүн жарашуу белгисинин жышаанасы катарында дөңгө чыгып, Санирабийга өзүнүн ак жоолугун булгалап абага ыргытат. Өткөндөгү чатак үчүн өз күнөөсүн мойнуна алып, Санирабийга Манастын жанына басып келип, анын атынын суулугунан кармайт. Манастын колуктусу болгондон соң Санирабийга өзүнүн ысымын өзгөртүп, Каныкей деген ысымды алат. «Чачыла» каадасы боюнча күйөө бала менен колуктунун үстүнө таттуу даам-татымдар чачылат. Манастын кырк чоросу да кимиси кайсы кызды аялдыкка алаары жөнүндө кеп салышат. Манастын сунушу боюнча, ат чабыш уюштурулат. Боз үйдө отурган кыз ошол үйдүн жанына кайсы баатырдын аты келип токтосо, ошол аттын ээсине турмушка чыгууга тийиш. Биринчи болуп Алмамбеттин аты келип, ал Каныкейдин сиңдиси Арууке сулуу отурган боз үйдүн жанына токтойт. Акыркы болуп Манас келет. Каныкей үйдөн тышка чыгып, Манастын атын тизгинден алып түшүрүп, аны өз өргөсүнө киргизет. Манас менен Каныкей баатырлар менен кыздар үчүн болуучу ырк келишпестиктердин алдын алып, Манас жигиттер менен кыздарды өзүнчө бөлүп, өзүлөрү мурда түнөп жүргөн үйлөргө жөнөтүп жиберет. Эртеси эртең менен Манас кыздардын көзүн жоолук

менен таңып туруп, кыздын колу кайсы жигитке тийсе, кыз ошол жигитке турмушка чыгат деген шарт коёт. Көздөрү таңылган кыздар өткөн күнү кайсы жигиттин аты анын үйүнүн жанына келип токтогон болсо, ошол эле жигитти тандап алышат. Үйлөнүү шаан-шөкөттөрү менен оюн-зооктор отуз күн, отуз түнгө уланат, андан кийин Манас менен Каныкей, Алмамбет менен Арууке жана 40 чоро жубайлары менен өз эли-журтуна кайтып келишет.

Келтирилген эпизоддун мазмунунан көрүнүп тургандай, этнограф кудалашуунун жана үйлөнүү тоюнун сүрөттөлүшүнөн өзү үчүн көптөгөн баалуу майда-барат жолосундарды таба алат. Манастын колуктусу үчүн төлөнүүчү калың бүткүл «эл» тарабынан чогултулганы жөнүндөгү баалуу кабарды белгилеп кетебиз. Кыргыздарда күйөө бала менен колуктунун үстүнө «чачыла» чачуу сыяктуу байыртадан келе жаткан ырым-жырымдан шаманчылык менен байланышкан байыркы диний мотивдерди көрбөй коюуга болбойт. Ар түрдүү духтардын, кудайлардын, онгондордун урматына арнап, же күн күркүрөгөндө, шамандык дарымдоо ритуалынын алдында сүт же арак чачуу Саян-Алтай тоолорундагы элдерде, буряттардын жана башкалардын арасында кеңири тараган. Бул эскерилген ырым-жырымдын шаман культу менен байланыштуу экенин ал ырым-жырымдын «чачыла» деп аталышынын өзү эле ырастап турат, ал «чачыл», төгүлүп чачыл деген сөздөн келип чыккан. Алтайлыктарда ак (сүт) чачуу «чачылгы» деп аталат.

Уландардын колукту, кыздардын күйөө тандоо жөрөлгөсү да сөзсүз кызыгууну пайда кылат, мүмкүн, бул үйлөнүү жөрөлгөлөрүнүн байыркы түрүнө таандыктыр, анткени бул жерде биз өзүнө келечектеги күйөө тандап алууга кыздын укугу бар экенин көрөбүз. Ушуга байланыштуу Л. Я. Штенберг тарабынан белгиленген Thurnston'у боюнча Индиядагы Nayadi уруусунун үрп-адаты жөнүндө эскерип кетебиз, бул үрп-адат боюнча кызга үйлөнүүнү каалаган бардык жигиттердин ар бири колуна башкалардыкынан өзгөчөлөнүп турган таяк алып алышат да, ичинде кыз отурган алачыкты тегеренип бийлей башташат. Бий токтогондо күйөө болсом деген ар бир жигит жылчыктан өзүнүн таягын алачыктын ичине таштайт. Кыз бул таяктардын ичинен бирөөнү тандап алат да, кыз тандап алган таяктын ээси алачыкта жашынып отурган кыздын күйөөсү болуп калат. Манас менен Каныкейдин ортосундагы үйлөнөөрдөн мурда болгон

биринчи жолу жашыруун жолугушкандагы чыр-чатагы да, сыягы, кокус эмес жөрөлгө болсо керек. Акырында келип, Каныкейдин синдиси Арууке Манастын талабы боюнча Манаска эмчектеш ини болуп калган Алмамбеттин аялы болуп калганы (а дегенде Арууке бул никеден баш тартат) жана Манастын колуктусунун ысмынын өзгөртүлгөнү жөнүндөгү окуялар көңүл буруууга татыктуу, муну, моңголдордогу күйөөсү же сүйгөн жигити аялга экинчи ысым бере турган үрп-адат менен салыштырууга чакырат.

Эпостун этнографиялык жактан көбүрөөк мазмундуу келген эпизоддорунун үчүнчүсү – «Көкөтөй хандын ашы» болуп саналат.

Манастын кеңеши боюнча Манастын эң жакын жан-жөкөрлөрүнүн бири – Ташкендин ханы Көкөтөйдүн асыранды уулу жаш Бокмурун атасын шаан-шөкөттүү салтанат менен көмгөндөн кийин, эки жыл өткөндө ага шаңдуулугу жагынан андан да ашып түшкөн чоң аш берет. Аш Каркыра өрөөнүндө өткөрүлмөкчү болуп, Бокмурун өз элин бүт көчүрүп барат. Эпосто баш-аягы үч күндүк жолго созулган зор кербендин кетип бараткан көркөмдүк менен сүрөттөлөт. Аш бериле турган жерге көчүп келип, Бокмурун ашка даярдык көрүүгө киришет. Алп баатыр Жаш Айдарды бүт элдерге атасынын өлгөнүн билдирип, аларды «ашка» чакыруу үчүн кабарга жиберет. Ашта ат чабышта жеңип чыккандарга зор байге бериле тургандыгы жөнүндө жарыялоону, ал эми ашка келүүдөн баш тарткандарды урмат көрсөтпөгөндүгү үчүн каардуу жаза күтүп турганын эскертүү жөнүндө буйрук берип, чабарманды узатат. Меймандардын алды келе башташат. Эң акырында Манас келет. Аш чоң ат чабыш менен башталып, ага миңге жакын мыкты күлүктөр катышат. Чабандестер ат жарыш башталa турган жерди көздөй жөнөгөндө калган бүт элге табак тартылып, тамак-аш берилет. Көп сандаган ар түрдүү мелдештер уюштурулат. Биринчи мелдеш бийик шыргыйга илинип коюлган алтындын уюткусун – «жамбыны» атып түшүрүү боюнча өткөрүлдү. Андан кийин кыргыздын баатыры Кошой менен калмактын ханы Жолойдун жөө күрөшү болду. Жар салынып, бирок болбой калган тастардын сүзүшүү, төө чечүү мелдешинен кийин ат үстүндө найза «сайыш» болуп, ага кытай баатыры Коңурбай менен Манастын өзү чыгат. Андан ары эр эңиш болот, анын максаты каршыны ээрден жыгып түшүрүү болуп саналат. Таң-тамаша күлүк чабуу менен аяктап, жеңгендерге байгелер берилет. Кытайлар менен калмактар башкалар алган байгелерди

тартып алууга аракет жасаганда жалпы салгылаш башталып, ал кыргыздардын жеңиши менен аяктайт.

Эпостун бул эпизодун толук баяндап отурсак, өтө эле көп орун алар эле, анткени саналып өткөн мелдештердин ар бири жөнүндөгү сүрөттөөлөр негизинде өз алдынча баяндын мазмунун түзүп турат. Бул эпизоддун кызыктуу материалы этнограф изилдөөчүгө бай жемиш бере алат.

Башкы каармандын өмүрү кайгылуу болуп бүткөн акыркы эпизод: жарадар болгон Манастын мекенине кайтып келиши, анын өлөөр алдында айткан керээзи, Каныкейдин бейит үстүнө күмбөз салдырганы, Манасты жашыруун көмүү жана Каныкейдин кичинекей Семетей менен Бухарага, атасыныкына качканы сыяктуу окуяларды камтыйт.

Атайын эмгектебиз Манастын сөөгүн көмүүгө байланышкан өтө кызыктуу бир фактыны талдап чыкмакчыбыз. Манастын керээзи боюнча Каныкей Манастын жакын достору менен бирдикте анын сөөгүн күн мурдатан даярдалып коюлган Кара үңкүрдөгү көргө жашыруун түрдө коюшат. Көрдүн оозундагы каалгага Манастын сүрөтү тартылган. Ал эми Манастын тирүүсүндө тургузулган күмбөздө Манаска окшоштурулуп, сүрөтү тартылып, ак кийизге оролгон куурчак көмүлөт. Бул факт, башка бир катар жөрөлгөлөр сыяктуу эле колдо болгон этнографиялык материалдар менен салыштырып көргөндө, бизди байыркы кыргыздардын идеологиясында, калыбы аныктоочу фактор болгон анимисттик идеялардын чөйрөсүнө алып кире алат.

## IV

Эң эле дилгирлик менен көңүл коюп мамиле жасоого арзый турган этнографиялык материалдар эпостун жогоруда айтылып өткөн эпизоддорунда гана камтылып турбастан, бир кыйла олуттуу санда көптөгөн башка эпизоддордо да чачынды түрдө орун алган.

Ал баарынан мурда эпосто жетишээрлик түрдө татаал болуп көрүнгөн социалдык мамилелер жагын камтыйт. Бул татаалдык эпостун өзүнүн огеле узак мезгилден бери жашап келе жаткандыгынын шартына байланыштуу келип чыккан, анткени кыргыз коому башынан кечирип келген татаал социалдык-саясий өзгөрүүлөр жана силкинүүлөр эпосто өз изин калтырбай коймок эмес.

Колдо болгон материалдардын негизинде эпостун бүткүл өтмө катарынан өтүп турган негизги социалдык карама-каршы таламдардын кагылышууларынын бири алгачкы жамааттык түзүлүшкө мүнөздүү болгон жамааттык негиздин феодалдык уклад калыптанып жаткан доор үчүн типтүү болгон жаңы коомдук мамилелер менен өз ара күрөшү, өзүнчө бир аскердик-демократиялык түзүлүштүн фонунда жүрүп жаткан күрөш болуп саналат. Биз, албетте, эпосто чагылдырылган социалдык көрүнүштөргө баа берүүдө, эпос бир кыйла толук түрүндө XX кылымда гана жазылып алынганын жана мында манасчынын жеке өзгөчөлүгү чоң роль ойногонун эске алууга тийишпиз. Биздин бул негизги корутундубуздун канчалык туура экендигин андан аркы изилдөөлөр көрсөтөт.

Эпосто кыргыздардын аскер уюмуна, алардын согуштук техникасына жана жалпы эле жоокердик искусствосуна тийиштүү материал өзгөчө кызыгууну туудурат. Тарыхый булактар байыркы кыргыздардын коомдук-саясий турмушунун бул маанилүү тарабын өтө эле жарды чагылдырат. Алардын ичинен В. Радлов «Aus Sibirien» деген эмгегинде келтирген маалыматтар бир кыйла баалуу болуп саналат. Башкы сюжеттик негизи согуштук мүнөздөгү окуялар болуп саналган «Манас» эпосунун материалы кыргыздардын аскердик уюму менен техникасынын көптөгөн белгилерин, атап айтканда, кошунду түзүүнүн системасын жана анын структурасын, аны башкаруу уюмун, согуштун жүрүшүндө колдонулуучу тактиканы, согуш ыктарын, курал-жарактарды, аскер кийимдери, ок-дары, азык-түлүк менен жабдууну, туткунга түшкөндөргө кандай мамиле жасоону, жоокердик сапаттарды тарбиялоо ыктарын жана д.у.с. калыбына келтирүүгө мүмкүндүк берет. Алсак, мисалы, «Чоң казаттын» сүрөттөлүп айтылышынан биз аскерлердин байыркы моңголдордукуна окшош «түмөнгө», миңдикке, жүздүккө, ондукка бөлүнгөнүн көрөбүз; эпостогу айрым бир белгилер боюнча кыргыз кошундарында өздөрүнүн куралданышы боюнча айырмаланган: жаачылардын, найзачандардын, ай балтачандардын жана башкалардын отряддары болгондугун болжолдоого болот. Чалгындоолорду толук сүрөттөп айтуу «Чоң казат» циклинде бүтүндөй бир эпизоддун мазмунун түзөт. Манастын балалык жана жаштык курагы жөнүндө баяндаган эпизоддон биз жаш жоокерлерди кандайча тарбиялашканы жөнүндө ачык-айкын түшүнүк алабыз. Манас чагым уюштурушкан алты ханды

коркутуу үчүн жөнөгөндөгү салтанаттуу жүрүшү жөнүндө баяндаган эпостун эң жаркын барактарынын пайда болушун аныктап билүүгө жардам бере турган кызыктуу фактыны белгилеп кетүү керек. Эпосто сүрөттөлгөндөй, Манастын алды жагында колдорунда бараңдары бар 20 мергенчи, артында – жаачан 20 жоокер, оң капталында – кылыччан 20 жоокер, сол капталында – ай балтачан 20 жоокер, жаачандардын артында – найзачан 40 жоокер бар. Жүрүштү алты «жасоол» баштап, алардын артынан Манастын аты Ак куланы тизгиндеп жетелеп 12 жигит баратышат. 60 адам Манастын алтын тактысын көтөрүп алышкан, айланада 4000 куландар чубап, 70 кулач «ажыдаар» сойлоп, азуулуу 6 жолборс бара жатат, сыйкырланган зор кара куштарды да алып алышкан...

Жунгар калмактарынын башчысы Хунтайчжы Цэван-Рабтанга элчиликке барган учурда капитан Унковский 1723-жылы январда калмактардын жаңы жылы «Цаган Сарага» (ак ай) байланыштуу уюштурулган диний жүрүштү көргөн. Талаага тигилген чоң чатырды карай элдин коштоосу менен ламалардын тобу бара жатышат. Алды жакта чоң алты туу көтөргөндөр, алардын артында музыкалык аспаптары (кернейлери, даптары ж.б. ) бар, кызыл жана сары чепкен кийишкен ламалар кетип баратышат. Ламалардын эки жак капталынын ар биринде соот жана туулга кийген, найзачан жана кылыччан 20 киши, соот-чарайна, туулга кийинген, жазайыл жана кылычы бар 15 киши жүрүштү башынан аягына чейин калкалап кетип баратышат». Эки жагында бирден атчан «дархан зүрүктү» (кеңешчи) бара жатат, алардын ар биринин артында экиден жөө кызматчысы бар. Жыл сайын буряттар менен моңголдор өткөрүүчү үрп-адаттардын графикалык сүрөтү болуп саналган «Йүсүн-сульде» деп аталган ламалык иконада ак боз ат минген чоң атчан адамдан башка (анын үстү жагында калкып учуп бараткан шумкардын сүрөтү бар) да, 8 атчан адамдын, үй жаныбарлары менен жапайы жырткычтар – арстан менен жолборстордун сүрөттөрү жайгаштырылган. Атчан адамдын үстү жагында «булуттуу ажыдаарды сайып өлтүрүп жаткан» будда кудайы Очирванинин сүрөтү да тартылган. Ырым-жырымдар аткарылып жаткан учурда ак кийимчен 9 жигит үстүнө чарайна, башына темир туулга кийишип, жааларын ийиндерине асынышып, ак боз аттарга минишет».

«Манастагы» өзгөчөлүү жомоктогудай салтанаттуу жүрүш ламалык ырым-жырымдардын мазмунун берип турганын көрүү кыйын

эмес, бул ырым-жырымдар алардын өткөндө жакын канатташ жашап, моңголдор жана калмактар менен карым-катышта болгон кыргыздарга жакшы тааныш болушу мүмкүн.

Эпосто сүрөттөлүп көрсөтүлгөн кыргыздардын жоокерлик турмушу сөзсүз түрдө атайын изилдөөнүн темасы болууга тийиш.

Кыргыздардын үй-бүлө мамилелерин эпос патриархалдык мамилелер катарында мүнөздөйт. Ошондой болсо да, биз үй-бүлө, нике мамилелеринин алда канча байыркы түрлөрүнүн көптөгөн издерин табабыз. Эки-үч гана мисал келтиребиз. Жүрүштүн учурунда Манас, казактардын баатыры Көкчө жана бул экөөнүн энелери боюнча таякеси Эштек баатыр үчөө жолугушуп, кубанычтуу кучакташып көрүшөт. Эштектин уулу Жамгырчы атасынын эки жээни: Манас менен Көкчө үчүн кең-кесири сый тамак берет, жээндер үчүн берилген бул сый тамак этнографиялык булактар боюнча «жээн табак» деп аталган өзгөчө сый тамак экени бизге да белгилүү. Алмамбеттин өз өмүрү жөнүндөгү аңгемесинде Алмамбеттин Көкчө менен болгон чатагы жана Алмамбеттин кетиши айтылат. Көкчөнүн аялы Акеркеч ага төмөнкү сөздөр менен кайрылат:

Жээниң да жок, тайың жок,
Жердеп турар жайың жок.
Баш калкалар байың жок,
Батып турар жайың жок.
...Бөлөктү койдум, бөлөң жок,
Эңкейип кетсең жөлөк жок,
Кай жерде болор турагың?

Манас өлөөр алдындагы керээзинде: Семетей 12 жашка чыкмайынча сенин агаң Ысмайыл тарбияласын, ал ата-энесинин ким экенин да билбесин» деп Каныкейге табыштайт.

Бул мисалдар эпостун каармандарынын үй-бүлөгө карата көз караштарында эне жагынан болгон тууганчылык жана авункулатка жандуу жана чоң маани берилгенин ачык-айкын далилдеп турат.

Айрым бир деталдар кыргыз коомунда орун алган адамдардын жашы жана жынысы боюнча бөлүнөөрүн көрсөтөт. Эпостун айрым эпизоддорунда, атап айтканда, Каркыра өрөөнүнө көчкөндөгү көрүнүштүн сүрөттөлүшүндө адамдар жаш курактары боюнча так бөлүнөт: кыздар, келиндер, аялдар, кемпирлер, андан ары – балдар, өспүрүмдөр, жигиттер, аксакалдар жана д.у.с.

...Кылтыңдаган кыздарга
Кызыл чапан кийгизип,
Боз жоргодон мингизип,
Кош коңгуроо илгизип,
Келинге кете кийгизип
Сур жоргону мингизип,
Аялдар камка кийишип,
Кара жорго минишип,
...Байбичелер сый көрүп,
Жегендери куймулчак
Дагы бир башка жерде:
Өспүрүм алсын Урум мылтыгын...
Уландар алсын бараңды.

Жаштардын үйүрлөшүп, жамаатташ болуп, баш кошуп жүргөнү Манастын жаштык курагы жөнүндөгү эпизоддо жакшы байкалат. Бардык маанилүү учурларда Манас, атасы Жакып жана башка баатырлар кеңешке карыяларды – «ак сакалдарды» чакырышат.

Ушуга эле окшош көрүнүштүн издерин биз калмактардын «Жангариадасынан» жолуктурабыз:

Сан жетпеген балбандар
Алты миң он эки баатыр дагы бар
Жети катар тизилип тегерете турду дейт.
Ак сакалдар бир бөлөк
Каз-катар болуп турду дейт.
Байбичелер нур жүздүү
Бир тегерек курду дейт.
Ак жүздүү, назик айымдар,
Сап-сап болуп тизилип,
Жазгы бышкан мөмөдөй
Кыздар турду кылтылдап

Эпосту андан ары тереңирээк изилдөө азырынча үзүндү-кесинди түрдө гана көрүнгөндөр канчалык олуттуу жана туруктуу социалдык көрүнүш болгондугун аныктоого мүмкүндүк берет.

Алгачкы жамааттык коомдук мамилелер менен же анын ыдыроо этабы менен байланыштуу болгон көрүнүштөрдүн арасында, эпосто аталык (Манасты койчуга жардамчы кылып беришет), боордошуу жана асырап алуу сыяктуу каада-салттар да өз чагылышын тапкан.

Исламды кабыл алып Алмамбет казактын баатыры Көкчөнүн бир тууганы (боордошу) болуп калат. Ал алдына коюлган таш чөйчөктөгү чайды ичет да экөө кучакташып, ант беришип, дос, боордош болуп калышат. Көкчө мындай дейт:

Кан-жаныбыз бир болгон
Боорум болгун кыйышпас!
Жалгыз тонун чечип берген үстүнөн,
Досум болгун кыйышпас!

Ушундан улам, Көкчөнүн зайыбы Акеркеч Алмамбетке кайрылганда аны: «О кайним...» – дейт.

Алмамбет Манастын да бир тууганы болуп калат. Бул Манастын ата-энеси Жакып менен Чыйырды тарабынан аны асырап алуу жөрөлгөсү аркылуу бекемделет. Карыган Чыйырды отуз жашка барып калган Манаска бир эмчегин, Алмамбетке экинчи эмчегин берет. Кереметтүү окуя болот, Чыйырдынын эмчегинен сүт чыгат. Ошентип, Алмамбет Манастын эмчектеш бир тууганы болуп калат. Ушуга окшогон ырым-жырымдар байыркы антик элдеринде да белгилүү болгон, ал эми Кавказ элдеринде акыркы мезгилге чейин баланы асырап алуу жөрөлгөсү эмчекти символикалуу түрдө гана соруу менен, б.а. , эмчектеш тууган болуу ырымы менен коштолгон.

Ингуштарда асырап алып жаткан аялдын эмчегине эринин же колун тийгизүү талап кылынат, гурийлерде чыны менен эле эмчекти сорушат жана д.у.с.

Акырында эпос патриархалдык кулчулук институтун да өзүндө чагылдырган, мындай кулчулук кыргыздарда XIX кылымга чейин сакталып келген.

«Манаста» камтылып турган көптөгөн жана ар түрдүү материалдар кыргыздардын диний түшүнүктөрү менен дүйнөгө көз караштарын мүнөздөйт. Мында магиялык-анимисттик түшүнүктөр жана шамандык культ менен катар мифологиялык сюжеттерди да табабыз, эпосто ислам идеологиясы да кеңири орун алганын жана буддизмден кабыл алынган ырым-жырымдардын да белгилери байкалып турганын айтпай эле коёлу. Мына ушул диний-культ көрүнүштөрүнүн арасында түш көрүү кеңири орунду ээлейт, ал түштөр көпчүлүгүндө келечек жөнүндө алдын ала айтуу ыктарынын бири болгон аян катарында каралат (мындан башка да койдун далысына карап бал ачуу,

41 таш менен төлгө тартуу да эскерилет, сыйкырчы, дубакөйлөргө – «аярларга» чоң роль ыйгарылат жана д.у.с.).

«Манаста» сүрөттөлүп айтылган ушундай түштөрдөн бир нече мисал келтиребиз.

Манас Алмамбет келээрден мурда түш көрөт. Ал атчан кетип баратып жолдо жаткан кылычты көрөт, ал ташты боорду кескендей кескен курч кылыч экен. Андан кийин кылыч жолборско айланып, Манасты ээрчип жөнөйт. Ал бакырганда бардык жапайы айбандар Манастын алдына келишип, жүгүнүшөт. Андан кийин жолборс шумкар болуп кубулуп, асманга атып чыгат. Анын шаңшыганынан улам бүткүл канаттуулар Манаска учуп келишип, жүгүнүшөт. Шумкар Манастын колуна келип конгондо ал ойгонуп кетет. Түш жоруган адам анын кайраты жана өткүрлүгү кылычтай, айбаты жолборстой, алгырлыгы шумкардай Алмамбет деген баатыр бар экенин айтат. Кытай менен согуш болгон түнү баатырлар: Алмамбет, Сыргак жана Чубак каза таап, Манастын Ак Куласы майып болгондо Таласта калган Каныкей коркунучтуу түш көрөт:

Тултук мүйүз көк бука
Туу түбүндө кыйкырат,
Султаным Алмам өлгөн бейм?
Карга айдаган ак шумкар
Канаты жок калыптыр,
Кан Балтанын Чубагы
Бир кордукту көргөнбү?
Узун бойлуу чынары
Кыбыла көздөй сулаптыр,
Кымбатым Сыргак өлгөнбү?
...Султаным (Манас) отурган алтын так
Бир буту сынып калыптыр,
Көк жалымдын бууданы гана бир окко учканбы?

Эпостогу түш көрүүлөрдүн ролун манасчынын айтуучулук шыгынын пайда болушун түшүндүрүүдө түшкө ыйгарылып жүргөн роль менен байланыштырбай коюуга болбойт. Манасчылардын көпчүлүгү түшүндө Манастын өзү, кээде анын жан-жөкөрлөрүнүн бири же анын уулу Семетей келгенин, алардын ага Манасты даңазалап, мактап ырдагын деген буйругунан кийин «Манас» айта баштаганын эскеришет. К. Рахматуллин манасчылардын өзүнүн шыгына

табияттан тышкаркы күчтөрдүн жардамы менен ээ болгону жөнүндөгү салт болуп калган түшүндүрүүлөрүн шамандардын өз жөндөмдүүлүктөрүн духтардын жардамы аркылуу алгандыгы менен адилеттүү салыштырат. Манасчылар үчүн да, шамандар үчүн да мүнөздүү болгон бул көрүнүштү К. Рахматуллиндин оңтойлуу салыштырганы өзгөчө ишенимдүү чыгып отурат, анткени, айрым манасчылар, мисалы Келдибек менен Сагымбай, шамандар сыяктуу эле, дарымчылардын милдетин да аткарышкан.

«Манас» эпосунда адамдардын түшүндө гана эмес, өңүндө да ар түрдүү сыйкырлуу кубулуп кетүүлөр жана кереметтүү окуялар болуп турат. Алмамбет кытай жана калмактар менен салгылашып жаткан түнү Самарканда турган Манас уктай албай чыгат. Анын денеси бирде көгөрүп, бирде кызарып, атынан тер шорголоп агып, алсырап, өзүнүн үстүндөгү «ак күбөсү» кырк жеринен сөгүлүп, Ач албарс кылычы кындан чыгып, мизинен кан агат, мылтыгы Ак келтенин милтеси түтөп, чоң атасы Ногойдон мураска калган кызыл туу согуштагыдай жогору көтөрүлүп, желбирейт. Бул түштү Бакай Манаска төмөнкүчө түшүндүрөт: «Биздин духтарыбыз салгылашканда дайыма ушундай болот». Ушундай эле «кереметтер» Көкчө менен Кошойдун да башынан өтөт.

Жаратылыштын күчтөрү менен ар түрдүү элементтерине жан киргизгендей, адамдын духу бар деген түшүнүк эпосто көп кезиге турган көрүнүш. Алтай жомогу «Кан Төлөдө» анын каарманы жер-энеге кайрылып:

Менин кызыл канымды төктүрбө,
Назик жанымды бүлдүртпө! -

деп айтканы сыяктуу, «Манаста» Төштүк кутумчу-хандарга кайрылып мындай дейт:

...Ал (Манас – С. А.) силердин жаныңарды суурусун, каныңарды шимирсин.

Асмандан кара мөндүр, катуу шамал түшүп келди!

Радлов тарабынан жазылып алынган эпостук поэма «Эр Төштүктө» биз төмөнкүдөй саптарды окуйбуз:

Шамал Элеманга мындай дейт:

Сен малга тойбос болдуңбу?
Сен данга тойбос болдуңбу?
Сенин ач көздүгүң артыптыр

Курмандык чалып, мал сойгун
Кудайга тобо келтиргин.

Ушундай эле жол менен биз «Манастан» байыркы диний түшүнүктөр менен байланыштуу болгон партеногенез (Манастын жана Алмамбеттин кереметтүү жол менен энелеринин боюна бүтүшү), өсүмдүктөрдүн культу, ата-бабалардын культу жана д.у.с. башка мотивдерди да табабыз. Ушуга окшогон бир катар кубулуштар исламдашкан диний түшүнүктөрдүн катмарларын кылдаттык менен аңтарып көргөндө да табылышы мүмкүн экенин белгилеп кетүү өтө маанилүү.

Алмамбеттин бойго бүтүшү жөнүндөгү эпостук баян дал ушул мүнөздөгү баян болуп саналат, ал баянда Алмамбеттин энеси Алтынайга түшүндө пери тектүү боз уландын келгени, андан Алмамбеттин бойго бүткөнү айтылат. Бул боз улан эпосто Хурдун уулу деп аталат, бул термин адатта «periште» деген сөз менен которулат, бирок анын тагыраак мааниси кыргыз тилинде «бейиш кызы» (гурия – «хур кызы») дегенди билдирет. Бул терминди түшүндүрүүдөгү так эместик бизди термин кандайдыр бир башка мазмунду билдирсе керек деген ойго алып келди. С. П. Толстов өзүнүн «XI кылымдын башы чендеги хорезмдик христиандардын жаңы жылдык «Каландас» майрамы» деген макаласында Хорезм падышасынын бир тууганы Хурраздын (Хурразад) ысмынын, же тагыраак айтканда, анын титулунун байыркы орто-азиялык-ирандык падышалык титул Вау-риг – «кудайдын (күндүн) уулу» менен этимологиялык жактан дал келет деген пикири бизге бул жерде хур деген термин «күн» деген эле түшүнүктү берсе керек деген божомолду айтууга мүмкүндүк берет. Эгер ушундай болсо анда биз Алмамбеттен да теңирдин – күндүн уулун көрө алаар элек (бул төмөндө келтирилген салыштырма материалдар менен да ырасталып турат).

Учурдан пайдаланып, биз Беллью менен Р. Шанын эмгектеринде айрым бир жерлери Алмамбеттин тарыхын жана «Манастын» айрым башка эпизоддорун өтө жакын элестеткен сюжеттерге туш болгонубузду белгилеп кетебиз. Беллью өзүнүн күндөлүгүндө (247, 248-б.б.) XI к. жазылып, фарсы тилиндеги түп нускасынан түрк тилине которулган «Тазкира Бахра-Хан» деген мусулмандык чыгармадан алынган аңгемени келтирет. Бул аңгемеде хандын кызы Аланора Туркандын тарыхы баяндалат. Ал түнкүсүн намаз окуп отурганда жанына

Жебирейил периште келип, анын оозуна бир тамчы нур тамызып, көздөн кайым болот. Андан бир нече ай өткөндөн кийин ал бет алдына келе калган жолборстон коркуп, эси ооп жатып калат (кош бойлуу Чыйырдынын жолборстун жүрөгүн жегени менен салыштырып көргүлө), ал эми бир нече айдан кийин ал уул төрөйт. Кыздын атасынын катуу ачуусу келип, кызынын жүрүш-турушун иликтөө үчүн төрөлөрү, акылмандары, эшен-молдолоруна чогулууга буйрук берет. «Манас» эпосунда да Алтынайдын (Алмамбеттин энеси) күйөөсү Азиз хан анын боюна бүткөнүнөн шек санап, эсепчи, катчыларын, төлгөчү-балчыларын чакырып, айы-күнүн эсептеп көргөндөн кийин Алмамбетти өзүмдүн уулум деп эсептейт. Аланоранын уулу 5 жашында мектепке барып, 6 айда эле бардык жашыруун сырдуу жана жашыруун эмес билимдерди өздөштүрүп алат. Алмамбет болсо 6 жашында сыйкырчылыктын жашыруун сырларын окуп-үйрөнүү үчүн 60 баштуу ажыдаарга жиберилет. Андан ары Беллью атасы өлгөндөн кийин атасынын иниси Гарун Бахра-хандын колунда калган Саток Бахра-хандын тарыхын баяндайт. Саток 12 жаш курагында исламды жайылтуу үчүн Бухарадан Кашкарга келген «Абу Назар Саманиден ислам динин кабыл алат». Сатоктун Абу Назар менен жолугушун жана анын ислам динин кабыл алганын сүрөттөп жазган эпизоддун мазмуну жогоруда эскерилген Манастын Айкожо карыя менен жолукканын жана анын исламды кабыл алганын сүрөттөгөн эпизод менен жалпылыгы бар. «Манастын» персонаждарынын арасында да Абу-Насыр деген адам бар. Андан ары Саток өзүнүн агасы, бутпарас Гарун менен кармашып, аны өлтүрөт. Бул мотив Алмамбеттин мусулман болуудан баш тарткан атасын өлтүргөндөгү мотив менен окшош. Р. Ша (246, 247-б.б.) бутпарас падышанын уулу, «Багдаддан келген миссионер Абдул-Насар Самани тарабынан чыныгы динге өткөрүлгөн» Хазрат Султан падыша жөнүндө укканын жазат. Ак сөөк жаш жигиттерден кошуун курап алып, Хазрат Султан атасына келип, аны исламды кабыл алууга буйрук берет. Ал баш тартат. Атасын кармап алышып, тикесинен тик кылып бир жерге кармап турганда аны жер соро баштайт, акыры ал жерге кирип жок болот. Беллью тарабынан баяндалган аңгеменин бул варианты да «Манаста» айтылган мотивге окшош келет.

Биз белгилеп кеткен окшоштуктар, албетте, кокустук эмес. Алар «Манас» айтуучулар тарабынан эпостун жаралышынын кайсы бир

учурунда эзелтеден бери эле Чыгыш Түркстанда, демек, кыргыздардын да арасында жайылып, айтылып келген байыркы мусулман легендаларын (алардын ичинде Огуз каган жөнүндө да) пайдаланышып, аларды чыгармачылык менен кайра иштеп чыгышканын далилдеп турат.

Дагы бир маанилүү маселеге – мифологиялык сюжеттерге токтолобуз. Алар жин-шайтандар жана перилер жөнүндөгү жомоктордо жана Манастын Мекеге жасаган саякатында бир кыйла ачыгыраак көрүнөт.

Жин-шайтандар жана перилер жөнүндөгү айтылгандарда Манас ууга жиберген 600 мергенчи 700 архар менен кулжаны атып алышып келе жатышканда жолдо жалгыз көздүү дөөнү жолуктурушат. Дөө 400 мергенчини бирден кармап алып, үңкүргө ыргыта баштайт. Мергенчилердин бири – Куту мерген дөөнү көзгө атып өлтүрөт да, үңкүрдө 2 жылдан 7 жылга чейин кишенделип, камалып жаткан 92 туткунду бошотот. Алардын бири саякаттап жүрүп, аялдары өтө сулуу болгон, эркектери итке окшогон «итаалы» деген өлкөгө келгенин айтат. Кыргыздардын ишенимдеринде дөөлөр жөнүндөгү мифтердин бар экендиги Ф. Поярковдун макаласында эскерилет, макалада «жалгыз көздүү желмогуз» жөнүндө легенда келтирилет. Андан биз дөө жөнүндөгү мифтин «жез тырмак» же «жез тумшук» деп аталган адамга окшош жандар жөнүндөгү легенданын кызыктуу контаминациясын байкайбыз. Мында жалгыз көздүү дөө жөнүндөгү мифтин бардык негизги элементтери 1990-жылы Арал деңизинин жээгинен А. С. Берг тарабынан жазылып алынган дөө жөнүндөгү казактардын жомогу менен, ошондой эле Европада, Кавказ, Орто Азия элдеринин арасында, Алтайда 42 жана башка жерлерде ар түрдүү варианттарда жолугуп жүргөн Полифем жөнүндөгү гомердик жомок менен дал келип турат. Дөө жөнүндөгү мифтин «жез тырмак» жөнүндөгү легенда менен бир жомокто кошулуп айтылышын биз казактардан да учуратабыз, аны М. Миропиев жазып алган. Адатта, дөөлөр жөнүндөгү мындай мифтин пайда болушун европалык элдердин фолислору аркылуу тараган деп эсептелип жүрөт. Ошентсе да, калыбы, мифологиялык сюжеттер башка жолдор менен да келиши мүмкүн. Н. Я. Никифоров чогулткан алтайлыктардын жомокторунун жыйнагында жалгыз көздүү киши жегич жөнүндө жомокту келтирет, анын биринчи бөлүгү сулуу аялдардын эрлери эркек адамдар – иттер (туура айтканда ит баштуу адамдар) болгон өлкөгө жасалган саякат жөнүндөгү

версияны баяндайт, бул версия кыргыздардын эпикалык версиясына жакын. Бул калктын («нохой-эртын») душманы Киргис деп аталган жалгыз көздүү киши жегич болгон. Бул жомок мазмуну боюнча да, аталышы боюнча да (кыргызча «итаалы»), адамдары боюнча да (алтайлыктарча – «нохой – эртын», моңголчо «нохой» – ит) жана алтай жомогундагы киши жегичтин аталышы боюнча да эпостогу кыргыз мотиви менен тыгыз байланышып турат. Белгилеп кете турган нерсе, А. Диваев тарабынан казактардын арасынан «ит-ала-каз» деген куш жөнүндөгү жомок жазылып алынган, ал куштардын жумурткасынан «кумай» деп аталган тайгандар пайда болот экен. «Кумай» деген жору куш өзүнүн жумурткасынан күчүктөрдү басып чыгара тургандыгы жөнүндөгү ушундай легенданы биз кыргыздардын арасынан да уктук. Эч кандай жырткыч качып кутула албай турган легендарлуу «кумайык» ит, кыргыздардын көз карашы боюнча, иттердин «төрөсү (колдоочусубу, түпкү атасыбы?) болгон. Кытайдын биздин замандын V-VII кылымдарына таандык жылнаама булактарында чыгыштагы бөлөк элдер жөнүндөгү баянында Фусань (Ортоңку падышачылыктан чыгыш тарапта) падышалыгынан 1000 ли аралыкта турган аялдар падышачылыгы сүрөттөлөт. Ал аялдардын денелери ак, таза, бирок жүндүү келип, эмчектери жок болот. Эркек балдарды төрөшөт. Дарыянын суусуна чөмүлүп чыкса эле бойлоруна бүтүп калат. Ошол эле жерде мындай деп баяндалат: 506-жылы Пху-ань аймагынын бир тургуну шамал учуруп кетип, бир аралга түшүп калат. Ал көргөн эркектердин денеси адамдыкындай, башы иттикиндей болот. Үндөрү иттин үргөнүнө окшошот. Ушуга эң эле жакын сюжетти биз Плано Карпининин «Монгалдардын тарыхы» (которгон А. И. Малеин) деген эмгегинен табабыз. Чөл аркылуу кайтып келе жатышып, татарлар аяддары адамдарга, эркектери итке окшош өлкөгө туш келишет.

Ошентип, орто кылымдарда кеңири тараган жана моңголдордо кезиккен, ал эми биздин күндөрдө алтайлыктар менен кыргыздарда кезиккен бул фольклордук мотив эң эле байыркы замандарда жаралганы шек туудурбайт, ал бир жагынан, сыягы, Грецияда («Алтын жүн» деген мифте аргонавттардын ит баштуулар менен жолукканы), ал эми, экинчи жагынан, Ыраакы Чыгышта пайда болсо керек. Бул мотив кыргыз эпосуна алда качан эле кирген болушу мүмкүн; ал эми анын ыраакы чыгыштык мифтик чыгармачылык менен байланышы толук ыктымал деп эсептелсе болот.

Биз «Манас» эпосунда кезиктирген жана бул эмгекте аларга толук мүнөздөмө берүүгө мүмкүнчүлүк болбогон этнографиялык мүнөздөгү ар түрдүү элементтердин арасында эпостун көп сандаган каармандарынын энчилүү ысымдары, топонимика жана этнонимика боюнча көп сандагы маалыматтар бир кыйла орунду ээлеп турат.

«Манастын» ономастика боюнча маалыматтары менен үстүртөн таанышуунун өзү эле бул маалыматтарды кылдаттык менен талдап көргөндө андан ары бир кыйла баалуу корутундуларга алып келиши мүмкүн экенин көрсөтүп турат. Айрым бир мисалдарга токтолуп кетебиз. «Манас» эпосунун башкы каармандарынын бири Коңурбайдын ысымы калмактардын эпосу «Жангардын» эң көрүнүктүү каарманы Хонгордун ысымы менен окшоштугу байкалат. Кыргыз эпосунда Коңурбай кыргыздарга душман, жат, каргашалуу күчтөрдүн өкүлү катарында көрүнсө, калмактардын эпосунда Хонгор Жангардын адилеттүү иши үчүн күрөшкөн оң каарман катарында чыгат. Ысымдары окшош болгон эпостук каармандардын ушундайча карама-каршы сүрөттөлүшү толук табигый нерсе, кыргыздар менен калмактар эпосто гана эмес, тарыхта да көп учурда бири бирине кас мамиледе болуп турушкан. Бул салыштыруудан келип чыга турган өтө маанилүү корутундулар жөнүндө айтпай туруп, өзүнөн өзү талап кылынып турган башка бир салыштырууну келтиребиз. «Манас» эпосундагы калмактын баатыры Жолойдун ысымы менен Сецен же Цецен хан деген ат менен белгилүү болгон (XVI-XVII кк.) моңгол (халхасс) князы Шолойдун ысымы таң калаарлыктай окшош. Ойрот версиясында бизге жеткен Жолой Убашы Хон тайжи жөнүндөгү эпостук Жолой менен тарыхый Шолой бир эле адам болушу ыктымал, анткени өзүнүн тарыхынын белгилүү бир этаптарында кыргыздар моңгол дүйнөсү менен, анын ичинде, балким, Халха менен да жакын алака-катнашта болуп турса керек. «Манастын» эпизоддорунун биринде Чыгыш Түркстандын 11 шаарынын бири Дагалактын башчысы Курмус-ша деген хан кезигет. Бул ысым, биздин пикирибиз боюнча, буддалык-шамандык мифологиядагы теңир Хормустун (Индранын) ысымынын эле өзү болуп саналат. Эгерде буга моңгол фольклорундагы Когутейдин (шамандык пантеондогу кудай) ысымына окшогон, Манастын жан-жөкөрү Көкөтөй хандын ысымын кошо турган болсок, анда бизге «Манаста» белгилүү бир башка катмардын бар экени ачык болот, бул катмар кыргыздардын арасында буддизмдин моңголдук

түрүндөгү ишенимдеринин орун алгандыгынан улам пайда болушу толук ыктымал.

Эпостун каармандарынын энчилүү ысымдарынын топонимиканын (географиялык аталыштардын) маалыматтары менен дал келип турганы өтө кызыктуу, мында географиялык аталыштар көбүрөөк санда Чыгыш Түркстандын аймагында жолугат. Бул аймактан биз Манастын ысымы менен аталган шаарды жана дарыяны тапканыбызды айтпай эле коёлук; ушул эле аймакта эпостук баатыр Оронгонун ысымына окшош Урунгу дарыясын, Хотан оазисинде Малгун деген кыштакты табабыз (Малгун – «Манастагы» жалгыз көздүү дөө) жана д.у.с.

«Манаста» өз чагылышын тапкан топонимиканы, жалпы эле кыргыздардын географиялык тааным-билимдерин сын көз менен карап изилдеп-үйрөнүү изилдөөлөр үчүн өз алдынча тема болуп калышы мүмкүн, бул этнограф үчүн да көптөгөн кызыктуу нерселерди бере алмакчы.

Ал эми «Манаста» камтылып турган этнонимика боюнча бай материалдарга келе турган болсок, аларды изилдеп-үйрөнүү кыргыздардын этногенезинин айрым бир маселелерин чечүүгө жана кээ бир башка проблемаларды баяндап, түшүндүрүүгө жардам бере алаары шексиз.

## V

«Манас» эпосу башка эпостук чыгармалардын катарында кандай орунду ээлеп турат жана этнографиялык маалыматтар боюнча баа бергенде «Манас» өзүндөгү камтылып турган сюжеттери жана бүткүл колоритинин жалпылыгы боюнча алардын кайсынысы менен өзгөчө жакын деген табигый суроо туулат.

Академик С. К. Козин тарабынан бизге сүймөнчүлүк менен берилген белгилүү моңгол таануучу В. Л. Котвичтин академик В. М. Алексеевге жиберилип, СССРде монгол адабиятынын эстеликтерин басып чыгаруу маселелесине арналган катынын көчүрмөсүндө бизди кызыктырган маселе боюнча өтө баалуу жана көрөгөчтүк менен айтылган ой-пикирлер камтылып турат. С. А. Козиндин моңголдордогу «Ыйык сыр баяны», «Жангариада» жана «Гесериада» сыяктуу адабий чыгармалардын тыгыз байланышы жөнүндөгү изилдөөлөрү «Евразиянын чексиз талаа мейкиндиктериндеги бардык көчмөн элдердин

чыгармачылыгы жагында дагы алда канча кеңирирээк изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн түрткү бере алаарын» белгилеп, В. Л. Котвич мындай деп жазат: «Бул мейкиндиктерде бийликти улам бири экинчисинен ырааттуулук менен алып турган көчмөн элдер өздөрүнөн кийин алардын бүткүл тышкы тарыхы жана элдик духунун умтулуулары чагылдырылып турган бир катар эң көрүнүктүү чыгармаларды калтырышкан. Алсак, VIII кылымдын түрктөрү Монголиянын таш эстеликтеринде өздөрүнүн баатырдык иш-аракеттери жөнүндөгү баяндарды жазып калтырышкан; алардын ордун баскан уйгурлардан ушул убакка чейин Огуз каган жөнүндөгү поэма сакталып турат; алардын мурасчылары кыргыздар Манас баатыр, анын уулу жана немереси жөнүндө дүйнөдө эң зор эпопеяны түзүп, элдин эсинде сактап келе жатышат; акырында, моңголдор өздөрүнүн өткөндөгү улуу заманынын үч баскычын чагылдырган баатырдык үчилтикти жаратышты. Эгерде бардык ушул элдердин иш-аракеттеринин ортосунда хронологиялык жактан биринен бирине өтүп туруучулук гана орун алып турбастан, ошондой эле азыр жетишээрлик түрдө аныкталгандай, алардын саясий, социалдык-экономикалык, административдик жана маданий турмуш мекемелеринде да тыгыз байланыштар болуп турган болсо, анда аларда жалпы адабий традициялар да орун алып турган деп болжолдоо толук табигый нерсе болоор эле». Чындыгында да моңгол эпосунун жогоруда эскерилген эстеликтери менен таанышып чыгуу бизди кыргыздын «Манас» эпосу аларга өзүнүн айрым бир композициялык-структуралык белгилери боюнча да, айрым бир эпизоддорду баяндап түшүндүрүүсү боюнча да, эпостук баатырлардын образдарын сүрөттөө манерасы боюнча да жана да бир катар нукура адабий ыкмалар (эпитеттер, салыштыруулар ж.б.) боюнча да, көптөгөн этнографиялык сюжеттери менен деталдары боюнча да жакын турат, мына ошондуктан ал моңголойрот эпосу, ошондой эле Саян-Алтай тоолорун мекендешкен элдердин эпосу менен эң тыгыз байланышта каралып, изилдеп-үйрөнүлүүгө тийиш.

Ушул азыр да байкалып отурган жалпы фольклордук жана этнографиялык сюжеттер гана эмес, ошондой эле кыргыз элинин этностук, тарыхый жана маданий байланыштары да бизди дал ошол Монголияга, Тувага, Алтайга, Минуса талааларына жана Синьцзянга алып барат. Ушул жол менен жүрүп отуруп, этнограф, этнографиялык булактар катарында эпостук материалдарга ээ болууда алда канча жемиштүү

натыйжаларга жетише алат деп ойлойбуз. Бирок, жогоруда айтылгандардан кыргыз эпосу менен Орто Азия элдеринин жана Казакстандын эпосторунун ортосундагы болуп келген жана болуп жаткан олуттуу жана тыгыз байланыштарды этибарга албай коюуга болот деген корутунду чыгаруу туура эмес болоор эле. Тескерисинче, кыргыз эпосунун катыштарынын тигил да, бул да багыттарын изилдеп-үйрөнүүнүн дал өзү этнографка «Манас» эпосундагы эң маанилүү этнографиялык сюжеттердин пайда болушунун негизги жолдорун туура жана толугураак ачып көрсөтүүгө жардам бере алмакчы.

## VI

Биз «Манас» эпосундагы этнографиялык сюжеттерге мүнөздөмө берүүгө аракеттендик. Эпостук чыгармачылыктын бул эң баалуу эстелиги менен таанышып чыккандан кийин жалпы мүнөздөгү кандай корутунду чыгарууга болот?

Биз «Манастагы» этнографиялык сюжеттерди изилдеп-үйрөнүү илимий турмушка илим үчүн өз алдынча кызыкчылыгы бар болгон жаңы этнографиялык материалдарды киргизүүгө мүмкүнчүлүк берүүгө тийиш деп ойлойбуз. Эпосто камтылып турган этнографиялык материал кыргыздарды этнографиялык жактан иликтеп билүү үчүн баалуу кошумча маалыматтарды бере алаары айдан ачык, анткени элдин турмуш-тиричилигинин көптөгөн көрүнүштөрү алда качан жоголуп бүткөн, ал эми колдо болгон адабият текшерилген фактыларга өтө жарды. Эпостогу этнографиялык сюжеттерди изилдөөнүн салыштырма этнографиялык усулун пайдалануу менен талдап чыгуу кыргыз элинин маданий турмушунун тарыхынын көптөгөн маанилүү жактарын жана анын коңшу элдер менен өз ара мамилелерин ачып көрсөтүүгө жардам берет.

Жогоруда айтылгандардын бардыгы кыргыз маданиятынын эң сонун эстелиги болгон «Манас» эпосун өздөштүрүү жана изилдөө маселесин Кыргызстанда этнографиялык илимдин эң маанилүү милдеттеринин бири катарында күн тартибине коюуга бизге мүмкүндүк берет.

Баарыдан мурда эпосто камтылып турган этнографиялык материалдарды табуу жана аларды бир системага келтирүү максатында эпостун ар түрдүү варианттарынын тексттерин изилдөө боюнча чоң жана чымырканган иш жүргүзүлүүгө тийиш. Бул материалдар

бир системага келтирилгенден кийин, андан ары салыштырылып, этнографиялык талдоого алынып, Түштүк Сибирдин, Борбордук жана Орто Азия элдерине таандык болгон фольклордук-этнографиялык маалыматтар менен салыштырылууга тийиш. Эпостон алынып (бирок эпостон ажыратылбай туруп карала турган), ушундай жол менен талдоо жүргүзүлө турган этнографиялык материалдар башка тарыхый, этнографиялык жана филологиялык мүнөздөгү булактар жана изилдөөлөр менен бирдикте кыргыз маданияты өзүнүн өнүгүш жолунда басып өткөн этаптарды реконструкциялоо сыяктуу маанилүү маданий жана саясий маселелерди чечүүгө кызмат кылат.

## «МАНАС» ЖАНА ЫСЫК-КӨЛ[1]

Аскерден 1946-жылы 4-январда үйгө келип түштүм. Үйдө үч, төрт күн эс алгандан кийин, академик чакырып жатат дегенинен КИРФАНГА бардым да, алгач «Манас» секторунун башчысы Калим Рахматуллинге кирдим.

Калим мага аскерден аман-эсен келгендигим жөнүндө жүрөгүндөгү жакшы пикирин айтты да:

– Зыяш, улуу патриот, укмуштуу Манас жөнүндө болуп жаткан жаңылыктардын чет-жакасын угуп жаткан чыгарсың. «Манас» эпосунун 1100 жылдык юбилейин өткөзүүгө камынып жатабыз. Юбилейди өткөзүү жөнүндө Кыргызстан өкмөтү атайын чечим кабыл алып, составы 110 кишиден турган юбилейлик комитет түзүлгөн. Ага алты миллион сом акча каралып, юбилейге карата басылып чыга турган томдордун планын комитет бекитти. «Манасты» изилдеген илимий эмгектердин томдору болуп, бардыгы 20 томдон ашык китеп басылып чыгат.

Кыргызда: «Отунду алган жаксын, малды билген баксын» деген сөз бар. Өзбектер: «Чымчыкты сойсо да, касап сойсун» дейт. Сөздүн туурасын айткан жакшы. Ушул. отургандарыбыздын ичинде «Манасты» сенден көп биле турган кишибиз жок (чынында «Манасты» эң жакшы билген Калим Рахматуллиндин өзү эле). Сенин келишиңди биз чыдамсыздык менен күтүп жатканбыз. Академик К. И. Скрябиндин сени чакырткан себеби да ошол.

[1] Кыргызстан Маданияты. 5-август. № 32, 1970. 11-13-б.

Кыязы сени кайда пайдалануу жөнүндө сөз болот окшойт. Зыяш, сен «Манаска» келбесең болбойт. Мугалимдикти иштеп жүрүп, тишиң саргарды го. Эми илимий мекемеде иштеп, диссертация жакташ керек, бул биринчи маселе. Ал эми биздин алдыбызда турган экинчи зор маселе – кыргыз элинин кылымдар бою ооздон-оозго көчүп, өмүр сүрүп келе жаткан улуу мурасы «Манас» эпосун Совет журтчулугу алдында даңазалоо, аны Союздук гана аренага эмес, дүйнөлүк аренага сүйрөп чыгаруу өңдүү өтө зор милдет турат. Өзүң ойлоп көрсөң, Орто Азияда жашаган түрк элдеринин ичинен өтө байыркысы, эң эле бери болгондо үч миң жылдан кем эмес тарыхы бар кыргыз элинин байыркы замандан калган улуу мурасы «Манас» эмей эмне? «Манастын» варианттарын биз качанга чейин темир шкафта сактайбыз? Анын мазмуну менен орус окумуштууларын тааныштырууда баягы growинститутта окуп жүргөнүңдө (1939-1940-жылдарда) менин тапшыруум боюнча (Калим анда пединституттун кыргыз, тили жана кыргыз адабиятынын кафедра башчысы болучу) эпостун сен түзгөн «Манас» бөлүгүнүн сюжети чоң ишке жарады, 1943-жылы аны орусчага котортконбуз. Эпостун сюжетинин К. Нанаев түзгөн «Семетей», «Сейтек» бөлүмү Тоголок Молдонун кыска вариантынан түзүлгөндүктөн, Саякбай Каралаевдин толук варианты боюнча түзүп келүүнү К. Нанаевге кайра тапшырганбыз.

Панфилов дивизиясынын составындагы бир полктун кыргыз, казактары көп бир батальонуна жоокерлердин өздөрү «Манас батальону» деген ат коюп алганын, фашисттер менен салгылашууда ал батальондун жоокерлери чыныгы эрдик көрсөтүшкөнүн, алардын көпчүлүгү командование тарабынан ордендер менен сыйланышканын «Фрунзевец» аттуу армиялык газетадан окудуң беле?

Согуш мезгилинде профессорлор: А. К. Бернштам, В.М. Жирмунский, П.Н. Берков жана С. М. Абрамзон, мен болуп кыргыз элинин улуу патриоту, укмуштуу Манасы жөнүндө газета-журналдарга ондогон макалалар жаздык. Түгөлбай экөөбүз «Манас жана Алмамбет» аттуу пьеса да жазып жибергенбиз. Сенин «Манас» операсына жазган либреттоңо, согушка байланыштуу, музыка жазылбай калганы өкүнүчтүү болду. Манастын баягы жылы орусчага которулган «Чоң казаты» бир том болуп, Ө. Жакишев жана Мозолковдун башкы сөзү менен Москвада басылып жатат.

## «Манас» деген сөздүн мааниси

– Кыргыз элинин байыркы тарыхынан Манас эпосуна байланыштуу учурларын, «Манас» деген сөздүн кайдан чыкканын жана маанисин аныктоодо бир катар окумуштуулар байкоолор жүргүзүп, өз ой-пикирлерин айтышты деп улантты сөзүн Калим.

«Манас» деген сөздүн маанисин ачыш үчүн архив казып, алка-шалка түшүүнүн же ат арытып, тон тоздуруп алыстан издөөнүн деле, менимче эч кажети жок сыяктуу. Манас деген сөз белгилүү бир баатырга эл тарабынан коюлган ылакап ат экенин, ал ат болгондо да Манас деген жөнөкөй катардагы сөздөн эмес, мааниси терең, касиеттүү сөз экенин байкоо, «Манас» эпосунун тексттерин жана варианттарын жакшы билген кишиге анчалык деле кыйын эмес. Биздин бул пикирибизди далилдеш үчүн, эпостун өз тексттеринен жолуккан айрым сөздөрдүн маанилерине кайрылып көрөлүк:

Баатырга ат койгондо: «Аты Манас болсун, Ар балаадан калас болсун!» – дейт.

«Манас» эпосун нечен кылымдардан бери атадан балага, карыдан жашка көчүрүп, оозеки сактап келген кыргыздар революцияга чейин жаңы төрөлгөн балага Манас деп ат эч качан койгон эмес.

Мен көргөн манасчылардын эң улуусу 95 жашка чыккан Шапак Рысмендеевдин берген маалыматына караганда, революциядан мурда төрөттөн эстери оогон аялдарга атайын манасчыларды чакырып келчү экен да, алар:

Күркүрөшү күн болуп,
Карарышы түн болуп,
Кабылан Манас келатат,
Карайлабай, көзүңдү ач!
Кыйкырыгы таш жарып,
Айкырыгы баш жарып,
Арстан Манас келатат,
Алсырабай, көзүңдү ач!
Жакып кандын Манасы
Жакындап калды тигине,
Жалдырабай, көзүңдү ач! – деп, кулактарына катуу кыйкырса, эстери ооган аялдар дароо эстерин жыйчу экен. Мындай

материалдар кыргыз Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунда да бир кезде бар эле.

Көкөтөйдүн ашында. Үрбүнүн жаагын айра чапкан Манаска Кошой катуу ачууланып:

Манас, Манас деп койсо,
Барбая түшөт экенсиң,
Чала үйлөгөн чаначтай,
Дардая түшөт экенсиң, – деп, аны катуу жемелейт.

«Чоң казатта» Алмамбет менен Чубакты жараштырып, Сыргак үчөөнү чалгынга жөнөтүп жиберет да, Айманбозду аса байлап салып, Манас бир нече күнү ойгонбой, алп уйкуну салат.

Үч баатыр Коңурбайдын жылкысын тийип жөнөгөндө аркасынан куугун түшүп калат. Манаска мурда кабар берейин деп алдыга чаап келген Чубакка Манастын кулагына кыйкырса да, көтөрүп таштап жиберсе да ойгонбой коёт. Айласы кеткенде, Чубак атына минип, Манасты өлчөп туруп найза менен кабыргага саят. Ошондо гана Манас санын бир чапчып, башын көтөрөт да:

Баатыр Чубак нетти? – деп,
Эмне болуп кетти? – деп,
Найзаң тийди мага – деп,
Жин тийдиби сага? – деп,
Урунбай жүргөн тоо барбы?
Урушпай жүргөн жоо барбы?
Азыркысын, Чубагым,
Теги аманат жаның соо барбы?
Жооң болсо, кетербиз,
Жолуң болгур ыйлаба,
Уруша, уруша чыгып кетербиз – деп, Манас эч камырабайт. Ошондо Чубак Манастын эрдигине таң калып:

Мунун аты да Манас турбайбы,
Заты да Манас турбайбы,
Өзү да Манас турбайбы,
Сөзү да Манас турбайбы,
Манас болсо жолборсум,
Алмамбет болсо жолдошум,
Кол келди деп калмактан,
Корксом кудай урбайбы – дейт.

Манас деген сөздүн жөнөкөй эмес, касиеттүү, кереметтүү чоң сөз экендигин акыркы төрт сап ыр ачык эле билдирип турбайбы – дедим мен.

Бир аздан кийин мен, Калим, Ташым Байжиев (ал аскерден 1944-жылы кайтып, Манас секторунда иштеп жүргөн экен) – үчөөбүз Жапар Шүкүров менен академик Константин Иванович Скрябинге кирдик. Академик ордунан тура калып учурашып, бизди жайдары мүнөз менен кабыл алды. Академиктин кулагына аз гана жетпеген, теңинен көбүн ак чалган балта мурутун, кадимки алптардыкындай каңылжаарын, кере карыш салаңдаган кабагын көргөндө, эмнегедир менин көз алдыма кары – Кошойдун элеси тура калган эле.

Жай сурашкандан кийин академик:

– Жапар Шүкүрович, чоң юбилейге даярданып жаткан кезде, жолдош Бектеновдун аскерден келип калганы жакшы болду. Менимче, жолдош Бектенов Манас секторунда иштегенге каршы эмес чыгар. Азырынча старший илимий кызматчынын милдетин аткаруучу деп буйрук берип, бир аздан кийин старший илимий кызматчы деген наам алып бериш керек. Аскерде 4-5 жыл иштеп, бир аз чарчап калгандыр. Эки-үч ай Ысык-Көл, Тянь-Шанга илимий командировка деп жиберип алыңыз, чарчаган денесин эс алдырып, туулуп-өскөн жерлеринин таза абасынан кере-кере жутуп, курушкан денесин жазсын жана эл арасында «Манастын» жазыла элек варианттары болсо, чалгындап келсин, – деди күлүп.

Эртеси ЦКага бардык, бир аз нары тартыш, бери тартыштан кийин, мен КИРФАНдын тил адабият жана тарых институтунун Манас секторунда старший илимий кызматчынын милдетин аткаруучу болуп иштеп калдым, бирок, агартуу министринин тапшырмасын баш тартпай орундатып турууга убада бердим.

Ошентип, мага кел, мага кел дедирип, эки чоң мекемеге мени талаштырып, улуу патриот, укмуштуу Манастын арбагы бир кезде менин баамды бир көтөрүп салган эле.

## Жолойдун бешиги

1947-жыл, август айы. Манастын юбилейине карата анын 15 томун бастырып чыгаруу үчүн, он үч кишиден редколлегия түзүлгөн. Улуу эпостун «Манас» бөлүгүн: Кубанычбек Маликов, Өмүркул Жакишев, Керим Сооронбаев, «Семетей» бөлүгүн: Ташым Байжиев,

Аалы Токомбаев, Кусеин Көлбаев жана «Сейтек» бөлүгүн: Түгөлбай Сыдыкбеков, Мукамбет Догдуров жана мен (мурда Калим Рахматуллин экен, ал киши каза болгондон кийин ордуна мен киргенмин) басмага даярдоого кириштик. Манасчылардан консультант Саякбай Каралаев, илимий консультанттар: профессор Константин Кузьмин Юдахин, Ленинград университетинин профессору академик Виктор Максимович Жирмунский, бир кезде «Манастан» кандидаттык диссертация жактаган казак жазуучусу, профессор Муктар Омарханович Ауэзов жана профессор А. Н. Бернштамдар эле. Виктор Максимович «Манастын» кара сөз менен жазылган сюжетинин орусча котормосун редакцияламак, Муктар «Манас» жөнүндө жазылган илимий макалаларды редакциялап чыкмак. Үч ай иштеп, тапшырылган иштердин көпчүлүгү аяктайын деп калган кезде, Виктор Максимович «Манаска» байланыштуу жерлерди кыдырып көрсөк деп калды.

Бир жумалык мөөнөткө Министрлер Советинен бир жаңы виллис жана көл айланасындагы бардык курорттордун директорлоруна кат жазып берилди. Академикке жер көрсөтүп келүүгө сектордон мени чектешти. Салкында Чүй өрөөнүнөн чыгып кетели деген максат менен, биз Фрунзеден эрте, саат беште жөнөдүк. Үстү ачык машинеде Виктор Максимович лейтенант баласы менен, КИРФАНдын окумуштуу секретары Г. А. Самарин, мен жана шофёр – бешөөбүз кетип бара жатабыз.

Биз Ивановка селосунун наркы четине чыга бергенде, жолдун оң жагындагы эң четки үйдүн короосунан чыга калып, бир чоң дөбөт бизди качырып сала берди да, катуу күүлөнгөн бойдон келип машинанын астына кирип кетти.

Өтө бергенде, кылчайып карасак иттин төрт аягы асманга чыгып калыптыр. Академик башын чайкап:

– Муну кайсы кара теке сүздү? – деди.

– Шайтан болоюн десе, «кыламыктан бут сынат, буламыктан тиш сынат» – дейт кыргыздар – дедим.

– Бул кашайгырдын уйкулуу көзү менен тура калып качырамын деп, кадеми катты го – деп, шофёр да сөзгө аралаша кетти.

– Орус элинде илгертен келе жаткан адат боюнча, жолуңду бууп кара мышык чуркан өтүп кетсе, сапарың оңунан чыкпайт деген түшүнүк бар. Биздин сапарыбызга жанагы жалпайып калган сары дөбөттүн кырсыгы тийбейби? Кыргыздардын түшүнүгү боюнча муну кандай деп баалайт? – деди академик.

- Бир аз өзөк ойготуп алыш үчүн Жолойдун-Бешигине келип токтодук.

Жети батман буудан жеп,
Дан жыттанган чоң Жолой,
Жетимиш алпты бир союп,
Кан жыттанган чоң Жолой.

– Мына, энеси аны кичинесинде ушул бешикке бөлөчү экен. Бешиктин башы – бул, аяк жагы – тиги. Баласы Жолой бешикте уктап жатканда, энеси соорусун күнгө кактап, жүн тытып, тиги тоонун үстүндө отурчу экен, – деп, Күн батыштагы Байбиченин-Соорусу аттуу чоң жайлоонун жонун көрсөттүм.

Академик көз айнегин оңдоп кийип, Жолойдун-Бешигин таңыркап, бир аз карап турду да:

– Бали-бали! Бешигине караганда Жолой балбан жакшы эле алп болгон экен. Көкөтөйдүн ашында Оронгу менен төө чечишкен Жолой ушул эмеспи? Оронгу да оңой алп болбосо керек го?! – деп күлдү.

Бул сапарыбызда Ысык-Көл менен Каркыраны, Кочкордогу Кырк Чоронун күмбөзүн, Ат-Башыдагы Чеч- Дөбө, Кошой-Коргондорду көрөбүз. Таласта Бакай-Таш, Бакайдын-Ыштыгы, Аккуланын-Мамысы, Үч-Кошой, Кең-Кол, Эчкилүүнүн – Кара-Зоосу, Кара-Буура, Чаткал жана Манас күмбөзү бар. Кааласаңыз, бул сапардан кайтканда, аларга да барабыз.

### Тору-Айгыр

Биз Тору-Айгыр кыштагына академик келгенде, ал кыштактын эмне себептен андай аталып калганын академик Виктор Максимович Жирмунский сурап калды. Бул жөнүндө эл оозунда айтылып жүргөн уламыштар көп. Кайсы бир уламыштарда аны Манас эпосу менен да байланыштырат. Көкөтөйдүн ашындагы чатакта Коңурбайдын жылкычыларынын башчысы токмок жалдуу Тору-Айгыр минген Карагулду Чубак кууп калат. Ага жетип, аны ыргыта саярда: «Сенден өлгөнчө, көлгө чөгүп өлөйүн» – деп, Тоңдун тушунан ал Ысык-Көлгө кире качат.

Карагул ар дайым Тору-Айгырга тогуз батман кум артып жүрчү, антпесе айгыры учуп кетчү. Көлдүн терең жерине жеткенде, айгыр суугa чөгө турган болот. Карагул артынан кумун сууга куюп жиберет.

Айгыр көлдүн наркы өйүзүнө сүзүп чыгары менен, үстүнө артылган куму жок болгондуктан, Карагулду көтөрүп, Күн чыгышты көздөй учуп кетет. Ошондон кийин ал айгыр сүзүп чыккан жердин аты Тору-Айгыр болуп калыптыр, – дедим мен.

Виктор Максимович Жирмунский менен көл аягына келип Пржевльский коюлган жерди көргөндөн кийин сейилдеп жүрүп кыргыз жигиттен сурап калган жагдайы эсимде калды.

– Ысык-Көлдү бир жылда таптакыр көрбөй калчу учуруңуз болобу?

Жок. Өз эл-жеринин кадырын адам андан алыс жерде жүргөндө билет экен. Согуш мезгилинде мен Ирандагы совет армиясынын составында беш жылы кызмат кылдым. Ошондо мени менен бирге кызмат кылган Ысык-Көлдүк жигиттердин:

Кайдасың сен, кең Ысык-Көл мекеним,
Ким билбесин мекен кымбат экенин.
Боосун үзгөн боз туйгундай закымдап,
Канат сермеп качан сага жетемин!
Колдо барда алтындын да баркы жок,
Кадырыңды билбей жүргөн экемин, – деп ырдашканын көп укчумун.

Академик шыпшынып:

– Колдо бар алтындын баркы жок. Не деген керемет! – деп көлдү тигиле караган. Тегерегин карап гүлдөтсө бейишке айланчу жер – деген.

– Жолдош академик, кыргыздын мекени жана Ысык-Көлү жөнүндө мен сиздерге бир өзүмдүн уламыш жөө жомоктун негизинде жазган ырымды окуп берейин, – дедим.

## ЫСЫК-КӨЛ ЖАНА КЫРГЫЗ МЕКЕНИ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК

Табият жаратканда элди-жерди,
Ар элге мекен кылып жер-суу бөлдү.
Көбүнө: «Балык же!» – деп көлдү берди,
Кум берди, токой берди, чөлдү берди.
Кечигип, энчи алууга келбей калып,
«Мага да мекен бер!» – деп, Кыргыз келди.

Бул ишке табият да аң-таң калды:
«Ок кокуй! Кайда элең» – деп, санын салды.
Кичине  бейишке деп арнап койгон,
Эң сонун татынакай жерим калды.
Беренин аны сага, айла канча:
Талас, Чүй, Алтай, Алай, Тянь-Шанды».

Тарыхтан сүйлөй берсек нечен, нечен,
Ошентип, Кыргыз мекен алган экен.
– Жараткан бизге неге көл бербейт?»– деп.
Заңкайтып тоодон тосмо салган экен.
Сууларың Түп, Жыргалаң бөгөп салып,
Сулуу көл колдон жасап алган экен.

Кышкысын жаткандыктан үстү тердеп,
Ал көлгө ат коюптур Ысык-Көл деп,
Кыргыздар бейиш жерин мекен этип,
Көйкөлгөн көк шиберде малы төлдөп,
Мейманга дасторконун жайып салып,
Ар дайым эшик ачкан: «Төргө кел!» – деп.

Жүрөгүм сүйөт дайым ата калкын,
Баатырдык, марттык менен жайган даңкын.
Карынын айткан сөзүн капка салып,
Кылымдан жашап келген ата салтын,
Ала-Тоо, Ысык-Көлдөй мекен барбы?
Жеринин суусу – күмүш, абасы – алтын!

Жүрөгүм сүйөт дайым кыргыз жерин,
Жайлоосун, кокту-колот, жашыл, белин,
Адамга өмүр берип, гүл бураган,
Аңкыган тоо башынан атыр желин.
Эненин жүрөгүндөй толкуп турган,
Тармал чач, кереметтүү Ысык-Көлүң!

Ал күнү түндүн бир оокумуна чейин «Манас» жана Ысык-Көл тууралуу бир топ кеп создук. Кыргыз таалайына, маңдайына кандай гана керемет жер Ысык-Көл, руханий азыгына «Манас» берилген.

# МАЗМУНУ

ТҮЗҮҮЧҮЛӨРДӨН........ 3

**«МАНАС»**
МАНАСТЫН ТУУЛУШУ ЖАНА БАЛАЛЫК ЧАГЫ........ 5
ОН БИР ДУУ-ДУ МАНАСКА КАРШЫ........ 19
ДҮБҮРӨКАН МЕНЕН БОЛГОН СОГУШ........ 25
МАНАСТЫН ТЕКЕСКЕ ЖАСАГАН ЖҮРҮШҮ........ 37
АКУНБЕШИМ........ 40
ПАНУСКАН........ 47
МАНАСТЫН АЛТАЙДАН КӨЧҮШҮ........ 52
АЛМАМБЕТ........ 64
КАНЫКЕЙ........ 75
КӨЗКАМАН........ 82
МАНАСТЫН ТАЛАСКА КӨЧҮШҮ........ 88
КАСТЫК........ 92
КӨКӨТӨЙДҮН АШЫ........ 98
ЧОҢ КАЗАТ........ 126
КАЗАТ........ 145
ЧОҢ КАЗАТ........ 186

**«СЕМЕТЕЙ»**
СЕМЕТЕЙ КИМДИН УУЛУ ЭКЕНИН САРЫ ТАЗДАН УГУШУ........ 222
КАНЫКЕЙДИН ЖОМОГУ........ 227
СЕМЕТЕЙДИН ТАЛАСКА ЖӨНӨШҮ........ 230
ТӨКӨР УСТА БӨЛӨКБАЙ........ 233
СЕМЕТЕЙДИН ЧОҢ АТАСЫ ЖАКЫП КАНГА УЧУРАШКАНЫ........ 234
СЕМЕТЕЙДИН АБЫКЕ, КӨБӨШКӨ УЧУРАШКАНЫ........ 239
СЕМЕТЕЙДИН БУКАРДАН ТАЛАСКА КӨЧҮП КЕЛИШИ........ 248
КЫРК ЧОРОНУН КАЧЫШЫ........ 254
СЕМЕТЕЙ МЕНЕН ЧЫНКОЖОНУН ЧАТАГЫ........ 256
АЙЧҮРӨК СЕМЕТЕЙДИН АКШУМКАРЫН АЛЫП КАЧКАНЫ........ 258
СЕМЕТЕЙ АКШУМКАРДЫ ИЗДЕП ЖӨНӨДҮ........ 263
СЕМЕТЕЙДИН АЙЧҮРӨККӨ ЖОЛУККАНЫ........ 267
СОГУШ........ 270
СЕМЕТЕЙ АЙЧҮРӨКТҮ АЛЫП, ТАЛАСКА КЕЛГЕНИ........ 276
МАНАСТЫН КУНУН КУУП, СЕМЕТЕЙДИН........ 277
БЭЭЖИНГЕ БАРГАНЫ........ 277
КОҢУРБАЙДЫН КОЛ ЖЫЙНАГАНЫ........ 283
КОҢУРБАЙДЫН ӨЛҮМҮ........ 344
ҮМӨТӨЙ КУН КУУП КЕЛДИ........ 350
КЫЯЗДЫН УРУШУ........ 354
**«СЕЙТЕК»**........ 374

***Зияш Бектенов***
ВИКТОР МАКСИМОВИЧ ЖИРМУНСКИЙ ЖАНА «МАНАС»........ 398

***Зияш Бектенов***
МУХТАР ОМОРХАНОВИЧ АУЭЗОВ ЖАНА МАНАС........ 414

***Зияш Бектенов***
КЫРГЫЗДАРДЫН «МАНАС» ЭПОСУНДАГЫ ЭТНОГРАФИЯЛЫК СЮЖЕТТЕРИ........ 429
«МАНАС» ЖАНА ЫСЫК-КӨЛ........ 462
ЫСЫК-КӨЛ ЖАНА КЫРГЫЗ МЕКЕНИ ЖӨНҮНДӨ ЖОМОК........ 469

*Илимий-популярдуу басылма*

**«Классикалык изилдөөлөр жана тексттер»**
**сериясы**

# ЗИЯШ БЕКТЕНОВ

Түзгөндөр
*Мээрим КӨЛБАЕВА*
*Зарина КУЛБАРАКОВА*

Тех. редактору *Н. Тилекматова*
Корректорлору *М. Көлбаева, З. Кулбаракова*
Компьютерде терген *З. Кулбаракова*
Компьютердик калыпка салган *Б. Өмүров*

Терүүгө 10.10.2018-ж. берилди.
Басууга 20.12.2018-ж. кол коюлду.
Кагаздын форматы 70x100. $^1/_{16}$
Көлөмү 29,5 б.т. Нускасы 500. Заказ № _____

«Полиграфбумресурсы» басмаканасында басылды.
720071, Бишкек ш., Сүйүнбаев көч., 144/23
Тел.: (0 312) 43-20-75, (0 312) 43-19-51